Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги

К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети

Кол жазма укугунда
УДК: 821.512.154:39:37.013

# КЕНЖЕШЕВ КАНЫБЕК ДҮЙШӨНАЛИЕВИЧ

## КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫН ЖОГОРКУ КЛАССТАРДА ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕ ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ

**13.00.02** – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация

**Илимий кеңешчи:** Педагогика илимдеринин доктору,
профессор КРнын УИАнын корреспондент-мүчөсү
Ишекеев Назаркул Ишекеевич

**Бишкек- 2023**

## Мазмуну

**Киришүү**

**I глава: Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун жалпы маселелери**

1 1 Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун теориялык жана практикалык жактан изилдениши
1 2 Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун илимий-теориялык жактан калыптанышы
1 3 Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутууну компетентүүлүккө негиздөө принциптери
1-глава боюнча корутунду

**II глава: Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун адабий-педагогикалык маселелери**

2 1 Азыркы билим берүү системасы жана кыргыз адабиятын жогорку класста этнопедагогикалык негизде окутуунун зарылдыгы
2 2 Жогорку класстарда кыргыз адабияты сабагы калыптандыруучу компетенциялар жана анда этнопедагогиканын ролу
2 3 Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуу жана аны календарлык планга жайгаштыруу жолдору
2-глава боюнча корутунду

**III глава: Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасы**

3 1 Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун ык-жолдору, формалары
3 2 Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутууну өркүндөтүү жолдору
3 3 Кыргыз адабиятын жогорку класста этнопедагогикалык негизде окутуунун эксперименттен өткөрүү жана анын жыйынтыктары
3-глава боюнча корутунду

**Жалпы корутунду**

**Пайдаланылган адабияттар**

**Тиркемелер**

# Киришүү

**Теманын актуалдуулугу.** Дүйнөнү маалыматтык технология кучагына ала баштагандан тартып Кыргызстанда билим берүүнүн маңызы өзгөрдү. Ал бардык предметтердей эле кыргыз адабиятына өз таасирин тийгизди. Улам жыл өткөн сайын интернет булактарында болгон байланыш күчөп, дүйнө элдеринин билим алууга болгон муктаждыгы башка нукка өттү. Маалыматтын жетиштүүлүгү жогорулаганы менен улуттун өзүнө таандык белгилери азайып, эне тилинде байланыштын начарлашына алып келсе, ал турмушту таанып-билүүнүн формасы болгон адабий чыгарманын социалдык чөйрөдөгү таасирин начарлатты. Анткени балага керектүү маалыматты берүү жагынан ата-эне, үй-бүлө, ал тургай мектептин өзү интернет булактарына туруштук бере албай бара жатат. Бул жыл эмес, күндүн өтүшү менен өткөн кыргыздын келечек муунун – бакчадагы балдар, мектеп окуучулары, ар кыл кесипке ээ болууга кызыккан жаштардын күнүмдүк жашоосуна тикелей аралашып, жеңил-желпи маалыматтар аркылуу белгисиз жакка оп тартып баратканы байкалат. Эгер XX кылымдын 90-жылдарында Кыргыз Республикасы эгемендүү мамлекет болгон соң, ал мамлекеттин өзүнүн улуттук тилин, тарыхын жана маданиятын гуманитардык предметтер аркылуу окуучуларга жеткирүү планы каралса, бул иштер акыркы жылдары солгундай баштады.

Өлкөдөгү билим берүүнү дүйнөлүк билим берүү системасы менен интеграциялоо азыр коомчулукта эки ача көз карашты жаратты. Бир тарабы Кыргызстан дүйнөлүк билим берүү стандартын кабыл алып, тез эле өнүккөн өлкөлөрдүн катарында болушун каалап, ал жакта эмне болсо анын баарын кыргыз жергесине «көчүрүп» келүү аракетин көрсө, экинчи тарабы кандай күн, кандай заман болбосун кыргыз эли өзүнүн иденттүүлүгүн сактап, буга чейинки улуттук белгилери менен жашоо кечирүүгө кам көрүшүүдө. Канчалык заман өзгөрүп, улуттар аралашпасын ар бир элдин ойлогону калктын эркиндиги менен өз жеринде улуттук белгилерин сактап, аны кийинки муунга толук өткөрүп берүү болгондуктан, бул багытта билим жана тарбия берүү боюнча мамлекеттик деңгээлде аткаруу талабы коюлган. Бул талапты жүзөгө ашыруу үчүн азыр билим берүү системасында бир нече предмет өзүнө тийиштүү жумуштарын

аткарып жатканы талашсыз. Бирок негизги жүк кыргыз адабиятына жүктөлүп жатканын белгилей кетели.

Учурда Кыргызстандын билим берүү системасы бир нече концепцияны айкалыштыруу менен иш жүргүзүп жатат. Алардын бири этнопедагогикалык негизде окутуу болуп саналат, б. а. кыргыз эли кылымдап калыптандырган улуттук нарк-дөөлөттөрдү сактап жана колдонуп, андан ары кийинки муунга өткөрүп берүү вазийпасы тээ бала бакчадан тартып, инсан болуп жетилгенге чейин аткаруу жумуштарын көркөм адабиятка жүктөйт. Кыргыз элинде мындай салт байыркы замандардан бери иштелип чыккан жол болгондуктан, кыргыз адабияты предметинин негизинде жөнгө салуу дагы эле актуалдуу бойдон турат. Ырас, мындан мурда калыптанган салтты улантуу деп алганыбыз менен өлкөдө билим берүү парадигмаларынын кырдаалга ылайык жаңылануусу «Манас» эпосу баш болгон адабий дөөлөттөрдүн негизинде балага турмушунда керектелүүчү улуттук каада-салт, адеп-ахлак, ыйман-ынсап жана рухий байлыктарына ээ болуучу инсандык сапаттарга өзгөртүүлөрдү киргизди. Буга чейин андай адамдык касиеттерди жөндөм аркылуу аныктап келсек, жаңы окуу стандарттары «компетенция» деген категория менен түшүндүрүүгө өттү. Окутуу процессине карай мамиленин мындай өзгөрүшү, окуу предметинин мазмунуна карата талаптын жаңылануусу баланы субъекти катары таануу менен ар биринин коомдук-социалдык керектөөсүн канааттандыруу үчүн инсанга багыттап окутуу жолдорун, ык-формаларын ишке ашыруу зарылдыгын көтөрдү.

Өлкөдөгү мындай абал окуу процессинин жүрүшүнө карата мамилени гана өзгөртпөстөн, окуу предметтеринин мазмунун кайра карап чыгуу, колдонулган окуу программасын жогорку талаптарга ылайыктоо жана окутулуучу окуу материалдарына жаңыча мамиле кылууга жол ачса, окуучу алган билимдин жыйынтыгы Мамлекеттик стандарт аныктаган жарандын социалдык-маданий жана инсандык компетенцияларын милдеттендирет. Андай шартта жогорку класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикага негиздеп окутуу маанилүү орунду ээлейт. Анткени кыргыз улуту байыркы кылымдардан бери балдарынын дүйнө таанымын калыптандырууда жана жеткиликтүү таалим-тарбия берүүдө адабий чыгармалардын бардык түрүн колдонуп келишкен. Жаңы

окуу стандартынын кабыл алынышы менен билим алуунун формасы жана аныктоочу категориялар да башка нукка багыт алды, бирок жарандын улуттук иденттүүлүгүн сактап калышына «Манас» баш болгон көркөм адабияттын мааниси мурдагы калыбын жоготкон жок, бирок бул дисциплинаны кайрадан карап, жаңыча изилдөө зарылдыгын козгоп жатат. Ал проблема буга чейин изилдене элек деген түшүнүктү билдирбейт, адабиятты этнопедагогиканын мазмунунда кароо иштери далай мезгилди басып, ар түрдүү деңгээлде изилденгенин айтпай кетүүгө болбойт. Эгер биз билген педагогиканын тарыхына таянсак, Я.А.Коменскийден башталып, И.Г.Песталоцци, К.Д.Ушинский, А.В.Луначарский, Н.К.Крупская, Г.С.Виноградов, А.С.Макаренко, В.А.Сухомлинский, А.А.Толь, А.Ф.Чемберлен, У.Д.Хамли, К.Бойле, С.Стоян, Г.Бамлер, М.И.Мельников, ж. б. эмгектеринде ар кыл аспектиде каралып, баланы турмушка тарбиялоодо этнопедагогиканын ролу ар тарабынан чечмеленген.

Проблеманын өзөгүн бир улуттун мисалында караган окумуштууларга Г.Н.Волков, Я.Н.Ханбиков, А.Ш.Гашимов, С.Калиев ж. б. эмгектерин келтирсек, кыргыз окумуштууларынын арасынан бул проблемага окутуунун жана тарбиялоонун жалпы маселелери боюнча кайрылып, педагогиканын тигил же бул проблемасы тиешелүү жагдайдан изилдөө жүргүзгөн А.Э.Измайлов, Ж.Койчуманов, Т.Ормонов, Б.Апышев, У.Эгембердиев, М.Рахимова, А.Алимбеков ж. б. болсо, ал эми тикелей кыргыз адабиятына байланыштуу этнопедагогикалык ойлорун илимий-теориялык жактан системага салган окумуштуулар Н.Имаева, С.Байгазиев, А.Калдыбаева, С.Иптаров, С.Рысбаев, А.Муратовдун эмгектеринде жемиштүү каралган. Этнопедагогикалык негизде окутуунун жалпы теориялык маселелери кыргыз улуттук педагогикасында ар тараптуу каралып калганы менен коомдун өзгөрүшү, ага карата педагогиканын окутуу жана тарбиялоо боюнча позициясынын жаңылануусу, жашоо образынын жарандык коомчулукка тийгизген таасири жалпыга сиңип бараткан кыргыздын кийинки муундарынын өздүк белгилерин сактап калуу зарылдыгын көрсөтүүдө. Бул азыр окуу китептеринде орун алган адабий чыгарманын жарыяланышын, идеялык-эстетикалык кудуретин, тарыхый ордун адабий факты катары айтып берүү менен чектелбестен, андан тереңдеп эл турмушуна байланыштуу

тарбиялык маанисин, каада-салтты таанып үйрөнүүдөгү руханий баалуулугун, жарандын инсандык белгилерин түшүнүүгө жасаган кызматын азыркы жаштарга жеткирүү милдетин аткарат. Ошол себептен кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун алкагында коомчулуктун алдына коюлган вазийпаны карап, кыргыз эли өзүнүн адабий чыгармаларына батырган элдик таалим-тарбия берүү ык-формаларын, адеп-ахлак түзүмдөрүн мектептин жогорку классынын окуучуларына жеткирүү зарылдыгы турса, этнопедагогиканын салттары аркылуу баланын турмушуна керектүү компетенциялар маанилүү орунду ээлеп келет. Бирок окутуунун бул багытта методологиялык базасы түзүлүп, илимий-практикалык, методикалык системасы практикалык мазмунда ырааттуу изилдөөгө алынбаганы, далай убакыттан бери окутулуп келе жатса да, окуу программалары, окуу-методикалык колдонмолору өз деңгээлинде иштелип чыкпагандыгы, окуучуларды турмушка үйрөтүүнүн жолго коюлбагандыгы, көркөм чыгармаларда руханий, педагогикалык баалуу ойлор болсо да, аларды азыркы жаштарды тарбиялоодо колдоно албаганыбыз, алар аркылуу этномаданий, этнопедагогикалык негизде компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу боюнча теориялык жактан жеткиликтүү изилденбегендиги изилдөөнүн зарылдыгын көрсөтөт, б. а. окуучуга сунушталган адабий билим күнүмдүк социалдык турмушта керектелүүчү компетенцияларды калыптандыруу үчүн кызмат кылышын талап кылган азыркы маалда докторлук иштин темасын «**Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасы**» деген аталышта тандап алдык.

**Теманын ири илимий программалар (долбоорлор) же негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн темасы К.Карасаев атындагы БМУнун Кыргыз адабияты кафедрасынын илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планына кирет.

**Изилдөөнүн максаты**: Кыргыз адабиятын орто мектептин жогорку класстарында этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасын теориялык жактан негиздөө жана практикада аткарылыш жолдорун иштеп чыгуу, аларды педагогикалык тажрыйбада текшерип, натыйжалуулугун аныктоо.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

- кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун жалпы маселелерин иликтөөгө алуу менен окутуунун теориялык жана практикалык жактан изилденишин аныктоо;
- жогорку класстарда кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун илимий-теориялык жактан калыптанышына талдоо жүргүзүү менен окутуунун принциптерин компетентүүлүккө негиздөө;
- азыркы билим берүү системасында окутуунун адабий-педагогикалык маселелерин караштырып, кыргыз адабиятын жогорку класста этнопедагогикалык негизде окутуунун зарылдыгын чечмелөө;
- кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун окуу стандартында, окуу планында чагылдырылышына жана кыргыз адабияты сабагы калыптандыруучу компетенцияларында этнопедагогиканын ролуна баа берүү;
- кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасын, өркүндөтүү жолдорун иштеп чыгуу, эксперименттен өткөрүү жана анын жыйынтыктарын көрсөтүү, зарыл болгон практикалык сунуштарды киргизүү.

**Изилдөөнүн жүрүшүндө төмөнкүдөй божомолдор коюлду жана текшерилди.** Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасын дагы өркүндөтүүгө болот, эгерде:

- ааламдашуу доорунда кыргыз адабиятын окутуу процессинде адабий чыгармалардын этнопедагогикалык маани-маңызына басым жасалса;
- кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутууда дүйнөлүк инсанга багыттап окутуунун методологиялык негиздери туура аныкталып, практикада колдонулушуна анализ жүргүзүлүп, анын жыйынтыктарында окуучулар ээ болгон компетенциялар эске алынса;
- окутуунун педагогикалык шарттары, дидактикалык принциптери, методикалык өзгөчөлүктөрү, окуучулар ээ болуучу компентенттүүлүккө илимий жактан негизделсе;

- окутууда жогорку класстын окуучуларынын этнопедагогикалык түшүнүктөрүн калыптандыруунун оптималдуу ык-жолдору табылып, педагогикалык тажрыйбалар натыйжалуу жүргүзүлүп, алардын жыйынтыктары туура талданса;
- педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө иштелип чыккан ыкмаларды жүзөгө ашыруу боюнча сунуштар иштелип чыкса.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы**: Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негиздеги методикасы адабият таануу, педагогика, психология илимдеринин соңку жетишкендиктерине негизделип алгачкы жолу иштелип, жалпы абалы, проблемалары, өзгөчөлүктөрү талданып, натыйжалуу методдору, жолдору жана каражаттары аныкталып, методикалык ыкмалар жана окутуу технологиялары тажрыйбадан өткөрүлүп, практикага сунушталды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча материалдар, методикалык сунуштар, технологиялар окуу программаларын, окуу китептерин, окуу-методикалык колдонмолорду өркүндөтүүдө, университеттерде курстук, дипломдук, магистрдик иш жаздырууда, жалпы эле окутуу технологияларын этнопедагогикалык негизде жаңылоодо көмөк көрсөтөт.

**Коргоого сунуш кылынуучу жоболор:**

1. Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуу окуучулардын дүйнө кабылдоосунун калыптануусуна, руханий, көркөм-эстетикалык табиттин туура жетилүүсүнө, улуттук иденттүүлүгүн, этникалык өзгөчөлүгүн тааныттууга шарт түзөт.

2. Жогорку класстарда кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууда дүйнөлүк педагогика илими иштеп чыккан теориялык, методологиялык негиздерге, дидактикалык принциптерге таянуу менен окуучулардын билим жана тарбия алуусуна сабактын оптималдуулугун жогорулатат.

3. Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуу инновациялык технологияларды пайдалануу, окуучулардын алган билимин турмуш менен интеграциялоо, турмуш чындыгын таанып-билүү

чыгармачылыгын өстүрүү компетенцияларын калыптандырууга жагымдуу педагогикалык абал даярдайт.

4. Жогорку класстарда кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууда илимий негизде жүргүзүлгөн педагогикалык тажрыйбалардын жыйынтыктары иштин божомолунун ырастыгын далилдейт жана мектептерде кыргыз адабияты сабагын этнопедагогикалык жактан өркүндөтүүгө өбөлгө берет. ж. б.

**Изденүүчүнүн жекече салымы:** Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун технологиялары өзү тарабынан иштелип чыккан; аталган проблеманын өзгөчөлүктөрү, изилдениш тарыхы жана азыркы абалы жеке иликтөөлөрүнө негизделип, практикага сунушталган; андан алынган натыйжалар педагогикалык тажрыйбада жана илимий эмгектерде талкууга коюлуп тастыкталган.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын толук жарыяланышы:** Илимий иштин негизги материалдары жана анын сунуш-жоболору КР ЖАК талап кылган Кыргызстандагы РИНЦ статусу бар илимий журналдарга 15 жана 6 чет өлкөлүк журналда чагылдырылды.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү:** Эмгектин негизги бети –335, пайдаланылган адабияттардын тизмеси – 339, таблицалар – 4, сүрөттөр – 4, тиркемелер – 3.

# 1-глава: Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун жалпы маселелери

## 1. 1. Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун теориялык жана практикалык жактан изилдениши

Кыргыз элинде жаш муундарды тарбиялоодо көркөм адабияттын ролу зор экендиги тээ байыркы кылымдарда эле аныкталган. Ошондуктан балдарга турмушка керек нерселерди түшүндүрүүдө кыргыз эли дайыма көркөм чыгармалардын мазмунунда катылган түрдүү идеяларды козгоп, зарыл болгон шартта кээ бирлерине түшүндүрмө берип, кептин маанисин айырмалап калган жаш куракка келгенде айрымдарын каймана, какшык, тамаша иретинде айтып, ээрчите жүрүп, сөз кадырлаганга, ойлонуп бир сүйлөгөнгө үйрөтүшкөн. Республика эгемендүүлүгүн алгандан берүү андай салттардын кадыры артты. Чекара ачылып, дүйнөдө болуп жаткан түрдүү кубулуштардын кыргыз жерине келиши, Кыргызстандын жаштарынын билим жана жумуш издеп дүйнөнүн бардык өлкөлөрүнө сапар алышы, билим берчү мекеме-уюмдардын жаңы стандарттарга өтүшү алардын көз карашына түрдүү багытта таасирин тийгизди. Ал эми өсүп келе жаткан жаштарга туура билим жана тарбия берүү кызыкчылыгы дидактиканын башка булактары менен бирге этнопедагогиканын көп кылымдык тажрыйбасын пайдалануу зарылдыгын да көтөрдү.

Жазуу-сызуу өнөрү пайда болгонго чейин эле адамзат өз баласын көркөм-адабий ой жүгүртүүнүн формасында билим жана тарбия берип, анын жакшы үлгүлөрүн дайыма топтоп келишкен. Кыргыз элинде буга «Манас» эпосу баш болгон элдик оозеки чыгармалар толук мисал боло алат. Ар бир улут мындай учурда адам жашоосун элестетип түшүнүүгө жана каармандын турмушунан өзүнө керектүү мазмунду бөлүп, акыл ченеми менен жеке жашоосуна тиешеси бар түшүнүктөрдү таанып-билүүнүн тигил же бул формасында кабылдоо аркылуу сабак алганы тарыхый булактардан белгилүү болсо, ал кыргыз адабиятына таандык болуп саналат. Кыргыздар жазуу өнөрүн кабылдап,

балдарын сабаттуу кыла баштаган алгачкы учурда да элдин мындай традициясын жетекчиликке алып, китеп түрүндө чыккан окуулуктарында элдик педагогикага басым жасашкан. Аны биз агартуучу И.Арабаевдин кыргыз балдарына тартуулаган алгачкы окуу китептеринен эле байкайбыз [Осмонкулов А. Э.Арабаев – көрүнүктүү агартуучу. – Б.: 1999. – 104 б.]. Андан соң окуу-методикалык басылмаларды чыгарууга активдүү катышкан К.Тыныстанов, А.Идирисов, Т.Актанов, М.Жаңыбаев, А.Шабданов, У.Абдукаимов, З.Сатыбалдиев, аларга уудалаш окуу китеп түзүүгө киришкен Т.Байжиев, З.Бектенов, ж. б. улантышкан. Ырас, аларда пайдаланылган элдик педагогиканын элеметтери ар түрдүү деңгээлде болушканы менен баары бир жаштарга билим жана тарбия берүүдө анын орду чоң экенин баары сезишкен.

Улам жыл өткөн сайын окутуу проблемасын салттуу педагогиканын принциптери менен кароо зарылдыгы түптөлүп, анын шарттарын бөлөк элдерден өздөштүрө баштаган маалда бул илимди негиздөөчү Я.А.Коменскийдин ойлоруна таянышып, өткөн кылымдын 50 – 60-жылдарында окуу китебин түзүүчүлөр Т.Саманчин, К.Рахматуллин, М.Богданова, Ө.Жакишев, К.Иманалиев, Ж.Таштемиров, Ж.Мукамбаев, Б.Маленов, Ш.Үмөталиев, С.Мусаев, К.Асаналиев, Б.Алымов, ж. б. этнопедагогиканын дидактикасын жалпы билим берүүчү орто мектепке колдоно башташкан. Анын натыйжасында 1-класстан тартып мектепти аяктаганга чейин «Манас» баш болгон элдик оозеки адабий чыгармалардагы, белгилүү акын-жазуучулардын түрдүү жанрдагы көркөм чыгармаларындагы гуманисттик ойлордун туундуларын, адамдык рухий дөөлөттөрдү, акыл-эстин улуулугун даңазалап, калк арасында ордун тапкан дидактикалык үлгүдөгү ой түрмөктөрү системалуу пайдаланылган. Адабий тексттер окуучунун сабатын ачуу, окуу көндүмдөрүн калыптандыруу, ойлоо жөндөмүн өнүктүрүү сыяктуу проблеманы чечүү аракетин башкы орунга койгону менен окуу программасын жана окуу китептерин түзүүчүлөр адабияттын жаш муунду рухий, адеп-ахлактык, эстетикалык жактан тарбиялоо багытын да эстеринен чыгарышкан эмес.

Балдардын жаш курагына жараша адабий чыгарманы тандоо совет мезгилинин алгачкы жылдарынан тартып эле башкы орунга коюлуп, окуу

китептеринде көркөм чыгарманы жайгаштыруу чоң талкуулар менен коштолуп турган [Рысбаев С. К. Кыргыз башталгыч мектептеринде адабиятты окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү. пед. илим. докт. авторефераты. – 2006, 15-бет.]. Мында көркөм чыгарманын саясий маанисине кандай басым жасалса, анын элдик педагогиканын негизинде түзүлүшүнө да ошондой эле маани берилген. Ал кыргыз окумуштууларын этнопедагогиканын теориясын үйрөнүүгө милдеттендирсе, акын-жазуучуларды балдар темасында ыр-поэмаларды, көлөмдүү прозалык чыгармаларды жазууга шыктандырган. Себеби жаңы доор келип саясий таасирдин алкагында болсо да, кыргыздар өзүнүн улуттук белгилерин сактап калуу аракетин көрүп, жетишпеген жагын кийинки акын-жазуучулардын чыгармалары аркылуу толуктап, алга жыла берген. Мындай жагдай ал жылдары бардык элдин кызыкчылыгында тургандыктан, кийинки муунга үлгү болуучу сапаттарды, оң жүрүм-түрүм эрежелерин мурдагылар басып өткөн каада-салт, жөрөлгөлөрдөн издеп, анын насааттама касиетин көркөм чыгармадан ачып түшүндүрүү системасын зарылдыгын көтөргөн. Ал бардык элде акырындап иштеле баштаса да, негизги илимий концепциясын түзүү, бул багытта билим жана тарбия берүү философиясын чубаш элинин тажрыйбасына таянып, Г.Н.Волков «Этнопедагогика» [Волков Г.Н. Этнопедагогика. – Чебоксары, 1974. 280 б.] деген эмгегин жаратканы педагогикалык коомчулукка белгилүү.

Илимий объектини тактоо, изилдөө проблемасын аныктоо, багытын системага салуу жумуштарын Г.Н.Волков аталган эмгегинде жүзөгө ашырганы менен андай мазмун ар бир элде болгону, аны кечиктирбей чечүү маселеси бардык улуттун окумуштууларын бул тармакка кайрылуу зарылдыгын түзгөн. Кыргызстанда анын өзүнчө илим катары орун алышы эгемендүүлүктөн кийин болсо дагы анын кызматынан пайдалануу жумуштарын кыргыз адабиятын окутууда окуу программасын жана окуу китебин түзүүчүлөр эрте эле аткарышкан. Балдарга сырткы таасирдин күчтүү экени дайыма сезилип тургандыктан жана улуттук каада-салт, жөрөлгөлөрдү, турмушка кыргызча мамиле кылуунун жолдорун үйрөтүүчү жалгыз сабак болгондуктан кыргыз эли да, окумуштуулар да негизги басымды кыргыз адабияты предметине жасашкан.

Өткөн кылымда мындай көрүнүш бардык элдер үчүн мүнөздүү болуп, адабият сабактарында улуттук билим жана таалим-тарбия берүүнүн өткөн кылымдардан калган салттарынын үлгүсүн сактап калуу аракетин көрүшкөн. Ага азыркы мезгилдеги көз караш менен караганда көркөм чыгармаларды этнопедагогикалык негизде окутуу бир нече баскычта өнүккөнүн байкоого болот.

Ырас, алар биринчи кезекте баланын жаш өзгөчөлүгүнө жараша окуу материалы катары окуу китептеринде орун алса, экинчиси улуттук адабиятка мүнөздүү жанрдык өзгөчөлүктөрдү, «Манас» баш болгон адабий дөөлөттөрдүн көркөм-эстетикалык табиятын, кыргыз коомчулугунда ээлеген ордун, жаш муундарды тарбиялоодогу маңызын, турмуштук билимге жеткирүү жолдорун дидактиканын жол-жоболоруна ылайык жайгаштыруу камылгасын көргөн. Балдар адабий чыгармаларды окуп-үйрөнүү аркылуу адам турмушун, элдин жашоо өзгөчөлүгүн, тиричиликке карата мамилесин, калктын басып өткөн тарыхын, маданий баалуулуктары менен этнографиясын класстан класска көчкөн сайын тереңдетип билүүсүнө улуттук педагогика кам көргөн. Кыргыз адабияты предметинин мындай милдети ар бир темага негизделип, окуу процессинде ишке аша баштаганы алгачкы окуу китептеринде эле байкалса да, ал мезгилдин талаптарына жараша улам ага жылып отурган. Маселен, башталгыч класстарда окуганга жеңил, түшүнгөнгө оңой, көлөмү чакан, турмуштун бир үзүмүн элестетүү менен дидактикалык эреже-нормаларды жеткирүүгө кеңири жол ачкан чыгармаларды тандашса, улам класс жогорулаган сайын этнопедагогикалык негизде окутуу жумуштары тереңдей берген.

Улуттук педагогика илими кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу талабын аткарууда бардык маселени педагог-окумуштууларга жүктөсө, алар бул боюнча ишти жүргүзүүдө адабият таануу илиминин ири табылгаларын пайдалануу менен коомдук илимдерде аныкталган илимий-теориялык көз караштарды толук жана окуучулардын кызыкчылыгына жараша жөнөкөйлөштүрүп колдонушкан. Кыргыз адабиятына карата мындай мамиле көркөм ой жүгүртүүнүн коомдук маанисин аныктоо менен адабий талдоо учурунда керектелүүчү концептуалдуу эрежелерди түзүп, аны окуу процессинде методика илими аркылуу окутуунун ык-усулдарынын кызматында практикалык

иштерде текшерип турган. Ырас, өткөн кылымда улуттук адабиятты окутуу жумуштары саясий-идеологиялык мазмунда аныкталып, окуу процессине пайдаланылган көркөм чыгармалардын билим философиясы ошол доордогудай дүйнө таануу деңгээлиндеги, жалпы мамлекеттик көз караштык маанидеги методологиялык багытта [Асипова Н. Билим философиясы жана тарыхы. – Б.: 2010, 14-бет.] болгондуктан, баланын дүйнө кабылдоосуна тикелей таасири бар «тапчыл мамиле» этнопедагогикалык кабылдоо туюмун экиге бөлгөн. Көркөм чыгарманы мындай таанып-билүү улуттук көркөм-адабий дөөлөттөрдүн кээ бирине карата коомчулукта терс пикирди түзүү маанайындагы изилдөө жумуштарын жалпылаштыруу менен окуучулардын ички дүйнөсүнө бир типтүү көз караштты пайда кылган.

Ошого карабастан кыргыз адабиятын изилдеген окумуштуулар көркөм адабияттын адабий-эстетикалык дөөлөттөрү боюнча илимий-теориялык ойлорун айтып, жакшы чыгармалардын нарк-насилин, образдын жеке турмушун чагылдыруудан келип чыккан адеп-ахлактык баалуулуктарды, сюжеттин контекстинде камтылган моралдык түшүнүктөрдү берсе, алардын алдыңкы үлгүлөрү окуу процессине камтыла баштады. Бул элдин сабаттуулугун жоюуга киришкен алгачкы мезгилден тартып колго алынса, убакыттын өтүшү менен улам толукталып, анын натыйжасында белгилүү бир деңгээлде педагогдордо этнопедагогика боюнча тажрыйба түптөлөт. Окуу процессинен алынган жыйынтыктар улуттун идентүүлүгүн сактап жана өркүндөтүүдө кыргыз адабияты предметинин ролун коомчулукка таанытып, адабиятчылар арасында көркөм чыгарманы окутуп-үйрөтүү аркылуу педагогиканын билим-тарбия берүүчү башка булактарындай эле этнопедагогикалык негизде окутуу жолдорун системалаштырууга жол ачты. Ал кыргыз элинде кылымдап калыптанган көчмөн цивилизациянын өзгөчөлүгүн, «Манас» эпосу баш болгон элдин оозеки чыгармаларда сакталган билимдин маани-маңызын, көчмөн турмушка ылайыкташкан билим жана тарбия берүүнүн табиятын, келечек муунду сөз менен тарбиялоо ыкмаларын, көркөм-элестүү баяндоо аркылуу чечилген элдик билим берүүнүн жөрөлгөлөрүн, образдуу ойлоо менен берип, логикалык элестөөдөн чыккан тыянакка таянып, балдардын жөндөмүн баалоого негизделген

педагогикалык философиянын теориясын түзүү кызыкчылыгы окумуштуулар жана практик мугалимдер арасында кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууга карай кызыгууну пайда кылды. Маселе көзгө даана көрүнүп турганы менен анын коомго байланыштыруу бир катар татаал проблемаларды чечүүнү талап кылгандыктан, коомдук-саясий маңызын аныктоо үчүн педагогика илиминен тышкары коомдук илимдердин баарынын катышуусу зарыл болчу. Анткени адабий чыгарманын канчалык көркөм-эстетикалык нарк-насили бар экенин эл өзү көрүп турса да, бийликтин керектөөсү менен эсептешүү, б. а. илимий жактан далилдөө үчүн көптөгөн көз карашты топтоо, бир нече илимдин тогошкон жеринен проблеманын актуалдуулугун аныктоо, алардын ортосундагы бирдиктүү пикирге келүү, өздүк объектисин табуу аракетинде дисциплинанын мазмунун түзүү сыяктуу бир катар маселелерди чечиш керек болчу. Ошондуктан кайсы же кимдин көркөм чыгармасына кайрылбасын окумуштуулар ошол чыгарманын саясий ордуна басым жасаган маалда «элдүүлүгү» менен бирге рухий маанисин, адабий-эстетикалык баалуулугун далилдөө концепциясында билим жана элдик таалим-тарбия берүүчүлүк касиеттерин, улутка мүнөздүү дүйнө таанытуучулук белгилерин да изилдөөгө аргасыз киришкен.

Мындай мамиле илимий чөйрөгө көптөгөн түйшүк менен келген. Тактап айтканда, XX кылымдын 20-жылдарында калктын сабатсыздыгын жоюу, элдик оозеки чыгармаларды жыйноо, аларга илимий жактан баа берүү жумуштары башталган мезгилден тартып, окумуштуулар К.Тыныстанов, Е.Д.Поливанов, Ы.Абдрахманов, К.Мифтаков, К.Рахматуллин, Ө.Жакишев, К.Карасаев, Б.Юнусалиев, К.Юдахин, Т.Байжиев, З.Бектенов, ж. б. ортосунда жүргөн келишкис пикирлердин мазмунунда такталып, андай талашка өз кезегинде улуттук маданиятты, психологияны, философияны, ж. б. тармактарды изилдеген окумуштууларды тартып, элдик педагогиканын улуттук адабияттагы орду түрдүү электен өткөн соң, этнопедагогиканын объектиси белгилүү болду. Адабий чыгарманы кыргыз адабияты предметинин мазмунуна жайгаштырууда адабият таануу жана бөлөк коомдук илимдердин жетишкендиктерине басым жасоо кандай маанилүү болсо, кыргыз адабияты боюнча улам кийинки окуу китептеринде элдик педагогика калыптандырган идеяларды - адамдын дүйнө

таанымын турмуш чындыгы менен байланыштыруу, чыгармадагы образдарга талдоо жүргүзүү аркылуу логикалык ой жорумду калыптандыруу, сюжетте кездешкен оң жана терс көрүнүштөрдү чечмелеп түшүндүрүп, моралдык-нравалык баалуулуктарга жетүү, андагы окуяларга анализ берип, автордук концепцияны аныктоо жолдорун таап, акырындык менен кыргыз окумуштуулары этнопедагогиканын жерпайын түптөштү.

Ал көркөм чыгарманы талдоо учурунда моралдык-этикалык, адабий-эстетикалык аспектиден каралып, тигил же бул образдын оң же терс сапаттарын ачып көргөзүү аркылуу педагогика тиешелүү илимий-теориялык ой жорумдун тикелей окуу процессинде орун алуусун андан иштелип чыккан концепцияны дидактикалык жол-жоболор менен салыштырып, окуучуда сөзсүз болушун камсыздоо үчүн адабият таануу илиминдей эле педагогиканын жалпы жетишкендиктерин колдонуудан пайда болгон. Окутууда көркөм чыгармага мындай мамиле адабий талдоо процессинде адамдагы оң жана терс сапаттарды образдын социалдык-турмуштук абалына, коомдогу ордуна, башкаларга жасаган мамилесине, жарандык позициясына, жүрүм-турумуна, пендечилик табиятына карай баалап, этнопедагогиканын жоболорун системалаштырууга жол ачкан. Кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун принциптерин түзүүдө «Манас» эпосунун ролу зор. Ал чагылдырган доорлордун ордун тактоо, көркөм образдардын кызматын аныктоо, идеалдуулук менен элдүүлүктүн көркөм-эстетикалык наркын көрсөтүү маселелеринин не бир талкуудан өтүп, акыл-эстин улуулугун даңазалоо менен түптөлгөн этнопедагогикалык эрежелерди окуучуларга жеткирүү - окутуунун өзгөчө ык-усулдары - ага өнөктөш жаралган башка фольклордук чыгармаларда тамыр жая өсүп, кыргыз баласына билим жана тарбия берүүнүн салттуу формаларына да өз изин калтырган. Маселен кыргыз башталгыч мектептеринде адабиятты окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү жолдорун издеген С.Рысбаев: «Ал маданият элдин фольклордук бай мурастарынан, анын негизинде уютулган кыттай бекем орногон элдик педагогикалык мурастардан байкалат. Мына ошол элдик тарбия маданияты, адеп-ахлактык салттар фольклорубуздун өзөгүндө төмөнкүчө байкалат: улуттук салттарды билүү; ата-энени урматтоо; жолдоштукка, достукка үндөө;

айланасындагыларды урматтоо; өз ара жардамдашуу сезимдерине калыптандыруу; адамдар менен изги мамиледе болуу; моралдык жактан тазалыкка үндөө; сыпайы мүнөздө болуу; белсемдүү эмгектенүү; бирөө менен мээрим төгүп сүйлөшө билүү; бир туугандардын бири-бирин сыйлашуусуна айрыкча маани берүү» [Рысбаев С. К. Кыргыз башталгыч мектептеринде адабиятты окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү. пед. илим. докт. авторефераты. – Б.: 2006, 17 - 18-беттер.] сыяктуу касиет-белгилерин өзүнчө бөлүп көрсөтөт.

Кыргыз адабияты боюнча талдоо жумуштарынан караганда бул тизме толук эмес экени байкалат. Анткени окуу программасына кирген үлгү чыгармаларды идеялык-тематикалык, жанрдык-стилдик түзүлүшүнөн алганда пендечилик турмуштагы адам мүнөзүнүн татаалдыгын окуучуга ачып көрсөтүү максатында улуттук фольклордун түрдүү жанрындагы адабий каармандын аракетин, жашоого болгон мамилесин, өз ара кызматташуусун, жеке көз карашын, билимин, коомдо алган ордун, социалдык кызыкчылыктардагы абалын, эл түптөгөн идеалга өсүп жеткен образдын эмпирикалык турмуштук түшүнүктөрүн, андан соң акын-жазуучулардын дүйнө таанымындагы жеке байкоолорун толук камтууга басым жасаганын байкоого болот. Адабият эл турмушун чагылдыруу боюнча билимдердин энциклопедиясы катары баарын өз боюна сиңиргендиктен, көркөм чыгарманын сюжети окуучуга жашоо-турмушту бардык тарабынан үйрөтүү тажрыйбасына ээ болуп саналат. Мындай көрүнүш окуучуларга адабий чыгарманын сюжети аркылуу адам жашоосуна эмне керек болсо, ошонун баарын көркөм образ аркылуу түшүндүрүп, анда аткарылган ар түрдүү жумуштарды, же окуучулар элестетип көрүү менен билип-үйрөнүүчү кубулуштарды жеке жашоосуна байланыштырууга мүмкүндүк берет. Албетте, жеке турмушу болгондо баарын баланын тикелей өзү менен байланыштырып, тар чөйрөдө кароо туура эмес, анткени улам чоңоө баштаган сайын айлана-чөйрөсүнө көңүл буруп, тегерегиндегилердин турмуш-тиричилигине баам салып, кээ бир кырдаалда өздүк пикирин билдирүүгө аракет кылса, айрым учурда кубаттоо, сыйлоо, жактыруу, таасирленүү, туроо, идеал тутуу, кайталап көрүү сыяктуу позитивдүү психологиялык абалга басым жасаса, кайсы бир жагдайда

айланасында кездешкен окуяларга жек көрүү менен карап, жактырбагандык, нааразы болуу, каяша айтуу, моюн толгоо, уруша кетүү, шылдыңдоо сымал негативдүү психологиялык кыжаалаттыкка ээ баланын мамилеси да адабий чыгармалардын таасиринде болоруу талашсыз.

Мунун баарын кыргыз эли өзүнүн турмушунда иштелип чыккан практикалык жыйынтыктардан алып, келечек муунга сабак болсун деген максатта элдик адабий чыгармалардын идеялык мазмунуна батырып келгендиктен, ал элдик педагогиканын өзөгүн түзүп, калк өзү көп кылымдардан бери эле өздөштүргөнүн улуттук макал-лакаптар баш болгон элдик оозеки чыгармачылыктын бардык жанрлары ырастап келген. Кыргыз эли колдонгон андай практикалык иштер окуу китептерин түзгөн адистер тарабынан жетекчиликке алынып, улам жыл өткөн сайын толукталып турушу этнопедагогиканын предметин эле тактабастан, элдик таалим-тарбия берчү жоболорду, башкы дидактикалык маселелерди, аны окуучуга жеткирүү жолдорун, ык-усулдарын мезгил талабына ылайык иштеп чыгууга өз тажрыйбалары менен көмөк көрсөтүшкөн. Кыргыз адабиятын окуу программаларына жайгаштыруу, окуу китептерине чагылдыруу, окуу процессинде сапаттуу аткарылыш үчүн көмөкчү окуу каражаттарын иштеп чыгуу маселелери элдик педагогиканын практикада калыптанган критерийлерин салттуу педагогиканын дидактикалык иш тажрыйбасы менен үзгүлтүксүз байланыштырууга белгилүү бир зарылдыктарды түзгөндүктөн, адабиятчы-педагогдор аны ар бир сабактын мазмунунда камтуу аракетинде болушкан. Элдин бала тарбиялоо салттарын дүйнөлүк педагогика илиминде аныкталган теориялык ойлор менен жабдуу, ээрчитип жүрүп окутуп тарбиялоодон класс түрүндөгү билим берүүгө өтүү мурда топтолгон улуттук тажрыйбаны көп жылдык тарыхы бар класстык окутуу менен бириктирүү, андай шартта баланын жаш курагы менен эсептешүү кыргыз адабияты предметин толук дидактикалык эреже-нормаларга байланыштыруу менен окуучунун психологиялык жактан туура жетилип өсүшүнө да кам көрүп туруунун жол-жоболорун иштеп чыгышкан. Ырас ал шашылыш аткарылчу иштерден болбогондуктан, ар бир сабактын үлгүсүндө практикалык жумуштар жолго коюлуп, замандын талабына

ылайык инсанды окутуп тарбиялоо үчүн зарыл болгон элдик салттар, адеп-ахлактык жүрүм-турумдар, оң образдын типтүү белгилери, терс образды аныктоочу чен-өлчөмдөр, жакшылык менен жамандыкты айырмалоочу критерийлер, адам жан дүйнөсүн оңдоого көмөк көрсөтүүчү моралдык нравалык элементтер, ички сезимдердин туура калыптануусуна өбөлгө болчу каада-жөрөлгөлөр адабият боюнча өтүлгөн сабактардын өзөктүү маселеси болуу менен бирге «Манас» эпосу баш болгон элдик чыгармаларда кездешкен дидактикалык ойлорду өнүктүрүү жолдору дайыма колго алынып турган.

Бийликтин утурумдук кызыкчылыктары менен окуу программасы менен окуу китептерине кирип калган адабий чыгарманын үлгүлөрү да болгон. Андай көркөм чыгармалар «Манас» эпосу башында турган элдик чыгармалардай адеп-ахлактын, руханий дөөлөттөрдүн нагыз жалпы адамзаттык баалуулуктарын адабий образдын кебете-кешпирине, аткарган кызматына сюжеттик окуялар аркылуу толук камтыбаганы менен «саясий-тапчыл көз караштан» аныкталуучу ыйман-ынсап, элдин байлыгына кол салбоо, кызматын жалпы журтка арнап, кулчулукка каршы күрөшүү, партиянын кызыкчылыгын колдоо жана коргоо сыяктуу жаңы дидактикалык нормаларга сугарылганы менен айырмаланышкан. Тапчыл көз караш адабий чыгармалардын сюжетине формалык-мазмундук схематизмди киргизгени менен элдик дидактикага анча деле коркунуч келтирген эмес. Ага себеп, инсанды саясий-идеологиялык багытта тарбиялоо аракети даяр типтүү адамдык касиеттерди, жаран аткарчу милдеттерди, андан көрүнүүчү мүнөз-сапаттарды, изги ойлорду, келечек кыялдарды, кызматтык абалдагы каармандын образына жармаштыруу белгилери күч алып, адабий чыгармачылыктын кунуна туура келе бербеген кырдаалда сүрөттөлсө да, кыргыз адабиятынын окуяны ушундай шартта чагылдыруусу калк арасында калыптанып калган элди сыйлоо, анын бардык кызыкчылыктарын коргоо, карөзгөйлөргө каршы күрөшүү, ата-энеге урмат көрсөтүү, кичүүлөрдү ызааттоо, айткан сөзүнө туруу, кичинекейлерге камкор болуу, табияттын кооздугун, жан-жаныбарлардын өмүрүн сактоо, жеке жүрүм-турумун көзөмөлдөө, ж. б. адамдык даңазалоого басым жасаган. Жаңы пайда болгон жазма кыргыз адабиятында мындай бир жактуулук көп болсо да, акын-жазуучулардан дал ушундай мазмундагы

чыгармаларды жаратууну талап кылуусу жана аны менен кийинки тарбиялоо аракети элдик педагогикадагы идеялардын салттуу педагогикада кеңири колдонуусуна жол ачып, окуучулардын улутка тиешелүү белгилерин коомдук-саясий кызыкчылык менен бирге аңдаштырууга мүмкүнчүлүк берген да, чыгарманын мазмунундагы идеяларды адабий билимдин негизи, инсанга керектүү адеп-ахлактык белгилерди калыптандыруучу каражат катары практикада кызмат кылуусуна кам көргөн. Ошондуктан кыргыз адабиятынын классикасы «Манас» эпосундагы элдик педагогикага таандык салттар адабият сабагынын предметтик базасын түзүп, ал эми калган жанрдагы адабий дөөлөттөр жалпы дидактикага таандык моралдык, адеп-ахлактык, психо-этикалык, көркөм-эстетикалык нормалардын жаранда калыптануусу үчүн практикалык иште зор кызмат аткарган окутуунун «билим-көндүм-адат» принцибин колдонуп, салттуу педагогиканын эрежелери менен этнопедагогиканын теориясын практикада түптөй башташкан.

Жарым кылымдан ашкан мөөнөттө буга педагогика менен адабият таануу илими эле кызмат кылбастан, Кыргызстандагы коомдук илимдердин баары, өзгөчө тарых, философия, эстетика, этика, этнография, ж. б. илимдер маанилүү жумуштарды жасашкан. Анткени бул илимдерди окуучуларга түшүндүрүү базасы тикелей адабий чыгармалар менен байланыштуу болуп, алардын негизги предметин балдарга жеткирүүчү булак катары көркөм аңдаштыруунун ролу зор болгондуктан, чыгармадагы түрдүү кейипкерлердин аткарган жумуштарына таянып, адамзаттын нравалык баалуулуктарын коомдун талаптарына жооп берүүчү белгилерин окуу процессинде сыноо аркылуу практик мугалимдердин сунушуна таянып, элдик педагогикадан өздөрүнө ылайыктуу түшүнүктөрдү табышкан. Алардын негизги түшүнүктөрүн табууга, адабий чыгарманын мазмунунда колдонулган илимий мисалдарды көркөм ойлоонун ички жана тышкы булактары аркылуу турмуш чындыгы менен байланыштырууга мүмкүнчүлүк түзсө, ал убакыттын өтүшү менен кыргыз жаштарынын **дүйнө таануусун түптөөчү каражатка** айланып, анын негизинде улттук этнопедагогика өзүнүн алгачкы түшүмдөрүн бере баштады. Эгер бул түшүнүктү **кең мааниде** ала турган болсок, кыргыз адабиятын орто мектепте окутуудан

калыптанган улуттук өзгөчөлүктөрдү таанып-билүүдөн жеке дүйнө кабылдоосун өнүктүрүп, кыргыздын коомдук турмушун изилдеген илимдер түптөлүп, философия, эстетика, этика, психология, социология, культурология, ж. б. боюнча кыргыздын уул-кыздарынан илимдин докторлору, жана кандидаттары өсүп жетилишти. Ал эми тар маанисинде ала турган болсок кыргыз адабиятын окутууну дал ушул элдик педагогиканын салттарына таяна изилдеп, аны салттуу педагогика илими аныктаган илимий-теориялык ойлор менен толуктап **кыргыз адабияты окутуунун методикасы** деген илимди жаратышты.

Ырас, азыр методика илимин өзүнчө караганыбыз менен аны баштоочулар – М.Жаңыбаев, К.Акылбеков, К.Иманалиев, Б.Алымов, К.Сабаева, Ү.Култаева, Н.Ишекеев, С.Мойдунова, К.Мамбеталиев, С.Батаканова, Т.Мусамбетов, ж. б. кыргыз адабиятынын билим жана таалим-тарбия берүүчүлүк функциясын элдик педагогиканын туюмунан алыстап кетпей туруп, тандап алган объектиси боюнча илимий-практикалык изилдөө жумуштарын аткарышып, элдик педагогикадан салттуу педагогикага өтүү жолдорун жасоого салымдарын кошкон. Анткени алар окутуу жолдорун дидактиканын нормативдүү эрежелеринен алышканы менен кыргыз адабияты боюнча адабият таануу илимине таандык түшүнүктөрдү үйрөтүүдө, жаш муундун көркөм-эстетикалык дүйнө кабылдоосун калыптандырууда жана өстүрүүдө «Манас» эпосу баш болгон улуттук фольклордо орун алган накыл кептерди, учкул ойлорду, таасын айтылган улама санаттарды, насыят сабактарын элдин тарбия берүүчүлүк нускасы катары колдонуп, жаңы турмуштук кырдаалдарды таанып-билүүнүн концепциясын иштеп чыгышкан. Мында этнопедагогикалык мазмун биринчи орунга чыкпаса да, ал кыргыз адабиятын окутуунун методикасы боюнча жазылган изилдөөлөрдө илимий божомол түзүүнүн улут аныктаган концепциясы катары бардык жумушту жүргүзүүгө белгилүү өлчөмдө жетекчилик кылганын байкоого болот. Ушул сыяктуу мамиле кыргыздын илимий коомчулугунда маанилүү болуп бардык тармак боюнча изилдөөлөрдө элдин турмушу менен тереңден таанышуу, изилдөө үчүн улутка мүнөздүү билим берүүнүн методикалык жолдорун эсепке алуу жумуштарынын системасын түзүүгө жардам берген. Анын окуу процессинде канчалык таасирдүү болушу мүмкүн экендигин кыргыз адабиятын

түрдүү класстарда окутуп, сабактын бир нече варианттарын иштеп чыккан практик мугалимдер – Б.Батыркулов, А.Сманбаев, Б.Исаков сыяктуулар элдик педагогиканын күнүмдүк сабакта аткарган милдеттери менен андан алынган натыйжаларды конкреттүү мисалдар аркылуу далилдеп, кыргыз адабиятын окутуунун методикасы илиминде белгилүү бир концепцияны жүзөгө ашырууга көмөк көрсөткөнүн айтпай коюуга болбойт.

Өткөн доордогу билим берүү кыргыз адабиятын окутуунун негизги проблемаларын бүткүл союздук масштабда жасалып жаткан жумуштардын базасында кароо маселесин талап кылгандыктан, адабий чыгарманы окутууда талдоо жумуштарынын жүзөгө ашырылуусу орустарда иштелип, практикага сунушталган парадигмалардын чегинде жүргүзүлсө да, өткөрүлгөн сабактардан алынган натыйжа белгилүү өлчөмдө инсандык сапаттарды калыптандыруу боюнча улуттун мүнөзүн, турмуштук чындыкты таанып-билүүдө этностук өзгөчөлүгүн, кырдаалга мамиле кылууда элдик мурастарга таянуусун, өздүк пикирин билдирүүдө элди түйшөлткөн маселеге «кыргыздын көзү менен» кароо мүмкүнчүлүгүнө чектөө болгон эмес. Мындай көрүнүш кыргыз адабияты боюнча ар бир сабакты окутууда окуучунун ички дүйнөсү менен эсептешүүгө, көркөм чыгарманы талдоо учурунда балага жакын болгон турмуштук болмуштан мамиле кылууга, алардын адам катары жетилүүсүн аныктоочу концепцияларда улуттун адеп-ахлактык кодекстери катары иштелген үлгү эрежелерди так сактап, өзгөчө моралдык түшүнүктөрдү элдик «көз караштардын чегинде» адабий чыгармага мамиле кылууга милдеттендирип турган. Жалпысынан элдик педагогиканын табиятын түзүп турган улуттун жүзүн көрсөтүүчү андай салттуу көрүнүштөр педагогиканын маселелериндей эле кыргыз адабиятын окутуунун методикасы боюнча илимий талдоо жүргүзүүнүн өзгөчө белгилерине жетекчилик кылчу методологияга каршы келген эмес. Методология тигил же бул илимде колдонулуучу изилдөө ыкмаларынын жыйындысы болуп, анын илимий философиясын түзсө [Современный философский словарь. – Л.-М.: Панпринт, 1998, 487-488-беттер.], кыргыз адабиятын окутууга элдик педагогиканын түздөн-түз аралашуусу кыргыз адабиятын окутуунун методикасы илиминде этнопедагогиканын элементтерин теориялык жактан толук калыптанышына

методологиялык жактан башат боло алган. Мына бул жерде элдик педагогиканын адам баалуулуктарын чагылдырган эрежелери турат деп так көрсөтүүгө мүмкүн эмес болсо да, С.Батаканова белгилегендей: «Көркөм чыгармага талдоо жүргүзүү аракетин ичине алган методология абстракту түшүнүктөрдөн эмес, үйрөнүү ишмердүүлүгүн ичине алган окуу жана аны ар бир окуучунун жаш өзгөчөлүгүнө ылайык үйрөтүү, машыктыруу жараянын боюна сиңирген окутуу сыяктуу айкалышкан конкреттүү ишмердүүлүктөн турат. Көркөм чыгармага талдоо жүргүзүү, аны ар бир окуучуга жеткире түшүндүрүү адабият мугалими менен бирдикте, окуучунун да философиялык ой жүгүртүүсүн, логикалык кабылдоосун, көркөм чыгарма сүрөттөп берген турмуш чындыгын өздөштүрүүдө таанып-билүү аракетин талап кылат. Кайсы класcты албайлы, көркөм чыгармага талдоо жүргүзүү чоңбу-кичинеби философиялык ой жүгүртүүсүз ишке ашпайт. Эгер ошол ой жүгүртүүнү тереңдетсек, ар бир окуучда андай философиялык ойлоонун артында окуп өздөштүргөн билимдери менен катар турмушта кездешкен турмуш чындыгын баалоо, анын мазмунун түшүндүрүү үчүн «жыйнап» чогулта алган философиялык илимдердин (эстетика, этика, логика, ж. б.) баллада калыптануу менен аны көркөм туундудан издөө зарылдыгы байкалып да, байкалбай да тымызын жүрүп отурат» [Батаканова С. Мектепте көркөм чыгармаларды талдоонун илимий-педагогикалык негиздери. – Б.: 2010, 9-бет.]. Адабий чыгармадагы каарманды инсан катары таанууга киришкен окуучу талдоо жумуштарын биринчи кезекте философиялык ойлорго ылайыкташтырып карабастан, турмуштун же өзүнүн жашоо образына байланыштырып баа бере турганын эсепке алсак, бардык илимдерден чогулган маалыматка караганда эл ичинде жашаган «турмуштук концепция» баланын чыгармадагы адеп-ахлакты аныктоочу критерийи болоорун эч ким тана албайт.

Мунун өзү окуу программасына кирген көркөм чыгармаларын окуп-үйрөнүүдө сунушталып жаткан конкреттүү чыгармадан реалдуу турмуш чындыгын сюжет аркылуу элестетип көрүп, андагы окуяны, сюжетти кыймылдаткан каармандардын элесин кыргыздын жашоо-тиричилиги менен салыштырып, акын же жазуучу түзгөн көркөм чындыктын канчалык туура экенин андагы образдардын жакшы же жаман сапаттарын элдик педагогиканын

изи аркылуу анализдей турган шартта аныкталат. Талдоо учурунда адабий чыгармадан окуучулар өз улуттук белгилери боюнча каармандан жакшы же жаман сапаттарды бөлүп, эмне себептен ошондой болуп калганына анализ бериши этнопедагогиканын каражаттары окуу процессинде орун ашына өбөлгө түзүү менен адабий чыгарманын калк жашоосунда канчалык мааниси бар экенин көрсөтүүсү көбүнчө табигый кубулуштардан көрүнгөндөй чындыкты адабий образдан издөөгө жол ачканы байкалат. Ошону менен катар акын же жазуучунун чыгармада турмуш чындыгын реалдуу сүрөттөп берүү да элдин социалдык чөйрөсүн, анын доор менен болгон катышын, жеке адамдын пендечилигин, өздүк тиричилигин жакшы билүүсүнө көз каранды десек, ал улуттук белгилерине жараша автордук баамдан өтүп, турмушту кабылдаган дүйнө таанымын көркөм чыгармага сиңиришинде кандай позицияны билдиргенине карап баа берсек, адабият сабагында талдоонун өзөгү толук бойдон этнопедагогикалык каражаттар аркылуу окуучунун көз карашын жабдый турганын эстен чыгарууга болбойт. Чынында мугалим балдарга силер сөзсүз ушундай талдашыңар керек деп үйрөтпөсө да окуучулардын жеке пикиринде даяр ойлор жашап, ага керектүү талдоо принциптерин алар үйдөн, чөйрөдөгү улуу адамдардан, кошуна-колоң, ж. б. алгандыктан, элдик педагогика жакшы менен жаманды айырмалоочу категорияларды балага тээ кичине курагынан эле калыптандырып келгенин көргөзөт да, этнопедагогика андай каражаттарды кыргыз адабият сабагында кээ бир багыттар боюнча толуктаганын көрөбүз. Окуу процессинде адабий чыгармаларды талдап үйрөтүү жумуштарын изилдеген методист-окумуштуулар окуучунун пикири ушул өңүттөн каралып, алардын көбүнүн көз карашында адеп-ахлакка, моралдык түшүнүктөргө, гуманизм белгилерине, эстетикалык билимдерди образга анализ берүүгө колдонууда, каармандын ички жан дүйнөсүн баалоодо этнопедагогиканын маңызында турган «кыргызга окшоштурууга» аракеттенген факторлорго «маани бербей» аны реалдуу турмуштук чындык же талдоонун мыйзамченемдүүлүгү катары кабылдашкан.

Элдик педагогиканын «кодекстери» адабият сабагында окутулган «Манас» эпосу баш болгон түрдүү жанрдагы көркөм туундулардын дээрлик бардыгында орун алганы менен адабияттагы көркөм чындык адам жашоосундагы карама-

каршылыктарды окуучунун турмуштук кызыкчылыктары менен айкалыштырып, андан балага пайда болуучу психологиялык жана социалдык таалим-тарбия берүүчү адамдын мүнөзүн, турмушка карата мамилесин, оң менен терстин «бүтпөгөн кармашында» ачып түшүндүрүү дайыма адабияттын иши сыяктанып, этнопедагогикалык каражаттарга атайын көңүл бурулбай калганын байкоого болот. Коомдун талабы боюнча кыргыз адабиятын окутуунун милдети окуучулардын адабий-эстетикалык билимин жогорулатуу, адабий-маданий дөөлөттөргө туура баа берүү болгондуктан, кыргыз адабияты сабагы негизги басымды көркөм чыгарманын эстетикалык жактан балдарга таасир этүүчү концепцияны адабият теориясынан алгандыктан, сюжетке, образга, мүнөзгө, композицяга, стилге ж. б. багыттар боюнча талдоо жүргүзүү иштеринде жарандын жашоосунда маанилүү роль ойногон адеп-ахлактык, моралдык-этикалык категориялар адабий түшүнүктөрдүн далдоосунда калып, каармандын ички сезимдерин аныктоо принциптери акын же жазуучунун чеберчилигине, сүрөттөө манерасына байланыштуу чечмеленип, автордун оюн далилдөөчү факторлор окуу процессинде окуучулардын реалдуу турмуштук көрүнүштү кабылдаган философиясына артыкчылык берген. Ал эми мугалимдердин сабактары адабий билимдердин жана маалыматтардын окуучулар тарабынан өздөштүрүлүнө басым жасагандыктан, элдик же этнопедагогика аткарган иштер күнүмдүк тарбия берүүнүн кызыкчылыгы катары маани берилбей, практик-методисттер жасаган жумуштарда изилдөө объектисине айланбаганына себеп болгон.

Улуттук адабиятты окутуу өткөн кылымда толук бийликтин көзөмөлүндө тургандыктан, кыргыз адабиятын окутуу жумуштары андай саясаттан тышкары калышы мүмкүн эмес болчу. Ошондуктан билим жана тарбия берүү концепциясында элдик педагогика канчалык кызмат аткарып жатканын билүү кызыкчылыгы улам кийинкиге калтырылып, адатта ал аткарган кызматты башка тарапка «оодарып» жиберип турушкан. Бирок көркөм чыгармалардагы улутка тиешелүү мүнөз, анын турмушка карата мамилеси, адамдык сапаттарды баалоодогу кыргызга мүнөздүү улуттук критерийлер, калктын кызыкчылыгындагы баланы тарбиялоочу түшүнүктөр элдик педагогикада

илгертен сакталып келгендиктен, кыргыз адабиятын окутууда элдик моралдык-этикалык эрежелердин позициясы адабий талдоонун негизин түзүп, образды элестетип түшүнүүдө көп кызмат аткарат. Адабият мугалими көркөм чыгарманы талдоо учурунда аны бардык жагынан жетекчиликке алганы менен автордун оюн, чыгармага карата жеке чеберчилигин аныктоого артыкчылык берип, анын чыгармага карата мамилесин, ошол образ аркылуу эмне айткысы келгенине «ооп» кеткендиктен, сабактын жүрүшү жазылган сюжетти окуучуларга түшүндүрүүдө адабият илими аныктаган адабий-теориялык жыйынтыктарга басым жасаганын белгилей кетүүгө тийишпиз. Ошондой эле чыгармадагы каармандын позициясын окуучуларга түшүндүрүүдө мугалим анын жашоосуна, коомдо ээлеген ордуна, жеке психологиясына, башкалар менен болгон мамилесине, келишкис карама-каршылыктарына негизги далилди адабиятчылардын изилдөөлөрүнөн алып, кайсы концепция окуу китеби тарабынан колдоо тапса, ошол боюнча адабияттын илимий изилдөөлөрүнөн жыйынтык чыгарышы анда активдүү кызмат көрсөткөн элдик же этнопедагогикалык критерийлерди көмүскө калтырып, совет бийлигинин алгачкы жылдарында колго алынбагындыгын ачык көрсөтөт.

Жыл өткөн сайын улуттун иденттүүлүгүн сактап, өз деңгээлинде кийинки муунга өткөрүп берүү кызыкчылыгы коомдо тымызын көтөрүлүп, ал элдик педагогикада иштелип чыккан таалим-тарбия берүү жумуштарын адабий чыгармалар аркылуу өнүктүрүү концепциясын педагогиканын теориясына «таңуулай» баштаган маалда анын илимий парадигмасын түзүү ар бир элде көтөрүлүп, мындай позицияны жактоочулар көз караштарын бирдиктүү системага салышып, алды менен теориясын түзүүгө басым койгондугун белгилей кетели. Мунун башында Г.Н.Волков туруп, чубаш элинин мисалында этнопедагогиканын илим катары калыптануусуна зарыл болгон факторлорду таап [Волков Г.Н. Этнопедагогика. Учебник для студентов средних и высших педагогических учебных заведений. – М.: АКАДЕМА, 2000, 3 – 14-беттер.], анын концептуалдуу негизин түптөп, ал аркылуу усулдары менен каражаттарын иштеп чыккан болсо, бардык улутка керектигин сезген педагогдор идеяны өздөрүнүн жашоо шартына ылайыктап дидактикалык эрежелерин салттуу педагогиканын

базасында өнүктүрүүгө жетишкен. Проблемага улуттук кызыкчылыктар менен карашса да этнопедагогиканын илим катары калыптануусуна тикелей салым кошкон окумуштууларга Я.Н.Ханбиков, А.Ф.Хиндибидзе, А.Жарыкбаев, А.Ш.Гашимов, ж. б. ысымын атоого болот. Кыргызстанда бул маселеге өз учурунда кайрылган окумуштууларга А.Э.Измайлов, И.Б.Бекбоев, М.Р.Рахимова, Т.В.Панкова, ж. б. ысымын келтирсек, аты аталгандардын көпчүлүгү этнопедагогиканы өзүнчө концепция менен аныктоого аракеттенишип, ал эми элдик педагогиканы башка өңүттөн түшүндүрүүгө, б. а. болгондо да өзүнүн «технологиясы» иштелип чыга элек, жасоочу жумуштарын так аныктай элек мезгилде «элдик» болушу мүмкүн экендигин белгилешкен.

Окумуштуулардын мындай көз караштa келишине ошол учурда күчүндө турган авторитардык бийликтин да таасири болушу ыктымал, кандай болгон күндө да этнопедагогиканын педагогикалык илимий коомчулуктун көңүлүн буруп, улам алга жылуу менен изилдене башташы акырындап өз объектисин тактоого, алдында турган милдеттерин түшүнүүгө, билим берүү тармактарында ордун аныктоого белгилүү мүмкүнчүлүктөрдү пайда кылган. Ал эми өлкөгө эгемендүүлүктүн келиши менен чыңалган проблема педагогдордун көңүл чордонун ээлеп, атайы көтөрүлүп, монографиялык планда изилдене баштады. Негизи анык болгону менен кыргыз окумуштуулары анын педагогикадагы ордун, коомдук кызматын, социалдык чөйрө үчүн аткарчу милдеттерин, анан барып башка илимдер менен түзгөн карым-катышын, алыс-жакын байланышын изилдешип, өткөн кылымдын 90-жылдарынын башынан тарта мезгилдүү басма сөз каражаттарында талаш-тартыштуу талкуу жүрдү. Анда Кыргызстандын белгилүү окумуштуулары өз ойлорун ортого салып, элдик педагогикадан этнопедагогиканын мазмунун айырмалап бөлүп көрсөтүүгө, ошондой эле алардын ортосундагы «жакындыктын» себептерин тактап, ал себептерге өбөлгө болгон шарттарды элдин, коомдун өзүнөн «таап», мисалдар менен фактыматериалдар аркылуу далилдөө иштерин аткарышкан. Мында алынган мисалдар кыргыз элине тиешелүү болгону менен теориялык ойлорду буга чейин аныкталган изилдөө жумуштарынан алышкандыктан, талаш-тартыш көпкө созулуп, бирок ошол эле жылдарда этнопедагогика жогорку окуу жайлардын

окуу планына кирип калгандыктан, илимий-изилдөө иштеринин объектисине айланып, проблеманын актуалдуулугу жогорулап, системалуу талдоо кызматына өтүп, ага байланыштуу окуу-методикалык куралдар жазыла баштады. Андай иштердин алгачкы саамалыгы катары М.Р.Рахимова жана Т.В.Панкова тарабынан жазылган «Кыргызская народная педагогика» [Рахимова М.Р., Панкова Т. В. Кыргызская народная педагогика. – Б.: 1993.] эмгегин өзүнчө бөлүп көрсөтүүгө болот. Бул изилдөөдө бир катар талаш ойлор болсо дагы анын баалуулугу мурда толук системага түшө элек көз караштарды жалпылаштыруу менен алардан бирдиктүү жыйынтыкталган пикир жарата алганында турат. Мына ушул эмгектен кийин кыргыз адабиятынан сабак берген мугалимдер, адабиятчы педагогдор да бул проблемага карата өз ойлорун билдиришип, айрым багыттар боюнча этнопедагогиканын маселелерин изилдей баштаашты. Ушул маселеге А.Алимбеков киришип, ал проблеманы түз эле салттуу педагогиканын масштабында кароо аракетин көрүп, «Кыргыз этнопедагогикасы» [Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. I бөлүк. – Б.: 1997.] деген эмгегин илимий чөйрөгө тартуулады. Ага удаалаш этнопедагогикага тигил же бул жагынан кайрылып, изилдегендер көбөйө баштады, б. а. кыргыз адабиятын окутууда анын кээ бир түшүнүктөрүн тактап, окутуунун ар түрдүү проблемасына байланыштырып изилдөөгө аракет кылган адабиятчы педагогдор С.Рысбаев [Рысбаев С.К. Кыргыз башталгыч мектептеринде адабиятты окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү. пед.илим.док. автореферати, - Б.: 2006. – 46 б.], А.Муратов [Муратов А.Ж. Көркөм адабий тексттердеги элдик педагогикалык ойлор жана аларды окутуу процессинде интерпретациялоонун илимий-методикалык негиздери. пед.илим.док. автореферати, - Б.: 2010. – 43 б.], Н.Түнкатарова [Түнкатарова Н.К. Бала бакчанын 6 – 7 жаштагы балдарын кыргыздын улуттук каада-салттары аркылуу социалдаштыруу. пед.илим.канд. автореферати, - Б.: 2008. – 22 б.], ж. б. илимий изилдөөлөрүн жүргүзүштү. Мунун өзү бир мезгилде кыргыз адабиятын окутуу жумуштарынын мазмунунда байкалбай келген маселелерди козгоп, анын билим жана тарбия берүү иштеринде канчалык маанилүү экенин аныктоого багыт берди. Ошону менен катар окуу программасына кирген чыгармаларды кайрадан бир «текшерүүдөн өткөрүүгө»,

алардын кайсынысы азыркы учурга ылайык билим берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ экенин тактоого да ыңгайлуу шарт түзүп, этнопедагогикалык негизде окутууга мисал болчу адабий чыгармалардын «жаңыларын» кошууга, «эскиргендерин» алып салууга жол ачты. Мындай вазыйпаны оңойго турбаса да кыргыз илимпоздору менен практик мугалимдери коомчулуктун талаптарын аткарууга активдүү киришип, бийлик тарабынан четтетилген кыргызга таанымал акын-жазуучуларынын өмүрү, чыгармачылыгы жана адабий тексттери менен окуу программасын, окуу китептерин толукташты. Буга чейин болгон-бүткөн көркөм дөөлөттөрү «Манас» эпосу баштаган элдик фольклордо деп түшүндүрүп келген концепция жокко чыгып, кыргыз элинин да байыркы жазма адабияты болгонун, бул калк да өз оюн жазып калтыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ экенин далилдеген изилдөөлөр менен терең аныкталган ой корутундунун окуучуларга берилиши, орток адабият менен тааныштыруу, аталган адабияттын өкүлдөрүнүн чыгармаларынын окуу программасы менен окуу китептерине кириши окуучулук баам-туюмдарга жаңычыл мамиле жасоо керектигин көрсөттү. Ал мурда үлгү болуп келген чыгармадагы сүрөттөөнүн критерийлеринен баш тартуу, ар бир баланын жеке дүйнө таануусу менен эсептешүү, окулуп жаткан көркөм чыгарманын оң жана терс образдарында кездешүүчү адамдын сапаттарды турмуштук көрүнүш менен байланыштыруу, аны этномаданий дөөлөттөр аркылуу баалап, өзүнө тааныш пендечилик окуялардын негизги өзгөчөлүктөрүн баалоо методдорун адабиятты окутуунун бардык курсуна жайгаштыруу окуу процеесине этнопедагогикалык жактан мамиле кылуу маселесин көтөрүп чыкты.

Азыркы коомго жарандын жан дүйнөсүндөгү баалуулукту аныктоочу моралдык-нравалык жол-жоболордон тышкары интеллектуалдык билими, психологиялык туруктуулугу, ишкердик жөндөмү, алган билимин канчалык турмушта колдонгондугу, көркөм образдын аракетинен кандай тажрыйба топтогондугу, адабий каармандын жагымдуу ишмердүүлүгүн өзүнө сиңиргендиги, турмушка керек концептуалдуу көз караштар менен аны анализдөө аркылуу көндүмдөргө ээ болушу сыяктуу маселелердин окуу процессине жүктөлүшү эл өзү калыптандырган улуттук сапаттардын инсанга кемибей жетүүсүн кыргыз адабиятына милдеттендире баштады. Албетте мындай

коомдун керектөөсүн аткаруу үчүн адабият таануу илиминин мүмкүнчүлүгү чектелүү болуп саналат. Ошондой эле жалаң маалыматтар менен куралданган мурдагы кыргыз адабият сабагы мындай милдетти аткара албай тургандыгы белгилүү. Бул кыргыз адабиятын окутуунун мазмунун улуттук өзгөчөлүккө буруу - натыйжалуу жыйынтыкка жетишүү үчүн ыңгайлуу окутуу моделин түзүү, кыргыз адабияты сабагынан алган билимди ишке ашыруу жолдорун табуу, окутулган предметтик билим конкреттүү турмуштук аракеттерди эффективдүү аткарууга тиешелүү жүрүм-турумду канааттандырууга тийиш болсо, аны жүзөгө ашыруу сабакта адабий чыгармаларды этнопедагогикалык негизде окутуу козгоду. Балким мындай кыймыл-аракеттер жай жылмактыр, анын тездик менен кыймылга келишине билим берүүгө карата коомдук-социалдык пикирдин өзгөрүшү, б. а. социалдык чөйрөдө көп түрдүү көз караштын орун алышынан улам, адабиятта көркөм ой жүгүртүүнүн бардык түрү жашап, алардын ар биринин адам жашоосунда орду бар экени аныкталып, андай пикирге эч ким тоскоолдук кылуусу мүмкүн эместиги жарандык коомго белгилүү кылган соң **көркөм чыгарманын чыныгы функционалдык кызматын** окуу процесси өзү жолго коө баштаган. Ар бир окуучунун жеке дүйнө кабылдоосу болушу зарыл экенин, ал дүйнө таанымга эч бир педагог кысым көрсөтүүгө жол берилбей турганын түшүндүргөн демократиялык түзүлүштүн социалдык чөйрөгө тездик менен сиңиши, баланы субъекти катары таанууга байланышкан окутуу системасынын күчү улуттун башкалардан айырмаланган иденттүүлүгүн инсанга кайтарып берүү иштерин да кыргыз адабияты сабагына «жүктөгөн» болсо, аны өз деңгээлинде чечүү ар бир өтүлгөн сабакты этнопедагогикага негиздеп окутуу зарылдыгын айкындады.

Буга кошумча, Кыргызстан өзүнүн жашоо образын рыноктук мамилеге өткөрдү. Ал өзү менен кошо социалдык чөйрөгө конкуренцияны алып келсе, жарандардын өз ара атаандашуусу алардын турмушка керек интеллектуалдык мүмкүнчүлүгү менен ишке болгон жөндөмдүүлүгүн уюштуруу жолдорун издөөгө шарт түзгөн маалда ошол абалга туруштук берүүчү адамдык касиетти, ишмердүүлүктү ата-бабалар калтырган мурастардан табууга үндөгөн кырдаал билим берүүнү улуттун этнопедагогикасына барышы керектигин көрсөттү.

Далай кылым жашап, анда толгон-токой кыйынчылыктарды башынан кечирген калк андай замандан чогулткан тажрыйбасын көркөм-адабий чыгармаларына колтырган болсо, аны дал ушул учурда окутуу зарылдыгы аныкталып, билим сапатын конкреттүү тармакта аткарган ишмердүүлүктөгү жөндөм менен ачыкка чыга турган болду. Андай жөндөмдү дүйнөлүк билим берүү системасы «компетенция» деп атап, аны изилдеген педагогдор - Дж.Равен, И.А.Зимняя, Э.Ф.Зеера, В.В.Сериков, А.В.Хуторской, ж. б. тармактар боюнча профессионалдык кызматында керектүү, учурда ишке киргизүүгө мүмкүн болгон жөндөмдүн бир нече белгилерин аныктап, өзгөчө кырдаалда адамдын иш билгисин көрсөтүүчү категорияларынын алгоритм түзгөн болсо, белгилүү бир тармактагы ишмердүүлүк боюнча минималдык тажрыйбада аныкталуучу инсандык сапаттарды белгилөөчү негизги критерийлер эл өзү басып өткөн тарыхтан иргелгени этнопедагогикага кайрылууга аргасыз кылды. Конкуренцияга туруштук берүүчү элементтер жеке инсандын позициясынан караганда эч кимге «жемин жедирбеген» жарандын образында аныкталуучу пенденин өздүк касиеттери болгондуктан, кыргыздар үчүн типтүү «эр жигитке жетимиш өнөр аздык кылат» деген абалда түшүндүрүлүүчү кырдаалдан мамиле этип, кыргыз адабиятында көрөнгөлөнгөн таалим-тарбиянын негизин окуу системасына кошуу мезгили келип жетти. Анткени коомчулуктун алдында (дүйнөлүк билим берүүнүн бир бөлүгү катары) турган андай милдетти чечүү жолу кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууга алып бармак. Ал психологогиялык жактан инсанга багыттап окутуу теориясына «дал келип», фольклордон тартып, профессионалдык адабияттын классикалык чыгармаларында катылып жаткан бай тажрыйбанын салттарын – ар бир окуучунун өзүн-өзү таанып-билүүсүнө, турмуштук тажрыйбага ээ болуусуна, белгилүү даражада зарыл маселени чече алуусуна, «эл баккан» билимге ээлик кылуусуна - белгилүү даражада салымын кошуп негизги булак катары окуучулардын компетенциясын калыптандыра алат. Адабият мындай милдетти буга чейин эле аткарып келгендиктен, адабиятчы педагогдор сабактагы окуу материалын окуучунун турмуштук позициясын, атуулдук көз карашын, жеке дүйнө таанымын, нравалык сапаттарын, адеп-ахлактын жүрүм-турумун

тарбиялоо иштерине да активдүү пайдаланышкан. Бул кыргыз эли үчүн бардык доорго мүнөздүү болгон. Аны адамдын инсандык табиятына таасир этүүчү белгилерине карай аныктабастан, боло калчу проблемалардын дээрлик баарына туура жооп берүүсү үчүн качандыр бир «болуп өткөн» окуядан мисал келтирүү менен улутка тиешелүү кызыкчылык менен карап, уулдун жашоодогу карап «улук болсоң, кичик бол» (бул эми жалпы мааниде) десе, кызга «кыздуу үйдө кыл жатпайт» (анын үйдөгү ордуна карай) деген сыяктуу өздүк турмушуна зарыл билимди көркөм чыгармадагы образдын туура же туура эмес аракетин талдоо жана баалоо аркылуу тыянак ойду сунушташкан. Адабий чыгармалар аркылуу мындай билим берүү бардарга эле арналган эмес. Анын адамдын жаш курагына жараша кызматы болуп келген, ошондуктан «жашында мылжың болсоң, карыганда кылжың болосуң» деген сыяктуу адам жаш курагына жараша аңдаштырып, дайыма турмушту өз деңгээлине жараша («акылмандын теңтушу бар, теңи жок») баалап, түшүнүүсү керектигин бардык заманда колдонулуп келгендиги белгилүү. Өткөн кылымда кыргыз адабияты балдарга билим берүүдө саясаттан чыгып кете алган эмес, бирок кыргыз балдардын адабий чыгармалар аркылуу билим жана тарбия берүүдө кылымдап калыптанган улуттук билим берүнүнү андай усулдарынан ажырабай өз иштерин жүргүзүп турган.

Кыргыз элинин басып өткөн бардык турмушун чагылдырган адабий чыгармалар окуучу ар түрдүү формада элестетип түшүнүү үчүн көркөм ой жүгүртүүнүн болгон белгилерин образга сиңиришкен. Ырас, баары чыгармада экен деп элестетүү туура эмес, андай дүйнө кабылдоо кыргыздарда көчмөн турмуштун жашоо өзгөчөлүгүнө жана баланын жаш курагына жараша билип түшүнүү алуусун жетектеген элестөө мүмкүнчүлүгүн табуу жолу элдик билим берүүнүн ык-машыгууларынан өтүп келсе, кыргыз педагог окумуштуулары – И.Арабаев, К.Тыныстанов, К.Иманалиев, К.Асаналиев, Б.Маленов, Ж.Таштемиров, Ш.Үмөталиев, Б.Алымов, С.Мусаев, Н.Ишекеев, А.Муратов, ж. б. совет доорунда түзгөн окуу программаларында, окуу китептеринде колдонушкан. Совет доору адабиятты окутуу иштерин саясатташтырып жибергени менен кыргыздын педагог адабиячылары өздөрү түзгөн окуу китептеринде адабий чыгарманын этномаданий сапаттарына артыкчылык берип,

аны образдын табиятын көрсөтүүдө ажырагыс звеносу катары алып, бала өз чөйрөсүндөгүлөрдү таанып-билүүнүн (когнитивдик мазмунда) негизги компоненти, этномаданияттын мыкты үлгүлөрүнүн көрсөткүчү, идеалдарга негизделген балалык түшүнүктөрдү туура жолго «жетелеп», багытын бөлүп көрсөтүүчү жана аларда турмушка керек көндүмдөрдүн билим катары калыптанышын, адамдын мүнөз-сапаттардын өнүгүш деңгээлин камсыздай алган. Ал учурунда кыргыз педагогдору тарабынан маанилүү кепке алынбаганы менен окуу программалыра менен окуу китептеринин негизги компоненттеринин бири болгон этномаданий идеялар окуучуларга көркөм чыгармалардагы образдар аркылуу турмушту таанымдык (когнитивдик) касиетин жеткиликтүү аткарган. Адабият сабагын этномаданий дөөлөттөрдөн ажыратуу кандай мүмкүн эмес болсо, баланын улутка мүнөздүү сапаттарын, үй-бүлөгө байланышкан турмуштук салт-эрежелерин калыптандыруу, ата-бабаларына урмат көрсөтүү, мекенди сүйүү, улуттун жана өзүнүн генеологиясын (чыккан тегин), тарыхын билүү маселелерин адабий билим берүү концепциясынан ажырата албайт эле. Ошондуктан кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу иштери өткөн кылымда системалуу жүрбөсө да окуу иштери уюштурулгандан тартып булл багыт орто билим берүүнүн бир компоненти катары окуучуларга турмушка керек көндүмдөрдү бир катар милдеттерди сапаттуу чечип келген, алар: өз элинин тарыхый жактан өнүгүшүнүн бардык этаптарын элестетип жакшы билүүсү (1); көчмөн цивилизацияга мүнөздүү этникалык маданиятка, этнографияга тиешелүү түйүндүү түшүнүктөрдүн маанисин билип турмушта колдоно алуусу (2); өзгөчө фольклордук чыгармаларды өздөштүрүү менен күндөлүк турмушта кеңири колдонулуп келе жаткан үрп-адат, ырым-жырым, түрдүү жөрөлгөлөр менен каада-салттардын ордун айырмалоосу (3); адеп-ахлактык жана ыйман-ынсаптык түшүнүктөрдүн оң-терс жактарын аңдап, турмушта туура пайдалануусу (4); ж. б. болсо, аны ар бир практик мугалим өз сабагынын ичине жайгаштырып турган.

Адабиятчы-педагог А.Муратов өзүнүн бир эмгегинде белгилегендей: «Кыргыз эли да балдарга жана жаштарга таалм-тарбия берүү ишин бала туулгандан тартып, тагыраагы, ага чейин эненин курсагында түйүлдүк болор

алдында жана түйүлдүк пайда болгондон тартып баштап, акыркы сапарында мүрзөгө коюлганга чейин активдүү жүргүзүп келген. Элибиз жаралган баланын бары бирдей, ал тарбиясынан гана айырмаланат деп эсептешкен жана тарбия берүүнү бирдиктүү, бүтүн жүргүзүүнү, мисалы, акыл-эс тарбиясын, эстетикалык тарбияны, дене тарбиясын, экологиялык тарбияны, адеп тарбиясын – баарын кошо алып барууга басым жасаган. Алар тарбиялоочу булактар катары карылардын акыл-насаатарын, баталарын, улуулардын өрнөктүү иштерин, табияттын көрүнүштөрүн, улуттук фольклорду өзгөчө пайдаланган» [Муратов А. Кыргыз эл педагогикасы: табияты, таралышы жана тарыхы. 1-китеп. – Б.: 2011, 8-бет.]. Чынын айтканда улутка мүнөздүү мындай салт совет доорунда деле кыргыз адабияты боюнча билим жана тарбия берүүнүн негизги өзөгүн түзүп турган. Тактай келсек, жогорку класстарда кыргыз адабиятынын тарыхый курсу (8 – 10-класстар үчүн) катары сунушталган окуу программалары менен окуу китептеринде мындай структура толук жана жеткиликтүү сакталганын көрүүгө болот. Маселен, өткөн кылымдын 50-жылдарынан берки окуу китептерин барактап көргөндө бул даана сезилет, б. а. «Манастан» тартып элдик оозеки чыгармачылыктын майда жанрларына чейин көркөм чыгарманын сюжетинде катылган өткөндөн калган көркөм сөз үлгүсүн элдин турмушу, тарыхый-маданий тажрыйбасы, эл-журт катары сакталып калышына маанилүү роль ойногон осуят-насыяттардын казынасы, адептик-этикалык салттары катары үйрөтүү ар бир практикалык сабакта чагылдырылып турган. Ар бир сабактагы практикалык иштин жүрүшүндө кыргыз калкынын башка журтка акырындап сиңип жок болуп кетпей калышынын себептери - улуттук аң-сезиминин кыйын мезгилинде өчпөй, жанып турушундагы орду, мекенчил болуунун түпкү маани-маңызы, өз элинин рухий, адабий-эстетикалык мурастарынын өзгөчөлүгү конкреттүү мисалдар менен түшүндүрүлгөн. Мындай максатты жүзөгө ашыруу ата мекен жана аны түзгөн тарыхый санжыра, эл маданияты, калктын башка өнөрү менен бирдикте карап, анын маанисин адабий чыгарманын мазмунундагы этномаданий дөөлөттөргө байланыштырып, окуучулардын көз караштарын калыптандырууда жана өнүктүрүүдө колго алынган болсо, анын жүгүн ошол жылдары жалаң практикалык сабактар көтөргөнүн сыймыктануу менен белгилешибиз керек.

Кыргыз адабиятын окутуу өзүнүн мазмунда адабий чыгармачылыктын өзгөчөлүктүрүн, жанрдык белгилерин, ар бир жанрга тиешелүү табиятын, бири-биринен болгон айырмачылыгын, автордук чеберчиликти, көркөм чыгарманын коомдогу ордун, тилинин дараметин, образдын типтүүлүгүн, жеткилең иштелген чыгарманын өрнөктүү касиеттерин талдай билүүгө кандай жол ачса, турмушту жакындан таанып билүүгө дал ошондой багыт берген. Анткени адабий чыгармаларды анализдөө улуттук дөөлөттү окуу менен чектелген эмес, мугалимдин үзгүлтүксүз чыгармачыл аракети аркылуу уюштурулган сабактарда конкреттүү чыгарманын дурус-бурушу талдоого коюлуп, көз караштын жеткилеңи ынандырса, түшүнүктөрдүн айырмалуу белгилери чыгарманын турмуш менен байланышын тереңдетүүгө, окуучу менен жеке жашоосунун ортосундагы ажырагыс биримдикти түзүп, таанып-билүү компоненттерин өркүндөтүүгө тынымсыз умтулган. Практикада аткарылган мындай жумуштар көркөм-эстетикалык дөөлөттөр окуучулук ишенимдерди арттыруу менен өзүнүн жашоосунда адабий билимдин туундуларын колдонуп, элдин өрнөктүү каада-салттарын, үрп-адаттарын, акыл наасаттарын турмуштун мыйзамдары катары урматтоо аркылуу мамиле кылууну окуучуда көндүм катары калыптандыра алган. Ырас, мындай сапат ар бир окуучуда боло бербесе да, элдик адептик жана ыймандык нарк-насилди колдонуу менен өзүн-өзү баалоо критерийлери ички кызыкчылык катары орун алган. Мунун өзү адабий чыгармалардагы сюжетти же образдардын өздүк белгилерин түшүнүүдө гана көрүнбөстөн, өз элинин турмушунда болуп жаткан өзгөрүүлөргө баа берүүдө, элдин асыл нарктарын жана жөрөлгөлөрүн сактоодо, кийинки муунга жеткирүүдө да маанилүү роль ойногон. Албетте, практик мугалимдер өз сабактарында окутуунун жаңычыл ык-усулдарын колдонуу аракетинде болгондуктан, ал мезгилде этнопедагогикалык негизде окутууга жетиштүү маани берилбесе да, кийинки муунду туура жолго салуу үчүн эл калыптандырган руханий байлыктарга - адабий чыгармалардагы ыйман-ынсаптык баа берүү категорияларына, муундар аралык байланышты өркүндөтүүгө - элдин маданий-эстетикалык мурастарынын бекем сакталып, уланма салттын коом менен алга жылышына баары бир көңүл бурулуп турган. Өзгөчө ал «Манас» эпосу менен башталган элдик даанышман чыгармалардын

изги табиятын ачып көрсөтүүдө, алардын мазмунуна катылган насыяттарды чечмелеп берүүдө, журтка таанымал инсандын (акын же жазуучунун) өрнөктөрүн, адабий туундуларында калган осуят окуп-үйрөнүүдө негизги миссияга айланган.

Кыргыз адабияты сабактарында көркөм чыгарманы талдоо жумуштары өзүнүн принциби менен жүрсө да, көркөм образдын иш аракетинин маңызын ачууда окуучулар ата мекендин тарыхын, улут ыйык туткан дөөлөттөрдү, мамлекетке жан аябай татыктуу кызмат кылууга умтулган адабий каармандардын жүрүм-турумун үйрөтүү жумуштарын өзүнчө компонент катары карап, эл-журтка күйүмдүү инсанды калыптандырууга басым жасашкан. Бул адабий үлгүлөрдү адабият мугалимдери жөн эле сабактын мазмунуна кошо берген эмес, алар окуучулар менен бирдикте жигердүү аракеттенишип, ар бир образда катылган автордук ойду таап, ага ширетилген «жашоо-турмуштун» өзүнөн ата-баба салттарын коргоо, өнүктүрүү үчүн зарыл болгон көндүмдөрдү издеп, керек шартта автордун өзүнө да доомат коюп, сюжеттеги кыйчалыш «жашоодогу» конфликттердин маанисин ата-журттун гүлдөп-өнүгүүсү, мекендештеринин бейпил, жыргал турмушу үчүн патриоттук иштерди жасаган образдарды даңазалоочу нукка буруп, баланын социалдык активдүүлүгүн жогорулатууга басым жасаганы этнопедагогикалык негизде окутуу иш чаралары өткөн кылымда аткарыла баштаганына мисал болуп берет. Ырас ал учурда мындай иштер биринчи планга коюлбаса да, этномаданий баалуулуктарга таянган кыргыз адабияты сабактары көп жактуу, терең катмарлуу, түпкүлүгүндө улуттук сезимдерди өнүктүрүү менен байланышкан кыргыз акын-жазуучуларынын өздөштүрүүдө мекенди, эне тилди сыйлоого, чыдамкайлык, кечиримдүүлүк, акылмандык, боорукерлик, жоомарттык, билгичтик, ж. б. адамдык сапаттарга кыргыз кандай мамиле кылуусуна тиешелүү ар кандай кырдаалдагы эмоционалдык маанайга окуучунун көзү менен карап, анын субьективдүү пикирин элдик тажрыйбаларга негиздеп жыйынтык чыгарышканы да жогоруда айтылган ойду тереңдетет.

«Этнопедагогика» эгемендүүлүккө чейин кыргыз педагогика илиминде өзүнчө илимий концепцияга ээ болуп, коомдун алдына суурулуп чыкпаса да,

кыргыз адабиятынан сабак берген практик мугалимдердин күнүмдүк жумуштагы аракетинде өз ордун татыктуу ээлеп, көркөм чыгармалардагы түрдүү образдардын ишин чагылдыруудан четте калбай, окуучуга улуттук адабий баалуулуктардын мазмуну катары республиканын жарандарын, өзгөчө жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо ишине активдүү катышып, кыргыз адабиятынын өкүлдөрүнүн классикалык чыгармалары аркылуу мекенчил, гуманист атуулдун моделинде жаш муундардын ажатын ачкан.

Кыргыз эли XX кылымдын акыркы он жылдыгында өзүнүн эгемендүүлүгүн алгандан кийин «билинбей жашап» келген «этнопедагогика» түшүнүгү өзүнүн башкысы маанисин тактап, илимий концепция катары коомдук аң сезимден өзүнүн туруктуу ордун талап кыла баштаган маалда улуттук педагогика илими ага теориялык баасын берүүгө киришти. Мурда бул проблемага кызыгып окумуштуулардын баары коомчулуктун алдына коюлган маселеге жооп берүүгө аракеттенишип, анын мазмунун реалдуу кырдаал менен аныктоого басым жасашкандыктан, кеңири эшиги ачылган дүйнөлүк илим-билим жана маданиятты өздөштүрүүнүн алдында өлкө жарандарынын иденттүүлүгүнө тиешелүү улуттук билим жана тарбия берүүнүн рух дөлөөттөрүнүн философиясын так аныктоого багыт алды. Ырас, алгачкы жылдары түрдүү көз караштар болду. Калк дүйнөнүн өнүккөн өлкөлөрүнүн катарында турууну каалаганы менен эгемендиктин духу көз карандысыздыкка байланышкан бир катар түшүнүктөрдү мамлекеттик саясатка кошуп, анын натыйжасында Ата журттун азаттыгын, өз алдынчалыгын, бөлүнбөс бүтүндүгүн, бакубат жашоосун камсыз кылуучу келечек муунду тарбиялоо идеясы көтөрүлүп, ал идеяны жетектөөчү коцепция катары «этнопедагогикага» токтолушту. Маселеге так жооп берүү максатында И.Бекбоев: «Этнопедагогика элдик педагогиканын үлгүлөрүн бүгүнкү күндүн талабына ылайыкташтырып окутуунун, тарбиялоонун мазмундарын аныктап белгилөөнүн жолдорун иликтөөчү илим» [Бекбоев И. Элдик педагогика деген эмне. // Эне тили, 1992, 14-апрель.] деген пикирин билдирет. Окумуштуулардын кээ бири «элдик педагогика» менен «этнопедагогиканы» эки башка түшүнүк катары караса, алардын айрымдары

экөө бир түшүнүк деген ипкирин билдиришет. Анын педагогика илиминде өз орду бар экени талаш жаратпаса да, терминдин тегерегиндеги пикир келишпестик, көпчүлүк элде бар экенин аны изилдеген адистер белгилеп жүрүшөт. Ал кыргыздарга жаңы доор менен кошо келбегендигин, ага болгон кызыкчылык практикалык мазмунда мурда эле аткарылып жүргөнүн биз жогору жакта мисалдар аркылуу жетиштүү деңгээлде түшүндүрүп бере алдык деп ойлойбуз.

Эми проблеманын теориялык жактан изилденишине келсек, кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуу маселеси эч бир жерде кеп болгон эмес. Ырас, этнопедагогиканын баланы тарбиялоо жумуштарына канчалык катышы бар экендиги, анын жалпы педагогикадагы орду, өзүнө таандык белгилери, коомдо аткаруучу кызматы, тармактары, анын бөлөк илимдер менен байланышы, практикалык маани-түшүнүгү, элдик педагогика менен жакындыгы жана айырмачылыгы, калыптануу системасы, улут тарыхында ээлеген орду XX кылымдын аягынан тарта жетиштүү изилдене баштаган. Мындай көрүнүш бизде эле эмес, демократиялык түзүлүштү кабылдаган бардык мамлекеттерде болуп, өз жарандарына азыркы коомдун талаптарына ылайык билим берүү максатында пайда болгон жагдайларды жөнгө салуу жолдорун издөөдөн келип чыкты десек болот. Кыргызстандагы абалды өз учурунда баамдаган А.Э.Измайлов «Элдик педагогика: Орто Азия жана Казакстан элдеринин педагогикалык көз караштары» [Измайлов А. Э. Народная педагогика: Педагогические ваззрения народов Средней Азии и Казакстана. – М.: 1991.] аттуу эмгегин жарыкка чыгарып жиберген. Бул эмгектин маңызы жөнүндө А.Муратов төмөнкүдөй пикирин жазат: «Борбор Азия, анын ичинде кыргыз, жалпы эле советтек этнопедагогикадагы бараандуу эмгектердин бири академик Азиз Измайловдун китеби болду. Ал салыштырма этнопедагогиканын принциптерине таянуу менен орто Азияда жашаган элдердин педагогикалык салттарындагы жакындыктарды жана бөтөнчөлүктөрдү көрсөтүү менен бул илимдин объектилерине типологиялык анализ жүргүзүүнүн методологияларын ачып берген, элдик педагогикалык көрүнүштөрдү илимий талдоодон өткөргөн жана тарыхый, улуттук көрүнүштөргө ошол мезгилдеги саясатка байланыштуу

жалпылоолорду жасаган» [Муратов А. Кыргыз эл педагогикасы: табияты, таралышы жана тарыхы. 1-китеп. – Б.: 2011, 8-бет.]. Андан кийин М.Р.Рахимова менен Панкованын [Рахимова М.Р., Панкова Т.В. Кыргызская народная педагогика. – Б.: 1993.], А.Калдыбаеванын [Калдыбаева А. Калык Акыевдин чыгармаларынын тарбиялык мааниси. – Б.: 1994.], А.Алимбековдун [Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. – Б.: 1997., Кыргыз элинин билим берүү салттары. – Б.: 2001.], С.Рысбаевдин [Рысбаев С. Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы. – Б.: 2006. – 364 б.], К.Кыдыралиевдин [Кыдыралиев К. Этнопедагогика – улуттук нуктагы таанып-билүүнүн жана тарбиялоонун булагы. – Б.: 2010 – 488 б.], ж. б. эмгектери жарыяланып, анда мурдатан калыптанган теориялык ойлор улантылып, алар өзгөчө тарбиялоо жумуштарына басым жасаганын белгилей кетели. Алар педагогикалык коомчулукка этнопедагогика жөнүндө маалымат берүүгө гана аракет кылбастан, аталган вазыйпанын билим берүүдөгү кызматын тактоо маанисинде бир катар изилдөө жумуштарын аткарып, белгилүү бир аспект боюнча илимий-теориялык ойлорун системалаштырып, ортого алып чыгышкан. Андай учурдун айрымдарына токтоло турган болсок, эгемендүүлүктөн кийин буга А.Алимбеков [Алимбеков А. Формирование у будущих учителей готовности к эстетическому воспитанию младших школьников на прогрессивных традициях народной педагогики: (на материале педвузов Кирг. ССР) Автореф. дис...канд.пед.наук: – М.: 1990. –с. 20.] биринчилерден болуп киришкени менен мурда калыптанып калган изилдөө салттарын улантканын көрүүгө болот. Андан соң ал традиция салыштырма мазмунда Т.В.Панкова тарабынан улантылып [Панкова Т.В. научно-педагогические основы сравнительной этнопедагогики. – Автореф.дис… док.пед.наук. –Б.: 2005. ], анда буга чейин талаш болуп келген бир катар көз караштар такталса, Р.Курманходжаева [Курманходжаева Р.И. Педагогические воззрения Чингиза Айтматова. – Автореф.дис…док.пед.наук. – Б.: 2002. – 30 б.], С.Рысбаев [Рысбаев С.К. Кыргыз башталгыч мектептеринде адабиятты окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү. – Пед.илим.док.дисс. автореф. – Б.: 2006. – 49 б.], А.Муратов [Муратов А.Ж. Көркөм адабий тексттердеги элдик педагогикалык ойлор жана аларды окутуу процессинде интерпретациялоонун

илимий-методикалык негиздери (Ч.Айтматовдун чыгармаларын мисалында). – Пед.илим.док.дисс. автореф. – Б.: 2010. – 38 б.], ж. б. кыргыз адабиятына байланыштырып кароо аракетин көрө башташкан. Изилдөө иштеринде проблемага талдоо жүргүзүүдө педагогика илимдеринин салттары толук сакталганы менен акырындап, этнопедагогикага басым жасалып, илимий көз карашка бир катар өзгөрүүлөр кире баштаганын байкоого болот. Ырас, маселени аңдаштыруу, анын объектиси балага болгон мамиленин өзгөрүүсү, кыргыз баласын «кыргызча тарбиялоого» таянуу аракеттерин байкалышы жаңы замандын талаптары бул жакка да таасирин тийгизе баштаганынан кабар берет.

## 1. 2. Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун илимий-теориялык жактан калыптанышы

Ала-Тоого кыргыздар эңсеген эркиндиктин келиши, биринчи кезекте эл-журт ыйык туткан идеялар – Ата Мекендин эркиндигин сактоо, баатырдык салттарды улантуу, улуттук дөөлөттөргө ыйык мамиле кылуу, эл-жер үчүн күрөшүү, улууларды сыйлоо, кичүүлөргө урмат көрсөтүү, элдик наасаттар жан дүйнөдө сактап, зарыл шартта жайылтуу, түрдүү ишенимге бир ыңгайдан кароо, диний ишенимге чектөө койбоо, көз караштын көп жактуу болушун колдоо, балага кысым көрсөтпөй билим жана тарбия берүү максатында бир катар талаптарды койсо, ал этнопедагогикага жүктөлдү. Бул айтканга оңой болгону менен маселени чечүүгө келгенде катуу тоскоолдуктарга учурады. Алардын биринчиси мурда калыптанган билим берүү системасын жаңы багытка буруу оңойго турган жок, ал тургай андан бери өткөн чейрек кылымдан ашкан убакытты ага аздык кылып жатат. Меселени жаңы коомдук түзүлүшкө карап чечүү бардык тармакка тиешелүү болсо да улуттук идея-дөөлөттөрдү реалдуу турмушка аралаштыруу милдети бир гана кыргыз тили менен кыргыз адабиятында турат. Анткени экинчи бир маселе, өнүккөн өлкөлөрдүн билим берүүсүн үйрөнүүгө багыт алуу – социалдык чөйрөгө тездик менен аралашкан рыноктун мамилелерге ыңгайлашуу, билим берүүнүн бир багытын ушул жакка буруу, кыргыз жаштарын бакубат жашоого үйрөтүү, азыркы инсанга тиешелүү

ыйык дөөлөттөрдүн ээси болууга үндөө, жеке кызыкчылыктарын коргой алууга көндүрүү, өзү үчүн кызмат кылууга көндүмдөрдү калыптандыруу, ж. б. татаал маселелерди Кыргызстандын билим берүү тармактарына алып келди. Алар кыргыздын коллективизмге негизделген улуттун билим берүү идеяларына кээ кырдаалдарда туура келсе, айрым багыттар боюнча карма-каршылыкты түзүп, этнопедагогикалык негизде билим берүү саясатына бир катар кыйынчылыктар түзгөнү белгилей кетишибиз керек. Мындай шартта өлкөдөгү коомдук илимдер, ага таянган социалдык чөйрө толугу менен өнүккөн өлкөлөрдө калыптанган билим берүү багытын колдогондуктан, орто жана жогорку билим берүү мекемелеринде этнопедагогикалык негизде окутуу проблемасы бир гана кыргыз тили менен адабиятынын «объектиси» болуп, элдин көпчүлүгү балдарын четтен окутууга аракет кылып жатканы байкалат. Доор алмашкандан тартып мындай иштер Кыргызстандын булуң-бурчундагы билим берүү мекемелерине бардык жагынан аралашып, педагогикалык жамааттын көпчүлүгү сырттан келген түрдүү долбоорлорго катышып, окуу системасын бардык жагынан инновациялоо аракетин көрө баштаган маалда кыргыз улутун сактоо милдети кыргыз тили менен кыргыз адабиятына жүктөлсө, аны бир гана этнопедагогикалык негизде окутуу аркылуу чечсе боло тургандыгы аныкталып отурат. Ырас, муну кайра артка кетүү катары кабылдаган окумуштуулар болушу мүмкүн, бирок кыргыз калкы ушундай билим жана тарбия берүү ык-усулдары менен канчалаган кылым өзүнүн уул-кыздарына билим жана тарбия берген болсо, ал коомго канчалык деңгээлде пайдасы бар экенин далилдеп, кандай учур болбосун маанисин жоготпой турганын буга чейин эле көрсөтүп таштаган. Анын өрнөгүн, мекенге берилген каармандыкты канына сиңирип, «азаматка алтымыш өнөр аздык кылат» деп, «устаранын мизинде оодарылган замандагы» (Арстанбек) түрдүү кубулуштарга даяр инсандык сапаттарды калыптандыруу, жашоого керек билимди ээрчитип жүрүп үйрөткөн бабалардын билим берүү салтын кайрадан жандандыруу керек болууда.

Этнопедагогика десе эле өткөн кылымдардагы билим берүүнү эңсеп, ошого кайрылууну сунуш кылып жаткандай кабыл алуусу мүмкүн. Эгер андай ой болсо, андан анын өзү таптакыр туура эмес, себеби жаңы замандын

кызыкчылыгын окутуунун эски жолдору менен ишке ашырууну эңсөө акылга сыйбаган көрүнүш болот. Бирок ар бир журттун эл катары калыптануусуна маанилүү кызмат кылган билим берүү системасы боло турганын, анын үлгү болчу жактарын пайдаланмайын ал эл өсүп-өнүкпөстүгүн далай калктын «баскан жолу» далилдеп берүүдө. Дүйнөлүк салты бар андай элдерге кытай, япон, корей, араб, индус, фарсы, грек, испан, герман, роман, ж. б. мисал катары келтирүүгө болот. Ал элдер деле коомдун өзгөрүүсүнө карата «инновациялык кубулуштарды» кубулуштарды кабыл алып жатканы менен өздөрүнүн байыртан келаткан салттарын туруктуу сактап, жаңыны кабыл алса ошол улутту тарбиялоо идеясына канчалык туура керээрин тактап, каршы келбестигине так жооп алганда гана баланын турмушуна керек деп эсептеп, анан жалпыга жайылтканы азыр баарыбызга белгилүү болду го. Алдына карай жылуу үчүн ата-баба калтыргандын болгон-бүткөнүн тануу акылга сыйбастыгын, тескерисинче социалдык-маданий генетикага тура келчү жагын карап, элдин менталитетине доо келтирбей турган жагына басым жасап, балдардын эртеңкиси үчүн терең ойлонуп, журттун кызыкчылыгына байланган элдин билим берүү принциптерин сактап, өлкөбүздү өнүктүрүү үчүн тикесинен тик туруп күрөшүү идеясын улантуу зарылдыгын даана сезе баштадык. Албетте эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары көз карандысыз болгонубузга «жүрөгүбүз элжиреп», кол созсок эле өнүккөн өлкөлөр ыйык санаган билим жана таалим-тарбия берүүнүн пайдубалын Кыргызстанга «ташып келе калчудай» карадык. Бүгүнкү абал биз андан эмне утушка ээ болуп, кандай жоготууларга учураганбызды толук ачып берди, б. а. алган билим ата журттун алдында жоопкерчиликти сезүү – калайык журттун боштондугун көздүн карегиндей сактоо, улуттун эртеңки тагдырына милдеттүү мекенчил болуу, улуттук дөөлөттөргө урмат көрсөткөн улан-кызды тарбиялоо Кыргызстанга аба менен суудай керек болуп турат. Андай идеяны сырттан ташып келүү мүмкүн эместигин бүгүнкү күндө даана сезсек, ал бир эле кыргыз тили менен кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу керектигин актуалдуу маселе катары эл алдына көтөрүп тим болбостон, улуттук менталитетти сактоо үчүн өлкөдөгү билим берүү системасын ушул багытка өткөрүү жагын да козгойт. Экинчиден, кыргыз жашоосуна терең аралашкан

рыноктук мамилелер адамга билим патриоттук идеяларды чакырык катары сунуш кылган таалим-түшүнүктөрдү жаттап билүү үчүн эмес, күнүмдүк жашоо-тиричиликте кор болбой жашап кетүү философиясын калыптандыруу экенин көзгө сайып даана көргөздү. Өзүнүн тарыхый баскан жолунан алсак кыргыздын этнопедагогикасынын алдына койгон миссиясы ушул болчу.

Айтканда одоно, укканга ыңгайсыз болгону менен аны кыргыз эли «заманың бөрү болсо, бөрү бол, түлкү болсо, түлкү» деген сыяктуу макалдар менен билдирип турган. Муну дагы тереңдетип, кыргыз эли бир макал менен берген идеяны азыркы абалга таянып түшүндүрсөк, калкыбыздын бүгүн азап чеккен жашоосунун маңызы, Мекенин таштап башка жерлерге барып иштеп акча табууга кызыкдар жаштардын күч алышы, элдин ынтымагын, улут биримдигин, кыргыздын даанышмандык көрөңгөсүн танып, кыйын-кезең кырдаалда ата-энесин таштап, жеке тагдырына «кам көрүп», бөлөк элге кетиши кимди болбосун ойго салбай койбойт. Мындай жашоо философиясы кайдан, кантип келгенине баам салсак, андай көз караштын кыргыз турмушуна тездик менен аралашуусуна себеп көп болсо да, алардын бир катары Кыргызстандын билим берүү системасын улуттук кызыкчылыктан ажыратуу, б. а. тыштан келген билим берүүнүн ык-усулдарына таасирленип, аларды жаңычыл форма катары жайылтуу аракетин көрүп, кыргызды кылымдар бою сактап келген элдик педагогиканы «эскирген» деп, бөлүп окуу процессинен четтетип койгондо турат. Чынында этнопедагогикада үлгү болчу сабактар өтө эле көп, аларды балдардын турмушуна аралаштырмайын кыргыз баласы чабал, жеке кызыкчылыгынан башканы ойлобогон, эл-журт, эне-атанын алдындагы жоопкерчилигин сезбеген, кайда барса күнүмдүк турмушу жеңил болушун гана ойлогон, патриоттук сезим болбогон, айылда тиричилик кылганга караганда бөлөк жерде көчө шыпырганды көздөгөн (эмгек акысына карап), акчадан бөлөктү эңсебеген өзүмчүл болоорун турмуш чындыгы ырастады. Мындай көрүнүш калайык-калк улам күчөп баратышы азыр окуу процессин кыймылдатып жаткан билим жана тарбия берүүнүн кем-карчын «бетке чаап» көрсөтүп, кийинки муундун ойлоого аргасыздык түзүп, бүгүн жабыр тарткан ата-эненин алдында жооп берүү керектигин окумуштуулардын алдына маселени ачык эле көтөрүп жатпайбы.

Бирок коомдо кетип жаткан андай мүчүлүштөр анын кайдан келип чыкканын ар тараптуу таразалоо, объективдүү жана субъективдүү жактарына реалдуу баа берүү менен маселенин ички өзөгүн таап, эгер бөлөк себептери болсо, ага үңүлө карап, башка элден «көчүрүп келген» билим берүү концепциясы менен парадигмалары кыргыз баласына канчалык сапаттуу билим тартуулаганын факты-мисалдар менен далилдеп берүү маселеси да көңүл чордонуна келет.

Кыргызстандагы азыркы абалга реалдуу караганда кыргыз баласына учурдагы жашоо-турмушка керек билим берген өзөктүү парадигма табыла элек. Ырас, бул дегендин баарын кыргыз жергесине практикалап көрдүк, бирок бири дагы өлкөдөгү бардык социумдун кызыкчылыктарын канааттандырып, рыноктук мамилелерде өнүккөн өлкөлөр менен теңтайлаша турган билимди бере алган жок. Бирок чейрек кылымдын ичинде бир нерсени түшүндүк окшойт, ал кийинки урпактарга берилчү билим кабыл ала койчу «маанилүү компания» эмес тура. Ал өлкөнүн түбөлүк жашоосу үчүн кам көргөн, андан бир өзүнө керектүү идеясын алып, социалдык чөйрөдө идеяны колдонуу менен балдарынын аң сезимин тарбиялоого – улуттук туунун алдында биригип, бир тарыхтан чыкканын түшүнүп, биримдик идеясын туу тутуп, калкынын ийгилигине кубанып, акылман сөздүн таасиринде жашап, кысталыш болсо улут негиздеген накыл сөз менен наасатка токтолуп, дилиндеги кыйынчылыкка байыркы акыл-эстен жооп таап, жан дүйнөдөгү психологиялык «бороон-чапкындарды» биргелешип чечкен ык-усулдардын керектигин ачыктады. Анткени азыр ар бир баланы инсан катары таануу, анын субъективдүү көз карашын эске алуу менен билим жана тарбия берүүгө аракет кылган окуу процесси адамды коомчулуктан бөлүп, башта бир бөлмөдө (боз үйдө) бирге чоңойгон кыргыздын уул-кыздарынын ортосуна чек коюп (ар бирин өзүнчө субъекти), айтчу пикирин билдиргенде (башкаларды түшүнүүгө эмес) оюн таңуулаганга үйрөтүп, жеке чыгарган көз карашын туура дегидей инсанга багыттап окутуу концепциясы бардык окуу жайларда окутуунун негизги ык-формасы катары орун алды. Дал ушундай кырдаал кыргыз улуттук билим берүү системасында болуп, бири-бири менен чырмалышкан дүйнөлүк алака-катыш күчүнө кирген маалда биздин балдар окуусун улантканы чыкканда өзү өсүп-өнгөн жерине кайра келем деп кырдаалды аңдаштырбастан, андан ары

келбес жагын көздөп, Америка, Европа болбой калды дегенде, Кытай, Түркияны эңсеп, «айылдан алган сапар кайда кеткени билинбей» белгисиз бир жолго багытталган отуз жылдык жашоо кыргыз элдин дагы далай жолу акыл калчап, көйгөйдү түз карап, «ийри отуруп» маселени чечүү зарылдыгын күн тартибине коюуда. Алдыда турган мындай проблеманы туура чыйырга салуу аракети кыргызды далай алааматтан аман-эсен сактап келген этнопедагогиканы аңдаштырып, азыркы кырдаалга карата окутуу принциптерин, ык-жолдорун иштеп чыгып, калкка кайрадан берүү учур талабына туура келет.

XXI кылымда көп элдер жок болуу коркунучунда турат, мындай имиштердин арасында кыргыздар да бар. Бул кеп жөн айтылбаса керек, анын артында далай күүгүм ойлор турса, баары бир булакка келип такалат, б. а. кыргыз баласы жыл өткөн сайын төл сөздөрүнө түшүнбөй, айылдан узаар менен орус тилине муктаждыгы жогорулап, адабий китептер мындай турсун окуу китебиндеги тексттерди түшүнө албай, турмуш чындыгы менен билим-тарбия бирикпей, инсанга багытталган окутуу парадигмасы Батыштын фонунда калып, тил менен адабияттан башка турмушка керек билимдин баары нукура эне тилинде болбой (которулуп) жарандын андан аркы келечеги бүдөмүк боюнча калышы окуу системасына элдик (этно) педагогиканы кайтарып келүү зарыл экенин ачыктап отурат. Маселен, эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында И.Бекбоев элдик педагогикага түшүндүрмө берип келип: «Ал эми элдик педагогиканын жоболору болсо көбүнчө конкреттүү бир элде, конкреттүү аймакта, конкреттүү улутта гана өз жемишин жакшы бере алат» [Бекбоев И. Элдик педагогика деген эмне. // Эне тил, 1992, 14-апрель.] дегени бар, бул туура, өнүккөн өлкөлөрдүн бири дагы билимди этнопедагогикалык негизде берүүгө муктаж эмес. Анткени алардын шартында мындай көйгөй жок болгондуктан, алардын салты, тили, маданияты жана экономикасы өзүнөн-өзү алга жылып баратса, алар эне тилинде окутуу жумуштарын мындан бир нече кылым мурда жолго коюп алган болсо, улут катары жок болуп кетүү коркунучу турбаса, анан өткөн ишке көңүл буруп, убакыт кетирбей алга жылуу акыл-эстин иши эмеспи.

Билим берүүдө этнопедагогикага басым жасагандардын баары эртең жок болуп кетүү коркунучун сезген элдерде экени байкалат. Ошондуктан буга

биринчилерден болуп киришкен Г.И.Волков аны улуттун сакталышына кам көргөн билим берүү системасы экенин бардык жагынан далилдеп, салттуу педагогикага жакындыгы менен айырмачылыгын түрдүү шарттар менен көрсөтүүгө жетишсе [Волков Г.Н. Этнопедагогика. Учебник для студентов средних и высших педагогических заведений. – М.: ACADEMA, 2000, 3 – 12-беттер.], калк арасында катылып жаткан нарк дөөлөтүн кайрадан окуу системасына кечиктирбей кайтарып келүү кыргыз окумуштууларынын милдетине кирет. Этнопедагогикалык негизде тарбия берүү кандай болоорун кыргыз педагогдору XX кылымдын 20-жылдарынан тарта түшүнүп, 60-жылдарынан бери карай изилдеп, түрдүү объектиге таянуу аркылуу илимий-теориялык баасын берген окумуштуулар – А.Э.Измайлов, И.Б.Бекбоев, М.Р.Рахимова, Т.В.Панкова, А.Т.Калдыбаева, А.А.Алимбеков, С.К.Рысбаев, А.Ж.Муратов, ж. б. өз эмгектеринде системасын түзгөн болсо, анын негизинде окутуу маселелери эми-эми колго алына баштады десек болот. Улуттук педагогика илими «каркасын» түзүп койду дегенибиз менен аны эл турмушуна аралаштыруу – этнопедагогиканын башталгыч класстардан тартып, жогорку билимге ээ болгонго чейин кайсы дисциплина эмненисин үйрөтө турганын тактоо жана баланын жаш курагына жараша предметке жайгаштыруу (1); ар бир сабактан кийин кыргыз жараны кандай көндүмгө ээ болушун аныктоо (2); балага кыргыз кантип билим бергенин билип, алардын кайсы ык-усулдары бүгүнкү күнгө туура келээрин практикалык тажрыйба аркылуу бөлүп көрсөтүү (3); окутуу формасынын кайсыл түрү бардык сабактарга жарап, окуучунун турмушуна кандай жардам көрсөтүүгө карата мүмкүндүгүн тастыктоо (4); ал эми кайсы ык-усул бир гана сабактын чегинде билим жана тарбия берүүсүнө да реалдуу турмуштук чен-өлчөмдөн карап, маанисин аңдаштыруу (5); баланы изилдөөнүн объектиси катары алганда анын инсандык социалдашуусуна кылган кызматын практикада тыкыр текшерүү (6); ж. б. проблемаларды конкреттүү сабактын «казанында кайнап» ачуу – кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу ыңгайын башкы планга көтөрөт. Ырас, маселе жеңил эмес, алды менен аткарылчу жумуштун токтолсок, жасалчу иш чаралар белгилүү өлчөмдө такталып, максатты кандай койсо натыйжалуу болоору көп элдерде, анын ичинде

Кыргызстанда да окумуштуулар тарабынан теориялык мазмунда аныкталып, ал тургай ык-усулдарына чейин системалаштырылып, теориялык мазмунда тигил же бул багыттар боюнча аңдаштырылып, жалпы маселелери жолго коюлуп калганы менен алардын баары практикада өз баасын ала элек. Маселе толук колго алына элек болгону менен окумуштуулар арасында анын актуалдуулугун туура түшүнүп, аяр мамиле кылуу менен практикада колдонуу аракетин көргөн методист-окумуштуу – С.К.Рысбаев, ал эми практик мугалимдер – Б.Батыркулов, А.Сманбаев, Б.Исаковдор болуп эсептелет. Булардын ичинен Б.Исаков өз сабактарын толук бойдон кыргыздын этнопедагогикасына негиздегени менен айырмаланат. Эгер кыргыз балдарынын өз улутуна кызмат кылуусу керектүү маселе болсо, анда Б.Исаковдун сабактарын колдонуу иштерин жүргүзүп, кайсы ык-усулдары азыркы билим берүүнүн талаптарына жооп берет, ал эми кайсылары колдонууга жараксыз экенин тактап чыгуу да зарыл маселелердин бири болууда. Булардан тышкары этнопедагогикалык кыргыз адабиятын окуткандар кездешет, бирок алар педагогикалык коомчулук тарабынан колдоо таппагандан кийин андан-ары бул жумуштарын улантканы байкалбайт. Өз элинин келечеги кайдыгер карабаган адамдар проблеманы тереңден карап, бардык класстар боюнча бирдиктүү системасын, ал тургай башка предметтерди ушул негизде окутууга жол салып берсе, гана калк арасында унутулуп бараткан «турмушка даярдоо мектеби» калк жашоосуна кайрадан кайтып келээри бышык. Биз үчүн улут тагдыры маанилүү, анын эртеңкисин ойлогондо республиканын бүгүнкү билим берүү идеясы этнопедагогикалык негизде окутууга маани берип, аны предметтер ортосундагы ички монолиттүүлүгүн чыңдоонун фактору катары кабыл алганда гана кыргыздын тарбиялоо ишмердиги идеологиялык жактан фундаменталдуу келип, элдин келечегин терең туюнган урпактарды тарбиялай алмакпыз.

Предметтин философиясынын туура коюлушу баланын турмушка керек билимге ээ болушу менен өлчөнө турганын элдин турмуш-тиричилигине толук аралашкан рыноктук мамилелер аныктады. Ал билимдин канчалык сапаттуу экендигин сабактын мазмунуна, предметтин түзүлүшүнө, кандай идеяларды камтыганына карата аныктабастан, андан алган билим баланын жашоосуна

канчалык кызмат кылып жатканына ориентир жасап, анын мазмуну канчалык баалуу экенин да социалдык кызыкчылыктарга калтырып, андан чыккан натыйжаны компетенция аркылуу өлчөп, таалим-тарбиялык касиетин башка жарандарга жасаган активдүү жашоо аракетинен кабылдап, ал эми анын наркын социалдык атаандашуу чече турганын бизге мамилелердин зарылдыгында көрсөттү. Билимдин мазмунуна ушул өңүттөн карасак, бир мезгилде сылык, ийкемдүү, ар бири өз ордун билген, элине күйүмдүү, ишке баш-оту менен берилген, эмне жасаса «майын чыгара» аткарган, айтылчу ойду жарым сүйлөмдөн түшүнгөн, кептин «кусуру урат» деп, «сөзгө сараң, ойго терең» болууга дайыма аракеттенген билимди кыргыз педагогикасына негизги концепция катары алып келүү керек. Бул ойдун учугун чубаган адис өзү эле түшүнүп турат, жогорку класстын окуучулары мектепти аяктагандан кийин турмушка даяр болуш үчүн кыргыз адабияты сабагынан алган билим социалдык керектөөсүн канааттандыруусу зарыл. Эгер проблеманы билим берүүнүн мамлекеттик стандарты менен байланыштырсак, кыргыз адабияты жаштарга жашоо-тиричиликке керек көптөгөн компетенция калыптандырууга милдеттүү экени байкалат. Анткени кыргыз адабиятын этнопедагогикага негиздеп окутуу менен азыр коомчулукта пайда болгон бир катар проблемаларды чечүүгө болот, б. а. адам баласы үчүн эң керек маселе жарандардын өз пикир алышуусунда бири-бирин «жарым сөздөн түшүнгөн» байыртан келе жаткан кыргыздын кеп түшүнүү маданиятын калыбына келтирүү зарылдыгы турат. Муну кыргыз адабиятын орто мектепте окутуу аркылуу турмушка ашырса боло турганын баарыбыз билебиз, бирок ал жумуштарды кандай аткаруу сапаттуу натыйжа берүүсү мүмкүн экендигине келгенде бир катар талаш ойлор пайда болоору белгилүү. Ошондуктан, биз бул боюнча этнопедагогикалык негизде окутуу көйгөйдү туура жолго коюуга жардам берет деген көз караштты жетекчиликке алып, анын айланасында маанилүү иш чараларды түзүү керектигине басым жасасак, алды менен ага байланыштуу кандай иштер болгонуна токтолуу маселеси көтөрүлөт. Албетте бул иш биз тарабынан биринчи жолу колго алынып жатпагандан кийин буга чейин аны кандай жолдор менен жүзөгө ашырса натыйжалуу болушу мүмкүн экендигине карай бир катар концептуалдуу иштер

аткарылганын жогоруда белгилеп кеттик. Ага байкоо салгандар өздөрү эле сезип турса керек, буга чейин этнопедагогикага кайрылгандар окутуу маселесине эмес, тарбиялоо маселесине басым жасашып, кандай кылса кыргыздын жаштары өз улутуна таандык адамдык сапаттарга ээ болушу мүмкүн экендигин тигил же бул проблемага байланыштырып караганын көрөбүз. Бирок көбүнчө тарбиялык иштерге басым жасап, кайсы чыгармалардан эмне тарбия алышы мүмкүндүгүн далилдөө максатында аткарылган иштер окуучунун турмушуна керек билимдин ордун түзүп берүүгө салым кошконун белгилей кетели. Алар кыргыз адабиятын каражат катары алып, анан андан тарбия берүүнүн куралдарын таап, керек болгон жерде бөлүп көрсөтүп, кандай максатта колдонуу маанилүү болоорун белгилеп, тарыхый маанисин изилдөөлөрүндө көрсөтүшкөнү менен кыргыз адабиятына тиешелүү ошол факты-материалдарды кантип окутса, кандай натыйжа берээрин так көрсөтүп, баланын жаш өзгөчөлүгүнө жараша үйрөтүү жолдорун далилдеп бербегени проблеманын толук иштеле электигин туюндурат. Алардын көбү элдик педагогикага жана фольклорго басым жасап, гуманитардык билимдерде этнопедагогиканын ролун аныктоого кызыгышканы менен анын негизинде окутуу жолдору кандай болушу керектигин ачык көрсөтө алышпаганы, алса да деңгээлинин төмөндүгү маселенин ичине терең сүңгүп кирбегенинен кабар берет. Этнопедагогикалык негизде окутуунун атайын багыттары иштелип чыкпагандыктан, көркөм адабият менен башка дисциплиналар кайсы маселеде байланышып, алардын инсанды калыптандыруу концепциясына элдик адабий мурастар кандай кызмат кылышы мүмкүн экендиги толук такталбай, жаранга жашоосуна керек компетенцияны кандай жолдор аркылуу жүзөгө ашыруусу мүмкүн ушул мезгилге чейин аныкталган эмес. Ошондуктан кыргыз адабияты азыркы жаран үчүн кайсы жагынан турмушка «керектигине» өзү да так жооп бере албайт, бирок ага кайрылгандын баары ички туюму боюнча аны окутуу зарыл экенин билет. Азыркы билим берүү стандарттарында кыргыз адабиятынын аткарчу кызматынын мааниси ачык жазылбаганы менен тилди турмушта колдонууда керектелүүчү бир нече компетенция баланын өзүндө адабий чыгармалар аркылуу калыптана турганын эсепке алсак, анда анын жарандык коомдо аткарчу милдети өзүнөн-өзү көрүнөт.

Учурда билим маалыматтарды билдирүү эмес, жашоодо колдонууга зарыл компетенция экенин азыркы педагогикалык коомчулук бамдап калган шартта адабий чыгарманы окутууга карата мамиле кылуунун максатын да өзгөртүп, адабиятка тиешелүү сабактарда окутчу факты-материалдын мазмунуна карай мамилени да жаңылоону окутуу иштеринин өзүнө тапшырып отурат. Ырас, азыр окуучуга карата мамиле таптакыр башкача, б. а. адабияттын көркөмдүк наркы, таалим-тарбия берчү касиеттери менен бирге ал балдарга өз эне тилинин прикладдык табиятын – чөйрөдө керектелүүчү кыргыздын элдик оозеки кебин, сүйлөм куруу маданиятын, кепке түшүнүү кудуретин, текстти колдонуу позициясын, айтылчу ойдун «ордун», кайда сунушталганын, кандай мазмунда элестүүлүктү түзгөнүн, кеп-сөз кимге арналганын, какшыкпы, шылдыңбы, же олуттуубу, оюн кандайча бергенин билүү көндүмдөрүн үйрөтүү миссиясын кыргыз адабияты сабагына жүктөлүп жатат. Мындан башка бир дагы предмет андай маселени чече албастыгын турмуш чындыгы ырастады. Кыргыз балдары буга чейин билим деп далай маалыматтарды жөн эле окуп келгендигин, жарандын бардык керектөөсүн өз деңгээлинде аткарган көндүм гана билим деген түшүнүккө туура келээрин биз эми кредиттик технология өткөн маалда жакшы билсек, аны сапаттуу ишке ашыруу кыргыз адабияты үйрөтө турган чыгармалардын мазмунунан эл турмушуна пайдалануучу окуу материалын тандоо, ыгы келген шартта эл арасына колдончу түрдүү каражаттардын маанисин аныктоо, кептин көркөм-эстетикалык кудуретин көрсөтүүчү позициядан кырдаалды баалап, окуучу оюн так, ишенимдүү, жагымдуу жана элестүү жеткирүү жолдорун окутуу формасына айландырууну издөө керек болуп жатат. «Жылуу сөз жыланды ийинен чыгарыптыр» дегендей, таасирдүү сүйлөө, сөздүн маанисин ажырата билүү, кепке карата адам деңгээлин аныктоо, жаранды сүйлөө маданиятына карап баа берүү, колго алынбай келген кыргыздын «сөзгө конок берип», ыктуу айтылган «сөзгө жыгылганын» коомго, эл арасына, социалдык чөйрөгө кайра алып келүү, «мен кыйынмын» деген позициядан «жети өлчөп, бир кезген» абалга өтүү, бала менен ата-энени каршы койгон көз караштан улууну сыйлоо, кичүүгө урмат көрсөтүүчү ийкемдүү мамилелердин катышындагы инсанды тарбиялоо концепциясын окуу процессине кайтаруу

зарылдыгы турат. Ата журтка кайрымдуу, эне-атага күйүмдүү баланы тарбиялоо кызыкчылыгын инсанга багыттап окутуу парадигмасы менен айкалыштыруу бүгүнкү күн үчүн өтө маанилүү болуп турат.

Маселени ушул жагдайдан иликтөө - буга чейин окуу процессинде натыйжага ээ болгон бардык окутуу формаларын, ык-усулдарды жогорку класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууга буруу – адабий билимдин мазмунун баланын социалдык керектүүсү менен байланыштыруу, адабий образды анализдөө аркылуу турмушта кандай кемчилдиктер кетиши мүмкүн экендигин таап, ага туура мамиле кылганды үйрөнүү, ким менен пикирлешкенине карай элдик салттарды кармоо, кептин «төркүнүн» түшүнүп, ага ылайык жооп берүүгө жетишүү, адамды «сөзүнөн баалап», позициясын билүү сыяктуу маселелерди практикадан өткөрүү аркылуу көндүмдөрдүн окуучуда калыптанышына ар бир сабакты милдеттендирет. Мунун канчалык маанилүү экенин социалдык чөйрө да, илимий коочулук да жакшы билет. Бирок теңдик менен жаңыланып жаткан билим берүү системасынан анын ордун таасын айкындоого келгенде бир топ кыйынчылыктар болуп жатат. Буга баланын инсандык керектөөсү аркылуу караганда этнопедагогикалык негизде окутуу маалымат каражаттарынан (интернет аркылуу) алган Батыштын жашоо образына, б. а. ага таасирленген окуучунун ички сезимдери менен дал келе бербей, «эскини» аларга сунуштап жаткандай болуп жатканы байкалат. Ушул карама-каршылыкта окуучуну алданбай, адам катары өз мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен сергек ойлонууга чакырык таштоочу критерийлерди иштеп чыгуу да кыргыз адабиятына жүктөлүп отурат. Кыргыз адабияты сабагы бул көйгөйдү туура чечүү үчүн этнопедагогиканын бардык ык-усулдарын окуу процессинде пайдаланып, алынган натыйжа катары кыргыздын уул-кыздарын элине, «эл ичинде өзүнө» кызмат кылуучу билим берүү максатын өз алдына коёт.

Максат го максат, аны ишке ашыруунун өзүнө таандык кенемтелери бар. Биринчиси, азыркы учурда маалыматтык технологияларды жаштар арасында колдонуу күч алып, ага каршы иш жасоо мүмкүн эмес абалга келдик, анын оң жана терс жактарын көрсөтүү жумуштарынын колго алынбай жатышы, «Манас»

башында турган кыргыз элинин адабий-эстетикалык дөөлөттөрүнүн мазмунун жакшы үйрөнүүгө тоскоол болуп, ал турмушта улуу муун менен балдардын ортосунда келишкис позицияны түзүп, баланын социалдык кызыкчылыгы менен коомдук керектөөнүн ортосунда түшүнбөстүктү жаратып, кыргыз баласы эртең ким болот деген суроого туура жооп табууга келгенде ар бир педагог-адис окутуунун түрдүү жолдорун сунуштаганы менен алардын бири дагы проблемага жеткиликтүү чечим чыгара албай, кыжаалат абалда калып отурабыз. Бул жерде биз маселени этнопедагогикалык негизде окутуу чечет дегенибиз менен социалдык чөйрөдө тез өркүндөп келаткан түрдүү маалыматтык технологиялар баланын жалпы кызыкчылыгын тез темп менен ээлеп, методисттер ойлонгуча окуучунун психологиясын «массалык глобализацияга» жетелеп кетти.

Экинчиси, баланын кызыкчылыгын ааламдашуу доорунан ажыратпашыбыз керек деп маселеге «теориялык жактан» баа бергенибиз менен элдин жашоо-турмушу тээ илгерки замандардай эле кепке болгон муктаждыгынан ажырай элек. Маанисин ача түшүндүрсөк, интернет аркылуу адамзат жаңы доорго киргени менен жашоодо кептин, адамдар арасында сүйлөшүүнүн ролу жоголбой, тескерисинче жаштардын ага болгон муктаждыгы күн өткөн сайын жогорулап барат. Мындай абал күчөсө эртең эмне болобуз деген элдер интернеттен маектешүүнүн «маданиятын» иштеп чыгышып, аны окуучусуна керек идеялар менен толуктап, ал тараптан дагы бала тарбиялоонун мүмкүнчүлүктөрүн таап, улуттук асыл нарктарын сүрүп бараткан «ааламдашуунун» алдынан тосо чыгып, кийинки муун керектөөчү коомдук-социалдык, моралдык-этикалык, руханий-нравалык байлыктарын өз тилинде окуп-билип, көрүп-түшүнгүдөй мүмкүнчүлүк түзө алды. Интернетти колдонуп жатабыз дегенибиз менен биз XX кылымдын II жарымындагы абалыбыздан алга жыла элекпиз, бул реалдуу турмушубуздагы чындык. Ошондуктан, кыргыз баласынын кепке болгон социалдык керектөөсүн (коммуникативдик компетенциясын) байыртадан келип жеткен билим берчү этнопедагогикалык усулдар – аңгемелешүү, кеңешүү, түшүндүрүү, ишендирүү, талап кылуу, кеңеш берүү, үйрөтүү, көрсөтүү, өтүнүү, буйруу, жатыктыруу, үлгү болуу, бата берүү, мазактоо, алкыш айтуу, жалбаруу, сөгүү, күнөөлөө, айыптоо, жазалоо, каргоо [Сейткулов Н. А. Казак этнопедагогикасындагы бала жасына

карай кезеңге бөлүүнүн илимий-педагогикалык негиздери. – педагогика гылымынын докторы гылыми даражасин алу үшүн дайындалган диссертациянын автореферaты. – Түркстан, 2010, 20-бет.], ж. б. көчмөн элдер иштеп чыккандарды пайдалануу зарылдыгы турат.

Үчүнчүсү, казак окумуштуусу Н.А.Сейткулов этнопедагогиканын усулдары катары караган түшүнүктөр кыргыздарда кеп аркылуу аныкталуучу коомчулук менен баланын ортосундагы мамиле экенин эстен чыгарууга болбойт. Келтирилген «усулдар» - биринчи кезекте балага кеп маанисин билип-түшүнүү боюнча коомчулуктун сөз арасындагы ойду кабылдоо аракетинде турган адамдык кудурет, эл аралык мамиледе «дүйнөлөшүүгө» бараткан эртеңки инсан, келечек муун турмушунда дайыма кездешүүчү мамилелер экенин, б. а. жашоосун «Фейсбук», «Одноклассники», «Твиттер» ж.б. социалдык түйүндөрсүз элестете албаган кыргыз баласы да калк арасында туруктуу жашаган андай кырдаалдан кутула албайт. Жогорку класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу мына ушундай шартта турган, турмуштун жогоруда аталган кырдаалындагы кыргыздын «кептешүүсүндөгү» абалда сөзгө түшүнбөй шылдыңга кабылбоочу кептик коммуникативдик компетенцияны ар бир окуучуда калыптандырышы зарыл. Анткени азыр мектепте андай милдетти аркалап жиберүүчү тил менен адабияттан башка предмет жок, ошондуктан элдин эртеңки келечегин ойлогон ушул сабактар анын жүгүн ойлонбой алышы керек. Коомдук турмуштун өзөгү таптакыр жаңырды, аны интернетсиз элестетүү мүмкүн эмес, мына ошондой шартта «байыртадан көчмөн турмушка көнүп калдык эле» деп окуучуларга үлгү болчу (инновациялык) сабактардын убактысын манас угуу, ыр-күү тыңшоо, улуттук оюндарды ойноо менен өткөрүү, ошону менен балага идеттүүлүгүн таанытуу, элдин азыркы проблемаларын этнографиялык буюмдарды көрсөтүү аркылуу түшүндүрүү баланын кыжырын келтирбесе, маселени чечпейт. Анткени жашоонун «жыргалын» түнкү клубдарда, ресторан-кафелерде чет элдик эстрада жылдыздарынын ырларынын ыргагында бийлөө менен байланыштырган кырдаал-шартта окуучуларга керектүү билим бериш үчүн кыргыз элинин кылымдар бою колдонуп келген байыркы салттарына «түптүз барып урунуу» туура болбойт, б. а. аалам менен

интеграцияланып бараткан кыргыз баласына «Манас» эпосун, кыргыздын классикалык фольклордук адабий дүйнөсүн, төкмө акындардан калган изги насыяттарды, андан берки акын-жазуучулардын чыгармаларындагы оң адептик сапаттар, турмуштук мамилелердеги социалдык жана психологиялык орчундуу проблемаларды ачкан көркөм ыкмаларды, көркөм аңдаштыруу менен ойду туура кабылдап, логикалык жактан түшүнүктүү жеткирүү жолдорун жаңыча үйрөтүү керек, ар бир окуучунун жан дүйнөсүнө сиңирүүчү окутуу формасын, ык-усулдарды табуу керек.

Мына көйгөй ушул жерде, мектептерде кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун методологиясын аныктоо - балада күн сайын болуп жаткан турмуштук проблеманын жообун издөө, массалык маалыматтарга «камалган» балалык романтиканы эркиндикке чыгаруу, башкаларды «ээрчиме дүйнө таанымдан» эркин жана сынчыл ойлоого багыт берүү, адабият таануу илиминде аныкталган теориялык ойлордун канчалык туура экенин жеке турмушу аркылуу таанып-билүү, адам да, коом да дайыма жаңырып турушу мыйзамченемдүүлүк экенин түшүндүрүү, адамда ой да, көз караштa да кырдаалга жараша өзгөрүп турушу жан дүйнөнүн диалектикасы болоорун үйрөтүү сыяктуу маселелерди ичине алат. Тездик менен маанисин алмаштырып жаткан доордо мектептеги жогорку класстын окуучуларына ушундай ык-усулда сабак өтүү көйгөйдү туура жана жеткиликтүү түшүнүүгө жардам берет. Муну менен жаш адамдарды тарбиялоонун мазмуну таптакыр башка жакка өтүп кеткен го деп ойлоо туура болбойт, болгону замандын талабына жараша балага билим берүүдө анын кошо турган мүмкүнчүлүгү белгиленип отурат.

Орто мектетин жогорку класстарына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу аталган дисциплинанын буга иштелип чыккан ар бир көркөм чыгарманы окуп-үйрөнүүдө кездешүүчү фольклордук чыгармаларды жыйноо, бастыруу, элге жайылтуу, профессионал адабиятты изилдөө менен байланышкан тарабын, алардын пайда болушуна, калыптанышына тиешелүү шарттарды - ар бир жанрдын чыгыш доорун, чыгарманын идеясын жана темасын, андагы түрдүү образдарды, жанрларды бири-биринен айырмалаган сюжет жана композицияны,

акын-жазуучунун окуяны чагылдыруудагы өзгөчөлүктөрүн, бир эле жанрда жазылган чыгармалардын идеялык-көркөмдүк бөтөнчөлүктөрүн, бир жанрдагы көркөм туундулардын типологиялык карым-катышын, элдин тарых менен байланышын [Батаканова С. Т. Мектепте көркөм чыгармаларды талдоонун илимий-педагогикалык негиздери. Б.: 2010, 7 - 16-беттер.], ж. б. негиздүү маселелерди сабактын мазмунунан чыгарып салбайт. Тескерисинче аны тереңдетүү, болгондо да турмушту таанып-билүү позициясынан туруп, адабиятчы-педагог окумуштуулар буга чейин түптөн кеткен кыргыз адабиятын окутуу боюнча ык-усулдарын зарылдыгына жараша пайдаланып, окутуу жумуштарын өркүндөтүүгө болгон милдеттүүлүк сакталат. Мурда көркөм чыгарманы талдоо адабият таануу илиминин эрежелери менен жүрсө, азыр адабий чыгарманы таанып-билүү турмуштун «эрежелери менен» окуп-үйрөнүүгө артыкчылык берип, чыгармадагы окуяларды «изилдөө» турмуш түзгөн проблемаларга жооп берүү максатында уюштурулуп, окуучу талдоого алынган маселе обзор түрүндө болбостон, анын турмуш менен байланышына жол көрсөтүүчү курал катары кызмат кылышы керек болуп турат. Бул өткөн кылымда Т.Саманчин, К.Иманалиев, К.Асаналиев, Ж.Таштемиров, Б.Маленов, Б.Алымов, Ш.Үмөталиев, Н.Ишекеев, А.Мамбеталиев, И.Исамидинов, С.Рысбаев, А.Муратов, ж. б. түзүп кеткен окутуу салттарын кайрадан этнопедагогика менен байланыштыруу жаңы салттарды иштеп чыгуу зарылдыгын көрсөтүүдө.

Дидактиканын мыйзамдарынан караганда элге зарыл болгон педагогикалык жол-жобону түзүп, усулдарын жеткиликтүү иштеп чыкмайын балдарга өз турмушуна керектүү билимди берүү мүмкүн эмес. Ал жаңы педагогикалык идеяларды таап чыгуу эмес, мурдатан окуучуларга билим берип, жаштарды тарбиялоодо активдүү колдонулуп келген окутуу технологияларын азыркы талаптарга ылайык андан ары өркүндөтүп пайдалануу болуп саналат. Анткени буга чейинки билим берүү мекемелеринде окутуу проблемасын изилдеген эмгектер кыргыз адабиятын окутуунун ошол учурдагы проблемаларын көрсөтүү менен бирге дайыма аны өркүндөтүүнүн жолдорун жалпы педагогиканын теориясына негиздеп турушкан. Ошондой эле билим берүүнү адегенде баланын

жаш курагына карап түзүүнү сунуштаган дидактикалык эрежелерди орто мектептин деңгээлинде иштеп чыккан илимий-практикалык изилдөөлөрү, окуу-методикалык иштелмелери, эксперименттик тажрыйбалардан чогулган ык-усулдары азыр деле маанисин жогото электери бар. Кыргыз адабиятын орто мектепте окутуу өткөн кылымда ошолор түзгөн курсунан «адашпай» окутулуп келет. Мунун өзү кыргыз адабиятын окутуунун сааттык ченеми (кредити), окуу планындагы мазмуну, окутуу принциптери, окутуу формалары жана жолдору, каражаттары жана технологиялары бала бакчадан тартып, жогорку жайларына дейре «туруктуу» экенин ырастайт. Мындай дисциплина боюнча берилген сааттардын көлөмүнүн өзгөрбөй сакталышы республикада кыргыз адабиятын окутуунун азыркы күнгө тиешелүү проблемаларын аныктоого бир аз кыйынчылые түзгөнү болбосо, негизги иштин аткарылышындагы салттуу эрежелерди кармап турат. Жакшы жагы, педагогикалык багытта изилдөө жумуштарынын салтын бузбай, б. а. окутуу процессинде илимий-теориялык адабияттарды үйрөнүүгө, анализ жана синтез ыкмаларын жүргүзүүгө, алдыңкы тажрыйбаларды жыйынтыктоого, педагогикалык эксперимент методдору менен илимий изилдөөнүн корутундуларын окуу жумуштарына сунуштоого мурдагыдай эле шарт түзүлгөндүгү болуп саналат. Ыңгайсыз тарабы, кыргыз адабиятын окутуунун методикасы заманбап талаптарга ылайык аталган дисциплинанын мазмунун тигил же бул багыт боюнча өркүндөтүп изилдөөдө, б. а. орто мектептин жогорку класстарына кыргыз адабияты этнопедагогикалык негизде окутуунун негизги теориялык жана методикалык базасын түзүүдө «даяр материал» болуп бере албаганы. Анткени буга чейин изилдөөлөрдөн чыккан ой корутундулар өтө саясатташып кеткендиктен, элдин социалдык жашоо-тиричилигине керектүү билим берүүдөн тышкары калып, сабакта берилген маалыматтар саясий-идеологиялык кызыкчылыктар менен түшүндүрүү ык-усулдарына басым жасагандыктан, көркөм адабият аркылуу этнопедагогикалык билим берүүнүн маңызы сабактын мазмунуна «сиңбей» тышта калган.

Кыргыз адабияты кыргыздардын тиричилигин ар түрдүү тараптан чагылдырып, аны көркөм образ аркылуу ишке ашыргандыктан, балдарга андай образды социалдык чөйрө менен байланышта кароо - улуттун өзгөчөлөнгөн

каада-салттарын, үрп-адаттарын, келечекте колдонууга мүмкүн болгон жөрөлгөлөрүн, наасат сөздөрүн, наалат кебин, ыраазычылык айтымдарын, каргап-жемелегенин, каалоо-тилектерин, бата сөздөрүн аңдаштырууга, андан өзүнө керектүү жашоо принцибин аныктоого, бара-бара жарандык философиясын тандоого жол ачаары мурдатан белгилүү болсо да, андай баам-туюмдун калыптануусуна кеңири багыт албаганы өкүндүрөт. Мунун өзү кыргыз адабияты сабагын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуу жумуштарын аткарууда бардык сабактардын жардамы түрдүү кырдаалдан болгону менен алардын бири дагы бул конценцияны жетекчиликке албаганы буга чейин үлгү болуучу сабактардын технологиясы же системасы иштелип чыкпаганын ачыктайт.

Педагогикалык процессте этнопедагогикалык негизде окутуу өз натыйжасын бериши үчүн анын парадигмасын иштеп чыгуу, б. а. бала бакчадан тартып, жогорку жайларына чейин Кыргызстандагы билим берүү тармактарын толук бойдон ичине алган концепцияны түзүү анын негизинде жарандык коомго билим жана тарбия берүүнүн бардык багыттарын жөнгө салуу, эл аралык байланышка ушул тарап менен баруу жолдорун сунуштоо сыяктуу өтө татаал жана түйшүктүү иштерди жасоо керектигин айкындоодо. Албетте, бул багыт азырынча кыял болуп көрүнгөнү менен аны жүзөгө ашыруу керектигин аккредитациянын стандарттык жоболору белгилүү коомчулукка жарыялап жатат. Жогорку класстын окуучулар мектепти аяктагандан кийин баары тең жогорку окуу жайга тапшырбай турганын эске алсак, ушул орто билими менен түз эле турмуш жолуна даяр болуп чыгышы керек. Ал эми азыркы мектепте берилген билим алардын коомдук-социалдык керектөөсүн канааттандыруусу зарыл экендигин аңдаштырсак, анда алар кайсы мекеме-уюм менен кызматташпасын адамдар менен пикирлешип, өз позициясын сүйлөшүүнүн бардык түрүндө оюн так, ишенимдүү, зарыл болсо көркөм сөз каражаттары менен образдуу, жанындагы жарандарды тажатпагыдай элестүү, тамаша мүнөзүндө маанай тартуулоо, көркөм чыгармалардан өздөштүргөн сүйлөмдөрүнө таянып, жеткиликтүү түшүндүрүп берүү коммуникативдик компетенциясы жакшы калыптанышы керек. Мындай максатты кыргыз

адабияты сабагы мурда билим берүү «миссиясы катары» койгон эмес. Эгер кыргыз адабияты бүгүнкү күндө эл аралык стандарт аркылуу аныкталган билим берүү формасында аккредитациялана турган болсо, анда адабий билим берүүнүн ушул өзгөчө белгилерин милдеттүү аткарышы керек болот.

Бул тууралуу ойлор дагы далай айтылат, бирок биз азыр орто мектептин жогорку класстарына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу үчүн сабакта чыгарманы талдоонун мурда калыптанган түрлөрүнөн тышкары жаңы критерийлер пайда болгонун эскерте кетели дедик. Өлкөдө билим берүү мекемелери үчүн жаңы концептуалдуу талаптар коюлуп жаткандан кийин жогорку класстарга окутулуучу адабият сабагы да аны менен байланышта туруп, билим сапатын учур талабына ылайык өзгөртүшү маанилүү орунда десек, ал адабият сабагын инсандын турмуштук керектөөсүн толук камсыздай алуусуна буруп, окуу материалдарын турмушту таануучу «объекти» катары алып, анда берилген сюжетти жашоону «изилдөөчү» предметтин бир түрү сымал үйрөнүү маселени түшүнүүгө жеңилдик берет. Орто мектептин жогорку класстарына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу коомдук-социалдык муктаждыктан жаралган концепция болгондуктан, анын ык-усулдары да практикалык жактан колго алына элек. Ошондуктан аны теориялык жактан изилдөө кандай маанилүү болсо, ага ылайык практикалык жумуштарды жүргүзүү ошончолук коомдук зарылдыкта турат.

Ырас, изилдөөнүн объектиси кенен, маселени коомдук-социалдык керектөөнүн бардык позициясынан кароо зарылдыгы турганын эске алсак, адабий чыгармалардын идеялык мазмуну аркылуу мектептин жогорку класстагы окуучуларына [Кыргыз адабиятынын программалары. Жалпы орто билим берүүчү мектептердин V – XI класстары үчүн: 3-басылышы. – Б.: «ТАС», 2003, 33 – 53-беттер.] көптөгөн маалымат берип, коомдогу не бир татаал кырдаалдагы проблеманы элестетип чечүү жумуштарын түшүндүрүү менен жолго коюуга мүмкүн экендигин окутуунун методикасын изилдеген теоретиктер да, практик-мугалимдер да жакшы билишет. Ошондуктан кыргыз адабияты сабагын адам жашоосун таануу дисциплинасы сымал карап, анын негизинде инсанды изилдөө, каармандын сюжеттеги турмушун предмет алып, ага өзү тиричиликте кездешип

калчу болмуштун бири катары мамиле жасоодон тапкан туюмун жеке позициясы, келечектеги ушуга окшош проблеманы аныктоочу критерий, адам баласынын башында турган көп түрдүү көйгөйдү жөндөөчү багыт экенин түшүнгөн окутууну жолго коюу жогорку класстарда кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун «өзөгүн» түзөт. Муну биз азыр биринчи жолу баштап жатабыз деш туура эмес, көркөм чыгарма аркылуу адам жана анын турмушун таануу иштери тээ байыркы замандардан бери эле иштелип чыгып, ал тургай бир нече позициядан кароо принцибин да калыптандырып коюшканын эстен чыгарууга болбойт. Бул биз тарабынан изилденчү иштин изилдөө материалы буга чейин эле түптөлүп калганын да түшүндүрөт. Мурда иштелген жумуштарды мында даяр түрдө колдонуу мүмкүн эместиги белгилүү, бирок алардын да көркөм чыгарманы этнопедагогикалык негизде окутууда орду болгондуктан, баары бир кайрылып туруунун зарылдыгы болот. Анткени алар өз мезгилиндеги Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана өкмөттүк мыйзам актылары жүзөгө ашырууга аракет кылышып, өлкө жарандарын, же жаш муундарын рухий мурастардын негизинде адептик-ахлактык, руханий-эстетикалык, жактан тарбиялоого, турмушка баа берүү менен эмгекти баалоого, патриоттук сезимдерин калыптандыруу боюнча маанилүү жумуштарды аткарганы белгилүү. Ошондой эле ал эмгектер жаралган учурда заман башка болчу, ал доордун өзү үчүн «аныкталган» мыйзамдары, аны жетектеген концепциясы бар эле. Мектептерде кыргыз адабияты боюнча окутуу ошол концепциялардын нугунда жүргөндүктөн, жогорку класстар үчүн сабактар, орто мектептин X -XI класстары үчүн окуу китебинин мазмуну да ошол концепцияга таянып иштелген.

Ал жылдары кыргыз адабияты академиялык ой жүгүртүүгө жакындаштырылып түзүлгөндүктөн, Кыргыз Республикасында анын орду окуучуларга кыргыз адабиятынын тарыхынан кабар берүү болгон. Азыркы коомчулуктун билимге карата мамилеси өзгөргөнүнө карабастан, адабий чыгармаларды окутуу жумуштары ошол калыптанган традицияны бузбай келет. Жакшы жагы тээ байыркы замандан бери келе адабий мурастардын баскан жолун толук элестетип түшүнүүгө программанын [Кыргыз адабиятынын

программалары. Жалпы орто билим берүүчү мектептердин V – XI класстары үчүн: 3-басылышы. – Б.: «ТАС», 2003. – 80 бет.] түзүлүшү жооп берет. Анда «Манас» эпосу башында турган кыргыздын элдик фольклорун таанып-билүүгө, андан айырмаланган кол жазма адабиятынын өкүлдөрү – Молдо Нияз, Молдо Кылыч, Тоголок Молдо, Осмонаалы Сыдык уулу, Белек Солтоноев, Казыбек, Ысак Шайбеков, ж. б. жөнүндө, кыргыз профессионал адабиятынын жаралышына өбөлгө болгон шарттар менен ага маанилүү салымын кошкон акы-жазуучулар – К.Тыныстанов, С.Карачев, XX кылымдын 20 – 30-жылдарында чыгармаларын жазып, кыргыз адабиятында мурда болуп көрбөгөн жанрлар – аңгеме, повесть, роман, поэма, драма, комедия, ж. б. кыргыз жергесине «көчүрүп» келген А.Токомбаев, Ж.Турусбеков, М.Элебаев, Т.Үмөталиев, А.Токтомушев, Т.Сыдыкбеков сыяктуулардын өмүрү жана чыгармачылыгына обзор берүү болсо, ал ошол маанисин жоготпой сакталып келет. Окуучулар өз алдынча таанып-билүүсү зарыл деп таанылган акын-жазуучулардын өмүрү жана чыгармачылыгын окуу мурда кандай болсо, дал ошондой жай-жайы менен турат. Андан ары согуш жылдары, ага толук анализ берүү үчүн А.Осмоновдун айрым лирикалык чыгармалары, поэмалары аркылуу сунушталса, согуштан кийинки адабияттагы жаңылануулар М.Алыбаев менен Р.Шүкүрбековдун лирикалык, сатиралык чыгармалары менен термелерине байланыштырылган. Ал «1960 – 2000-жылдардагы кыргыз адабияты» деген бөлүм менен улантылып, анын ичинде 1960-жылдардан тартып башталган ададбияттагы урунттуу учурлар, андай кубулуштун жаралуусуна себеп болгон авторлор менен алардын маанилүү деп саналган чыгармалары адабий жанрдын алкагында окутуу керектиги каралган. Улуттук адабияттын сыймыгы катары Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгы тууралуу кеңири сөз болуш үчүн окуу программасында ага саат жетиштүү көлөмдө берилген.

Азыркы кыргыз коомчулугу үчүн «Манас» эпосунун мааниси чоң экенине көңүл бурулуп, окуу программасында [Кыргыз адабиятынын программалары. Жалпы орто билим берүүчү мектептердин V – XI класстары үчүн: 3-басылышы. – Б.: «ТАС», 2003. – 80 бет.] «Манас таануу» бөлүмү өзүнчө жайгаштырылган. Мындан тышкары «Чыгыш классикасынан» деп Г.Низаминин өмүрү,

чыгармачылыгы менен казалдары, «Батыш классикасынан» деп Э.Хемингуэйдин өмүрү, чыгармачылыгы менен «Чал жана деңиз» повести, «Боордош түрк элдердин адабиятынан» М.Ауэзовдун «Абай» романы киргизилген. Окуу программасынын мындай түзүлүшү мурда калыптанган салттар боюнча уланып келе жаткан окуу процессине негизделгендиктен, коомдук талапты канааттандырып жаткандай таасир калтырат. Анда негизинен кыргыз адабиятынын калыптаныш жана өнүгүш этаптарын адабият таануу илими аныктаган түшүнүктөр менен берүүнү жетекчиликке алгандыктан, «системалык курс» көптөгөн автор тарабынан иштелип, адабий процесстеги тарыхый өнүгүштөрдү, алардын калыптанышына карата кыргыз адабиятчыларынын негизги позициялары жеткиликтүү чагылдырган. Андыктан анын мазмунуна карата сунуштар жана сындар, ал тургай вариативдүү ойлор ушул мезгилге чейин боло элек. Бул адабият сабагы календарлык план боюнча [Календарлык пландар: Кыргыз тили жана адабияты. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин жана гимназиялардын мугалимдери үчүн. – Б.: 2011. – 119 бет.] окуу процессинде вазыйпасын аткарып, өз нугунда бара жатканынан кабар бергени менен коомдук-социалдык чөйрөнүн ага болгон азыркы учурдагы талаптары дисциплинанын коомчулуктагы милдетине бир катар толуктоо керектигин көрсөтүүдө. Социалдык адабий баалуулуктарга койгон талаптары негизинен көз караштын бир нече вариантынан өзүнө керектүү бирөөнү тандап алуусуна көмөктөшүүчү билимди, ал аркылуу инсанда калыптануучу компетенцияларды үйрөнүүгө карай билимдин сапатын аныктай турганын ар бир окуу мекемелерин аккредитациялоочу стандарттын критерийлери ачыктады. Мындай талаптын коюлушу адабият сабагына карата коомчулуктун пикирин эле өзгөртпөстөн, автор көркөм чыгармада берген ойду бир нече вариантта кабыл алуу менен түшүндүрүүгө мүмкүнчүлүк жаратып отурат. Окуучуларда көз караштардын вариативдүү болушу коомго керектүү ойдун иргелишин, балада жеке позициянын калыптануусун, ачык сүйлөөгө үйрөнүүсүн (окуучуну субъекти катары таануу), башкы орунга алып чыгууда. Ал адабий чыгарманы талдоо жумуштары менен түздөн-түз байланышта болуп, сабактын «адам таануучу» кудуретин арттырып турат. Бул боюнча кыргыз адабият сабагы окуу

программаларына, окуу китептерине жана түрдүү усулдук колдонмолорго жайгаштырганы бар, ал азыр деле жүргүзүлүп келет. Бирок буга чейинки «адам таануу» адабият сабагына окуучуну байкоочу, сырттан «көз салган» инсан катары катыштырса, эми түздөн-түз жан дүйнөсү менен аралашуусуна жетишүү маселесин коюп отурат. Демек, көркөм чыгарманы окуп-үйрөнүү менен тексттерден жашоо-турмушка байланыштуу көптөгөн теориялык таанып билүүчүлүктөн, реалдуу практикалык маселелерге өтүп, сабактын тарбия алуучулук негизин турмушка даярдануунун башаты катары айкындоо зарылдыгы коюлууда. Текст турмуштун элесин түзүп, окуучуларга элестетүүдөн логикалык жактан туура ойлонууга, турмушта баары болушу мүмкүн экенин сюжеттик окуялар аркылуу таанып-билүүгө, каармандын аракетин талдоо келечекте өзү кабылып калчу татаал кырдаалдын бири деп түшүнүүгө керек каражат катары окутуу зарыл шарттардын бири болуп жатат.

Бала сабакта объекти эмес, субъекти болушун азыркы педагогикалык процесс талап кылууда. Мындай шартта кыргыз адабияты сабагы окуучунун жашоо кызыкчылыктары, анын адам катары жетилүүсүнө кызмат кылып берчү каражаттар жөнүндө ойлонуусу маанилүү болуп саналат. Анда кыргыз адабияты мугалими адегенде окуучунун мектепти аяктагандан кийинки абалын көз алдыга кетирүү менен сабакта үйрөтүүчү компетенцияны бөлүп, атайын ага басым жаса турган каражаттарды чыгарманын сюжетинен таап, анын тиричиликке керектүү жагын окуучулардын элестөөсүнө коюп, ойлордун карама-каршылыктуу демилгесинде балдар «баш оорутуу» ыгында керектүү чындыкты өзү «таап алгыдай» сабакты уюштуруусу зарыл экени педагогикалык коомчулуктун кызыкчылыгында турат. Сабак кандай формада уюштурулбасын талкууга коюлган көркөм образдар окуучунун инсандыгын калыптандырууга өз салымын кошкон кырдаал балалык дүйнөдөн чыгып, ата же эне болгондо колдонууга зарыл маселени тигил же бул автор түзгөн көркөм образдуулуктан сюжет аркылуу кездештирип, классташтары менен бирдикте чындыкка жол салган «чыйыр» экенин мугалим биле баштады. Талап окуу иштерине киргизилгени менен ал аймактарда толук жүзөгө аша элек. Шаардын балдары мындан таптакыр алыс калганын да белгилей кетели. Окуу процесс окуучулардын

инсандыгын таанып, бардык окуу-усулдук жумуштарын ага ылайыктап жатканы менен проблеманы туура жолго коё албай жатабыз. Буга окуу программасы түзүлүп, окуу китептери чыгып, анын негизинде салттуу сабактарын өтүп жаткан мугалимдер күнөөлүү эмес.

Ал Кыргыз Республикасында рыноктук мамилени, б. а. конкуренцияга туруштук берүүчү салттардын негизи мурдатан иштелип чыкпагандыгы менен түшүндүрүлөт. Мындай иштер эгемендүүлүктүн ыргагында түптөлүп, «көч өзүн бара-бара түздөп», жетишпеген тарабын башкалардан үйрөнүп, алган кеп-кеңешти практикадан өткөрүп, андан чыккан жыйынтыктардан сабак алып, алга жылуу тууралуу маалыматтарды окутууга киргизип, доордон артта калбаштын камын көрүп баратсак, мына бул да анын бир тарабы болуп саналат. Ошондуктан биз муну мектептерде буга чейин аткарылып келген салттардын уландысы, соңку кырдаалга карата педагогикалык коомчулук оюн, негизги идеясын дүйнөлүк билим берүүдөн чыккан ой корутундулар толуктап, улуттук дидактикалык салттарга ылайыктап, «өз вариантын» берип жаткандай кабыл алышыбыз керек. Антпесек адабият мугалими этнопедагогикалык негизде окутуу жумуштарын эскирген түшүнүктөй кабыл алып, сабактын мазмунун аныктоочу каражаттарды, б. а. урпактардын дүйнө таануусун түптөөчү сюжеттеги түрдүү окуялардан сабак алуу (аны турмушунда кайталап пайдалануу же таптакыр алыс болуу) – чыгарган жыйынтыгын колдоно билүү, маңызын түшүнгөнүнө жараша бүтүмүн сунуштоо, этнопсихологиялык туюмга ылайыктап ой корутунду чыгаруу, көркөм чыгарманын тилин сүйлөшүүдө керектөө, чыгармадагы образдар аркылуу тиричиликке анализ берүү салттарынан сабакта пайдалануудан алыстап барат.

Азыркы кыргыз адабият сабагынан кабары бар адамдардын баары билет, өтүлчү темалар окуучулар тарабынан даяр аныктамаларга негизделип, көпчүлүк учурда окуу китебинде, андан алыс кетсе интернеттеги маалыматтарды баяндап берүү менен чектелип, мурда айтылган ойлорго сунуш кылчу эч нерсеси жок, адабий образды жеке турмушу менен байланыштырууга кудурети жетпей, кыргыз элинин улуттук салттарынан таптакыр алыс экенин сезбей, кыялында Американы эңсеп, өз өлкөсүнө жийиркенип караган балага үлгү болуучу «сабак таппай» баарыбыз кыйналып отурабыз. Окуучуларга кайрылып алар эмнени

билиши керектигин сурасак, «Манасты» билбеген адам – маңкурт» дешет, бирок ошол балдардын бири дагы эпостун текстин өз алдынча окуп, толук өздөштүргөн эмес. Кыргыз адабиятынын классикалык үлгүлөрүн окуганга караганда теледен сериал көргөндү жактырышат. Себебин издеп, сурамжылоо жүргүзгөндө, көбү өздөрү окуганда түшүнбөй тургандыгын мойнуна алышкан. Мындай көйгөй кайдан чыкканын суроолор менен тактап көрсөк, алардын көбү кичинесинен эле көркөм чыгармаларды окубагандыгын жазуу жообунда билдиришсе, айрымдары окуган тексттерин окуп бүтөөр замат унутуп коөрун суроого берген жоопторунда белгилеп өтүшкөн. Кызык жери, сурамжылоого катышкан «начар окугандардын» баарысы ата-бабанын салтын кармоого, үй-бүлөгө ырыскы «алып келүүчү» ишенимдерди тутууга, ата мурасын сактоого, келин алуу, кыз берүүдөгү жөрөлгөлөргө урмат көрсөтүүгө, баланы бешикке салуу, тушоо той берүү, бата алып, тилек тилөө ырымдарын канчалык даражада биле тургандыгына карабай (билбегендердин пайыздык көрсөткүчү жогору эле) дайыма үйрөнүү керектигин бир ооздон айтышат. Ал эми аларды кайдан үйрөнүүгө боло турганын сураганда мектептеги сабактарды бири дагы белгилешкен эмес. Мунун өзү мектепте окутулуп жаткан сабактар баланын жашоо турмушунан «алыс» экенин туюндурат. Мектепте окутулган бардык предметти окуучунун турмушу менен байланыштырып, кайсы сабак окуучуга кандай компетенция үйрөтүшү мүмкүн экендигине келгенде кыргыз аздектеген улуттук салттарын уул-кызына бир гана адабият сабагы окутуп - чыгармалардагы кыргыз жашоосуна, үй тиричилигине, буюм-тайымдарды кармоо аракетине, бир үйүбүлөнүн, андан ары айылдын турмушуна, жарандардын өз ара мамилесине, адамдык сыйына, ата наасатына «баа берип», адабий чыгарма элдик көркөм мурас, руханий байлык экенин түшүндүрө алат.

Мындай маселе жаңы эле чыга калган жок, окуу процессинде ушул идеянын эң алдыга суурулуп чыгышы үчүн далай окумуштуулар менен практик мугалимдер аракет кылышкан. Методисттердин андай эмгеги үлгү сабактардын дайыма сап башында турганы менен бүгүнкү окуучуларга аларды ошол турушунда колдонууга болбойт. Себеби жашоо кандай өзгөрсө, предметтин окуу процессинде аткаруучу кызматы да дал ошондой жаңыланып, турмуштук

керектөөгө жараша колдонуу шартын түзүп берет тура. Сабактын багытын талдоо инсанга багытталган билимдин сапаты менен түздөн-түз байланыштуу болгондуктан, калк сактаган көркөм чыгармадагы таберик наасаттарды иргеп, адамдык мамиленин ыйыктыгына көрсөтүүчү баалуулуктарды көркөм сөздөр аркылуу жашоонун өзүндөгүдөй түшүндүрүп берүүгө басым жасоо маанилүү экенин туюндурат. Бул адабият сабагын бир нече өңүттөн кароону талап кылат, б. а. көркөм чыгармадагы идеяларды кыргыз элинин тарыхый баскан жолу, улуттун жөнөкөй жашоосу, андагы ишенимдер, ар бир үй-бүлөгө ырыскы, дөөлөт алып келе турган салт-санаалар, ошондой эле ар түрдүү кыйынчылыктарын болуу себептерин да окуучу инсан катары көркөм адабияттардан гана окуп-билүү менен үйрөнө алышат. Анын тарбиялоо жагы активдүү колдонулуп келе жаткан педагогиканын негизги принциптери аркылуу бир кылымга жакын убакыттан бери эле каралып келе жаткандыктан, теориялык негиздери кайсыл өңүттөн болбосун түзүлүп калган десек болот. Бирок Кыргызстанга келген эгемендүүлүктүн «шарапаты» маселеге өзгөчө мамиле керектигин педагогикалык чөйрөнүн алдына коюп берди. Мурда адабият сабагында колдонууга «мүмкүн» деген түшүнүктөр – эл арасында колдонулуп жаткан адамдын социалдык кызыкчылыктарына жооп издөө, көркөм чыгармадагы образдын ордуна өзүн «коюп көрүү менен» кырдаалга баа берүү, талдоо учурунда башка тараптардын да кызыкчылыктарын эске алуу, автор андай сюжет аркылуу эмнени айткысы келгенин, ал позициядан карап көрүү зарылдыгын издөө, эл арасында буга окшош окуя болсо, ага кандай мамиле кылуу, ж. б. инсандык белгилерди аңдаштырууну эми адабият сабактарында киргизүү керек болуп жатат. Бардык билим берүү мекемелеринде көркөм чыгарманы ушундай ык-усулдарда окутулушу социалдык зарылдыктан келип жаткан соң, адабият сабагы окутуу процессинде мурда колдонулуп келген тажрыйбаларды өркүндөтүү аркылуу кыргыз элинде далай кылымдан бери колдонулуп бүгүнкү жеткен билим берүүнүн ыйык салттарын кайрадан жандандырып, азыр да инсанга компетенция катары көндүмдөрдү чыгармага таянып үйрөтүү билим менен социалдык чөйрөнүн ортосунда ички катышты түзүп билим сапатын жакшыртат. Андай сапатка жетүү үчүн кыргыз адабиятын

окутуунун методикасында мурда иштелген «үлгү сабактарды» азыркы учурга ылайык билим берүүнүн башаты катары карап, социалдык чөйрөдө болуп жаткан проблемага «жол табуучу» багытты түзүү маанилүү. Окутуу менен байланышкан андай маселе көркөм адабиятта берилген кыргыз баласы сөзсүз таанып-үйрөнүүгө милдеттүү негизги булак экенин окуучуга жеткирүү жана эл өзү кылымдар бою кармап келген «улуттун рухий кодекстерине» (С.Рысбаев) баштоочу жолдун «көзүн» ачат. Ал кыргыз педагогикасында аткарылган болгон-бүткөн жумуштарды кайрадан карап чыгып, алардын арасынан окуучуларга керек окутуунун мазмуну менен формасын балага жетиштүү билим берүүгө пайдалануу да кечиктирилгис милдеттердин бири экенин ачыктап, азыркы педагогикалык процесстин өзүнчө бир багытын түзүп барат.

Мындай проблеманы окуу процессине киргизүү жолдору жылбай турат, анын себеби Кыргыз Республикасы эл аралык билим берүү стандарттарын кабыл алып, сабактарды кредиттик технологиянын талаптарында уюштуруп, биринчи кезекте инсанга көйгөй жараткан маселелерди жеринде чечүү жолдорун караштыруусу менен өлчөнө турган билимди окуучуга сапаттуу жеткирүүнүн теориялык көз карашы – педагогикалык парадигмасы иштелип, баланын жараша «үйрөтүү жолдору», тилекке каршы, иштелип чыга элек. Проблеманын чечилишин изилдөө жолдорунун кечеңдеши, б. а. улам кийинки жылдарга жылдырылышы ошол жылдардын балдарга билим берүүдө «бош кеткенин» көрсөтүү менен борбор жана региондордогу билим-тарбия берүүнүн ортосунда айырмачылыкты пайда кылып койду. Рыноктук мамилелерде окуучунун билимге болгон талабы кантип өзгөрсө, предметтерди окутуу багытында иштердин илимий-педагогикалык жактан жабдылышына да ушундай эле өзгөрүү болушун күткөнү байкалат. Билим берүү мекемелери мындай иштер бар экенин азыр педагогикалык коомчулукка активдүү аралаша баштаган аккредитациялоо жумуштары аркылуу жаңыдан түшүнгөндүктөн, инсанга багыттап окутуу башта иштелген методика илиминен вариативдүү жолдорду, ык-усулдарды пайдаланууга чакырык таштап жатканы байкалат.

Кыргыз Республиканын билим берүү системасынын ички кыймылы окуу процессине керек маалыматтарды сырттан алып келип жатканы менен бул

окутуу тармактарына терең сиңбей, ал эми ошол тарапка ооп кеткендер улуттук кызыкчылыктарга негизделген турмуштук «жоболордон» алыстап кетип, билим менен социалдык муктаждыктардын ортосуна байланыш түзүп бере албай, окуучу инсан катары колдонуучу билимдин сапатын таанууга, аны боло келчү турмуш-тиричиликте пайдалануу формаларын айкындоого жол-жобо кандай адистештире албай турат. Ошол себептен мурункуларды пайдалануу же тану кандай кыйынчылык жаратса, адабий билимди үйрөтүүдө керектелүүчү критерийлерди туура жолго коюу да ошондой эле маселени көтөрүп жатат. Ал Кыргызстанда жалпы орто билим берүүчү мектептердин 10-11- класстары үчүн түзүлгөн кыргыз адабияты боюнча предметтик стандартында белгиленген: «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлунан № 403-Токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде түзүлгөн. Бул стандарт окуучуну “Кыргыз адабияты” окуу предметинин каражаттары менен “Искусство” билим берүү тармагынын максаттарына ылайык тарбиялоонун, өнүктүрүүнүн жана окутуунун жалпы стратегиясын аныктайт, предметти өздөштүрүүгө коюлган талаптардын жыйнагын камтыйт жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилет. Стандарттын жаңылыгы предмет биринчи жолу “Искусство” билим берүү тармагына кошулганы болуп саналат. Бул жаңылык өз кезегинде предметти окутуунун фокусун абстракттуу-илимий, идеологиялык жана таза философиялык ыктан көркөм ыкка өзгөртөт. Көркөм чыгармага адабий талдоо (адабият таануу илимий деңгээлде) жүргүзүүнүн ордуна эстетикалык талдоо менен алмаштырууга умтулууга негиз болот» [Кыргыз Республикасынын окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү мектептеринин 10-11-класстары үчүн «Кыргыз адабияты» курсу боюнча предметтик стандарты. – Б.: 2018, 3-бет.] деген мазмунунда даана көрүнөт. Эгер кыргыз адабиятын жогорку класстарда окутуу жумуштарын бир гана ушул багыт менен чектесек, анда окуучуларга турмушка зарыл болгон башка иш-билгилерди үйрөтө албайбыз. Мунун өзү кыргыз адабиятын окутууда негизги максат эмне экени дагы тактала электигин билдирет. Бул кыргыз педагогикасынын жана билим берүү

системасынын дүйнөлүк билим берүүчү орто мектептерден ички айырмачылыгын эсепке албагандык болуп саналат. XI классты аяктагандан кийин көпчүлүк окуучулар чоң турмушка багыт алып, коомдук-социалдык мамилелерге даяр болушу керектигин эсепке алсак, анда алар жашоого үйрөнүүнүн жолдорунун кайдан алат деген суроо чыгат. Кыргыз элинин басып өткөн тарыхый жолунан караганда да кыргыз балдарына билим жана тарбиянын бардык түрлөрүн көркөм чыгарманын идеялык мазмунун түшүндүрүү аркылуу калыптандырган болсо, бүгүнкү күндө аны орто мектептин базасында кайсы предмет аткара тургандыгы билим берүүнүн стандартында ачык жазылган эмес. Маселенин өзү көрсөткөндөй адам турмушун социалдык жактан «таануу» проблемасын азыркы учурда кыргыз адабиятынан бөлөк бир дагы предмет жалпы мазмунда аткара албайт. Ырас эл турмушун окуучунун жеке позициясына калтырып, биргелешип талдоо аркылуу үйрөтүү жумуштарын орто мектептеги бир сабак кыргыз адабиятындай элестүү баяндап, класстагы бардык окуучуларга бирдей жеткиликтүү формада чагылдырып бере элек. Мунун өзү кыргыз адабият сабагынын турмушка «жакын» экенин көрсөтүп, чыгарманы түшүндүрүүдө бир гана эстетикалык тарбия берүү позициясы менен чектелүү туура эместигин туюндуруп, адабият сабагынын ролун кеңири кароо табиятын педагогикалык коомчулукка сунуштайт. Анткени мына ошол эле стандарттын өзүндө окуучу сөзсүз компетенция катары билүүгө тийиш болгон «баалуулук-маанилик компетенттүүлүк – бул адабиятта чагылдырылган адеп-ахлактык баалуулуктарды жана дүйнө таануу категорияларын түшүнүүгө жөндөмдүүлүгү, ушул баалуулуктарга карата өзүнүн мамилесин аныктоо, негиздөө, гуманисттик адеп-ахлактык позициясына туруу; окуучунун ар түрдүү элдердин, мезгилдердин адабиятында жаралган дүйнөнүн картинасын өздөштүрүү тажрыйбасын жыйноо менен байланышкан руханий баалуулуктарды түшүнүүгө жана өздөштүрүүгө жигердүү катышуу жөндөмдүүлүгү; көркөм образды кабыл алуу жана анын адеп-ахлактык, эстетикалык маңызын баамдоо жөндөмдүүлүгү» [Кыргыз Республикасынын окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү мектептеринин 10-11-класстары үчүн «Кыргыз адабияты» курсу боюнча предметтик стандарты. – Б.: 2018, 5-бет.] боюнча болуучу иштер бир эле

тарбиянын (эстетикалык тарбия берүүнүн) чегинде жөнгө салынбай калышы мүмкүн. Ошол себептен кыргыз адабияты программасын толук бүтүргөн окуучу чоң турмушка аралаша баштаган шартта керек болуучу мындан башка дагы компетенцияларды алыш үчүн инсанга багыттап окутуу адабият сабагы аркылуу жаранга жеткирүүдө акын-жазуучулардын чыгармаларын талдоо менен гана аны соңуна чыгара алат. Маселен бала ааламдашуу доорундагы азыркы адамдын жашоосун туура таануу үчүн учурдагы чыгармалардын темасы жана идеясын башкы каармандардын образдарын талдоо аркылуу жеке, ошол эле мезгилде сабакта окуп-үйрөнүүгө сунушталган адабий чыгарманын сюжетин өздөштүрүүдөн чыккан ой корутундулар менен баалайт деген күндө да, элдин басып өткөн тарыхый жолуна салыштырып, андан жыйынтыктарды кошуп, анан өз пикирин билдириши аталган проблемага терең маани берүүнү айкындайт.

Мындай мамиле адабият сабагына жаңылык эмес, бирок азыркы окуучунун заманга карай көз карашы, дүйнө тааным түшүнүктөрү өзгөргөндүктөн, көркөм чыгарманын мисалында турмуш көйгөйүн таанып билүү сабакта көркөм чыгарманын эстетикалык мазмунун үйрөнүүгө караганда маанилүү болуп саналат. Кайсы көркөм чыгарма болбосун эл турмушу менен байланыштуу болгондуктан, ар бир окуучунун турмуштук позициясы калыптаныш үчүн анда жазылган тарыхый учурлар, андагы кишилер (образдар), алардын басып өткөн жолу жана ошол жашоо-турмуш калыптандырган адамдык позиция менен анын таасиринде болгон мүнөздөр окуучуларга адамдын өзүн жашоо кызыкчылыктарын үйрөтөт. Ошондуктан сабакта жогорку класстын окуучуларынын жаш өзгөчөлүгүнө карап, адабий материалдарды балага турмуштук окуя катары тааныттуу маанилүү. Аны турмуштан алыс көрсөтүү окуучуларга эч кандай жардам бербейт. Автордун чеберчилигин сабакта ачып көрсөтүү үчүн да мындай мамиле таасирдүү болсо, эл арасындагы түрдүү окуяларды сюжеттеги окуяларга салыштыруу менен жазылган чыгарманын кандай тарбиялык мааниси бар экенин турмуш чындыгына жакындаштырып, балдарды андан ары да китеп окуганга кызыктырышы мүмкүн. Акын-жазуучулардын алган объектиси адам турмушу, айткан идеясы турмушту таанып-билүү, артыкчылыгы ал турмушту өзү элестеткендей, көрүнүктүү, эсте

калчудай деңгээлде сүрөттөп бергени менен байланыштуу кароо окуучуларга автор тууралуу таасирдүү маалыматтарды берип, чыгармачылык өз алдынчалыктарын табууга жакшы жардам берет. Ырас, жашоодо чындык ар түрдүү болот, бирок окуучулар аны чыгармага салыштырып, ар кыл варианттарда карашы сабакта көп кырдуу түшүнүктөр бар экенинен кабардар кылып, алардын арасынан бирөөнү тандоого мүмкүндүк берет. Чыгарма менен бир гана китеп окууга чакырык таштоо окуучулардын бүгүнкү күндөгү көркөм чыгармага болгон кызыгуусун ойготуп жибербейт. Анткени анын ордун толтуруучу көркөм адабияттан тышкары көптөгөн маалымат булактары жетиштүү болгондуктан, мына искусство ушул деш баланын азыркы абалындагы психологиялык шарттарды камсыз кыла албайт. Ошондуктан сабакта көркөм чыгарманы көркөм-эстетикалык жактан окуучулар өздөрү «изилденишине» жагымдуу абал түзүп, ар бир бала өзүнүн чындыгын талкууга салып, аны реалдуу окуялардын бир нече вариантында ойлонуп, өз оюу, карманган позициясы канчалык туура экенине, туура эмес болсо жаңылыштык кайдан кетип жатканын адабияттагы көркөм образдын мисалында карооого, эгер автор менен «пикир келишпестик» болсо, оюндагы позицияны «далилдөөгө», андан кийин кыргыздын тарыхый жолу менен салыштыруу натыйжа берери бышык.

Кыргызстан эгемендүүлүк алгандан бери чет элдик турмуштун таасиринен улам окуучулардын көз карашы таптакыр өзгөрдү. Мындай өзгөрүүгө себеп көп, алардын бири баланын кичине кезинен коомдогу жаңылануулардын теле көрсөтүүлөрдөгү мультфильмдер аркылуу таанып биле баштагандыгы болсо, автордук көркөм элестөөнүн өзгөчөлүгүн да ошол курактан тартып «изилдөөгө» киришкенин эстен чыгарууга болбойт. Бул окуучу жогорку класска келип жеткенге чейин далай өзгөрүүлөргө ээ болуп, ал тургай кээ бир багыттар боюнча көз караштары калыптанып калганын эске алсак, жогорку класстын окуучуларына көркөм чыгарманын поэтикасын, тили жана стилин үйрөтүү кыргыз адабиятын окутуунун миссиясында кызыксыз жана тажатма болуп калбаш үчүн жогорку класстарга этнопедагогикалык негизде окутуунун сунуш кылып жатабыз. Мындай идея жок жерден пайда боло калган жок, ал кыргыз адабиятында мурдатан келе жаткан салттарды өркүндөтүү, окуучуга улуттук

иденттүүлүгүн таанытуу, өзүн кыргыз жараны катары билип чоң турмушка аттанууга, адабият сабактары аркылуу инсанга керектүү элдик сапаттарга ээ болууга, социалдык чөйрөдө улуттук каада-салтты билип колдонууга, жалпысынан турмушка эмне керек болсо ошол компетенцияларды адабий чыгармалар аркылуу таанып-билүүгө жол ушул багытта деп ойлойбуз. Анын теориялык негиздери Кыргыз Республиканын мыйзамдарында, Өкмөттүн токтомдорунда, өлкөнүн билим берүү министрлигинин буйруктарында каралган. Тактап айтканда, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы (2013-ж.), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы № 403 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарты, Кыргыз Республикасында көп маданияттуу жана көп тилдүү билим берүү концепциясы (2008-ж.), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-мартындагы № 201 «Кыргыз Республикасынын билим берүү системасынын өнүгүүсүнүн стратегиялык багыттары жөнүндө» токтому жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин 2014-жылдын 22-июлундагы № 545/1 буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мектеп окуучуларын жана окуган жаштарын тарбиялоонун 2020-жылга чейинки концепциясын бул изилдөөнү аткарууда жетекчиликке алуу зарылдыгы турат.

Жогорудагы мисалдардан көрүнгөндөй, Кыргыз Республикасында бул изилдөөнү аткаруунун мыйзамдык негиздери аталган документтерде түзүлүп, алардын мазмунуда теориялык база калыптанып калганын көрүүгө болот. Ошол мезгилде аталган документерге таянып, азыркы жашоого ылайык келүүчү идеяларды адабий чыгармалардын аныктоо, элдин руханий, таалим-тарбиялык байлыгын адабият сабагы аркылуу мектептин жогорку классынын окуучуларына кеңири сиңирүү, андан жаштар көз карашын табууга зарыл болгон каражаттарды талдоо жолдорун үйрөтүү маселелерин чечүү керек. Мындай мамиле адабият сабагына эле тиешелүү болбостон мектептердин жалпы билим берүүчү миссиясына кирет. Аны туура жана сапаттуу аткарыш үчүн мурда өтүлгөн сабактарга таянуу кандай маанилүү болсо, азыркы аламан жашоодо өкүм сүрүп жаткан инсандын рухий «жакырлануусун» жеңүүгө башат болуп берчү адабий-

эстетикалык негизделүү, образдын аракети менен кийин кездешчү кырдаалда туура жол табууга үйрөтүү жогорку класстын окуучуларына этнопедагогикалык негизде билим берүүнүн талапка жооп берээрин айкындайт. Ырас ал мурдатан калыптанган сабактарды ошол турушунда колдонуу дегенге жатпайт. Бул жаңы стандарттык ченемдер менен каралууга тийиш, демек анын окуу жүгүнүн аткарууда өзүнө таандык милдеттери бар экени, ал окуу программасында чагылдырылган шартта окуу процессинде жолго коюлушу керек, мунсуз коомчулуктун талабы жүзөгө ашпайт.

## 1. 3. Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутууну компетентүүлүккө негиздөө принциптери

Кыргыз Республикасы эгемендүүлүгүн алгандан кийин билим берүү системасына «Манас сабагын» сунуш кылган белгилүү практик мугалим Б.Исаков ал эл арасында толук өз ордун таап калышы үчүн кыргыз адабиятын окутууда болуп жаткан төмөнкүдөй кемчилдиктерди жоюу керектигин көрсөткөн, алар: «курулай ураандан качуу (1); жылаңач дидактикадан арылуу (2); плакаттык даңазалоодон этият болуу (3); «Манас» эпосу тууралуу эмес, текстти окутуу (4); жаштардын текстти өздөштүрүүсүнө жетиштирүү (5); эпостогу негизги идеяларды (мекенчилдик, улуттук-мамлекеттик идеология, биримдик идеясы) ачып берүү (6); текстти талдоо менен андагы трагедияны, мифологияны, адабий көркөм сөздү түшүнүү (7); кыргыз элинин тарыхын аңдоо (8); калктын жашоо-тиричилиги, этнографиясы, этникалык маданияты, этнопедагогикасы менен таанышуу (9)». Мындай кемчилдиктер кыргыз адабиятын окутууда азыр деле болуп жатат. Тажрыйбалуу мугалим тарабынан жогоруда белгиленген кыргыз адабиятын окутуунун өзөктүү маселелери учурда ушул багыттагы билим берүүнүн концепциясын аныктап, окуучуга түздөн-түз жашоо-турмуш менен байланышы бар билим бермейин мындай көрүнүш боло берээри белгилүү чындык. Ал эми кыргыз адабиятын окутуунун предметтик стандарты бул сабактын максаттары өтө эле тар түшүнүк менен белгилеп койгону байкалат.

Маселен, кыргыздын байыртан берки жашоосу тикелей адабий чыгармалар менен байланышып, бардык маданиятын көркөм тексттерге сактоо аркылуу билимди үйрөтүүгө карата негизги катары байыртадан колдонуп келсе, эртең жашоо-турмушка аттануучу 10-11-класстардын окуучуларына кыргыз адабиятын окутууда негизги максат катары: «сабаттуу окурманды тарбиялоо жана окуучулардын көркөм чыгармаларды окуу маданиятын өнүктүрүү (1); көркөм адабиятты эстетикалык кабыл алуусун жана көркөм элестетүүлөрүн, түшүнүктөрүн жана пикирлерин калыптандыруу (2); натыйжалуу окурмандык чыгармачылыгын өбөлгөлөө (3)» [Кыргыз Республикасынын окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү мектептеринин 10-11-класстары үчүн «Кыргыз адабияты» курсу боюнча предметтик стандарты. – Б.: 2018, 7-бет.] деген түшүнүктөр менен чектеп бериши, адабий билим берүүнүн мүмкүнчүлүгүн тарыткандык болуп саналат. Буга жооп катары адабиятчы-педагог С.Батакановванын төмөнкү сүйлөмдөрүн сөзмө-сөз келтирсек: «…адабият сабагында көркөм чыгармага талдоо жүргүзүү бул материалды эле окуп-үйрөнүү эмес, ал белгиленген саатта сабакты уюштуруу, эстетикалык-теориялык билим берүү, учур талабына шайкеш келген тарбиялоо да болуп саналат. Демек, адабият сабагында чыгармага көркөм-эстетикалык талдоо жүргүзүү аркылуу материалдын мазмунундагы же формасындагы өзгөчөлүктөрдү гана таанып-билүү, үйрөнүү менен чектелбестен, андагы поэтикалык дөөлөттөрдүн нарк-насилине байланыштуу философиялык жагын төмөнкүдөй бөлүштүрүүгө болот: турмуштук-адеп-ахлактык (1); социалдык-прагматикалык (2); позитивдүү-эстетикалык (3); саясий-эстетикалык (4); диний-мистикалык (5)» [Батаканова С. Т. Мектепте көркөм чыгармаларды талдоонун илимий-педагогикалык негиздери. – Б.: 2010, 15-бет.] деп бөлүштүрөт. Маселен, аталган стандартта кыргыз адабиятын окутуунун милдеттери – «адабий чыгармаларды окурмандык толук кандуу кабыл алуусун жана түшүнүүсүн, адабий чыгармага эмоционалдык мамилесин билдирүүсүн камсыздоо; этномаданий мамилени колдонуу менен, кыргыз адабиятынын сөз түрүндөгү искусство катары өзгөчөлүгүнө маани берүүсүнө шарт түзүү; адабий чыгармадагы көркөм сүрөт каражаттарынын ролун түшүнүүгө түрткү берүү; чыгарманын маанисин түшүнүү үчүн текст

менен иштөөдө окуучулардын ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн (салыштыруу, талдоо, баалоону жалпылоо) жигердештирүү; окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн ар кандай түрлөрүн өбөлгөлөө; окууга кызыгуусун жаратуу, китеп окууга зарылчылыгын жана китеп окуунун баалуулугун, китептин баалуулук багыттарга таасирин түшүнүүсүн калыптандыруу» [Кыргыз Республикасынын окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү мектептеринин 10-11-класстары үчүн «Кыргыз адабияты» курсу боюнча предметтик стандарты. – Б.: 2018, 7-бет.] деген сыяктуу түшүнүктөр менен туюндурулат.

Ырас, кыргыз адабияты дүйнөлүк адабияттын башка үлгүлөрүндөй эле өнөр экендиги талашсыз. Бирок анын кыргыз эли үчүн кылган кызматын башка улуттук адабияттар менен салыштырып кароо жана билим берүүчүлүк табиятын бирдей принципке алып келүү мүмкүн эмес. Эгер кыргыз адабиятынын билим берүүчүлүк миссиясын ушундай тар түшүнүккө такап коюу кыргыз баласын этномаданиятынан, этнопсихологиясынан толук ажыраган кырдаалга жеткирет. Анткени ал түшүнүктөр кыргыз элинде көркөм адабияттын мазмунунда жашап, ал эми коомдук-социалдык чөйрө таанып-билүүчү деңгээлге жете электигин, андай көйгөйдү үйрөтүүчү сабактардын программасы түзүлгөнгө чейин аны ушул негизде гана чечүү мүмкүн экендигин белгилей кетели. Демек, кыргыз адабияты сабагы жогорку класттын окуучуларына көркөм чыгарманы талдап үйрөтүүдө анын сюжети жана композициясы, негизги образдары, баяндоо стили, адабий тилди пайдалануудагы өзгөчөлүктөрү менен бирге аны турмуш чындыгына коюп, салыштырып анализдөө аркылуу алар жашоосунда керектүү билимди алып келген. Азыр деле кыргыз адабияты ошондой эле милдетти жатканын айтууга болот, б. а. балдар адабий чыгармадагы образдардын тегерегинде түрүү вариантта ой жүгүртүшүп, андан алынган ой корутундуларын элдин турмушун аныктап билүүгө жумшап келет. Окуучулар көркөм чыгарманы кандай форматта талдабасын, алардын жыйынтык ойлору толук бойдон турмуш чындыгына байланышып, ага тиешелүү көркөм-эстетикалык бааны да, искусство катары түшдүрүү позициясын ошол өңүттөн аныктайт.

Көркөм чыгарма окуучунун колуна китеп түрүндө тийсе да, аны кабылдоо мотивдери – сюжеттеги окуялардын баяндалышын искусство катары кабыл алуудан мурда баатырлардын, акылмандардын образдарына көңүл буруп, аны эмне үчүн чыгармага жайгаштырганын иликтөөгө болгон кызыкчылыктар аркылуу аныкталат. Канча сурамжылоо иштерин жүргүзбөйлү, жогорку класстын окуучусу экенине карабастан, чыгарманын түрлөрүнө, жанрдык белгилерине, искусство катары орун алышына, аларга таянып эстетикалык маалыматтарды билүү мүмкүнчүлүгүнө токтолбостон, башкы маселе катары эркек жана аялдардын социалдык абалына көңүл бурушат. Мунун өзү жогоруда аталган стандартта көрсөтүлгөн максатына жана милдеттерине ылайык келбеген абалды жаратып, жогорку класстарда кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун ык-усулдарын кеңири алып, башка түшүнүктөрдү камтуу менен бирге салттуу методикадан чыгып, турмушка үйрөтүү кызыкчылыктарын кошо камтый кетүү зарылдыгын ачыктайт. Анткени кыргыз адабиятындагы дүйнө кабылдоону орус же Батыш элдеринде аныкталган түшүнүктөр менен «аныктай берип, элдин көркөм ойлоосунун формасы, б. а. жанрлары өз жолу менен «жашап» келет. Өнүккөн өлкөлөрдүн биринен мазмундук жактан көчүп келген кыргыз адабиятынын предметтик стандартындагы андай максат менен милдеттерди окуу программасына «таңуулоо» окутуунун сапатын жакшыртууга жардам бербейт, ошол себептен жогорку класстарда кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу методикасын практикалап, өтүлчү сабактардын планын, окуу-методикалык иштелмелерин, ык-усулдарын, жыйынтыктоочу модулдун суроолорун ушул ыңгайдан пайдаланып, андан алынган натыйжаны республика боюнча адабият сабактарына сунуштоо бул изилдөөнүн максатын ишке ашыргандык болот.

Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуу ушул эле стандарттын концепциясы катары аныкталган төмөнкү сүйлөмдөрдө берилген маанини толук жетекчиликке алат, б. а. анын окуу предмети катары мазмунунун негизин кыргыз адабиятынын казынасын түзгөн көркөм чыгармаларын мектепте окуп-үйрөнүүгө, ааламдын түрдүү кубулуштагы сырын, адамдын жан дүйнөсүндөгү татаалдыкты, келишпестикти, пендечиликтин

мазмунудагы эстетикалык баалуулуктарды туюп, андан адам суктанчу белгилерди бөлүп кабылдап, ал турмушту ар кыл көркөмдүктө чагылдырган образдар аркылуу «адабияттын адеп-ахлактык, эстетикалык, таалим-тарбиялык, дүйнө таануучулук жана билим берүүчүлүк мүмкүнчүлүгү өтө кенендигин» [Кыргыз Республикасынын окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү мектептеринин 10-11-класстары үчүн «Кыргыз адабияты» курсу боюнча предметтик стандарты. – Б.: 2018, 7-бет.] далилдеп окуучуларга үйрөтүүгө, алардын жардамы менен кыргыз элин ар тараптан таанып-билүүчү компетенцияны калыптандырат.

Мунун баарын окуучулардын жан-дүйнөсүнө сиңирүү оңой жумуш эмес. Анын баарын окуучу өзүнө жеткиликтүү кабылдоо үчүн чыгарманын формасына караганда мазмунуна артыкчылык берүү жумуштары буга чейинки окутуунун методикасында негизги орунда туруп, ал окуу китебинде кандай бериле турган болсо, окуучулар ага өз пикирин билдире албагандыктан, балдар үчүн түзүлгөн окуу программасы «кызыксыз» экендигин сурамжылоого алынган жооптор ырастайт. Ошондуктан кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуу кайсы чыгарманы болбосун талкуулоодо турмуштук материалдарды жыйноо, аларды тарбиялык мааниде үйрөнүү, ага карата жоопторду варианттары менен түзүү, канчалык туура болушу мүмкүн экенин логика аркылуу турмуш чындыгына салыштырып тактоо, коомчулукка жарыялоо (класста презентациялоо), кызыкчылыгы болсо андан ары иликтөөгө өзгөчө маани берип, окуучулардын изилдөөчүлүк компетенциясын өнүктүрүүгө шарт түзүшү керек. Бул сабак кандай формада өтүлбөсүн нормалдуу көрүнүш катары кабыл алынууга тийиш. Аны кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутууда сапаттуу колдонуш үчүн салттуу методикалык ыкмалар - көркөм чыгарманын тексти менен толук таанышып чыгуу, талаш ойлордо «жеңишке жетүү» үчүн илимий-популярдуу адабияттарды пайдалануу, ой эффективдүү болушу үчүн тексттен келтирилген мисалдарды (үзүндүлөрдү) көркөм окуу, кооз жана поэтикалуу учкул сөздөрдү, макал-ылакаптарды колдонуу, образдарды таамай ачып берген илимпоздордун ойлорун

келтирүү, көркөм-элестүү саптарды жатка айтуу сыяктуулар керек экендигин белгилей кетели.

Өлкөдө кийинки мезгилдерде сырттан келген ык-усулдарга басым жасап, салттуу окутуу формалары менен ык-усулдарын «жээригендик» күч алып барат. Бирок мындай аракеттер бардык учурда эле өз түшүмүн берген жок, тескерисинче белгилүү бир убакка чейин популярдуу болуп, анан Кыргыз Республикасынын чегинде күткөн натыйжага ээ боло албай, унутта калып жатат. Мунун өзү элдин өзгөчөлүгүнө карап билим берүүнү уюштурмайын сырттан «көчүрүп келген» окутуу усулдары окуу программаларда сакталып турганы менен окуучулардын сапаттуу билим алышына жолтоо гана болуп берүүдө. Мектептен энциклопедиялык билим алат деш акылга сыйбаган түшүнүк экени талашсыз, бирок мамлекет ар бир саатка (кадимки кредит катары) төлөп жаткандан кийин окуучу жаран катары өз элине кызмат көрсөтүү үчүн белгилүү бир компетенцияга ээ болуп, кайда болбосун колунан келген жумушун калк алдында аткарып, тагдырын татыктуу жашоосу керек эмеспи. Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуу мына ушул маселелерди туура жолго коюуга өз салымын кошот. Бир эле кыргыз адабияты сабагы эмес, ал орто мектепте билим берип жаткан бардык предметтерге тиешелүү экенин белгилөөгө болот. Маселен, «Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы» [64] орто билим берүүдөн ушуну талап кылууда. Бул нормативдик документи кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуу менен байланыштырсак, азыркы учурда жаштарга (жогорку класстын окуучуларына) көркөм чыгарманын идеяларын азыркы социалдык чөйрөнүн керектөөсүнө пайдалануунун негизги багыттарын табууга жана концептуалдуу жол-жоболорун орто мектептеги сабактар аркылуу жайылтууга иш чаралардын планын түзүү, ошондой аны окуу процессинде сапаттуу аткарууга чакырык таштайт. Кыргызстанда аны орто мектепте жүзөгө ашыра турган кыргыз адабиятынан башка предмет жок болгондуктан, инсанга багытталган иш чараларды кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуу концепциясын түзүү жана аны аткаруу туура жол экенин көрсөтөт.

Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуу маселесин жөнгө салуу кеңири түшүнүктөр менен байланыштуу болгондуктан, кыйын абалга туш келээри белгилүү, анткени багытты туура сапаттуу уюштуруучу окуу китептер жок, ал эми бул көз карашты колдоо менен түзүлгөн окуу-методикалык куралдар жетишсиз. Кыргызстан үчүн мындай концепциянын саясый-идеологиялык мааниси жогору экендиги талашсыз, аны билим берүү мекемелеринде колдонунун стратегиялык жолдору толук аныктала элек болгондуктан, алдыда программалык милдеттер турганын билебиз. Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасын иштеп чыгууда этнопедагогикалык негизде тарбиялоого басым жасаган кыргыз окумуштуулары - А.Алимбеков, И.Бекбоев, С.Байгазиев, Б.Апышов, С.Иптаров, С.Рысбаев, А.Муратов, Т.Ормонов, С.М.Саипбаев, Б.С.Чыныбаев, Г.А.Абдымомунова, Ф.Баитова, М.Колдошев ж. б. таянуу зарылдыгы турат. Ырас, кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасын түзүү үчүн окумуштуулардын педагогикалык идеялары жетишсиздик кылат, б. а. окутуунун багыттарын кыргыз элинин бардык акыл билимдеринин жыйындысы менен толуктоо, өзгөчө көркөм-адабий ойлоонун маңызын түзгөн мифтик, диний-мистикалык, кыялый-романтикалык, натуралдык жана реалисттик ой жүгүртүүнүн бардык түрүнөн жаралган кыргыз элинин көркөм дөөлөттөрүндөгү руханий-эстетикалык байлыкты окуу процессине киргизүү практикалык проблемалар менен да коштолот.

Учурда кыргыз адабияты окутууда кандай практикалык жумуштар аткарылып, андан окуучулар эмне натыйжа алып жатканын билүү бул тарапка кызыккандар үчүн даяр объективдүү суроолор көп эле. Биз алардын баарын тизип көрүп, маанисине карай үч багытка бөлүштүрүп, ар бир багыт боюнча 10 суроо түзүп, аны айылдык жана шаардык окуучуларга таратып сурамжылоо жүргүздүк. Жогорку класстын окуучулары эртең чоң турмушка бара турган жарандар катары суроолордо олуттуу маселелерди камтууга аракеттендик. Биринчи 10 суроонун маани-маңызы «сиз кыргыз адабият сабагына канааттанасызбы жана дагы кандай чыгармаларды окугуңуз келет» деген

ойлордун айланасында болду, ал эми экинчи 10 суроого «окуу программасына кандай чыгармалар кирбей калган, аларды эмне себептен окуучулардын баары окуп-билиши зарыл деп эсептейсиз» деген суроолордун тегерегиндеги маселелерди чагылдырууга басым жасалды. Үчүнчү 10 суроо «кыргыз адабияты сабагы аяктагандан кийин сиз өзүңүзгө кандай жакшы түшүнүктөрдү алып чыгасыз» деген ойлордун тегерегинде окуучулардын пикирин билүүгө аракеттер жасалды. Окуучулар үчүн түзүлгөн анкеталык суроолор бирдей болгону менен аларды социалдык жашоо образынын өзгөчөлүгүнө жана коомдук-руханий кызыкчылыгына карай айыл жана шаардык окуучуларга таркаттык. Биринчи көңүл бура турган маселе окуучулардын кыргыз адабияты боюнча маалыматы да, билими да бирдей эмес экендиги байкалды. Айылда окуган жогорку класстын окуучулары кыргыз адабияты сабагы көп нерсе үйрөтө тургандай мамиле кылышып, элдин философиясын (философия илими катары), байыркы жана азыркы маданиятын (культурология), элдин көп катмарлуу турмушун (социология), адамдардын психологиясын (психология), коомдогу жана үйдөгү жүрүм-турумун (этика), элдик таалим-тарбиясын (педагогика) кандай чыгарма жакшы, ошондой эле кандай чыгарма жаман болоорун (эстетика), ал тургай жашоого машыктыруу салттарды окутса канааттана турганын билдиришсе, шаарда окуган жогорку класстын окуучулары кыргыз адабияты сабагына анча маани бербей турганын көрсөтүшкөн. 10 суроо берилсе, шаардык окуучулар алардын ичинен үчөөсүнө өз пикирин билдирип, калганына жообу жок экенин да моюнга алган учурлар болгонун эскерте кетели. Ошондой эле окуучулардын жоопторунун арасынан «бул сабактын мага эч кандай кереги жок» деп так кесе айтылгандарын да кездештирдик. Элдин турмушун жакындан таанып-билүү үчүн кандай көркөм чыгармаларды окушу маанилүү экенине байланыштуу берилген суроолорго айылдык уландар байыркы кыргыздардын жоокерчилик замандарын баяндаган, байыркы эл экенин даана далилдүү көрсөткөн чыгармаларга муктаж экендигин билдиришсе, айылдык кыздар кыргыз турмушун татаал психологиялык шарттар менен сүрөттөгөн чыгармалар көп болсо деген ойлорго басым жасашкан. Ал эми шаардык уландар бүгүнкү кыргыз турмушун чагылдырган чыгармалар болсо, кыргыз адабияты сабагы кызыктуу

болмок дешсе, шаардык кыздар азыркы жашоо-турмушка жакын сюжеттердин клип же ролик түрүндө болушу кызыгууну жаратмак деген ойлорго артыкчылык беришкен.

Кыргыз адабиятынын окуу программасына кимдин кандай жакшы чыгармалары кирбей калганына байланышкан суроолорго эч бир окуучу ынанымдуу жооп берген эмес, себептерин сураганда окуучулардын дээрлик баары көркөм адабий чыгармаларды көптөн бери окуп-биле электигин моюнга алуу менен чектелишкен. «Манасты», Ч.Айтматовдун чыгармаларын сөзсүз окуш керек дешкени менен алардын баары көркөм тексттерди окуп, алардын мазмуну менен толук тааныш эместигин билдиришкен. Ырас, окуучулардын арасында «Манастын» айрым үзүндүлөрүн билгендер, Ч.Айтматовдун айрым бир повесттерин окугандар бар экенин эскертели, бирок андайлар 20 пайыздык көрсөткүчтү да бербейт. Эгер үчүнчү багыттагы суроолорго келсек, биздин кыргыз адабиятынан өзүнө кандай жакшы түшүнүктөрдү алып чыгышы мүмкүн экендигине келгенде айылдык балдар мындай соболдордун тегерегинде өтө эле көп кызыкчылыктары бар экенин айтууга аракеттенишип, өзгөчө билим берүүгө караганда тарбиялоо маанидеги окуяларды чагылдырган чыгармалар, көз карашын туура жакка багыттоочу элдик көркөм байлык керетигине токтолушса, шаардык окуучулар булар боюнча даяр жообу жоктугун көрсөтүшкөн. Изилдөөгө даярдоочу суроолор бизди да мүшкүлгө салды, б. а. кыргыз элинин бардык акыл билимдеринин жыйындысы көркөм чыгармаларда болгондуктан, жогоруда аталган (жана байкалбай калган) коомдук илимдерге зарыл болгон илимий түшүнүктөрдүн башатын түзүүчү фундамент да ошол көркөм чыгармалардын мазмунунда жашагандыкта, алардын баарын педагогикалык процесске кантип камтууга болоорун элестетүү кыйын болуп турат.

Жакшы ойлорго толгон кыял менен караганда баарын «ийгиликтүү чечкенге» болот, ал эми маселени реалдуу турмуш менен түздөн-түз байланыштырып караганда проблеманын философиясы тереңге кетет да так жооп берүү таатал маселеге айланат. Аталган көйгөйлөр окуу программасы аркылуу ишке аша турганын эске алсак, кепке алынып жаткан маселе окуу программасында кандай чагылдырылганына сөзсүз токтолуу зарылдыгы турат.

Чыгармалардын ички мазмунун жана адабий баалуулуктарын окуучуларга берүү чеберчилиги адабият сабактарында ишке ашырыла тургандыгын эсепке алсак, андагы идеяларды окуучуларга автор баяндагандай түшүндүрүү окуу программасында кандай максатта сунушталганын билүү маанилүү орунда турат. Азыр окуучуларга сунушталып жаткан окуу программасы мурда колдонулуп келген программанын толукталган варианты болгондуктан, анын негизги түзүлүшү ошол формасын толук сактаган. Маселен, «Кыргыз адабиятынын программасында» бир катар жаңылануу зарылдыгын белгилеп: «...мезгил талабына ылайык олуттуу түрдө өзгөрүлүп, кайрадан түзүлгөн бул программа идеологиялык, саясий догмалардын, соцреализмдин официалдуу категорияларынан оолак турат» [Кыргыз адабиятынын программасы. Жалпы орто билим берүүчү кыргыз мектептеринин V - XI класстары үчүн. – Б.: 2017, 2-бет.] десе, бир жыл өткөн соң жаңы курам менен түзүлгөн «Кыргыз адабиятынын программасы» [Кыргыз адабиятынын программасы: Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн билим берүү уюмдарынын V-IX класстары үчүн / Түз.: С.Байгазиев, А.Муратов, Б.Абдухамидова, К.Акматов. – Б.: 2018. – 45 бет.] кескин айырмачылыктарга ээ болгонун байкайбыз. Анда кыргыз адабияты сабагы окуучуларга билим берүүдө милдет катары кыргыз жана дүйнөлүк көркөм адабиятынан кабардар кылуу, эстетикалык табитин ойготуу жана өнүктүрүү атуулдук, адеп-ахлактык позициясынын калыптанышына болгон аракетин жумшай турганын белгилейт. Ал мектепте окуу процессинин натыйжасы – «окуучулардын көркөм нарктарды кабылдоосун жана сөз өнөрүн мыкты өздөштүрүүсүн камсыз кылуу; инсандын эмоционалдык маданиятын өнүктүрүп, анын дүйнөгө, жашоого, искусствого болгон мамиле-жообун, социалдык түшүнүгүн калыптандыруу; адамда көркөм чыгармачылык табитти, жөндөмдү өнүктүрүү, анын чыгармачылык ой чабытын, образдуу ой жүгүртүүсүн, эстетикалык туюм-сезим жана анын келечек жашоо турмушунда зарыл болгон жана башка түшүнүк, көз караштарын өстүрүү; окуучунун көркөм чыгарманы кабыл алуусундагы эмоционалдык баалуулук мамилелерин, интеллектуалдык кайрымдуулугун жана рефлексин тарбиялоо, анын бийик эстетикалык табитин жана керектөөсүн калыптандыруу; окуучунун адабий речин өстүрүп, эркин жана

сабаттуу сүйлөй жана жаза алышын, көркөм лексикасынын жана ой жүгүртүүсүнүн бай болушун камсыз кылуу» [Кыргыз адабиятынын программасы: Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн билим берүү уюмдарынын V-IX класстары үчүн / Түз.: С.Байгазиев, А.Муратов, Б.Абдухамидова, К.Акматов. – Б.: 2018, 4-бет.] керектигин көрсөтөт. Ырас, мында белгиленгендер жогорку класстын окуучулары мектепти бүткөн соң турмушта колдонуучу көндүмдөр, азыркы «илимий тил менен айтканда» кыргыз адабият сабагы үйрөтүүчү компетенциялар болуп саналат. Эгер окуу программасында ойдун андан ары өнүгүшүнө көңүл бурсак, предметтик компетенциялар – маалыматтык (1), социо-катнаштык (2), өзүн-өзү уюштуруучулук жана көйгөйлөрдү чечүү (3) [Кыргыз адабиятынын программасы: Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн билим берүү уюмдарынын V-IX класстары үчүн / Түз.: С.Байгазиев, А.Муратов, Б.Абдухамидова, К.Акматов. – Б.: 2018, 5-бет.] деп болжолдуу түргө бөлүштүрүп койгонун көрүүгө болот. Бир караганда талаш көз карашты жаратпаганы менен компеттүүлүккө негиздеп окутуу жолдорун түрдүү багыттар боюнча изилдеген белгилүү окумуштуулар - В.И.Байденко [], Л.И.Берестова [], Г.Э.Белицкая [], Н.А.Гришанова [], Н.В.Кузьмина [], В.Н.Куницина [], А.К.Маркова [], Дж.Равен, Р.Уайт [], Д.Хаймс [], Н.Хомский [], А.В.Хуторской [], ж. б. ошондой эле жогорку окуу жайларына байланыштырып кыргыз адабиятын компетентүүлүккө негиздеп окутуу маселесин караштырган Б.М.Акматовдун илимий-теориялык ойлоруна [Акматов Б. М. Кыргыз адабиятын жогорку окуу жайларында компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологиясы: Монография. – Б.: «Фаст принт», 2016, 84 – 102-беттер.] таянып карасак, проблеманы социалдык чөйрөнүн муктаждыктары менен зарылчылыктарына тиешелүү түрдүү ишмердүүлүгүндөгү, инсандардын бири-бири менен коммуникативдик мамиледеги орчундуу компетенциялардын орду так көрсөтүлбөгөнүн байкайбыз. Кыргызстанда мындай иштер жаңы гана колго алынып жаткандыктан, программада орун алган түшүнүктөрдү сындоо эмес толуктоо маанисинде айрым сунуштарды киргизүү зарылдыгы турат. Экинчи жагы, азыр билим берүү уюм-мекемелерин аккредитациялоонун стандарттары боюнча ар бир инсандын жергиликтүү билимге болгон керектөөсүн эске алуу аркылуу «өзүнө миссияны,

стратегиялык жана учурдагы пландарды, билим берүү максаттарын, окутуунун натыйжаларын, сапат менеджменти тутумун камтыган билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты болушу керектигин» [стандарт 1.1.] милдеттендирген шартта окуу программасында берилген түшүнүктөр толуктоого муктаж экенин айкындайт. Бул сабакта окула турган көркөм чыгармаларды кайсы багыттан окутууну окуу программасы белгилүү өлчөмдө «кармап турса» да, аны окуучуларга түшүндүрүүнүн чен-өлчөмдөрүн ошол жерде керектелүүчү социалдык кызыкчылыктар, окуучунун инсан катары чече алуусун жөнгө салган инсанга багыттап окутуу парадигмасы жүзөгө ашырууга тийиш. Демек, көркөм чыгарманы окутууда мугалим анын бийик моралдык-этикалык асыл нарктарына, гумандуу идеяларына басым жасап, андан окуучулар алчу компетенция тарбиялуу экенин өз чөйрөсүнө мүмкүнчүлүгүнүн жетишинче көрсөтүп, адабияттын турмушту таанытуучулук потенциалын айкындаса, биз муну сабакта кайсы чен-өлчөм менен карап түшүндүрөөрүбүз белгисиз бойдон турат. Муну көркөм-эстетикалык деген чен-өлчөм кароого жана окуучуларга ушул формада түшүндүрүүгө болбойт, б. а. кыргыздар көркөм чыгарманын кооздугун көркөм сөздүн айкаштарындагы мазмундун тереңдиги менен аныктаса, анын окурмандар арасындагы рейтинги да чыгарманын маңызында турган ойлордун нарктуулугун кеп ишмердигинде аркылуу бааланат.

Окуу программасына тандалып алынган адабий материалдарды жайгаштыруу окуучулардын жаш өзгөчөлүгүн эске алуу менен дидактиканын принциптеринин негизинде ишке ашырылаары белгилүү. Ал эми аларды окутуу окуучулардын кабылдоо мүмкүнчүлүгүнө жараша аныкталып, жагымдуу педагогикалык шартта окуучулардын психологиялык жаш өзгөчөлүгүнө туура келүүчү чен-өлчөмдө каралып, чыгарманы социалдык жактан таанып-билүүчү окуучунун инсандык кызыкчылыгы аркылуу автордун көркөм-эстетикалык дүйнө таанымын класстагы балдардын талдоосуна коёт. Адабий чыгармаларга окуучулардын муктаждыгы жаш өзгөчөлүгүнө жараша аныкталып, чыгармалардын сюжети, андагы образдар системасы, каармандардын турмушу аркылуу чагылдырылган проблемалар жөнөкөйдөн татаалга карай идеялык мазмун түзүп, калк турмушуна баа берүү үчүн адам мүнөзүнүн татаалдыгы, ички

психологиялык карама-каршылыктар, социалдык келишпөөчүлүк, пендечиликтин орду, ага тиешелүү адеп-ахлактык нормалар, моралдык жана руханий жалпы эрежелерге таянып, жеңилден оорго карай класстан класска өтүп, кыргыз адабияты сабактарында улам тереңдетилип жүрүп отуруусуга тийиш.

Кыргыз адабиятындагы адабий чыгармаларга талдоо жүргүзүүдө ар бир коомдук илим өзүнүн спецификалык өзгөчөлүктөрүнө карай мамиле кыла турганын эске алсак, акыркы окуу программасында көрсөтүлгөндөй кыргыз адабияты сабагында көркөм чыгарманы окуп-үйрөнүүнүн максаты аны искусствонун бир түрү катары өздөштүрүү менен чектелбейт. Автордун чеберчилигин чыгарма аркылуу аныктап, көркөм сөз өнөрүнүн классикалык белгилерин көрсөтө алган кээ образдарга педагогика илими өтө эле аяр карап, андай образдарды ачып көрсөтүүчү айрым «пендечилик касиеттерин» айланып өткөн учурлар адабият сабагында көп эле кездешет. Буга мисал катары Ч.Айтматовдун «Гүлсарат» повесттин алсак, өзгөчө Танабайдын «түн катып» жүрүшү окуучулар талкууга алуучу маселе эместигин ар бир мугалим билет. Адабиятчылар да, эстетиктер да бул эпизодго жазуучунун образ түзүү чеберчилиги катары карап, ал жердеги шарттуулук менен адам жашоосундагы татаалдыкты, ал аркылуу адам мүнөзүнүн, реалдуу чындыктын таасиринде турмушка карата өзгөрүп туруучу жана пендечиликтин асылдыгы ошонусун сезип, зарыл болгон абалда түшүнүүчү принциптерден талдап, жазуучунун талантын аныктаса, дидактика иштеп чыккан билим берүү жана тарбиялоо салттары буга жол бербейт. Элдин кыргыз адабияты боюнча кийинки муунга билим, таалим жана тарбия берүү жумуштары да ушундай эле негизде түзүлгөн. Эгер улуттук фольклордо, калктын салттарында, үрп-адаттарында, элдик оюндарында сакталып келген мазмундун бир тарабын балдарга билим жана тарбия берүүчү касиеттер кармап, эл жашаган доордун мазмунуна жараша иштелип, толукталып, дайыма тазаланып, урпактарга өткөрүлүп келгендиктен, калк кадырлаган чыгармалардагы идеялар кристаллдай таза, түшүнүүгө оңой, көркөм-эстетикалык табияты универсалдуу келип, алардан элдин көркөм маданияты, улуттук интеллекти кандай көрүнсө, педагогикалык ойлорунун үлгүлөрү таза, колдонууга даяр түрүндө турат. Албетте кийинки акын-

жазуучулардын чыгармаларында ал индивидуалдуу касиетке өтүп, педагогикалык мамиле этүүдө ар бир муундан чеберчиликти, дидактикалык терең талдоону талап кылса да, калктын келечек муундарына кыргыз адабияты боюнча билим берүүдө бир тараптуу мамиле кылып, инсанды тарбиялоо жумуштарынан ажыратбашыбыз керек. Андай окутуу кыргыз адабиятын илимий педагогикада «тазаланган» дидактикалык эрежелерден эле эмес, элдин коомдук-социалдык руханий муктаждыгын канааттандыруучу (мисалы, «кызга кырк үйдөн тыюу» дегендей) социалдык чөйрөдөгү эмпирикалык билим берүү салттарынан да бөлүп салган болобуз.

Түгөлбай Сыдыкбековдун «Көк асаба» тарыхый романын кыргыз этнопедагогикасына негиздеп окутууну уюштурууда жана жүргүзүүдө кыргыз адабияты мугалимдерине октутуунун теориялык негизги үч булагы менен тааныш болууну жана аларды пайдалануу зарыл деп эсептейбиз. Биринчи булак, Сыдыкбековтаануу илимине өзгөчө салым кошуп , ал боюнча бир нече эмгектерди жарыялаган профессор А.И.Мусаевдин эмгектерин пайдалануу. Профессор А.И.Мусаевдин 2023-жылы жарык көргөн «Гармония мезгил-адам-коом- Гармония время-человек-общество» (Б.: 2023-420б. аттуу эмгегиндеги «Тарыхый чындык жана көркөм чындык» (аталган эмгектин 246-265-беттери) жана «Байыркы тарых жана көркөм иликтөө» (эмгектин 282-294-беттери ) аталган бөлүмдөгү «Көк асаба» романынын жазылыш тарыхы, мазмуну идеясы тууралуу мугалимдерге керектүү маалыматты бере алат. А. Мусаев Т.Сыдыкбековдун өзүнөн романдын жазылыш тарыхы боюнча төмөнкүдөй маалыматтарды алгандыгын билдирет. «Муну жазууда үч нерсеге негиздендим: бирнчи- тарыхый маалымат. Экинчи- «Манас» баштаган оозеки чыгармачылык, санжыра. Үчүнчү- элдин руханий дүйнөсү. Ушул үчөөнү салыштырып караганда бирине-бири өрүлүшкөн алтын аркан сыяктанып көрүндү. Тарыхый кырдаал менен дилиме ушунчалык сиңди. Угуз хандын, Култегиндин ж.б. жүрүштөрү көзүмө кадимкидей дааналанды, аларды көрүп тургандай жаздым (А.Мусаевдин аталган эмгегинин 247-248-беттери).

Кыргыз адабияты мугалими Т.Сыдыкбековдун бул сөздөрүн окуучуларга айтып, алардын романды окууга болгон кызыгууларына шык берүүгө тийиш.

«Көк асаба» романы боюнча филология илимдеринин доктору, профессор Ү.Б.Култаеванын «Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн «Көк асаба» романында чагылышы» (Китепте: Ү.Култаева. Илимий эмгектердин алты томдук жыйнагы 1-том. Б.; «Бийиктик плюс», 2015.-140-148-беттер) жана «Көк асаба» романындагы баатырдык романтизмдин белгилери» (Китепте Ү.Култаева. Илимий эмгектердин алты томдук жыйнагы: 2-том. Б.: «Бийиктик плюс», 2015-234-239-беттер) деген макалалары менен да кыргыз адабияты мугалимдери тааныш болушу шарт. Үмүт Култаеванын «Ал эмес окурмандык тажрыйбасы жетишсиз адам романды жеңил-желпи түшүнө албайт. Анткени романды окуп-түшүнүү үчүн окурмандын ошол тарыхый даяр, дегеле, кыргыз элинин тарыхый жана эпикалык салттары боюнча тиешелүү билими болушу зарыл»,- деген талабы мугалимди ойлонтууга тийиш. (1-том 141-бет)

Экинчи булак, Т.Сыдыкбековдун өзүнүн «Көк асаба» романына жазган «Автордук сөз» деп аталган кириш сөзү. Мында жазуучунун төмөнкү осуяттарынан сырткары сабакта сөзсүз окулууга тийиш деп эсептейбиз. «Бабалар өтөгөн бардык жакшы иштер аталарга , аталардын өтөгөн жакшы иштери балдарга сабак « (Т.Сыдыкбеков «Көк асаба» Д.: Адабият, 1989.-5-бет).

«Эң кооз, эң укмуш жана маанилүү асыл мурасты бабаларыбыз укум-тукумга белек этти. Ал сууга жуулбас, отко күйбөс, алааматтарда кыйрабас Улуу сөз Сепилдери! Биз аны канчалык баалап, терең иликтеп туюнган сайын, ал бизге тунгуюктагы укмуш сырларын ача берээр эң асыл мурасыбыз. Жалпы элдик чоң маданияттын төрүнө энчилеш» (аталган китептин 11-бет). Улуу жазуучунун бул сөздөрү аркылуу окуучулар тарых жана тарыхый романдар аркылуу окуучулар тарых жана тарыхый романдар тек гана өткөндү баяндап берүүчү маалыматтар эмес экендигин, алар улам кийинки муундарга жаштарга бериле турган таалим-тарбия, үлгү, сабак экендигин, аңдап-билүүлөрү керек. Ошондо гана «Көк асаба» романын окууга жана түшүнүүгө, ал боюнча жекече жыйынтык чыгарууга аракеттер окуучуларда калыптанат.

Жогоруда Т.Сыдыкбеков романды жазууда үч нерсеге негизделгенин, анын экинчиси «Манас» баштаган оозеки чыгармачылык, санжыра болгондугун белгиледик. Кыргыз адабияты мугалими «Көк асаба» романын жазууда «Манас»

эпосу баш болгон элдик оозеки чыгармалардын романда кандайча колдонулгандыгын факт-мисалдар менен ачып берүүсү талап кылынат. Бул маселеге биз романдан бир мисал келтирүү менен кайрылалы.

Романдын 1-бөлүмүндө «Теке мерген» (69-78-беттер) деген бөлүмдүн 75-бетинде мындай сүйлөгөндөр бар. «Дал ушундай жөрөлгөлөнгөн Теке кенжеси Жолборсуна баш тоголотуп, ага мергенчиликтин, жоокерчиликтин адистигин берип уулун кадик мерген, коркпос жоокер болсо дегенде эки көзү төрт болучу... Уулун ат үстүндө чоңойсун деп жылкычыларга да кошкон. Ал мергенчиликке кадик болсун деп аны өзү жанына ээрчитип, ууга алып чыгуучу». Бул бала тарбиялоодогу кыргыз элдик педагогикасынын, элдик билим берүүсүнүн мыкты үлгүсү катары таанылган. Б.а., бала тарбиялоодо сөз менен айтуу, акыл айтуу, кулагына куюу сыяктуу тарбиялык иш-аракеттердин майнабы, натыйжасы аз. Ал эми тарбиялоодо тигил же бул ишти баланын өзүнө жасатып, өзүнө көрсөтүп, өзүн кылдыруу кыргыз элинде кеңири тараган. «Манас» эпосунда да жаш Манасты Ошпур койчуга кошуп, кой бактырууда да тарбиялоонун мыкты үлгүсү катары бааланат. Эпостогудай эле «Көк асаба» романында жаш Жолборсту жылкычыларга кошуп коюу, мергенчиликке кошо алып чыгуу эпизоддору бекеринен берилген эмес.

Мындан улам Т.Сыдыкбековдун Көк асаба романы кыргыз элдик педагогиканын идеяларына, тажрыйбаларына, билим берүү салттарына терең сугарылган роман жана аны окутуу-үйрөтүү ушул нукта жүрүшү зарыл деген тыянак чыгаруубуз зарыл.

Жогорку класстын окуучулары өздөрүн психологиялык жактан жетилип калган инсан катары сезишет. Алардын жан дүйнөсүндө болуп жаткан мындай ишенимди туура пайдалануу педагогикалык процессте балдарга жашоо-турмуштагы түрдүү кубулуштарды туура кабыл алып, жеткиликтүү элестөө менен турмуш жолунда жаңылбаганга жол ачат. Кыргыз элинин уникалдуулугу кандай маселе болбосун социалдык чөйрө коллективдүү ойлонушуп, биргелешип чечкенинде турат. Бул кыргыздарда кылымдар бою сакталып, элдин балдарга билим берүү, жаштарды тарбиялоо тууралуу идеяларынын өзөгүн түзүп, андай педагогикалык иш-аракеттерди зарылдыгына көркөм чыгармалардын бардыгына

сиңирилип, керек жерде акылмандуулук, адептүүлүк, мекенчилдик, баатырдык сабырдуулук, ж. б. адамдык сапаттарды колдонуу идеялары даяр түрүндө бүгүнкү күнгө жеткен болсо, аны окуучуларга үйрөтпөй коюу өлкөнүн эртеңкисин жоготкондукка барабар көрүнүш экенин эскертели. «Ошол себептен, аны көркөм чыгарманын ичинен талдаган учурда, мугалим турмуштун өзүнө, ар бир окуучунун адеп-ахлактык мүмкүнчүлүгүн кайрылганы, философиялык жактан туура методологиялык принцип болуп саналат. Ошондуктан көркөм чыгарманы талдоо – турмуштун өзүндөй эле, бардык көрүнүштөргө, кубулуштарга өз баасын берүүгө үйрөтт. Окуучуларды сезими, кыялы жана ишеними менен көркөм чыгармага баа берүүгө каныктыруу. Аны үйрөнүүдө ар бирине толук эркиндик берүү, өз оюн айта билүүгө жана пикирин башкалар менен бөлүшүүгө, талкуулоого мүмкүнчүлүк түзүү адеп-ахлактык методология принцип менен толук коштолот» [Батаканова С. Т. Мектепте көркөм чыгармаларды талдоонун илимий-педагогикалык негиздери. – Б.: 2010, 17-бет.]. Азыр учурда мектептерде кыргыз адабиятын окутуу жумуштары мындай методологиялык принциптерден чыгып кете элегин эске алсак, анда бул сабактан жогорку класстын окуучуларына билим берүү иш чараларында чыгарманы талдоо, аны түрдүү багыттан баалоо андагы образдарды элге терең сиңген дидактикалык эрежелер менен анализдөө критерийлери чыгарманын жанрын аныктоого, андагы эстетикалык табылгаларды көрсөтүүгө караганда маанилүү экендиги белгилүү. Маселен «Манас» теңдешсиз эпопея деп эстетикалык, жанрдык-тематикалык жактан далилдөөгө караганда «Манастагы» көп идеяларды кыргыздын турмушуна байланыштырып көтөрүп чыккандыгын, андан кийинки муундар жогорку деңгээлде анализге алуу аркылуу турмушта көйгөй түзгөн ойлорду класста талкуудан өткөрүү окуучуларда бир катар компетенцияларды калыптандырып чыгаары анык.

Демек, мунун өзү орто мектептин жогорку класстарынын окуучуларына кыргыз адабияты боюнча сапаттуу билим берүү үчүн аталган окуу программасында берилген компетенциялар менен чектелүүгө болбостугун көрсөтөт. Ал эми мектептин жогорку классында окуган улан-кыздарга турмушка керек, окууну бүткөн соң билим катары пайдаланууга мүмкүн болгон

компетенция калыптандыруу үчүн мындан тышкары чыгармада берилген идеяларды азыркы коомдун талаптарына алып келүү, өздөштүрүлүүчү окуу материалын кийинки муун социалдык кызыкчылыктарына байланыштырып түшүндүрүү соңку жылдарда начарлап кеткенине байланыштуу насааттарды динден издей баштаганы байкалат. Ошондуктан орто мектептин X - XI класста окуган окуучулары кыргыздын өзүнө таандык салттарынан сүрүлүп чыгып калбаш үчүн кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу зарылдыгы турса, ал окуучуларга керек компетенция социалдык-турмуштук керектөөдө өз ордун туруктуу ээлеп калуусуна кам көрүп, аны балага жеткирүү багытын туура коюуну көздөшү керек. Кайсы тарабынан албайлы, турмушка керек болгон маалыматтардан чыккан жыйынтык - билим экендигин, ал көп түрдүү кызыкчылыктарды жеке турмушу менен айкалыштырып колдонууда гана аныкталышы мүмкүндүгүн [Акматов Б.М. Кыргыз адабиятын жогорку окуу жайларында компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологиясы. Пед.илим.докт. автореф. – Б.: 2016, 19-бет.] белгилеп жатышат. Ал адамдардын социалдык чөйрөдөгү инсандык мамилелерде жана коомдук пикирлешүүдө ойду чагылдыруучу маалыматтык каражаттын кызматын аткарып, билимин башкаларга көрсөтүү шартында ачылат. Айрым мындай билим жеке инсандык сапаты көрүнсө, жарандын өздүк мүмкүнчүлүгүн бөлөктөргө таанытууда колдонулган каражаттар катары өзүнчө категорияга шайкеш келген учурлар да бар. Мамлекеттик билим берүү стандартында [Кыргыз Республикасынын окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү мектептеринин 10-11-класстары үчүн «Кыргыз адабияты» курсу боюнча предметтик стандарты. – Б.: 2018, 7-бет.] негизги компетенциялар түздөн-түз Кыргызстандык балдардын кыргыз адабияты карата түзүлгөн коомдук-социалдык кызыкчылыктарынан улам аныкталбагандыктан, мектепте окуучулар билим берүү процессинде кандай негизги компетенцияга ээ болушуна жооп берүү мүмкүн эмес. Экинчи жагы, азыр окуучулардын жашаган жерине байланыштуу кыргыз адабияты болгон турмуштук талабы ар түрдүү. Маселен, ушул стандартта белгиленген “маалыматтык компетенттүүлүк – керектүү маалыматты чогултуу, аны менен иштөө, сактоо жана пайдаланууну” [Кыргыз Республикасынын окутуу кыргыз

тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү мектептеринин 10-11-класстары үчүн «Кыргыз адабияты» курсу боюнча предметтик стандарты. – Б.: 2018, 9-бет.] айылдык жана шаардык окуучулар арасында бирдей критерий катары кабыл алууга болбойт, б. а. шаардык окуучулардын кыргыз адабиятын билүү деңгээли, компетенция катары колдонуу түшүнүгү төмөн. Шаардык окуучулар интернет булактарын көп пайдалангандыктан, маалымат менен иштөө маданиятын орус тилинде өздөштүрүшүп, керектүү маалыматты кыргыз адабиятына максаттуу колдоно алышпайт. Ошондуктан чыгармадагы кээ бир үзүндүлөрдү салыштырууда, талдаган учурда, өз оюна мисал келтирүүдө айылдык окуучулар жеткен көндүмдөрдү сабакта туура пайдалануусу кыйынга турат. Ошол себептен шаардык окуучулардын социалдык-коммуникативдик компетенциялары бул стандарт аныктаган талапка жетпейт.

Биз тарабынан таркатылган анкетага берилген жоопторго таянсак, Бишкекте окуган жогорку класстын окуучулары сабактан тышкаркы учурда социалдык-коммуникативдик компетенцияларын орус тилинде жүргүзүшөт, б. а. “социалдык топтун жана башка адамдардын кызыкчылыктары менен айкалыштырууга, башка адамдардын ар түрдүү көз караштарын таануунун жана баалуулуктарына (диний, этникалык, кесиптик, инсандык) сый мамиленин негизинде өз көз карашын маданияттуу далилдөөгө” [Кыргыз Республикасынын окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү мектептеринин 10-11-класстары үчүн «Кыргыз адабияты» курсу боюнча предметтик стандарты. – Б.: 2018, 9-бет.] аракеттенишпейт. Мунун өзү орто мектептин жогорку класстарында окуган окуучулардын улуттук иденттүүлүгүн сактоого эч кандай кам көрүлбөгөндүгүн, эгер ушул багыт боюнча кете берсек, кыргыз улутунун келечек тагдыры кандай болоорун элестетүү кыйынга турат. Мындай көрүнүш жалпы билим берүүчү мектептердин жогорку класстарына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууда ар бир мектептин жайгашкан жерине, окуучуларынын кыргыз адабиятын өздөштүрүү деңгээлине, керектүү маалыматты алуу менен чектелбестен, өз ара маектешүүнү (диалог) кыргыз адабиятынан алган билими аркылуу жүргүзүүгө, социалдык жана инсандык көйгөйлөрүн башкаларга кыргыз тилиндеги оозеки, же жазуу түрүндөгү тексттер

аркылуу берүүгө зарыл болгон коммуникативдик компетенциялардын негизги принциптери менен критерийлерин иштеп чыгуу зарылдыгын да көрсөтөт. Бишкекте окуган окуучуларга эмне үчүн сүйлөшүүнү (коммуникацияны) орусча жүргүзө турганын сураганда, көпчүлүк балдар диалог түзүү орус тилинде жеңил экенин, бардык формасы иштелип чыкканын билдиришкен. Туура, кыргыз адабиятындагы көркөм сөз каражаттарын колдонуп, ойду далилдүү айтып же жазып берүүгө даяп текстик ишмелмелер болбогондуктан, орусча кошуп сүйлөгөндөн тартынган окуучулар өз ойлорун социалдык чөйрөдөгү башка адамдарга жеткирүүдө кыйналышууда. Бул көйгөйдү чечүү үчүн улуттук билим берүүдө өнүккөн өлкөлөрдүн билим берүүсү менен белгилүү өлчөмдө интеграцияланган этнопедагогикалык негизде окутуунун парадигмасын түзүү зарыл. Ошондо гана жаңы стандартта белгиленип жаткан “өз алдынча уюштуруу жана маселелерди чечүү» компетенттүүлүгү – маалыматта, окуу жана турмуштук кырдаалдарда ар түрдүү ыкмаларды пайдалануу менен өз алдынча же башка адамдар менен өз ара аракеттенүүдө карама-каршылыкты табуу, ошондой эле кийинки аракеттер жөнүндө чечимдерди кабыл алуу даярдыгы” [Кыргыз Республикасынын окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү мектептеринин 10-11-класстары үчүн «Кыргыз адабияты» курсу боюнча предметтик стандарты. – Б.: 2018, 9-бет.] жүзөгө ашуусу мүмкүн, болбосо андай билимден Бишкекте окуган окуучулар сыртта калат. Анткени биз даярдаган сурамжылоо анкеталарына берген жоопторунда шаардык окуучулар достору менен сүйлөшүүлөрү дээрлик орус тилинде экенин, ал эми өзүнүн максаты англис тилин үйрөнүп чет өлкөдө жашоо, алдыга умтулууларына Кыргызстандагы билим берүү жетишсиз экендигин, кесипти чет өлкөлөрдүн биринен алса, өзүн толук билимдүү деп эсептей турган кыялдары менен бөлүшкөн. Ал эми кыргыз мамлекети үчүн кандай кызмат кылышына карата берилген суроолорго чет өлкөдөн окуп келгенден кийин жардам көрсөтө алабыз деген ойлорун айтышкан. Ушундай эле суроолордон турган анкеталарды айылдык окуучуларга бергенде кыздардын дээрлик баары окуш керек дешсе, кээ бир уландар чет өлкөдө окуу кыялында бар экенин билдирсе, көпчүлүгү жогорку билим албай эле өз айылында жакшы жашоо куруп алаарына ишеним артышкан.

Реалдуу турмуштук шартта айлана-чөйрөдөгүлөр менен кайсы тилде сүйлөшүүнү туура көрөөрүнө карата берилген анкеталык суроолорго Бишкектин окуучулары орус тилине артыкчылык беришкен. Ал эми себебине токтолгондо орус класста окуган классташтары менен түшүнүшүү оор болоорун (1), айрым өзү теңдүүлөр кыргызча сүйлөгөнү үчүн шылдыңдоо менен мамиле кылышаарын (2), сабактар гана кыргызча болбосо, сыртка чыккандан кийин бардык сүйлөшүүлөр орусча болгондуктан, таза кыргызча сүйлөөгө кептик даярдыгынын жетишсиздигин (3) көйгөй катары келтирсе, кээ бир окуучулар жанындагы адамды укканда сөзүнө түшүнбөгөндүгүн (4), өзүнүн оюн кыргызча жеткирүү кыйынга тураарын (5), өзүнүн көз карашын кыргызча билдирүүдө кыйналаарын (6), кыргызча жакшы үйрөнүп, адабий тилде сүйлөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болгондо деле ал ресурстарды пайдаланууга Бишкекте мүмкүнчүлүк жок экендигин (7) ачык эле жазышкан. Мындай көрүнүштөр кыргыз адабиятын эле эмес, Кыргызстандагы бардык сабактарды этнопедагогикалык негизде окутуу керектигин айкындап, маселе турмуштук татаал кыйынчылыктардын арасында турганынан кабар берет.

**1-глава боюнча корутунду**

Бул глава боюнча төмөнкүдөй жыйынтыктарды чыгарууга болот:

1) Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун жалпы маселелерин анын буга чейин теориялык жактан изилденип келиши менен азыркы учурда өтө маанилүү орунда турган практикалык мазмунга ээ проблемалары түзөт. Ырас, кыргыз адабияты дүйнөлүк адабияттын башка үлгүлөрүндөй эле өнөр экендиги талашсыз. Бирок анын кыргыз эли үчүн кылган кызматын башка улуттук адабияттар менен салыштырып кароо жана билим берүүчүлүк табиятын бирдей принципке алып келүү мүмкүн эмес. Эгер кыргыз адабиятынын билим берүүчүлүк миссиясын ушундай тар түшүнүккө такап коюу кыргыз баласын этномаданиятынан, этнопсихологиясынан толук ажыраган кырдаалга жеткирет. Анткени ал түшүнүктөр кыргыз элинде көркөм адабияттын мазмунунда жашап, ал эми коомдук-социалдык чөйрө таанып-билүүчү деңгээлге жете электигин, андай көйгөйдү үйрөтүүчү сабактардын программасы түзүлгөнгө чейин аны ушул негизде гана чечүү мүмкүн экендигин

белгилей кетели. Демек, кыргыз адабияты сабагы жогорку класттын окуучуларына көркөм чыгарманы талдап үйрөтүүдө анын сюжети жана композициясы, негизги образдары, баяндоо стили, адабий тилди пайдалануудагы өзгөчөлүктөрү менен бирге аны турмуш чындыгына коюп, салыштырып анализдөө аркылуу алар жашоосунда керектүү билимди алып келген. Азыр деле кыргыз адабияты ошондой эле милдетти жатканын айтууга болот, б. а. балдар адабий чыгармадагы образдардын тегерегинде түрүү вариантта ой жүгүртүшүп, андан алынган ой корутундуларын элдин турмушун аныктап билүүгө жумшап келет. Окуучулар көркөм чыгарманы кандай форматта талдабасын, алардын жыйынтык ойлору толук бойдон турмуш чындыгына байланышып, ага тиешелүү көркөм-эстетикалык бааны да, искусство катары түшдүрүү позициясын ошол өңүттөн аныктайт.

2) Көркөм чыгарма окуучунун колуна китеп түрүндө тийсе да, аны кабылдоо мотивдери – сюжеттеги окуялардын баяндалышын искусство катары кабыл алуудан мурда баатырлардын, акылмандардын образдарына көңүл буруп, аны эмне үчүн чыгармага жайгаштырганын иликтөөгө болгон кызыкчылыктар аркылуу аныкталат. Канча сурамжылоо иштерин жүргүзбөйлү, жогорку класстын окуучусу экенине карабастан, чыгарманын түрлөрүнө, жанрдык белгилерине, искусство катары орун алышына, аларга таянып эстетикалык маалыматтарды билүү мүмкүнчүлүгүнө токтолбостон, башкы маселе катары эркек жана аялдардын социалдык абалына көңүл бурушат. Мунун өзү жогоруда аталган стандартта көрсөтүлгөн максатына жана милдеттерине ылайык келбеген абалды жаратып, жогорку класстарда кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун ык-усулдарын кеңири алып, башка түшүнүктөрдү камтуу менен бирге салттуу методикадан чыгып, турмушка үйрөтүү кызыкчылыктарын кошо камтый кетүү зарылдыгын ачыктайт. Кыргыз адабиятындагы дүйнө кабылдоону орус же Батыш элдеринде аныкталган түшүнүктөр менен «аныктай берип, элдин көркөм ойлоосунун формасы, б. а. жанрлары өз жолу менен «жашап» келет. Өнүккөн өлкөлөрдүн биринен мазмундук жактан көчүп келген кыргыз адабиятынын предметтик стандартындагы андай максат менен милдеттерди окуу программасына «таңуулоо» окутуунун сапатын жакшыртууга

жардам бербейт, ошол себептен жогорку класстарда кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу методикасын практикалап, өтүлчү сабактардын планын, окуу-методикалык иштелмелерин, ык-усулдарын, жыйынтыктоочу модулдун суроолорун ушул ыңгайдан пайдаланып, андан алынган натыйжаны республика боюнча адабият сабактарына сунуштоо бул изилдөөнүн максатын ишке ашыргандык болот.

3) Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуу ушул эле стандарттын концепциясы катары аныкталган төмөнкү сүйлөмдөрдө берилген маанини толук жетекчиликке алат, б. а. анын окуу предмети катары мазмунунун негизин кыргыз адабиятынын казынасын түзгөн көркөм чыгармаларын мектепте окуп-үйрөнүүгө, ааламдын түрдүү кубулуштагы сырын, адамдын жан дүйнөсүндөгү татаалдыкты, келишпестикти, пендечиликтин мазмунудагы эстетикалык баалуулуктарды туюп, андан адам суктанчу белгилерди бөлүп кабылдап, ал турмушту ар кыл көркөмдүктө чагылдырган образдар аркылуу, б. а. алардын жардамы менен кыргыз элин ар тараптан таанып-билүүчү компетенцияны калыптандырууга багыт алат. Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуу кайсы чыгарманы болбосун талкуулоодо турмуштук материалдарды жыйноо, аларды тарбиялык мааниде үйрөнүү, ага карата жоопторду варианттары менен түзүү, канчалык туура болушу мүмкүн экенин логика аркылуу турмуш чындыгына салыштырып тактоо, коомчулукка жарыялоо (класста презентациялоо), кызыкчылыгы болсо андан ары иликтөөгө өзгөчө маани берип, окуучулардын изилдөөчүлүк компетенциясын өнүктүрүүгө шарт түзүшү керек.

4) Сабак кандай формада өтүлбөсүн кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутууда сапаттуу колдонуш үчүн салттуу методикалык ыкмалар - көркөм чыгарманын тексти менен толук таанышып чыгуу, талаш ойлордо «жеңишке жетүү» үчүн илимий-популярдуу адабияттарды пайдалануу, ой эффективдүү болушу үчүн тексттен келтирилген мисалдарды (үзүндүлөрдү) көркөм окуу, кооз жана поэтикалуу учкул сөздөрдү, макал-ылакаптарды колдонуу, образдарды таамай ачып берген илимпоздордун ойлорун келтирүү, көркөм-элестүү саптарды жатка айтуу сыяктуулар керек экендигин

белгилей кетели. Антпесе өлкөдө кийинки мезгилдерде сырттан келген ык-усулдарга басым жасап, салттуу окутуу формалары менен ык-усулдарын «жээригендик» күч алып барат. Бирок мындай аракеттер бардык учурда эле өз түшүмүн берген жок, тескерисинче белгилүү бир убакка чейин популярдуу болуп, анан Кыргыз Республикасынын чегинде күткөн натыйжага ээ боло албай, унутта калып жатат. Мунун өзү элдин өзгөчөлүгүнө карап билим берүүнү уюштурмайын сырттан «көчүрүп келген» окутуу усулдары окуу программаларда сакталып турганы менен окуучулардын сапаттуу билим алышына жолтоо гана болуп берүүдө. Мектептен энциклопедиялык билим алат деш акылга сыйбаган түшүнүк экени талашсыз, бирок мамлекет ар бир саатка (кадимки кредит катары) төлөп жаткандан кийин окуучу жаран катары өз элине кызмат көрсөтүү үчүн белгилүү бир компетенцияга ээ болуп, кайда болбосун колунан келген жумушун калк алдында аткарып, тагдырын татыктуу жашоосу керек эмеспи. Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуу мына ушул маселелерди туура жолго коюуга өз салымын кошот. Бир эле кыргыз адабияты сабагы эмес, ал орто мектепте билим берип жаткан бардык предметтерге тиешелүү экенин белгилөөгө болот. Маселен «Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы» орто билим берүүдөн ушуну талап кылууда. Бул нормативдик документи кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуу менен байланыштырсак, азыркы учурда жаштарга (жогорку класстын окуучуларына) көркөм чыгарманын идеяларын азыркы социалдык чөйрөнүн керектөөсүнө пайдалануунун негизги багыттарын табууга жана концептуалдуу жол-жоболорун орто мектептеги сабактар аркылуу жайылтууга иш чаралардын планын түзүү, ошондой аны окуу процессинде сапаттуу аткарууга чакырык таштайт. Кыргызстанда аны орто мектепте жүзөгө ашыра турган кыргыз адабиятынан башка предмет жок болгондуктан, инсанга багытталган иш чараларды кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуу концепциясын түзүү жана аны аткаруу туура жол экенин көрсөтөт.

5) Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуу маселесин жөнгө салуу кеңири түшүнүктөр менен байланыштуу

болгондуктан, кыйын абалга туш келээри белгилүү, анткени багытты туура сапаттуу уюштуруучу окуу китептер жок, ал эми бул көз карашты колдоо менен түзүлгөн окуу-методикалык куралдар жетишсиз. Кыргызстан үчүн мындай концепциянын саясый-идеологиялык мааниси жогору экендиги талашсыз, аны билим берүү мекемелеринде колдонунун стратегиялык жолдору толук аныктала элек болгондуктан, алдыда программалык милдеттер турганын билебиз. Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасын иштеп чыгууда этнопедагогикалык негизде тарбиялоого басым жасаган кыргыз окумуштуулары - А.Алимбеков, И.Бекбоев, С.Байгазиев, Б.Апышов, С.Иптаров, С.Рысбаев, А.Муратов, Т.Ормонов, С.М.Саипбаев, Б.С.Чыныбаев, Г.А.Абдымомунова, Ф.Баитова, М.Колдошев ж. б. таянуу зарылдыгы турат. Ырас, кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасын түзүү үчүн окумуштуулардын педагогикалык идеялары жетишсиздик кылат, б. а. окутуунун багыттарын кыргыз элинин бардык акыл билимдеринин жыйындысы менен толуктоо, өзгөчө көркөм-адабий ойлоонун маңызын түзгөн мифтик, диний-мистикалык, кыялый-романтикалык, натуралдык жана реалисттик ой жүгүртүүнүн бардык түрүнөн жаралган кыргыз элинин көркөм дөөлөттөрүндөгү руханий-эстетикалык байлыкты окуу процессине киргизүү практикалык проблемалар менен да коштолот.

6) Көңүл бура турган маселе окуучулардын кыргыз адабияты боюнча маалыматы да, билими да бирдей эмес экендиги байкалды. Айылда окуган жогорку класстын окуучулары кыргыз адабияты сабагы көп нерсе үйрөтө тургандай мамиле кылышып, элдин философиясын (философия илими катары), байыркы жана азыркы маданиятын (культурология), элдин көп катмарлуу турмушун (социология), адамдардын психологиясын (психология), коомдогу жана үйдөгү жүрүм-турумун (этика), элдик таалим-тарбиясын (педагогика) кандай чыгарма жакшы, ошондой эле кандай чыгарма жаман болоорун (эстетика), ал тургай жашоого машыктыруу салттарды окутса канааттана турганы аныкталды. Проблеманы социалдык чөйрөнүн муктаждыктары менен зарылчылыктарына тиешелүү түрдүү ишмердүүлүгүндөгү, инсандардын бири-

бири менен коммуникативдик мамиледеги орчундуу компетенциялардын орду так көрсөтүлбөгөнүн байкалды. Жогорку класстын окуучулары өздөрүн психологиялык жактан жетилип калган инсан катары сезишет. Алардын жан дүйнөсүндө болуп жаткан мындай ишенимди туура пайдалануу педагогикалык процессте балдарга жашоо-турмуштагы түрдүү кубулуштарды туура кабыл алып, жеткиликтүү элестөө менен турмуш жолунда жаңылбаганга жол ачат. Кыргыз элинин уникалдуулугу кандай маселе болбосун социалдык чөйрө коллективдүү ойлонушуп, биргелешип чечкенинде турат. Бул кыргыздарда кылымдар бою сакталып, элдин балдарга билим берүү, жаштарды тарбиялоо тууралуу идеяларынын өзөгүн түзүп, андай педагогикалык иш-аракеттерди зарылдыгына көркөм чыгармалардын бардыгына сиңирилип, керек жерде акылмандуулук, адептүүлүк, мекенчилдик, баатырдык сабырдуулук, ж. б. адамдык сапаттарды колдонуу идеялары даяр түрүндө бүгүнкү күнгө жеткен болсо, аны окуучуларга үйрөтпөй коюу өлкөнүн эртеңкисин жоготкондукка барабар көрүнүш экенин эскертели. Демек, мунун өзү орто мектептин жогорку класстарынын окуучуларына кыргыз адабияты боюнча сапаттуу билим берүү үчүн аталган окуу программасында берилген компетенциялар менен чектелүүгө болбостугун көрсөтөт.

7) Ал эми мектептин жогорку классында окуган улан-кыздарга турмушка керек, окууну бүткөн соң билим катары пайдаланууга мүмкүн болгон компетенция калыптандыруу үчүн мындан тышкары чыгармада берилген идеяларды азыркы коомдун талаптарына алып келүү, өздөштүрүлүүчү окуу материалын кийинки муун социалдык кызыкчылыктарына байланыштырып түшүндүрүү соңку жылдарда начарлап кеткенине байланыштуу насааттарды динден издей баштаганы байкалат. Ошондуктан орто мектептин X - XI класста окуган окуучулары кыргыздын өзүнө таандык салттарынан сүрүлүп чыгып калбаш үчүн кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу зарылдыгы турса, ал окуучуларга керек компетенция социалдык-турмуштук керектөөдө өз ордун туруктуу ээлеп калуусуна кам көрүп, аны балага жеткирүү багытын туура коюуну көздөшү керек. Ал адамдардын социалдык чөйрөдөгү инсандык мамилелерде жана коомдук пикирлешүүдө ойду чагылдыруучу маалыматтык

каражаттын кызматын аткарып, билимин башкаларга көрсөтүү шартында ачылат. Айрым мындай билим жеке инсандык сапаты көрүнсө, жарандын өздүк мүмкүнчүлүгүн бөлөктөргө таанытууда колдонулган каражаттар катары өзүнчө категорияга шайкеш келген учурлар да бар. Мамлекеттик билим берүү стандартында негизги компетенциялар түздөн-түз Кыргызстандык балдардын кыргыз адабияты карата түзүлгөн коомдук-социалдык кызыкчылыктарынан улам аныкталбагандыктан, мектепте окуучулар билим берүү процессинде кандай негизги компетенцияга ээ болушуна жооп берүү мүмкүн эмес. Экинчи жагы, азыр окуучулардын жашаган жерине байланыштуу кыргыз адабияты болгон турмуштук талабы ар түрдүү. Маселен, ушул стандартта белгиленген маалыматтык компетенттүүлүк – керектүү маалыматты чогултуу, аны менен иштөө, сактоо жана пайдаланууну айылдык жана шаардык окуучулар арасында бирдей критерий катары кабыл алууга болбойт, б. а. шаардык окуучулардын кыргыз адабиятын билүү деңгээли, компетенция катары колдонуу түшүнүгү төмөн. Шаардык окуучулар интернет булактарын көп пайдалангандыктан, маалымат менен иштөө маданиятын орус тилинде өздөштүрүшүп, керектүү маалыматты кыргыз адабиятына максаттуу колдоно алышпайт. Ошондуктан, чыгармадагы кээ бир үзүндүлөрдү салыштырууда, талдаган учурда, өз оюна мисал келтирүүдө айылдык окуучулар жеткен көндүмдөрдү сабакта туура пайдалануусу кыйынга турат. Ошол себептен шаардык окуучулардын социалдык-коммуникативдик компетенциялары бул стандарт аныктаган талапка жетпейт. Жалпы билим берүүчү мектептердин жогорку класстарына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууда ар бир мектептин жайгашкан жерине, окуучуларынын кыргыз адабиятын өздөштүрүү деңгээлине, керектүү маалыматты алуу менен чектелбестен, өз ара маектешүүнү (диалог) кыргыз адабиятынан алган билими аркылуу жүргүзүүгө, социалдык жана инсандык көйгөйлөрүн башкаларга кыргыз тилиндеги оозеки, же жазуу түрүндөгү тексттер аркылуу берүүгө зарыл болгон коммуникативдик компетенциялардын негизги принциптери менен критерийлерин иштеп чыгуу зарылдыгын да көрсөтөт.

# 2-глава: Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун адабий-педагогикалык маселелери

**Изилдөөнүн обьектиси-** жогорку класстарда кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети-** жогорку класстарда кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун теориялык жана практикалык колдонулуш маселелери.

Кыргыз тилин орто мектептердин жогорку класстарында этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасын адабиятты окутууга коюлуп жаткан азыркы суроо-талаптарга шайкеш иштеп чыгуу үчүн илимий изилдөөнүн теориялык жана практикалык материалдарын аныктап, аларды өздөштүрүү , изилдөөнүн максатка ылайыктуу методдорун тандап алуу жана педагогикалык эксперименттик иш-аракеттерди жүргүзүү, изилдөөнүн жыйынтыктарын сыноо зарылдыгы пайда болду. Бул главада аталган маселелер өз-өзүнчө параграфтарда иликтөөгө алынды.

## 2.1. Азыркы билим берүү системасы жана кыргыз адабиятын жогорку класста этнопедагогикалык негизде окутуунун зарылдыгы

Илимий изилдөө ишибиздин окуу-нормативдик негиздерин аныктоодо биз КРнын Билим берүү жөнүндөгү мыйзамына, кыргыз адабиятын орто мектептерде окутуунун мамлекеттик жана предметтик стандарттарына, жаңылоо концепцияларына, окуу программаларына кайрылып, аларды талдоо, жалпылаштыруу менен пайдаландык. Ал эми илимий жана илимий-методикалык маселелер боюнча этнопедагогика боюнча орус жана кыргыз окумуштуу-педагогдорунун эмгектери изилдөөнүн негизги материалдары катары колдонулду.

Кыргыз этнопедагогдору Абдыкерим Муратов менен Алымбеков Акматалынын илимий-изилдөөлөрү боюнча кыргыз этнопедагогика илими өткөн кылымдын 60-70-жылдары калыптана баштаптыр. А.Муратовдун пикири

боюнча кыргыз этнопедагогикасында алгачкы барандуу эмгек Талим Ормоновдун калемине таандык. Ал кыргыздардын педагогикалык көз караштары тууралуу «Манас» эпосунун мисалында 1872-жылы Казан шаарында кандидаттык диссертациялык ишин коргоп, бирок куугунтуктоонун айынан көп өтпөй эле каза болуп калган экен.

Белгилүү этнопедагог Акматалы Алымбеков кыргыз этнопедагогикасынын калыптанышы, өнүгүшу боюнча төмөнкүдөй маалыматтарды берген «Кыргыз эл педагогикасы боюнча эң алгачкы илимий маалыматтар А.Э.Измайловдун 1957-жылы жарык көргөн кыргыз мектептеринин өнүгүш тарыхына байланышкан эмгегинде кездешет. Мында кыргыз эл жомоктору менен акындар чыгармачылыгында тарбиялык идеялар учкай талдоого алынган.

Кыргыз этнопедагогикасы боюнча алгачкы атайын изилдөөлөр катары Ж.Койчумановдун ( Тоголок Молдонун агартуучулук ишмердүүлүгү жана педагогикалык идеялары, 1964ж) жана Н. Имаеванын (Токтогулдун чыгармаларындагы тарбиялык идеялар, 1971) эмгектерин көрсөтүүгө болот. Булардын ичинен Н.Имаеванын эмгеги кыргыз эл педагогикасына жалпы мүнөздөмө бергендиги менен баалуу болду.

70-жылдарда элдик педагогиканы изилдөөчү адистердин саны бир топ көбөйдү. Алардын катарына биринин артынан бири куйрук улаш диссертациялык изилдөөлөрдү аткарган Т.Ормонов, Б.Апышев, Ж.Бешимов, К.Кыдыралиев, Ж.Саипбаев, З.Кусейинова сыяктуу окумуштууларды кошууга болот.

Кыргыз этнопедагогика илими 1980-1990-жылдарда У.Эгембердиев, А.Калдыбаева, Ж.Орозбаев, А.Исаев, А.Аттокуров, А.Алимбеков, А.Бердиев сыяктуу окумуштуулардын диссертациялык изилдөөлөрү менен толукталды (А.Алимбековв. Кыргыз этнопедагогикасы –Б., 1996. 29-б.).

Этнопедагогика боюнча изилдөөбүздүн теориялык негизи катары белгилүү этнопедагог Г.Н.Волковдун « Этнопедагогика» аттуу эмгегин фундаменталдуу эмгегин эсептейбиз. Бул Г.Н.Волковдун бул эмгегинин 2000-жылы чыккан экинчи басылышы боюнча талдоого алабыз (Г.Н.Волков «Этнопедагогика» )

Эмгектин кириш сөзүндө автор этнопедагогика илиминдеги улуу даректүү Л.А.Коменский, А.Дистервег, К.Д.Ушинскийдин мурастарына жогорку баа берип, этнопедагогика илиминин коомдук-социалдык маанисин ачып берген.

Этнопедагогика илиминин негизги жети касиетин, алардын маани-маңызын ачып берген.Алар:

1-улутту, элди сактап калуу касиети

2-тарбиялоонун улуттук, адамзаттын акылмандыгы

3-бул сүйүүнүн педагогикасы

4-бул эркин жана өз алдынчалыгын сактаган педагогика

5-бул инсанга багытталган педагогика

6-бул педагогика жандуу жан дүйнөгө

7-бул глобалдуу педагогика (Эмгектин 3-4-беттери)

Г.Н.Волковдун «Этнопедагогика» аталышындагы эмгеги 7 главага бөлүштүрүлүп иштелген. Биринчи глава «Предмет этнопедагогикасы» деп аталып, этнопедагогиканын негизги предмет-максаты катары адамды тарбиялоону тиешелүү мисалдар менен берген. Экинчи глава « Народное воспитание в наследии классиков педагогики» деп аталып, негизи Я.А.Коменский, К.Д.Ушинский, А.С.Макаренко, В.А.Сухомлинскийдин эмгектерине токтолуп, этнопедагогикалык өңүттөн талдоого алып, жыйынтыктарды чыгарган. 3-глава «Педагогическая культура и духовный прогресс народа», ал эми 4-главасы «Народный идеал человека», -деген аталышта берилип, талдоолор жүргүзүлгөн.

Эмгектин 5-главасы «Средство народной педагогики» деп аталып, элдик педагогиканын негизги каражаттары катары катары макалдарды, табышмактарды, элдик ырларды жана жомокторду көрсөткөн. Бул главада этнопедагогиканын негизги каражаты катары элдик оозеки чыгармачылыкты (фольклорду) алгандыгы жана аларга этнопедагогикалык өңүттөн иликтөөлөрдү жүргүзүп, корутундуларды бергендиги изилдөө ишибизге бир катар адабий-териялык керектүү маалыматтарды берүүсүн белгилейбиз. Айрыкча, жомокту таанытып –билдирүүчүлүк ролу, жомоктун тарбиялоодогу элдик каражат катары

пайдалынылышы, алардагы педагогикалык идеялар боюнча чыгарган корутундулары теориялык маселелерди тактоого жардам берди.

«Факторы народного воспитания» деп аталган алтынчы главадагы табият,оюн, сөз, эмгек, сүйлөшүү, салт, искусство, дин, үлгү-идеал маселелери боюнча чыгарылган тыянактар, зарылдыгына жараша колдонулду. Эмгек: «Современное функционирвания народной педагогики»,-деп аталган 7-глава менен аяктайт. Бул главада этнопедагогиканын жалпы адамзаттык негиздери тууралуу айтылган ой-пикирлер кызыгууну жаратат.

Илимий изилдөөбүздүн керектүү материалы, булагы катары академик А.Э.Измайловдун «Народная педагогика: Педагогические воезение народов Средней азии и Казакстана» (М.: Педагогика,1991.-256с) аттуу эмгегин да пайдаландык.Бул эмгектин элдик педагогикалык агартуучлук идеялары, элдик тарбиялоого тажрыйбалары, макал-лакаптар, жомоктор элдик педагогиканын негиздери катары караган ойлору, эмгек, адеп-ахлак, акыл жана дене тарбия тууралуу айткандары бизди кызыктырды.

Кыргыз этнопедагогика илиминин тарыхында профессор Акматалы Алымбековдун 1996-жылы жарык көргөн «Кыргыз этнопедагогикасы» аттуу эмгеги бул илимге түздөн-түз багытталган, алгачкы эмгек катары бааланат деп эсептейбиз. Эмгекте көлөмү чакан (69 бет) болгону менен (А.Алимбеков.Кыргыз этнопедагогикасы. –бөлүк-Б.,1996.-69 б) аталган илим боюнча негизги жалпы маалыматтар кыйла толук берилген. Эмгектин мазмунуна кыскача токтололу.Эмгекке «Алгы сөз» («Киришүүнү» белгилүү этнопедагог, арабыздан эрте кеткен Сабыр Иптаров жазыптыр. Ал эмгек жөнүндө төмөнкүдөй ниет-тилегин билдириптир: «… кыргыз этнопедагогикасына таандык кыйла түшүнүктөр, терминдер, кубулуштар мында алгачкы ирет илим айдыңынан чечмеленет. Ошондуктан ал бир гана студенттерге эмес, этнопедагог-изилдөөчүлөргө, мугалимдерге, усулчу-табиячыларга, ата-энелерге, дегеле, таалим-тарбия ишине кайдыгер карабаган окурман журтунун бардыгына пайдалуу болот деп ойлойбуз» (А.Алимбеков, 1996,-4-бет). Эмгек менен толук

таанышып, анын биздин изилдөөбүзгө кошкон салымын көргөндөн кийин С.Иптаровдун жогорку пикиринин акыйкат экендигине бекем ынандык.

Эмгек негизги 2бапта (главада) иштелген. 1-бап: «Этнопедагогика илими жөнүндө жалпы маалымат» деп атлып, алты парагрфта аткарылган. Ар бир параграфка кыскача токтололу.1-параграф «Элдик педагогика жана этнопедагогика терминдерине жалпы мүнөздөмө» деп аталып, эки терминдеги жалпылык жана өзгөчөлүктөр тууралуу белгилүү этнопедагогдор А.Э.Измайлов, Г.Н.Волков,А.Ш. Ташимов ж.б. эмгектерине таянуу менен ишенимдүү жана илимий негиздөөчү маалымат-тыянактарды берген. «Этнопедагогика илиминин милдети жана проблемалары» , -деп аталган 2-параграфта милдеттери жана маселелери өз-өзүнчө талданган. «Ал,-деп жазат А.Алимбеков, мугалимдерди, ата-энелерди көп кылымдык сыноодон өткөн педагогикалык акыл-ойлор, тарбиялоонун ийкемдүү, таасирдүү усулдары, жол-жоболору менен куралдандырат, жаш муундарга өзүнүн руханий көрөгөсүн, нарк-насилин нукура элдик нарк-дөөлөттөр менен байытуу, өркүндөтүү үчүн шам чырак катары кызмат кылат» (аталган эмгек -8-9-бетттер). Ал эми этнопедагогиканын проблемаларын он эки пунктка бөлүп көрсөткөн. Алар биздин бекем ишениимибизге кийинки изилдөөлөргө багыт берип келе жатат. Кийинки эки параграф «Элдик педагогиканын мүнөздүү өзгөчөлүктөрү» жана «Этнопедагогика илиминин тармактары, анын башка илимдер менен байланышы» деп аталып, көрсөтүлгөн маселелерди толук чечмелеген.

«Классикалык илимий педагогика жана элдин таалим-тарбия тажрыйбалары» деп аталып, Я.А.Коменский, И.Г.Песталоцци, К.Д.Ушинский ж.б. эмгектери менен этнопедагогиканын карым-катышы, байланыштары талдоого алынат. Аталган глава этнопедагогиканын тарыхы менен азыркы абалы тууралуу маалыматтар менен жыйынтыкталган.

Экинчи глава (иште-бап) «Кыргыз этнопедагогикасындагы тарбиялоонун жалпы маселелери» деп аталып, 5-параграфка ажыратылып иштелген. Берилген маалыматтар тарбиялоонун этнопедагогикасы боюнча керектүү болгондугу менен баалуу.

А.Алимбеков этнопедагогикага байланыштуу илимий-методикалык эмгектерди жарыялап келет. Атап айтсак, «Кыргыз эл педагогикасындагы адеп тарбиясы», Б., 2018.-118б., «Жалалидин Руми Иевлианын таалим-тарбия тууралуу көз караштары», Б., 2020.-88б. ж.б. эмгектери бар.

Кыргыз эл педагогикасы менен этнопедагогикасына арналган фундаменталдуу эмгек катары А.Муратовдун «Кыргыз эл педагогикасы: табияты, таралышы жана тарыхы» (1-китеп.-Б.: «Турар», 2011.-60б.) аттуу көлөмдүү эмгегин көрсөтүүгө болот. Эмгек автордун көп жылдык изилдөөлөрүнүн натыйжасында иштелип, студенттерге окуу китеп катары сунушталган. Окуу китеп 4 бапка (главага) бөлүнүп жазылган. Бул эмгектин негизги өзгөчөлүгү жана биздин ишибизге жакындыгы кыргыз эл педагогикасына байланыштуу маалыматтар кыргыз адабиятынын, оозеки элдик чыгармалардын негизинде, аларга таянуу менен жазылганында деп көрсөтүүгө болот. Ал эми «Чынгыз Айтматов –жазуучу-этнопедагог» деп аталган үчүнчү бапта залкар жазуучунун көркөм чыгармаларында элдик педагогиканын идеяларды иргеп алып, аларга талдоо жүргүзгөнү, тыянактары өзгөчө маанилүү.Аларды Ч.Айтматовдун чыгармаларын окутууда колдонууну сунуш кылабыз.

Абдыкерим Муратовдун педагогикалык коомчулук кыргыз этнопедагогикасы боюнча белгилүү адис-окумуштуу катары белгилүү. Анын каleминен жаралган «Бала тарбиялоодогу кыргыз кереметИ» (2020) деген эмгеги (К.Акматов менен авторлоштукта) нукура элдик педагогикасынын негизинде иштелген китеп катары бааланат. Ал эми 2021-жылы басылып чыккан «Кыргыздардын элдик билимдери жана тажрыйбалары» аталыштагы 470 бет эмгеги бул багыттагы илимий-методикалык изилдөөлөрдүн бир эмгекке бириктирилген эмгек деп бааланат.

Кыргыз этнопедагогикасы боюнча эмгектерди окуп-үйрөнүү менен бул илим өтө керектүү жана улам жаңы эмгектер менен толукталып, өнүгүп жаткандыгын канаттануу менен белгилөөгө болот. Этнопедагогика илими, анын табияты, билим жана тарбия берүүдогү ордун жана ролун толук ачып бере алган

аныктама-түшүндүрмө катары Кыргыз Эл мугалими, белгилүү педагог Исак Бекбоевдин төмөнкү жазгандарын түшүнөбүз.

« Элдик педагогика –бул эл тарабынан иштелип чыккан жана элдик оозеки чыгармачылыкта, салт-санаада, үрп-адаттарда, ырым-жырымдарда, оюн-зоoktóрдо, этнографиялык, тарыхый жана археологиялык материалдарда сакталып келген педагогикалык идеялардын жана тарыхый тарбиялык тажрыйбалардын жыйындысы. Демек, элдик педагогика- бул улттун сабаттуулугун жана маданияттуулугунун башаты, анын уюткусу. …Кыргыз элдик педагогикасынын нукура үлгүлөрүн, нукура жоболорун, кыргыздын улуттук педагогикалык (тарбия-таалим) берүүдөгү эрежелерин «Манас» эпосунан көрүүгө болот» (И.Бекбоев. Элдик педагогика деген эмне?//Эне тили.-1992., 14-апрель)

Илимий изилдөөбүздүн негизги материалдарынын өзөгүн Кыргыз Эл жазуучусу, профессор Сулайман Рысбаевдин эмгектери түзгөндүгүн канаттануу менен белгилейбиз. Изилдөөдө С.Рысбаевдин «Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы» (2000), «Кыргыз акын-жазуучуларынын чыгармаларындагы педагогикалык идеялар» (2014), «Кыргыздын элдик баалуулуктары жана нарктуу түшүнүктөрү» (2020) ж.б. эмгектери көркөм адабияттагы элдик педагогикалык мурастарды таанып-билүүгө, аларды өз ишибизде пайдаланууга маанилүү маалыматтарды берди.

С.Рысбаев түзгөн «Кыргыз элинин педагогикалык ойлорунун антологиясы»(2021) чындыгында эле улуттук педагогикалык ойлордун гүлүн терген өтө көлөмдүү (600бет) жана абдан керектүү ар бир педагогдун стол китебине айланган эмгек болду. Антологиянын «Кыргыздын элдик педагогикалык ойлору мазмуну жана таалим-тарбия салттары», деп аталган биринчи бөлүм кыргыз этнопедагогикасы илиминин азыркы соңку жетишкендиктерин көрсөтүп турган бийиктик деп бааласа болот. Бул бөлүм автор тарабынан иштелип чыккан.

Азыр Кыргызстандагы билим берүүнү дүйнөлүк билим берүүдөн ажыратып кароо кыйын. Жыл өткөн сайын Кыргыз Республикасынын бардык турмушуна өнүккөн өлкөлөрдүн таасири күчөп, анын негизинде Кыргызстандык жаштары андай доордук жаңылануудан өз ордун таап калууга умтулуп, колунан келгендери билим издеп сыртка кетип жатса, мында калгандары максатын жүзөгө ашыруу үчүн жаңыланып бараткан коомдук түзүлүштү толугу менен колдоп, анын негизги багыттарын, жалпы билим берүүчү табиятын жан дүйнөсүнө сиңирүүгө аракеттенип, мектептен жогорку окуу жайларына чейин ички түзүлүшү өзгөргөн шартта билим ала баштады. Кыргыз адабиятын орто мектептин 10 – 11-класстарында окутуу жумуштары да андан четте калган жок, б. а. анын мыйзамдык негизин аныктоочу кыргыз адабияты боюнча предметтик стандарты Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлунан № 403-токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде түзүлүп, педагогикалык чөйрөгө сунушталды. Бул стандартка карата коюлган талап мурда окутулуп келген окуу стандарттарынан кескин өзгөрдү, анткени коомчулуктун билимге берген аныктамасы өнүккөн өлкөлөргө салыштыруу жана алардагы жетишкен жашоонун үлгүлөрүнө таянуу аркылуу жаңыргандыктан, орто мектепте окутулуп жаткан “Кыргыз адабияты” окуу предметине карай мамилени да жаңылай алды. Окутуу каражаттары кыргыз адабиятына тиешелүү болгону менен бул сабак орто мектептин “Искусство” деген бөлүмүнө кирип, окуучуларга билим берүүгө тишелүү максатын башка багытка бурду. Максат өзгөргөнүнө байланыштуу мектепте кыргыз адабиятын окутууда жаңы маселелер пайда болуп, ага ылайык 10-11-класстын окуучуларын турмушка тарбиялоонун маңызы өзгөрдү. Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги дүйнөлүк билим берүү стандарттарын жетекчиликке алганы талашсыз, бирок ал кыргыз балдарына кандай билим бериши мүмкүн экендиги азырынча белгисиз. Эгер билим өзүнүн мазмуну боюнча муктаждыкты канааттандыруу үчүн окуучу же жаран өздөштүрүп алган компетенция болсо, анда кыргыз адабиятын жогорку класста окутуунун стратегиясы бала мектепти бүткөндөн кийин кайда жана кантип колдонууга жарактуу көндүмдөрдү

үйрөтүүнү аныкташы зарыл. Кыргыз эли буга чейин көркөм адабияттан алып келген турмушка керектүү билимди бул стандартта белгиленгендей, “искусство” деген бөлүм канааттандыра албайт, б. а. кыргыздар көркөм чыгармага талдоо жүргүзүүдө ага адабий (адабият таануу илимий деңгээлде) же эстетикалык жактан гана мамиле кылбастан, “адам жана анын турмушуна” байкоо салып жаткандай, ошол эле мезгилде өзүн алардын арасында жүргөндөй мазмунда көрүп, андан соң талдоого коюлган башка талаптарды аткарып келген. Ал эми кыргыз адабиятын окутуунун предметтик стандартындагы мындай жаңылык кыргыз адабияты эл турмушунда аткарып келген билим жана тарбия берүүнүн кызматын жеткиликтүү орундатышы мүмкүн эместей сезилет. Анткени стандарт аркылуу предметти өздөштүрүүгө коюлган талап “абстракттуу-илимий, идеологиялык жана таза философиялык ыктан көркөм ыкка өзгөртүү” [Кыргыз Республикасынын окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү мектептеринин 10-11-класстары үчүн «Кыргыз адабияты» курсу боюнча предметтик стандарты. – Б.: 2018, 9-бет.] менен алмаштырылып жаткан соң мугалим өзү берген адабий билимди универсалдуу карап, окуучулар мектепти аяктагандан кийин керек болчу турмушту таанып-билүүгө үйрөтүүнүн ык-жолдорунан ажырай турганы белгилүү, бирок баштапкы, орто жана жогорку кесиптик билим берүү программаларын аккредитациялоо стандарттарынын критерийлеринин биринде “билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын ишке ашырууга, көзөмөлдөөгө жана кайра кароого” [стандарт 1.3.] окуучулардын өздөрү, алардын сапаттуу билим алуусуна кызыктар тарап катары ата-энелердин пикир, көз караштары да камтылышы керектигин эске алсак, жалпыдан жеке өтүү зарылдыгы ачылат. Кыргыз педагогикасында буга чейин жалпы теориялык маселеде каралып келген инсанга багыттап билим берүү маселеси бардык окуу жайдан өзүнүн туруктуу концептуалдуу чечилиш ордун талап кылаары бышык. Ошондо “бул жаңылык” Кыргыз Республикасында билим берүү системасында жаңыдан орун алып, окуу процессине аралаша баштаган компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасына толук жооп бере албай калышы ыктымал.

Азыр кыргыз адабиятын предмет катары 10-11-класстын окуучуларына турмушка керектүү билим берүүдө шаар менен айылдагы орду таптакыр

башкача, ошондуктан инсанга багытталган билим берүү аркылуу окуучуларда компетенцияны калыптандыруу үчүн окутуунун принциптери жана методдоруна индивидуалдуу мамиле жасоого мугалимди эле эмес, окуу жайдын педагогикалык коллективин да аргасыз кылат. Реалдуу мындай чындык менен эсептешүүгө келгенде предметти окутуунун ык-усул жана формалары менен кошо окуу материалын окуп-үйрөнүүнүн түзүлүшү, ырааттуулугу, окутууга бөлүнгөн айрым бөлүмдөр, ага кредиттик сааттардын темага ылайык өзгөрүүсүнө эч ким чек коө албай калат. Эгер ар бир окуучу Кыргызстанда өзүнүн коомчулук алдында жарандык милдетин аткарып, инсан катары жашоосу үчүн керектүү компетенцияларга ээ болуусун камсыздайбыз десек мамлекеттик деңгээлде кыргыз адабиятынын орду орто мектепте чоң, анын баланы турмуш менен байланыштырууда кызматы универсалдуу болсо, берчү билими академиялык болуп эсептелет. Буга себеп балдар философияны, психологияны, социологияны, этиканы, эстетиканы, ал тургай логиканы адабият сабагында адам турмушу жана көркөм образдарды талдоо менен үйрөнүшөт. Адабият мугалими көркөм чыгармага анализ берип жаткан маалда талдоону камсыздоочу илимий мазмунду бардык илимдерден алып, педагогикалык окутуу шарттарында колдонмоюн окуучуларга керектүү билим берилбей калат. Ал учурунда конкреттүү мисалдар менен түшүндүрүлбөсө, окуу программасы сунуштаган окуу материалы окуучунун турмуштук керектөөсү үчүн кызмат кылбайт. Ошондуктан инсанга багыттап окутуу парадигмасын ишке ашырууда ар бир окуучу кыргыз жана Кыргызстандык экендигин эсепке алып, алардын кимиси (улан же кыз) болбосун мектепти бүтүргөн соң түздөн-түз кайнаган турмушка барып түшөөрүн элестетүү менен эртеңки күнү керектелүүчү билимдин ээ болушун окуучулар кандай күтсө, ата-энелер да дал ошондой күткөнүн ар бир окуу жай билиши керек. Өлкөдө билим берүүчү мектеп-мекемелерин аккредитациялоо эми гана орун ала баштагандыктан, предметтик стандартта айтылган ойлор кызыкдар тараптардын (окуучу жана ата-энелер) билимге койгон критерийлеринен улам жергиликтүү же аймактык муктаждыктарын социалдык чөйрөнүн позициясынан туруп, окуу программада сунушталган окуу материалдарын тандоо мүмкүнчүлүгү турганын эстен чыгарууга болбойт.

Өнүккөн өлкөлөрдүн мисалынан караганда ар бир окуучу инсанга керек сапаттуу билимди мектептен алууга укуктуу, ал эми бул Кыргызстанда Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы (2013-ж.) аркылуу корголгон.

Ошондой эле, реалдуу турмуштук кызыкчылыктар менен алганда “билим” деген түшүнүктүн мазмуну өзгөрдү. Ал мурдагыдай маалыматтардын жыйындысы эмес, тиричиликтин түрдүү мамилелеринде чагылган проблемаларды туура жана сапаттуу аткаруу үчүн зарыл болгон түшүнүк - компетенция аныкталып, анын концептуалдуу аракети кандай болушу керектиги Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы № 403-токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарты” менен мыйзамдаштырылган. Кыргыз адабияты кыргызча билим берген орто мектептердин базистик окуу планындагы негизги предметтердин бири болгондуктан, анын предметтик компетенцияларды калыптандыруудан тышкары негизги компетенциялардын калыптануусун жөнгө салуучу касиеттери бар экенин жокко чыгара албайбыз. Маселен, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин 2014-жылдын 22-июлундагы № 545/1-буйругу менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын мектеп окуучуларын жана окуган жаштарын тарбиялоонун 2020-жылга чейинки концепциясын” ишке ашырууда кыргыз адабиятынын ролу бар болсо, аны окуу материалдарын этнопедагогикалык негизде окутуу аркылуу гана жүзөгө ашырууга болот. Чынын айтканда кыргыз баласына өз заманына тиешелүү татыктуу билим жана тарбия берүү жумуштарын кыргыз адабияты кылымдап аткарып келген. Эгер окуучуларга билим берүүдө анын жыйынтыгын аныктоочу компетенциялар баланын турмушта керектей турган иш-билгисине көз каранды болсо, анда кыргыз адабиятынын үлүшү байыртан келе жаткан деңгээлинде сакталууга тийиш. Негизги ченемдик өлчөмдөрүн түрдүү мыйзамдык документтер менен чектеп, жаңы багытка өтөбүз десек да анын калыптанган системасы Кыргыз Республикасынын чегинде күчүн жогото элек. Ырас, жаңы жазылып педагогикалык коомчулукка сунушталган бул стандарт башка өлкөлөрдө активдүү иштеп жаткан таасирдүү документтердин негизинде

түзүлсө да, аны жүзөгө ашыруу кыргыз эли калыптандырган элдик педагогиканын нугунда жүрмөйүн сапаттуу билим бере албайт, б. а. республикада кыргыз адабиятын орто мектептин жогорку классынын окуучуларына этнопедагогикалык негизде окуу аркылуу өлкөнүн өзүнө таандык парадигмасын түзүү, анын бардык дидактикалык ченемдерин иштеп чыгуу жана бардык билим берүү тармактарына жайылтуу натыйжалуу болмок. Көптөгөн өлкөлөрдө билим берүү концепциясы көп тилдүү окутууну уюштуруп, окуучуларын көп маданияттан кабардар кылышканы менен билим берүү системасын дайыма жаңылап, өнүгүүсүнүн стратегиялык багыттарында жарандык коомчулукка сапаттуу билим жана тарбия тартуулай алган окутуу жолдорун сактап келе жатканы азыр бизге белгилүү.

Кыргыз адабияты предметин 10-11-класстын окуучуларына этнопедагогикалык негизде окутуу республиканын түрдүү аймактарында социалдык абалга жараша жиктелип бара жаткан кырдаалды руханий жактан калыбына келтирүүгө кам көрөт. Тактап айтканда, Кыргыз Республикасы үчүн кызмат кылуу, өз элинин жакшы жашоосуна кол кабыш көрсөтүү ар бир окуучунун жарандык кыялында бар экенин сурамжылоого катышкан окуучулардын баары бир оздон белгилешкендигине таянып, алардын мындай патриоттук сезимин өлкөнүн «эртеңкиси жөнүндө» ойго токтотуп, алардын уул-кыздары дагы гүлдөгөн мамлекетте жашоосуна кам көрүүгө чакырык таштоо менен проблеманы чечүүгө жол ача алабыз. Бул маселени сапаттуу аткарууга тиешелүү болгон компетенцияларды кыргыз адабияты сабагынан башка орто мектепте окутулуп жаткан бир дагы предмет жөнгө сала албайт, б. а. андай ишти предметтин мазмуну катары алууга кыргыз адабиятынын эч сабакка ыңгайлуу шарт түзүлгөн эмес. Мектеп окуучусун эртеңки коомго активдүү катышкан атуул экендигин эсепке алсак, анын турмушунда колдонулуучу зарыл маселе болгон мындай билимди берүү кайсы мектептин болбосун миссиясына кирет. Анткени адабий чыгармалардын мазмунун талдоо аркылуу жогорку класстын окуучулары ар түрдүү ойлорду ортого алып чыгышып, бири экинчисинен айырмаланган көз карашка туш келишсе да, аларды үйрөнүүдө турмуштун өзүн негизги пикирлерди таанып-билүүнүн базасы катары карап, логикалык жактан иретке

келтирүү менен акыйкат жоопту таба алышат. Андай жооптун мааниси окуучуларды ошол сабактагы утурумдук талаш-тартыштарды чыр-чатаксыз чечүү аракети менен чектелбестен, андан аркы жашоосунда ойлонуп иш кылууга, көз карашы келишпеген шартта чөйрөдөгүлөргө толеранттуу мамиле жасоо көндүмү калыптанышы да керек. Кыргыз адабияты түрдүү эмоцияда жазылган лирикалык чыгармалар менен бирге ар кыл сюжеттик окуяларды чагылдырууда жашоо-турмуштун не бир татаал көрүнүштөрүн баяндап коюп тим болбостон, окуучуларды конкреттүү предметтин тегерегинде талдоо жүргүзүүгө, ага анализ берүүдө чындык кайсы тарапта экенин табууга коомчулук үчүн маанилүү позицияны ээлеп, тиричиликте байкала бербеген түркүн-түз мүнөздөрдү каармандын аракеттеринен көрсөтүп, окуучуларга жашоонун негизги коммуникативдик компетенцияларын үйрөтүүчү көркөм табиятка ээ болсо, сабактарды андай касиеттен ажыратууга болбойт. Маселен, жогорку класстын окуучулары Ч.Айтматовдун “Ак кеме” чыгармасына адабий талдоо жүргүзүп жатышкан маалда алардын бул повесттен алган таасирин сураганда окуучулардын бири дагы сөз өнөрүндөгү жазуучунун чеберчилигин көрсөткөн көркөм чыгарма катары кабыл албастан, кыргыз турмушунда кездешкен типтүү көрүнүштөрдү берип, адашып бараткан пенделерди түз жана туура жүрүүгө чакырык таштаганына басым жасаганы менен айырмаланышкан. Азыркы учурда деле кыргыз адабиятын ушундай нукта окутуу орто мектептин жогорку классынын окуучуларына адабий билим берүү талаптарына жооп берет, б. а. сабактын натыйжаларынын жыйындысы окуучуга керектүү компетенция калыптандырышы маанилүү болсо, мындай мамиле сабак аркылуу аныкталуучу турмуштун түрдүү көйгөйлөрүнө баа берүү жолдорун көрсөтүп, анда жетекчиликке алынуучу көз карашты окуучуларга жеткирип, аларды жашоого “даярдап” жатканын жокко чыгарууга болбойт.

Ырас, кыргыз адабияты предметине сунуш кылынган көркөм чыгарма орто мектептин окуучуларына бирдей болгону менен ар бир мектеп жергиликтүү аймактын өзгөчөлүгүнө (айыл же шаар) карап, 10-11-класстын окуучулары андай көйгөйлөрдү кандай жолдор аркылуу жөнгө салышы туура болоорун сөзсүз үйрөнүүгө тийиш. “Кыргыз адабияты” предметинин максатын аныктоодо

сабакта өтүлүүчү чыгарманын идеялык мазмуну менен анын кыргыз жашоосунда ээлеген орду маанилүү болуп саналат. Мындан тышкары окуучулардын адабий чыгармага эмоционалдуу-экспрессивдүү мамилеси ойгонбосо, балдарга аны үйрөтүү кыйынга турат. Педагогика илими адабий чыгармаларга карата мамиле кылууда чыгарманы искусствонун бир түрү – сөз өнөрү катарында караса да, анын окуучунун жан дүйнөсүнө шайкеш келген жактарына басым жасап, жаш окурмандын көз карашынын туура калыптануусуна өзүнүн жакшы таасирин тийгизе турган, ошол эле мезгилде жарандык позициясынынын жетелүүсүн коомдон тышкары буруп кетпөөчү үлгү чыгармаларга артыкчылык берет. Мисалы, кыргыз адабиятында көркөм-эстетикалык баалуулугу боюнча бир катар акын-жазуучулардын чыгармаларынан кем калбаган Р.Рыскуловдун поэзиясы, К.Жусубалиевдин прозалары, О.Айтымбетовдун “тарыхый” публицистикалары сыяктуулар бар. Ошондой эле кийинки жылдары адабий процесске өзүнчө тематика катары келген бульвардык дана вулгардык проза, детективдер, диний чыгармалар, мистикалык поэзия менен проза, кудай менен “байланышып” жазылган оккульттук (А.Сариевдин “Жашыл китеби сыяктуу) ойлор, криминалдык жана саясий “романдар” окурмандар арасында колдон-колго өтүп, окулуп жатканын көрүп эле жүрөбүз. Бирок педагогика илими мындай индивидуалдуу адабий чыгармачылыкта жазылган адабий чыгармалардын көркөм ой жүгүртүүдөгү автордун көркөм чеберчилигине артыкчылык бербестен, ошондой эле акын же жазуучунун адабий-эстетикалык дүйнө таанымындагы сапаттык айырмачылыкты окуучуга жеткирүүнү билим берүү катары эсептебестен, адеп-ахлактык, моралдык-нравалык, эстетикалык табитти тарбиялоочу миссияны турмушта үлгү болуучу критерийлерге коюп, биз жогоруда атап өткөндөй чыгармаларды окуу материалы катары колдонууну туура көрбөйт. Ага себеп дидактика кыргыз адабиятын окутуу үчүн бөлүнгөн сааттарды окуучу өзүнө туура жолду тандап алуусуна керектүү компетенцияны үйрөтүүгө милдеттүү болгондуктан, окуу процесси үчүн тандап алган чыгармаларды окугандан кийин турмушта кездешүүчү түрдүү кубулуштарды кабыл алууга жана түшүнүүгө жөндөмдүү болгон натыйжаны башкы орунга коөт.

Адабият сөз өнөрү катары искусствого кошулганы менен өнөрдүн башка түрлөрүнөн кескин айырмаланып турат. Кыргыз адабияты сабагы орто мектептин жогорку классынын окуучуларына анын мазмундук жана формалык өзгөчөлүктөрү жөнүндө түшүнүк берүүдө - ар бир жанрдын калыптанышын, аларда ойдун образдуу берилишин, сөздүн көркөм-элестүү маанисин, көп түрдүү көркөм ойлонуунун табиятындагы сүрөткердин ички туюмунун өзгөчөлүгүн, сүрөттөөдөгү маалыматтын аткарчу кызматын, адам психологиясын туюндуруудагы менталдуулугун, бир нече социалдык чөйрөнүн бир эле чыгармада ассоциацияланышын окутуунун далай ык-жолдору менен вариациялап түшүндүрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болсо, искусствонун башка түрлөрүндө андай шарт жок. Маселен, орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына “Кыргыз адабияты” предметин окутууга сунушталып жаткан жаңы стандартта: “...образдык сөздү түшүнүү жана инсандык деңгээлде кабыл алуу; кепти толуктоо жана байытуу; теориялык-адабий түшүнүктөр жөнүндө үйрөнүүчү предмет катары эмес, көркөм чыгарманы түшүнө билүүгө жардамдашкан курал, каражат катары түшүнүктү өнүктүрүү” [Кыргыз Республикасынын окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү мектептеринин 10-11-класстары үчүн «Кыргыз адабияты» курсу боюнча предметтик стандарты. – Б.: 2018, 9-бет.] деген ойлор менен кыргыз адабиятын окутуунун “мындан аркы өзгөчөлүгү” чагылдырылат. Эгер кыргыз адабияты окуучуларга компетенцияларды калыптандырууну көздөсө, анда адабиятты окутууга карата мындай талаптын коюлушу анын жаштарга билим жана тарбия берүүдөгү ролун тааныбагандык же төмөндөткөндүк болот. Экинчи жагы, сунушталган кандай билим болбосун эл арасында жашоого керек жөндөмдөрү үйрөтүү милдетин моюнга алышы менен анын таасирдүүлүгү аныкталып жаткан азыркы доордо кыргыз адабияты андан четте калышы мүмкүн эмес. Мындай шартта кыргыз адабияты предмети өзүнө тиешелүү миссия катары адабий чыгармаларда берилген түркүн-түс идеяларды турмуш чындыгындагы түрдүү абал - кыйчалыш көйгөйлөр, кызыктуу кубулуштар, татаал адамдык мүнөз, инсандык тагдыр, пендечилик түйшүк, жарандык позиция, атуулдук ар-намыс, ата-эне, үй-бүлө, эл-журт алдындагы жоопкерчилик, ж. б. касиеттерди

индивидуалдуу философиядан жалпы адамзаттык руханий-нравалык трактаттарга чейин өсүп жеткен салыштыруулар менен белгилүү бир натыйжага жетүү адабий чыгармага туура талдоо жүргүзгөндүк болсо, андан алынган көндүмдөр окуучулардын кимисин болбосун акыйкат чечим кабыл алууга үндөй алат. Мындай кудуретке адабияттан башка бир дагы өнүр ээлик кыла албайт. Бул алардын кадырын төмөндөткөндүк эмес, болгону адабияттан башкаларынын мазмунун түшүнүүгө угуу (музыка үчүн) жана көрө билүү (сүрөт үчүн) сыяктуу адамдын башкалардан айырмаланган таланты болушу керек. Ансыз ал өнөрдөгү баалуулукту өз деңгээлинде түшүнүү, маанилик жактан жакшы же жаман экенин айырмалап ажыратуу мүмкүн эмес. Эгер окуучуларга кыргыз адабияты үйрөтүүчү компетенцияларды искусствонун башка түрлөрүнүн бирине “жүктөп” көрсөк, алардын бири дагы окуучунун баарына инсандын турмушта керектелүүчү бардык баалуулуктарды таанып-билүү аракетин камсыздай албайт. Ошондуктан кыргыз адабиятынын калк үчүн буга чейин аткарып келген турмуш чөйрөсүн таанытуудагы кызматын чектөөгө кандай мүмкүн эмес болсо, мектептин жогорку классынын окуучуларына керектүү билим берүүдө мамлекеттин иденттүүлүгүн сактоо үчүн да, окуучуларга адабияттын улуттук мүнөзүн, башка элдерден айырмаланган түрдүү жанрдык белгилерин, алар аркылуу тарыхый мезгилдерди чагылдырган адабий чыгармалардын көркөм-эстетикалык табиятын билдирүү маанилүү болуп саналат.

Адамзат жаралгандан бери дүйнө жүзүндө бир нече цивилизация болгон болсо, анын ичинде көчмөндөрдүн цивилизациясы маанилүү орунду ээлейт. Кыргыз эли бир нече кылым көчмөн турмушта жашап, анын негизинде улуттук өзгөчөлүккө ээ бир нече көркөм-адабий дөөлөттөрдү жараткан болсо, анын бүгүнкү турмуштагы ордун, өзгөчө цивилизация катары жашоо картинасын өздөштүрүү, андан жаралган тажрыйбалардын азыркы руханий жана моралдык-нравалык баалуулуктарды сактап калууга байланышкан утурумдук татаал маселелерди түшүнүүгө жөндөмдүү компетенцияны үйрөтүү да адабият сабагынын миссиясында турат. Аны өздөштүрүү өткөндү эңсөө эмес, азыркы жашоого жигердүү катышуу үчүн анда бери калыптанган көркөм чыгармалардагы түрдүү адабий образдын сюжетке катышуусунда кабыл алынган

улуттун жашоо-турмушундагы оң жана терс көрүнүштөрдүн учурдагы адеп-ахлактыкка, адабий-эстетикалык табитке, тиричиликтин маңызын түшүнүүгө, ал тургай келечекте болуп калуучу айрым көрүнүштөргө “жооп табууга” да жөндөмүн пайда кыла алат. Адабий чыгарманын артыкчылыгы ушунда турат, каармандын үлгү сапаттарын өзүнө жыйноого умтулуп, кээде аны идеал катар кабыл алуу менен бир нече компетенцияны калыптандырууга жетишет. Мындай көрүнүш кыргыз элинде кылымдардан бери келе жатканы бекеринен эмес, ошондуктан көркөм чыгармаларды орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына окутууда андай практиканы, этнопедагогикалык негизде окутуу жумуштарын азыркы мезгилдин талабына ылайык колдонуу зарылдыгын жеке тажрыйба катары кабыл албастан, жалпы өлкө боюнча билим берүүнүн негизи парадигмага айландыруу маселесин көтөрөт.

Кыргыздарда адабий чыгармачылык көркөм өнөр катарында өнүксө да, жашоосунда коомдук аң сезимдин бир түрү өндөнүп, коомдук-социалдык илимдердин түпкү белгилерин бүтүн бойдон өзүнө сактагандыктан, ар түрдүү темадагы бардык маселелерди көркөмдөштүрүп берүү менен турмушка активдүү катышкан. Мындай мамиле кыргыз адабиятында бардык жанрга тиешелүү болгондуктан, кайсы чыгарманы албайлы элдин жашоосу менен түздөн-түз байланыштыруу келип, анын формасы да кандайдыр абал менен каралган учурлар бар. Ошондуктан, ал баланын бешикке жатканына баштап (бешик ыры) ырдалып, акыркы жайга узатуусуна (кошок) чейин толук катышкан. Биз кыргыз адабиятын окуткан сабактардын баарында элдин адабий чыгармачылыкка тиешелүү ушундай жактарын окуучуларга жеткиликтүү түшүндүрө алсак, анда ар бири көркөм адабият кокусунан эле таланттуу адам тарабынан жазыла койбостугун жакшы түшүнүү менен бирге мындай жөндөмү бар балдарга өзүнүн шыгын ойготууга да жардам беребиз. Андай шыкты ойготуу жеке чыгармасын жаратуу үчүн эле маанилүү эмес, жеке таасирлер окуучулар арасында канчалык арбын болсо, адабий чыгарманы түшүнүүлөрү оңой келип, аны жеке турмушу менен ассоциациялоо аркылуу идея, тематика, жанр, композиция, ж. б. жөнүндө өз алдынча элестөө, талдоо жумуштарында өз пикирин айтуу, коомдук-социалдык чөйрө менен байланыштырып жарандык позициясын билдирүү

аракети жогору болот. Эгерде класста өзүнүн шыгын көрсөтө алган окуучулар бар болсо, ал класста адабий чыгармалардын бардык түрүн үйрөтүү жеңил келип, көркөм элестөө ички сезимдерде түрдүү кырдаалдарды жаратууга, психологиялык туюм аркылуу стилдик боөкторду ажыратып билүүгө, сабакка эмоционалдуу катышып, жеке позициясын турмуштун типтүү көрүнүштөрүн мисал катары колдонуу менен дискуссияга катышууга, оюн предметтүү далилдөөгө кеңири шарт түзүп берет.

Окуучулар кыргыз адабиятынан ала турган билимдин натыйжасы белгилүү бир компетенция экени жаңы стандартта так көрсөтүлүп тургандан кийин мугалим өзүнүн сабактарында предметтин билим берүүчү мазмунун окуучулардын оюн, өзгөчө көркөм элестөөсүн дайыма турмушта кездешүүчү проблемаларга байланыштырып, ага адабий чыгармадагы образ кандай мамиле кылганын, эгер өзү анын ордунда болсо, кандай мамиле кылышы мүмкүн экендигин талкууга коюп, баа берүү иштерин уюштурса, анын натыйжасы ар бир окуучунун жарандык позициясынын калыптануусуна тикелей таасирин тийгизе турганы белгилүү. Көптөгөн кылымдардан бери келе жаткан мындай билим жана тарбия берүү иштерин кайрадан өркүндөтүү коомдук-социалдык маселе болуп турат. Кыргыз эли көркөм чыгармага өзүнүн бардык замандагы жашоосун чагылдырып, балдарынан билим жана тарбия берүүнүн негизги каражаты катары мамиле келгени бекер эместигине кайрадан баам салып, аны бүгүнкү күндүн талабы менен колдонмоюн, рухий дөөлөттөрдү окуучуларга жеткирүү мүмкүн эмес. Ошондуктан окуу системасына аны жаңы мазмунда киргизүү келечек муунду ата-бабасы калтырып кеткен чыгармалардын жанрдык өзгөчөлүктөрүн гана таанып-билүүнү камтыбастан, өткөн замандан бери салт катары айтылып келе жаткан “Манас” эпосу баш болгон чыгармаларды кайрадан жандуу жашоого алып келүү, алардын маңызын түшүнүп, идеясын өз балдарына түшүндүрүү, кыргыздын иденттүүлүгүн сактап калуу үчүн күрөшүү, ар бир окуучунун эртең чоң турмушка аралаша баштагандагы атуулдук парзы экенин түшүндүрүү сабакта конкреттүү чыгарманы өздөштүрүү менен жүзөгө ашуусу керек. Орто мектептин 10- 11-класстын окуучуларына буларды үйрөтүү көркөм

чыгарманын элементтерин окутууда дайыма эске алуучу максаттардын бири болуп саналат.

Кыргыз адабиятын орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына этнопедагогикалык негизде окутуу балдардын өз жашоо-тиричилигин көркөм элестөө менен кароого шарт түзөт. Эгер кыргыз адабиятын окутуудагы күтүлүүчү натыйжалардын сапаты турмушта керектелүүчү компетенциялар менен аныктала турган болсо, бүгүнкү күндө окуучу социалдык чөйрөдө чече албай жаткан турмуштук көйгөйлөрдү сурамжылоо анкеталары аркылуу тактап, анын кайсы бирин жөнгө салууга адабият сабагынын мүмкүнчүлүгү бар экенин терең анализдөө менен окуу программасындагы чыгармалардын деңгээлине карай жайгаштырган маанилүү. Андан соң ошол чыгармалардын белгилүү бир көйгөйдү жөнгө салуучу “элементтерин” класстагы талкууга коюу окуучулардын ал чыгармага болгон кызыгуусун гана арттырбастан, образ аркылуу адамды таанып-билүү түшүнүктөрүн кеңейтүүгө да жол ачат. Инсанга багыттап окутууга аракет кылган мугалим аны сапаттуу аткарыш үчүн биринчи кезекте кырдаалды аңдаштыруусу керек, ансыз сабактын алдына коюлган максат толук ишке ашпайт. Ошондой эле көркөм чыгарманы орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына этнопедагогикалык негизде окутууда күтүлүүчү натыйжалардын көрсөткүчтөрү бир сабакта аныктала койбостугун эсепке алсак, анда бийик деңгээлге жетүү үчүн компетенция калыптандыруучу мазмунду бир нече категорияга бөлүп, аларды үлгү болуучу касиеттерин тактап, аны кайсы адабий материалдар менен берүү мүмкүн экендигине карай бөлүштүрүп, адам сапатын аныктоочуларды өзүнчө, турмуш чындыгын ар тараптуу талдоого мүмкүн болгондоруна өзүнчө мамиле кылууга аракет жасоо балдардын чыгармага карата кызыгуусун чечүү туура болуп саналат. Бул чыгарманы жөн гана окуп келесиңер дегенге караганда өздөрүн кызыктырган түрдүү маселелерди чыгармадагы каармандардын татаал конфликтилерине байланыштырып түшүндүрүү окуучулар үчүн ыгы келип турган проблемаларды жогорку деңгээлинде ачып көрсөтүүгө жол берет.

Орто мектептин 10- 11-класстын окуучуларын адабий чыгармаларды окууга кызыктыруу азыркы учурда абдан эле кыйын. Бирок алардын бири дагы өз

жашоосуна кайдыгер карабагандыктан, жеке өзүнө тиешелүү маселелер болсо, андай учурда жөн эле четке чыга берүүнү каалашпайт. Ал эми окуу программасы дидактиканын эрежелерине ылайык окуучуга билим жана тарбия берүү максатында түзүлгөндүктөн, окуучулардын ички дүйнөсүнө - турмушту таанып-билүүсүнө, сезиминдеги ишенимдерин тактап, көз карашын өзгөртүүгө, эл-журт менен тил табышып кетүүсүнө, улуулардан калган салт-санааны өздөштүрүп, анын туура жагын өз жашоосунда эреже катары пайдаланууга керектүү чыгармалар өтө эле көп болуп саналат. Аларды окуучунун ички кызыкчылыктары менен байланыштыруу окутууда мугалимдин жеке тажрыйбасына карай өз ордун таап, адабий чыгарманын көркөм-эстетикалык белгилерин жакшыны жамандан айырмалоого, коммуникативдүү позицияда туура чечим чыгарууга үйрөтөт. Албетте, аны бардык аймактар үчүн бирдей максатта жүзөгө ашыруу мүмкүн эмес, ал окуучулардын социалдык керектөөсүнө жараша предмет боюнча кызмат аткарып, инсанга багыттап билим берүүнүн талаптарына туура келген шартта гана натыйжаларды берет. Ошондуктан кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу инсандын жеке кызыкчылыктарынан чыгып, ошол чөйрө үчүн маанилүү болгон маселеге жараша сабактын ички мазмунун түзүп, ошол проблеманы жөнгө салууга карай ык-усулдарды тандаган болсо гана окуучулардын чыгарманы түшүнүүсүн толук аткарып, андан турмушка өтүүчү маңызын да жетиштүү баамдоого мүмкүндүк жаратат. Ырас, адабий чыгармаларды жанр боюнча алганда окуучуларга көп нерсе түшүнүксүз калат. Алар мындай учурда жанр жөнүндө аныктамаларды жаттап жакшы бааларды алышканы менен окуу убактысы аяктаар менен чыгарманын кайсы жанрда экенин унутуп калышат. Мындай абалдын эмне себептен болуп жатканын тактоо үчүн окуучуларга 10 суроодон түзүлгөн сурамжылоо анкеталарын таркатканыбызда балдардын көбү окуу материалын эстеп калууга мүмкүн эместигине басым коюшкан. Ал эми аныктаманы жакшы баа алыш үчүн гана жаттап айтышканын да жоопторунда белгилешкен. Кээ бир окуучулар аныктаманын өзү түшүнүксүз экендигин, көркөм чыгарманын ички түзүлүшү менен кайсы учурда, кантип байланыштыруу керектигине так жооп таба албагандыгын жашырышкан эмес. Окуучулардын жооптору көрсөтүп

тургандай, билим сапаттуу болуш үчүн көркөм чыгарманын өзөгүн турмуштагы көйгөйлөр айкалыштырып караган шартта гана түзүк натыйжа жаралып, көркөм элестөөнүн пайда болушу менен ар бири өз оюн ортого коюп, турмушта колдонуучу компетенцияны калыптандыра алат.

Көпчүлүк учурда мугалимдер сабакта көркөм чыгарманы окутууда окуучунун жеке турмуштук тажрыйбасын байытууга канчалык кызмат көрсөтүүсү мүмкүн экендигин эсепке албай эле чыгарманын идеялык мазмунун айттыра бергендиктен, чыгарма көтөргөн философиялык дүйнө тааным, социалдык маселелер, адамдын пендечилиги, андан чыккан насааттар, автор элге бергиси келген ойлор, талашка түшчү позициялар, ж. б. бири дагы сабакта терең ачылып үйрөтүлбөй, анын натыйжасында ишке ашуучу сабактын максаты көздөгөнүнө жетпей калганына себеп болууда. Мындай сабактар азыр кайсы мектепте болбосун жетиштүү болгондуктан, кийинки мезгилдерде окуучулар арасында көркөм чыгарма окугандар өтө эле азайып кетти. Окуучуларды адабий чыгармаларды окуганга кызыктырыш үчүн этнопедагогикалык негизде окутуу чыгарма менен окуучунун өз ара байланыштырууда түрдүү турмуштук кырдаалдарды алат. Анткени окуучулардын кимиси болбосун тигил же бул чыгармага, же андагы каарманга, ошондой аны талдоо иштерине өзүнүн тикелей катышы болмоюн анча маани бербей “сырттан карап” мамиле кылат. Ошол себептен кандай чыгарманы талдабасын адабият мугалими автордун негизги идеясына окуучулардын жарандык көз карашы маанилүү орунда экенин түшүндүрүп, анализдене турган идеяга же предметке пикирин тартынбай тике айтуусуна көндүрүп алган болсо, окуучулардын кимиси болбосун сабакта өз позициясын билдирүү жана коргоо үчүн да берилген тапшырманы аткарып, кеп болчу идеянын же сюжеттин, же болбосо образдын өзүнө үлгү берчү, ошондой эле терс пикирди жараткан көрүнүштөрдүн турмуш менен байланыштуу жактарын мисалдарга таянып көрсөтүүсү адабий билим берүүнүн сапатын жогорулатып, чыгармадагы керектүү мазмундун окуучунун жан дүйнөсүндө сакталып калуусуна өбөлгө түзөт. Орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабияты сабактарын ушундай багытта уюштуруу бардык жагынан талапка туура келет, б. а. адабий чыгарма адам турмушун көркөм-элестүү

чагылдырып берүүчү өзүнчө дүйнө тааным болгондуктан, мектап окуучулары андан алчу билим түздөн-түз жашоого үйрөтүүчү дүйнө кабылдоонун түрлөрүн салыштырып билүүгө, кайсынысы кайда керектелүүсү мүмкүн экендигин жана адам баласы андан кандай пайда көрүүсүнө тиешелүү эстетикалык табитти өзүндө калыптандыра алат. Адабий чыгармаларды дал ушундай окутуу предметке этнопедагогикалык негизде мамиле кылууга аргасыздыкты жаратат. Ар бир окуучу үчүн айлана-чөйрөсүндө болуп жаткан элдин турмушун жакындан билүүгө мындай мамиле маанилүү роль ойнойт, кээ бир окуучулар өзүнө зарыл болгон салттык түшүнүктөрдү же турмуштук мамиле-катышты үйрөнүү каалаcа да, аны азыркы социалдык чөйрө, ата-энеси үйрөтө албагандыктан, эл арасында өзүн ыңгайсыз сезип, көпчүлүккө аралаша албай калган учурлар шаар жеринде көп кездешет. Ошондуктан орто мектептин жогорку классынын окуучуларына этнопедагогикалык негизде адабий билим берүү көркөм чыгарманы эстетикалык жактан аңдаштыруу үчүн гана маанилүү болбостон, ал аркылуу адам турмушун таанууга, элдин каада-салт, жөрөлгөлөрүн элестөө менен түшүнүүгө, ички сезимдеринде түрдүү ой толгоодон өткөрүп, чыгармадагы каармандын позициясын биргелешип анализге алуу аркылуу окуучуларда типтүү ой жорумду жаратууга, жеке көз карашы коомчулуктан айырмаланса, аны тактап, тууралап алууга толук мүмкүнчүлүк болот.

Орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу өз натыйжасын берүү үчүн окуучулардын турмушка карата көз карашынын туура түзүлүшү үчүн белгилүү бир план иштеп чыгуу зарыл. Ал пландын максаты өнүккөн өлкөлөр менен канчалык жакындашкан сайын тездик менен элдин жашоо-тиричилигинен чыгып бараткан кыргыздын иденттүүлүгүн сактап калууда турат. Өзгөчө Бишкек шаарында окуган орто мектептин 10- 11-класстын окуучулары улуттук салттарды билүүдөн ажырап барат. Улам кийинки жылдары мектеп окуучуларынын арасында нигилизм күчөп, чет элдердин бирине кетип калууну каалаган жаштар көбөйгөндүктөн, урпактарга үлгү болуучу адабий каармандардын билим жана тарбия берүүчүлүк касиети төмөндөдү. Ырас кыргыз коомчулугунда болуп жаткан мындай көрүнүштөргө жаңыдан жетилип келаткан улан-кыздарды

күнөөлөгөнгө болбойт. Алардын мындай абалга кептелишине Кыргызстандагы билим берүүнүн мазмуну себепкер экендиги анык. Башка нукка бараткан кырдаалды туура багытка буруу үчүн да кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу зарылдыгы маанилүү иштерден болуп турат. Тээ байыркы мезгилден бери өзүнүн натыйжасын берип келген мындай окутууну улуттук билим берүүнүн парадигмасына жеткирүү үчүн бир предметтин базасында практикалап көрүү, окуучуларга билим берүүнүн концепциясын түзүү, анын негизинде компетенцияларын аныктоо, б. а. анын түйшүктүү жактары – аймактык өзгөчөлүктөргө жараша компетенцияларды окуучуларга калыптандырууда кандай айырмачылыктар, типтүү кандай жакындыктар, үлгү болуучу касиеттер, бүгүнкү күн үчүн маанилүү мурункулардан калган моралдык-нравалык критерийлер, жаңы деңгээлде билимге карата коюлган талаптар, эл аралык мамиле аныкталган болжолдуу түшүнүктөр, мамалекет боюнча типтештирилген предметтик стандарттагы жеке компетенциялар, ж. б. конкреттүү сабактардын мисалында кечеңдетпей чечүү керек болуп жатат.

Дүйнөлүк билим берүү системасы менен Кыргызстандагы окутуу жумуштары мазмундук жактан айкалышмайын өлкөнүн экономикасы, коомдук-социалдык турмушу жаңы нукка өтүшү кыйын. Бирок ага умтулуу менен өлкө өзүнүн улуттук белгилерин жоготуп жиберүүсү акылга сыйбаган көрүнүш болуп эсептелет. Ырас азыр бардык сабактарды окутуу билим берүүнүн дүйнөлүк стандартына жакындаштырылып бара жатканы баарыбызга белгилүү болсо да, аны кабыл алуу менен улуттун иденттүлүгүнө зыян келтирбей турган кырдаалды түзүү керектигин эч ким тана албайт. Анткени кандай билим болбосун анын мазмуну жергиликтүү инсандын кызыкчылыктары менен аныкталып, анын коомдук-социалдык керектөөсүн канааттандыруу мүмкүнчүлүгүнө жараша чечиле турганын эсепке алсак, Кыргызстанда да мындай жол-жобо мыйзамдуу иштеши керек. Кыргыз элинин кызыкчылыгын көздөгөн андай критерийлерди бир гана этнопедагогикалык негизде окутуу менен ишке ашырууга болот. Аны сапаттуу аткаруу үчүн биз кыргыз адабияты сабагына таянуу маанилүү деп эсептеп, жарандык чөйрөгө таасири канчалык экендигин тез арада текшерүү максатында орто мектептин 10- 11-класстын окуучуларына өтүлгөн сабактарды

өзүнчө бөлүп, кээ бир жактарын толуктоо менен өлкө боюнча бардык билим берүү системасына сунуштоо зарылдыгы бул иштин алдында турат. Бул коомдук зарылдыкты өз деңгээлинде чечүүнү бир сабактын мазмуну менен толук жөнгө салуу мүмкүн эмес болсо да, негизги жол-жоболорун иштеп чыгууга база боло алат. Ошондой эле бул предмет кыргыз турмушуна жакын келип, учурда унутулуп бара жаткан социалдык чөйрөдө зарыл болгон компетенцияларды таанытып түшүндүрүүгө ыңгайлуу болгондуктан, жаңы стандарт талап кылган компетенттүүлүккө негиздеп окутуу принциптерине этнопедагогикалык мазмунду интергрvärldациялоо менен улам татаалдашып бара жаткан көйгөйлөрдү жолго коюуга болот. Педагогикалык коомчулуктун алдын турган мындай татаал маселени практикалык иштерде сапаттуу өткөрүү үчүн предметтин орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына жашоо-турмушуна тикелей байланышы бар жактарын иликтеп, аларды белгилүү бир системага салып, балдардын билим алышына кандай кызмат көрсөтүүсүнө карай план, схемаларды түзүп, конкреттүү түрдө компетенция үйрөтүүсүн эске алуу менен натыйжага жетүү жол-жоболорун иштеп чыгуу аркылуу бир бүтүн методикага айландыруу кийин аны өлкө боюнча жайылтууга кеңири шарт түзөт. Мындай максат орто мектепте кыргыз адабиятын окутуунун методикасын жакшыртуу үчүн гана маанилүү эмес, анын түпкү кызыкчылыгы - өзүнүн эгемендүүлүгүнө жаңыдан ээ болгон кыргыз элинин байыртан келе жаткан көркөм мурастарын сактоонун, алардын мазмунунда жашаган түрдүү дөөлөттөрдү кийинки муунга үйрөтүүнүн, анын негизинде окуучулардын мекенчилдик сезимдерин ойготуунун, атуул катары коомдук-социалдык чөйрө менен активдүү кызматташуусуна керектүү компетенцияларды калыптандыруунун парадигмасын түзүүгө багыт алуу болуп саналат.

Педагогика илиминде окумуштуулар изилдеп жана иштеп чыккан даяр парадигмалар жетиштүү эле. Кыргызстан алардын баарын болбосо да, теңинен көбүн бийликтин колдоосундагы “өкмөттүк тапшырмалар” катары колдонуп көрүшкөн. Азыр деле мындай иштер жүрүп жатат. Бирок алардын көбү мезгил өткөндөн кийин «сапатын» жоготуп, кыргыз мектептерине жаңы парадигмалар сунушталып келет. Маселе мына ушул жерде турат, б. а. сырттан келген

педагогикалык парадигмалар менен концепциялар кыргыздардын мектеп турмушуна сиңбей, эгер сиңип кеткен болсо, кыргыз балдарынын оюн, жашоого болгон көз карашын, ал тургай окуу системасын башка жакка буруп, элдин өзү түптөгөн адеп-ахлак, ыйман-ынсап, таалим-тарбия жол-жоболорунан ажырата баштаганын өзүбүз кеч сезип, айрым учурда токтотууга жетишип калсак, кээ бири кыргыз жашоосуна түздөн-түз изин калтырууда. Ал доордо кыргыз элинин эгемендүүлүгү жок болгондуктан, "борбордон чечилип келген" токтомдорду, заң-законду каяша кылбай аткарууга аргасыз болсо, андай инерция азыр да көпчүлүк жерден байкалса, аны биз орто мектептеги окуу процессинен, окутуу жумуштарынан кездештирип жатабыз. Андан билим алган окуучулар өз эли, ата-энеси үчүн кызмат кылуудан баш тартып, жакшы "жашоо издеп" өлкөдөн чыгып кетип жатканы буга мисал болуп берет. Мамлекет элдин жашоо-турмушун жакшыртуу аракетин көрүп, өнүккөн өлкөлөрдө болгон жакшы иштерди даяр түрүндө кабыл алып, шыр эле пайдалануу кызыкчылыгын көздөгөнү менеп, андай мамиле проблема түзгөн учурлар бар болсо, ал орто мектептеги билим берүүдөн даана байкалууда.

Кыргыз адабиятын орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына этнопедагогикалык негизде окутуу мындай проблемаларды толук чечип жибербесе да, аны кандай жолдор менен жолго коюуга мүмкүн экендигине өз салымын кошо алат. Анткени адабий чыгармалардын мазмуну окуучуларга билим берүүдө элдин мүшкүлүн, пендечилигин, бири-бири менен болгон мамилесин көркөм чагылдыруу аркылуу дидактикалык маселелерге барган болсо, этнопедагогика адабий чыгармага кыргыздын этностук табиятынан мамиле кылуу аркылуу азыркы социалдык чөйрөдө болуп жаткан проблемаларды вариациялап балдарга жеткире түшүндүрүүгө даяр материал болуп берет.

Сабак тикелей турмуш менен байланыштуу болгондо гана орто мектептин 10-11-класстын окуучулары өздөрү кызыгып чыгарманы окубаса, азыркыдай социалдык абал менен Ч.Айтматовдун жазгандарын аларга жеткирүү мүмкүн эмес. Учурдагы абалга таянсак жалпы эле окуучулардын китеп окууга болгон кызыкчылыгы өтө төмөнкү деңгээлде турат. Китеп окууга чакырык таштоо үчүн

да чыгарманын тематикасын окуучунун жашоо кызыкчылыгына байланыштырып, кандай жанрдагы чыгарма болбосун окуучунун айлана-чөйрөсүндө болуп өткөн типтүү окуялардын мисалында кароо маанилүү орунду ээлейт. Себеби өсүп келе жаткан жаштар үчүн турмуштан «сабак алуу», б. а. өзүнүн тегерегин инсан катары элестеп таанып-билүү кызык болуп турган чакта кыргыз элинин түрдүү тарыхый турмушун чагылдырган адабий чыгарма кайсы жанрда болбосун окуучуларга тарыхый-психологиялык кырдаал түзүп, ошол доордогу жашоону үйрөнүүгө ыңгайлуу шарт жараткандыктан, бүгүнкү күндөгү ага түспөлдөш окуялардын маанисин ачууга жол берет. Экинчи жагы, сабакта окулуп жаткан чыгарманын сюжети аркылуу элдин жашоо-турмушун, пендечиликтеги келишпестиктерди, коомчулуктагы талаш-тартышты жөнгө салууну үйрөтүшү мүмкүн экенин сезсе, окуучулар окуу программасындагы бардык чыгармаларды сабакта эле эмес, өз алдынча окуп, андан көп нерсе алууга аракет кылаары белгилүү. Бүтүндөй баарын окуучулардын жашоосуна алып келүү же окула турган чыгармаларды социалдык чөйрө менен байланыштыруу мүмкүн эместей көрүнсө да, көркөм чыгармадагы окуялардын жүрүшү, адам тагдыры, анын жашоо тарыхы, «кыйналган жан дүйнөсү», эл арасында жүрүп кептелген проблемалары, ойлогон оюнун туура же туура эместиги, кыялдары, сезими окуучулар күн сайын турмушта кездештирген түрдүү абалга жакын экенин көрсөтүү кай тарабынан болбосун чыгарманы изилдөөгө өбөлгө берет. Аны окуучуларга жеткире түшүндүрүү үчүн адабият мугалиминен чоң чеберчилик талап кылынаары бышык, б. а. окуучулар сабакта тигил же бул көркөм чыгарманы эмес, кадимки турмуштун белгилүү бир учурун үйрөтүп жаткандай абал түзүлгөн маалда балдардын адабий чыгарманы окууга кызыгуусу артпай койбойт.

Жаңы билим берүү стандарты боюнча кандай сабак болбосун окуучуларга керектүү компетенция калыптандыруусу маанилүү экендигине басым коө тургандыгын эске алсак, ушул ыкмада окуу процессин уюштуруу маселени чечүүгө жеңилдик берет. Маселен орто мектептин 10- 11-класстын окуучуларына китеп окуу анча кызык эмес болсо да, анын негизинде өзү «бараткан турмуш жолун» аңдаштырууга жагымдуу жагдай түзүлүп жаткандан кийин «кызыктуу

окуялардан» сыртта калбас үчүн да сунушталган чыгарманы окуп келүүгө даяр болуп калат. Анткени жогорку класстын окуучуларынын оюу көбүнчө өз чөйрөсүн табуу аракетинде болгондуктан, жашоо түйшүгүн кыялында сезип, турмуштун көзгө көрүнө бербеген жактарын билүү үчүн көп убакыт короткон кырдаалды китеп окууга пайдалануу кыргыз адабияты сабагында мындай окутуу аракетин жаңы окуу стандарты аныктаган милдеттер шайкеш келтирет. Мунун өзү орто мектептин 10- 11-класстын окуучуларына кыргыз адабияты сабагын этнопедагогикалык негизде окутуу азыркы учурдун талабында турган зарыл маселелердин бири экенин ырастап, кыргыз элинин элдүүлүгүн, улут катары дагы көп кылымдап жашоого укугу бар экенин айкындап турат.

## 2. 2. Жогорку класстарда кыргыз адабияты сабагы калыптандыруучу компетенциялар жана анда этнопедагогиканын ролу

Метод белгилүү бир максатка жетүүнүн, белгилүү бир натыйжа алуунун ык-жолдорун, каражаттарын аныктап берүүчү иш-аракеттердин жыйындысы экендиги белгилүү. Биз өз изилдөөбүздө, зарылдыгына жараша, бир нече методдорду колдондук. Алардын негизгилери катары төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот.

1. окуу-нормативдик-укуктук документтерди, эмгектерди окуп-үйрөнүү, аларды системалаштыруу, колдонууга ылайыктоо. Мында КРнын Билим берүү жөнүндөгү мыйзамы , кыргыз адабиятын окутуунун стандарттары, концепциялары, окуу программалары менен окуу китептери талдоого алынды.
2. Илимий методикалык эмгектерди окуп-үйрөнүү. Кыргыз этнопедагогикасына, кыргыз адабиятын окутуунун методикасына арналган эмгектерди иликтөө аркылуу ишибиздин теориялык маселелерин чечүүгө, болжолдуу иштеп чыгууга, методологиясын аныктоого жетиштик.
3. Мектеп документациясын, иш кагаздарын үйрөнүү. Мында орто мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун теориялык жана практикалык жактан жабдылгандыгы, практикалык иштер, сабактарды баалоонун критерийлери тууралуу билдим.

4. Мугалимдер менен аңгемелешүү. Мектеп мугалимдер менен маек куруу, сүйлөшүү аркылуу орто мектептерде кыргыз адабиятын окутуудагы жалпы абалы, тажрыйбалары, ийгиликтери менен көйгөйлөрү жөнүндо билүүгө жетиштик.
5. Сабактарга катышуу жана талдоо. Кыргыз адабияты сабагынын жүрүшү, окуучулардын активдүүлүгү, колдонулган ык-жолдордун, методдордун алгылыктуу жактары, мүчүлүштүктөрү айкындалды.
6. Анкеталык сурамжылоо. Мугалимдер менен окуучулардын атайын даярдалган суроолорго жооп алуу менен кыргыз адабиятын окутуунун теориялык жана практикалык маселелери боюнча пикирлерин угуп, жалпылаштырдык.
7. Сабактын үлгүлөрүн иштеп чыгуу, сабак өтүү.Бул даярдалган кыргыз адабияты боюнча сабактын үлгүсүндөгү мугалимдер сабак өтүштү. Өтүлгөн сабак мугалимдер менен бирдикте талкууланып, жыйынтыктар чыгарылды. Алардын натыйжасында изилдөөгө толуктоолорду киргиздик.
8. Окуучулардын жазуу иштерин текшерүү. Окуучулардын жазган дилбаяндарын окуу, текшерүү менен алардын жазуу кебинин абалы, жекече ой жүгүртүүлөрү, сөз байлыктары, текст түзүү жөндөмдөрү талдоого алынып, тиешелүү жыйынтыктар чыгарылды.
9. Педагогикалык эксперименттик методу. Бул тууралуу главанын үчүнчү параграфында сөз болот.

Кыргызстандагы билим берүү тармактарында “компетенция” деген түшүнүк жакынкы жылдарда эле пайда болсо да, ал өзү менен кошо коомчулуктун көз карашына бир топ өзгөрүүлөрдү киргизди. Аны менен азыр өлкөнүн бардык билим берүү уюм-мекемелери “эсептеше” баштады. Буга чейинки үч он жылдыкта өлкөнүн билим берүү системасы түрдүү жаңычыл концепцияларды кабыл алып, өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлгөн бардык кырдаалды башынан өткөрсө, ал концепцияларга мынчалык көңүл бурушкан эмес. Анын башкы себеби, өлкөдө билим берүү тармактарында аткарылып

жаткан иштерди мыйзам чегинде көзөмөлдөө үчүн баштапкы, орто жана жогорку окуу жайларын аккредитациялоо боюнча стандарттар иштелип чыгып, ал белгилүү бир критерийлер менен педагогикалык коллективдердин эмгектерин баалай баштаган шартта билимдин сапатына коюлган биринчи талап окуучунун инсандыгын таануу экендигин белгиледи. Ошол инсандын турмуштук керектөөсүн канааттандыруу аркылуу окуучу алчу билимдин мазмуну аныкталаарын аккредитациялоочу стандарттар так көрсөттү. Ал эми окуучуларга сунушталган билимдин мазмуну кандай түзүлө турганын кадимки турмуштук мамилелерде көрүнүүчү жөндөмгө коюп, анын натыйжасын жарандардын коомдук-социалдык коммуникативдик байланыштарынан аныктап, анда сапаттуу аткарылган конкреттүү иш-билгини “компетенция” деп атады.

Бул түшүнүк өнүккөн өлкөлөрдөн “көчүрүлүп” келип, көпчүлүк окуу жайлар акредитациядан өтүү үчүн гана аны менен “эсептешип” жатса да, анын түпкү маңызын түшүнүү иштери эми-эми жолго коюла байкалат. Орто мектептерге кыргыз адабиятын предмет катары окутуунун жаңы стандарты да мына ушундай себептерден улам мазмундук жактан өзгөртүлүп, мындан ары негизги багыт маалымат берүү эмес, окуучуларга конкреттүү компетенция калыптандыруу миссиясын кыргыз адабияты сабагына жүктөдү. Демократиялык түзүлүш бардык жерде жеке адамдын инсандыгын сыйлап, анын бардык аракетин колдоп турууну өзүнүн башкы милдети катары эсептей баштагандан тартып, бирин-бири укпаган, ал өз пикирин чындык берген кырдаал бизде эми боло баштаса, ал өнүккөн өлкөлөрдө натыйжасын эрте көрсөткөн. Мындай шартта терс мамилелер күчөп, жарандар өзүнүн оюн туура дей бериши мүмкүн экендиги аныкталган соң, 1996-жылы ЮНЕСКОнун билим берүү боюнча эл аралык комиссиясы тарабынан уюштурулган “Билим берүү: казынаны ачуу” (“Образование: скрытое сокровище”) аттуу жыйында аныкталып [Делор Ж. Образование: сокрытое сокровиүе. ЮНЕСКО, 1996.], анда Ж.Делор төрт таянып принцибин бөлүп

көрсөтөт. Алар – таанууну үйрөнүү (1); жасоону үйрөнүү (2); бирге жашоону үйрөнүү (3); жашоону үйрөнүү (4); болуп саналат. Мына ушул төрт түшүнүккө бирдей жооп берүүчү гана түшүнүктөрдү билим атоо керектигин Ж. Делор коомчулукка сунуштагандан бери дүйнөлүк билим берүү системасы кандай саясый багытты албасын мына балдарга берилүүчү сабактардын мазмуну ушул “төрт аякка” турган мезгилде гана билим сапаттуу болоорун билим берүү тармактары биле баштаган соң, анда окуутудан алынчу сапатты “компетенция” деп аташканын, ал эми жөндөмгө ээ болгон инсанды “компетенттүү” деп аныкташканын И.А.Зимняя өзүнүн изилдөөлөрүнүн бириnde [Зимняя И. А. Ключевые компетенции – новая парадигма результата образования. – РГГУ, 2006. http] белгилеп өткөн.

Адамзат толугу менен демократиялык ой жүгүртүүнү кабыл алгандыгына байланыштуу тигил же бул көз карашка артыкчылык берүү жумуштары токтоп, XXI кылымдан тарта сапаттуу билимге коюлган талап жарандын социалдык керектөөсүн канатттандыруу шартында өлчөнө баштагандыктан, мындай критерийлер биздин жерге жаңы стандарт аркылуу мыйзамдуу орунга ээ болду десек болот. Анын негизги мазмунун дайыма жергиликтүү кызыкчылыктар аныктай тургандыгын эсепке алсак, анда кыргыз адабияты боюнча көпчүлүк окуу материалдарын орто мектептин 10- жана 11-класстын окуучуларына өзү жашаган аймакта жергиликтүү кызыкчылыктарды жөнгө салуучу иштерге даярдоо, турмуштук көйгөйдү туура чечүү үчүн ага керектүү түшүнүктөр менен окуу процессин байланыштыруу жогорку класстын окуучуларын түйшөлткөн маселелерди талдоо жумуштарына айкалыштыруу, андан балдар кандай компетенция алуусу мүмкүн экендигин ачыктоо маселелери окутууну толугу менен этнопедагогикалык негизде уюштурууга чакырык таштайт. Эгер окуу процессин окуучулардын жашоо-тиричилигинин бир бөлүгү катары карап, ал мындай өзүнө бөлүнгөн убакытта турмушуна керектүү компетенция үйрөнүп, жашоого практика алышын зарыл маселе болушуна көңүл бура турган болсок, орто мектептин 10- 11-класстын окуучуларынын социалдык кызыкчылыктары менен эсептешүү кыргыз адабияты сабагынын негизги мазмунуна айланышын

орус адабиятынын мисалында Н.Н.Золототрубова өзүнүн эмгектеринин биринде [Золототрубова Н. Н. Методика преподавания литературы: Учебное пособие для вузов. – Воронеж, 2007.] белгилейт. Анын пикири боюнча компетенцияларга таянып окутуу азыркы мезгилдин талабында турган негизги туура позиция экендигин, ал сабактын мазмунун түздөн-түз окуучулардын этикалык, социалдык жана жүрүм-турум касиеттерин адабий чыгармалардагы окуяларга, адам мүнөзүнө, «жашоо образына» мотивдештирип, андан алынчу натыйжа социалдык мамилелерден, андагы өз ара кызмат көрсөтүүдөн ачылууга тийиш. Ал орто мектептин 10- 11-класстын окуучулары жаран катары “мен эмне үчүн ушул чыгарманы окушум керек?” деген суроого так жооп берген кырдаалда көрүнүүчү кимдир бирөө менен мамиле түзүүдө керектелүүчү этикалык билимди элестетүүгө шарт түзүп берүү кызыкчылыгын кыргыз адабиятын окутууда сабактын урунттуу эпизоддору жана ык-жолдору катары башкы планга алып чыгат. Көркөм чыгарманын бөлөктөрдөн айырмасы өзүнүн поэтикасына жөнөкөй адамдын түрдүү иш-аракетин камтуу аркылуу күнүмдүк жашоонун оң терс жактарын түшүнүп билүүчү объектиге айландырып, ар бир окуучунун коомчулук менен байланышуусу кандай болоорун кадимки табигый мүнөздө баяндап бергенинде турат.

Орто мектептин 10-11-класстын окуучулары кыргыз жарандары болгондуктан, алардын социалдык кызыкчылыктары өзүнүн айлана-чөйрөсүндөгү адамдар менен туура коммуникативдүү байланыш түзүү кыргыздарга тиешелүү жалпы салттуу эрежелердин шартында жүзөгө ашуусуна көз каранды. Аны окуучулар да жакшы билишет, ошондуктан аларга адабий чыгармаларды окууга сунуш кылаардан мурда эмне маселелер талкууга алынаарын, автордун кайсы көз карашына токтолуу зарылдыгын эскертүү чыгармага болгон кызыгууну жаратып, сабак турмушту “таануучу” дисциплиналардын бири катары дайыма натыйжалуу [Акматов Б. М. Эки баскычтуу билим берүү системасы жана кыргыз адабияты боюнча предметтерди компетенттүүлүккө негиздөөнүн теориялык жана практикалык зарылдыктары. // Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары, № 4 (32), 2014, 102-106-беттер.] окутулат. Адабий билимге болгон мындай социалдык керектөө чыгармага өз

пикирин түзүү аракетин эле камсыз кылбастан, айрым учурда автордун жазгандары менен келишпей, каршы оюн айтууга себеп жаратып, андай учурда жарандык позициясын далилдөө үчүн деле реалдуу турмуштук чындыкты мисал катары келтирүү окуу материалына бир катар тактоолорду киргизип, ал эми адабият мугалимине балдар кантип ойлонушу мүмкүн экендигин ачыкка чыгарат. Автордук дүйнө таанымды элдин жашоо-тиричилиги менен байланыштыруу орто мектептин 10- 11-класстын окуучуларына өз позициясын түзүү боюнча да бай фактылык материалдарды берип, аны менен бирге өзүнүн практикасында колдонууга мүмкүн болгон даяр компетенцияны өздөштүрүүгө жардам берет. Анткени автордун көз карашы белгилүү бир идеяны окурманга жеткирүүгө ашыккандыктан, анда ойлонууга себап болгон чыгармадагы сюжеттик окуялар, образдын аракеттери, анда камтылган эстетикалык дөөлөттөр окуучулар арасында кепке алчу проблеманы талкуулоо үчүн гана маанилүү эмес. Окуу материалы көркөм чыгарманы ар түрдүү жагдайдан кароого негиз берсе, аны кыргыз турмушунун мисалында анализдөө орто мектептин 10- 11-класстын окуучуларына коомчулуктун пикирин үйрөнүүгө, алар менен “эсептешүүгө”, баары “менин оюмдагыдай болуш керек” деп айтуудан алыс болууга, эл айтса, демек, анын туура жагы көп экенин баамдап түшүнүүгө, ыктуу жерде тандап, өзгөчө кырдаалга көңүл буруу аркылуу ынанымдуу чечим чыгарууга жол ачат. Ал эми сабакка этнопедагогикалык негизде мамиле кылуу окуучулардын логикасына “таяныч чекитин” таап берүү менен бирге талдоо жумуштарына элестеп түшүнүүнүн түрдүү формасын окуучулардын ар биринде калыптандырат. Ырас, чыгармада көркөм ойлоонун ар кыл түрүн пайдалануусу мүмкүн, бирок аны окутууда окуучунун интерпретациясында кароо коллективдүү талкуудан өткөн соң көз караштын аныкталган “технологияларын” түзүп, аны проблеманы чечүүгө иш-билги (компетенция) даярдайт. Ошондуктан педагог окумуштуулар окуучулардын билимге жасаган мамилесинде китеп окуу кызыкчылыгы жок болсо [Кленова Т.И., Ястребов Л.И. Результаты PISA-2006. Обладают ли 15-летние учащиеся необходимой естественнонаучной грамотностью для полноценного функционирования в обүестве? // Вопросы интернет-образования № 55] да, чыгарма көркөм образ аркылуу ортого койгон

адеп-ахлактык, руханий-моралдык кризисти бүгүнкү учурдун чегинде кароо ар бирин өздөрүнө тиешелүү жооптуу кырдаалга келгенде так жооп табууга аракеттендирет. Республика боюнча алганда буга мисалдар көп, маселен окуучулар Ч.Айтматовдун чыгармаларына анализ берүүдө мугалим проблемалык кырдаалды кыргыздын азыркы турмушуна салыштырып, бир кезде болгон жарандарыбыздын жан дүйнөсүндө жүрүп жаткан рухий жакырлануну, ыймандын кетиш себептерин орто мектептин 10-11-класстын окуучуларынын алдына талкууга койгон мезгилде алар туура багыт, жол көрсөтөр белги болуп бере турган идеяларды элибиздин илгертен келе жаткан бийик моралдык чен менен айткандары этнопедагогикалык негизде окутуунун туура экенин билдирет.

Мындай мамиле азыркы коомдун адеп-ахлак негиздерин түзүүгө жана практикалык иштер аркылуу чындоого зарыл болгон бир катар маселелерди да аткарат. Сыртынан баары жетиштүү көрүнгөнү менен азыркы орто мектептин 10- 11-класстын окуучулары психологиялык жактан татаал мезгилде жашап жатышат. Анткени материалдык нерселерге кызыгуу жарандардын жан дүйнөсүнө чоң өзгөрүүлөрдү киргизип, “акчаң болсо, баары болот” деген ишенимди уул-кыздарынын аң-сезимине сиңире баштаган ата-энелер элдик мурастарыбызга кайдыгер караган окуучулардын типтүү аракетин түзүп, ички рухий түркүгү начар, элге кызмат кылууга ашыккан уңгулуу уюткусу жок балдарды социалдык чөйрөгө кошуп жатышат. Андай кишилер азыр аз эместигин эсепке алсак, алар менен иштөө мугалимдерге бир топ эле кыйынчылык жаратат. Ал өз элине кызмат кылууга чакырык таштаган акын-жазуучулардын чыгармаларын бир жолу окуу менен өзүнүн ичинде катылып жаткан каршы пикирин билдирген окуучулар бар экенине күбө болуп берет. Ырас, айрым окуучуларда андай көз караш билинбей жүрүп, кыйчалыш-кыйын учурда эли-журттун адабий-эстетикалык баалуулуктарына каршы чыккан учурлары бар. Кээ бир сабактарда андай пикирлер турмуш чындыгы катары каралып, кыргыз адабиятынын көйгөйлүү жактарын талкуулоого келгенде көз караштын жетектөөчү нугун башка тарапка буруп, орто мектептин 10-11-класстын окуучуларынын улуттук дөөлөттөргө болгон негизги түшүнүктөрүнө доо келтирген абал да кездешет. Ырас, реалдуу жашоо менен байланыштырганда

мындай пикир «утушка» ээ болуп, улуттук кызыкчылыкты коргогон окуучулар талашта турмуштун өзүнөн мисал келтире алышпай ыңгайсыз учурга туш келген кырдаал жогорку класстын окуучуларына таасир этпей койбойт. Ошондуктан кыргыз орто мектептеринде этнопедагогикалык негизде окутуу жумуштарынын парадигмасын иштеп чыгуу менен бардык предметтерди окутуу иштерине жайылтмайын бир адабий чыгарманы талдоо жумуштарына пайдалануу, сөз искусствосунун көрүнүшү катары калыптанган элестүү кабылдоо кандай чыгарманы болбосун турмуш чындыгы менен өз ара катышта баалап, анын эстетикалык табиятын өздөштүрүүгө толук негиз түзүп бере албайт. Мунун өзү сабактын нугун жаңылоого, б. а. кандай формада болбосун адабий чыгарманын мазмунда чагылдырылган турмуштук кырдаалды ар бир окуучу өзү тарабынан талдоо менен жеке пикирин сүрөткердин дүйнө кабылдоосу салыштырууга алып баруусу маанилүү. Акын же жазуучу тарабынан түзүлгөн турмуштук кырдаал кандай чеберчиликте чагылдырылганы кандай мааниге ээ болсо, аны баалоодо окуучунун көз карашы реалдуу турмуштук фактыларды кандай кабыл алганы менен адабият сабагынан кийин кантип өзгөргөнүнө талдоо жумуштарынын таасир бериши орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына этнопедагогиканын кызматынын маанилүүлүгүн аныктай алат.

Бир адабият сабагы менен жогорку класстын окуучуларынын ойлоо табиятын, дүйнө кабылдоо түшүнүктөрүн түп-тамырынан бери өзгөртүп жиберүү мүмкүн эмес. Бирок орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу алар күнүгө реалдуу турмушта кездештирип жаткан түрдүү окуялар, аларга болгон адамдардын мамилеси мурда кандай эле жана азыр кантип өзгөргөнүн ар бир өзү таанып-билүүгө толук шарт түзүп берет. Аны азыр мектепте өтүлүп жаткан сабактар сыяктуу уюштурулган кырдаал, учурдагы сабакка тиешелүү ык-формалар менен сапаттуу аткарууга болбойт. Анткени азыркы учурда адабият сабагы чыгарманы балдарга үйрөтүүдө талдоо иштерин образдын кимдигине, эмне окуяларды башынан өткөргөнүнө, кайда барып, жашоосунда ким менен байланышканына, ага эмне себеп болгондугуна сюжеттик окуялардан мисал келтирүү аркылуу окуганын билдирүү чектелгени болбосо, ал эмне үчүн улуттук адабий

дөөлөттөрдүн арасында классикалык деңгээлге көтөрүлүп, автордун жаңылыгы кайсы позициядан чеберчиликке жетишкендигин ачып бере албай келет. Бул маселеге так жооп берүү мүмкүн эмес болсо да, көркөм чыгарманын артыкчылыгын орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына түшүндүрүү этнопедагогикалык негизде болсо, кыргыз улуту үчүн ошол чыгарма көтөргөн проблеманын орду, башкалардан айырмаланган сапаттык өзгөчөлүгү, анда баяндалган турмуштук чындыктын адам образына баа берүү үчүн кылган кызматы, кийинки муун ал чыгармадан алчу тарбиялык мааниси талдоо учурунда сөздүн кудуретинин жардамы менен кантип жарала турган көрсөтүп бермекчи. Себеби көркөм образ түзүү ар бир элдин көп жылдык жашоо тажрыйбасына байланыштуу мазмунду түрдүү формада берүү чеберчилигин пайда кылып, ал өзүнө тиешелүү сөздүн көркөм-элестүү түшүнүүгө мүмкүн болгон көп түрдүү катмарын элге калтырган болсо, улуттук адабий үлгүлөрдө анын баары сакталып, жарандардын кебинде адабий тилдин лексикалык байлыгы катары орун алып, өз ара коммуникативдик байланыштарда керектелүүчү компетенциянын кызматын аткарат. Ошондуктан азыр орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына чыгармаларды үйдөн окуп, кайра аны сабакта айтып бергени маанилүү эмес, ал окуган чыгармасынан кимдин турмушу чагылдырылганын, бул “жашоо” менен автор кандай ойду бергиси келгенин, чыгарманын мазмунунда эмне идея камтылганына карап, көркөм- эстетикалык баалуулугун аныктоо, б. а. чыгарманын идеясы менен катышта турган, жөнөкөй адам баласы айтып бере албаган турмуш чындыгын мааниси, автордун оюн класста биргелешип чечмелөө аркылуу “табылган” нарк-насил, анын негизинде түзүлгөн инсандык туюм, аны реалдуу жашоо аракетинде колдоно билүү жөндөмү, көркөм-элестүү кабыл алуудан жарандык позициянын калыптанышы керек.

Орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу, бул – чыгарманын мазмуну талдоо аркылуу турмуштун маңызын туура кабыл алууга үйрөтүү. Жашоо кадим көркөм чыгармалардай эле экенин окуучуларга сездирүү - алардын көркөм чыгармаларды кабылдоо психологиясын дал ушул өңүткө өткөрүү балдардын

кимисине болбосун көркөм чыгарманы талдоо учурунда “тапкан жооптору” менен күндөлүк пендечилик аракеттерге баа берүү, чыгармалардагы кээ бир эпидордорду элестетүү аркылуу кыйналбай жооп табуу, чыгарма менен турмуштун ортосундагы окшош кырдаалдарга таянып жарандык позициясын билдирүү, сабактагы талаш ойлордон алынган туура пикирге негизделип өзүнүн ой корутундусун чыгаруу сыяктуу көндүмдөргө этнопедагогика негиз болуп берет. Окуучуларда түрдүү жөндөмдүн калыптануусу үчүн элдин улуттук өзгөчөлүгүнүн мааниси чоң. Балдар кандай жаш куракта болбосун көркөм образдагы адамдык касиеттерди баамдап түшүнүү үчүн биринчи кезекте өздөрү жашаган социалдык чөйрөдөгү түрдүү кишилердин кыймыл-аракетине салыштырып, кээ бир учурда түздөн-түз ортодогу окшоштуктарды таап, анан ошол пендеге болгон айланасындагылардын мамилесин көз алдыга келтирүү менен чыгармадагы каармандын оң жана терс сапаттарына баа бере тургандыктарын сурамжылоо анкеталарындагы жоопторунда ачык эле белгилешкен. Мунун өзү этнопедагогикалык негизде окутуу адабий чыгармаларды менен байланыштырууда окуучулар кандай таасирлерге ээ болоорун көрсөтүп гана тим болбостон, көркөм образга талдоо жүргүзүүдө башкы критерийлерди да турмуштун өзүнөн ала тургандыгын билдирет. Андай шартта мектеп окуучуларына мындай мамиле көптөгөн адабий-териялык түшүнүктөрдөн алыс болуп, адабият таануу илиминде маанилүү болгон жанрга же идеялык-тематикалык мазмунду таанып-билүүгө зарыл элементтерди билбей калуу коркунучун жаратканы менен окуучунун элестетүүсүн өнүктүрүп, эстетикалык кабыл алуу процессине жагымдуу жагдай түзөт.

Ал кыргыз адабияты сабагында аныктамаларды же маалыматтарды жаттатып окутканга караганда пайда болуп саналат. Буга чейинки практикалык иштер көрсөткөндөй, акын же жазуучу жараткан көркөм образдарды өзү жашаган чөйрөдөгү адамдардын кейпинде элестетүү окуучулардын каарманга карата мамилесин өзгөртүп, чыгармага өзгөчө эмоцияда кароону шарттайт. Маселен, Ч.Айтматовдун “Ак кемесиндеги” Орозкул сыяктуу адамдар эл арасында жетиштүү эле, мугалим анын канчалык жагымсыз экендигин кыргыздын этнопедагогикасы аныктаган дидактикалык ойлорго таянуу менен

түшүндүрсө, окуучулар өз айылындагы конкреттүү бир кишини элестетип, анын аялы жана балдары көргөн турмушту сезимдери аркылуу өткөрүп, эстетикалык табиттери типтештирүү жөндөмү аркылуу компетенцияга айланат. Мында окуучулар каармандын аракетин, жүрүш-турушун биргелешип баалоо менен кимдир бирөөнүн кайгысын тең бөлүшүүгө, адамдардын ортосундагы мамиленин ордуна маани берүүгө, көркөм чыгармадагы окуяларды сыртынан кабыл албай, баарын жан дүйнөсүнөн өткөрүүгө, ошондой эле окула турган чыгармалар боюнча сүйүнүп даярданууга өбөлгө түзөт. Көпчүлүк учурда мугалимдер окуучуларга мамиле кылууда алардын ички кызыкчылыктары менен эсептешпей, адабий чыгарманы окуп келгиле деген тапшырма бергендиктен, баа үчүн окугандар чыгарманы үстүртөн кабыл алуу менен чектелишет. Ал эми адабиятка кызыккандары чыгарманын түпкү мазмунун кабыл алууда өзүнүн эмоциясын катыштырбай туруп, даяр аныктамалар аркылуу жооп берүүгө өткөндүктөн, жарандык көз караш түптөлбөй, анын натыйжасында позициясы жок, маңыздуу пикир айта албаган абалга чейин жеткирип отурат. Окуучулар арасында сурамжылоо аныктагандай, адабий чыгарманы окуучулар арасында кабыл алуу бир нече деңгээлде жүрүп, анын негизинде адабият сабагына катышкандыктан, чыгарманы талдоо жумуштары ар түрдүү абалда орун алат. Окуучулардын айрымдары текстти өз алдынча окуп, андан чыккан жеке ойлору менен сабакта активдүү позицияны ээлесе, кээ ошол жерден уккандан кийинки пайда болгон пикир менен кала беришет. Ошого ылайык көркөм образдуу кабыл алуу да баарында бирдей болбой, бири эмоционалдуу таасирленсе, экинчиси түшүнүп-түшүнбөй эле талкууга катыша бергени байкалат. Бул сыяктуу көрүнүштөр азыр бардык мектептерде кездешет, б. а. эптеп-септеп жооп берүү, башкалардын пикирине кошулуу, суроого так жооп бере албагандык, талдоо иштериндеги чар-жайыттуулук, чыгарманы андан ары анализдөөдө бирин-бири кайталоо, маңызсыз сүйлөө, оюн түшүндүрө албагандык, проблема боюнча олуттуу ойлонууга кудурети жетпегендик жана эстетикалык терең ойлорду жеткиликтүү түшүнбөгөндүк адабият сабагына мүнөздүү болуп жатат.

Ошондуктан орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу адабий чыгарманы сабакта

талдоону эл өзү иштеп чыккан критерийлер менен карап, балдар үчүн маанилүү болгон проблеманы сюжеттен таап, көркөм образга кайсы багыттан кароо керектигин да калктын салттуу эрежелери менен мамиле кылгандыктан, балдар чыгарманын үстүндө иштеген маалда баарына белгилүү жана түшүнүктүү көйгөйлөрдү козгошуп, андан эл үчүн да, өзү үчүн да пайдалуу болгон талкууларды уюштура алышат. Айрым мугалимдер этнопедагогикага таянып сабак өтүүнү бардык учурда колдоно бербегендиктен, окуучулардын кайтарым мамилеси (обратные связи) туруктуу позицияга өсүп чыга албагандыгын көп кездештиребиз. Бул окуган чыгарма боюнча тапшырмаларды аткарууга анча тиешеси болбогону менен андан алганын билим катары жашоо-турмушуна колдонууга шарт түзүп бере албайт. Ошондой эле көпчүлүк окуучулар чыгарманы талдоо сабакта гана аткарылчу жумуш катары ойлогондуктан, алардын ою турмуштан таяныч таппай, өздөрү жалпы эл кайсы тарапка өтсө, ошол багытка ооп кеткен пендеге айланууда. Ал эми өзүнүн чыгармачылыгы аркылуу акын же жазуучунун ойлорун элдик дидактикага таянып интерпретациялай алган окуучулар ошол чыгарманы эле жакшы түшүнүү менен чектелбестен, турмуштун түрдүү кырдаалында кездешкен окуяларды бир мезгилде окуган көркөм чыгармасына салыштырып, туура жооп табууга жетишкенин көп эле кездештирип жүрөбүз. Ошол себептен орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу системалуу болсо, окуучулар адабий чыгарманы талдоодон үйрөнгөн иш-билгисин (компетенциясын) дал өзүндөй турмуш менен интеграциялап, башка түрдүү абалдан чыгууга жол таба алышат. Бул орто мектептин жогорку классынын окуучуларына чыгарманын идеясын, андан ары тереңдетсек автордун концепциясын кабылдоо аркылуу турмуштун тутумунда турган түрдүү кубулуштарды жарандык позициядан кароого кеңири жол ачып берет.

Азыркы учурда билим берүү тармактарында кыргыздын жарандык позициясын калыптандырууга көңүл бурулбай жатат. Анын жетишсиздигинен улам кийинки муундар арасында кыргыз болуп төрөлгөнүнө сыймыктангандар өтө эле аз. Ал эми мекенчилдик сезимдин жетишсиздиги бир эле өзүн ойлогон, жеке керт башынын кызыкчылыгынан бөлөк проблемага “башын оорутпаган”

окуучулардын эл арасында көбөйүшүнө алып келүү менен бирге билим берүү багытына этнопедагогикалык негизде окутуу парадигмасын киргизүү зарыл экендигин ачыктайт. Ал бардык дисциплиналардын мазмунуна жайгашпаса бүгүнкү күндө күч алып бара жаткан нигилизмди токтотуу мүмкүн эмес. Ырас бул багыттагы иштер өнүгүү курсуна өтүү үчүн биз орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун мисалында парадигмага өзөк болуучу айрым жумуштарды сапаттуу аткарышыбыз керек. Мында адабият сабагы боюнча билим берүүдө этнопедагогиканын ордун көрсөтүү, б. а. өлкөдөгү билим берүү тармагына жаңы парадигмалык багытты сунуштоо ар бир окуу жайдын базасында азыркы түзүлүшкө бардык тарабынан туура келчү жолду издөө зарылдыгын көрсөтүү менен бирге кайсы аймакта жайгашпасын окуучуларга сапаттуу билим тартуулоо милдеттендирет. Эгер дүйнө эли күн сайын бири менен бири жакындашып, бирдей жашоо деңгээлин түзүүгө аракеттенип жатышса, кыргыз жарандарын андай процесстен бөлүп алуу, өзүнчө обочолоп кароо менен дүйнөлүк рыноктук мамилелерге катыштырууга умтулуу мүмкүн эмес. Ошондуктан кыргыз адабияты боюнча сабактарына ошол тутумдан мамиле этүү керектигин даана көрсөтсө, аны ишке ашырууда кыргыз турмушуна толук сиңген, бирок ата-бабалар аздектеп келген көркөм дөөлөттөрдүн баарын сактап калууга болгон күчүн жумшай алчу компетенцияга ээ билимди берүү керек болуп турат.

Андай адабий билимдин мазмуну улуттук болгону менен окуучуларга жеткирүү формасы бардык инновациялык иштерге негизделип, ар бир окуучунун алган билими түрдүү чөйрөдө колдонууга жарактуу келип, компетенция анын жарандар менен мамилесинде билгичтик катары өз ордун таап, коммуникативдик элементтердин кызматын көрсөтүүгө жетишүү кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун бардык иш-аракетинин мазмунун түзүүгө тийиш. Бул окутуу ыкмаларын мугалим менен окуучунун өз ара кызматташуусун демократиялаштырууга (1), ар бир окуучуну бардык кырдаалда субъекти катары кароого (2), сабакты уюштурууда ошол субъектилердин инсандык кызыкчылыктарын эске алууга (3), ар биринин жарандык көз карашын сыйлоо (4) менен инсандык сапаттарынын туура

жетилүүсүнө багыттап билим берүүгө (5) [Хуторской А. В. Ключевые компетенции как компонент личностно-ориентированного образования. // Народное образование, 2003, № 2, 58-64-беттер.] негизделиши керектигин жокко чыгарбайт. Окуу процесси андай жаңы түшүнүктөр менен өзүн камсыздап жаткан учурда кыргыз адабиятын окутуу салттуу ык-усулдар менен куралдануусу мезгилдин талабына туура келбейт. Тескерисинче адабият мугалими окуу-методикалык табылгаларды пайдаланып, окуучуларга кызыктуу болгон сабактарды уюштуруп, бирок андан алына турган натыйжа элдин эртеңкисине кызмат кылууга бардык аракетин жумшай турган активдүү инсандык жөндөмдөрдү калыптандыруусу маанилүү болуп саналат. Эгер орто мектептин 10-11-класстын окуучулары окуй турган кыргыз адабияты боюнча адабий чыгармаларды белгилүү бир бүтүн системалуу багытта алсак жана алардын ар биринде этнопедагогиканын дидактикалык нормаларын талапка ылайык жайгаштырууга жетишсек, анда адабий билим берүү жаңы сапатка көтөрүлөт.

Анткени балдар мектепте окуган адабий чыгармалар кыргыздын турмушун чагылдыруу менен окурманга белгилүү бир идеяны жеткирүүнү кааласа, анын артында окуп түшүнүүчү терең проблемалуу мазмун жашай турганын азыр баары эле билет. Экинчи жагы, билим берүү максатын көздөгөн окуу программасы акын же жазуучунун тажрыйбасында жаңылык катары көрүнгөн бардык чыгармаларды камтый бербейт, ал келечек муун сөзсүз билүүгө тийиш болгон, ошол эле мезгилде тарбия берүүчүлүк мааниси зор адабий чыгармаларга басым жасайт. Алар алган тематикасы боюнча ар түрдүү келип, ар кыл формада ойду чагылдыруу жөндөмдүүлүгүнө таянган автордун тигил же бул жанрдагы адабий-эстетикалык табылгаларын окуучуларга сунуштоо менен балалык кыялдардан ойлоонун чыгармачылыкта өнүгүүсүн, образдуулук аркылуу адам жашоосун таануу иштерин жүргүзүү жөндөмдүүлүгүн ойготууга жардам берет. Ал эми адабий чыгармалардагы сөздүн кудуретин сабакта биргелешип үйрөнүү окуучулардын жеке таасирленүүдөн жаралган пикирин билдирүү менен чектелбестен, көп түрдүү көз караштардан ассоциацияланган даяр ойду ортого коюп, жаран катары керектөөчү пикирдин өзөгүн түзүп коёт. Мындай шартта

этнопедагогиканын дагы бир өзгөчө ролу бар, ал адабий чыгарманы жеткиликтүү таанып-билүү аркылуу жазуу түрүндөгү кептик каражаттарды үйрөнө алат. Ырас ал окуучуларда өзүнөн-өзү пайда боло калуучу көндүм эмес, аны мугалим акын же жазуучунун сүйлөм түзүүдөгү стилдик өзгөчөлүктөрүнө дайыма басым жасап, сүйлөмдөн тартып текст түзүүгө чейинки автордун чеберчилигин мисалдар менен көрсөтүп турушу, анда берилген ойду таап чыгууга ар бир окуучуну кызыктырышы сүрөткердин кептик каражаттарды кантип колдонгонун туура маанилүү болбостон, таанып-үйрөнгөн билимин пайдаланууга да мүмкүндүк жаратат. Этнопедагогиканын ролу сабакта үйрөнгөн компетенциясын мектептен тышкаркы чөйрөдө түрдүү коммуникативдүү байланыштарда өз позициясын туура түшүндүрө билүүгө, инсандык милдетин так аткарууга, пикирин ишке ашыруу үчүн элдик дидактикалык нормаларды колдонууга, жеке позициясын коргоодо калк таянган жол-жоболорго негизделүү принциптерин кармануура даяр жаранды тарбиялай алгандыгында турат. Азыркы учурда адабият сабагына ушул сапат (ал орто мектепте бардык предметтерге мүнөздүү) жетишпегендиктен көптөгөн окуучулар интернеттеги ар кандай маалымат булактарына азгырылып, кайда баратканын билбей, жашоону таануунун негизги ресурстарынан алыс болуп баратканы байкалат.

Орто мектептин 10- 11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын окутууда этнопедагогиканын ролу төмөнкү кырдаалдарда керек экендигин белгилей кетүүгө тийишпиз:

а) окуучулардын туура ойлонуу компетенциясын калыптандыруу – орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу алардын социалдын чөйрө менен байланышы туура логикалык кырдаалда болушу маанилүү экенин аныктап, адабият сабагында логикалык ойлоо ишмердүүлүгүн адабий чыгармаларды талдоо учурунда кыргыз элинин улуттук өзгөчөлүгү аркылуу таануу;

б) окуучулардын ой жүгүртүүсүндө салыштыруу иш-билгисин (компетенциясын) калыптандыруу – башка улуттардын адабий чыгармаларын окуган учурда алардын сюжет куруу, образ түзүү, жанрды классификациялоо, ж.

б. белгилер боюнча жеке пикирин тактоо жана аны класска алып чыгуу менен жалпылоо сыяктуу көндүмдөрдү өздөштүрө билүү;

в) окуучулардын көркөм чыгарманын жакшы жана жаман жактарын түшүнүү үчүн эстетикалык табитин айырмалоо компетенциясын калыптандыруу - этнопедагогиканын жардамы менен адабий чыгарманы түшүнүүгө жана анын идеялык-тематикалык, көркөм-эстетикалык маанисин, сюжеттик-композициялык жанрдык-стилдик касиеттерин ажыратууга болгон инсандык кудуретин өстүрүү;

г) окуучулардын адабий чыгарма улуттук мүнөзгө ээ болоорун, бирок андай чыгармалар башка улуттарда кездешүүсү мүмкүн экендигин окуп-түшүнүү компетенциясын калыптандыруу – бардык чыгармаларды талдоодо улуттук адабий жанрларды негизги критерий кылып алуу менен адабият мугалими башка улуттардан келген чыгармаларга баа берүү иштерин уюштурганы аркылуу аңдап түшүнүү жолдорун өнүктүрүү;

Болжолдуу түрдө алынганы менен булар орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын окутууда этнопедагогиканын ролун аныктоодо маанилүү орунду ээлеп, элдик дидактиканын көркөм чыгарманы талдоо жумуштарына жайгаштырууда жана анын чыккан жыйынтыктарды турмуш менен байланыштырууда жигердүү кызмат кылат. Андан тышкары окуучулар тексти өз алдынча окуп-түшүнүүдө бир катары көндүмдөрдү аткарат. Азыркы мезгилде мугалим окуучулар менен кызматташууда андай аракеттерден ар бир окуучу ала турган жөндөмдөргө көңүл бурбагандыктан, балдар сабактагы түрдүү талкуулардан өздөрүнө калыптандыруучу бир нече компетенциялар көз жаздымда калган учуру байкалат. Тактап айтканда, кыргыз адабияты сабагы окуучуларды түркүн-түс талаш маселелерге тартуу менен алардын сүйлөө речинин туура калыптануусуна - сүйлөө этикетин билүүсүнө, кеп болуучу ойду баамдап сезүүсүнө, талдоого коюлган чыгарманын кайсы тарабынан каралышына карап, таяныч ойлорунун пайда болуусуна, темага керектүү сөздөрдү же болбосо, терминдерди караштырып, кебине ылайык келүүчү сөз каражаттарын даярдоосуна, проблеманы кайсы тарабынан кароо маанилүү жана таасирдүү болооруна жараша психологиялык жагдай сунуштоосуна таандык компетенцияларды калыптандырып жүрүп отурууга милдеттүү. Ал үчүн адабият

мугалими окуучулардын талкууга кандай жолдор менен кантип катышып жатканына, сүйлөө маданиятына, кептик каражаттарына, далил келтирүүсүнө, факты боюнча окурмандык ой корутундусун колдонуусуна, буга чейин иштелип чыккан тажрыйбаларды пайдалануусуна, ал тургай турмуш чындыгына таянып, андан мисал келтире билүүсүнө тиешелүү түрдүү компетенциясын кайсы жанрдагы адабий чыгарманы талдоого колдонбосун кыргыздын өзү иштеп чыккан элдик дидактикасынан карап, маанилик жактан ага туураланышын, кандай тематика, кайсы багыт болбосун адеп-ахлактык каражаттарды улуттук нарк-насилден алып, оң жана терс жактарына жеке эмоциясын билдиргенге чейин окуучуларга үйрөтмөйүн балдардагы кайдыгер сезимдер жоюлбайт. Кыргыз адабияты сабагы жандуу талкуу, түрдүү талаш-тартыш менен өтсө кызыктуу болоорун адабият мугалимдеринин баары эле билет. Бирок баарыбызга тааныш салттуу сабактар окуу процессинде көп колдонулуп, анда мугалимдер баягы “авторитардык көзөмөлүн” жүргүзүп тургандыктан, окуучулар талкууга активдүү катыша албай, катышса туура эмес пикир айтуудан чочулашып, б. а. “жаман баа алуудан” сактанышып, пикирлерин ачык ойтуудан тартынган учурлар арбын эле кездешет.

Кыргыздын салтында “ийри отуруп, түз кеңешүү” принциби менен көптөгөн маселелерди туура чечип келишкенин окуучуларга үйрөтүү адабий чыгармаларды талдоо этнопедагогиканын этикалык маданиятын өз ичине камтыйт, алар – сөзгө конок берүү, улуулашып сүйлөө, кыздын кырк чачы улуу, ток этээр жерин айтуу, ж. б. пикирлешүүнүн бир нече компетенциясын калыптандырса, ал кийин ар бир жарандын коомчулук менен кызматташуусунда керек ораторлук искусствонун билим катары орун алышын шарттайт. Азыркы билим берүү тармагынын биринде да чечендик өнөрдүн жол-жоболору кыргыз жаштарына компетенция катары үйрөтүлбөйт, ал эми анын пендечилик жашоодо керек экендигин эсепке алсак, кыргыз адабияты сабагы анын айрым элементтерин орто мектептин 10- 11-класстын окуучуларына көндүм катары калыптандырышы маанилүү. Ал кыргыз адабиятын окутууда этнопедагогиканын ролун педагогикалык коомчулукка таанытуу менен бирге элеттик аймактардай эле шаардык улан-кыздардын кыргыз салттарынан сабак алууга, аны учурунда

билүү эмес, окууну бүткөн соң турмушунда колдоно билүүгө, башка этностун өкүлдөрүнө кыргыз маданиятынын ордун көрсөтүүгө, социалдык топтордун арасында жарандык маданияттуулугуна таянып мамиле жасоого үйрөтүп жетишкен болсо, тиешелүү кырдаалдарда анын этикалык искусство экендиги аныкталат. Адабият сабагынан алган билим коомдо чагылдырылган жалпы атуулдук мамилелерде өзүнүн өзгөчөлүктөрүн көрсөтүп, ыгы келген жерде кыргыздын жаштары жөнүндө пикир түзүп турган болсо, орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын окутууда этнопедагогиканын ролу өзүнүн милдетин жеткиликтүү аткарганын түшүндүрө алат. Ырас, окуу процессинде ал толук ийгиликке жетүү үчүн орто мектептин 10- 11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун иш планын түзүп, анда эл өзү калыптандырган дидактиканын ролун көрсөтүү менен окуу планындагы адабий чыгармалардын көркөм-эстетикалык мүмкүнчүлүгүнө жараша мазмундук тилкелерге бөлүп, анда жаңы сунушталган билим берүү стандарттагы компетенция көндүмдөрүнө ээ кылчу жол-жобону камтуу зарылдыгы турат.

Жогорку класстын окуучуларына кыргыз адабиятын окутууда этнопедагогиканын ролу өтүлүп жаткан предметтеги темалардын негизги өзөгүн түзгөн түшүнүктөрдү элдин учурдагы жашоо-турмушу менен түздөн-түз катышы бар көйгөйлөргө топтоп, андан окуу программасында сунушталган чыгармалардын мазмуну көтөрө алчу көркөм-эстетикалык тилкелерди бөлүп чыгуу – бул предметти кандай шартта болбосун турмуш чындыгы менен байланыштырып, окуучуларга белгилүү бир көркөм-эстетикалык дөөлөттөрдүн мазмунун түшүндүрүүгө мүмкүн болгон бөлүмчөлөрдү түзүү, б. а. окуучулар сабакта жана өздөрү үйдөн окуп-үйрөнүүчү окуу материалдарын деңгээлдерге бөлүп жайгаштыруучу иш чараларды иштеп чыгууда көрүнөт. Кыргыз адабиятын окутуу инсанга багыттап окутуу парадигмасын жетекчиликке алышы зарыл болгондуктан, окуу материалын мындай иш планына жайгаштырууда жергиликтүү шартка ылайык окуучулар сөзсүз билүүгө тийиш жөндөмдөрдү алардын социалдык керектөөсүнө негизделүү менен түзүү орто мектептин 10- 11-класстын окуучуларына этнопедагогиканын ролунда адабий жанрлардын

табиятын бөлүп чыгууга жана көркөм-эстетикалык табиттин ырааттуу калыптануусуна кызмат көрсөтө алат. Учурда өлкө боюнча кыргыз адабиятын окутууну бирдей мазмунда уюштурууга болбойт, анткени азыр айыл менен шаардын балдарынын ортосунда коомдук-маданий керектөөгө болгон мамиле кескин айырмаланып, шаардык окуучуларга кыргыздын этномаданиятына таандык компетенцияларды үйрөтүү өтө эле кыйын болуп барат. Эгер аларга айылдык окуучулардай мамиле кыла турган болсок, анда алар өз элинин улуттук адабиятында иштелип чыккан көркөм-эстетикалык дөөлөтттөрдүн нарк-касилин түшүнбөй, кадыр-баркын билбей, окуган чыгармасы кандай маани берип жатканын туюна албай, сөз кудуретинин баасын сезбей, адабий каармандан алчу тарбияны өз деңгээлинде өздөштүрө албай, ал тургай өз ара сүйлөшүүдө керектелүүчү тексттин структурасындагы көркөм сөз каражаттарын пайдалануу боюнча шаардык окуучулардын компетенциялары өз деңгээлинде калыптанбай калышы мүмкүн. Бул кыргыз адабияты боюнча сапаттуу билим берүүнү уюштурууга тоскоол болоору бышык. Ошондуктан кыргыз адабияты предметин орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу адабий чыгармаларды адабий-эстетикалык жактан таанып-билүүнүн ролун арттырып, анын идеялык мазмунунда камтылган түрдүү адабий дөөлөттөрдү аныктоонун критерийлерин түзүүгө да маанилүү кызмат кылып берет. Маселен, мектеп окуучулары турмуштун өзүн жаңыдан таанып-үйрөнүп жаткан соң аларда жакшы менен жаманды ажыратууга биринчи кезекте айлана-чөйрөсүндөгү жашоо-турмуш, андагы ар кыл адамдар, алардын чөйрөгө болгон мамилеси, өз ара пикирлешүүсүндө айтылган көз караштары, үй-бүлөлүк, тууганчылык жана айылдаштык кызматташуулар, ж. б. пайда болгон таасирлер менен өз оюн түптөй маалда алар көркөм чыгарманын сюжетин окуп чыкканда окурмандык пикирге жогорудай айтылгандардын ролу чоң экени баарыбызга белгилүү.

Айрым мугалимдер адабий чыгарманы талдоо учурунда балдарга тигил же бул жанрдын өзгөчө белгилерин конкреттүү бир чыгарманын мисалында көрсөтүп берүүдө искусствонун түрү катары окутууга басым жасашкандыктан, аны бир окуучуга жеткирүүдө кыйналышат. Анткени көпчүлүк окуучуларда

адабий чыгарманы эстетикалык жактан анализдөөгө мүмкүн болгон билимдин жетишсиздиги – образдуулук менен берилген ойлорду, эмоционалдуу-экспрессивдүү баяндоо каражаттарын, шарттуу кабыл алууга негизделген сүрөттөөлөрдү, адам жашоосун ар кандай деңгээлде чагылдырган түшүнүктүн көп жактуулугу, көркөмдөштүрүүнүн түрдүү баскычта берилиши сыяктуу маселелерге жооп табууда кыйынчылык жаратат. Ал эми көркөм адабиятты искусствонун бир түрү катарында үйрөтүүнү каалаган мугалимдер көркөм чыгарманын түрүн, жанрдык өзгөчөлүгүн, сөз өнөрү жөнүндө түшүнүгүн аныктамалардын негизинде айтып берүү менен чектелишип, андан ары окуучулар өздөрү улап кетүүгө ыңгайлуу шарт жетишсиз болуп, образдуулукка таянган сөз өнөрүнүн “жолу уланбай” жатканы байкалат. Бишкек шаарындагы мектептерде чанда бир окуучу көркөм адабиятта ойдун көп маанилүү боло турганын, ал маанилер ойдун учугун улай билген окурмандын элестөө мүмкүнчүлүгүнө жараша маалымат берип, андагы идеяны ар ким ички туюмуна ылайык башкаларга чечмелеп бериши ыктымал экендигин сезип өз пикирин ошого таяп айтпаса, көптөгөн окуучулар окуу китеби менен чектелишет. Мындай шартта адабий чыгарманын турмуш менен өтмө катар ассоциацияланган байланышын, ага негизделген автордук философияны, типтүү образдардын вариативдүү аракетин, ал аракеттерди камтыган сюжетти, андагы окуялардын эстетикалык маңызын, сүрөткердин чеберчилиги аркылуу эл ичинде түмөн түйшүктүү жашоодон нравалык идеалдардын мазмунун аныктоочу татаал кырдаалдарды окуп түшүнүү керек болсо, андай компетенция шаардык окуучуларда болбой жатышы алардын турмушка даяр эместигин көрсөтүп, орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын окутуу этнопедагогиканын ролу маанилүү орунда турганын ачыкка чыгарат. Ал окуучулар көптөгөн жерде кыргыздар менен байланышып жаткандан кийин түрдүү коммуникативдүү аракеттерде образдуу айтылган сөздүн көп маанилеринин арасынан кайсы мазмунда экенин ажырата билүүсү, өтмө, какшык, такмаза, шылдың, куйкум, тамаша, сыяктуу маанисин түшүнүү жана инсандык аброюна баа берүү деңгээлинде кеп болгон кырдаалды айырмалоосу, ортодогу кепке кошулуп, зарыл болгон шартта маанисине карай толуктоосу же

күчөтүүсү, тамашаны жиреп андан ары ойду байытуусу сымал психологиялык-эмотивдүү жагдайда жол тапкан компетенцияны да кыргыз адабиятынан башка бир дагы предмет калыптандыра албайт.

Билим берүүдөгү мындай мазмунду адабият сабагы адабий-теориялык түшүнүктөргө негизделген шартта жөнгө сала албайт. Ошондуктан көркөм чыгарманы үйрөтүүдө орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу адабий чыгарманы таанып-билүүгө тиешелүү кайсы маселени көтөрбөсүн предмет катары адам жана анын турмушун алып, үйрөнчү маселе көркөм чындыкка таянып түзүлгөн эл үчүн маанилүү проблемадан чыгып, калктын арманы, кыял-сезими, кетирген кемчилиги менен жетишкен ийгилиги, бүтпөс түйшүгү менен аны билүүгө жардамдашкан автордун философиясынан куралган көркөм-образдуу каражат катары түшүндүрүү максатын көздөйт. Кыргыз адабияты сабагында ушул ыңгайдан мамиле этүү өнүктүрүлсө, окуучулардын көз караштары түрдүү болгону менен көркөм адабият эл турмушу экенин билип, анда өз орду болушу керектигин сезип, жашоосунун атрибуту катары маданиятка артыкчылык берип, ага таандык адабий чыгармаларды өз ара салыштыруу, талдоо көндүмдөрүнө ээ болуу үчүн ички кызыкчылык жогорулайт болчу. Антпесе азыркы мезгилде ар ким өзүнүкүн туура деген субъективдүү пикир артыкчылыкка өтүп, ал окуучулар арасында коомчулуктун көз карашы менен эсептештеген, жагымсыз кер-мур диалогдун көп болушуна алып келүүдө. Окуучуларда өзүм билемдик абдан өнүгүп кетпес үчүн адабий чыгармаларды талдоо учурунда кыргыздын нарктуу салттарына кайрылуу, алардын канчалык эстетикалык деңгээли бар экенин залкар акындардын санат-насыят ырларында үлгү болуучу адамдык жөндөмдөрдү чагылдырууга багытталган ырларына токтолуу окуучулардын кимисине болбосун таасир этпей койбойт. Ошондо жаңы стандартта белгиленген, адабий билим берүүдөгү максаттарды пландаштырууда “окуучунун окурмандык компетенттүүлүгүн калыптандырууга, кабыл алуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө, көркөм текстти талдоо жана интерпретациялоого, аны чыгармачылык менен иштеп чыгууга жана өз тексттерин жаратууга көңүл бурган ыкмага” [Кыргыз Республикасынын окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы

билим берүүчү мектептеринин 10-11-класстары үчүн «Кыргыз адабияты» курсу боюнча предметтик стандарты. – Б.: 2018, 9-бет.] айланат.

Окуу программасына кирген бардык адабий чыгарманын окуучулар билүүгө тийиш болгон көркөм-эстетикалык жактан баалуу касиеттери бар. Мугалим окуу программасында мына ошондой касиеттерди эл турмушундагы маанисине карай белгилүү бир жалпылыкка алып келип, логикалык жактан ички биримдикти түзүп, окуучулар кийин жашоо-тиричилигинде колдоно алуучу жөндөмгө ээ боло турган кудуретин бөлүп, ар бир класстагы балдардын инсандык-социалдык керектөөсүн жетектеген календарлык планын иштеп чыкса, андай үлгү менен жумуш аткаруу кыргыз адабияты боюнча сабактардын сапаттуу болушуна абдан маанилүү кызмат кылат. Албетте бул адабият мугалими каалагандай эле түзүлө калбайт, ал окуучулардын ички кызыкчылыктарын чагылдырылган турган коомдук-социалдык керектөөсүнөн топтолушу керек. Орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыздын көркөм-адабий чыгармаларын окуу анчалык кызык болбосо да, алардын ар кимиси өз чөйрөсүндө маанилүү орунга ээ болуп, түрдүү социалдык байланыштарда элдин салт-санаасын, маданиятын, ырым-жырымын, үрп-адатын боюнча белгилүү бир маалыматы бар экенин билдирүү, же жамандык-жакшылыкта өз ордуна ээ болууга тиешелүү кырдаалда пендечилик этикетти сактоо жана көрсөтүү шартына даярдануу муктаждыгы улан-кыздарды ошол эле көркөм чыгармалардан адеп-ахлактык баалуулуктарды үйрөнүүгө аргасыздыкты түзөт. Адабият мугалими орто мектептин 10- 11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууда жетилип келе жаткан жарандардын мына ушундай социалдык кызыкчылыктарына таянып, жетилип бараткан дүйнө таанымы туура багыт алышы үчүн ар бир чыгарманын көркөм-эстетикалык баалуулуктарын түшүндүрүүдө окуучулар руханий баалуулуктарды өздөштүрүп, айлана-чөйрөсүнө гумандуу мамиле жасоо менен бирге өзүн турмушка даярдоого, социалдык чөйрө түрдүү категориялардан тураарын, алардын өздүк кызыкчылыктары болоорун, ага ылайык мамиле түзүүгө жөндөмдүүлүк керектигин, аны адабий чыгармалар гана таанытуусу мүмкүн экендигин окуу программасындагы чыгармалардын мисалында жеткиликтүү

ачып берсе, балдар ал чыгармаларды окубай койбойт. Мындай түшүндүрүү иштери бир чыгарма менен чектелсе, анда мугалим көздөгөн максатына жетпейт.

Ошондой эле орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун ролу кыргыз адабияты сабагында өзүнүн маанисин так көрсөтүп турушу үчүн мугалим тарабынан түзүлгөн календардык план сөзсүз зарыл, б. а. этнопедагогиканын ролун аныктоого, аны турмушта керектелүүчү критерийлер менен негиздөөгө, андай шартта кандай адеп-ахлактык позицияга туруу улуттук кызыкчылыкты коргой ала тургандыгын белгилүү бир чыгармага таянып түшүндүрүүгө, окуучуну кызыктырган ар түрдүү суроолорду биргелешип чечүүгө, элдин арасында болуп жаткан оң жана терс көрүнүштөрдү мезгилдин талабына жараша элдик дидактика менен баалоого, андан соң ошол моментте талкууда турган адабий чыгармада кандай эстетикалык дөөлөт сакталганын даана түшүнүүгө жана түшүндүрүүгө жол ачып берет. Этнопедагогиканын ролу мына ушул жерде турат, анткени дүйнө элдери өтө жакын байланышка өтүп, сырттан келген жаңы нерселер, алардын артында турган түшүнүктөр жакшы көрүнүп, көргөндө “көзү тойбой” турган маалда “эски түшүнүктөрдү” сабакта жакшы деп түшүндүрүү зор кыйынчылык менен коштолот. Мындай шартта адабият мугалими кыргыз элинин кылымдап калыптандырган тажрыйбасына таянганы маанилүү орундуу ээлейт. Аны туура колдонуш үчүн аргументтерди орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына сунушталган кыргыз адабиятындагы көркөм чыгармалар менен эл арасында туруктуу ордун жоготпой келе жаткан пендечиликтеги адамды сыйлоо, бири-бирине урмат көрсөтүү, ата-энеге, бир туугандарга жагымдуу маанай тартуулоо, жакшылыгына бирге кубануу, кайгысын тең бөлүшүү, карыларды аёо, кичинелерге камкордук кылуу, жаратылышты коргоо, табияттын керемет кооздугуна суктана билүү, кыйналганга жардамдашуу сыяктуу кыргыз элдеги дидактикалык нормаларды байланыштыруу сабактын окутулушу үчүн гана таасирдүү болбостон, сырттан көчүп келе жаткан “жеңил маданиятка” кыргыз жаштары ыйман-ынсап жагынан туруштук берүүсүнө ыңгайлуу шарт түзөт. Улам кийинки жылдары орто мектептеги билим берүүдөн этнопедагогиканын ролун начарлатып жибергенибизге байланыштуу кыргыз

жаштары адеп-ахлак жактан түшүнүктөрүн жогорулатуу, бул багыттагы социалдык керектөөсүн камсыздоо үчүн балдарына диний наасаттарды үйрөтүү жагына көңүл буруп баратканы белгилүү. Мунун өзү элдин көркөм-эстетикалык нарк-насилди өздөштүрүүгө болгон кызыкчылыгы эч качан жоголбой турганын ишенимдүү далилдесе, андай билим берүүнүн өзөгүн түзүүчү этнопедагогиканын ролу орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын окутуу аркылуу эл арасында болуп жаткан түрдүү жарандык кызыкчылыктарды коомчулук талап кылган деңгээлде аткаруу үчүн педагогикалык процессте календарлык план менен системалуу иш чараларды өлкөнүн бардык окуу жайларында ишке киргизүү керектигин ачыктап жатат.

Мында адабий чыгармаларды талдоо жумушуна артыкчылык берилсе да, кийинки муундун эстетикалык кабылдоо жөндөмдүүлүгү – көркөм образ аркылуу ар бир инсанга керектүү ыйман-ынсап кылууга (1), башкаларга сабырдуулук менен мамиле жасоого (2), андан ары образдын адеп-ахлактык аракетин турмуш чындыгына салыштырып баалоого (3), анын эстетикалык маңызын элдик накр-насилге коюп баамдоого (4), жакшы жана жаман жөрөлгө болсо андай шартта кайдыгер калбай жөн дүйнөсүндөгү туюмду ачыкка чыгарууга (5), эл арасындагы үлгү болчу дөөлөттөрдү коргоо максатында эмоционалдык мамилесин билдирүүгө (6) окуучулардын компетенциясын калыптандыра алат эле. Ал эми азыркы учурда мектеп окуучуларынын арасында автордук чеберчилик менен жаралган сөз искусствосунун классикалык чыгармаларына таасирленип, анда берилген учкул ойдун тереңдигине сезимдерин билдирген балдар кескин азайып бара жатат. Улам кийинки муунда автордук көркөм ой жүгүртүүгө шыктануу (а), андагы элестүүлүктү өз ойлору менен толуктоо (б), көркөм образдын азап-тозогун элестетип кошо кайгыруу (в) жетишкен ийгилигине маңдай жарып кубануусу (г), бардык учурду кыргыз элинин кызыкчылыгы менен карап, менталдык кабылдоодо эмоциясын билдирүү (д) сыяктуу психологиялык абалга туура мамиле кылуу компетенциясын калыптандырып, реалдуу жашоодо кездешүүчү психологиялык кыйынчылыктарга кабылбай турган сергек ой жүгүртүүнүн окуучуларда болушун камсыздайт эле. Адабий чыгарма турмуштун өзү эмес экендигин азыр

окуучулардын баары билет, бирок кайсы жанрда болгонуна карабастан, ар бир чыгарманын адам турмушун тигил же бул тарабын тереңден таанып-билүүгө (1), андагы каармандардын мүнөзү аркылуу өзүнүн инсандык сапаттарын калыптандырууга (2), сюжетте сүрөттөлгөн окуялардагы пендечиликтин өз ара келишпестигинен жарандык позициясын тактоого (3), жаккан образдардын кыял-жоругунан идеал түзүүгө (4) жардам бере аларга таркатылган анкетага берген жоопторунда ачык эле айтышкан.

Орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу ар бир чыгармада берилген көркөм-эстетикалык дөөлөттөрдүн өзгөчө белгилери катары балдарга үйрөтүү маалында мына ушул ойлорду тереңдетип, азыркы учурдагы билим берүү саясатына туура келген шартта өнүктүрүүсү адабий билим берүүнүн сапатын жогорулаткандык болуп саналат. Жаңы стандарт боюнча алганда орто мектептин 10-11-класстын окуучуларында калыптануучу компетенциялар кыргыз элинин адабий мурастарында калган көркөм-эстетикалык табылгалар менен бирге элдин урпактарга калтырган насыятын элдик дидактиканын шарттары менен аткаруу жана анда этнопедагогиканын ролун жогорулатуу аркылуу ишке ашыруу натыйжалуу болот деп эсептейбиз. Ырас бул татаал жумуш, бирок азырынча кыргыз ададбияты менен башталса, анан өлкө боюнча тапкан болсо окутуу жумуштарын андан ары тереңдетүү жеңилирээк өтөөрү бышык.

## 2. 3. Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуу жана аны календарлык планга жайгаштыруу жолдору

Бардык билимди инсанга багыттап берүүгө карата коюлган азыркы мезгилдин талабы республикалык деңгээлде аткарылуучу чен-өлчөмдөрдү стандарт аркылуу аныктаганы менен ал көрсөткүчкө жетүү үчүн ар бир мектеп-мекеме өз алдынча аракеттенүүсү керектигин ачыкка чыгарды. Өзүн рынок шартында ийгиликтүү көрсөтүү, эл алдында имиджин сактап калуу сыяктуу көз караш билинбей орто мектептерди кучагына ала баштагандыктан, жогортон берилген тапшырманы аткаруу менен чектелген окутуу системасы окуу

процессин жетектөөчү күчтөн кете баштады. Үзгүлтүксүз изденүү менен ийгиликке жетүү мүмкүн экендигин баамдаган мектептер түрдүү окутуу концепциясын практикадан өткөрүп, рыноктук атаандашуучулукка коркпой аралаша баштаса, кээ бир мектептер билим берүүнүн сапатын начарлатып, кызматын медреселерге өткөрүп жиберип жатканы байкалат. Мындан орто билим берүү системасы жаңы баскычка көтөрүлүшү керектиги даана көрүнөт. Проблема күн тартибине коюлганын байкаган кыргыз педагогикалык чөйрөсү андай кризистик абалдан чыгуу үчүн өнүккөн өлкөлөрдүн тажрыйбасына таянуу керектигин сезип, билим берүүнүн мындай багытын мыйзамдаштыруу максатында көптөгөн чет өлкөлүк концепцияларды сунуштай баштаган эле. Расмий шартта окуу жайдын окутуу мүмкүнчүлүгүн аныктоого окуучулардын, ал тургай ата-энелердин катышуусуна жол берген билим берүү уюмдарын аккредитациялоонун стандарттарынын иштелип [] чыгышы, анын коомдук-социалдык чөйрөдө мыйзам чегинде орун алышы кайсы аймакта болбосун билимдин сапатына жооп берүүгө тиешелүү жобону педагогикалык коомчулукка сунуштады. Европалык өнүккөн өлкөлөрдө натыйжалуу иштеп жаткан орто билим берүүнүн жоболоруна таянып түзүлгөн Кыргызстандын жаңы Мамлекеттик стандартынын [Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы № 403-токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарты] окуу процессине мыйзамдуу киргизилиши бардык предметтен алынчу натыйжаларды тактаса, алардын арасынан кыргыз адабияты да өзүнүн татыктуу ордун алды. Дүйнөлүк билим берүүдө адабият сабагы “искусство” бөлүмүндө окутулуп жаткандыктан, өлкөдө жаңы кабыл алынган жаңы мамлекеттик стандарт “Кыргыз адабияты” деген [Кыргыз Республикасынын окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү мектептеринин 10-11-класстары үчүн «Кыргыз адабияты» курсу боюнча предметтик стандарты. – Б.: 2018.] окуу предметин орто билим берүүчү окуу жайлардын “искусство” тармагына кошту. Маңызы боюнча кыргыз адабияты өнөргө киргени менен анын улуттук билим берүүдө аткара турган кызматы таптакыр башка болгондуктан, бул предметке карата жасалган мындай мамилени адабият мугалимдери,

педагогикалык коомчулук анча жылуу кабыл алган жок. Европалык өнүккөн мамлекеттердеги учурда болуп жаткан ийгиликке жетүүнү көздөгөн Кыргызстан үчүн бул стандартты кабылдоо дагы бир кадам алга жылгандык болуп саналат. Бирок билим берүүдө жүрүп жаткан бардык иштерде аны дал өзүндөй кайталоого аракет кылуу кыргыз элинин өзүнө таандык улуттук белгилеринен ажыратып коюушу мүмкүн. Тактап айтканда сырттан өздөштүрүп жаткан бардык түшүнүктөр элдин, ал тургай жергиликтүү аймактын шартына, анда жашаган адамдардын ички кызыкчылыгына, социалдык керектөөсүнө ылайыкташпаса, ал "жаңы кыртыштан" өз ордун таппай калышы да, ошол эле мезгилде улуттун иденттүүлүгүнө зыян алып келе турганына мисалдар көп. Тарыхта андай кубулуштар жөнүндө маалыматтар жетиштүү эле, мында эске ала турган нерсе андай көйгөйлөрдүн кесепетинен көптөгөн элдер жок болуп, башка улуттардын арасына сиңип кеткенин билебиз. Мындай коркунуч улут арасында болуп келген жана боло берүүчү кубулуш, болгону андан сактанып, сырттан келчү кубулуштарга аяр карап, кабыл алуу түшүнүктүн бизге берчү жакшы жагы менен эл зыян тартчу тарабына сергек мамиле жасоо зарылдыгы дайыма коомчулуктун алдында турат.

Өнүккөн өлкөлөргө таасирленүү кыргыз жаштарынын арасында күч алган шартта мындай абалдын бар экени белгилүү. Ал өлкөдөгү илимий-техникалык жаңылануулар, түрдүү колдонмо техникалык каражаттар, пендечилик жашоону жеңилдетүүгө зарыл болгон үй-тиричилик каражаттары, маалымат булактары аркылуу кыргыз турмушуна аралашып, ар бир инсандын аң сезимине өз изин калтырып жатканы талашсыз. Ички кызыкчылыктары комфорттуу жашоого ыктай баштаган шартта кыргыз жарандары кайсы жаман, кайсы жакшы экенин ылгай албай, баарын кабыл ала берүүнүн натыйжасында калктын өзү калыптандырган руханий-наравалык, көркөм-эстетикалык дөөлөттөрүнөн алыстап, кээ бирин колдонуудан четтетип баратканы байкалат. Нарктуу дөөлөттөр улуттук маданиятта көптөгөн кылымдар менен түптөлө турганын эске алсак, кыргыздын кийинки муундарында болуп жаткан мындай кубулуштар аларга бул багытта максаттуу билим берүү керектигин ачык эле туюндурат. Кыргызстандын көптөгөн тармактары өнүккө өлкөлөрдөгү ири

жетишкендиктерди тез арада өздөштүрүүгө басым жасап жаткандыктан, аларда кыргыздын руханий-эстетикалык дөөлөттөрүндөгү нарк-насилди сактап калуу кызыкчылыктары төмөндөгөндүктөн, андай миссияны аткаруу кыргыз тили менен кыргыз адабияты сабактарына жүктөлүп отурат. Окуучулар бардык нерсени тез кабыл алган жарандар болгондуктан, алардын арасында башка элдерден келген түрдүү маданиятка таасирленүү абдан тез жүрүп жатат. Негизги басымды орто мектептин окуучуларына жасоо, алардын сергек жана сынчыл ойлоосун калыптандыруу кыргыз эли өзү иштеп чыккан дидактиканын бардык эрежелерин азыркы педагогика илиминин жетишкендиктери менен айкалыштырып окуу процессине колдонуу аракети этнопедагогикага таянууга аргасыз кылып турган чакта орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу концепциясы туура жол болуп эсептелет.

Европа элдери рыноктук мамилелерге эчак өтүп кеткендиктен жана адамдын жеке кызыкчылыктарын жогору баалаган жашоо образын тандап алгандыктан, аларда инсандын нарк-насилине карата мамиле да, аны аныктоочу критерийлер да башка чен-өлчөмдө экени талашсыз. Проблеманы түшүнүү деңгээли боюнча да алар жеке адамдын көз карашы менен мамиле кылып үйрөнгөндүктөн, аларда активдүү иштеп жаткан кандай концепция болбосун аны Кыргызстанга алып келүүдө улуттун өзгөчөлүгүн, жаштардын кабылдоо кызыкчылыктарын эске алуу кандай зарыл болсо, анын оң жана терс жактарын кандай болушу мүмкүн экендигине илимий баа берүү жергиликтүү илимпоздордун вазыйпасында турган иш экенин белгилей кетели. Инсандын жеке кызыкчылыгына карап иш кылуу демократиянын талаптарына туура келгени менен ал улуттун келечегине доо келтирбестигине кепилдик берүү мамлекеттик саясаттын негизги багыттарынын бир болгондуктан, жыл өткөн сайын кыргыз жаштарынын өз элине таандык каада-салт, үрп-адат, жүрүм-турум, ыйман-ынсап, андан жогору карасак урмат-сый, адеп-ахлак, нарк-насил, кадыр-барк сыяктуу улуттук баалуулуктардан ажырап, үй-бүлөдө, коомдук жайларда кийинки жаштардын “өзүм билемдиги” күчөп баратканы байкалат. Ар биринин өз кызыкчылыгын жогору коюусу кыргыздын этностук психологиясына туура

келе бербестигин эсепке алсак жана элдик дидактикадагы коллективизмдин жаштарды тарбиялоодогу ролун сактоо менен жагдайга жараша өнүктүрүү маселеси күн тартибинде тургандыгы ачыкка чыгат. Социалдык кызыкчылыктын жарандык коомдо башкы орунга чыгышы демократиянын талаптарына туура келгени менен анын түпкү натыйжасы канчалык экендигине карата илимий-теориялык баа берүү жумуштары кыргыздын элдүүлүгүн сактоого тиешелүү болгон маселелерди азыркы билм берүүнүн талаптары менен элдик дидактиканы айкалыштыруу керектигине жол ачып турат. Ырас мындай шартта билим берүүнүн мазмунун инсанга багыттап окутуунун негизги мыйзамченемдерин окуу процессине киргизүүдө кыргыз элинин адабий мурастарында сакталган көркөм-эстетикалык дөөлөттөрдүн нарк-насилдик табиятын кийинки муунга чып-чыргасын коротпой жеткирүүнү көздөйт.

Башка элдерге салыштырмалуу кыргыз элинин адабий чыгармаларга карата мамилеси өзгөчө касиетке ээ. Анткени кыргыздар жашоо философиясын толугу менен адабий чыгармалардын мазмунуна камтып, аны балага билим берүүнүн булагы катары пайдаланып келген салттары бүгүнкү күнгө чейин эл арасында сакталып тургандыктан, кыргыз адабиятын окутууда аны пайдаланбай коюуга болбойт. Шаар жеринде окуучуларга таалим-тарбия берүүдө кыргыз адабий дөөлөттөрүнө таянуу иштери кескин төмөндөп баратканы менен айылдарда көркөм чыгармалардын билим жана тарбия берүүчүлүк күчү калк арасында сакталып турат. Бирок азыркы орто мектептерде бул багытта иш алып баруу начарлап кеткендигине байланыштуу кыргыздын адабий чыгармаларын окуп негизги билим жана тарбия алам деп ишенгендер окуучулар арасында аз экендигин сурамжылоого берген жооптордун пайыздык көрсөткүчү далилдейт. Көптөгөн жылдар ичинде кыргыз адабиятын окутуу аркылуу мектеп окуучуларына билим жана тарбия берүү багытында бир катар маанилүү иштер аткарылып келе жатканын эсепке алсак, андай үйрөтүү салттарын бүгүнкү күндүн талаптарына ылайык жаңылоо орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу максаттуу изилдөө экенин көргөзөт. Ал адабият аркылуу сөз өнөрү катары аздектелип келген адам жашоосунун түрдүү сырларын, андагы адамдын мүнөзүнүн

татаалдыгын таануу менен ар ким жан дүйнөсүндө баккан суроолорго эстетикалык мазмунда жооп алгандыгы андай мүмкүнчүлүктү азыр да билим берүүгө пайдалануу зарыл маселелердин бири болуп саналат. Себеби түрдүү кыялдарга батып, не бир ойлорду самап, бактылуу жашоосун түзүүгө умтулган орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу көркөм образдар аркылуу чагылдырылган окуяларга бай сюжетти жеке туюмунда кабылдап, аны пендечилик турмуштун өзөгүн ар кыл формада таануу менен кыргыз жашоосунан өз табууга көмөк көрсөтөт. Ар бир окуучу кыргыз адабиятынын адеп-ахлактык (1), эстетикалык (2), таалим-тарбиялык (3), дүйнө таанууччулук (4) жана билим берүүчүлүк (5) мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланып, өзүнө керектүү компетенцияны өздөштүрүүсүнө кеңири кызмат көрсөтүү үчүн жана жашы жетилип келаткан улан-кыздарды турмушка даярдоо максатында 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча календарлык план түзүү керектиги байкалат.

Ал календарлык план ар бир мектепте окуучулардын адабий чыгармаларды кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнө (а), анда берилген идеяларды таап (б), эстетикалык жактан талдап түшүнүүсүнө (в), жеке көркөм элестөөсүнө таянып интерпретациялоосуна (г), окурман катары жарандык позициясын коргоого (д), сүйлөө (е) жана жазуу (ж) ишмердүүлүгүнө тиешелүү компетенцияны ырааттуу үйрөтүүгө тийиш иш чаралардын системасын камтып, ар бир сабак аны көркөм чыгарманын мазмунунда белгилүү усул-ыкмаларга таянуу менен аткарууну көздөйт. Азыркы мезгилде мектептердин билим берүү, ал тургай окутуу деңгээли бири-биринен айырмалангандыктан андай календарлык план ар бир окуучунун жашоо кызыкчылыгын, инсандык керектөөсүн канааттандыруу максатында түзүлүп, анда көрсөтүлгөн талаптарды аткаруу менен көркөм-эстетикалык дөөлөттөрдөн “сабак алууга” негизделип, эгер талаш маселе болсо, кыргыздын элдик дидактикасы эчак аныктаган түшүнүктөрдүн нарк-насилди коргой билүүгө жол-жобо түзөт. Антпесе, сурамжылоо анкеталар көрсөткөндөй, Кыргызстандан башка жердин баарында жашоо жакшы, биз гана өтө начар турмуш кечирип жаткандай таасир кийинки жаштарда күч алып бара жаткандыктан, өз чөйрөсүнө

реалдуу баа берүү критерийлерин кыргыз адабиятындагы көркөм дөөлөттөрүнө негизделип чыгаруу зарылдыгы турат. Орто мектепте мындай максатта иштер унутулуп бара жаткандыктан, окуучулар арасында кандай темаларды талкууга албасын Батыш маданиятын үлгү кылуу (1), андагы жашоо образын даңазалоо (2), образдагы ийгиликти алардагы түрдүү агымдар менен байланыштыруу (3), сюжетте берилген жетишкендикти Батыштын адабиятына салыштырып кароо (4), алар менен катар коюуда улуттук баалуулуктарды жокко чыгаруу (5) сыяктуу башка окуучулар үчүн жагымсыз психологиялык жагдай түзгөн учурлар көп кездешүүдө. Андай шартта улуттук көркөм-эстетикалык дөөлөттөрдү коргоо аракетинде турган окуучуларда далилдөөчү критерийлер жетишсиз болуп, материалдык жактан жогорку көрсөткүчтө турган Батыш маданияты артыкчылыкка ээ болгон учурлар көп кездешет. Ошондуктан орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун календарлык планын иштеп чыгуу улан-кыздарды улуттук көркөм-адабий дөөлөттөрдү, кыргыз эли урпактарына калтырган рухий мурастарын, пендечиликте аздектелген “улууга урмат, кичүүгө ызаат” көрсөткөн каада-салттарын, калкы үчүн каражанын аябаган адамдык сапаттарын, ж. б. биригишип коргоп алуу деңгээли туруштук берүүчү компетенцияларды үйрөтүүгө таяныч болот.

Эскерте кетели, азыркы учурда өлкө ичиндеги мектептердин билим берүү деңгээли бирдей эмес, ошол себептен орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча календарлык план түзүүдө улан-кыздардын жергиликтүү кызыкчылыктарын жетекчиликке алып, бардык иш чараларды инсанга багыттап окутуу концепциясына таянып, ар бир чыгарманын көркөм-эстетикалык дөөлөтүн аныктоо үчүн чен-өлчөмдөрдү көркөм-элестүү кабылдоо баланын жашоосуна тикелей кызмат кылуусун жетекчиликке алган оң болуп саналат. Албетте, ал жерде окуу программасында сунушталган чыгармалардан чыгып кетүүгө болбойт, болгону кайсы чыгарма аркылуу кандай компетенцияны үйрөтүү мүмкүн экендигин аныктап, ал кийинки сабактарда улам тереңдетилип, жашоодо керектелүүчү мазмунун эске алуу менен окуучулардын талкуусуна коюлуп, көз

карашы башка нукка кетип бара жаткан улан-кыздарга талдоого алынып жаткан чыгарманын мисалында түшүндүрүү иштерин жүргүзүүгө да жол ачып берет. Антпесек кийинки мезгилдерде көз карашы башка нукка кетип бараткан окуучулардын саны арбып, өзгөчө шаардык балдар кыргыз адабиятын окугусу келбей, улуттук маданий жана рухий дөөлөттөрдөн алыстап баратат. Орто мектептин 10- 11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча түзүлүүчү календарлык пландын өзөктүү маселелери балдардын турмушуна тиешелүү болгону менен ар бир сабакта жүргүзүлгөн талдоо жумуштары жаңы предметтик стандартта белгиленген чен-өлчөмдөрдү жетекчиликке алып туруугa тийиш, алар - чыгарманын жогорку деңгээлдеги көркөм-эстетикалык баалуулугу (1), жарандык позицияны аныктоо маанилүү орунда турган гуманисттик багыты (2), окуучуга инсан катары калыптануусуна жагымдуу маанай түзгөн позитивдүү таасири (3), баланын жаш өзгөчөлүгүнө ылайык көз карашын иштеп чыгууга көмөктөшүүсү (4), ал белгилердин адамдык сапатка айлануусу (5), жана ал касиеттердин туруктуу орун алып өнүгүүсүнө ылайык келүүсү (6) сыяктуу [Кыргыз Республикасынын окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү мектептеринин 10-11-класстары үчүн «Кыргыз адабияты» курсу боюнча предметтик стандарты. – Б.: 2018, 9-бет.] билимдин сапатын көтөрүүчү иш чараларда аныкталат.

Кыргыз Республикасында жаңы стандарт кабыл алды деп, буга чейин үзүрлүү кызмат көрсөтүп келген окутуунун салттуу ык-жолдорун, формаларын жокко чыгарууга болбойт. Тескерисинче азыркы замандын талаптарын толук аткаруу үчүн окуучулардын ички жөндөмдөрүн өнүктөрүүгө өз салымын кошуучу бардык түшүнүк, каражаттарды туура пайдалануу аракетин көрүү орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууга маанилүү болгон шарттарды колдонууга чакырык таштайт. Алардын бири элдик дидактика менен куралданган маданий-тарыхый салттар болсо, анын экинчи тарабын ата мекендик билим берүүнүн көп жылдык тажрыйбасынан калыптанган билим жана тарбия берүүнүн жол-жобосу түзүүгө тийиш. Кыргыз эли көптөгөн кылымдар бою көчмөн турмушту башынан кечирип, анда балдарына билим берүүнүн өзгөчө маданиятын иштеп чыккан

болсо, андай салттардын орду азыр деле кадимки жашоодо сакталып турганын эске алсак, көркөм чыгармалардын идеялык мазмунуна таянып, анда сүрөттөлгөн түрдүү окуялардын турмуштун өзүндө болгоуну элестетүү менен анда жарандын позициясы кандай болушун биргелешип талкуулоо аркылуу чечим чыгаруу эрежелерин азыр да колдонуу керек болуп жатат. Жаңыга умтулуу окутуу иштеринде үзүрлүү кызмат көрсөтүп жаткан ык-усулдарды токтотуу максатын көздөбөстөн, окуучуларга окуу процессинде натыйжалуу билим алуусуна кепилдик берген багыттарды туура жолго коюу маселесин да толук аткарууну мугалимге милдеттендирет. Ушуга байланыштуу орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууга тиешелүү концептуалдык жол-жоболорду түзүүдө педагогика илиминин жетишкендиктери менен бирге элдик дидактиканын бүгүнкү күнгө келип жеткен өзөктүү нугуна таянуу зарылдыгы турат. Бир аз убакыттан кийин турмуш жолун баштаганы турган окуучулардын кызыкчылыгы адабий чыгармалардан өздөрүнүн келечегине тикелей катышы бар: сюжеттик түрдүү окуяларды, адам психологиясын, татаал мүнөздөрдү, пендечиликтин өйдө-төмөн кагылыштарды, келишпес мамилелерди, күйүттүү сезимдерди, кишинин жаңылыштыгын айкындаган факторлорду, жарандын ийгиликке жеткен “жолдорун” көрсөткөн турмуштук фактыларды, жүрүм-турум маданиянын, арзуу кыялдарды, тагдырдагы адашууларды, жашоодогу кыянатчылыктарды, жек көрүүгө себеп болгон жагдайларды, кайгы менен кубанычты аңдаштыруучу касиеттерди окуп-үйрөнө алышаарын билгенде гана көркөм чыгарманын орду башкача болот.

Кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун алган багыты мына ушундай болушу керек. Азыркы мектеп окуучуларынын кызыкчылыгы көп жагынан өзгөрүп калган чакта мындай концепция менен окутуу бир кыйла кыйынчылыкты пайда кылаары бышык. Бирок орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу кыргыздын ата-бабасынан бери келе жаткан дидактикалык эрежелерге баш ийгендиктен, андай “парадигманы” окуу процессине колдонунун өзүнө таандык “жеңилдиктери” бар экенин эскербей коюуга болбойт. Анын өзөгү кээ бир үй-бүлөдө сакталып, кыргыздын “жакшы” жана “жаман” кандай болушуна карата

иштелип чыккан салттуу образы элдин эсинде турган чакта аны пайдалануу кыргыз адабияты мугалимине бир катар жеңилдиктерди берет. Жаштарга андай билим жана тарбия берүүнүн мурдатан эл ичинде иштелген “даяр ык-усулдары” болуп келгендиктен, мугалим аны көркөм чыгарма аркылуу адамдык наркты калыптандырууга негиз кылып алганы оң. Ырас ар бир окуучунун инсандыгын таануу, алардын өздүк кызыкчылыктары менен эсептешүү кыргыз элинде дайыма маанилүү болгону менен коомдун өнүгүүсүнө карай жарандын жашоосу калктын турмушуна тикелей байланыштуу экенин, андан бөлүнсө өзүнчө жалгыз оокат кылышы мүмкүн эместигин эскертип тургандыктан, ал кыргыздын баласына өзгөчө таасир бергени белгилүү. Мындай мазмунда билим жана тарбия берүү бардык учурда натыйжасын берип келгенин эстен чыгарбасак, билим берүүнүн андай ык-усулдарын орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууга колдонуу көздөгөн максатка жеткире тургандыгы бышык. Эгер кыргыз адабияты элдин турмушун ар тараптуу чагылдыруу менен андагы түркүн-түс өзгөчө белгилерди көркөм образдын мисалында окурманга тааныштырган болсо, андай турмуштук көйгөйлөрдү туура түшүндүрүү, каармандардын аракетиндеги оң-терс көрүнүштөрдү сабакта өз ара талкуулоо аркылуу ынанымдуу түшүнүктөргө жетүү, чыгармалардан үлгү алуу жолдорун үйрөтүү, андан чыккан жыйынтыкты турмушта колдоно билүүсүнө жетишүү сыяктуу компетенцияларды өздөштүрүүсүнө ээ болсок бул багытта көздөгөн максатыбыз ишке ашкан болот. Анткени азыр билим берүүнүн мазмунунан чыгып бараткан маселе – көркөм чыгармалар кимге болбосун адам жашоосунун өзгөчө кубулуштарын сүрөттөп берүү менен түрдүү моделдеги турмуштун түрүн көрсөтүп, кыргыздын дүйнө кабылдоосун кийинки муунга ачып түшүндүрүүчү адабияттын ролун сабакка кайтарып келүүдө турат. Биз тарабынан түзүлгөн календардлык план (№ 1-тиркеме) көркөм адабияттын адамдардын жашоосуна баа берүүчү мамилелердин системасы катары орун алып, анын модели орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууга кандай талаптар коюлуп, аны балдарга түшүндүрүүнүн спецификалык жактары камтылат. Ырас аны мектептин билим берүү миссиясына жараша түрдүү

мазмунда вариациялоого болсо да, андан алынчу натыйжа окуучулардын жергиликтүү жашоо шартка ылайык билимге ээ болуусуна жетишүү болуп саналат.

Ал бардык маселени адабияттын чегинде карагандыктан, төмөнкү багыттарды жетекчиликке алат:

а) ар бир окуучунун окуган көркөм текстин кабыл алуу жана түшүнүү деңгээлине жараша индивидуалдуу мамиле кылууга көнүктүрүү;

б) улуттук адабий чыгармаларда элдин жашоо-тиричилигинин сүрөттөлүшү берген маанилерин түшүнүп, анын өзгөчөлүктөрүнө өз баасын берүүгө үйрөтүү;

в) кандай чыгарма болбосун жөн эле жаралбасын, анын көркөм-эстетикалык нарк-насили элдин турмушунда байкала бербеген сырдуу көрүнүштөрдү белгилүү көркөм шарттуулукта элестүү сүрөттөгөнүнө жеке баасын берүүгө жетишүү;

г) көркөм чыгармаларды окуп, анда берилген идеяларды эске алуу менен образга карата оюн айтып, талдоонун көрсөткүчтөрүнө таянуу аркылуу окуучулардын кимиси болбосун инсандык сапаттарынын өнүгүүсүн калыптандыруу;

д) көркөм чыгармаларды талдоо каражаттарын турмуштун өзүнөн алып, бирок аны менен чектелбестен, башка илимий булактарды пайдалана билүүгө жол ачуу;

е) адабий чыгармалардын мисалында социалдык чөйрөгө, андагы адамдардын дүйнө тааным, көз карашына, пендечилик мамилелерге адеп-ахлактык жактан баасын берүүгө карай компетенциясын жаратуу.

Орто мектептин 10-11-класстын окуучуларынын психологиясы ар канда таасирлерден улам тез-тез өзгөрүп тургандыктан, кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу мындай маселелерди эки жылга пландаштырып, анда аткарылуучу иш чараларды чыгармаларда балдардын көңүлүн бат эле буруп ала турган кырдаалдарга басым жасап, анда берилген идеяларды окуучунун өзү сабакта тереңдетип түшүнө алуусуна карай календардык планга жайгаштыруу маанилүү болуп саналат. Анткени бул курактагы улан-кыздар бир окуп, же бир жолу эле талкуулап аныкталган

ойлорду шыр көңүлүнө түйүп калбайт. Ошондуктан эки жылдын ичинде бир көйгөйдүн тегерегинде бир нече жолу талкуу өткөргүдөй шарт түзүү аракетин көрүп, үлгү болчу элдик дидактиканы окуучлардын жан дүйнөсүндө өркүндөтүүгө жетишүүчү белгилерин караштырып, бир нече чыгармадан мисалды терендетүүчү касиеттерди топтоштуруп, бирин экинчиси толуктай турган оң же терс көрүнүшкө ылайыктап модель түзүү аткарылуучу ишти жеңилдетет. Мындай жумуштарды аткарууда буга чейин педагогика илиминде иштеп чыккан теориялык эмгектерди пайдалануу аткарылуучу иштин сапаттуу болушуна шарт түзөт, ошондуктан сабактарда билим жана тарбия берүүнүн системалуу түрдө алга жылуусуна, проблеманы аныктап аны чечүү жолдорун үйрөтүүгө, ойду түшүндүрүү менен окутууга, башта берилген билимди өнүктүрүп окутууга, инсанга багыттоонун теориясын иштеп чыккан жана компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун жолдорун сунуштаган педагог окумуштуулардын изилдөөлөрү көз жаздымда калбаш керек. Ал эмгектердин баары кыргыз адабияты сабагы аркылуу орто мектептин 10-11-класстын окуучуларынын инсандыгын калыптандыруу максатында аткарылуучу календарлык планды түзүүдө окутуу жумуштарынын сапатын көтөрүүгө, кыргыз эли улуттук адабиятында сактап келген элдик дидактиканын омоктуу ойлорун педагогикалык процесске алып келүүгө маанилүү кызмат көрсөтө алат. Антпесе кийинки мезгилдерде окутуунун жаңы жолдоруна көңүл буруу күчөп, салттуу окутуу эрежелери балдардын сапаттуу билим алуусуна тоскоол болуп жаткандар түр көрсөтүү аракети окуу процессинде “модага” айланып барат.

Коомдук-социалдык кызыкчылыктар тездик менен өзгөрүп жаткан маалда рыноктук мамилелерге “шашпай даярдануу”, б. а. балдардын тагдыры менен эксперимент жасоо туура эмес экендигин эгемендүүлүктөн берки 30 жыл жетиштүү айкындап койгон соң, мындан аркы убакытта кыргыз жарандарынын билимин, маданиятын көтөрүүгө иштелип чыккан окутуу методиканын өндүрүмдүү пайдалануу зарылдыгы турат. Анткени, дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрү менен кызматташуу, алардын билим берүү системасын Кыргызстанга алып келүү, окуу программасын ошол өлкөнүн талабында жүргүзүү сыяктуу иштердин таасиринен улам болуп жаткан өзгөрүүлөр биздин жашоого оң-терс

таасирин тийгизип, анын натыйжасында кыргыз балдарынын көз карашынын калыптануусу өзүнүн эволюциясын жоготуп, утурумдук нерсеге азгырылып кеткен жагдайды токтотуу керек болууда. Орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу мына ушундай маселелер менен түздөн-түз байланыштуу болгондуктан, балдарга адабий билим берүүнүн натыйжасында эл өзү үлгү кылып келген ыкмаларды колдонуу менен иш жүргүзүү маанилүү экенин билдирип жатат. Окуучулардын билимин ушул багытта өнүгүүсүнүн камсыздоо максатында ата-энелер менен аңгемелешкен маалда алар биз тарабынан жүргүзүлө турган иш чараларды түздөн-түз колдой тургандыгын билдиришкен. Ал тургай ата-энелердин айрымдары балдарын "орус болуп баратат" дешип, элдик дидактиканын негизинде жүргүзүлүүчү мындай иштерди бардык сабактар боюнча жүргүзүүнү сунушташкан. Ушул көз караштан алганда, кыргыз адабиятына тиешелүү окуу материалдарын окуучуларга үйрөтүүдө анын текстин билүүгө басым койбостон, автор аны менен эмне ойду элге жеткирүүнү каалаганына токтолуу балдар сөзсүз билүүгө кызыккан тиричиликтин көптөгөн маселесине өз алдынча жооп издөөгө шарт түзөт. Ырас, көркөм чыгармада биринчи ирет кез келип жатса да, окуучулар турмуштун түрдүү абалына баа берүүгө кызыкдар болгондуктан, чыгарма козгогон проблеманы түшүнүп, туура чечүү жолдорун биргелешип аныктоо балдарга көптөгөн көндүмдүрдү калыптандырып, көрүнүшкө баа берүүнүн бир нече вариантын өзүндө сактоого, качандыр бир мезгилде кездешчү көйгөйдүн кантип жаралышы мүмкүн экендигин түшүнүүгө ыңгайлуу көрсөтмө берет. Мазмуну боюнча ар түрдүү болгону менен адабий чыгармалар автордун дүйнө кабылдоосу аркылуу турмуштун аялуу көрүнүштөрүн чагылдырып, андан окурман сабак алчу ар кыл позицияларга мугалимдин жардамы менен талдоо иштери жүргүзүлөт. Ички кызыкчылыгы келише бербеген окуучулардын турмушка баа берүү философиясын бирдей "формага келтирүү", б. а. автор сүрөттөгөн адам турмушунун мисалында башкалар менен аралашып жашоого керек көз караштарды "иштеп чыгуу" - эмне үчүн дал ошондой мамиле керектигин билүү, андан башкача мамиле туура эмес болуп калышынын себептерин каармандын аракетин талкуулоо аркылуу аныктоо адабий билим

берүүнүн акыркы этабында маанилүү орунда турса, орто мектептин 10- жана 11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууга ыңгайлаштырылган календардлык план жеткиликтүү аткара алат.

Мындан тышкары орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу андай календерлык планды иштеп чыгууда адам турмушуна таянганы менен анын тегерегинде реалдуу ойлонууга, кимдир бирөөдө андан башкача көз караш жаралса, анын өзөгү көркөм чындыкты түзүүнүн кайсы категориясына кириши мүмкүн экендигин туура аныктап кабыл алууга, окуучунун логикасы "адашып" кетпеси үчүн сюжеттеги окуяларга аналитикалык талдоо жасап, каармандын "кемчилигин" табуу аркылуу ой жүгүртүү процессин өнүктүрүүгө багытталган компетенцияны калыптандыруу максатын көздөйт. Бул окуучуларды турмушка жакындаштырууда маанилүү болсо, чыгарманын мазмунуна "катылган идеяларды" биринчи ирет өз алдынча табуу балдардын эстетикалык аңдоосун калыптандырууга өз салымын кошот. Андай абалда адабий чыгармаларга бир тараптуу кароо туура эмес, анткени балдар сабакта кеп болуучу маселенин багыты башка жакка бурулуп, жеке өзүн жогору сезүү, өздүк кызыкчылыктарын ашыкча баалоо менен чөйрөсүнө канчалык коркунучту психологиялык жагдай түзүшү мүмкүн экендигин эске алсак, көркөм чыгармаларды окуп-үйрөнүү аркылуу башка улуттардын жашоосуна "байкоо жүргүзүү", адамдык тиричиликти байланыштырган звенону таап, ортосундагы айырмачылыкты бөлүп, улуттук маданияттын көп түрдүүлүгүн туура баалоо принцибин да өзүнчө компетенция катары калыптандыруу зарылдыгы турат. Бул принципти орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууга колдонуу адабий билим берүү менен тикелей катышта турган азыркы педагогикага тиешелүү бир катар маселени чечет. Алардын биринчиси, өздөрү менен аралаш жашаган улуттардын адабияты аркылуу алардын маданиятын, каада-салттын, образ түзүүдөгү өзгөчөлүктөрүн, автордук сүрөттөөдөгү айырмачылыктарын, жанрды пайдалануудагы этноско таандык белгилерин, дүйнө кабылдоо касиеттерин, барктаган дөөлөттөрүн, чыгармачылыкта көтөргөн эстетикалык наркын билүүгө шарт түзүлсө, экинчи

жагынан эл арасында алар менен жарандык мамиле жасоодо керектелүүчү көндүмдөрдү үйрөнүүгө жол ачылат.

Кыргызстанда мындай педагогикалык эреже адабий билим берүүдө өткөн замандан бери маанилүү иштерди аткарып, бардык элдердин маданияттарын жакындаштыруу боюнча мыкты сабактардын иштелмелери түзүлүп, билим жана тарбия берүүнүн даяр үлгүсүн сунуштаган болсо, аны орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууга карата түзүлгөн календарлык планга камтый кетүү бул багыттагы иштин майнаптуу болушуна түздөн-түз таасирин тийгизбей койбойт. Ошондой эле окуу процессине өңүттөн мамиле кылуу жаңы стандартта белгиленген көп маданияттуулук принцибине туура келет. Мындан тышкары кыргыз элине таандык уникалдуу адабий дөөлөттөрдүн өзгөчөлүктөрүн, анда орун алган гуманисттик идеяларды, көркөм ой жүгүртүүнүн элдик дидактиканы келечек муунга билим катары калтырган жол-жобосун үйрөтүү үчүн башка элдердин адабий чыгармаларын салыштырып окуу маанилүү роль ойнойт. Орто мектепти бүтүргөн соң окуучулардын көбү Бишкекке келип, Кыргызстанда жашаган бөлөк улуттагы жарандар менен социалдык жактан өз ара мамиле түзүшүндө керектелүүчү каражаттарды көркөм чыгарманын мазмуну аркылуу мурдатан билген болсо, анда биз тарабынан сунушталган календарлык план алдына койгон максатына жеткен болуп саналат. Ырас кыргыз адабиятынын окуу материалдарында башка улуттардын адабияттарынан кирген чыгармалар саналуу эле. Бирок кыргыз орто мектептеринде орус адабияты окула турганын эсепке алсак, 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууга карата түзүлгөн календарлык план эки элдин ортосундагы маданияттын окшоштугун жана айырмачылыгын жиктеп түшүндүрүүгө жетишкен болсо, ал өлкөнүн эгемендүүлүгүн таанып-билүүгө маанилүү кызмат көрсөтөөрү бышык. Азыр андай иштер сапаттуу аткарылбагандыктан, кыргыз жаштары бул мамлекеттин өз тили анын негизинде жазылган адабий дөөлөттөрү, индивидуалдуу, эч бир элге окшошо бербеген маданияты бар экенин этибар албай барат. Учурда буга анча көңүл бурулбагандыктан, кыргыз адабияты

боюнча берилген билим орто мектептин “партасынан” чыкпай, аны колдонуучу социалдык чөйрө улам тарып баратканы байкалат.

Биз тарабынан уюштурулган анкеталык суроолорго берилген жоопторго көңүл бурсак, ата-энелердин 76,8 пайызы өздөрүнүн баласы кыргыздын макал-лакаптарында берилген ойдун мазмунун түшүнө албастыгын белгилесе, кептик байланыштарда көркөм чыгармалардан мисал келтирүү менен оюн бөлөк бирөөгө жеткирүү 14,6 пайыздык көрсөткүчтө болушу улуттук адабияттын эл турмушунан четтеп баратканына мисал болуп берет. Жаңы стандарт орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабияты аркылуу коомдук-социалдык муктаждыктарды жөнгө салуучу компетенцияларды калыптандырууну көздөгөндүктөн, этнопедагогикалык негизде окутуу кыргыз жаштарына керектүү билим катары этникалык маданияттын буга чейин сакталып жана колдонулуп келген түрдүү элементтерин белгилүү бир чыгарма аркылуу балдарга үйрөтүү менен аларды турмушка даярдоого аракеттенет. Бир сабактын күчү менен кыргыз коомчулугуна жыш орноп калган маселелерди чечүү кыйынга турса да, көркөм адабияттын мазмунунда универсалдуу чагылдырылган окуялардын мисалында, менталдуу учурду баяндаган лирикалык жана драмалык жанрдын спецификалык өзгөчөлүктөрүнө таянып, орто мектептин 10- жана 11-класстын окуучулары турмушунда керектөөчү кыргыздын дайыма сыймыктанып келген адамдык сапаттарын, мүнөз табиятын калыптандырууга этнопедагогикалык негизде окутуу чоң жардам берет деп ойлойбуз. Адамдын инсандык сапаттары негизинен жашоо-турмуштагы түрдүү социалдык мамилелерден ачыла тургандыктан, азыркы талап боюнча билим мына ошондой шартта киши кыйналбай мамиле түзүүчү компетенция менен камсыздоо бардык предметтерге жүктөлүп, алардын бири катары кыргыз адабиятына бир топ милдеттер тапшырылган маалда мындай окутуу концепциясы туура чечүүгө жеңилдик болот. Анткени орто мектептин 10- 11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятынан бериле турган билим эл ичинде кимге болбосун туура мамиле жасоого, кандайдыр кесиптик чөйрөгө туш келсе улуусуна улуудай, кичүүсүнө кичүүдөй этикет көрсөтүп, элдик диактиканын жол-жобосун аткарбаса, анда орто мектепте педагогикалык коллектив берген билим менен тарбиянын негизи

түптөлбөй калганын ким болсо да түшүнөт. Демек, кыргыз адабиятын окутууда биринчи көңүл бура турган маселе окуучуларды жарандык коомдо сабактан алган маалыматтарын колдонуу болсо, аны үйрөтүүчү каражат адабий чыгармалар экенин, анда катышкан каармандардын жашоо-турмушун ар тараптан таануу менен балдар түрдүү социалдык топтон өз ордун табууга, анда жеке инсандык сапатын көрсөтүүгө, өзү жөнүндө жаман сөз айттырбаганга, адамдык шыгын, өздүк мүмкүнчүлүктөрүн туура колдонууга көмөк көрсөтүшү керек. Азыркы Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизги максаты да ушул, б. а. окуучулар ээ болуучу билимдин натыйжасын компетенция менен аныктап, болгондо да ал улан-кыздардын жергиликтүү шартка туура келүүчү критерийлер аркылуу чечилиши керектигин так жана түшүнүктүү белгилеп жаткандан кийин мектептеги билим берүү процессинде аткарылуучу иш чаралар толугу менен аны сапаттуу жүзөгө ашырууга милдеттенүүгө тийиш. Ошондуктан орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууга тиешелүү иш чараларды календарлык планда так аткаруу үчүн төмөнкүдөй таблицаны (караңыз, таблица 2.3.1.) түздүк:

**Таблица 2.3.1. - Орто мектептин 10- 11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу аркылуу калыптануучу компетенциялар**

| Катар № | Түрү | Компетенциялар | Сабактан алынчу натыйжалар |
|---|---|---|---|
| 1 | Маалыматтык | а) керектүү маалыматты чогул-туу компетенциясы<br>б) маалыматтар менен иштөө компетенциясы<br>в) маалыматтарды салыштыруу компетенциясы<br>г) маалыматтарды колдоно билүү компетенциясы<br>д) маалыматтар аркылуу өз пикирин түзүү компетенциясы | а) бардык социалдык чөйрөдө колдонулат;<br>б) зарыл болгон шартта колдонулат;<br>в) керектелүүчү бардык кырдаалда колдонулат;<br>г) жеке көз карашын билдирүү жана коргоодо<br>д) туура жыйынтык чыгарууда колдонулат; |
| 2 | Социалдык | а) түрдүү социалдык топто пикирин билдирүү компетен-циясы<br>б) жалпы мазмундан негизги ойду бөлүп түшүндүрүү | а) социалдык топто пикирин билдирет;<br>б) негизги ойду бөлүп, анын туура жактарын талдап |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | компетенциясы<br>в) ойду салыштырып, баа берүү компетенциясы<br>г) өз пикирин башка адамдардын кызыкчылыктары менен айкалыштыруу компетенциясы<br>д) адамдардын ар түрдүү көз караштарын таануу компетенциясы<br>е) көз карашын башка баалуулуктар (диний, этникалык, кесиптик, инсандык) менен сый мамилесин сактоо компетенциясы | түшүндүрөт;<br>в) талкууга коюлган түрдүү ойлорду салыштырат;<br>г) ар башка маалыматтарды пайдаланып, баа берет;<br>д) адамдардын ар түрдүү көз караштарын таанууга аракеттенет;<br>е) жеке көз карашын башка баалуулуктар менен салыштырып, айтылган пикирге сый мамиле көрсөтөт. |
| 3 | коммуникативдик | а) керектүү маалыматты маектешүүдө колдонуу компетенциясы<br>б) социалдык чөйрөдөгү түрдүү көйгөйлөрүн чечүүдө көркөм сөз каражаттарын колдонуу компетенциясы<br>в) инсандык жана кесиптик кызматташууда оозеки текст түзүү компетенциясы<br>г) диалогго жазуу түрүндө катышуу компетенциясы<br>д) сүйлөшүүдө өз көз карашын далилдүү айтуу үчүн ынанымдуу жана так сүйлөө компетенциясы<br>е) жанындагы адамды угуу, өзүнүн оюнан айырмаланган көз карашка түшүнүү жана толеранттуу мамиле жасоо компетенциясы | а) керектүү маалыматты маектешүүдө колдонот;<br>б) социалдык чөйрөдөгү түрдүү көйгөйлөрүн чечүүдө көркөм сөз каражаттарын пайдалана алат;<br>в) инсандык жана кесиптик кызматташууда оозеки текст түзөт;<br>г) диалогго жазуу түрүндө катышат<br>д) сүйлөшүүдө өз көз карашын далилдүү айтуу үчүн ынанымдуу жана так сүйлөй алат;<br>е) жанындагы адамды угат, өзүнүн оюнан айырмаланган көз карашка түшүнөт жана толеранттуу мамиле жасайт. |

Биз стандартта белгиленген “өзүн-өзү реализациялоо” деген бөлүмдү бул жерге кошкон жокпуз, анткени азыркы учурда шаардык балдар менен айылдык балдардын андай сапатын ишке ашыруу боюнча социалдык чөйрөнүн талабы эки башка деңгээлде турат. Ошондуктан окуучулар арасында өздөштүргөн маалымат менен иштөө, аны өз жашоосуна пайдалана билүү маданияты жергиликтүү шартка байланыштуу өзгөчө кырдаалдар менен түшүндүрүлүүгө тийиш экенин эсепке алдык. Себеби, шаардык окуучуларга жетишпеген компетенция айылдык балдар үчүн жөн эле маалыматтай сезилип, мугалимден башка максаттуу

нерсени үйрөтүүсүн талап кылгандыктан, алардын өздүк умтулууларын алга сүрөй турган кээ бир көндүмдөрдү бөлөк мазмундагы көркөм-эстетикалык табылгалардын касиет, белгилерин ачууга зарылдыгы дайыма өзүн-өзү реализациялоонун жаңы багыттарын түзүүгө алып келет. Ошол себептен компетенциянын мындай түрлөрүн орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууда уланкыздардын жалпы кызыкчылыгына карап, жаңылап туруу адабий чыгармаларды талдоонун сабакта сапаттуу жүзөгө ашуусун камсыздай алат. Үйрөтүлүп жаткан компетенция окуучулардын жан дүйнөсүндө канчалык орун алганын сабакта билүү чынында кыйынга тургандыктан, адабият мугалимине социалдык институттарды пайдалануу, алардын окуучуга карата пикирин угуу, көпчүлүктүн позициясына таянып, ошол эле мезгилде балдардын ички ресурстарын каарманга же сюжеттеги окуяларга сезимдерин көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк түзүү иш чараларынын сабактан тышкаркы учурда да болушуна жол берет. Ал окуучулар тарабынан өзү жашаган аймактагы коомдук-социалдык маселелерге активдүү катышып, кырдаалды чечүү үчүн ар кандай формасын таап, кээ бир шартта адабий каармандын фонунда түрдүү талкууларды уюштурууга, б. а. социалдык роликтерди тартууга (1), флешмоб даярдоого (2), ошол каармандын аракетин ким кандай кабыл ала тургандыгы жөнүндө социалдык рейтинг жасоого (3), андай көз караштарга таянып, коомчулуктун пикирин аныктоого (4), эмне үчүн ушундай абал түзүлгөнүн “изилдеп билүүгө” (5), жамандарын жоюуга (6), жакшыларын өркүндөтүүгө (7), биргелешүү менен “долбоор” даярдап (8), аны класста коргоого (9) байланышкан бир катар иш чараларды аткаруудан гана көрүнөт. Албетте мындай шартта иш чараларды аткарууда бир эле каармандар менен иштөө туура эмес, аны окуу планына кирген бардык чыгармалар боюнча жүргүзүп, сабакта алган маалыматтарды баланын социалдык чөйрөсү менен байланыштырып, анда керектелүүчү “маалыматтык” жана “социалдык” бөлүмдө камтылган компетенцияларды дал ушул жерде көрсөтүүгө, коммуникативдүү байланыштарда аныкталуучу компетенциялардын маңызын да түрдүү диалогдордо баалоого мүмкүндүк түзүлөт.

Мындай мамиле менен орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу балдарга билим жана тарбия берүүдө адабий чыгармалардын өзүн (1), көркөм-эстетикалык жактан көтөргөн жүгүн (2), адабиятка алып келген жаңылыгын (3), мазмундук же формалык жактан адабиятка кошкон табылгасын (4) түшүндүрүү менен чектелбестен, андан алчу нравалык сабактарды (5), адеп-ахлактык түшүнүктөрдү (6), кимдир бирөө менен маектешүүдө колдонуучу этикеттик эрежелерди (7), сылык-сыпаа мамилени (8), өзүнүн оюн айтууда дыкаттыкты (9), көз караштa айырмачылык болсо, ага "чындыкты далилдөөгө" аракеттенип урушпаган толеранттуулукту (10) компетенция катары үйрөтө алат. Окуучулар анализге алган факты-материалдар адабий чыгармадан болгону менен маселе кыргыздын улан-кыздарын турмушка даярдоо максатын көздөгөндүктөн, алардын өз алдынча ой жүгүртүүсүн чыгарманын мисалында адамдар менен өз ара кызматташуу жолдорун үйрөнүүгө, карама-каршылык болсо аны акылдашып чечүүгө басым жасалган шартта сабакты уюштуруу жагымдуу жагдай түзөт. Антпесек, азыркы окуу процесси көрсөткөндөй, кыргыз адабияты боюнча берилген сабактар орто мектептин 10-11-класстын окуучуларынын "жашоосунан" алыс калып, балдардын иш-аракеттери элдик дидактикадан четтегендей эле эстетикалык жактан үлгү болуучу дөөлөттөрдү сырттан издеп, адабий чыгармага баа берүүдө улуттук маданияттын ролу жоголуп баратат. Этнопедагогикалык негизде окутуу үчүн биз тарабынан сунушталган календардлык план иш чараларды аткарууда негизги социалдык кызыкчылыктарды, ага тиешеси жарандык мамилелерди белгилүү бир предметке таянып түшүндүрүү үчүн көркөм чыгарманын идеялык-тематикалык белгилерин конкреттүү түрдө деталдаштырып, ошондой эле окуялар кийин кайталанышы мүмкүн экендигине бир катар мисалдарды келтирүү менен чечимдерди чыгаруу жөнүндө жаштарга элес түзүү психологиялык жактан кабыл алуу даярдыгын арттырат. Окуучулардын жеке көз караштары дайым эле туура боло бербестиги анык, бирок алар ич ара чыр-чатакка барбашы үчүн адабий билим берүүнүн натыйжалары чыгарманын табиятында турган бир нече пикирден туурасын тандоого көнүктүрүп, ар бирин коомдук пикир менен эсептешүүгө карай

компетенттүүлүгүн калыптандырууга көмөктөшөт. Бул 10-11-класстарга “Кыргыз адабияты” предметин окутуу үчүн түзүлгөн жаңы стандарттын максаты жана милдетине шайкеш келип, “окурмандык компетенттүүлүк”, баалуулук-маанилик компетенттүүлүк” жана “адабий-чыгармачылык компетенттүүлүк” деп аталган бөлүмдөрдө [Кыргыз Республикасынын окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү мектептеринин 10-11-класстары үчүн «Кыргыз адабияты» курсу боюнча предметтик стандарты. – Б.: 2018.] камтылган компетенциялардын окуучуларда болушун камсыздай алат.

Алардын биринчиси, окуучулар кыргыз адабияты сабагында берилген адабий чыгармалар реалдуу турмуштун өзү эместигин билишет, бирок канчалык көркөмдөлбөсүн пендечиликтин проблемалары терең түшүндүрүлүп, көркөм каражаттардын жыйындысында түркүн-түстө аныкталып, азыркы учурда окуучулардын кимисине болбосун таалим-тарбия берүүчү касиетин ачып, окурмандык маанайдан кадимки турмушка олуттуу караган мамилеге өтүү жолдорун үйрөтүүнү мугалим жетекчиликке алса, улан-кыздар ага башкача ыңгайдан карай турганы бышык. Жаңы стандарттын негизги миссиясы окуучулардын социалдашуусуна жардам берүү болгондуктан, предметтик сабактардан окуу аяктагандан кийин алынчу натыйжа конкреттүү компетенцияларды туруктуу жөндөм катары калыптандырып, башкаларга үлгү болуучу сапаттарды дайыма колдоно алууга чакырык таштаганы адабий чыгарманы турмуш менен байланыштырууга өбөлгө болду. Экинчиси, практика көрсөткөндөй, окуучулардын жаш курагы көркөм чыгарманы искусствонун түрү катары окууга, эмоционалдуу кабыл алууга жана түшүнүүгө даяр эмес, бирок турмушта кездеше калчу айрым көрүнүштөргө чөйрөдөгү бөлөк адамдардын таасиринде болсо да, жакшы менен жамандын ортосуна чек коюп түшүнө алат. Ошондуктан алар чыгарманы таануу жөндөмдүүлүгүн кадимки эле турмуштук окуяларга буруп, андагы адам турмушун берүү адабияттын өзгөчөлүгү, акын-жазуучулардын чеберчилиги экендигин, аны эч ким кайталай албай турган деңгээлде чагылдыруу искусство болоорун түшүндүрүү менен адабий чыгарманын түрлөрүнө, жанрларына, андан өтүп тектерине керсе, балдарга логикалык жактан “таянуучу чекит” пайда болуп, мурда тааныш эмес

түшүнүктөр жөнүндө кандайдыр бир элестөө жаралат да, ага аналогиялык белгилерди өз чөйрөсүнөн издөө окуучу менен чыгарманы жакындаштарыт. Болбосо адабий чыгармаларды дайым окуп, салыштырып жүрбөгөндөн кийин окуучулардын кимисине болбосун жаңы стандарт талап кылган “образдуу сөздүн көркөм көп маанилүүлүгүн, маалыматтуулугун, ассоциативдүүлүгүн, көрүү жана угуу дааналыгын ачуу аркылуу образдык сөздү түшүнүү жана инсандык деңгээлде” [Кыргыз Республикасынын окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү мектептеринин 10-11-класстары үчүн «Кыргыз адабияты» курсу боюнча предметтик стандарты. – Б.: 2018, 12-бет.] баалоо жумуштары аткарылбайт. Буга кошумча, адабий чыгармага жогорку деңгээлде баа берүү үчүн керектелүүчү адабий-теориялык түшүнүктөр жөнүндө орто мектептин 10-11-класстын окуучулары эмес, жогорку окуу жайларында кыргыз адабиятын окуп жаткан филолог-студенттердин тең жарымынын элестеп түшүнүүсү жетпей жаткан маалда бир чыгарманы толук окубаган мектеп окуучуларынан искусство катары аныкталуучу касиеттерин тереңден түшүнүп, ошол эле жанрдын башка элдерге мүнөздүү айырмачылыгын салыштырып талдоо көндүмдөрүн күтүү азыркы учурда чанда бир мугалим жетүүчү бийиктик болуп турат. Логикалык жактан негиздеп көрсөк, окуучуларды окуу программасындагы көркөм чыгармаларды өз алдынча окуп-үйрөнүү үчүн стимул болуш керек, ал көркөм чыгарманы билүүгө карата окуучулардын ар бирине ички кызыкчылыкты түзүп берүүчү керектөөдөн туруп, адабий чыгармаларды окубай калса, сабактагы “керемет окуялардан” кемчил болчудай шарттарды иштеп чыкмайын жаңы стандарт менен кабыл алынган максат, милдеттер окуу процессине толук сиңбей калышы мүмкүн. Эгер күнүмдүк сабактын өзү окуучуларга окуу планы аркылуу сунушталган адабий чыгармалардын сюжети, образдар системасы, көркөмдүк табияты, эч бир чыгармага окшошпогон касиети менен толук тааныштырып, анда берилген көркөм-эстетикалык түшүнүктөр чыгарманын “кайсы жеринде” экенин ачып бере албаса, анан кантип бири экинчисинен айырмаланган маанилик өзгөчөлүктөрүн, ал чыгарманы классикалык деңгээлге жеткирген баалуулугун башкаларга түшүндүрүүгө жардамдашкан курал боло алат. Ошол себептен орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын

этнопедагогикалык негизде окутуу адабий чыгармага сабакта мамиле кылуунун формасын жана мазмунун замандын талабына ылайык жаңылоо, б. а. кыргыз балдарынын социалдык керектөөсүн камсыздоо жана өнүктүрүү багытында аткарылуучу жумуштардын фонунда жарандык маданиятка кызмат көрсөтүүчү адабиятагы баалуулуктарды календарлык план аркылуу системага салып, инсанга багытталуучу сапаттык белгилерди аныктоо ар бир окуучу өзүнө тиешелүү компетенцияга ээ болуусу ыңгайлуу шарт түзөт.

Башталгыч класстардан бери адабий чыгармаларга таандык жанрлар менен тааныш болуп келе жаткан окуучулардын чөйрөсү бар экенин эсепке алсак, аларда орто мектептин 10-11-классына келгенге чейин адабий чыгармаларда жаралган түрдүү жашоо-турмуштун картинасын өздөштүрүүгө, кыргыз адабиятында иштелип чыккан адамдын жан дүйнөсүн, психологиясын, жашоого мамилесин, руханий баалуулуктарды көркөм образ аркылуу таанып-билүүгө тиешелүү бир катар тажрыйба жыйнап калгандыктан, андай мүмкүнчүлүктү жигердүү пайдалануу үчүн этнопедагогикалык негизде окутуу дайыма окуу планындагы адабий чыгармаларды окуучу күн сайын кездешүүчү турмуштук окуялар менен байланыштырып, анда көтөрүлгөн адеп-ахлактык маселелерди окуучуларга “тааныш” ошол жердеги көйгөйлөр менен салыштырма катышын түзүү чыгарманы өздөштүрүүгө жеткиликтүү кызмат кылып, анын эстетикалык маңызы эмнеде экенин баамдоо болгон жөндөмдүүлүктү өркүндөтөт. Анткени адабий чыгармада кеп болуп жаткан окуялар турмуштук чындык менен өтмө катар байланышта тургандыктан, окуучуларга окуган чыгармаларын эл арасында айтылган түшүнүктөр аркылуу кароого, андан соң жеке тажрыйбасын классташтары менен бөлүшүүгө, ар түрдүү темадагы ойлорду системалаштырууга, ал адабий чыгармада ар кыл форма болушу мүмкүн экендигин билип, анын жанрдагы өзгөчөлүгү акын же жазуучунун чыгармачылык жөндөмдүүлүгүнө байланыштуу болуп, ар кимдин кабылдоосуна жараша жеке таасирленүүлөргө алып келээрин адабият сабагы пайдалана албай жатат. Чынында аны туура колдонуу адабий чыгармаларда берилген негизги ойду туура түшүнүүгө (1), кепке тартылган маселени турмуштук окуялар менен ассоциациялап кароого (2), чыгармадагы стилдик боөкторду айырмалап билүүгө

(3), каармандардан “жашоосун” мезгил жана мейкиндик чекте ажыратууга (4), ошондой эле адабият мугалимине окуучулар менен жакындан кызматташууга (5), жана балдардын адабий-көркөм элестөө жөндөмдүүлүгү динамикада болуп жатканын билүүгө (6) жол ачат.

Ырас анын сапаттуу ишке ашуусу орто мектептин 10-11-класстын окуучуларынын кыргыз адабиятында окуу материалын элдик дидактика менен канчалык катышта болушуна карай окутуу ык-усулдарын тандап, педагогикалык шарттарды кантип түзө алганыбызга жараша сапатын берет. Ал эми бул багытта түзүлүүчү календарлык план жаңы стандартта белгиленген жоболорго негизделгендиктен, бул багыттагы иштерди аткарууда окутуудагы күтүлүүчү натыйжалардын тереңдешине (а), компетенттүүлүктүн элементтеринин кеңейишине (б), натыйжалардын көрсөткүчтөрүнүн жогорулашына (в), өзгөчө окуучулардын оозеки жана жазуу түрүндө кеби социалдык керектөөнү сапаттуу камсыздашына (г) карай адабий материалдын тапшырмаларын түзүү жана анын өздөштүрүлүш татаалдыгын эске алуу менен иштеп чыгуу маселесин да туура чечүүнү көздөйт. Предметтик окуу планы боюнча берилген адабий чыгармалардын орду туруктуу сакталганы менен азыркы учурда окуучулардын адабий билимге койгон керектөөсү ар түрлүү келип, республикада орто мектептин 10-11-класстын окуучуларынын кыргыз адабиятын өздөштүрүү деңгээли бирдей эместигин көрсөтөт. Мындай шартта адабий билимди аныктоо мугалимге кыйынчылык түзүп, балдардын билимге карата социалдык керектөөсү бирдиктүү бир ойго топтолбой, сабакта талдоого алынуучу маселелерди татаалдаштырып жибериши мүмкүн. Ошондуктан биздин оюбузча, бир нече көркөм-эстетикалык, адеп-ахлактык, руханий проблеманы талдоого мүмкүнчүлүгү бар чыгармаларды педагогикалык процесске оорчулук жараткан, жаштардын акыл-эсине, жашоо кызыкчылыгына, элди коргоо, ыйык нерселерди сактоо, ар-намыс, жоопкерчилик, өзүмчүлдүк, адилеттүүлүк үчүн күрөшүү же өзүн ойлоп, башын катып жашоо керек деген сыяктуу окуучулардын жарандык позициясына тикелей катышы бар проблемалар жөнүндө сабактын максаты кырдаалга жараша ийкемдүү түзүлүшү керек. Экинчи жагы, улам убакыт өткөн сайын кандай компетенцияда күтүлүүчү натыйжанын деңгээлин жогорулатуучу,

предметтен алган билимин колдонуу жолдору текшерилип тургудай социалдык “кыртышын түзүү” боюнча иш чараларды уюштуруу болбосо, орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу кайсы багыттар аркылуу үзгүлтүксүз жүргүзүлгөн иштердин мазмуну ачылбайт. Окутуунун кандай ык-усулдарын, формаларын колдонбойлу окуучу өздөштүргөн компетенциянын деңгээлин тактоо үчүн адабий чыгарманын мазмундук тилкелерин социалдык керектөө менен айкалыштырган кырдаалдар так көрсөтүлмөйүн ар биринин жеке тажрыйбасы канча өсүшкө ээ болгонун белгилөөгө мүмкүн эмес. Белгиленген компетенциялар предметтик стандарт боюнча билим берүү тизмесинде берилген сапаттык көрсөткүчкө жеткен натыйжаларды бериши үчүн окуу планындагы адабий чыгармалар турмушка сөзсүз катышы бар маалыматтар менен жабдылып, убакыттын өтүшүнө жуурулушкан адеп-ахлак, адамдык кадыр-барк, элдик салт-санаа жөнүндө психологиялык-менталдык түшүнүктөрдү жаратуусу жана чечүү жолдорун көркөм-эстетикалык мазмунда көрсөтүү аркылуу орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун календарлык планында андай иш чаралардын типтүү жолдорун берүүнүн зарылдыгын белгилейт. Бул багыт окуучулардын компетенцияларынын калыптанышын көрсөтүүчү иш чаралар болгондуктан, анда окуучунун ички демилгеси орунга чыгып, өзүн-өзү реализациялоого кандай мүмкүнчүлүктөрү бар экендигине шайкеш келүүчү тизменин алардын өздөрү тарабынан түзүлүшүнө алып келет. Ошол эле мезгилде анда берилген компетенциянын элементтери ар бир окуучунун деңгээлин аныктап, социалдык чөйрө менен өз ара кызматташууда кандай аракеттерди жасашы мүмкүн экендигин так көрсөтө алат.

Мугалимдер арасында окуучулардын алган билимин кайда жана кантип реализациялоосу жөнүндө анкеталык суроолорду таркатып, ага жооп алганыбызда педагогикалык коллективде мындай ишти өз сабактарына байланыштырып аткарган педагог жок экенин байкадык. Азыр өлкөдөгү бардык мектептерде сунушталган адабий чыгармаларды окутуп, кайрадан айтып берүү деңгээлинде өтүлгөн сабактар менен чектелгендиктен, орто мектептин 10-11-

класстын окуучулары кыргыз адабияты боюнча алган билимин кайда пайдалануу керектигин билишпейт. Ал эми этнопедагогикалык негизде окутуу окуучунун жеке турмуштук тажрыйбасын байытуу миссиясын өз алдына койгондуктан, адабий чыгарманы талдоо менен үйрөнгөн көркөм-эстетикалык мазмундук касиеттерди балдар өздөрү “долбоор катары” тандап алган социалдык тилкелерде интеграциялоого, б. а. ар бир бала өзү кызыккан проблема боюнча роликтерди жасап, анын ичине өзү “башкы каарман” катары түрдүү адеп-ахлактык, руханий-нравалык, көркөм-эстетикалык, ал тургай коомдук-социалдык проблемаларды козгоп, адабий чыгармалардан үйрөнгөн образ түзүү, сюжетке окуя тандоо, сүйлөшүүлөрдө көркөм көз каражаттарын, ж. б. өздөштүрүлгөн компетенция катары колдонуусуна жол ачып берет. Биз бул жерде окуучулар менен биргелешип иштөөнүн бир гана формасын келтирип жатканыбыз менен окуучулардын ички кызыкчылыгы ойгонгон маалда алар өөздөрү эле мындай иштерге активдүү катышып, өлкөдө болуп жаткан түрдүү окуяларга интернет аркылуу жеке пикирин билдирип, жарандык позициясын сапаттуу аткарууга өтө баштайт. Азыр интернет желелерине көз чаптырган учурда бир катар одоно көрүнүштөрдү байкоого болот. Алар комментарий жазганда кептик этикетти сактабагандык - сүйлөмдөрүн сабаттуу жазууга карай жоопкерчиликтин жоктугу (1), сөгүнгөн сөздөрдү (2), ар кандай жаргондорду колдонуу (3), пикирин таңуулагандык (4), терс эмоциясын билдирүү (5), айтчу оюн так жана жеткиликтүү бере албагандык (6), сүйлөмдөргө орусча сөздөрдү кошуп жибергендик (7) сыяктуу көптөгөн кемчилдиктерди көрсөк, ошонун баары кыргыз адабияты сабагында окуучулардын өзүн-өзү реализациялоосуна көңү бурбагандыктан келип чыкканы байкалат. Демек, бул багыттагы иш чараларды сапаттуу аткарыш үчүн сабакта кеп болуучу маселелерди тикелей турмуш менен байланыштырып, чөйрөсүнө өз ара таасир берүүчү, же болбосо андагы айрым аракеттерге баа берүүнүн жолдоруна пикирин көрсөтүүчү иш чаралардын системасын түзүү жана алардын окуучулар тарабынан аткарылышынын негизги шарттарын иштеп чыгуу керек. Ал орто мектептеги билим берүүнүн мазмунун бүгүнкү күндүн талабына туура келтирүү үчүн кыргыз адабияты чектелбей, бардык предметтерди ичине камтыса, орто мектептин 10-11-класстын

окуучуларына кыргыздардын социалдык табиятын, эл ичинде жүрүп жаткан адамдык карым-канашты жакындан билүүгө жана ага карап окуу предметтерди окутуунун мазмунуна толуктоо киргизүүгө, жергиликтүү педагогикалык коллектив аткаруучу негизги иш чараларды биргелешип түзүүгө жана аны мектептин календардлык иш планына жайгаштырууга да жол ачып берет. Антпесе башка предметтер деле окуучуларга компетентция калыптандырууда эмнеге көңүл бурушу керектигин билбей, аккредитациялоодо каралуучу критерийлерге көп нерсеси туура келбей жатат.

Орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун негизги миссиясы балдардын ар бир сабакта алган маалыматы турмуш чындыгы менен канчалык байланышта тураарын жалпы жарандык көз караштa кароого, аны конкреттүү предметтик мисалдар аркылуу ойдун өнүгүүсүн жетекчиликке алууга карата түзүлүп, окуу предметинин алкагында проблема чечүүнүн жолдорун үйрөтүүнү камсыздоочу милдеттерди мугалимдин алдына койсо, билим берүүнүн жалпы мазмуну алга кантип жылышы мүмкүн экендигин да деңгээлдер боюнча жол-жобосун иштеп чыгуу адабият мугалимине жүктөлөт. Азыркы шартта көпчүлүк мугалимдер предметтик сабактар кандай компетенция калыптандырышы керектигин жергиликтүү кызыкчылыктарга ылайыктабагандыктан, окутулуп жаткан көркөм чыгармалар балдардын турмушуна аралашпай таптакыр сыртта калып, үлгү катары сунушталган эстетикалык каражаттар окуучунун компетенциясы болбой калууда. Улан-кыздар сабакта түрдүү көз караштı билдиришкени менен ал пикирлер окуучунун жан дүйнөсүнөн чыкпай, жөн гана жакшы баа алуу үчүн айтылгандыктан, талдоого карата мурункулар айткан ойду коштоп коюу деңгээли менен мамиле жасоо бардык мектептерде типтүү көрүнүш катары сакталып келет. Мындай мамилени жоюу боюнча азырынча эч бир жумуш аткарыла элек. Бул мектептерде билим берүүчүлүк натыйжаларга тоскоолдук кылып жатканы бардык билим берүү баскычтарында белгилүү болсо да, аны окуучулардын компетенциясын калыптандыруу мүмкүнчүлүгүнөн четтетүү эч бир жерде каралбай жатат. Ошондуктан, орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун

календарлык планын түзүүдө адабият предмети боюнча компетенция калыптандырууга байланышы бар конкреттүү иш чараларды түзүүдө чыгармада сүрөттөлгөн көркөм-эстетикалык, адеп-ахлактык, моралдык-этикалык маселелерден турмушта кездешүүчү көйгөйлөрдү жөнгө салууга, изги кыялдар менен ишке ашырууга аракеттенген окуучулардын компетенциясын уюштуруу шарттары да каралышы керек. Ырас мындай иштер мурда мектептерде класстан тышкары аткарылгандыктан, аны кандай үлгүдө ишке ашыруу жөнүндө мугалимдер арасында түшүнүктөр иштелип чыга элек, б. а. жаңы стандартта “биз предметтик компетенттүүлүк дегенде окуучулардын адабият предметинин тарамында түрдүү билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү колдонуу жөндөмдүүлүгүн жана кийинки билим алуусунда да практика жүзүндө ушул билимдерин колдонуп кете алуусун түшүнөбүз” [Кыргыз Республикасынын окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү мектептеринин 10-11-класстары үчүн «Кыргыз адабияты» курсу боюнча предметтик стандарты. – Б.: 2018, 12-бет.] деп айтылганы менен аны жүзөгө ашыруу жолдору көрсөтүлгөн эмес.

Жогоруда белгиленген календарлык планды түзүү боюнча мектептин мугалимдеринин пикирин билүүгө аракет кылып, окуучулардын билимин реализациялоосун кантип уюштуруу натыйжалуу болооруна карата аңгемелешүү өткөргөнүбүздө эч бир мектепте бул багытта иш чаралар боло электигин, аны кантип жүргүзүү механизми иштелбей турганын байкадык. Ал эми биз тарабынан түзүлгөн календерлык план менен тааныштырганыбызда андай механизм аркылуу иштөө боюнча маалыматы жок мугалимдер окуучулар билимин кантип реализациялап, негизги компетенцияларды турмуштун кайсы жактарына жана кандай үлгүдө ишке ашыруу мүмкүн экендигинен түк кабары жоктугу көркөм дөөлөттөргө баа берүү сабакта предметтин чегинде гана кала турганын көрсөтөт. Аны окуучулар турмушта кандай шартта керектеши мисалдар менен көрсөтүлбөгөндүктөн, кыргыз адабияты предметти окуткан маалыматтар конкреттүү компетенцияга айланбай, ал аркылуу чечилчү социалдык маселелерге окуучулар катышпай калганын көрүүгө болот. Ырас, акын же жазуучулук талант болбогондон кийин окуучулардын баары тең көркөм

чыгарма жазып жиберүүсү мүмкүн эмес болсо да, эл арасында боло калчу таң-тамаша, оюн-зоок, түрдүү адабий-маданий иш чараларда катышып, зарыл болсо сценарий жазып, көркөм окуп, адабий чыгармалардан мисал келтирүү жана кыргыз адабияты предметинде үйрөнгөн көркөм сөз каражаттарын колдонуп, каалоо, куттуктоо, ж. б. сыяктуу сөз сүйлөөгө жетишүү биз тарабынан түзүлгөн календарлык пландын бир өзөгүн түзүп, окуучунун окуу ишмердүүлүгүнүн натыйжасы кандай сапатка ээ болгонун аныктоо үчүн конкреттүү мисалдар менен иштөөгө өтөт. Ал жаңы стандартта белгиленген кыргыз адабияты предмет катары калыптандыруучу компетенциялардын окуу жана практикалык ишмердүүлүктүн өз ара катышында жүзөгө ашырылып, ошол эле мезгилде адабият мугалими окуу тексттери менен адабий тексттерден эмнеге көңүл бурушу керектигин көз алдыга тартып бере алат. Мындай конкреттүү иш чаралар менен коштолбогон окуу иштери ар дайым иш жүзүнө турган адамдын көркөм адабиятка болгон муктаждыгы кандай мүмкүнчүлүктө ачыла турганын көрсөтүп бере албай, ал эми аны керектөөчү кырдаал түзүлгөндө кандай иш-аракеттерди аткарууну билбей калган учурларды пайда кылууда.

Сабак учурунда орто мектептин 10-11-класстын окуучулары кыргыз адабияты боюнча талдоого алынып жаткан предметке карата өзүнүн оюн айтып, кеп болчу мазмунга баамдап түшүнгөнүн көрсөткөнү менен аны кайда кошулушу мүмкүн экендигин сураганда, балдардын көбү андай ой жорум кайда керектелишине так жооп бере албайт. Мунун өзү кыргыз адабияты сабагында өтүлгөн окуу материалдары ар түрдүү ык-усулдар менен педагогдун чеберчилигине жараша көңүл бурулуп, мазмундук жактан түрдүү доорлорду чагылдырган этникалык маданияттын өзгөчөлүгү боюнча маалыматтар жетиштүү берилсе да, анын натыйжасы тууралуу маселе эске алынбай, көпчүлүк окуучулар класста алган баасына канааттанып тим болушат. Мындай көрүнүш бир эле кыргыз адабияты үчүн мүнөздүү болбостон, азыркы учурда бардык предметтерге тиешелүү экенин белгилей кетели. Ошондуктан этнопедагогикалык негизде окутуу өзүнүн алдына окуучунун окурмандык сезимдерин ойготууда башкы критерийди көркөм адабият, бул – өлкөдө жашаган бардык адамдардын жалпы байлыгы – ар бир инсан өзүнө керектүү көркөм-

эстетикалык табитин калыптандырып, аны түрдүү шартта ийгиликтүү колдонуу аркылуу улуттук жана дүйнөлүк маданиятка түшүнүүгө жол ача турган мурас экенин билдирүүгө коёт. Андан ары көркөм адабият тарыхый процесстин жемиши экендиги жөнүндө жоболор жетекчиликке алынып, эгер окуучулар көркөм ой жүгүртүүнү туура пайдаланган болсо, алар да өз доорунун "чыгармаларын" жазып, коомдук аң сезимдин бир түрү катары калк арасында жашаган чыгармачылыкты өнүктүрүүсү мүмкүн экендигине ишеним жаратып, аларга шык берүүчү компетенцияларды үйрөтүү маселелерин камтыйт. Бул ар бир окуучунун текст түзүү иш-аракетин өнүктүрүүгө басым жасап, ар биринин ички дүйнөсүндөгү кыялдарын кандайдыр бир жанрда ишке ашырууга карата ишеним арттырат. Аны жогорку деңгээлде системалуу аткаруу жолдору азыркы учурда эч бир мектепте жок болгондуктан, окуучулардын көркөм чыгарма жаратууга болгон кызыкчылыгы көп учурда "ойгонбой", улам кийинки муунда китеп сүйүүчүлөр азайып бара жатканын эсепке алсак, орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун мазмунда каралып жаткан жогоркудай маселелер окуучулардын адабий чыгармачылыкка тиешелүү жөндөмдүүлүгүн ойготууга көмөк көрсөтөт.

Ал окуу жыл ичиндеги даталуу күндөргө арналган иш чараларды уюштурууга, ар кандай социалдык акцияларды өткөрүүгө, мектепте драмалык, фольклордук топторду түзүүгө, поэзиялык ийримдердин жол-жоболорун иштеп чыгууга негиз боло алат. Мындай иш чаралар орто мектептин базасында класстан тышкаркы иштер катары буга чейин болуп келгенин баарыбыз билсек дагы улам жыл өткөн сайын анын чеги кыргыз адабиятынын проблемасынан алыстап, маселен акын-жазуучуларды эскерүү, мааракесин өткөрүү, жаз же күз мезгилдерине карата поэзия кечесин уюштуруу сыяктуу жумуштар көп мектептерде болбой баратканын кездештирип жатабыз. Экинчи жагы, окуу процессинде мектеп жетекчилиги тарабынан бул багытта аткарылган иштерге көркөм-эстетикалык жактан маани берилбегендиктен, кыргызстандагы жалпы билим берүү уюмдары кыргыз тилинде жазылган тексттердин сабаттуулугуна, көркөм сөз каражаттарын пайдалануу чеберчилигине жана кандай шартта адабий чыгармачылыкты кантип колдонуу мүмкүн экендигин кийинки муунга үйрөтүү

ишмердүүлүгүнөн четтеп барат. Өсүп келе жаткан жаш адамда шык-талант бар болгону менен аларга мектепте жагымдуу шарттар түзүлбөсө, андай чыгармачылык акырындап жок болуп кетиши толук мүмкүн болгондуктан, ар бир баланын ички шыгын, көркөм адабиятка болгон кызыгуусун ойготууга кам көрүү адабият сабагынын бир вазыйпасына кирип, чыгарманы өз деңгээлинде түшүнгөндөй, окуган чыгармасын өзүнүн көркөм-элестөөсү менен байланыштырууга, анализ берүү менен көркөм чыгарма жазуунун сырларын үйрөнүүгө, мектептин адабиятка тиешеси бар жумуштарын аткарууга катышып, өзүн-өзү реализициялоого негиз болуучу компетенцияларды калыптандыра албай жатканын бул жерде эсепке алуу керек.

Орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууда аткарылуучу талдоо жумуштары көркөм адабиятты жашоо картинасын элестүү чагылдыруунун өзүнчө бир формасы катары кабыл алынып калган түшүнүктөн, билим берүүчүлүктүн башка формасына өткөрүп, чыгармада камтылган түрдүү маселелерди турмушту таанып-билүүнүн өзөгүндөй мамиле кылууга, автор сүрөттөгөн “дүйнөнү” аныктоо максаттарына критерийди жашоо кызыкчылыгынан кароо “концепциясын” түзүүгө багыт алууну көздөйт. Мындай мамиле алгачкы күндөн тартып эле ийгилик жаратпаса да, инсанга багытталган адабий билим берүүдө жарандык позициянын түптөлүшүнө белгилүү салымын кошуп, алгач жаңылыктык кетирген окуучунун көз карашы талкууга коюлушун шарттап, ал аркылуу автордун таанымын үйрөнүүгө, анда берилген идеяны түшүнүүгө, кепке алынуучу маселеге толук жарамдуу катышуучусу болууга, кайсы жанрдагы чыгарманы анализге албасын аны турмуштук жана маданий контекстте кароого, үйрөтүү сунушталган адабияттын баалуулугун өзүнчө баалап урмат көрсөтүүгө жол ачат. Муну азыркы күндө кыргыз тили менен адабияты гана ишке ашырбаса калган сабактар негизги максатын таптакыр башка нукка буруп кеткендиктен, көркөм чыгармадагы түзүлгөн образдуулукка эстетикалык жактан кабыл алуу менен мамиле кылууга өнүктүрүү – көркөм чыгармаларды окуу маданияты калыптанган сабаттуу окурманды тарбиялоо – адабий чыгармаларды окурмандык кабыл алуудан коомдук пикир түзүү чеберчилигине өсүп жеткен

милдеттүүлүктү сезүү сыяктуу компетенцияларди окуучуларга калыптандыруу милдетин аркалайт. Бул орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча иш чараларын уюштурууну жетекчиликке алган календарлык планда өзүнчө бөлүм катары орун алууга тийиш.

## 2-глава боюнча корутунду

2-глава боюнча төмөнкүдөй жыйынтык чыгарууга болот:

1) Адабият мугалими кыргыз элинин кылымдап калыптандырган тажрыйбасына таянганы маанилүү орунду ээлейт. Аны туура колдонуш үчүн аргументтерди орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына сунушталган кыргыз адабиятындагы көркөм чыгармалар менен эл арасында туруктуу ордун жоготпой келе жаткан пендечиликтеги адамды сыйлоо, бири-бирине урмат көрсөтүү, ата-энеге, бир тууугандарга жагымдуу маанай тартуулоо, жакшылыгына бирге кубануу, кайгысын тең бөлүшүү, карыларды аёо, кичинелерге камкордук кылуу, жаратылышты коргоо, табияттын керемет кооздугуна суктана билүү, кыйналганга жардамдашуу сыяктуу кыргыз элдеги дидактикалык нормаларды байланыштыруу сабактын окутулушу үчүн гана таасирдүү болбостон, сырттан көчүп келе жаткан “жеңил маданиятка” кыргыз жаштары ыйман-ынсап жагынан туруштук берүүсүнө ыңгайлуу шарт түзүүгө тийиш. Улам кийинки жылдары орто мектептеги билим берүүдөн этнопедагогиканын ролун начарлатып жибергенибизге байланыштуу кыргыз жаштары адеп-ахлак жактан түшүнүктөрүн жогорулатуу, бул багыттагы социалдык керектөөсүн камсыздоо үчүн балдарына диний наасаттарды үйрөтүү жагына көңүл буруп баратканы белгилүү болду. Мунун өзү элдин көркөм-эстетикалык нарк-насилди өздөштүрүүгө болгон кызыкчылыгы эч качан жоголбой турганын ишенимдүү далилдесе, андай билим берүүнүн өзөгүн түзүүчү этнопедагогиканын ролу орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын окутуу аркылуу эл арасында болуп жаткан түрдүү жарандык кызыкчылыктарды коомчулук талап кылган деңгээлде аткаруу үчүн педагогикалык процессте календарлык план менен системалуу иш чараларды өлкөнүн бардык окуу жайларында ишке киргизүү керектигин ачыктап жатат.

2) Сабакта адабий чыгармаларды талдоо жумушуна артыкчылык берилсе да, кийинки муундун эстетикалык кабылдоо жөндөмдүүлүгү – көркөм образ аркылуу ар бир инсанга керектүү ыйман-ынсап кылууга (1), башкаларга сабырдуулук менен мамиле жасоого (2), андан ары образдын адеп-ахлактык аракетин турмуш чындыгына салыштырып баалоого (3), анын эстетикалык маңызын элдик нарк-насилге коюп баамдоого (4), жакшы жана жаман жөрөлгө болсо андай шартта кайдыгер калбай жөн дүйнөсүндөгү туюмду ачыкка чыгарууга (5), эл арасындагы үлгү болчу дөөлөттөрдү коргоо максатында эмоционалдык мамилесин билдирүүгө (6) окуучулардын компетенциясын калыптандыра алат. Ал эми азыркы учурда мектеп окуучуларынын арасында автордук чеберчилик менен жаралган сөз искусствосунун классикалык чыгармаларына таасирленип, анда берилген учкул ойдун тереңдигине сезимдерин билдирген балдар кескин азайып бара жатат. Улам кийинки муунда автордук көркөм ой жүгүртүүгө шыктануу (а), андагы элестүүлүктү өз ойлору менен толуктоо (б), көркөм образдын азап-тозогун элестетип кошо кайгыруу (в) жетишкен ийгилигине маңдай жарып кубануусу (г), бардык учурду кыргыз элинин кызыкчылыгы менен карап, менталдык кабылдоодо эмоциясын билдирүү (д) сыяктуу психологиялык абалга туура мамиле кылуу компетенциясын калыптандырып, реалдуу жашоодо кездешүүчү психологиялык кыйынчылыктарга кабылбай турган сергек ой жүгүртүүнүн окуучуларда болушун камсыздайт эле. Адабий чыгарма турмуштун өзү эмес экендигин азыр окуучулардын баары билет, бирок кайсы жанрда болгонуна карабастан, ар бир чыгарманын адам турмушун тигил же бул тарабын тереңден таанып-билүүгө (1), андагы каармандардын мүнөзү аркылуу өзүнүн инсандык сапаттарын калыптандырууга (2), сюжетте сүрөттөлгөн окуялардагы пендечиликтин өз ара келишпестигинен жарандык позициясын тактоого (3), жаккан образдардын кыял-жоругунан идеал түзүүгө (4) жардам бере аларга таркатылган анкетага берген жоопторунда ачык эле айтышканын белгилей кетели. Ошондой эле орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу ар бир чыгармада берилген көркөм-эстетикалык дөөлөттөрдүн өзгөчө белгилери катары балдарга үйрөтүү маалында мына ушул ойлорду

тереңдетип, азыркы учурдагы билим берүү саясатына туура келген шартта өнүктүрүүсү адабий билим берүүнүн сапатын жогорулаткандык болуп саналат.

3) Жаңы стандарт боюнча алганда орто мектептин 10-11-класстын окуучуларында калыптануучу компетенциялар кыргыз элинин адабий мурастарында калган көркөм-эстетикалык табылгалар менен бирге элдин урпактарга калтырган насыятын элдик дидактиканын шарттары менен аткаруу жана анда этнопедагогиканын ролун жогорулатуу аркылуу ишке ашыруу натыйжалуу болот деп эсептейбиз. Ырас бул татаал жумуш, бирок азырынча кыргыз ададбияты менен башталса, анан өлкө боюнча тапкан болсо окутуу жумуштарын андан ары тереңдетүү жеңилирээк өтөөрү бышык. Этнопедагогиканын ролу мына ушул жерде турат, анткени дүйнө элдери өтө жакын байланышка өтүп, сырттан келген жаңы нерселер, алардын артында турган түшүнүктөр жакшы көрүнүп, көргөндө "көзү тойбой" турган маалда "эски түшүнүктөрдү" сабакта жакшы деп түшүндүрүү зор кыйынчылык менен коштолот. Мындай шартта адабият мугалими кыргыз элинин кылымдап калыптандырган тажрыйбасына таянганы маанилүү орундуу ээлейт. Аны туура колдонуш үчүн аргументтерди орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына сунушталган кыргыз адабиятындагы көркөм чыгармалар менен эл арасында туруктуу ордун жоготпой келе жаткан пендечиликтеги адамды сыйлоо, бири-бирине урмат көрсөтүү, ата-энеге, бир туугандарга жагымдуу маанай тартуулоо, жакшылыгына бирге кубануу, кайгысын тең бөлүшүү, карыларды аөо, кичинелерге камкордук кылуу, жаратылышты коргоо, табияттын керемет кооздугуна суктана билүү, кыйналганга жардамдашуу сыяктуу кыргыз элдеги дидактикалык нормаларды байланыштыруу сабактын окутулушу үчүн гана таасирдүү болбостон, сырттан көчүп келе жаткан "жеңил маданиятка" кыргыз жаштары ыйман-ынсап жагынан туруштук берүүсүнө ыңгайлуу шарт түзөт. Улам кийинки жылдары орто мектептеги билим берүүдөн этнопедагогиканын ролун начарлатып жибергенибизге байланыштуу кыргыз жаштары адеп-ахлак жактан түшүнүктөрүн жогорулатуу, бул багыттагы социалдык керектөөсүн камсыздоо үчүн балдарына диний наасаттарды үйрөтүү жагына көңүл буруп баратканы белгилүү. Мунун өзү элдин көркөм-эстетикалык нарк-насилди

өздөштүрүүгө болгон кызыкчылыгы эч качан жоголбой турганын ишенимдүү далилдесе, андай билим берүүнүн өзөгүн түзүүчү этнопедагогиканын ролу орто мектептин 10- 11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын окутуу аркылуу эл арасында болуп жаткан түрдүү жарандык кызыкчылыктарды коомчулук талап кылган деңгээлде аткаруу үчүн педагогикалык процессте календардлык план менен системалуу иш чараларды өлкөнүн бардык окуу жайларында ишке киргизүү керектигин ачыктап жатат.

4) окуучулар арасында өздөштүргөн маалымат менен иштөө, аны өз жашоосуна пайдалана билүү маданияты жергиликтүү шартка байланыштуу өзгөчө кырдаалдар менен түшүндүрүлүүгө тийиш экенин эсепке алдык. Себеби, шаардык окуучуларга жетишпеген компетенция айылдык балдар үчүн жөн эле маалыматтай сезилип, мугалимден башка максаттуу нерсени үйрөтүүсүн талап кылгандыктан, алардын өздүк умтулууларын алга сүрөй турган кээ бир көндүмдөрдү бөлөк мазмундагы көркөм-эстетикалык табылгалардын касиет, белгилерин ачууга зарылдыгы дайыма өзүн-өзү реализациялоонун жаңы багыттарын түзүүгө алып келет. Ошол себептен компетенциянын мындай түрлөрүн орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууда улан-кыздардын жалпы кызыкчылыгына карап, жаңылап туруу адабий чыгармаларды талдоонун сабакта сапаттуу жүзөгө ашуусун камсыздай алат. Үйрөтүлүп жаткан компетенция окуучулардын жан дүйнөсүндө канчалык орун алганын сабакта билүү чынында кыйынга тургандыктан, адабият мугалимине социалдык институттарды пайдалануу, алардын окуучуга карата пикирин угуу, көпчүлүктүн позициясына таянып, ошол эле мезгилде балдардын ички ресурстарын каарманга же сюжеттеги окуяларга сезимдерин көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк түзүү иш чараларынын сабактан тышкаркы учурда да болушуна жол берет. Ал окуучулар тарабынан өзү жашаган аймактагы коомдук-социалдык маселелерге активдүү катышып, кырдаалды чечүү үчүн ар кандай формасын таап, кээ бир шартта адабий каармандын фонунда түрдүү талкууларды уюштурууга, б. а. социалдык роликтерди тартууга (1), флешмоб даярдоого (2), ошол каармандын аракетин ким кандай кабыл ала тургандыгы жөнүндө социалдык рейтинг жасоого (3), андай көз караштарга таянып,

коомчулуктун пикирин аныктоого (4), эмне үчүн ушундай абал түзүлгөнүн “изилдеп билүүгө” (5), жамандарын жоюуга (6), жакшыларын өркүндөтүүгө (7), биргелешүү менен “долбоор” даярдап (8), аны класста коргоого (9) байланышкан бир катар иш чараларды аткаруудан гана көрүнөт. Албетте мындай шартта иш чараларды аткарууда бир эле каармандар менен иштөө туура эмес, аны окуу планына кирген бардык чыгармалар боюнча жүргүзүп, сабакта алган маалыматтарды баланын социалдык чөйрөсү менен байланыштырып, анда керектелүүчү “маалыматтык” жана “социалдык” бөлүмдө камтылган компетенцияларды дал ушул жерде көрсөтүүгө, коммуникативдүү байланыштарда аныкталуучу компетенциялардын маңызын да түрдүү диалогдордо баалоого мүмкүндүк түзүлөт.

5) Орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу балдарга билим жана тарбия берүүдө адабий чыгармалардын өзүн (1), көркөм-эстетикалык жактан көтөргөн жүгүн (2), адабиятка алып келген жаңылыгын (3), мазмундук же формалык жактан адабиятка кошкон табылгасын (4) түшүндүрүү менен чектелбестен, андан алчу нравалык сабактарды (5), адеп-ахлактык түшүнүктөрдү (6), кимдир бирөө менен маектешүүдө колдонуучу этикеттик эрежелерди (7), сылык-сыпаа мамилени (8), өзүнүн оюн айтууда дыкаттыкты (9), көз караште айырмачылык болсо, ага “чындыкты далилдөөгө” аракеттенип урушпаган толеранттуулукту (10) компетенция катары үйрөтө алат. Окуучулар анализге алган факты-материалдар адабий чыгармадан болгону менен маселе кыргыздын улан-кыздарын турмушка даярдоо максатын көздөгөндүктөн, алардын өз алдынча ой жүгүртүүсүн чыгарманын мисалында адамдар менен өз ара кызматташуу жолдорун үйрөнүүгө, карама-каршылык болсо аны акылдашып чечүүгө басым жасалган шартта сабакты уюштуруу жагымдуу жагдай түзөт. Антпесек, азыркы окуу процесси көрсөткөндөй, кыргыз адабияты боюнча берилген сабактар орто мектептин 10-11-класстын окуучуларынын “жашоосунан” алыс калып, балдардын иш-аракеттери элдик дидактикадан четтегендей эле эстетикалык жактан үлгү болуучу дөөлөттөрдү сырттан издеп, адабий чыгармага баа берүүдө улуттук маданияттын ролу жоголуп бaратат. Этнопедагогикалык негизде окутуу

үчүн биз тарабынан сунушталган календарлык план иш чараларды аткарууда негизги социалдык кызыкчылыктарды, ага тиешеси жарандык мамилелерди белгилүү бир предметке таянып түшүндүрүү үчүн көркөм чыгарманын идеялык-тематикалык белгилерин конкреттүү түрдө деталдаштырып, ошондой эле окуялар кийин кайталанышы мүмкүн экендигине бир катар мисалдарды келтирүү менен чечимдерди чыгаруу жөнүндө жаштарга элес түзүү психологиялык жактан кабыл алуу даярдыгын арттырат. Окуучулардын жеке көз караштары дайым эле туура боло бербестиги анык, бирок алар ич ара чыр-чатакка барбашы үчүн адабий билим берүүнүн натыйжалары чыгарманын табиятында турган бир нече пикирден туурасын тандоого көнүктүрүп, ар бирин коомдук пикир менен эсептешүүгө карай компетенттүүлүгүн калыптандырууга көмөктөшөт.

# 3-глава: Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасы

## 3. 1. Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун ык-жолдору, формалары

Кыргызстанда бардык багыттар боюнча сырттан келген түшүнүктөрдү даяр түрүндө кабыл алып, аны ошол турушунда өндүрүшкө киргизүү кызыкчылыгы өтө эле жогорулап бара жатат. Мындай көрүнүштү билим берүү тармагынан да байкоого болот. Башка элде өзүнүн жакшы көрсөткүчүн берген билим экинчи бир өлкөдө көздөгөн максатына жетпей калышы мүмкүн экендиги тээ байыркы мезгилдерден бери эле журтка белгилүү болсо да, кийинки мезгилдерде баарын сырттан даяр кабыл алуу жумуштары өлкөдө традицияга айланып калды. Ырас, адамзаттык жетишкендиктерди вариациялап колдонуу аракеттери бардык өлкөлөрдө кездешкени менен ага толук көз каранды болуу туура эместиги өзүбүздүн жашообузда даана сезиле баштады. Маселен азыркы учурда Бишкек шаарынын кыргыз мектептери эне тилинде сабактарды өтүп жатканы менен мектеп окуучулары улуттук адабий китептерди сүйүп окубай калышты. Эмне үчүн ушундай кырдаал болуп жатканын билүү максатында бир нече вариантта түзүлгөн анкеталарды 10-11-класстарда окуган улан-кыздарга таркатып, алардын бул багыттагы оюн билүүгө аракет кылганыбызда окуучулардын 24,3 пайызы кыргызча адабий китеп окуганда түшүнбөй тургандыгын толук моюнга алышса, 21,9 пайызы көркөм чыгарманы окугандын зарылдыгы жок экендигин ачык эле билдиришкен. Ал эми 33,7 пайызы адабий чыгарманы окуганда ага таасирленбей турганын белгилешсе, 20,1 пайызы “жакшы” көркөм чыгарма болсо, окуй турганын жазышкан. Бул көрсөткүч мектеп окуучуларынын көпчүлүгү кыргыз адабиятынан алыстап бара жатканынан кабар берет. Айылдык мектептерде көркөм чыгармага карата кызыгуу бир аз жогору болгону менен окуучулардын адабий чыгармаларды өз алдынча окуп-үйрөнүү аракети өбөлгөлөөгө муктаж экендигин билдирип турат. Мындай милдеттерди толук кандуу аткаруу кыргыз эли өзү кылымдап калыптандырган билим берүү, турмушка тарбиялоо багытында буга болуп келген ык-усулдарды колдонуу, аны бүгүнкү күндүн

талабы менен айкалыштыруу, окуучулардын инсандык табияты туура өсүп жетилүүсүнө кам көрүү максатында көчмөн цивилизациянын үлгүсү катары сакталып калган элдик оозеки чыгармалардын мамзмунунда орун алып, дидактикалык салттарды сактаган улуттук билим берүүнүн үлгүлөрүнө таянып, азыркы педагогика илими аныктаган түшүнүктөрдү жеткирүү аракети менен коштолот. Мунун жаңы предметтик стандартта белгиленген "адабий чыгармага эмоционалдык мамилесин билдирүүсүн камсыздоо (1); этномаданий мамилени колдонуу менен, кыргыз адабиятынын сөз түрүндөгү искусство катары өзгөчөлүгүнө маани берүүсүнө шарт түзүү (2); адабий чыгармадагы көркөм сүрөт каражаттарынын ролун түшүнүүгө түрткү берүү (3); чыгарманын маанисин түшүнүү үчүн текст менен иштөөдө окуучулардын ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн (салыштыруу, талдоо, баалоону жалпылоо) модели жигердештирүү (4); окууга кызыгуусун жаратуу, китеп окууга зарылчылыгын жана китеп окуунун баалуулугун, китептин баалуулук багыттарга таасирин түшүнүүсүн калыптандыруу (5);" [Кыргыз Республикасынын окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү мектептеринин 10-11-класстары үчүн «Кыргыз адабияты» курсу боюнча предметтик стандарты. – Б.: 2018, 12-бет.] ж. б. проблемаларды сапаттуу ишке ашыруу зарылдыгын педагогикалык коомчулуктун алдына коюуда.

Кыргызстанда билим берүүнү өнүккөн өлкөлөрдү ийгиликке жеткирген билим берүү менен айкалыштыруу аракети күч алып, ага катуу таасирленген педагогикалык коомчулук натыйжалуу иштеп жаткан кээ бир окутуу формаларын "чанып", сырттан келген ык-усулдарды даяр түрүндө колдоно баштагандыктан, алардын айрымдары биздин шартка ыңгайлашкан болсо көпчүлүгү бүгүнкү күнгө чейин түшүнүксүз бойдон турат. Маселен кыргыз адабияты боюнча кийинки муунга билим берүү системасы тээ байыркы кылымдардан бери эле ийгилик жаратып, урпактардын турмушка керектүү жөндөмүн калыптандырууга өз салымын кошуп, үйрөтүүнүн "методологиялык негиздери" окутуунун мектеп түрүндөгү формасы пайда болгонго чейин эле иштелип чыкканын эсепке алсак, ал замандын талабына жараша бир катар өзгөрүүлөргө учураганы менен түпкү касиетин бүгүнкү күнгө чейин сакталп

келиши кыргыздардын билим үйрөтүү багытында топтоп койгон тажрыйбасы мол экенин көрсөтүүдө. Эгер анын маанисин тереңден түшүнүүгө аракет кылсак, ал баланын чыгармачылык ишмердүүлүгүн көркөм дөөлөттөрдүн мазмунунда “катылган” көркөм-эстетикалык багыттарды таанып-билүү мүмкүнчүлүгүн – чыгармаларды мазмундук жактан талдоого алууга (1), сүйлөөчү оюн кандай тематикага багыттаганын (2), анда кандай идея айтылганын (3), чыгармалардын сюжетине окшош жашоо-турмуштагы окуяларды өз ара байланышта кароо менен проблеманы чечүүгө (4), анын ар кандай түрлөрүн салыштырып (5) жеке көркөм кабылдоонун “методологиясын” түзүүгө (5), анда көрсөтүлгөн образдуу аракеттерден жарандар менен мамиле кылуунун ыкмаларын (6) жана “теориясын” (7) үйрөнүшкөнүн, кээ бир тексттин стилистикалык өзгөчөлүгүнө таянып сүйлөө (8), улуттук адабий мурастардагы баалуулуктарды жеке кептик каражат катары пайдаланууга (9) кеңири шарт түзүлгөн. Окутуу иштери мектеп системасына өтүп, анда окулуучу сабактар такталып, ага “Кыргыз адабияты” деген предмет киргенден тарта адабиятты балдарга үйрөтүү принциптери орустун педагогикалык илиминде аныкталган теориялык абалга ылайыкташып кыргыз мектептерине киргизилип, анын натыйжасында окуучулар билүүгө зарыл деп табылган билимдин мазмуну партиялык саясатка тиешелүү мазмунга өткөндүктөн, көркөм адабиятты эстетикалык жактан кабыл алуу (а), эмоционалдык өзгөчөлүгүн колдоно билүү (б), этномаданияттын бир бөлүгү катары адам жашоосуна тийгизген таасирин өздөштүрүү (в), сүйлөө каражаты катары үйрөнүү (г), аны пикирлешүүдө ишке ашыруу (д) сыяктуу элдик педагогикада иштелген принциптери окуу процессинен чыгып калган болсо, ар бир окуучуга керек компетенцияны калыптандыруу зарылдыгы унут болуп бара жаткан этнопедагогиканын ык-усулдарын, билим берүү формаларын окуу процессине алып келүү керектигин ачыкка чыгарды.

Кат-сабаты ачылбаганы менен кыргыздардын жүрүм-турум, сөз сүйлөө, сөзүнө бекем туруу, берген убадасын аткаруу, “ток этээр жерин айтуу”, карынын сөзүн угуу, кичүүгө насаат айтуу, ж. б. ушул сыяктуу маданияты жогору болгонун кийинки муундагы балдар эле билбей калбаса, өткө замандын үчүнчү чейрегине чейин туулгандар өздөрү жашаган турмушка байланыштырып, бүгүн

да айта алышат. Дүйнөлүк билим берүү системасынын көркөм адабиятка мамилеси ар түрдүү экенин эсепке алсак, бүт жашоосун адабият менен бирдикте караган кыргыз калкын, анын кийинки муундарын кыргыздын көркөм чыгармаларында “катылган дидактикасынан” ажыратууга болбостугун улам жыл өткөн сайын көзгө сайып көрсөтө баштаган азыркы кырдаал улуттун иденттүүлүгүн сактап калуу үчүн билим берүүнүн илимий негиздерин түзүүдө кыргыз адабиятындагы ички мүмкүнчүлүктү пайдалануу зарылдыгы күн тартибинде турат. Адабий чыгармалардын идеялык мазмуну менен тутумдашып турган окутуунун илимий-методикалык негизин түзүү бир эле орто билим берүү менен эле толук маселени чечип жиберүү мүмкүн эместиги белгилүү болсо да, аны акырындап өз ордуна коюу үчүн баары бир бул жумушту аткаруу керектигин эске алуу менен биз аны орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча ишке ашыруу натыйжалуу болот деп эсептейбиз. Ырас ,Кыргызстанда азыркы учурда көптөгөн билим берүү концепциясы иштеп жаткан маалда мындай иш чараларды сунуштоо рынок шартына туура келгендиктен, кыргыз калкынын өзүнө тиешелүү окутуп тарбиялоо принциптерин кайрадан «жандандыруу» аркылуу орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун ык-усулдарын түзүп, аны сапаттуу ишке ашыруу боюнча иш чараларын камтыган методикасын билим берүүгө сунуштоо багыты атаандашуучулук принцибине жооп берет.

Кыргыз адабияты сабагын ушул методикада өтүү улуттук адабиятты ар тараптуу окуп-үйрөнүүдө негизги басымды кадимки көркөм чыгарманы үйрөнүүгө жасаганы менен андагы мазмунун көп түрдүүлүгүнө таянып, азыркы социалдык коомчулуктун түрдүү маселелерин маданий баалуулуктар аркылуу түшүнүүгө, андан элдин маданий-эстетикалык керектөөсүн билип, жеке өзүн, айлана-чөйрөсүндөгү адамдарды, аларга тиешелүү жашоо-турмушту, пендечиликтин маданиятын, андагы түрдүү мамилелерди таануучулук принциптерине элдик дидактиканын шартында карап, башка этникалык мамилелерди этнопедагогиканын принциптерине таянып чечүү педагогикалык коомчулукка сунушталган жаңы стандарттын негизги талаптарына туура келет.

Азыркы адабий билим берүү көркөм чыгармадагы образдуулуктун бардык түрүн мектеп окуучуларына чечмелеп түшүндүрүүдө адабий тексттерди түшүнүүдөн тартып, адабий кубулуштар менен образдарды түрдүү формада кабыл алуунун жолдорун үйрөнүүгө (1), адабият сабагында каармандарды талдоо (2) аркылуу көп улуттардын өкүлдөрүн, башка адамдарды түшүнүүгө (3), Кыргызстандын алдында атуулдук жоопкерчилигин сезүүгө (4), адабияттын контекстинде аныкталган түшүнүктөр менен Ата мекенди, анын кооз табиятын сүйүүгө (5), ата-эненин, үй-бүлөнүн барктуулугун түшүнүп (6) жан дүйнөсүндө кадырлоого (7), чыгармадагы конфликттерди анализдеп, окуучуларды толеранттуулукту тарбиялоого (8) жагымдуу жагдай бар экенин эскертели. Адабият сабагында окуучулардын көркөм чыгарманы өз ара интерпретациялоосу бирин-бири тарбиялоого маанилүү кызмат көрсөтүп, андан балдар инсандык, адептик, эстетикалык, ал тургай интеллектуалдык багытта көз караштарын тактап, эгер жаңылыштык кеткен болсо, анын себептерин түшүндүрүү боюнча аткарылган усулдук иш чаралар алардын чыгармачыл жөндөмдүүлүгүнө гана таасирин тийгизбестен, ар бирине өзүнүн “адамдык уңгусун” түптөгөнгө жардам берет. Ошондуктан окутууда сабактардын ык-усулдарын жанан формаларын иштеп чыгууда кыргыз адабиятынын ички мазмунун окуучуларга жеткирүү мүнөзүндө түзүлгөн сабактын үлгүлөрүн жаңы стандарттын талаптарын аткаруу максатына шайкеш келтирүү менен бирге кыргыз тээ байыртан келе жаткан билимди үйрөтүү методикасына таянуу керек болууда. Антпесек, кийинки учурларда сырттан келген окутуу формаларын жаңылык катары кабылдап, анда берилген түшүнүктөрдү маанисин ачпай эле калькалоо жолу менен которушуп, кээ бир учурда анысы күлкү келтирген түшүнүккө айланып баратса да, көпчүлүк жерде андай иштерге маани бербестен, окуу процессине колдонуу күчөгөн. Буга кошумча, мугалимдердин көбү сабактын иштелмесин өзү түзбөй, интернет булактарынан даяр түрүндө кабыл алгандыктан, адабий чыгармалар жөнүндө кеп кылууга мүмкүн эмес илимий-теориялык түшүндүрмөлөр көрсөтмөлүү үлгү (“ачык сабактарда”) сабактарда орун алып, анын окуучуларга кандай билим бергени эсепке алынбай, инновациялык мүмкүнчүлүгү гана бааланган учурларды кийинки мезгилдерде мектеп практикасынан көп кездештирип жатабыз. Ырас,

дүйнөлүк билим берүүдө жакшы натыйжаларды берген сабактардын тажрыйбасын пайдалануу салттары кыргыз педагогикасында мурдатан эле практикаланып келе жатканы белгилүү, бирок азыркы учурдай "кыйнап киргизүү" мынчалык деңгээлде болгон эмес. Мындан тышкары окуучулардын билиминин сапатын көтөрүү үчүн өзүнүн тажрыйбасын жасап, андан алынган натыйжаны мурункулар менен салыштыруу аркылуу жеке автордук методикасын түзүү иштерин демилгелөө керек болууда. Окуучулардын билимин жергиликтүү шартка ылайык аткарылган компетенциялар же сапаттуу жөндөмдөр аныктагандыктан, бул багытта натыйжага жеткен элдик тажрыйбаны эске алуу менен жүргүзүлүүчү педагогикалык иштерге көңүл бурулбай жатканын даана көрсөттү. Буга жоопкерчиликти окуу жайлар толук өзүнө алганы окуучу тиешелүү болгон баалуулуктарды үйрөтүүдө улуттук дидактиканын сабактарына көп маани берилбей, тескерисинче сырттан келген ык-усулдарды жайылтууга айрыкча басым жасалып, кыргыздын билим берүү маданиятына таяныч жасаган орто мектептер жокко эсе болуп барат. Ошондой эле мындай көрүнүш кыргыз адабиятын окутуу иштеринде да орун алып, ал окуучулардын көркөм чыгарманы түшүнүү, адеп-ахлактык жана маданий баалуулуктарды жан дүйнөсүнө сиңирүү, чыгармадагы образдуулукка карата эмоциясын билдирүү, каармандарга салыштырып, адамдардын психологиясын үйрөнүү, автордук ойду чыгармаларын окуу жана маани берип түшүнүүнүн "искусствосун" ар бир окуучу өзүндө калыптандыруу сыяктуу маселелер окуу процессинен тышкары калууда.

Мамлекет кыргыз элинин аксиологиялык баалуулуктарын сактоону жана кийинки муунга үйрөтүүгө милдеттүү болуп саналгандыктан, жаңы иштелип чыккан стандарт аркылуу адабий чыгармалардагы эстетикалык маалыматты окуучулардын түшүнө билүүсүнө жетишүү жолдорун күнүмдүк сабакка жүктөгөнү менен айырмаланат. Ал эми сабактардын методикасын түзүүгө мугалимге "эркиндик" берилгени менен көркөм чыгарманы окутуу аркылуу баланын өз турмушун аңдаштыруусун жогорку деңгээлге чыгаруу – көркөм ой жүгүртүүсүн адабий чыгармаларды түшүнүүсүндөгү жогорку чеберчиликке жеткирүү, адабиятты искусствонун бир түрү катары кабыл алып, аны талдоонун

негизинде эстетикалык баасын берүүгө жетишүү, көркөм образдын психологиясына таянып, сапаттуу билим берүүнүн ык-жолдорун түзүү идеясын ар бир педагогго жүктөп койду. Өткөн замандан бери сабак берүүнүн искусствосун башка элдерден “даяр түрүндө” алган кыргыздын мугалимдери мындай иштерди аткарууга мүмкүнчүлүк түзүлгөн шартта инсанга багытталган билимдин мазмунуна тиешелүү болгон педагогикалык көз карашты сабакка жайгаштырууда дагы эле “көрсөтмөлүү сабактарды” сырттан издеп, туура келгенин да, туура келбегенин да бүгүнкү күнгө чейин колдонгон болсо, билим берүү окуучулар алган билим баланын социалдык керектөөсүн канааттандырганына ылайык сапатка ээ экендиги аныкталган соң, натыйжа берүүчү сабактын методикасын ар бири өзү түзүшү керектигин ачыкка чыгарды. Бул жаңы стандарт аркылуу белгилүү болгон компетенцияларды калыптандыруучу жергиликтүү жарандык кызыкчылыктар менен чыгарманын мазмунун айкалыштырууга негиз болуп берүүчү базалык категорияларды балдардын өзүн катыштырып кыргыз адабиятын окутуунун ык-усулдарын, формаларын, анан аларды жалпылаштырып, “окутуунун автордук методикасын” түзүү жана аны өнүктүрүү ар бир мугалимдин “портфолиосу” үчүн керектигин эсепке алсак, мындай изденүү мындан ары бардык педагогдордун башка жумуштарына жетекчилик кылуусун толук ишке ашырат. Тактап айтканда, адабият мугалими азыркы педагогикалык процесстин талаптарына ылайык өзүнүн аткаруучу иштеринин стратегиясын жана андан сапаттуу натыйжага ээ болуунун тактикасын түзүп, окуучуларга билим берүүнүн профессионалдык чеберчилигин көрсөтүү үчүн предмет боюнча окутууга керектелүүчү календардлык пландан конкреттүү түрдө ар бир сабакка тиешелүү маселелерден баланын реалуу турмушуна керектүү болуп эсептелген компетенцияларын бөлүп, аны кайсы учурда калыптандыруу мүмкүн экендигин өзүнүн жеке байкоолору менен аныктап, анан аны аткаруу системасын түзүү милдетин сезбесе жаңы стандарттын теориялык негиздери жөнүндө кеп кылууга болбойт. Билим дайыма баланын жаш курагы менен өнүгүп турууга тийиш кубулуш болгондуктан, мурда билим берүү бүткүл өлкө боюнча бир шартта жүзөгө ашуусу талап кылынган болсо, азыр ар бир жергиликтүү аймактын билимге

койгон талабына ылайык, б. а. окуучуларда компетенциялардын ырааттуу калыптануусу үчүн мугалим тарабынан берүү жолдору өзгөртүлүп, бирок белгиленген сапат баары бир өз деңгээлин бериши зарылдыгын окуу процессине чагылдырып жатат. Ал билим өзүнүн өнүгүүсүн мектеп окуучуларынын инсан болуп жетилүү этабына манилүү кызмат көрсөтө алган кырдаалда көрүнүүчү иш чаралардын өз биримдикке ээ касиеттерин камтыган чыгармачыл чеберчиликтен куралгандыктан, алардын баарын бириктирүүчү форманы "портфолио" деген түшүнүккө батырып, кыргыз адабияты мугалимдери да аны өзүнүн практикалык иштерине пайдалана баштады.

"Портфолио" учурда социалдык чөйрөгө кеңири тарап бараткан түшүнүк болгондуктан, ага ар бир тармак өз багытына тиешелүү бир катар толуктоолорду киргизүү менен колдонуп, анын маанисин тереңдеткенинен улам биз ага педагогдун кызматына тиешелүү тарабынан мамиле кылууну туура көрдүк. Эгер түшүнүккө ушул багыттан карасак, бирин экинчиси толуктап турган эки жагдайды байкоого болот: 1) портфолио – мугалимдин окуу процессинде аткарган иштерин "толук сактаган" материалдардын жыйындысы, б. а. кесиптик деңгээлин баалоого көрсөтүү үчүн мугалим өзү топтогон маалыматтардан туруп, анын ичинде адистик чеберчилигин, сабакты уюштурууга жана жүргүзүүгө тиешелүү тактикасын, стратегиясын аныктаган документтер; 2) портфолио – мугалимдин мектептеги өздүк папкасы, б. а. анда окуу процессинде аткарган жумуштарынын жетишкендиктерин, профессионалдык кудуретин көрсөтүү жана баалоо үчүн топтолгон маалыматтардын жыйындысы болуп саналат. Мындай өздүк папка азыр ар бир мектепте болуп, ал педагогдун кандай ийгиликтерди жаратып, кайсы багытта иш алып барып жатканын көрсөтүүчү негизги докуметтер болгондуктан, кыргыз адабияты мугалими мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча мына ушундай портфолио түзүп, анда өзү иштелип чыккан же колдонгон ык-усулдарын топтоп, ал тургай кайсы ык-усулдан же окутуу формасынан кандай результаттарды алганын топтоп жүргөнү оң. Анткени мугалимге ар бир өткөн сабагы жакшы көрүнүп, өз учурунда бир катар ийгиликти бергени менен бир убакыт өткөн соң андан кеткен кемчиликтер эгер сабактын иштелмеси сакталган

учурда гана толук ачыкталат. Ошол себептен дайыма изденүүнү каалаган ар бир мугалим мындай портфолиону түзүп, ага өзү жасаган жумуштарын тиркеп жүрүп отурган болсо, ал аткарылган иштердин сапаты эле ачыкталбастан, иштин мазмуну кайсы багытка бара жатканын да жеткиликтүү ачып берет. Портфолиого сакталган жумуштар мугалимге өзүнүн аткарган иштерин жыйноо менен чектелбестен, андан ары кандай иш чараларды түзүү керектигин, ал кандай мазмунда болушун, максаты эмнеге негизделип, кайсы багытта, кандай шартта, мөөнөтү канчалык убакытты талап кылаарынан бери тактап алууга да мүмкүнчүлүк жаратат. Ошол эле мезгилде ал ишмердүүлүктүн кайсы тарабы жетишпей жатканын да ачык көргөзүп, окуучулар алуучу билимди жергиликтүү чөйрө менен байланыштыруу жолдорун издөөгө мугалимди мажбурлайт. Окуучулар алган маалыматтар качан алар колдоно алганда гана компетенцияга айлана турганын мугалим дайыма сезип, өзү окуткан сабакта алган билим кайда керектелиши мүмкүн экендигин балдарга билдирүүгө жетишсе, мындай натыйжаны берген ык-усулдар көздөгөн пайданы педагогикалык коомчулукка да даана көрсөтүп берүүгө жетишет.

Азыркы билим берүүнүн мындай усулдары учурда бардык мектептерде практикаланып, башкалардай эле бул багытта кандай жумуштар аткарылышы натыйжалуу болоору көпчүлүк адабият мугалимдерине белгилүү болгону менен адабият мугалими орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун ык-усулдарын дайыма анализге алуу үчүн системдүү колдонгону туура. Ал канчалык натыйжа бергенин аныктоо үчүн кандай ык-усулдарды колдонбосун биз аны жалпылаштырып, бирин экинчиси толуктап турган төрт багытта – 1) окуу процессинде билип үйрөнгөнүнө; 2) окуучулардын жеке чыгармачыл аракетине; 3) социалдык чөйрөдө аны канчалык колдоно алуусуна; 4) түрдүү коммуникативдик байланыштарда пайдалануусуна баа берүүгө тийишпиз. Ырас, андай компетенцияларды аныктоодо бирдиктүү талап коюу маанилүү, бирок ар бир окуучу кайталангыс экендигин, анын өзүнө тиешелүү дүйнө кабылдоосу бардыгын, ал кандай иш жасабасын биринчи кезекте жан дүйнөсүн ачып, чын ниетинен өзүн кызыктырган көз карашты коомчулуктун алдына көтөрүп чыгууга

жана аны колдоо же коргоо багытына таандык иш чараларды аткарууга жетишүүсү конкреттүү сабакта көрүнсө, анын канчалык өсүшкө ээ болгону портфолиодо сакталат. Ошондой эле азыркы мезгилде ар бир окуучуну субъекти катары таанып, ага сый-урмат менен мамиле кылуу керектигин кыргыз педагогикалык коомчулугу өткөн кылымдын 90-жылдарынан бери катуу талкуулаганын эске алсак, бүгүнкү күндө орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун ык-усулдарын уюштурууда сабактын жүрүшүнөн тартып, балдарга алган баасын угузганга чейинки убакытты туура жана чеберчилик менен пайдалануу маанилүү экенин белгилеп коюуга тийишпиз. Окуучулар менен мугалимдин кызматташуусу дайыма белгилүү бир системада болуп, ал эки тарапка бирдей түшүнүктүү болгон шартта уюштурулса, балдар кандай аракети үчүн эмне баа татыктуу болоору ачык көрүнүп, ошол эле мезгилде өз мүмкүнчүлүгүн кай тарапка жумшаса маанилүү болоорун да айкын сезе алышат. Ал окуучулардын сабакта окуу материалын өздөштүрүүдөн тартып, аны өзүнчө чыгармачылык менен иштеп чыгуу, б. а. өз алдынча эксперименталдык иштерди жасоодон тартып, семинар, тегерек стол, конференция, ж. б. тигил же бул багытта чеберчилигин көрсөтүү жумуштарында өздөштүргөн билимин ачыкка чыгаруу аракетинен даана байкалат. Бул багытта жетишкен көрсөткүчтөрүн кээ бир учурларда баа менен өлчөө мүмкүн эмес болуп калат, ошол себептен улам адабият мугалими орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууда сабактан тышкаркы учурда аткарган ык-усулдарын сапаттуулугуна карай баалоонун башка түрлөрүн (ыраазычылык кат, мактоо баракчасы, ардак грамота, түрдүү төш белги, ж. б.) колдонгону маанилүү болуп саналат. Ырас мындай иштер көпчүлүк мектептерде эле болуп жатканы баарыбызга белгилүү. Бирок көпчүлүк жерде андай иш чаралар системалуу түрдө, адабият мугалими тарабынан дайыма максаттуу жасалбагандыктан, ар бир окуучуга компетенция калыптандырууда кандай кызмат көрсөткөнү, ага кайсы окуучу катышып, ал эми кайсылары четте калганы так белгилүү болбойт. Экинчи жагы, активдүү катышууга аракеттенген окуучулардын кызыгуусу жөндөмгө айланыш үчүн андай иш чаралар дайыма

болуп турушу жана андан алынган натыйжалар мугалимге эле эмес окуучулардын өздөрүнө да айкын сезилсе гана ал кийин бала турмушта колдонуучу көндүмгө өтө турганын эске алсак, орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууда андай ык-усулдардагы жумуштардын аткарылыш формасын, ал аркылуу калыптануучу компетенциялардын мазмунун аныктоо бул багытта сапаттуу иш аткаруу үчүн зарыл болуп саналат.

Адабият мугалими аны өзү каалагандай эркин жүргүзө албайт, ошондуктан биринчи кезекте *окуу программасын жетекчиликке алганы* туура, б. а. орто мектептин 10- 11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууга тиешелүү окутуу формаларын, ык-усулдарды күнүмдүк сабактарда колдонуу менен андан чыккан жыйынтыктарды ийгилик-кемчиликтерине карабастан, топтоп жүрүп отурушу керек. Эгерде мындай формада уюштурулган бир нече сабактан кийин адабият мугалиминде өзүнүн ар бир тема же окуу маериалын балдарга түшүндүрүү боюнча автордук иштелмеси түзүлүп, ал тургай Б.Исаковдукундай жеке өзүнө таандык *автордук программасы жаралуусу* мүмкүн. Азыр Кыргызстанда билим берүү боюнча ар бир аймакка тиешелүү өзгөчөлүктөр пайда болуп калганын эсепке алсак, мындай автордук программаларды кайсы предметтин базасында болбосун колдонуу талапка ылайык келет. Учурда мындай автордук программаларды сунуш кылгандар сейрек болсо да, окуу процессинде айрым бир сабактарга өзүнүн жеке чыгармачыл аракети менен мамиле кылып, зарыл болгон *суроолорду* (1), *текшерүүчү тапшырмаларды* (2), *тесттерди* (3), *план-конспектилерди* (4), *сабактын иштелмесин* (5), окуучулар менен иш алып баруудагы *түрдүү презентацияларды* (6), *методикалык сунуштарды* (7) түзүп, окуу процессине активдүү катышкан кыргыз адабияты мугалимдери өлкө боюнча жетиштүү эле. Мындан тышкары райондук же шаардык методикалык бирикмелерде болгон иш чараларга активдүү катышып, окуучуларга берген билимдин сапаттуу болушуна карай *өзүнүн сунуштарын* (8), ошондой эле башка педагогдор жасаган иш чарага карата *анализин берип* (9), зарыл болгон шартта мультимедиялык методикалык

колдонмолорду *педагогикалык коомчулукка жарыялаганы* (10) да маанилүү ролду ээлейт.

Орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу улуттук көркөм-адабий мурастар аркылуу кыргыздын көркөм-эстетикалык дөөлөттөрүн баалап-түшүнүү, аны кайрадан кийинки урпактарга өткөрүп берүү кызыкчылыгы менен түздөн-түз байланыштуу болгондуктан, аны сабакта аткарылган белгилүү бир ык-усулдардын аракети предметтин алдына коюлган максатты толук канааттандыра албайт. Бул окуучуга керектүү компетенцияны калыптандырууда мектеп колдонулуп жаткан окуу-методикалык иштерден тышкары алар үйрөнгөн билимдин социалдык чөйрөдө результатын көрсөтүүгө жетишүү иштерин да пландаштыруу зарылдыгын көтөрөт. Мындай шартта мугалим сабакта аткарган иштердин мазмуну окуучулардын алган билимин колдонуу, б. а. ар бир бала үйрөнгөнүн социалдык чөйрөдө пайдаланып, өзүн-өзү реализациялоого жетишүүсүн көрсөтүүчү тажрыйба катары алдыңкы сапта туруп, унут болуп бара жаткан адеп-ахлактык касиеттерди, руханий-нравалык чен-өлчөмдөрдү, каада-салт, ырым-жырым, жүрүм-турум жөрөлгөлөрүндөгү элдик дидактиканы сактоо жана жайылтуу үчүн жасалган "*ачык сабактарын*", семинар, конференциялардагы *докладдарын*, ар кыл басылмалардагы жарыяланган публикацияларын толук камтып, ошол эле мезгилде окуучулары жетишкен ийгиликтер (олимпиада, тематикалык конкурс, конференция, түрдүү долбоорлордо, чыгармачыл кечелерде, билимин текшерген рейтингдерде) тастыктап бериши маанилүү болуп саналат. Андан тышкары окуучуларда калыптанган компетенцияны ачыкка чыгаруучу класстан тышкаркы иштер бар экенин да адабият мугалими орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасын иштеп чыгууда эске алышы керек. Ал адабият мугалиминин чыгармачыл аракетине, изденүү ык-усулдарына, коомдук-социалдык керектөөнү камтый алган чеберчилигине жараша чен-өлчөмдөр менен аныкталып, жергиликтүү шартта окуучу сөзсүз билүүгө зарыл болгон көйгөйлөрдү жөнгө салуу максатында аз же көп боло бериши мүмкүн. Бирок биз шаар менен айылдын ортосундагы

айырмачылыктарды жалпылаштырып төмөнкүдөй шарттарда өздөштүргөн билими аркылуу орто мектептин 10-11-класстын окуучулары этнопедагогикалык негизде окутуунун ык-усулдарын сапаттуу көрсөтө алышат деп ойлойбуз. Маселен, кыргыз адабиятынан алган иш-билгисин аныктоочу иш чаралар төмөнкүлөр болуп саналат:

а) маалыматтык технологияларды колдонуу менен социалдык долбоорлорду түзүү жана ар түрдүү вариантта жүзөгө ашыруу (ролик жасоо, флешмоб уюштуруу, акция өткөрүү, ж. б.);

б) элективдүү курстарга, чыгармачыл кружокторго катышуу аркылуу өзүн-өзү реализациялоо (көркөм окуу, роль аткаруу, чыгарма жазуу, ж. б.);

в) предметтик жумалыктарга, олимпиадаларга, конкурстарга катышуу (анын уюштурулушун жетектөө, лидерлик сапатын, чыгармачылык жөндөмдөрүн көрсөтүү, ж. б.);

д) даталуу күндөргө, класстык сааттарга, түрдүү жолугушууларга сценарий түзүү, пресс-релиздерди даярдоо (сценарийдин “автору” болуу, алып баруучулук жөндөмүн көрсөтүү, ыр окуу, ж. б.);

г) экскурсиялык иштерди уюштуруу элдик дидактиканын маселелерин тааныштыруу жана жайылтуу (каада-салтка байкоо жүргүзүү, майрамдарга катышуу, оюн-зоок, кечелерди көрүү жана өткөрүү, ж. б.)

Бул иш чараларды кыргыз адабияты мугалими жалгыз өзү аткара албайт. Жеке өзү аткарган күндө да ал жаңы окуу стандарты койгон талаптарды сапаттуу деңгээлде ишке ашырбайт. Ошондуктан ал кыргыз адабияты сабагы менен түздөн-түз байланышта турган бир нече иш чаралардын окуу жылы ичинде системалуу жүрүшүн уюуштуруу керектигин ачыкка чыгарат. Ошол себептен орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу жаңы билим берүү стандарты койгон талаптарды сапаттуу аткарып, ийгиликке жетүү үчүн окутуунун методикасы бир эле класстагы сабактын жүрүшүнө жоопкер болбостон, ал өлкөдөгү бардык орто мектептин аймактык өзгөчөлүгүн эске алуу менен 10-11-класстын окуучуларына жергиликтүү коомдук-социалдык керектөө канчалык экендигине карап, аны

чечүүдө этнопедагогика кандай иштерди аткаруусу боюнча төмөнкүдөй багыттарда комплекстүү иш чараларды жүргүзүшү маанилүү болуп турганы байкалат:

1) окуу программасындагы окуу материалдарын окуучулардын жергиликтүү социалдык керектөөсүнө ылайыктап, чыгарма көтөргөн маселелерден көркөм-эстетикалык мазмунду, балдар кийин колдонууга зарыл болгон дидактикалык түшүнүктөрдү, каада-салттык эрежелерди, руханий-нравалык касиеттерди, коммуникативдүү байланыш түзүүгө керек сөз жана сүйлөм каражаттарын үйрөнүүгө жол ачуу;

2) шаар жеринде окуучулардын кыргыз адабиятына тиешелүү окуу материалын өздөштүрүү начар, ошол себептен балдарды көркөм чыгарманы окуганга кызыктыруу үчүн окуу программасынын негизинде окутуунун ык-усулдарына карай автордук программаны иштеп чыгуу;

3) ар бир окуучу адабият сабагында алган билимине таянып өзүн-өзү реализациялоого болгон аракетин колдоп, түрдүү темадагы конференцияларга, тегерек столдорго, семинарларга, эксперименттик иштерге катышууга ыңгайлуу шарт түзүү;

4) окуучулардын кыргыз адабиятынан алган билимин пайдаланып, социалдык чөйрө менен кызматташуусунда жетишкен жөндөмдөрүн баалап, мактоо баракчасын, ыраазычылык билдирүү, сертификат, ардак грамотасын уюштуруу;

5) эгер аткарылган компетенция бардык балдар үчүн маанилүү болсо, аны жайылтуу максатында маалымат каражаттарына сунуштоо;

6) кызыккан окуучулардын чыгармачыл аракетин өркүндөтүү багытында кыргыз адабиятына тиешеси бар конкурстарга, олимпиадаларга, конференцияларга катышуусуна көмөк көрсөтүү;

7) көркөм-элестүү ой жүгүртүүсүнө таянып, социалдык роликтерди түзүүгө, долбоорлорду иштеп жазууга, жеке адабий чыгармаларын жаратууга колдоо көрсөтүп, аларды кыргыздын белгилүү акын-жазуучулары менен болгон жолугушуусун уюштуруу;

8) элдик дидактикадан четтеп бара жаткан кыргыздын жаштарына таалим-тарбия берүү, байыртан келе жаткан каада-салттын кадырын баалоо үчүн кечелерди, поэзия жумалыгын, класстык сааттарды өткөрүү;

9) унутулуп бара жаткан элдик интеллектуалдык байлыктарды жайылтуу, сактоо жана коргоо максатында мектепте марафондорду, чыгармачыл декадаларды, улуттук нарк-насилди сактоо маанисиндеги салттык эрежелерди үйрөтүү катарында иштелмелерин түзүү;

10) ошол аймактан чыккан акын-жазуучулар болсо, аларды жакындан таанып-билүү максатында экскурсияларга баруу; ж. б.

Булар кыргыз адабияты боюнча окуучуларга сунушталган окуу программасына кирбейт, бирок инсанга багыттап окутуу концепциясы ар бир окуучуда предметти окуп бүткөндөн кийин белгилүү компетенцияларга ээ болушу керектигин талап кылып жаткан соң кыргыз адабиятын окуп чыкандан кийинки натыйжа улуттук сөз өнөрүндө сакталган асыл дөөлөттөргө, нарктуу адабий туундуларга, улут өзү кадырлаган көркөм-эстетикалык баалуулуктарга өз алдынча баа берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп, кайсы чыгармада кандай идея орун алып, ал ойду окурманга жеткирүү үчүн автор ал идеяга кандай мамиле кылганын ар тараптуу туюнган “окурманды жаратуу” маселесин жетектеп турат. Аны кыргыз адабиятын окутууда салт болуп калган сабакта маалымат берүү усулу аркылуу аткаруу мүмкүн эмес, ошондуктан окутуу методикасын заман талабына ылайыктоо бизге азыркы учурда аба менен суудай эле керек экенин белгилеп коюуга тийишпиз. Ал кандай болушу жөнүндө так иштелип чыккан жол-жобо жок болгондуктан, биз проблеманы адабият сабагы аркылуу маалымат берүүдөн тартып, сабак аяктагандан кийин окуучулар ээ болуучу компетенциялардын социалдык аракеттерде кандай колдоно алышына карап баа берүү боюнча критерийлерди жеке жана жалпы бириктирип кароону туура деп эсептедик. Сабактардын негизи инсанга багыттап окуу концепциясына таянгандыктан, изилдөө жумушу ар бир окуучунун жан дүйнөсүндө болуп жаткан өзгөрүүлөр менен бирге анын адабий чыгарманы кабыл алууда, спецификалык белгилерин таанып-билүүдө, чыгарманын өздүк табиятына жеке көз карашын билдирүүдө, талаш маселеде өз пикирин коргоп, чындыкты

“издеген” шартта автордун оюн түшүнүп далилдөөдө балдардын бири-экинчисине дал келе бербеген дүйнө кабылдоосунун диалектикалык формада жылып бараткaнына дайыма байкоо жүргүзүп туруу үчүн да окуучулардын жеке портфолиосун түзүү зарылдыгын көрсөтөт. Анткени ал майда “техникалык” жумуш катары көрүнгөнү менен балдардын ички кызыгуусу кайда бараткaнын так чагылдырып, мугалимге ар бир бала менен иштешүү үчүн кандай жолдор керектигин ачык-айкын көрсөтүп турат. Кыргыз адабиятын окутуу боюнча жалпы портфолиону түзүү окуу программасында берилген компетенцияларды календарлык план боюнча бөлүштүрүүдө ар бир сабактын көтөрө турган жүгүнө таянып, сөзсүз социалдык чөйрө менен кызматташ болушуна көз каранды экендигине байланыштырып карасак, аны колдонууга зарыл маселелерди да эсепке алуу менен ишти уюштурууну мугалимге жүктөйт. Ошол себептен азыркы учурда орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасын иштеп чыгууда аны класста өтүлгөн сабактар менен чектөө туура эмес. Андай мамиле билим берүүнүн жаңы стандарты талап кылган натыйжаны бербей калат, б. а. иштин жыйынтыгы натыйжага ээ болуш үчүн ар бир окуучунун социалдык чөйрөсүн өздөштүрүү, анда колдонууга зарыл болгон көндүмдөрдү бир нече сабакта кайталап көрсөтүүчү ык-усулдарды ыктуу пайдаланып, анын негизинде вариациялап, андан компетенция калыптандыруунун методикасын түзүү да маанилүү болуп эсептелет. Окуу процесси окуучуларга адабий-эстетикалык түшүнүктөрдү үйрөтүп, бир катар маанилүү маалыматтарды бергени менен ал кайда, кандай шартта, кантип колдонулаарына тиешелүү усулдарды үйрөнүүгө тиешелүү компетенцияны окуучуларга калыптандырбаган соң азыркы жаштар сабактан эмнени окутканын так көрсөтүп бере алышпайт. Ал эми алган маалыматтары бир аз убакыттан кийин эле эстеринен чыгып, качан билими керек болгон учурда компетенттүүлүгүн билдире албай жатканын көп кездештирип жатабыз, ошондуктан сабакта берилген маалыматтарды социалдык байланыштарда окуучулардын тереңдетип өздөштүрүүсүнө кам көрүү максатында класста жана класстан тышкаркы иш чараларды өткөрүүнүн календарлык пландарын иштеп чыгуу талапка туура келет.

Сурамжылоо анкеталарыбызга берген жооптор көрсөткөндөй, орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу концепциясын колдонууга аракет кыла баштаган алгачкы күндөн тарта эле окуучулар сабакта биз күткөн натыйжаны бере койбойт. Эгер мугалим акырындап ийгиликке жетүү үчүн көркөм сөз өнөрүнүн ички табиятына тиешелүү көптөгөн түшүнүктөр менен терминдерди окуучуларга таанышытырып үйрөтүүдөн баштаган маселелерди ар бир сабакка жайгаштырып, улам кийинки сабактардын биринде терендетүү аркылуу адабияттын көркөм-эстетикалык, коомдук-социалдык, адеп-ахлактык, руханий-нравалык жактан аткарган кызматын ар бир окуучу жеке турмушунда пайдалана билүү үйрөтүү да керек болууда. Азыркы мезгилде кыргыз адабияты бардык орто мектептерге окутулуп жатканы менен мындай “турмуштук маселелерди” чечүүдө адабияттын, ошондой эле адабий чыгармачылыктын орду солгундап барат. Эмне себептен ушундай кырдаал болуп жатканын билүү максатында орто мектептин жогорку класстарынын окуучулары менен маектешүү өткөргөнүбүздө алар түрдүү коомдук-социалдык турмушка катышып, кызыктуу көркөм-адабий чыгармаларды жазууга дилгир экендиктерин, бирок кандай жолдор менен ишке ашырууну билбей кыйналаарын көп белгилешкен. Ал эми окуучулар кыргыз адабиятынан билгиси келген проблемаларды типтештирип караганда ал төмөнкүлөр болуп эсептелет: 1) кандай чыгарма болбосун кокусунан жаралбастыгы белгилүү, ошондуктан лирикалык, эпикалык жана драмалык түрдөгү жанрдын жаралыш себептери ачылса; 2) кандай чыгарманы болбосун талдоо учурунда анын аныктамасы жашоо түшүнүктөрүн кошо камтыса; 3) конкреттүү лирикалык, эпикалык жана драмалык чыгармалардын жаралышы аркылуу чечмеленсе; чыгарманы ал жаралган белгилүү бир тарыхый доор менен байланыштырган талдоо жумуштары уюштурулса; 4) адабий чыгарманы таанымта турган илимдин өзгөчөлүктөрү турмуштук кызыкчылыктар менен бирге каралса; 5) кыргыз адабияты окуткан ар бир чыгарманын идеясын, темасын таануу элдин жашоо-турмушу менен бирге каралып, калыптануу жолдору окуучунун инсандык керектөөсүнө байланыштырылса; 6) ал жанрдагы чыгармаларды таанып-билбесе, турмушуна керек кандай “методдордон” кемчил болоору алдын-

ала түшүндүрүлсө; 7) ар бир чыгарманы таануу менен көркөм-эстетикалык табитти калыптандыруу жолдору жана этаптары так жана ынанымдуу көрсөтүлсө; 8) окууга сунушталган жанрга таянып, ошол сыяктуу же вариациялап жазуунун жолдору үйрөтүлсө; 9) акын же жазуучулар менен жолугушуу өткөрүлүп, көркөм чыгарманын жазылышы менен жакындан тааныштырылса; 10) филологиялык жана башка илимдер тармагынын адабий чыгарманы талдап үйрөнүүгө карата пикир түзүү жолдору ачык берилсе; 11) кыргыздын өзүнө таандык салттуу адабий жанрларга жана сырттан "көчүрүлүп" келген жанрлардын ортосундагы айырмачылыктар менен окшоштуктарды салыштыруу менен көркөм-эстетикалык проблемалар аныктаса; 12) салттуу жанрлардын өзгөрүшүнүн себептери, ага карата кыргыздардын көз караштары айкындалса; 13) кыргыз адабиятынын руханий өзгөчөлүгү, анда "катылган" сыйкырдуу касиеттер, чыгармачыл адамдардын феноменалдуулугу кыргыз эл турмушу менен далилденсе; 14) адабий чыгармадагы көркөм сөзз каражаттары орду жана ролу негизги эпизоддордун кыскача мазмуну аркылуу жеткирилсе; 15) кээ бир термин, түшүнүктөрдүн аталыштары, түшүндүрмөлөрү ар бир сабакта чечмеленип, терминологиялык сөздүк менен иштөө жолдорунун системасы иштелип чыкса; ж. б.

Мындай сунуштар жалпы республикалык масштабда каралгандыктан, окуучулардын көпчүлүгү адабий чыгармаларды эмне себептен окубай турганын туура негиздеп бере албай, болгону көркөм сөз өнөрүнөн алыс экенин билдиришкени менен ар кандай теле сериалдарды кызыгып көрө турганын жашырышкан эмес. Эмне үчүн андай фильмдерге көп убакыт коротушканын сураганда алар бул фильмдер менен турмушту таанып-билүүгө мүмкүн экендигине басым жасашкан. Ал эми адабий чыгармалардын турмушту таанытууга ролу канчалык экендигине келгенде мектеп окуучуларынын 61,8 пайызы мисал келтире албай коюшту. Мунун өзү кыргыз адабияты боюнча окуу программасына кирген чыгармаларды окутууда сабактын жүрүшү баланын турмушу менен байланышпаган шартта өткөндүктөн, адабий чыгармада баяндалган кыргыздын жашоосун жан дүйнөсүнөн өткөрүп, ага таасирленүү, автордун дүйнө кабылдоосун ар бир окуучу өз алдынча вариациялап, аны түрдүү

анализден баалап, образдуулуктун “чексиз аракетинде” элестетип, болочокто кездешчү негизги проблемаларды кепке алып, биргелешип талкуулап, элдин руханий байлыктарынын типтерине, кыргыз улут катары өзү аныктаган адам феноменине өзгөчө маани берип, окуучулардын жан дүйнөсүнө сиңирүү керектигин ачыкка чыгарды.

Бул орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасын түзүүдө педагогика илиминде аныкталган изилдөөнүн бардык методдору пайдаланылды. Тактап айтканда изилдөө ишибиз өз максатына толук жетүү үчүн теориялык методдорду системалуу түрдө колдонуп, кыргыз элинде тээ байыркы кылымдардан бери эле балага билим жана тарбия берүүдө натыйжа көрсөткөн иштерди максатка жетүүнүн жолдору катары кыргыз адабиятын окутуунун методикасына кошуу зарылдыгы турганын эскерте кетели. Анткени проблеманы үйрөнүү адабий чыгармаларды окутууда колдонулуп келген изилдөөнүн методдорун азыркы абал менен байланыштырып, педагогикалык ачып берүүнүн жолу, б. а.. изилдөөнүн кеңири тараган жалпы теориялык методдору – таанып билүүнүн ыгы, жолу, каражаттары катары аныкталган - илимий адабияттарды (булактарды) өдөштүрүү жана кырдаалга ылайыктап баалап-түшүнүү, мектепте буга чейин болуп келген педагогикалык тажрыйбаларды үйрөнүү, өз ара салыштырып талдоо аркылуу бир бүтүн методиканы түзүү жана аны кайрадан практикикалык иштерге сунуштоо маселеси менен түздөн-түз байланыштуу болуп саналат. Ырас мындай иштер турган жеринен эле ишке аша койбойт, ошондуктан орто мектептин 10- 11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча методикалык иштелмелерди түзүүдө баарыга белгилүү педагогикалык изилдөөлөрдүн эмпирикалык методдорунан баштоо талапка туура келет. Биз орто мектепте кыргыз адабиятын окутуунун жалпы абалын байкоо максатында алгач окуучулар, мугалимдер жана ата-энелер менен аңгемелешүү өткөрүп, анан өзүбүздү кызыктырган маселелер боюнча анкета жүргүзүп, ал аркылуу орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча деңгээл кандай экендигин тактап, ар бир класстын жергиликтүү аймакка жараша элдик дидактиканы билүү,

өздөштүрүү мүмкүнчүлүктөрүн салыштырып көрүп, көркөм чыгармаларды үйрөнүүсүн ар бир класстын, андан соң мектептин базасында канчалык экенин пайыздык көрсөткүчтө аныктап, педагогикалык тажрыйба жүргүзүүгө даярдык көрдүк. Ар бир мектепте буга чейин болуп келген иштерди байкоо менен окуучулардын адабий чыгарманы үйрөнүү ишмердүүлүктөрүн салыштырып, андан жалпы жана предметтик деңгээлине талдоо жүргүзүп, мугалимдердин методикалык иштеринин индивидуалдуу өзгөчөлүктөрүнө байкоо салып, эксперименттик иштердин максатын аныктап, ал эми милдеттерин ар бир орто мектептин окуучуларына “жетишпеген” компетенцияларды калыптандырууга ылайыктап, өтүлүп жаткан сабактарга методикалык иштелмелерди түздүк.

Ал бир методикалык иштелме сабакта колдонулгандан кийин окуучуларга темаларды канчалык деңгээлде өздөштүргөнүн билүү максатында жыйынтыктарын текшерүүчү бир катар анкеталарды таркатып, мугалимдердин кыргыз адабиятын окутуу боюнча мурдагы тажрыйбалары менен орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча биз сунуштаган методиканын өзгөчөлүгүнө байкоо жүргүзүү менен салыштыруу иштерин тактадык. Окуучулар бардык учурда эле анкеталык суроолорго ынанымдуу жооп бербегендиктен, алардын адабий чыгармаларга кызыгууларынан тартып, алган билимдерин кайда, кантип колдоно алуусуна чейинки тактоо иштерин өткөрүп, ага ата-энелерин, социалдык коомчулукту катыштыруу аркылуу ар бир окуучунун элдик дидактиканы кандай түшүнгөнүн, анын негизинде конкреттүү чыгармага көркөм-эстетикалык жактан баа берүү мүмкүнчүлүгүн изилдөө иштерин ошол темада сабак берген мугалимдерди катыштырып, биз тарабынан сунуш кылынган методиканы талдоо жумуштарын системалуу түрдө өткөрүп турдук. Канчалык өсүш же катачылыктар кеткенин билүү максатында дайыма өтүлгөн сабактын методикасын мугалимдин портфолисуна жыйнап, ар бир чейректен соң кыргыз тили жана адабияты мугалимдеринин мектептеги методикалык кеңешмесинде, райондук бирикмесинде, жергиликтүү окуу-методикалык кеңеште, мугалимдердин билимин жогорулатуу үчүн уюштурулган жыйындарда жана конференцияларда педагогикалык коомчулуктун алдына коюлду.

Өлкө боюнча орто мектепте сырттан келген инновациялык түшүнүктөрдү кабыл алуу аракети күч болуп, мындай көрүнүш инерцияга айланып бара жаткандыктан, өзгөчө мектептин жетекчилерине этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча биздин сунуштарыбыз жакпаган учурлар көп кездешти. Мындай кырдаал Бишкек шаарындагы орто мектептерде болгонун баса белгилей кетели. Аңгемелешүү учурунда шаардык ата-энелер өз балдары кыргыздын көркөм-адабий мурастарын жакшы билип, улуттук каада-салтты түшүнгөн уул-кыздардан болуп чоңоюшуна тилектеш экендигин толук билдирсе да, өз баласын ошол деңгээлге кандай жолдор менен жеткирүү мүмкүн экендигине так жооп бере алган эмес. Ошондой эле аңгемелешүүдө баласы “замандан артта калбай” эл катарында жүрө беришe басым жасаган ата-энелер да болду. Ал эми айыл жериндеги ата-энелердин дээрлик баары уул-кыздары “сөзгө түшүнгөн”, “сөз кадырлаган”, убадага бекем”, “айткан сөзүн кармай билген” адам болушуна басым жасагандыктан, 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча сунушталган методикалык иштерибиз колдоого алынып, мектептин жалпы педагогикалык жамааты да, 10-11-класстын окуучулары да кызыгуу менен түрдүү эксперименттик иштерибизге катышып берди. Мындай кырдаалга өзгөчө маани берип жатканыбызга себеп жаңы окуу стандарты билимдин натыйжасын окуучулар мектепте үйрөнүп чыккан компетенцияларга карай өлчөп жаткандыктан, буга чейин белгилүү болгондой окутуунун негизги багыттары ар түрдүү формада окуучуларга адабий түшүнүктөрдү билдирүү максатынан тышкары аны кайда жана кантип колдонуусуна тиешелүү маселелерди чечүү да орто мектепте окутулган дисциплинага “жүктөлө турганын” эсепке алсак, кыргыз адабияты боюнча билим берүү инсанга багыттап, окуучунун социалдык керектөөсүн канааттандыруу ар бир баланын жергиликтүү кызыкчылыгы менен эсептешүү керектигин сабактын методикасына милдеттендирет. Буга чейин сабактын максатына жетишүү окуучуларга кызыктуу болуп, анда өтүлгөн темага бардык окуучулардын активдүү катышуусу, тартынбай жооп берүүсү, кээ бир учурда кызыктуу суроолорду берип, көркөм чыгарма жөнүндө кеңири маалымат алганы үчүн жакшы баа коюлуп келген болсо, азыркы сабактын мазмуну ошол сабак аркылуу

окуучулар ээ болуучу компетенция аркылуу өлчөнгөндүктөн, орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча түзүлгөн методиканын нугу, окутуучу багыты, көздөгөн натыйжасы, берген жыйынтыгы мурдагы иш чаралардан кескин айырмаланып тураары бышык. Бирок биз эксперименттик иштерди уюштурууда жана жүргүзүүдө проблеманын жеңил, ошондой эле туура чечилишине карап, орто мектептин 10- 11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча сабактардын методикасын иштеп чыгууда ишти **үч багытта жүргүзүүнү** туура деп таптык:

1) орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасы боюнча иш чараларды түзүүдө жана ишке ашырууда окутуунун салттуу ык-усулдарын, формаларын колдонуу;

2) орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасы боюнча иш чараларды түзүүдө аны сапаттуу деңгээлге жеткирүү үчүн окутуунун инновациялык ык-усулдарын, формаларын пайдалануу;

3) орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасы боюнча иш чараларды түзүүдө балага компетенцияларды калыптандыруу үчүн мектеп менен социалдык чөйрөнүн кызматташуусун камсыздоочу элдик дидактиканын ык-усулдарын, формаларын сабактын мазмунуна жайгаштыруу.

Окуу процессине жаңы стандарт сунушталып, ал өзүнө тиешелүү бир катар талаптарды койгону менен мурда окутулуп келе жаткан сабактар ошол эле мазмунун сактап, предметтик компетенциялардын негизги бмр багыты катары көркөм-адабий чыгармачылык боюнча маалымат берүүнү сактап калгандыктан, буга чейин колдонулуп келген салттуу окутуу формалары, аларга таянган методика мындай иштерди аткарууда жогорку деңгээлдеги план-конспектилерди окуу процессине сунуштап, далай электен өткөн окутуунун методикасында балдарга адабияттан маалымат берүүнү сапаттуу уюштуруу зарыл маселелердин бири бойдон турат. Азыр канчалык аракеттенбейли баары бир адабиятка

тиешелүү маалымат берүү жумуштарын азыркы мезгилде салттуу сабактардын деңгээлинде эч бир инновациялык сабактар аткара албайт. Бул багыттагы жумуштар өз учурунда сапаттуу жолго коюлушу үчүн мурда иштелген салттуу сабактардын талапка туура келе тургандарын колдонуу, аны инсанга багыттап окутуунун кызыкчылыктарына ыңгайлаштыруу менен пайдалануу маселени натыйжалуу чечкенге жардам берет. Ошондуктан буга чейин иштелип чыккан окутуунун салттуу методдорунан баш тартууга болбойт. Бирок азыркы учурда талап башка болгондуктан, бардык үлгүдөгү салттуу окутуу методикасын пайдаланып, натыйжага ээ болууну көздөө адабият мугалимине ийгилик алып келбейт, ошол себептен орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасы боюнча иш чараларды түзүүдө балдардын социалдык керектөөсүн эске алуу менен аны салттуу сабактар канчалык деңгээлде канааттандырышы мүмкүн экендигин дыкат анализдеп, анан барып сабакта колдонуучу ык-усулдарды, мурда иштелген сабактын формаларын, ал тургай белгилүү бир теманы окутуу үчүн практикадан өткөн илимий-методикалык изилдөөлөрдү пайдалануу зарылдыгы турат.

Көздөгөн жыйынтык окуучуларга керектүү компетенцияларды калыптандыруу болгондуктан, адабиятты окутуунун салттуу методдору биринчиси кезекте азыркы абалда окуучуларга маалымат берүүнү сапаттуу ишке ашыруу менен көркөм чыгарманын ички табиятын, жанрдык белгилерин, сюжеттик курамын, идеясын жана тематикасын, идеялык мазмунун, көтөргөн проблемасын, образдуулугун аңдаштырууга тикелей көмөк көрсөтүүчү белгилери жетиштүү камсыздоочу жагдайга артыкчылык берет. Экинчи жагы, салттуу сабактар окуучулардын адабий чыгармаларды окууга болгон кызыгуулары кантип арттыруунун жолдорун бир нече жылдар бою изилдеп чыккандыктан, ошондой эле андай методикада көркөм чыгармага баа берүү тууралуу ык-усулдар практикада далай ирет талкууланып, далай педагогдор аны өз сабактарында колдонуп көрүү менен пикирлерин билдиришип толуктаганын биз орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасы боюнча иш чараларды түзүүдө эске алышыбыз керек. Ырас андай салттуу методиканы даяр түрүндө,

жергиликтүү кырдаалды аңдаштырбай туруп колдонууга мүмкүн эмес болгондой эле балдарга сапаттуу билим берүүгө татыктуу кызмат көрсөтүүгө мүмкүнчүлүгү бар ык-усул, формаларды пайдалануу иштерин чектөө талапка ылайык келбейт. Болбосо кээ бир мектептердеги кыргыз адабияты боюнча жүргүзүлгөн сабактар көрсөткөндөй баарын сырттан келген “инновациялык” сабактардын үлгүсүнө өткөрүү “маанилүү компанияга” айланып барат.

Доор алмашып, коомдук түзүлүш жаңыланганга жараша бардык жерде сырттан көптөгөн түшүнүктөрдү алып, аларды зарылдыгына карап, коомдук-социалдык чөйрөдө колдонуу аракети күч алып баратканын эскербей коюуга болбойт. Башка өлкөлөрдө практикадан өтүп, ал жактагы коомдук түзүлүшкө, социалдык жаңылануунга маанилүү кызмат көрсөткөн окутуунун ык-усулдарын, ар кандай формаларын даяр түрүндө “көчүрүп келүү” бардык мамлекеттер үчүн традицияга айлангандыктан, билим берүүнүн сапатын көтөрүүчү окутуунун инновациялык формаларын, ал тургай методикасын даяр түрүндө кабыл алуу менен адабий билим берүүнүн натыйжасын жогорулатуу орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасы боюнча иш чараларды түзүүгө керек болуп саналат. Кыргызстанда орто билим берүүнү сапаттык жактан көтөрүү максатында кабыл алынган жаңы предметтик стандарттын өзөгү да өнүккөн өлкөлөрдөн келгенин эске алсак, андай даяр инновациялык методиканы кыргыз адабияты сабактарына пайдалануу шартка ылайык келет. Тажрыйбалык иштер көрсөткөндөй, окутуунун инновациялык ык-усулдарын аңдаштырбай колдонуу аракеттери кыргыз мектептеринде күн өткөн сайын күч алып бара жатканы менен андан эмне натыйжа болуп, кандай жыйынтык чыккандыгына кызыккан мектеп жетекчилери аз экендиги байкалат. Бул багытта иштерди ишке ашыруудан алынган результаттар педагогикалык жамаат тарабынан талкууга алынып, ар бир сырттан келген окуу-методикалык иштерди талдоо менен жыйынтыктары педагогикалык коомчулукка жарыяланып турса, аларды окуу процессинде кандай ишке, кандай шартта колдонууга боло турганы аныкталмак. Бирок учурда мектептер ортосунда педагогикалык байланыштын жетишсиздигинен улам мындай иштерге баа берүү менен усулдук жумуштарды үйрөнүү, мектеп

мугалимдеринин арасында тажрыйба алмашуу иштери солгундап кеткендиктен, окутуунун инновациялык усулдары, анын сабакта балдардын билимин өркүндөтүүгө кылган кызматы, кандай иш чаралар менен коштолсо, ийгилик жаратып, билим сапатын жогорулата алганы өлкө боюнча такталбай турат.

Кыргызстанда мамлекеттик деңгээлде сырттан келген жаңы түшүнүктөрдүн кайсынысы бизге туура келиши мүмкүн экендиги жөнүндө илимий-практикалык багытта баа берүү жумуштары өз кезеги менен өтүп, педагогиканын түрдүү маселелерин изилдеген илимпоздор жана аны сабак аркылуу сындан өткөргөн практик-мугалимдер тарабынан пландуу түрдө талкууланбагандыктан, чет элдик окутуу усулдары өтө керектүү методика катарында жайылып барат. Жакшы жагы, өлкө боюнча бардык орто мектептер өз алдынча изденип жатканын көргөзсө, жаман жагы, андан билим алып жаткан окуучулар кандай пайда көрүп жатканы көптөгөн мектептерде белгисиз бойдон турат. Өз бетинче ар кандай ык-усулдарды уюштурууга мектептердин баарына эркиндик берилгени менен анын артында билим берүүнүн сапатын көтөрүү иштери тургандыктан, ар бир пландаштырылган иш чаранын артында окуучуларга компетенция калыптандыра алган билимдин өзөгү турушу зарыл экенин мамлекеттик окуу жай эсинен чыгарбашы керек.

Кыргызстан эгемендүү мамлекет болгон соң анын келечеги үчүн кам көрүү менен жаштарга билим жана тарбия берүү ар бир мектептин миссиясында турган саясий мааниси бар иш чара экендигин эсепке алсак, орто мектепте окутулган предметтердин базасында окуучуларга калыптануучу билим кыргыз элинин байыртан келе жаткан гумандуу түшүнүктөрүн, меймандос каада-салтын, адеп-ахлактык билимин, руханий-моралдык касиеттерин, рухий көркөм дөөлөттөрүн, адабий-эстетикалык мурастарын жан дүйнөсүнө сиңирип, өзү жашаган социалдык чөйрөдө андай түшүнүктөрдү колдоно алуусуна шарт түзгөн деңгээлде ишке ашырчу реалдуу турмуштук чындык гана ага өз баасын бере алат. Чет элдик билим берүү системасын даяр түрүндө кабыл алганыбыз менен инновациялык окутуу методикасынын кыргыз турмушу менен байланышкан багытта кандай ийгиликтерди берип жатканы бир дагы жерде так маалыматтар менен ишенимдүү көрсөтүлө электигин эсепке ал алсак, бул боюнча бир катар

изилдөө иштерин жүргүзүү керектиги ачыкталат. Бирок өлкөдөгү азыркы абалга байкоо салган кимдин болбосун көзүнө улам кийинки муун ата-бабалары калтырып кеткен адабий-көркөм мурастардан, аны реалдуу турмушта колдоно билүү жөрөлгөсүнө улам алыстап баратканы даана көрүнөт. Ошондуктан орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасы боюнча иш чараларга сырттан келген инновациялык окутуу методикасын колдонуудан мурда андай ык-усулдардын билим берүүчүлүк жагдайына терең талдоо жүргүзүү жана андан алынган натыйжа менен ар бир окуучу өзүнүн социалдык чөйрөсүнө канчалык таасир берип, колдоно алуусуна карай баалоо менен мамиле кылуу зарылдыгы турат. Ушул маселе боюнча мугалимдердин көз карашын билүү максатында анкеталык суроолорду таркатканыбызда орто мектептин кыргыз тили жана адабияты мугалимдери инновациялык окутуу методикасын дайыма үйрөнүүгө кызыкчылык менен мамиле кылышып, көбүнчө даяр түрүндө колдонууга аракет кылышаарын 79,3 пайызы белгилешсе, 12,8 пайызы гана пайдаланаардан мурда кыргыз эли үчүн канчалык пайда берээрин байкап көрөөрүн билдиришкен. Ал эми калганы (7,9 пайызы) мектеп жетекчилери талап кылган шартта гана инновациялык окутуу методикаларын пайдаланаарын, болбосо салттуу окутуу методикасы менен иш алып баруу ыңгайлуу экенин анкетага берген жоопторунда жазышкан.

Кыргыз адабияты сабагынан алынчу натыйжа боюнча эксперимент өткөргөн бардык мектептердин мугалимдери менен пикирлешкенибизде окуучулардын алган билимдери өтүлгөн сабакта өздөштүргөн маалыматтар менен чектеле тургандыгына байланышкан жыйынтык ойлорун билдириши көпчүлүк мектептерде окуучулардын инсандыгына багыттап билим берүү компетенттүүлүккө негизделиши керектиги жөнүндө түшүнүктөр жетишсиз экендиги туюндурду. Ал эми кыргыз адабияты сабагы окуучуларга кандай компетенцияларды калыптандыруусу маанилүү экендиги жөнүндө берилген суроолорго мугалимдердин 43,7 пайызы тилдик компетенцияларга - кыргыз тилинин абдан бай тил экендигин, б. а. сөздүн маанисин таанып билише тургандыгын белгилешсе, кептик компетенцияларга - эркин сүйлөгөнүн, б. а.

өзүнүн кебине байкоо жүргүзүп, эне тилинде так, туура жана таза сүйлөө менен сылык-сыпаа кебин уюштурууга болгон жөндөмдөрүнө токтолушкан. 21,4 пайызы буга кошумча катары таанып-билүүчүлүк компетенцияларга - улуттук маданияттын өз ара байланышын түшүнкөнүн, кыргыз элинин салттуу турмушун баалай турганын, кыргыз сөздөрүнүн маанилерин изилдеп үйрөнүшөөрүн кошо кетишкен. Ал эми калган мугалимдерде (34,9 пайыз) кыргыз адабияты сабактарында кандай билим берүү сапаттуу болушу мүмкүн экендиги жөнүндө так, аныкталган көз караш жоктугу азыркы орто мектептерде окуу-методикалык бирикмелер анча маанилүү иштерди аткарбай жатканын көрсөтөт.

Өлкө боюнча орто мектептердеги билим берүүнү окуучулардын социалдык кызыкчылыгы менен айкалыштырууга өткөрүү бир катар татаал маселелер менен байланыштуу чечиле турганын эсепке алып, орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасы боюнча иш чараларды түзүүдө кыргыз эли пайдаланып келген айрым ык-усулдарды "даяр түрүндө" колдонуу талапка ылайык келет деп ойлойбуз. Алардын айрымдарын белгилей кетсек, "жай баарлашуу", "ийри отуруп, түз кеңешүү", "сөзгө конок берүү", "акыл калчап, иш кылуу", "жети өлчөп, бир кесүү", "ток этээрин айтуу", "кулагыңа күмүш сырга", ж. б. ык-усулдар менен сабакта маселени туура көтөрүү (1), ойду ынанымдуу түшүндүрүү (2), көйгөйдү жетиштүү талкуулоо (3), анда айтылган проблеманы максатына жеткирүү үчүн акылдашуу (4), ар бири жеке пикирин билдирүү (5), сунушун кошуу (6), ойду толуктоо (7), жыйынтык чыгаруу (8), аныктама берүү (9) сыяктуу маселелерди чечсе болот. Кыргыз эли тээ байыртан бери эле уул-кыздарына замандын талабына туура келүүчү билим жана таалим-тарбия берпп келгендиктен, буга чейин жетишүү кызмат көрсөткөн андай ык-усулдар бүгүнкү күндүн талабында турган коомдук-социалдык зарылдыкты сапаттуу аткарууга жөндөмдүү экендигин эске алуу менен аларды азыркы педагогиканын теориялык деңгээлинде иштеп чыгуу кыргыз коомчулугун элдин илгертен сакталып келген дидактикалык эрежелери кайрадан жандандырууга жагымдуу шарт түзөт. Антпесек улам жыл өткөн сайын билим берүү батыш өлкөлөрүнө ыктап, алардан даяр концепцияларды көчүрүп келүүнүн натыйжасында мектепте таалим-тарбия

берүү нравалык нормалардан чыгып бaратат. Мектеп турмушу жаңыга багыт алган болуп, сырттан келген түшүнүктөрдү окуучуларга сиңирүүгө бардык мүмкүнчүлүгүн жумшап жатканы менен ошол эле окуучулардын социалдык-турмуштук керектөөсү, инсандык кызыкчылыгы күнүмдүк пендечиликтин чегинен алыстап кетпей, тээ ата-бабасы колдонуп келген каада-салттардын чегинде, ырым-жырым, жөрөлгөлөрдүн алкагында болуп, алака-катыш урук-тууган, эл-журттун жакшылык-жамандыгы менен өлчөнүп, орто мектептеги билимдин логикасы менен окуучулардагы жарандык муктаждыктын ортосундагы келишпестикти жаратууда. Мындай маселелерди жөнгө салууга өз учурунда кам көрүлбөгөндүктөн, кыргыз адабияты кылымдап аткарып келген жаштарга “турмуштук” билим жана тарбия берүүнүн ордун ислам дини колуна алды. Маселен кыргыздын адабий чыгармаларында сакталып келген адеп-ахлактык эрежелерди, руханий-нравалык түшүнүктөрдү орто мектеп окуучулардын жашоо-турмушуна ылайыктап берүүнү сапаттуу аткара албагандыктан, адабий чыгармалардын идеялык мазмунунда “жашаган” элдин рухий көрөңгөсүн балдар өз деңгээлинде окуп биле албай жатат. Ошондуктан орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасы боюнча иш чараларды түзүүдө адабий чыгармалардын көркөм-эстетикалык жактан берчү түшүнүктөрүнө, жаштарды турмушка тарбиялоодогу негиз болуучу үлгү бөлүктөрүнө токтолуп, андан ар бир окуучу кандай компетенция алышы мүмкүн экендигин уул же кыз баланын пендечилигине керектүү белгилерине карай аныктап, турмуштун өзү койгон “суроолорго” жооп табуу аракети менен билим берүүчү белгилерин топтоштуруп, ошолордун социалдык позицияда аткарчу кызматын чечүү зарылдыгы адабият мугалиминин алдына коюлат. Мындай маселелерди сапаттуу аткаруу үчүн биз орто мектептин мугалимдерине 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасы боюнча иш чараларды түзүүдө уул-кыздардын жергиликтүү кызыкчылыктарын эске алуу менен алардын баары мектепти аяктагандан кийин кыргыздын руханий дөөлөттөрүн сактоого жана өзүнөн кийинки муунга колдонууга өткөрүп берүү жоопкерчилигине ээ экендигин

түшүндүрүү аркылуу “Манас” эпосу баштаган классикалык чыгармалар боюнча маалыматка эгедер болуша тиешелүү вазыйпанын жол-жобосун өз алдынча иштеп чыгууну сунуш кылабыз. Бул ар бир адабият мугалиминин автордугунда аткарылыш иштин сапатын жогорулатат. Анткени ошол мектептеги окуучуларга кандай компетенция жетишпей турганын анда эмгектенген мугалимдер гана билет. Бирок биз орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасына тиешелүү иш чараларды түзүү боюнча өзүбүздүн жеке календарлык планыбызды иштеп чыгып (№ 2-тиркеме), аны Бишкек, Талас, Каракол шаарларындагы, Талас, Нарын, Ысык-Көл областтарындагы бир катар мектептерге эксперименттен өткөрүү максатында сунуштап, изилдөөнүн эксперименталдык методдорун бир нече баскычта окуу процессинде текшерүүдөн өткөрдүк.

## 3. 2. Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутууну өркүндөтүү жолдору

Ар бир доордун талабына жараша жаш муундарга билим жана тарбия берүү бардык заманда кандай болуп келсе, мындан ары да дал ошондой шартта улана берет. Өзүнөн кийинки муунду замандын ири жетишкендиги менен куралдандырып, башка элдерге көз каранды, кор болбой жашоо кечирүүсүн камсыздоо иштери бардык мезгилде педагогика илимине жүктөлүп, ал кырдаалга жараша коомдун мындай кызыкчылыгын сапаттуу аткарууну өз милдети катары таанып келген шартта урпактарга үлгү болуучу дидактикалык маселелерди тактоо менен көтөрүп чыгуу маселеси да ушул илимдин тикелей катышуусу менен аткарылат. Ансыз коомдун өнүгүүсү мүмкүн эместигин келечегине сергек караган ар бир пенде түшүнөт. Ырас, бул багытта түзүлгөн көйгөйдү аныктоо, аны чечүү жолдорун тактоо, кайсы тарап туура экенин, кандай саясат эл-журттун алдына коюлган проблеманы жөндөө үчүн маанилүү болоорун ар бир адис өз пикири аркылуу далилдөө камын көрүп, андан соң белгилүү бир жыйынтык чыгарып келишкен болсо, учурда кыргыз педагогикасында ушундай абал түзүлүп жатат. Кыргыз коомчулугу демократиялык түзүлүштү кабыл алгандан бери өнүккөн өлкөлөрдө ийгиликке жеткен бардык нерсени даяр түрүндө кыргыз

жергесине «көчүрүп» келүү аракетин көрүшүп, тез арада эле негизги позиция боюнча сапаттуу көрсөткүчтү камсыздоого умтулууда. Чейрек кылымдан ашкан убакытты ичине алган мындай тенденция кыргыз коомчулугуна өз таасирин тийгизип, кээ бир жагдайда жакшы көрсөткүчтөрдү берсе, айрым багыттар боюнча тез арада проблемага анализ берүү менен көз караштарды тактоо керектигин айкындаган абалды жаратууда. Мындай көрүнүш орто мектептердеги билим берүүдөн даана байкалып, улам кийинки муун ата-бабасы калтырып кеткен руханий мурастарды таанып-билүүдөн алыстап баратканы кимге болбосун сезилет. Чынында орто мектептин окуучуларынын арасында түзүлгөн мындай абалга кийинки муундун өкүлдөрүн күнөөлөө туура эмес, аны өз учурунда байкабай өткөрүп жиберген мамлекеттик иштеги мүчүлүштүк катары карап, өзүнүн социалдык чөйрөсүнөн жашоосун бөлүп бара жаткан улан кыздарды кайрадан кыргыз коомчулугуна кайтарып келүү зарылдыгы турат. Муну педагогикалык коомчулук ар бир окуу жайда аккредитациядан өткөрө баштаган маалда аңдаштырып отурабыз.

Азыркы учурда кандай билим болбосун окуучулардын инсандык табиятын өзү жашаган коомчулук менен кызматташуусуна толук жана жеткиликтүү болгон шартта ачыла турган жөндөмдүүлүк гана болушу мүмкүн экендигин жаңы кабыл алынган билим берүү стандарты ачыктады. Анда берилген түшүнүктөр боюнча «билим» аны окуган же өздөштүргөн инсандын белгилүү бир керектөөсүн канааттандырып туруучу көндүмдү компетенция катары аныктаган болсо, ал өзүнүн мазмунунда эгемен болуу, көз карандысыз жашоо, башкалардын таасиринде болбой, эркин жана креативдүү чыгармачыл ойлонуучу жарандын өзүн жаратуу маанисинде окуу процессинде аткарылуучу окутуп-үйрөтүү жумуштарын сапаттуу ишке ашыруу идея үчүн күрөшүү аккредитация [стандарт 1.2.1.] аркылуу аныкталды. Мурда мындай маселени уюштуруу жолдорун мамлекет өз мойнуна алган болсо, жаңы кабыл алынган билим берүү стандарты ар бир инсандын керектөөсүн эске алуу менен окуу жай өзү изденүүгө бардык шартты мыйзам чегинде түзүп берди. Анын кандай концептуалдуу өзгөчөлүгү бар экенин баамдай бербеген орто мектептердин көпчүлүгү «Кыргыз Республикасы» атын алып жүргөн улуттун алдындагы жоопкерчилигин эске

албай, б. а. кыргыз адабияты аркылуу билим жана тарбия берүүнүн ролун этибар албай баратат. Ошол себептен орус жана аралаш мектептерде негизги колдонуучу тил орус тили болуп, кыргыз тили менен адабиятына таптакыр көңүл бурулбай жатса, кыргыз мектептеринде элдик дидактиканы жетекчиликке алуу идеясы кескин начарлады. Башка улуттардан айырмаланып кыргыз эли негизги билим жана тарбия берүү ишмердүүлүгүн толук бойдон көркөм-адабий туундуларга жүктөп, анда айтылган идеялык мазмунду чечмелеп түшүндүрүү аркылуу элдик педагогиканын баалуу мурасында аныкталган ойду баласына жеткирип келген болсо, улам кийинки жылдары ошол эле чыгармалардагы калктын оюн түшүнө бербеген окуучулар өлкөнүн бардык аймактарында көбөйүп бара жатышы өзгөчө адабият мугалимдерин эми гана ойлондура баштады окшойт. Анткени арылаган сайын демократия дегенди «эркин ойлонуу» деп баалаганыбыз менен убакыттын өтүшү көрсөткөндөй, анда деле элдин оюу, калктын чечими, башкалардын пикири менен эсептеше билген адамдын руханий-моралдык сапаты жогору болушу керектигин, ал эми бөлөктөрдү урматтай билген, өз улуттук рухий-нравалык, көркөм-эстетикалык дөөлөттөрүн кадырлаган уул-кыздардын инсандыгын калыптандыруу үчүн сапаттуу билим жана майтарылбас тарбия берүү иштерин жүргүзүү зарыл экендигин даана сезиле баштады.

Кыргыздын коомдук-социалдык чөйрөсүнө өнүккөн өлкөлөрдүн таасири күчөгөн сайын элдик педагогиканын мектеп окуучуларына болгон кадыры төмөндөп, жаштар арасында «улууга урмат, кичүүгө сый» мамиле кылгандар азайып, жашоосун өзүм билемдик менен караган балдардын түшүнүгү этнопедагогикалык негизде тарыхый-маданий мурастарды таанытуунун маанилүү экенин дагы бир жолу ырастады. Маселенин мындай коюлушу өлкөдө окуучулардын социалдашуусуна керек болгон кыргыздын элдик каада-салттары менен жашаган пендечиликтин «мыйзамдарын» колдонуусунда билбей ыңгайсыз жүрүм-турум жасаган учурдун мисалында көзгө даана көрүнүп, келеке-шылдыңга кабылбас үчүн улуттук адабий дөөлөттөрдө сакталган тарбия салттарын ар бир окуучунун жан дүйнөсүнө жеткирүү аркылуу күн тартибинде турган проблеманы кечиктирбестен чечүүнү талап кылууда. Аны ар бир

окуучунун жан дүйнөсүнө жеткирбесе буга чейин кыргыз эли үлгү туткан элдик дидактиканын эреже-нормалары унутулуп, ортодо «өзүм билем» деген социалдык чөйрө күч алып, анын натыйжасында бала менен ата-эненин ортосунда мамиле баштапкы кыргыз коомчулугундай болбой, элдик педагогикалык идеялар аныктаган бала тарбиялоого тиешелүү түшүнүктөр мурдагы мазмунун жоготуп, ал эми анын ордун толуктоочу билим улуттук баалуулуктарды урпактарга үйрөтүүгө маани бербей же алсыздык кылып, тарбия башка нукка өтүп, улуу муун өздөрүнүн өздөрүнүн неберелери менен «тил табышып», түшүнүшө албай ортодо бир тоскоолдук түзүлүп, ага жооп берчү уюм-мекемелер проблеманын өзөгүнө так жооп бере албай турат. Эгер өлкөдө болуп жаткан мындай кырдаалга өз учурунда баа берүү менен коомдук-социалдык чөйрөдөгү терс көрүнүштөрдү токтотуп калбасак, элдик дидактиканын педагогикалык салттары андан ары тереңдеген сайын кийинки муунга билим жана тарбия берүүгө жарамсыз болуп, буга чейин ээлеп келген туруктуу позициясынан ажырап калуу абалына кептелди. Орто мектептен башка жайларда азыркы кыргыз жаштарына улуттук нарк-насилди сактоо жана аны өзүнүн кийинки жаштарга билдирип, үйрөтүү боюнча билим жана тарбия берүү иш чаралары аткарылбай калгандыктан, бул багыттагы маселелерди аңдаштыруу менен ишке ашырууну андагы сабактарга милдеттендирүү аргасыздыгы байкалууда. Азыркы билим берүү өнүккөн өлкөлөрдөгү окутуу системасына ыктап бара жатканын эске алсак, андай проблеманы чечүү бир гана кыргыз тили менен кыргыз адабиятына тиешелүү болуп кала берет. Окутуу жумуштарынын негизги натыйжасын окуучуларда калыптанган компетенциялар менен өлчөө мүмкүнчүлүгүн түзгөн учурдагы билим берүүгө таандык көз караш баланын өмүрүндө маанилүү орунду ээлеген турмуштук-социалдык керектөөнү башкы планга чыгарган, жашоонун маңызын ошолор менен аныктаган билгичтиктерди окуу материалдарынын мазмунунда балдарга жеткирүү технологияларын иштеп чыгуу зарылдыгы турат.

Эл ичинде «кыргыз турмушунан» алыс калган мындай проблемаларга туш келген учур окуучулар өтө көп кездеше баштагандыктан, кийинки мезгилдерде күндөлүк жашоодо боло жүргөн коомдук-социалдык маселелерге орто мектептен

түшүндүрө кетүү зарылдыгы турганы даана сезиле түштү. Ал ата-энелердин баарына түшүнүктүү болгону менен андай көйгөйдү кантип чечүү маселесине келгенде өнүккөн өлкөлөрдүн билим берүүсүнө ыктап бара жаткан предметтердин ичинен кыргыз адабияты гана бул багытта иш алып баруусу мүмкүн экендиги, б. а. улуттун жашоо-тиричилигиндеги баалуулуктарды таанытуу менен бирге андай салттык үрп-адат, жөрөлгөлөрдү жарандык социалдашуусуна керек компетенция катары үйрөнүп чыгуусуна жетишүү көркөм чыгармалардын сюжетинде камтылган идеялык-тематикалык мазмунду, жергиликтүү элдин пендечилигине байланышкан адеп-ахлактык, нарк-насилдик, руханий-нравалык, моралдык-этикалык, көркөм-эстетикалык проблемаларды өз алдынча ишке ашыруу менен башкаларга терс таасирин тийгизбей тургандай касиетин көргөзүү көндүмдөрүн калыптандыруу маселесин орто мектепте адабият сабагынан бөлөк бир дагы предмет аткара албастыгын коомчулук баамдай баштады. Мунун өзү орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасына тиешелүү иш чараларды түзүү боюнча маселени гана көтөрбөстөн, буга чейин болуп келген окутуу жумуштарына бүгүнкү күндүн талабында мамиле этүү, коомчулукта түзүлгөн көйгөйдү ар бир окуучунун социалдык кызыкчылыгы менен байланыштырып кароо, адабий чыгармага анализ берүүдө идеялык-сюжеттик белгилерди кайрадан баяндоо эмес, кыйынчылыкты жеңүүгө жол издөө, көркөм чыгарма көтөргөн этикалык-эстетикалык маселелерге түшүнүк берүү аркылуу кийин реалдуу жашоодон кездешүүчү кырдаалда колдонуучу компетенцияны калыптандырып, жарандык коомчулукка аралашуусун камсыздоонун окуу-методикалык комплексин түзүү керектигин ачыктады. Мурда мындай иштер класстагы сабактардын жүрүшү менен аныкталып, андан алынган натыйжа негизги результат катары белгиленип келсе, жаңы стандарт анын жыйынтыгын жарандык коомдо инсан катары жасаган иштеринен бааланышы мүмкүн экендигине калтырган соң, мугалимдин сабакка болгон мамилеси өзгөрүп, билимди баалай турган касиет-белгилер түпкү башатын ар бир баланын жөн дүйнөсүндө ээлик кылган туруктуу көз карашына, улуттук баалуулуктарды баалоо менен чектелбестен, өздүк турмушунда пайдалана алчу

адамдык сапатка өткөрүү компетенциясына чейин алып баруу менен жыйынтыкталышы керектигин педагогикалык коомчулукка түшүндүрдү. Мындай көрүнүш окутуу жумуштарына болгон мамилени эле өзгөртпөстөн, ар бир балага керектүү билим эмне экенин аныктап, ал эми ага колдонуучу критерийлерди негизинен ошол эле окуучулардын жергиликтүү муктаждыгынан алып, аларга сунушталган сабактар ар бирин турмушка даярдоого милдеттүү экенин педагогикалык коллективге жүктөдү.

Буга чейин орто мектептеги билим берүү саясаты мамлекет тарабынан аныкталып, ар бир окуу жай аны кынтыксыз аткарууга милдеттүү болсо, кыргыздын педагогикалык турмушуна жаңыдан аралаша баштаган стандартта баланын алган билими аркылуу социалдашуусуна, сабакта үйрөнгөн көндүмдөрүнө таянып, жарандык чөйрөсүнө керектелүүчү компетенцияны талап кылган абалга жараша колдонуусун камсыздоо эрежелерин иштеп чыгуу маселелерин мектептин өзүнө калтырды. Анын мазмуну кандай болушу керектигин көпчүлүк мектептер түшүнө элек болсо да, жаңыдан ишке кирише баштаган аккредитициялоо жумуштары так белгилеп өткөндүктөн, орто мектептин 10- 11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасына тиешелүү иш чараларды түзүү кайсы жерде болбосун балдардын жеке оюн турмуштук кызыкчылыкка байланыштырып, окулу турган окуу материалдарын өздөштүрүү учурунда алган маалыматтарынан өзүнө компетенция катары колдоно алуучу билимди түзүү нормаларын конкреттештирүү жагын да мектептин мугалими өзүнө алды. Бир караганда мугалимге толук эркиндик берилгени менен ар бир окуучунун инсандыгын таануу аркылуу иш алып баруу кыйынчылык түзбөй койбойт. Себеби, мурда жогортон берилген тапшырмаларды аткаруу менен чектелген орто мектептин мугалимдери эми өздөрү ишти уюштуруучу компетенциясын көрсөтүүгө милдеттүү болгондуктан, окуучулардын ар биринин эмнеге кызыга турганын, анын турмушуна эмне керектигин билип, аны аткаруу жагын окуу жай менен макулдашып, билим берүүнүн сапатын камсыздоого тикелей катышы бар чен-өлчөмдөрдү аныктап, анын негизинде окуу программасын өркүндөтүү же окуучулардын жергиликтүү шартка ылайык билимге болгон муктаждыктарын

канааттандыруу максатында мектептин жетекчилиги тарабынан бекитилген календерлык планды сунуштоосу маанилүү экендиги аныкталды. Кыргыз адабиятын орто мектепте окутуу иштери үчүн да муну аткаруу зарылдыгы турат.

Андай календерлык планды буга чейин эле мугалимдер кыргыз адабиятынан колдонуп келишкен болсо да, анын мурдагылардан айырмаланган бир катар өзгөчөлүгү бар экенин эскерте кетели, б. а. мугалим өзү түзгөн, мектеп жетекчилиги тарабынан бекитилген мындай календарлык план окуу жайдын стратегиялык жана учурдагы өнүгүү шарттарын, атаандашуучулукка туруштук берүүчү көндүмдөрдү калыптандыруу чеберчилигин, билимди пайдалануудан конкуренцияга туруштук берүүчү компетенциялардын болушун камсыздай алуучу мазмунду ичине толук камтышы маанилүү экенин туюндурду. Эгер мугалим мурда окуу программасында орун алган көркөм чыгарманы окутууда эмнеге басым жасашы керек болсо, андан тигил же бул жакка бурулбай, маалымат берүүгө милдеттүү болчу. Жаңы кабыл алынган стандарт билимдин сапатын андан алынчу компетенция аркылуу аныктап, ал эми ийгиликке жетүү үчүн изденүү жагын ар бир мугалимге тапшыруусу окуучунун жергиликтүү кызыкчылыктарын биринчи орунга коюу менен жашоо-тиричиликте дайыма колдонууга тийиш болгон компетенцияны кызыкдар тараптар (баланын ата-энеси, социалдык чөйрөсү, ага-тууган, кошуна-колоңдору жана түрдүү жарандык коомчулуктар, ж. б.) менен өз ара кызматташууда сапаттуу пайдаланышына жетишүү жолдорун да иштеп чыгуу маселесин көтөрдү. Ар сабактын өзүнөн эмес, андан алынчу натыйжа менен аныкталуучу «билим» түшүнүгү жогоруда белгиленген календарлык планда сабактын жүрүшүнө таянып, анда берилген маалыматтар аркылуу окуучулар өздөрү жасап кетүүчү компетенцияларга жетүүчү окутуп үйрөтүү ык-усулдарын, ишти аткаруу формаларын, ал тургай кайда жана кантип жасоого мүмкүн болуучу иштиктүү методдорун толук камтышына тиешелүү иш чаралар да даана көрсөтүлүшү керек болууда. Окуу программасында берилген окуу материалдарын окуучулардын жеке инсандыгын таануу иштери менен байланыштырып, сабакта кеп болуучу маселени дайыма эле бир типтүү кайталай бербестен, үйрөнүүгө зарыл болгон жагдайга тиешелүү көндүмдөрдү көркөм чыгарманы түшүндүрүү маалында ачып, баланын өз

чөйрөсүн өздөштүрүүгө багытташын ишке ашырууга чейинки процессти да мугалим ошол календарлык планга жайгаштырбаса стандарт койгон талап аткарылбайт. Ошол себептен орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасын өркүндөтүүгө тиешелүү иш чараларды түзүүдө адабий чыгармадагы идеяны балдарга жеткирүүдө аны сабакта таанып-билүү канчалык маанилүү болсо, эл менен аралашып, үйдө, көчөдө, коомдук жайларда, түрдүү турмуштук-социалдык байланыштарда кандай керектелишин элестетип, көркөм чыгарманын идеялык мазмунундагы философиялык ойлорду колдонуу эрежесин компетенция катары уюштуруу жогоруда биз атаган календарлык пландын бир пунктун түзүшү зарыл болуп саналат. Анын түпкү кызыкчылыгы ар бир окуучунун жан дүйнөсүн түйшөлтүп, жаңыдан тааный баштаган турмуштун өзөктүү маселелерине жооп табууга жардамдашуучу үлгүлөрдү бөлүп, автордук ой-жорум аркылуу ачып берүүгө кызмат көрсөтүүчү ички сезимдердин аракетин, баалуу болгон ой курулмаларын, сүйүндүрчү сүйлөмдөр менен кайгы-капага кептелдирген психологиялык кооз туюмдарды күнүмдүк жай турмуштан издөөгө үйрөтүү компетенциясын камсыздоону аңдаштырууда мугалимдин вазыйпасына кошулду.

Көркөм чыгарманы сабакта анализдөө маалында адабий туунду чагылдырган ойду кыска мөөнөттө балдарга түшүндүрүү жолдорун издөөгө көнүп калган кыргыз адабиятын орто мектепте окутуунун методикасы үчүн мындай иш чараларды аткаруу мугалимдердин иштөө стилине ыңгайсыздыкты жаратпай койбойт. Анткени кыргыз адабияты сабагын өтүүдө чыгарманы талдоо жумуштарын түздөн-түз окуучунун чөйрөсүнө байланыштыруу жана андан алчу жыйынтыгын компетенция катары үйрөтүүдөн издөө үлгү болчу көркөм чыгармадагы «адам турмушу» берчү дидактикалык эреже-нормаларга ар дайым алымсынбай турган изденүү жагын мугалимге жүктөп отурат. Мындай абалды буга чейин башынан өткөрбөгөн орто мектептин педагогдору адабий чыгарманын идеясын окуучуларга жеткиликтүү түшүндүрүү үчүн мурдагыдай илимий-теориялык ойлорду өз сөзү кылып айтууга азгырылбай, окуу материалы катары сунушталган көркөм-адабий дөөлөттү баланын көзү менен аңдаштырып,

көркөм чындыктан ар бир окуучу өзүнө тиешелүү дүйнө таанымды аныктоого, ар бир талдоого алынган чыгармадан алган маалыматтарына таянып, жашоосуна керектүү инсандык үлгү сапаттарды түзүүгө - адамдын турмушу, каармандын мүнөзү, кыял-жоругу, ички дүйнөсү, кимдир бирөөгө жасаган мамилеси, образдын аракети аркылуу оң жана терс эмне экенин билүүгө – кадимки адабият боюнча өтүлгөн салттуу сабактарда маалымат берип келген болсо, окуучуларда жаңы стандарт талап кылган компетенцияларды мындай ык-усулдар, окутуу формалары, сабактын автордук иштелмелери менен калыптандыруу мүмкүн эмес. Ырас, орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасын өркүндөтүүгө тиешелүү иш чараларды түзүүдө биз алгач класста аткарылуучу окутуу формаларын тандап, аны практикада байкап жана текшерип көрүү максатында бир нече иштелмелерди түзүп, өлкөнүн ар кыл аймактарында көрсөтмөлүү сабактарды уюштурганыбыз менен календерлык планыбызда койгон максаттарыбызды толук аткара алган жокпуз. Аны төмөнкүдөй кырдаалдар менен түшүндүрүүгө болот:

а) Сунушталган сабакка чейин окуучулар арасында андай көндүмдөр жөнүндө маалымат жетиштүү болбогондон кийин мугалим тарабынан түзүлгөн окуу-методикалык иштелме кандай автордук чыгармачылыкка ээ болбосун баары бир маалымат берүү менен чектелип, ал эми анын аткарылышы кандай болгону көп учурда такталбай кала бергендиктен, **ага кошумча класста компетенция калыптандыруунун иш пландарын иштеп чыгуу** зарыл экенин көрдүк;

б) Баланын инсандык кызыкчылыгы бардык мектептерде болбогону кыргыз адабияты сабактарында окуучулардын алган маалыматтарына таянып, аны реалдуу шартта компетенция катары колдонуусу үчүн бир же бир нече сабак аркылуу көндүмдөрдү пайда кылуу мүмкүн эместигин эске алсак, балдардын өздүк көндүмдөрүн адат катары орун алышына себеп болуучу **класстан тышкаркы иш чаралардын да өзүнчө бир план-иштелмесин түзүү** зарыл экенин байкадык;

в) Ал иштелмелер адабий чыгарманын өзөгүндө турган көйгөйдү окуучунун жашоо-турмушу менен байланыштырып, андан баланын көндүмдөрүн чыныгы турмуштук кырдаалга реалдуу баа берип, образдуулукту адабий-эстетикалык табит менен аңдаштырууга чейинки абалда өсүп-өнүгүүсүн камсыздай алуучу социалдык чөйрө менен тикелей катыш түзүүгө жана ошол жерде иш-билгисин (компетенциясын) көрсөтүүгө **адабий-маданий иш чаралардын да өзүнчө бир план-иштелмесин түзүү** натыйжага жетүү үчүн маанилүү кызмат кыла турганын айкындадык;

Окуу процессинде орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасын өркүндөтүүгө тиешелүү иш чаралар балдар арасында таасирдүү болушу үчүн биз алардын баары белгилүү бир максатты көздөп, бири экинчисин мазмундук жактан толуктап, балага керектүү компетенцияны акырындап калыптандырууда бирдей кызмат көргөзүшүнө кам көрүүгө аракеттендик. Башында бир сабактан баштаганыбыз менен ал акырындап орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасын эки жылга пландаштыруу зарылдыгын ачыкка чыгарды. Анткени ар бир баланын көркөм адабиятты таанып-үйрөнүүсүнө бир сабак эмес бир жылдык билим берүү да аздык кыла тургандыгын эксперименттик иштер ишенимдүү көргөзүп, ошондуктан мындай ишти сапаттуу аткарыш үчүн кеминде эки окуу жылын эсепке алуу менен иш чаралардын планын түзүү, аны менен кошо ишке киргизүүнүн толук системасын иштеп чыгуу маанилүү экендиги белгилүү болду. Маселени окуучунун айлана-чөйрөсү менен байланыштырып караганда көркөм чыгармага берилген ой-жорум, б. а. талдоо жумуштары адабий-эстетикалык мурастардын буга чейин аткарып келген кызматтарын балдарга түшүндүрүү аракетинде болуп, жакшы жагы кайсы экенин, автор көз карашы менен эмнени айткысы келгенин, кийинки муун андан кандай үлгү алышы туура болоорун так жана жеткире ачып көрсөтүү аркылуу баланын ички «менин» ойготуусуна тикелей көмөк көрсөтүп, элестүү аңдаштыруусуна кам көрмөйүн адабият сабагы максатына жетпей турганы айкын болду. Буга чейин окуу программасы кандай жагдайларга көңүл буруу

керектигин мугалимге так белгилеп берген болсо, азыр окуучу адабияттан алган билимин бүгүн кайда жана кантип колдонуусу жөнүндө педагог алдын-ала ойлонуштуруусу, өзгөчө анын мазмуну кандайдыр бир жумуш аткарууда көрүнө турганын эске алуу менен кайсы чөйрөдө ишке ашыруусу мүмкүн экендигине жооп табуу керектигин кабыл алынган жаңы программа [Кыргыз Республикасынын окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү мектептеринин 10-11-класстары үчүн «Кыргыз адабияты» курсу боюнча предметтик стандарты. – Б.: 2018, 12-бет.] ачыктады. Кыргыз адабияты предмети мындай коомдук-саясий жаңылануу менен тике байланышта туруп, кыргыз жаштарына талапка ылайык билим берүүдөн тышкары калбасы үчүн мугалимден көптөгөн багыт боюнча изденүү керек болуп турган шартта өнүккөн коомго тиешелүү ийгиликтерге умтулуу кандай маанилүү болсо, улуттук өзгөчөлүгүн сактап калуу андан да жогору турган зарыл маселелердин бирине кирет. Жарандык коомдо баланын инсандыгын таануу, алардын ар бири өз социалдык чөйрөсүн менен тил табышып, алар менен түрдүү шартта кызматташуусун жеткиликтүү аткаруусун камсыздап, көркөм чыгармаларга талдоо жүргүзүүнүн негизинде адам катары социалдашуусуна жетишүү кыргыз адабиятын окутууга өзүнчө бир чеберчилик керектигин азыр адабият мугалимине көрсөтүп жатат. Мындай мамиле азыркы адабий билим берүү системасындагы баалуу критерийлердин бири катары гана кызмат кылбастан, ал окуучулардын адабий билимин өркүндөтүүгө, б. а. реалдуу турмуштун элесин адабий чыгармадагы образдуулук аркылуу түшүндүрүү камылгасын көрүү абалында турган сабакты уюштуруу жана жүргүзүүгө эффективдүү да болуп саналат. Ошондуктан адабият мугалими сабакта маалымат берүү менен чектелбестен, ал болочокто окуган билимине таянып, кандай кызматтарды аткарып бериши мүмкүн экендигин да ойлонуштуруусу маанилүү болуп турганын сөзсүз эске алышы керек. Анын өзү окуу программасында сунушталган чыгармалар тууралуу маалымат берүүдөн мурда аны үйрөтүү менен жашоо-тиричиликтин кандай маселелерин окуучуларга ачып, кыргыз турмушун таанып-билүүнүн жол-жобосун, пендечиликтин эрежелерин, адамдык нарк-насилди, адеп-ахлактык жүрүм-турумдарды, этикалык нормалар менен чыгарма аркылуу балдар түшүнүүчү

каада-салттардагы кадыр-барктын ролун кантип жеткирүү жолдорун баланын кызыкчылыгын социалдаштыруудан караганы оң. Антпесе адабий чыгарманы өздөштүрүү кызыкчылыгы элдик дидактикадан алыстап, ал эми окуу процессин уюштурган педагогикалык иштердин мазмуну сырттан келген идеяларды сомосунан тизмектеген бойдон калганы байкалат. Ошол себептен орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасын өркүндөтүүгө тиешелүү иш чаралар окуу материалын адабий чыгармалардан алганы менен аны талдап-түшүнүүдөн алынчу натыйжа окуучулардын жашоо кызыкчылыгына кызмат көрсөтүүчү компетенцияларды калыптандырып, реалдуу турмушта колдонулуучу көндүмдөрдү адат катары орун алышына, бардык иш чараларда анын керектелишине карай сабактын ык-усулдарын, формасын түзүп, мазмунун аныктаганы туура болуп эсептелет.

Буга чейин белгилүү болгондой, мугалимдин жоопкерчилиги сабак менен чектелбестен, ар бир көрсөтмөлүү сабак изденүү катары эсептелинген. Ал эми замандын жаңылануусун дайыма жетекчиликке алган, окуу планында адабий чыгармалар аркылуу көркөм-эстетикалык табитти тарбиялоого тикелей кызмат кылууга багытталган, элдин дидактикалык ойлоруна таянган сабакты иштеп чыгуу адабият мугалимдеринен көркөм образдуулукту түрдүү шартта түшүнүп-билүү компетенциясын түзүүнү, андан алынчу натыйжаны кошо пландаштырууга милдеттендирет. Бирок азыркы учурда мындай иштерди аткаруу көптөгөн мектептерде жолго коюлган эмес. Себебин билүү максатында көпчүлүк адабият мугалиминин сабактарына катышканыбызда сабактын жүрүшү өзүнчө, ал эми андан алган билимди колдонуу жумуштарын өзүнчө карап, аларды бирдиктүү колдонуу иштерине педагогдор жакшы түшүнө албай жатышкандыктан, кыргыз адабияты көтөргөн маселелер окуучуларга толук жетпей, ал эми сабакта айтылган ойлор андан ары уланбай, б. а. талдоо көндүмдөрүнө айланбай, окулган чыгарма окуучунун жан дүйнөсүнөн өз ордун таппай, бекерге кеткен маалымат катары унутта калганын байкадык. Окуткан сабактарында окуучулардын билимин практикалык жумуштар менен байланыштырууну көздөгөн мугалимдер аны кайда колдоно турганын да алдын-

ала пландаштыруу менен кезе келген учурда аткаруусу зарыл, болбосо сабакта берилген маалымат окуучунун эс-тутумунан чыгып калган учурлар көп кездешүүдө. Натыйжа алгачкы сабактарда байкала бербесе да, улам кайталанып турган иштиктүү түшүнүктөр улам качан балдар билимин социалдык чөйрөдө керектөө муктаждыгына ээ болгон маалда ички кызыкчылыгын ойготууга көмөктөшөт, б. а. ушул проблемага байланышкан маселени туура чече билүүгө маанилүү кызмат көрсөтөт. Мугалим алдына койгон маселе эмне максатты көздөгөн болсо, аны алгач сабак учурунда, адабий чыгарманы класста үйрөнүп жаткан маалда пландаштырып, ал бир аз убакыт өткөн соң класстык саатта, андан кийин класстан тышкаркы иш чаралардын биринде кайрадан бир кайталанып, анан окуучунун коомдук-социалдык байланыштарында колдонууга өткөнү боюнча ирети менен аткарылганы көздөгөн результатка жетет.

Көпчүлүк учурда мугалимдер көркөм чыгарманы үйрөнүүдөн алынчу натыйжа кайда колдонулушу мүмкүн экендигин так аныкташпагандыктан, көркөм чыгармадан өздөштүрүлгөн идеяларды пайдалануу зарылдыгына карай кайсы критерийлерге басым жасоо ар бир педагогдо ар кандай көз караштты жаратып, кээ бир шартта карама-каршылыкка жеткиргенин да кездештирдик. Кыргыз адабиятынын тарбия берүүчүлүк максаты өзүнүн келечегин улуттук кызыкчылыктар менен байланыштырган, өзгөчө ушул багытта коомчулуктун алдында турган суроолорго өз алдынча жооп берүүгө даяр инсандык сапаттарды калыптандыруу болгондуктан, биринчи кезекте ата-энесин, эли-жерин сүйүп, ага-тууганын, жек-жаатын кадырлаган, туулуп-өскөн жерине урмат көрсөтүп, табиятына суктана билген, кооздугун баалап, керемет көрүнүшүнө ички толгонууларын тигил же бул акындын лирикалык чыгармаларында айтылган ойлор менен чагылдырып берүүгө жоопкер атуулдук сезимдин менталдык учкундарын адабият сабагында козгоп, лирикалык чыгарманын ышкы табиятында түзүлгөн баалуулуктарын ар бир балага жеткирүү маанилүү орунда турат. Муну адабият мугалимдеринин кимиси болбосун билет, бирок сабакта өздөштүрүлгөн бул сыяктуу билимдин натыйжасы кайда керектелишине келгенде так жооп берүү көпчүлүк мугалимдерге кыйынчылык түзүүдө. Анткени кийинки мезгилде орто мектепте сырттан келген идеяларга таасирленүү күч

алгандыктан, окуучулар арасында өнүккөн өлкөлөрдөгү социалдык-турмуштук абалга болгон кызыгуу жогорулап, интернет желелеринен алынган маданий маалыматтарга умтулуудан чыгуу мүмкүн эмес болуп барат. Окуучулар арасында орун алган мындай көрүнүш мугалимдерге кыйынчылык түзүп жатканы талашсыз, б. а. көркөм чыгарманын идеялык мазмунун балдар сабакта жакшы эле өздөштүргөнү менен анын реалдуу турмуштук шартта колдонуу кызыкчылыгы болбогондуктан, бат эле унутта калып балдар адабият сабагында айтылган көркөм-эстетикалык анализ чектелген абалда кала бергени көп кездешүүдө. Аны коомдук жоопкерчиликке өткөрүү айландыруу үчүн адабият сабагы берген түшүнүктөрдү алгач **класстык сааттарда колдонуу** аракетин эреже катары иштеп чыгып, анда кыргыз адабиятынан алган билимди балдар кандай пайдалануусу мүмкүн экендигин алардын өздөрү түзгөн иш чараларында текшерүү маанилүү болуп саналат. Ырас, окуучулардын баары эле өз алдынча көркөм чыгармаларды жазып жиберүүсү мүмкүн эмес, бирок алар класстык сааттын темасына туура келүүчү адабий чыгармаларды акын-жазуучулардын китептеринен таап, аларды мазмунуна ылайык жайгаштыра алышат. Ошондуктан мугалим класстык саатта эске алына турган проблеманын мазмунун жана аны жүзөгө ашырчу формасын тандоо иштерин окуучулардын өздөрүнө калтырганы туура. Муну менен баары өлчөнүп, идеялык ченемдери ойдогудай болот дешке толук ишеним жаратпайт, анткени балдар бул багытта мурда-кийин сценарий түзүп, өз ара ролдорду бөлүштүрүп, же болбосо аткарып жүрбөгөндүктөн, ой белгилүү өлчөмдө пландаштырган деңгээлине жетпей калган учурлар көп кездешет. Ошол себептен мугалим өз алдынча изденип жаткан окуучуларга класстык сааттын идеялык-көркөмдүк жактан сапаттуу болушу үчүн өзүнүн мурдагы тажрыйбалары менен бөлүшүп, керектүүлөрүн толуктап, жалпы мектеп коомчулугунун алдына чыгарганга чейин адабий чыгармаларды эстетикалык жактан тарбия берүү мүмкүнчүлүгүн баалап турганы оң. Албетте, окуучулар тандап алган тематикасын коомчулуктун алдына коюуда дидактикалык салттарды, кыргыздын элдик таалим-тарбия берүү нормаларын жетекчиликке алышат. Себеби ал салттар азыр деле социалдык чөйрөдө колдонулуп жаткандыктан, орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына

кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасын өркүндөтүүгө тиешелүү иш чараларына байланышкан класстык сааттарды уюштурууга идеялык жактан багыт берип, алар үйрөнүүчү жана кийин турмушта колдонуучу зарыл маселенин өзөгүн баарына бирдей иштеп чыгууга көмөктөшөт.

Практикалык иштер көрсөткөндөй, анда аткарылган иштер окуучулар кийин турмушта колдонуучу салттарды таанып-билүү менен бирге анда адабий чыгармаларды пайдалануу иштерин жөнгө салуучу көндүмдөрдү компетенция катары калыптандырып, окуучунун жан дүйнөсүн реалдуу турмуш чындыгына жакындаштырууга негиз катары кызмат көрсөтүүсү маанилүү. Чындыгында мектепте аткарылып жаткан класстык сааттар мындай максатты көздөбөгөндүктөн, балдар андан үйрөнгөн көндүмдөрү кайда жана кантип керектелишине маани берилбей, анын натыйжасында өздөштүргөн иштин маңызынын түпкү касиети ачылбай калган учурлар көп кездешет. Окуучулар өздөрү уюштурган иш чаранын мазмуну белгилүү бир турмуштук кызыкчылык менен байланыштуу болгон шартта керектелүүчү адабий чыгармаларды талдоо жумуштары - балдарга тема боюнча ырдын идеясын аныктоо, адабий-эстетикалык кудуретин билүү, анын адабий наркын түшүнүү, лирикалуу табиятын элестетүү, айтылган ойлорду кыялдануу аркылуу кабылдоо, адабий каарманды зарлаткан сезимдин кумарын ачып, жүрөккө жеткен туюмдун белгилерин түшүндүрө алуу сыяктуу бир катар компетенциянын даяр болушун акырындап камсыздай алышат. Мугалим клаастык саатта балдардын ата-энесинин кылган аракеттерине таянып, сый-урмат көрсөтүүнүн жолдорун дал ошол улуулардын аткарган жумуштарына негизделип ишке ашырса, андай иш чаранын тарбиялык мааниси жогору болуп, үлгү алчу адамдык белгилер көп болгону байкалат. Ал үчүн класстык саатта окуучуларга жакшы таасир берген лирикалык чыгармалар, көркөм образдар, идеялык-эстетикалык изденүүлөр так белгиленип, анын баланын турмушуна кандай таасир берчү жактары аныкталган болсо, андан алынган натыйжа окуучуларга иштелип чыккан ой пикирди пайда кылып, ал өз кезегинде колдонууга даяр көз карашты түзүүгө жетишет.

Орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасын өркүндөтүүгө тиешелүү иш чаралардын андан кийинки бөлүгү катары түзүлгөн **класстан тышкаркы иштердин планы** да мына ушул класстык сааттардан алынчу натыйжага таянып, аны практика менен байланыштыруу максатын көздөгөнү маанилүү. Мектеп практикасы көрсөткөндөй, азыр өлкө ичинде окуучулардын адабият сабагынан өздөштүрүүчү билимге болгон керектөөсү б. а. коомдук-социалдык муктаждыгы ар кандай болуп, көп учурда баланын ички дүйнөсүн социалдаштыруу кадимки турмуштун айрым бир окуяларын имитациялап кайталоо менен жарандык туюмун өстүрүүгө жардамдашуу башкы орунга чыгат. Мында уландарга эркектер аткаруучу иштерди үйрөтүү зарылдыгы турса, кыздарга эненин ролуна тиешелүү, же болбосо аял катары жасоого болгон социалдык милдеттүүлүктүн болушун, бир ата, экинчиси энеге таандык психологиялык жоопкерчилик алууга тийиштүү инсандык позициясынан турмуштук реалдуулукка мамиле жасоонун зарылдыгын компетенция экенин билдирүү класстан тышкаркы шартта уюштурулган иш чаралардын мазмунуна жайгаштырууга милдеттендирет. Орто мектепти аяктагандан кийин андай көрүнүштү кадимки турмуштук реалдуулукта кездештирүүсү зарыл маселелердин бири болгондуктан, ар бир окуучу баары бир пендечилигинде кездешүүчү үй-бүлө күтүүгө, ата-эне болуу эрежелери менен милдеттүү эсептешүүгө, аны адабий-көркөм образдар аркылуу талдап түшүнүүгө, айрым шартта анын ордуна өзүн коюп көрүү менен турмуштук болгон окуя-кырдаалдан адамдык ички философиясын аныктап билүүгө, жеке жана коомдук жашоо кызыкчылыктарынан жарандык позициясын түзүүгө, башкалар менен тил табышып, өз ара алака-катышта болуусуна, ар бир баланын адабий чыгармалардагы көркөм-эстетикалык баалуулуктарды турмушта болуучу пендечиликтин керектөөсүнөн карап, көркөм-элестүүлүк аркылуу өз келечегине тиешелүү маселени таанып-билүүгө багыт берүү да ушул мезгилдеги адабият сабактарына максаттарына кирет. Бул багыттагы ойду адабий чыгармалардын мазмуну аркылуу окуучуларга билдирүү проблеманы турмушка байланыштырып, аны баланын жашоо кызыкчылыгына айкалыштыруу үчүн

түзүлгөн мугалимдин аракеттери класстан тышкаркы шартта аткарылуучу жумуштардын адабият менен өз ара катышын окуучулар өздөрү таап түшүнгүдөй болгон абалга жеткирип, баланын төрөлүшүнөн тартып, адамдын бул жашоо менен коштошуусуна чейинки абалды камтыган тиричилигиндеги кубаныч-кайгысын, башка түшкөн мүшкүлдү ички сезимдер менен чагылдыра билүү чеберчилигин, баланын төрөлүшүндө эне-атасынын сүйүнүчүн камтыган жөрөлгөлөрдөн тартып, адамды акыркы сапарга узатууга чейин өз ичине алган кырдаалдардын мисалын адабий чыгармалардан таап, аларды окуучулардын өз алдынча талдоосуна жетишүү жогоруда белгиленген иш пландын негизин түзүүгө тийиш.

Мындай иш чараларды уюштуруу салты бардык мектептерде буга чейин болуп келгендиги белгилүү. Бирок кийин окуу жылдарында көпчүлүк мектептерде мындай иштер солгундай баштаганы байкалат. Балким балдардын эркин ой жүгүртүүсүнө кам көрүү максатында көркөм чыгармаларда орун алган кыргыз турмушунун элеси - андагы сүрөттөлгөн абал менен кошо окуучулар өздөрү ошол улуттун өкүлү катары берилген образдуулуктагы салттын түшүнүүгө, турмушун таанууга, ички сезимдерин чагылдыруунун ык-жолдорун көркөм ой жүгүртүүнүн негизинде билүүгө, кадимки көрүнүштөр катары баяндалган сюжет аркылуу таанышууга адабият сабагы өзөк болуп берсе, аны класстан тышкаркы иштерде тереңдетүү ар бир баланын ички дүйнөсүн реалдуу турмуш чындыгына жакындаштырып ойлонууга өбөлгө болот. Билим балага реалдуу турмуштук окуяларга таянуу жолдорун үйрөтүүгө тийиш экени баарыбызга белгилүү болгону менен андай ишти өз деңгээлинде аткаруу бардык учурда эле боло бербейт, ошол себептен адабият сабагында өтүлгөн окуу материалдарын баланын турмушу менен байланыштыруу иштерин мугалим **даталуу күндөргө карата уюштурулган иш чаралардын идеялык мазмунуна** жайгаштырганы маанилүү болуп саналат. Бул орто мектепти аяктап бараткан окуучулардын билимге карата мамилесин ыңгайлуу шартты түзө алат. Эртең эле өзү тандаган кесиптин ээ болууга түрдүү мотивдерде кыялданып жүргөн улан-кыздар келечектеги кесибине тиешелүү пикири кандай экенин билдирүү максатында жан дүйнөсүндө элестеткен өздүк кыялдарын ошол даталуу күнгө

арналган чыгармачыл кеченин сценарийине толук чагылдыруу аракетин көрүү ой-сезими мектепте берилген маалыматты окуу процессинен тышкары турмуш менен байланышта кароодо окуучуларга компетенция калыптандырууга жол ачат. Ырас, ал иш чарага тиешелүү поэтикалык чыгармаларды табууга окуучуларга кыйынчылык түзүлүшү мүмкүн. Мугалим мындай шартта балдардын иш чарага карата ой-пикирин угуп, кандай максатта ишке ашыруунун көздөп жатканын түшүнүп, анан бир катар методикалык ыкмаларды сунуш кылганы туура. Окуучулар түзгөн андай иш чаралардын сценарийи абдан кызыктуу болуп жибербесе да, ал коомдук-социалдык турмушта ар бир кесиптин орду бар экенин, анын белгилүү өлчөмдө адабий чыгармачылыкта кепке алынганын, кесиптин социалдык-турмуштук белгилерин элестетип түшүнүүгө класстан тышкаркы иштерде берилген ой-жорумдар жакшы кызмат көрсөтө турганын балдарга жакындан тааныштыра алат.

Орто мектептин бүтүрүүчүлөрү өзү тандаган кесип боюнча элестөөсүн көркөм образдуулукта, анын артыкчылыгын көрсөткөн адабий чыгармалардагы жагымдуу лирикалык маанайда классташтарына презентациялоо иштери окуучулар арасында кесип тандоо маселесин да тереңдетүүгө таасирдүү кызмат кылат. Эгер мектепте мындай иштер дайыма аткарылып турган болсо, орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу маселеси туура жолго коюлганын көрсөтүү менен бирге алардын кесип тандоосуна тиешелүү иштерди жүргүзүүнүн методикасын да өркүндөтөт. Антпесе кийинки жылдарда мындай иштердин солгундашы менен мектеп окуучуларынын арасында мектепти бүткөндөн кийин чет өлкөнү эңсеген көз караш күч алып, өз айылындагы жашоо-турмушту көтөрүүгө аракеттенүү кызыкчылыгы жок болуп барат. Экинчи жагы, даталуу күндөргө карата уюштурулган иш чаралардын дайыма, максаттуу түрдө болуп турушу окуу программасында орун алган адабий чыгармалардын идеялык мазмунун турмушка жакындаштырып окутууга багыт берет. Андан тышкары мындай мамиле баланын атуулдук сезимин да ойготууга жардамдашат, б. а. жеке кызыкчылыгын көздөп башка өлкөгө тентип кетүү чыныгы инсандык ар-намысына туура келбестигин түшүндүрүүгө маанилүү кызмат көргөзүп, эр

жеткен уул-кыздары «кичи мекени» - өз айылына тиешелүү түрдүү көйгөйлөрдү чечип, айылдагы жашоо деңгээлин көтөрүүгө кол кабыш кылуу, зарыл болсо ошол жерде тиричилигин өткөрүү менен кийинки муунга үлгү болуучу иштерди аткарууга мүмкүндүк ачат. Негизги максат балдарды турмушка даярдоо болгондуктан, мектепте көркөм чыгармаларды окутуунун мазмунун тикелей турмуш менен байланыштыруу ык-усулдарын иштеп чыгуу түздөн-түз чыгармадан алынган мисалдарды окуучунун элестөөсүнө кызмат көрсөтүүчү белгилер экенин аныктап, чыккан натыйжа ар биринин социалдашуусуна негизделген этнопедагогикалык тарбия берүү философиялык-эстетикалык иштердин өзөгүн түзүүгө тийиш. Ошол себептен мектеп окуучулары өздөрү аткарган класстан тышкаркы иштерди бир гана кесипке байланыштуу экен деп түшүнүү туура эмес, аны кеңири өлчөмдө кароо балдардын адабий чыгармаларды үйрөнүү жумуштарын кеңейтүүгө мүмкүнчүлүк ачат.

Мазмунду бардык учурда эле социалдык кызыкчылыктар менен кароо балдар үчүн таасирдүү болбой калышы ыктымал. Бирок балдарга адабий чыгармалардын идеялык мазмунун, көтөргөн философиясын, чагылдырган көйгөйүн, турмуш чындыгын сүрөттөөгө байланыштуу эстетикалык салттарды үйрөтүүдө азыркы кыргыз жашоо-тиричилигинде колдонулуп жаткан ырым-жөрөлгөлөрдүн ролун, каада-салттардын аткарган кызматы менен салыштырып, алар пендечиликте кандай кубаныч-кайгы тартуулашы мүмкүн экендигине тиешелүү жол-жоболорго айкалыштыруу көркөм чыгарманын адам турмушунда аткаруучу милдетин, маанайга таасир берчү касиеттерин кеңири түшүндүрө алат. Ошондуктан адабият мугалими бул багытта түзгөн жана окуучулар менен бирдикте аткаруучу методикалык иштер - түрдүү усул-ыкмаларда: адабий чыгармалардын көркөм-эстетикалык табиятын (1); анда камтылган автордук ойдун кудуретин (2); сүрөттөө чеберчилигин (3); ал окуган адамга кандай таасир берип, кыргыз элинин көркөм элестөөсүн чагылдырышын (4); улуттук этнографиясын камтыганын (5); ар бир чыгармадагы кадыресе «жашоодон» этнопедагогиканын сабактарын (6); ж. б. ачып берүү иштерин да камтый кетиши керек. Жалпы багыты абстрактуу түшүнүктөрдөн реалдуу турмуш чындыгына өтүп, көркөм-элестүүлүк адабий чыгармадан алынчу натыйжаны, б. а. адабий

чыгармага баа берүүнүн негизи балага турмушта дайыма кездешүүчү элдик ишенимдер, салттар, жөрөлгөлөргө баа берүү аны этномаданий жактан таанып-билүүнүн компоненти катары элестеттүүлүгүн жогорулатуу мүмкүнчүлүгүн арттырууга милдеттүү болуп саналат. Анткени кыргыз эли педагогикалык таалим-тарбия берүү иштерин дайыма көркөм чыгарманын сюжетине жайгаштырып, баланын адабий чыгарманы болочок турмушу менен байланыштырып элестетүү аркылуу туура боло турган окуянын өзөгү кайсы экенин түшүндүрүүгө жетишкен болсо, ал ар бир баланын калыптануу процессине маанилүү кызмат көрсөтүүчү түшүнүктөрдү үйрөтүү технологияларына өз үлүшүн кошот. Ал окуучуларга чыгарманын сюжетин этнопедагогикалык аспектиде тааныштыруунун негизин гана түзбөстөн, автордук ойдун кандай чеберчиликте берилгенин, баяндоонун көркөмдүк сапатын, кыргызга тиешелүү сүрөттөө мүмкүнчүлүгүн, кеп болчу идеяны кандай формада бере алганын таанып-билүүгө шарт түзөт. Ошондуктан кыргыз адабиятын класстан тышкаркы иштерде пайдалануу «Манас» эпосу баш болгон элдин адабий мурастарында камтылган адеп-ахлактык нормаларды, журтка кызмат кылууга таалим-тарбия берүүгө үндөгөн идеяларды, калк алдында жоопкерчилигин сезген ыйман-ынсаптык түшүнүктөрдү этабы менен толуктап, окуу программасындагы чыгармаларды башка маанилеш көркөм-эстетикалык туундулар аркылуу окуучулардын кабылдоо сезимдерин өркүндөтүүгө басым жасоонун өзү маанилүү болот. Маңызы элдин жашоо-турмушун түшүнүү болгондуктан, адабият сабагы менен байланышкан класстан тышкаркы иштер чагылдырган көркөм-элестүүлүк кадимки турмуштагы белгилүү бир проблеманын айланасындагы ой жүгүртүүнү системага салып, аны аткаруу менен иштелип чыккан түшүнүктөрдө байыртан келе жаткан кыргыздын этикалык жана эстетикалык эреже-шарттарын пайдалануу жолдорун чечмелеп берүүнү көздөөгө тийиш. Чынында мындай иштерди аткаруу азыркы учурда мугалимдерден чоң чеберчиликти талап кылат. Жашоонун нугу кыргыздын өзү кылымдап калыптандырган руханий критерийлеринен алыстап бара жаткан учурда адабият мугалими журттун тээ байыртан иштелип чыккан адабий-эстетикалык таанытууга милдеттүү. Аны адабий чыгармалардын мисалды айтып

бергенге караганда турмуш чындыгы менен байланыштыруу бир эсе окуучуларды реалдуу жашоого жакындаштырып, кең мааниге ээ түшүнүктөрдү өз алдынча жиктеп үйрөнүүгө жол ачса, экинчи жагынан көркөм чыгарма үчүн идея кайдан жана кантип жаралышы мүмкүн экендигин жакындан билүүгө негиз болуп берет.

Адабий чыгармачылык жеке адамдын талантынын туундусу катары көрүнгөнү менен ал белгилүү өлчөмдө улуттук көркөм ойлоонун белгилерин өзүнө сиңирип, аны өркүндөтүү аркылуу сапаттын жаңылануга багыт алганын да мугалим ар бир чыгарма менен балдардын көңүлүнө салып турганы туура. Ал окуучуларга чыгарманы аңдаштырууда автордун дүйнө кабылдоосундагы өзгөчө белгилерди табууга аракет кылуу менен бирге эл турмушун кандай позицияда сүрөттөп жатканын да изилдөөгө мүмкүндүк түзөт. Мындан бала автордук ойду табуу аракетинде болуп, өз алдынча изденүү гана жүргүзбөстөн, кыргыз эли адабий чыгарма жаратууда адабий-көркөм элестөөнүн кандай түрлөрүн пайдаланганын да аңдаштырууга багыт алат. Талдоого алынчу чыгармаларды окуучулардын баары бирдей өздөштүрүп жибербегени менен адабий ой жүгүртүүгө мүнөздүү болгон акын-жазуучулардын чыгарма жазууда (а), көркөм элестөөнү пайдаланууда (б), эл турмушуна карата мамиле этүүдө (в), пендечиликти баяндап берүүдө (г), айтчу идеясын көркөм чыгармага жайгаштырууда (д) автордун жеке дүйнө кабылдоосу болушу керектигин «издөө» аракети дайыма сакталып турат, б. а. балдар чыгарманы талдоо учурунда өздөрү көрүп-билген жашоо-турмуштун элесин көркөм ойлоо менен айкалыштырып, андан алынган реалдуу элестөөсүнөн чыгармага мамиле кылууну үйрөнүшөт. Мисал адабий чыгармадан алынганы менен баланын адабий-көркөм элестөөсү белгилүү бир турмуштук чындыкка негизделмейин окуган чыгарма эсте калбай турганы анык, ошондуктан класстан тышкаркы иштердин планы көркөм ойду өнүктүрүү багытында болуп, талдоо жумуштарын дайыма коомдогу маанилүү маселелерди түшүнүүгө багыттап турганы оң. Ал окуучулардын көркөм элестөөсүн чыгармада негизги орунда турган ойго байланыштырып, реалдуу чындык турмуштун кайсы тарабын таанып-билүүгө кызмат кылышы мүмкүн экендигине карай чыгармага анализ берүү образдын

аракетин түшүнүүгө жол ачып, окурмандык пикир кантип пайда болоорун да окуучуларга билдире алат.

Класстан тышкаркы иштердин тематикалык курамы проблемага ылайык өтө кеңири болушу ыктымал, бирок «кичирейтүү» үчүн пландык иштерди чектөө туура эмес. Тескерисинче окуучулар өз турмушунда жооп таба албай кыйналып жаткан көйгөйлөрдү тигил же бул көркөм чыгарманын мисалында биргелешип талдоо аркылуу көз карашын аныктоого жетишкен болсо, кийин кездешүүчү проблеманы так аткарууга жөндөмдүү болоору бышык. Сөзгө маани берүү, анда айтылган ойду түшүнүү аракети мына ушундай класстан тышкаркы иштердин негизинде бышып жетиле турганын эске алсак, көркөм чыгарманын сюжети аркылуу турмуштук окуяларга баа берүү күнүмдүк жашоодо «даталуу күндөр» адамдын акылы менен ойлонуп табылса да, анын маңызы социалдык чөйрө үчүн маанилүү болуп, маанай көтөрүү, жашоо-турмушту өздөштүрүп билүүгө ыңгайлуу касиетке ээ экенин окуучулар класстан тышкаркы иштерди аткаруудан үйрөнүшөт. Мааниси боюнча көп түрдүү мазмунду камтыган «даталуу күндөр» жөнүндө жеткиликтүү түшүнүктөргө ээ болуу ошол тематикадагы чыгармаларды таап өздөштүрүү менен чектелбестен, кандай гана чыгарма болбосун адам турмушуна кызмат көрсөтүп, анын баркын билгизип, далай жашоону башынан кечирген эл кадырлай турган дөөлөттөр кантип түзүлгөнүн белгилүү бир «даталуу күнгө» арналган чыгармалардын мазмуну аркылуу окуучуларга жетет. Ошол себептен мугалим класстан тышкаркы иштерди аткарууда маселени көтөрүүгө өзү демилгечи болсо да, проблеманын маңызын ачуу жумуштарын балдардын өзүнө калтырганы оң болуп эсептелет. Болгондо да ошол «даталуу күн» менен белгилүү өлчөмдө кызыкчылыгы келишкен окуучуларды маселени элге жеткирүүгө тартканы маанилүү, б. а. бүтүрүүчү класстын окуучулары болгондон кийин тандап алган кесибине тиешелүү күндү «белгилеп» жаткан маалда ага активдүү катышуу (1), болочок кесибинин артыкчылыгын көрсөтүү (2), аны аздектеген сезимдерин лирикалык чыгармалар менен берүүгө умтулуу (3), келечекте анын негизинде жетишчү ийгиликтерин кыялында кандай болсо аны көркөмдөштүрүү (4) аркылуу бир сценарийде ачып көрсөтүү (5) окуучунун турмушка канчалык даяр экенин түшүндүрө алат.

Балага адабий чыгарманы талдоо жумуштарын үйрөтүү кандай маанилүү болсо, ал аркылуу турмушту таанып-билүү ошондой маанилүү болуп саналат. Чыгарманы талдоо жумуштары бир гана чыгармада кеп болгон идеялык мазмунду таанып-билүү эмес, анын түпкү маңызы адам баласы үчүн кандай адабий-эстетикалык тарбия берүүгө жөндөмдү экенин аныктап, жашоонун негизги оң жана терс жактарын ачып көрсөтүүгө мүмкүн болгон адабий туундуну кайсы критерийлер менен карап, андан кандай таасирлерди алууга болоорун даана көрсөтө алат. Ошондуктан адабият мугалими балдардын инсандык жана маданий-социалдык компетенцияларын класстан тышкаркы иштер аркылуу калыптандырууда өзгөчө көркөм элестөөнүн адабий чыгармаларда орун алган белгилерин кадимки турмуштук көрүнүштөр менен байланыштырып, сюжетте камтылган, каармандын сезиминде «катылган» касыресе чындыкты сөз аркылуу баалоого, адамдарга тиешелүү мамилени «ачууга», кыргыз элинин көп жылдык жашоо тажрыйбаларында иштелип чыккан нарктык белгилерине таянып, кырдаалга карата баасын берүүгө үйрөтүү жумуштарын өнүктүрүп, көз карашын жатыктырууга тийиш. Балдар окуган чыгармалар тематикалык жана мазмундук жактан ар түрдүү болушу мүмкүн, бирок класстан тышкаркы иштерди аткарууда көркөм-элестүү ой жүгүртүүнү жетекчиликке алган адабият мугалими чыгарманын мазмунун, чагылдырган идеясын, көтөргөн проблемасын «пендечилик иштер» менен байланыштырып, жашоого катыксын деген маанайда изилдөөгө басым жасаганы көздөгөн натыйжаны берет. Мындай шартта окуучулар билчү адамдык касиет өзгөчө нравалык-этикалык маселелер болгондуктан, талдай турган проблема адамдык кадыр-барк, ыйман-ынсап, адамкерчилик сапаттарга ээ болуунун жолдорун түзөгө жетишип, чогоол, копол, тентек, кыйды, чыр, чагымчыл, өзүмчүл, ушакчы, камырабас, жалкоо, калпычы, эзме, былжыр, маңыз, каяшачыл, сөз жебес, кайсар, момун, жоош, ж. б. эл арасында адамга берилген түрдүү терс мүнөздөмөлөрдү талдоо менен алардын кайсы белгилери өзүндө бар экенин аныктоо иштери чыгармадагы каармандын адамдык табиятына терең анализ жасоого жол ачат.

Чыгарманы талдоо учурунда мындай терс адамдык сапаттарга токтолуу балдарга катуу таасир берет. Анткени учурда окуучулар эркин ойлоо керек деген окутуу принцибин карманган кырдаал күчүндө туруп, мугалим баланын кылганына терс пикирин билдирүү окуу процессинде одоно көрүнгөндүктөн, мындай ык-усулда көркөм чыгармага мамиле азыркы шартка ылайык келет. Дүйнөлүк билим берүү системасы окуучуларды окутуп тарбиялоо иштеринде дайыма адамдын жакшы сапаттарына басым жасап, үлгү болуучу мүнөз-касиеттерди даңазалоо критерийлери менен окуу процессин уюштургандыктан, балдар адамдык сапаттардын кандай кырдаалда оң, ал эми кандай шартта терс болооруна көпчүлүк учурда көңүл бурушпай, даяр ереже-норма менен мамиле кылуу иштеринде өз пикирин түзгөнү салтка айланып, андай эрежеден чыккан көз караш реалдуу турмуштан алыс калганы баланын пикиринин калыптануусуна жолтоо болуп жатканын айтпай кетүүгө болбойт. Жашоого баланын көз карашын ылайыкташтыруу үчүн ал ереже-нормаларды пендечилик менен байланыштыруу маанилүү болуп саналат, б. а. баланын ою кадимки күнүмдүк тиричиликтин чегинде туруп, адамдын өзүн социалдык кызыкчылыктарга байланыштырып изилдөө проблемага туура мамиле кылууга алып барат. Эгер баланын пикири бир тараптуу идеалдуу ойлорго сугарылып, жалаң жакшы делген критерийлердин чегинде калган болсо, анда окуучу кыргыздын тиричилигин таанып-билүүдөн алыс калып, сабакта берилген теориялык аныктамалар турмуш чындыгы менен коошпой, адабий чыгарманы окууга болгон кызыкчылык төмөндөп кетет. Буга жол бербес үчүн адабият мугалими көркөм чыгарманы анализдөө учурунда каармандын кимдигин ачып берүүчү адамдык сапаттарынан турмуштун образын табууга, андай адамдар реалдуу турмушта көп экенин көрсөтүүгө, алар менен мамиле түзүүдө чыгармадагы образга салыштырып, анан адамдык оң-терс жактарын түшүнүү аркылуу кызматташууга, анализ берүү учурунда элестөөнүн бир нече түрүн мисал катары келтирүүгө, аны менен адамга мамиле кылуу шартында жарандын татаал психологиясына баа берүүгө багыттоо жумуштарын туура аткара алат. Жалпысынан көркөм чыгармага анализ берүү иштери окшош көрүнгөнү менен аны социалдык проблемалардын алкагында кароо усулдук чеберчиликте

уюштуруу зарыл экенин көрсөтөт. Окуу программасында орун алган бардык чыгармаларга талдоо жүргүзүү жолдору бирдей ык-усулда аткарылбагандыктан, мугалим чыгарманы үйрөтүүдө дайыма изденүүгө тийиш, тактап айтканда көркөм чыгарманын идеялык мазмунун, көтөргөн проблемасынан тартып, кепке болгон окуяларына чейин кадыресе жашоонун өзүндөй карап, балага керектүү жагын педагогикалык дидактикага негизделген түшүнүктөр менен далилдөөгө, ар бир окуяны өзүнчө бөлүп, окуучулардын оюн, көз карашын, түрдүү пикирлерин жалпылаштыруудан чыккан жыйынтыктар аркылуу турмушту таанып-билүүгө багыттоо жактарына жетишүү маселесин жөнгө салууга тийиш.

Мындай ишти аткарууда улуттук адабияттын көп кылымдык тажрыйбасы бар, мугалим көркөм чыгарманы жаратууда эл өз оюн тигил же бул жанрдагы чыгармаларга жайгаштырып, кийинки муунга жетирүүгө тийиш болгон маселени көркөм элестөөнүн түрдүү белгилери аркылуу аңдаштырууга мүмкүндүк ачып, талдоо учурунда маани-маңызы боюнча адамга адабий-эстетикалык баалуулуктун наркын аныктоочу белгилерди табуу менен тарбиялап келгенин эске алып, калк көркөм чыгармада калтырган ойго таянып, жашоону образдуу таанып-билүүгө үйрөтүү коомчулукту социалдык жактан аңдаштырууга маанилүү кызмат кылат. Мындай милдетти класста өтүлгөн адабият сабагы толук чечип бере албайт. Жаңы билим берүү стандарты андай иштерди мугалим дайыма жолго коюп, сабакта берилген мындай идеяны тереңдетип, анын негизин турмуштан таап көрсөтүү жолдоруна таянып, компетенциясын калыптандыруу керектигин талап кылгандыктан, чыгарманы аңдаштыруу класстан тышкаркы иштерде улантылып, окуучулардын жарандык дүйнө кабылдоосун тереңдетүүгө тиешелүү иштерди мугалим өзү түзгөн план боюнча жөнгө салганы боюнча алга жылышы зарыл. Турмушту окуучулар ар түрдүү формада элестеткени менен анда кездешчү проблеманы таанып-билүүгө келгенде туура жооп бере алышпай кыйналган учурлар көп болот. окуучулардын турмушту аңдаштыруусуна тикелей жардам көрсөтүү үчүн адабият мугалими кыргыз эли адабий-көркөм мурастарында калтырган жашоо-турмуштук окуяларды, тигил же бул эпизоддорду талдоо менен өздүк көз карашын иштеп чыгууга, бир чыгармада кездешкен сюжетти экинчи бир чыгармада кеп болгон окуялардын мазмунунда

толуктап, типтүү көрүнүштөрдөн келечекте колдонууга керектүү компетенцияны айкындап билүүгө мүмкүн болгон маселени түшүнүүгө жетишүү зарылдыгын жетекчиликке албаса болбойт. Бул сыяктуу көрүнүш орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасын өркүндөтүүгө тиешелүү иш чаралардын класстык саатарда, андан соң класстан тышкаркы иштерде анан барып реалдуу турмушта кездешүүчү күнүмдүк жашоо-тиричиликте колдонгон каада-салттардын маани-маңызын ачууга, аларды пайдаланууга керек болгон компетенцияларды түптөөгө, ар бир маанилүү салт-жөрөлгөгө катышуудан мурда анын адабий-эстетикалык, адеп-ахлактык касиет-белгилерин баалап түшүнүүгө алып барууга тийиш.

Кыргыздар өзүнчө журт катары калыптанганга чейин далай нерсени башынан өткөрүп, не бир кызыктуу саркалдык ишенимдерди жаратуу менен күнүмдүк жашоосунда ырым-жырым, эреже-салт катары колдонуп, бүгүнкү күнгө чейин жеткирген болсо, кийинки муун анын нарк-насилин туура түшүнүп, ага социалдык кызыкчылык менен кароого, салт катары маанисин аңдаштырып, мазмунунда катылган баалуулугун үйрөтүү да адабият сабагында башталып, окуучулар түпкү идеясын билген маалда аны өз алдынча колдоно билүүгө, турмуш менен адабияттын байланышын түзүүгө, чыгарманын сюжетинде катылган көркөм-эстетикалык, моралдык-этикалык мамилелерди андагы каармандын аракетинде ачып көрсөтүүдөн **класстык саатта тереңдетип**, ал эми **класстан тышкаркы иштерде өркүндөтүп**, кадыресе турмушта ал өзү кандай пайдаланышы мүмкүн **улуттук каада-салттардын аракетинде ачып көрсөтүү** адабий билимдин мүмкүнчүлүгүн көрсөтөт. Мындай мамиле сабакта кеп болуучу чыгарманын идеялык мазмунун аңдаштырууга жардамдашуу менен ал мазмундун негизги берейин деген оюн, андан кийинки муун кандай кабылышына ыңгайлуу усулдарды акын-жазуучулар кантип иштеп чыкканын да окуучулар менен бирге өздөштүрүүгө жол ачат. Адабий түшүнүктөр окуучулардын сезимдеринде бир сабак аркылуу орун албайт, ага түрдүү ыңгайдан мамиле кылып, көбүнчө сюжетте кездешкен ар бир окуяны же идеяны бала өзү көрүп турган окуялар менен байланыштыруу, ошол окшош окуяга

айлана-чөйрөдөгүлөр кандай мамиле кылып жатканына көңүл бурдуруу аркылуу сабакта көркөм чыгармада берилген идеяны аңдаштыруу балага кеп болуучу проблеманы түшүнүүгө жардам берип, көркөм-эстетикалык жактан баа берүү иштери адамдын күнүмдүк жашоосуна көз каранды экенин билгизет.

Жашоо алга жылып, ал адамдын түрдүү ойлоруна өз таасирин тийгизиши коомдук аң-сезимди өзгөртүшү мүмкүн экенин да мугалим орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасын өркүндөтүүгө тиешелүү иш чаралардын пландарын түзүп жатканда эске албаса болбойт. Ал адабий чыгарма менен турмуштун өз ара катышын түзүүдө маанилүү роль ойнойт. Анткени азыр орто мектепте өтүлүп жаткан көптөгөн чыгармалар баланын социалдык элестөөсүнөн алыс тургандыктан, анда берилген идеялык мазмунду түшүнүү менен кабыл алуу көпчүлүк окуучуларга кыйынчылык жаратып турат. Түпкү мааниси адам турмушундагы белгилүү бир эстетикалык мазмун берип, андагы ойду терең түшүнгөн окуучу өзүнө керектүү таалим-тарбия алышы маанилүү болгон шартта балдардын автор чыгармасында ачып берүүгө аракеттенген идеясына кайдигер мамиле кылышы жагымсыз жагдай түзөөрүн окуу процессине катышы бар ким болбосун жакшы билгендиктен, аны окуучулар дайыма эсинде сактап, керектүү болгон чакта пайдалануусу үчүн чыгармадагы көркөм-эстетикалык түшүнүктөрдү бүгүнкү күндөгү маселелер менен байланышта кароого үйрөтүү көркөм образдын кызматын өз деңгээлинде түшүнгөндүк болуп саналат. Социалдык чөйрөнүн керектөөсүнөн алып караганда көркөм адабияттан үйрөнүүчү маселелер көп болгону менен адабият мугалими анын баарын сабакта бере албайт. Ошондуктан кырдаалга аң сезимдүү баа берүү жолдорун сабакта үйрөтүү аркылуу андан ары окуучулар өздөрү ишти туура уюштуруп кетүүгө жолдорун көндүм катары калыптандырууга жетишүүгө багыт алуу аракетин системалуу аткаруу үчүн адабият сабагында өтүлгөн ар бир теманы күнүмдүк тиричиликке байланыштыруу менен кыргыз жаштарына таалим-тарбия берүүнүн дидактикалык нормасын түзүүгө басым жасабаса болбойт. Бирок анын бардык мектептер үчүн жалпы мазмуну бирдей болгону менен жергиликтүү турмуш шартка ылайык ал пландарды аткаруу жумуштары өз-өзүнчө болушу талапка

туура келет. Маселен, класстык сааттарда окуучуларга көндүм калыптандыруучу көркөм элестөө азыркы замандын кызыкчылыгында турган көйгөйлөрдү түшүндүрүү жолдору так аткарылса, балдардын көркөм чыгармаларды өз алдынча окууга кызыкчылыгы артат. Аны өркүндөтүп, класстык сааттарда сунушталган темаларды элестүү кабылдоо менен бирге аларды ишке ашырууга зарыл болгон чыгармаларды өз алдынча табышууга да жетишет. Мындан проблеманы чечүү үчүн керектүү көркөм ойду толуктоочу чыгармаларды кантип класстык саатта колдонууга боло турган компетенция акырындап балдарда калыптана баштагандыктан, белгилүү бир тематикадагы чыгармага эстетикалык жактан көркөм мамиле кылуу жумуштарын да окуучулар ушул иштерди аткаруу аркылуу жеткиликтүү үйрөнүшөт. Мугалим бул багыттагы жумуштарын туура жүргүзгөн болсо, окуучулар мындай класстык сааттын сценарийлерин, ага керектүү адабий чыгармаларды таап колдонуу менен адабий чыгармалардын көркөмдүк сапатына да баа берүүгө, алардын арасынан жакшыларын бөлүп, аны класстык саатта пайдаланууга кеңири жол ачат.

Бүгүнкү мектеп окуучусу эртең коомдун активдүү мүчөсү боло турганын эске алган орто мектептеги адабий билим берүү көркөм чыгармада көтөрүлгөн түрдүү көйгөйлөрдү балдарга түшүндүрүүдө социалдык чөйрөдө дайыма кездешүүчү маселелерден алуу көркөм ой жүгүртүүнү өнүктүрөт. Дүйнө кабылдоосу боюнча ар кимиси ар башка болгондугун класстык саатка карай иш чара өткөрүүдө окуучулар ачык көрсөтө турганын белгилүү тематикага керектүү чыгармаларды издөөдө эле аныкталат. Муну мугалим мисал катары алып, окуучулар өздөрү тандаган көркөм туундуулардын көркөм-эстетикалык өзгөчөлүгүнө таянуу аркылуу акын-жазуучулардын дүйнө таанымындагы артыкчылык белгилерди көрсөтүп, эмне үчүн алардын чыгармаларына окурман көңүл бураарын, окурманды ойлонто турган көркөм-элестүүлүктүн жөнөкөй адам айта албаган касиеттерин ачып, кандай шартта болбосун таасир берчү элестүү ойду жетектеген сүйлөмдөрдү кураган автордук шык-жөндөмдү аныктоосу класстык саатты уюштурууга бел байлаган учурда маанилүү роль ойнойт. Аны менен кошо балдарга өз чыгармаларын жаратууну сунуш кылуу жөндөмү бар окуучулардын ышкысын ойготууга жардам берет. Келечек

муундун көркөм чыгармага болгон мамилесин ушул сыяктуу ык-усулдар менен ойгото билүү класстан тышкаркы иштерди окуучулардын өз демилгеси менен уюштурууга мүмкүнчүлүк ачылат, б. а. көркөм-элестүү ой жүгүртүүсү калыптана баштаган балдар мугалим тарабынан көтөрүлгөн маселени класстан тышкаркы иштерде оңой эле кабылдап, эч кыйналбастан туруп, өз алдынча аткарып коюуга, ал тургай ал кайсы жанрда болушу мүмкүн экендигине карата өз сунуштарын берип, кайсы чөйрө үчүн кандай жанр маанилүү болооруна чейин ойлонуштуруп жиберген учурларды да кездештирдик. Чынында балдардын көркөм чыгарманы өздөштүрүп, аны колдоно билүү чеберчилиги мына ушундай учурда даана байкалат. Жалпы окуучуларга берилген тапшырма болгону менен мындай иш чараларды аткаруу жоопкерчилигин балдардын баары тең эле ала бербейт. Тапшырманы коюлган деңгээлинде жүзөгө ашыруу көпчүлүк окуучуларга дайыма кыйынчылык түзгөндүктөн, көп жерде адабият мугалими класттан тышкаркы иш чараларды өткөрүүгө өзү жетекчилик кылат, же болбосо баары анын оюндагысын аткаруу менен чектелишет. Салыштырып караганда мындай иш чаралар менен окуучулардын өз демилесинде өткөрүлгөн иштердин ортосунда бир катар айырмачылыктар кездешет. Жакшылап байкаган адамга окуучулар өздөрү түзгөн иш чаралар балдар арасында таасирдүү болуп эсептелет. Ал тургай кийин турмушта өз алдынча аткаруучу ушул сыяктуу жумуштарга окуучулардын жаран катары активдүү катышуусуна да өбөлгө түзөт. Ошондуктан адабият мугалими **класстык сааттарда** жана мектепте уюштурулган **класстан тышкаркы иш чараларга** ар бир окуучуну аралаштырууга аракеттенгени маанилүү. Ырас, бардык окуучулардын адабий ой жүгүртүүсү бирдей өнүккөн эмес, бирок кайсы бир тематикада иш чараларды өткөрө турган маалда ага кандай адабий чыгармалар керектелиши мүмкүн экендигин балдардын баары эле баамдап, зарыл маселе карата теманы элестетүү менен өз салымдарын кошо алышат. Ал учурду туура байкаган мугалим кайсы класста болбосун окуучулардын команда болуп, топ менен иштөөгө шарт түзүп бергени оң, мындай мамиле алардын эркин, кыйналбай ой жүгүртүүсүн камсыздоо менен жеке көркөм-адабий элестөөлөрүн биргелешип мектеп коомчулугунун алдына алып чыгууга кеңири мүмкүндүк берет. Көпчүлүк

окуучулар мугалим менен иштешүүдө түрдүү шылтоолорду айтып, мындай жумуштарга катышууну каалабаса, өз ара топ менен иштеген маалда атаандашуучулуктан ички кызыкчылыгы ойгонуп, кээ бир колунан келбөөчүдөй болгон иштерди жасап салган учурлар көп эле болот.

Окуучулардын адабий чыгармаларды үйрөнүүгө карата ички керектөөсүн ойготууда мугалим ар бир окуучуга өз алдынча, түшүнүүчүлүк менен мамиле кылганы оң, б. а. реалдуу турмуш-тиричиликте кыз жана эркек балдардын кыла турган жумуштары ар башка болгондуктан, аларды тарбиялоо маданиятындагы мазмунду ошол жакка буруп, жашоодо аткаруучу милдетине карап, коом, мамлекет, үй-бүлө алдындагы вазыйпасына жараша эмне кылаарын класстан тышкаркы иштерде аныктап берүү башкы орунда турат. Орто мектептин жогорку класстарында адабий чыгармаларды үйрөнүүдө буга мисалдар өтө эле жетиштүү экенин белгилеп коөлу, бирок жеке бир чыгарманын мисалында ар бир баланын турмушуна керектүү бардык маселени толук чечүүгө мүмкүн эмес. Ошол себептен социалдык чөйрөдө колдонууга тийиш болгон көркөм-эстетикалык дөөлөттөрдүн мазмунун окуучуларга жеткирүүдө эркек менен аялдын пендечиликтеги кызматын көрсөтүүчү белгилерди аныктап, үй-бүлөдө, ага-туугандык мамиледе, турмуштук шартта, улуттук каада-салтты аткарууда, жакшылык менен жамандыкта, конок тосууда, сый тамак берүүдө, аш-той өткөрүп, оюн-зоок уюштурууда калк тарабынан иштелип чыккан жөрөлгөлөрдүн жасалышында улан-кыздардын кандай милдеттери бар экенин көркөм чыгармалардын мазмунунан тактап, андан соң түрдүү сюжетте баяндалган мисалдар менен толуктап, ал эми класстык сааттарда, класттан тышкаркы иштерде улантуу аркылуу реалдуу турмуштун өзүнө даярдоо логикалык жактан тигил же бул образга туура мамиле кылууга үйрөтүү жолдорун адабият мугалими сабакта конкреттүү көркөм чыгармаларды талдоо иштеринде дайыма өркүндөтүп турууга тийиш.

Азыркы билим берүү саясатында гендер проблемасы өтө жогору коюлуп, аял менен эркектин укуктары жана коомдо аткара турган милдеттери бирдей болушу жөнүндө түрдүү мыйзамдык эрежелер кабыл алынып жатса да, кадимки жашоо-тиричиликте ал экөөнүн кызматы эки башка экенин реалдуу жашоонун

өзү көрсөтүп жаткандыктан, окуучуларга ушул өтүттөн мамиле кылууна үйрөтүү алардын пендечиликтеги жарандык позициясы менен гендердик түшүнүгүн тактоого (а), көбүнесе ар бири жыныстык табиятына жараша баа берүүсү зарыл экендигин көркөм чыгарманын мисалында аныктоого (б), андан ары аны туура эмес түшүнүү инсандык терс сапаттарды пайда кылышы мүмкүн экендигин адабий чыгармалар аркылуу ачып көрсөтүүгө (в), канчалык тең укуктуу деген менен аял эркек боло албастыгын, эркектердин инсандык коом, мамлекет, эл, үй-бүлө алдындагы жоопкерчилигин, өзгөчө ар-намыска байланышкан милдеттерин айкындоого (г), ошондой эле кыргыздын аялзатына тиешелүү асылдык жана эстетикалык нарк-насилин ачып берүүгө (д) жан дүйнөгө таасири чоң лирикалык чыгармаларга анализ жасоо учурунда турмуштук мисалдар менен коштолуп берилгени туура натыйжа берет. Социалдык чөйрөдө өз ордун табууга аракеттенген орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун мындай методикалык ык-усулдары аркылуу көркөм чыгарманын мисалында түшүнүп, анын социалдык мани-мазмуну кандай экенин өркүндөтүп түшүнүүгө жетишүүчү иш чараларды тиешелүү шартта класстан тышкаркы иштерде орундатып, улан жана кыздар өздөрүнө таандык улуттук каада-салттардын маанилерин аныктап, андан сапаттуу таалим-тарбия ала алышат. Чыгармалар кыргыз турмушун ар тарабынан чагылдыргандыктан, кеп болчу проблемага карата окуучуларга түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, улуттук каада-салттардын элдин жашоосу менен байланышкан жактарын адабият сабагында жеткиликтүү ачып берүүгө жетишип, аны менен бирге талдоо иштерин кантип жана кандай жолдор аркылуу жүргүзүүгө боло турганын үйрөтүү иштери уюштурулган болсо, анализ жасоодо мисалдар көркөм адабиятта орун алган элдин жашоо образына токтолуп, андан этикалык нормалар, болочок ата-эненин функцияларынын ачылышы көркөм-эстетикалык дөөлөттөрдү кабылдоого кеңири жол ачат. Кыргыз адабиятында орун алган фольклордук чыгармалар көп кылымдык жашоону камтып, элдин өзү тарабынан иргелип бүгүнкү күнгө жеткенге чейин далай сыноодон өтүп, керексиз жерлери жокко чыгарылып, сюжеттин калыптануусу улам кийинки муун тарабынан толукталганына басым жасаган мугалим окулуп жаткан ар бир

чыгарманын идеялык-эстетикалык нарк баасын турмуш чындыгынан алганы туура. Орто мектептин 10- 11-класстын окуучулары өзүнүн социалдык чөйрөсүн жаңыдан ар тараптуу таанып-билүүгө умтулуп жаткан маалда кыргыз адабиятын окутуунун методикасын этнопедагогикалык негизде өркүндөтүүгө буруп, ага тиешелүү иш чараларга байланыштырып, кыргыздын жашоо-тиричилигинде активдүү орунду ээлеген турмуштук эреже-салттарды, анда кыргыздын уулдары менен кыздарынын аткара турган кызматтарын, үй-бүлө, ата-эне, ага-тууган, айыл-апа, эл-журт, Ата Мекен, мамлекет жана келечек муундун алдындагы милдет-жоопкерчиликтерин түшүндүрүү жумуштары да адабият сабагынан башталып, класстык сааттарда, андан ары класстан тышкаркы иштерде, анан барып социалдык чөйрөдө жарандык позициясын тарбиялоого багыт алганы маанилүү болуп саналат.

Мындай шартта окуучулардын адабий чыгармаларды өз алдынча окуп-үйрөнүүсү жогорулай турганын көрдүк. Эртең «чоң турмушка» аттанаарын билген окуучулар анын маңызын мектеп партасында өздөштүрүүнү каалагандыктан, окуу программасындагы көркөм чыгармалардын идеялык мазмунун, анда катышкан образдардын «жашоо-турмушун», автор тарабынан сүрөттөлгөн сюжеттик окуяларды, каармандардын элесин, анда чагылдырылган көркөм-эстетикалык философияны окуучулар өз жашоосунда кездештирип жаткан **реалдуу көрүнүштөр менен салыштырып окутуу** балдардын кызыгуусун ойготуп турат. Бүгүн мектепте өтүлүп жаткан адабият сабагына ушундай багытта окутуунун ык-усулдары жетишпейт, ошол себептен окуучулардын адабият сабагына болгон кызыгуусу начар. Орто мектепти аяктагандан кийин ата-эне болуу милдети турган жаштарды турмушка даярдоо үчүн кызмат көрсөтүүчү адабий чыгармалар аз болуп, ал эми баланын жашоосунан алыс турган чыгармалар окуу программасында көп жайгашкандыктан, аларды окуп чыгууга балдардын «мойну жар бербей», кызыксыз көрүнгөн поэтикалык туундуулардын мазмунун ачып берүүдө мугалимге кыйынчылык түзүп келет. Ал эми адабий чыгармаларда берилген сюжеттерди турмушту таанып-билүүгө мугалим тарабынан жумшалган аракеттер окуучулардын өздөрүнө тиешелүү маселени сабакта көтөрүп чыгууга,

анын негизинде адабий сюжеттен ошол проблеманы чечүүгө мүмкүн болгон жолдорду издөөгө, зарыл нерсени биргелешип талкуулоого, андан өзүнө керек жыйынтык ойду чыгарууга ыңгайлуу жол табат. Сабакта окуучулардын өз ара пикирлешүүсүндө айкындалган түшүнүктөр колдонууга даяр болуп, андан чыккан ой корутунду адабий чыгарманы андан ары өз алдынча талдап-билүүгө көндүм пайда кылат. Ошондой эле мындай иштердин дайыма жасалып турушу көркөм чыгарманын өзөгүн турмуш чындыгы түзө турганын, анда айтылган идеяны ким кандай түшүнсө болоорун, автордун философиясы дайыма эле окурмандын пикири менен дал келе бербесе да, адабий-эстетикалык касиети жогору чыгарманын тарбиялык мааниси көп түрдүү келип, ар бири өз алдынча баалап билгидей түшүнүктү окуучуга жеткире алат. Аны сабакта түшүндүрүү мугалимдин чеберчилигине жараша болоору бизге чейин эле белгилүү. Окуучулар дайыма билим катары колдонуш үчүн адабий чыгарманы сабакта талдоо жумуштары дээрлик алар күн сайын кездешип туруучу маселелерге арналып, кээ бир мезгилде өз алдынча жооп таба албаган күнүмдүк көйгөйлөрдү чечүү жолдорун көргөзүүдө мисал болуп берүүгө негизделиши керек, аны мугалимдердин баары тең билет. Бирок адабий чыгарманы кандай ык-усулдар менен талдоо жумуштары баланын жан дүйнөсүндө катылып жаткан ички сезимдерин ойготуп, анда берилген автордук ойго кантип таасирлентүүгө мүмкүн экенин биле албай көптөгөн мугалимдер кыйналып жатышат.

Адабий чыгармаларда берилген идеяларды терең түшүнүү болбогондуктан, мектепте жыл өткөн сайын адабий чыгармаларга болгон окуучулар арасында кызыгуу төмөндөгөндүн ичинде болуп жатат. Ошондой эле окуучулар көпчүлүгү көркөм чыгарманын текстин толук окушпайт, себебин сураганда сабакка даярдануу үчүн адабий чыгарманы бүт бойдон билүүнүн зарылчылыгы жок дешет, мындай мамиленин өзү окуучуларга тарбия берүү жумуштарын да начарлатып жатканына себеп болууда. Анткени кыргыздын уул менен кыздарына билим жана тарбия берүүсүн жокко чыгарууга аракеттенген азыркы билим берүү саясаты коомдо байыртан ата-эне болуу үчүн ар биринин баланын алдында көзгө көрүнбөгөн, башкаларга анча билине бербеген чоң жоопкерчиликтин бар экенин эске албастан, гендер проблемасын социалдык

чөйрөгө терең аралаштырууга көп күч жумшаганы да буга өз үлүшүн кошууда. Качан орто мектепти аяктагандан кийин социалдык чөйрөдө эркек жана аялдын баланы багып тарбия берүүдө бирин экинчиси алмаштыра албаган милдеттери бар экенин сезе баштаган маалда экөөнүн тең жан дүйнөсүндө мурда орун албаган бир катар «жашоо эрежелери» менен күнүмдүк турмуштун өзү тааныштырат. Ал аталык же энелик инстинкт менен өзү эле көзгө көрүнө баштаса да, алардын ар бири социалдык чөйрөдө аткаруучу милдетин сезиши үчүн үй-бүлө курулганга чейин **класстан тышкаркы иштерди уюштуруу учурунда** айрым жөрөлгө-салттарды үйрөтүү зарылдыгын ачыктайт. Албетте окуучулар кандай болушу мүмкүн экенин жакшы билбегендиктен, түшүндүрүү идеясын адабий чыгармалардан алып, өзгөчө аял менен эркектин үй-бүлөдө, ага-туугандык байланышта, тууганчылык катышта, айыл-апалык мамилелерде, жарандык коомчулукта, түрдүү социалдык чөйрөдө, улуу жана кичүүлөр менен кызматташууда, Ата-Журт, Мекен алдындагы жоопкерчиликте кимиси кандай милдет аткаруусун билдирүү да орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун вазыйпасына кирет.

Мындай методикалык ык-усулдар окуучуларга белгилүү бир теманын айланасында көркөм чыгарманы издеп, ага тиешелүү ойду чагылдырган автордук чеберчиликти таап үйрөнүүгө багыт берсе, андай иш чаралардын мезгил-мезгили менен кайталанып турушу көркөм-элестүү ой жүгүртүүнү баланын социалдык керектөөсүнө айкалыштырып, ар биринин атуулдук сезимдерин ойготууга өз салымын кошот. Көркөм-эстетикалык жактан ал балдардын жан дүйнөсүнө таасир берчү ар кыл менталдык-эмоционалдуу түшүнүктөрдү таанып-билүүгө ички кызыгуусун пайда кылган болсо, экинчи тарабынан автор өзүнүн жан дүйнөсүнөн өткөн көркөм элестөөнү адабий чыгарманын мазмунуна жайгаштыра турганын, ал өз кезегинде кимге болбосун руханий-этикалык жактан жашоосун таанып-билүүгө маанилүү кызмат кыла турганын окуучуларга түшүндүрөт. Болгону мындай шартта мугалим өзүнүн окуучуларына эмне керек болуп турганын жакшылап билгени маанилүү болуп саналат. Ошондуктан көркөм чыгарманы окуп-билүүдө негизги максат сабакта билгенин жакшылап айтып бергенине эмес, андан алынган билимди жеке

жашоосу менен «идеялык жактан» кантип байланыштырганына (1), социалдык чөйрөдө анын ордун көрсөтүп бере алганына (2), чыгарманын сюжетинде кеп болгон элестүүлүктү өзүнүн пендечилиги аркылуу баалап (3), автор ага кандай боөк сүртүп, кимдир бирөөнүн турмушун мисал келтирип, аны адамга жеткирүүнүн жолун кантип тапканында (4) экенин адабият мугалими класстан тышкаркы иштерди уюштурууда дайыма эске алууга тийиш.

Адабий чыгармалар кеп кылган проблемалар өтө кеңири болгондуктан, анын баарын адабият сабагында ийине жеткире түшүндүрүү мүмкүн эмес. Экинчи жагы, азыркы мектеп практикасы көрсөткөндөй, көпчүлүк учурда адабий чыгарманы үйрөтүү технологиясын түзүүдө окуу китебинде айтылган ойлор менен чектелүү дайыма сакталып турат. Ал эми баланын руханий керектөөсү учурда башка нукка бурулуп, окуу китебиндеги көз караштан алыстап кеткенин көптөгөн адабият мугалими эске албай жатат. Мындай көрүнүштүн өзү окуу программасында берилген адабий чыгармаларды түшүндүрүүдө талдоого алынуучу маселени, анын негизинде ачыла турган касиет-белгилерди окуучулар жергиликтүү шартта көп кездешүүчү социалдык көйгөйлөргө байланыштыруу, ошол эле мезгилде аны чечүү жолдорун көркөм чыгармадагы образдарга баа берүү аркылуу таап көрсөтүү, кээ бир талаш-тартыш жараткан абалга биргелешип жооп издөө абалында мамиле этүү менен окуучуларды социалдык чөйрөгө алып барууга өбөлгө түзөт. Эркин ой жүгүртүүнү көндүм катары калыптандыруу үчүн мындай мамиле жакшы кызмат аткарат. Тактап айтканда ар бир окуучунун жашоосу белгилүү өлчөмдө өзүнүн айлана-чөйрөсүн таанып-билүү аракеттери менен тикелей байланыштуу болгондуктан, көркөм чыгарманын мисалында реалдуу турмуштук окуяларга баа берүү жумуштарын аткаруу окуучунун ички дүйнөсүн автордук идея менен жакындаштырып, кандай чыгарма болбосун анын өзөгү пендечиликтен ачылаарын туура түшүнүүгө багыт берет. Кыргыз эли өз алдынча эркин республика болгондон кийин анын ийгиликке жетишип, жакшы жашоосу үчүн ар бир атуулдун азыркы социалдык шартты терең анализдеп, мекенчил атуулдарды тарбиялоого басым жасоого багыт алган жана өткөн доордо натыйжага жетишкен адабий билим берүүнү учур талабына ылайыктап колдонуу үчүн ар бир окуучуну өлкөнүн жараны

катары кабылдап, окуу жыл ичинде жасала турган иш чаралардын мазмундук биримдигин түзүү жумуштарына адабият сабагы өз салымын кошуу жолдорун да караштырууга тийиш болуп турат. Окуучулар адабий билим алуу менен бирге өзүнүн жарандык ишке катышы боло турганын сезип, андай түрдүү шартта рухий-адептик жактан туура баа берүү иштерин камсыздоого мындай иш чараларга тиешелүү экенин адабият мугалими эстен чыгарбашы керек. Аны окуучулардын патриоттук сезимдерин тарбиялоого кызмат кылышына жетишүү үчүн азыркы коомдо болуп жаткан түрдүү кубулуштарга чыгарманын идеялык мазмунун, окуялардын сюжеттик өнүгүүсүн, менталдык багытта адамдын жан дүйнөсүнө таасир берчү эмоционалдуу абалды талдоо учурунда эле мисал келтирүү менен аңдаштырууга себеп болгон жагдайларды өз иретинде берүү аркылуу педагог туура чечүү ык-жолдорун жеткире алат. Мында көркөм чыгармадагы идеяга көз каранды болуу туура эмес. Ал окуучулардын жеке элестөөсүнөн өтүп, азыр дүйнөдө болуп жаткан түрдүү кубулуштарды ичине алуу аркылуу талдоого ээ болсо гана балдардын чыгарманы окуп чыгууга болгон кызыгуусун ойготуп, элдин жашоосуна аралаша баштаган кубулуштарга өз оюн билдирген активдүү жаранды тарбиялоого өсүп жетиши керек.

Көзү менен көргөн өз өлкөсүндөгү өзгөрүүлөрдү баалоо критерийлерин окуу программасындагы адабий чыгармалардын мисалында үйрөтүү дүйнөлүк эмгек рыногундагы конкуренцияны талдап түшүнүүгө, эл аралык деңгээлдеги кыргыз жашоосу кандай болушу керектигин романтикага азгырылбай ойлонууга, адабий чыгармаларда орун алган элдин турмушун азыркы социалдык абалга салыштырып, эл ичинде болуп жаткан жаңылануулларга өз аныктамасын берүүгө, кайсы жагынан атаандашуу калктын рухий дүйнөсүн таза сактап калууга кызмат кылаарын талаш-тартыш менен аныктап көрсөтүүгө негиз болот. Ырас, дүйнөлүк илимдеги жаңылануулларды орто мектептин 10-11-класстын ар бир окуучусу жакшылап өздөштүрүүгө тийиш. Бирок кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу иштери алардын улутка мүнөздүү иденттүүлүгүн сактап калуу багытында иш алып барганы маанилүү. Адабият сабагында андай иштерди толук жолго коюу мүмкүн эмес болгондуктан, аны тереңдетүү үчүн методикалык ык-усулдарды баланын инсандык сапаттары калыптанганга чейин улантуу

зарылдыгы турат. Ал үчүн кыргыздар улуттук адабий байлыктарында сактап, кийинки муунга анда берилген ойлорду баланын өздүк жашоосу менен ыктуу байланыштырып түшүндүргөнү проблеманы туура чечүүгө багыт берет. Учурда маалыматтын көптүгүнөн кайсы бири туура экенин ажыратып билүү балдарга кыйынчылык түзүп жаткандыктан, адабият мугалими жергиликтүү шартты эске алуу менен көркөм ой жүгүртүүнүн балада калыптанышына басым жасаганы маанилүү болуп саналат. Айтканга оңой болгону менен андай иштерди азыркы мезгилде сапаттуу аткаруу кыйын. Анткени, биз демократиялык ой жүгүртүүнү баарынан жогору койгонубуздан улам кыргыздын улуттук маданиятына караганда окуучулардын жан дүйнөсүнө таасир берүүчү сырттан келген адеп-ахлактык түшүнүктөр көбөйдү. Маселен айыл жеринде исламдын таасири күч алып бара жатса, ал эми борбор шаарда европалык жашоо образына ыктоо күн өткөн сайын жогорулап барат. Орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун иш чараларын түзүүдө социалдык чөйрөгө кеңири жайылып бара жаткан андай кырдаалды адабият мугалими көз жаздымда калтырганга болбойт. Тескерисинче окуучулардын жан дүйнөсүнө андай кырдаал эмнеси менен таасир берип жатканын тактап көрүүгө дайыма кызыгып турушу керек. Балдар көркөм чыгарма окубай кадышты дегенибиз менен алар диний-мистикалык ой жүгүртүүгө азгырылып, ислам дини менен байланышкан түрдүү чыгармалардын мазмунун реалдуу турмуштук шартка колдонуу аракетин көрүп жатканы баарыбызга белгилүү. Мындай көрүнүштү интернет булактары аркылуу келген түркүн-түс маалыматтардын таасирине кабылган окуучулардын ички дүйнөсүнөн да көрүүгө болот. Орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун жаңыча иш чараларын түзүүгө умтулган адабият мугалими баланын социалдык чөйрөсүндө орун алган жогоркудай маселелердин маңызын түшүнүп, жаштардын жан дүйнөсүндө туруктуу орун алып бара жаткан көркөм элестөөнү улуттук көркөм-адабий дөөлөттөрдү таанууга пайдаланбаса, өзү күткөн натыйжага жетише албайт. Ал азыр орто мектепте колдонулуп жаткан билим берүү ык-усулдар менен ишке ашпайт, б. а. даяр түшүнүктөргө таянып, улуттук адабий дөөлөттөрдү даңазалоо, аларда берилген идеяларга окуучуларды

шыктандыруу аракетин көрүү, бир учурда болуп өткөн сюжеттик окуяларга байланыштырып бүгүнкү күндүн маселесин түшүндүрүүгө жасаган мугалимдердин көздөгөн максатын бербейт. Себеби ал мезгилде окуялар менен кийинки муун жашап жаткан реалдуу турмуштук чындыктын ортосунда кескин айырма болгондуктан, окуучуларга элдин көз карандысыздыгы үчүн күрөшүүгө, эркин мамлекет катары гүлдөп өнүгүшүнө жарандык салымын кошууга, цивилизациялуу өлкөлөргө теңелешине карата кызмат көрсөтүүсүнө карай адабий чыгармаларды анализдөөдөн мугалим тарабынан сунушталган ойлор анча таасир бербейт. Практикалык иштер көргөзгөндөй, адабий чыгармада берилген идеяны балдарга жеткирүүнүн жолун издеген адабият мугалими сабакта кеп болуучу маселени окуучулардын өздүк турмушуна жакындаштырмайын туура чечүү оңойго турбайт. Ырас окуучулар окуу китебинде берилген ойлорго таянып, керектүү жоопту айтып коюшу мүмкүн. Бирок мындай жооптор баланын жан дүйнөсүн толгонуп чыкпагандан кийин эч биринин ички сезимин ойготпостон туруп, айтылган учурунда туура көрүнгөнү менен ошол сабак бүтөөр замат унутулуп, анын түшүнүк катары изи да калбаган мезгил көп кездешүүдө. Ошол үчүн мугалим адабий чыгармаларга талдоо жүргүзүүдө окуу китепте сунушталган ойлорго «байланбай», кеп болчу негизги идеяны баланын турмушуна жакындаштырып, ал өзү элестетүү аркылуу көркөм-адабий чыгармачылыктын өзгөчөлүгүн сезип, образдуулук аркылуу адамга анча билине бербеген элести түзүп, күнүмдүк жашоодон эсте калчу окуяны баяндап берүү чеберчилигинде башкаларды суктандыруучу касиетти жарата алган болсо, мындай иштин аягын окуучулар кийин жашоосунда улантып кетет. Муну биринчи кезекте мугалимдин чеберчилиги менен байланыштырсак, аны өркүндөтүү азыр бардык билим берүү мекемелери үчүн зарыл маселелердин бири болууда. Мындай иштерди уюштуруу жагынан мектеп мечит-медреселерден артта калды. Адабий чыгармалардагы көркөм-эстетикалык баалуулуктарды мектептен өздөштүргөнгө караганда улам кийинки муун диний чыгармаларда берилген көркөм элестүү ойлорго катуу таасирленип баратканы азыр жалпы коомчулукка белгилүү болуп калды. Көпчүлүк мечит-медреселерде уюштурулган «дааваттык» иштерде колдонулган көркөм-элестүү ой жүгүртүү

мектепте окутулган көркөм чыгармаларга талдоо жүргүзүүдөн айырмаланып, адам турмушуна жакын мисалдарды пайдалангандыктан, аны жеке жашоосу менен байланыштырган кийинки муундун өкүлдөрү «шариятты үйрөнүүгө» ыктап жатканын адабият мугалими эске алууга тийиш. Ошондой эле диний адабияттарды үйрөтүүдө колдонулган ык-усулдардын артыкчылыктарын да мугалим өз сабактарында колдонууга аракеттенбесе болбойт.

Көркөм ой жүгүртүүнү тигил же бул түшүнүк менен чектөөгө болбойт. Мугалим анын ички белгилерин окуучуларга жеткирүүнүн жолун жергиликтүү шартка ылайык тандап, балдардын көңүлүн социалдык чөйрөдө талаш-тартышты түзүп бараткан коомчулуктагы абалга буруп, ага керектүү мисалдарды акын-жазуучулардын чыгармаларынан келтирип, анда элестүү чагылдырылган сүрөттөөнүн чегинде карап, улуттук кызыкчылыкта баа берүү жумуштарын уюштурбаса окуучуларга чыгарманы үйрөнүү зарылдыгы болбойт. Чынын айтканда адабий чыгарманы окутууда мындай мамиленин жетишсиздигинен улам, элдик педагогикалык ойлордо камтылган руханий-моралдык түшүнүктөр окуучуларга толук жетпей, ал баланын оюнда турган кызыкчылыкты канааттандыруу жолун башка жактан издеп кетип жатканы жашыруун эмес. Улуттук адабиятта окуучуга ар кыл өңүттөн билим жана тарбия берүүгө мүмкүн болгон бардык идеялар жашайт. Болгону мугалимдер аларды кандай шартта кайсы учурга байланыштырып колдонуу зарылдыгын билбей жатышат. Тактап айтканда, окууга сунушталган чыгармалар кандай ой жорумдарды түшүндүрүү аракетин көрүп, алардын кайсы тарабы окуучулар үчүн маанилүү экенин жакшылап талдап көрүү менен балдар өздөштүрүүгө тийиш болгон проблеманы көтөрүп чыгуу маселесин ойлонуштургандар өтө эле аз болууда. Тажрыйбалуу мугалимдер мурдатан калыптанып калган эски түшүнүктөр менен үйрөтүү жолдорун аңдаштыргандыктан, биринчи кезекке мектеп программасында берилген ойдун чегинде иш алып баруу менен чектелишсе, жаш мугалимдер балдарга компетенцияны үйрөтүү жолдорун жакшы түшүнбөгөндүктөн, үйрөтүлүүчү теманы кантип уюштурууну так аныктай алышпай кыйналып жатканын көрүүгө болот. Адабий чыгармалар аркылуу көркөм-эстетикалык табитти калыптандыруудан тышкары да көп нерсе үйрөтүүгө мүмкүн экенин

буга чейин адам баласы басып өткөн доорлор далай мисалдар менен далилдегенин бүгүн да адабият мугалими эстен чыгарууга болбойт. Орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун иш чараларын түзүүдө окуучуга өз жашоосун, тикелей катышта турган социалдык чөйрөсүн, адамдардын өз ара мамилесин, ички сезимдерин сыртка чыгаруусун, пикирлешүүдө адабий тилдин нормаларынан тышкары сөздүн көп маанилерин колдонулушун, элестүүлүктү чоң чеберчиликте түзө алган оозеки кептеги сүйлөө маданиятын, кайсы өңүттө кайрылса, кептин нугун туура түшүнүп, какшыкка-какшык, тамашага-тамаша, жаргонго-жаргон, такмазага такмазадай жооп берүүгө жетишкен пендечиликтеги сүйлөшүү жолдорун ажырата түшүнүү аркылуу пикирлешүүнүн табиятын ачып берүү да адабий чыгарманы талдоодон баштала турганын адабият мугалими билиши керек. Ансыз адабий билим берүүнүн түпкү максаты ачылбайт. Чыгармада кеп болгон сюжетти окуп кайра дал өзүндөй сабакта айтып берүүдөн эч майнап чыкпастыгын эгемендүүлүктөн берки адабият сабактары ырастады.

Адабий чыгармалардын балага билим-тарбия берүүдө орду чоң экенин кыргыздын көчмөн турмушу толук мисал болуп берет. Заман өзгөрдү дегенибиз менен адам баласынын көркөм-элестүү ой жүгүртүүгө көз карандылыгы ошол бойдон сакталып турганын этибар албай жатабыз. Ырас, мурдагыдай бир гана сөздүн керемет күчү менен жаш муундардын жан дүйнөсүнө таасир этүү мүмкүн эмес болуп калды. Илимий-техникалык өнүгүштүн жетишкендиги менен көркөм-элестүү ой жүгүртүүнүн жаңы формалары пайда болуп, сөздүн кереметин коштоп жүрүүчү ойду элестүү берүүнүн жаңы формалары гана коомдук-социалдык чөйрөгө келип кирбесе, адамдын элестүүлүккө баш ийген түшүнүктөрү ошол бойдон экенин мисалдар менен ачып берүү класста балдардын көркөм чыгарманы кабылдап түшүнүүсүнө абдан жардам берет. Окуучулардын көркөм ой жүгүртүүсү да канчалык өнүккөнүн мындай ыкма так аныктайт. Сабактын алга жылышы менен мугалим балдардын дүйнө кабылдоосу кандай өзгөрүп бараткапына байкоо салып турушу керек. Адабий чыгармалардын кээ бирин окугусу келбесе да, ар бир окуучунун өзү кызыккан чыгармасы болот. Көркөм элестүү кабылдоо окуучулардын баарында тең

калыптануусу үчүн сабакта кеп болуп жаткан маселени балдар өтө жакшы көргөн чыгармага салыштырып, реалдуу турмуштук чындыкты чагылдыруу жагынан болгон жакындыктарын, айырмачылыктарын, ошол өзгөчө бөлүнүп турган белгилерине токтолуп түшүндүрүп өтсө, мындай ыкма баланын класстык сааттарда, класстан тышкаркы иштерде жана кийин жашоо-тиричиликти өз алдынча аңдаштырып кетүүсүнө жардам берет. Экинчи жагы, чыгармалар бири-бирине таптакыр окшошпой тургансып көрүнгөнү менен баары чыгармачылыктын өзөгүн кармаган бир илимий-теориялык принципке баш иерин ушул сыяктуу иштерди аткаруу аркылуу өздөштүрө баштайт. Мындан тышкары чыгармаларга ушул өңүттөн мамиле кылуу окуучуларга өз алдынча көп изденүүгө шарт түзөт, б. а. окуучуларга «сага ал чыгарма эмнеси менен жакты, ал эми бул чыгарманы эмне себептен окугуң келбейт?» деген суроолорду мезгил-мезгили менен берип, алардын ой жүгүртүүсүн жетектеп турган оң. Бул сыяктуу иштер класста окутулуп жаткан чыгармалар алга жылып, окуучуларга жаккан көркөм-элестүүлүктүн артыкчылыгы менен кемчилдигине тарыхый-хронологиялык баа берүү жолдору үйрөтүлгөн болсо, ал сабакта талдоого алынып жаткан маселелерге байланышкан шартта чыгарманын сюжетинин түзүлүшүн, идеялык-тематикалык өзгөчөлүгүн, образдар аркылуу берилген көркөм дөөлөттүк табиятын, социалдык жашоону ачып берүүдөгү ролун, көркөм шарттуулукта чагылдырган чеберчилигин азыр окуучулар жашкы көргөн чыгармаларга салыштырылып, андан алынган натыйжа мектеп окуучуларына кандай таасир беришин талкуулоо ар бир жаш адамды реалдуу турмуш чындыгын өз алдынча аңдаштырууга жол ачат. Анда аткарылган иштердин мазмунун практика менен байланыштырмайын ал өзүнчө концепция болуп калыптанбайт. Азыр мектептерде окутулган адабият сабагы толук бойдон схоластикалык жолго түшүп кеткендиктен, балдар аны сабакта айтып берүү менен чектелишет. Чыгарма менен тааныштырган соң окуучуларга «силер мындан эмнени үйрөнүшүңөр мүмкүн?» деген суроо берилгенде, окуучулар арасында өзүнүн жеке кызыкчылыгына байланыштырып караганы бирин-экин болбосо, баары окуу китебиндеги даяр сүйлөмдөрдү окуй калып айтып жиберишет. Бул сыяктуу жооптор туура болгону менен анын турмуштун өзү

менен байланыштын жоктугу анда айтылган ойдун негизсиз экендигин далилдеп, балдардын жан дүйнөсүнө сиңбей, жөн эле ооз учунан айтып коө берүүчү көндүмдөргө үйрөтүүдө. Жыл өткөн сайын ушундай ык-усулдарда иштердин кесепетинен балдар адабий чыгармага карата өзүнүн ички сезиминде «баккан ойлорун» ачыкка чыгарбастан, окуу китебинин чегинде калышын көркөм чыгармага анализ берүүнүн жолу деп түшүнгөн ой-пикирди калыптандырып жатат. Орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун иш чараларын түзүүдө мугалим тарабынан коюлган максат балдардын көркөм-элестүү ой жүгүртүүсү кандай болушу мүмкүн экенин тактап, аны реалдуу тиричиликте кантип кабылдоо окуучунун кийинки жашоосуна эффективдүү кызмат көрсөтүүчү жолдорду таап берүүдө турат. Балдар алган билимдин натыйжасы жогорку идеялардан эмес, кыргыздын кадимки күнүмдүк жашоосу менен өлчөнүп, ошол билимди өзүнүн турмушундагы баасын билип, өмүрү өткөнчө жөн дүйнөсүндө калыптанган ой жорумга таянып, коомдун кээ бир мүчөлөрү менен талашка түшүп өз пикирин коргосо, айрымдарын колдоп туура деп баа берүүгө негиз болуучу эстетикалык табит да адабият сабагы аркылуу иштелип чыга турганын эске алсак, анда орто мектепти бүткөндөн кийин башкы критерийге өбөлгө түзүүчү жол-жоболорду адабият сабагынан соң класстык сааттарда, класстан тышкаркы иштерде, анан барып жашоонун өзүндө туура жыйынтык чыгаруу көйгөйү сакталууда. Аны окуучулар арасында жүргүзүлгөн сурамжылоо ырастайт. Орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына «кыргыз адабиятынан алган билимиңди кайда колдоно аласың?» деген суроого 567 окуучунун 72,7 % так жооп бере алышкан эмес. Ал эми 11, 4 % көркөм чыгарманы талдоо учурунда «ал жерде, булл жерде» дешкени менен кайсы мезгилде, кантип пайдалануусу мүмкүн экенин так белгилей алышпады. Калган 15, 9 % «зарыл болгон шартта» дешкени менен конкреттүү мисал келтирген жок. Чынында көркөм-элестүү ой жорумду колдонуунун масштабы өтө эле кеңири экени баарыбызга белгилүү. Тактап айтканда реалдуу турмуштагы ар түркүн окуяларды баяндап айтып берүү (сюжет түзүүнү туура уюштуруу), андагы адамдарды дал өзүндөй кепке албастан, «образ түзүү» ишмердигин колдонуу (аларды оң жана терс каарман катары сүрөттөө),

керек жерде пейзажды колдонуп, айтылган ой таасирдүү болуш үчүн көр-оокатын (интерьер түзүү) сунушталган идеянын маңызына карай көркөмдөп чыгуу учурунда эл арасында көп колдонулаарын окуучулар биле беришпейт. Ошол себептен мугалим сабактан тышкаркы иш чараларын (класстык сааттарды, класстан тышкаркы иштерди, окуучунун социалдык чөйрө менен болгон байланышын) түзүүдө улуттук көркөм-элестүү ой жүгүртүүнүн бардык принциптерин пайдаланып, калп менен чынды айырмалоого, шакаба, какшык, тамаша, шылдың, ж. б. сөздөрдүн кеп ичиндеги маанисин айырмалап түшүнүүгө жетише алчу «сөз баккан» адамды тарбиялоо башкы планда экенин эскертели.

Муну менен биз азыр билим берүү системасында турган, өтө маанилүү компетенциялардын бири – коммуникативдик компетенцияны жөнгө сала алабыз. Улам кийинки муундун көркөм сөз өнөрүн пикирлешүүдө колдонуусу начарлап, айрым образдуу кеп каражаттарына түшүнө бербей, айткан адамды акылсыз катары кабылдоо социалдык чөйрөдө көп кездеше баштаган көйгөйдү тууру нукка бурууга көмөк берет. Андан тышкары орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун иш чараларын түзүүдө адабий билимди жергиликтүү аймактын өзгөчөлүгүнө жараша чечмелеп түшүндүрүү идеясы, улуттук жөрөлгөлөрдүн негизинде элдик салттарга таянуу менен аткарылса, элдин акылмандуулугу, кыргыздардын байыркы доордон азыркы күнгө чейинки эл турмушун «көзөмөлдөп» келген нарк-насилин, адеп-ыйманын, туу тутууга негиз болгон көркөм дөөлөттүк концепциясын окуучулар жан дүйнөсүнө калыптандырышы анык. Бул бир эле адабият мугалими аткара турган жумуш эмес, бирок ал окуучуларга көйгөйдү жараткан идеялар кайдан чыгып, аны жоюу жолдорун жүзөгө ашыруу үчүн мектепте бардык окуучуларды кучагына алууга тийиш. Ансыз мында сунушталган концепция өз максатына жетпейт.

Адабий чыгармаларды окуучуларга үйрөтүп жаткан маалда мугалим дагы бир жагдайды эске алышы керек. Ал - көркөм-элестүү ой жүгүртүүнү эл кайсы кылымда болбосун колдонуп келгендиги. Мындай көрүнүш байыркы мезгилдерде кандай болсо, азыр деле дал ошондой кызмат аткара турганын, бирок көркөм-адабий ой жорум менен жаралган чыгармалардын баары тең эле

көркөм дөөлөттүк мазмунга ээ боло бербестигин, айрым гана чыгармалар эстетикалык нарк-насилге жетишип, калгандары китептин «саргарган барактарында» кала бериши чыгармачылыктын мыйзамченемдүү көрүнүшү экенин дайыма түшүндүрүп турууга окутуу жумуштарын милдеттендирет. Эгер адабият сабагынын нугу мындан чыгып кеткен болсо, анда окуучуларга көркөм чыгармалардагы автордук чеберчиликти ачып берүүгө мүмкүн болбой калат. Анткени кыргыздын теңинен көбүндө «чымын» болот. Андай «касиети бар» жарандардын көбү пенсия курагына келгенде китеп чыгарып, аны окугандар көркөм чыгарма жаратуу оңой эле иш экен дешип, адабий чыгармачылыктын адабий-эстетикалык наркын кетирип жатканын кездештирүүдөбүз. Кыргыз коомчулугуна өтө терең аралашып бараткан мындай мүчүлүштүктөрдү жоюу аракетин көргөн адабият мугалими сабактан сырткары маалда уюштурган иш чараларда окуучулардын эстетикалык табитин калыптандырууга өзгөчө көңүл буруп, басымды кандай чыгарма жакшы болооруна жасап, ал эми начар экенин балдар тапкан чыгармалардын мисалында көрсөтүп турса, мындай аракеттердин негизинде көздөгөн максатка жетүүгө мүмкүнчүлүк бар.

Эгерде мугалим окуучулар сабакта алган маалыматын сабактан тышкаркы иш-чараларда түшүнүп колдонууга жетише алса, болгондо да аны мугалим айтып бергендей эмес, өз алдынча, башка чыгармалардын мисалында ачып көрсөткөн учурдун өзү адабий билимдин балдарга «жуга баштаганына» мисал болот. Аны өркүндөтүү мүмкүнчүлүктөрү кеңири сезилсе да, максатка жеткирген ык-усулдар бир катар татаалдыктар менен коштолот. Маселен орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун иш чараларын түзүүдө мугалим сабакта аткарылуучу иштер менен гана чектелбестен, класстык тарбиялык сааттарда, түрдүү класстан тышкаркы иштерде, андан соң социалдык чөйрөдө керектелүүчү адабий түшүнүктөргө баа берүү компетенциясын үйрөтүүгө дайыма көңүл бурушу зарыл. Ал төмөнкүдөй кырдаалдарда ачылууга тийиш: 1) балдар тапкан чыгармалар кимдики экендигине карабастан, темага туура келиши зарыл; 2) чагылдырылган идеялык мазмун иш чаранын маанисин ачып берүүгө кызмат көрсөтүүсү керек; 3) текстте ойдун берилиши иш чара көздөгөн проблеманы

максатына жетишине жардамдашып, бере турган ойду көркөмдүк жактан толуктоо иштерине көмөктөшөөрүн аны тапкан окуучунун билгени маанилүү; 4) көздөгөн идеянын ар тараптуу түшүндүрүлүшүнө салым кошкон көркөм сөз каражаттарынын орду так белгиленип, көркөм образдуулук колдонулуучу тексттерде оригиналдуу берилиши; ж. б.

Ар бир иш чара окуучулардын көркөм-элестүү ой жүгүртүүсүн реалдуу турмуштук шартта колдоно билүү кызыкчылыгын көздөгөндүктөн, балдар өздөрү түзгөн сценарий көйгөйлүү маселени көтөрүү боюнча артыкчылыкка ээ болбостон, проблемага жалпы адамзаттык жана улуттук кызыкчылык менен байкоо салып (а), кайсы жолдор аркылуу чечсе натыйжалуу болоорун көрсөтүүчү (б), элдин рухий дөөлөттөрүнө бекем таянган (в), улуттук тилдин аябагандай бай жана көркөм-эстетикалык жактан кеңири түшүндүрүү максатында акын-жазуучулардын эң жакшы чыгармаларын колдонууга жетишкен (г), ага катышкан бала чыгарманын элдин турмушу менен айкалыштыруу жолдорун түзө алышы (д) да маанилүү орунда турат. Мындай шартта мугалимдин максатына эл арасына белгилүү акын-жазуучулардын тааныш же тааныш эмес чыгармаларын алдын ала пландаштырылган иш чарага топтоо кирбейт. Тескерисинче, андай сценарийдин мазмунун орто мектептин 10-11-класстын окуучулары өз «чыгармалары» менен деле түзсө болот, бирок маселе түздөн-түз кыргыз адабиятына тиешелүү адабий чыгармачылыктын көркөм-эстетикалык кудуретин ачып берүүдө тургандыктан, анын этнопедагогикалык негизде кантип келечек муунду тарбиялаганына басым жасоо окуучулардын менталдык туюмун аткарылган иш чаралар аркылуу калыптандырууга өбөлгө берет. Сабактын түпкү максаты окуучунун ишти аткара алуу деңгээлине, көтөрүлгөн проблеманы кыргыздын акын-жазуучуларынын чыгармалары менен шөкөттөп берүү чеберчилигине, тандалган чыгармалардын көркөм-эстетикалык жактан туура тандалышына, керектүү учурда өздөрүнүн «чыгармаларын» кошуп кеткенине, айтчу пикирин элдик дидактиканын үлгүсүндө карап, элде калган адабий мурастардын наркын кылдат далилдеп, кийинки муунга этнопедагогикалык билим жана тарбия берип келген улуттук салттарды сактоо жолдорун үйрөнгөнүндө турат. Окуучулардын «өз колу» менен

жасалган мындай иш чаралардын сапаты ар түрдүү болушу мүмкүн. Бирок балдар тарабынан ар бир иш чараны башынан аягына чейин түзүп чыгуу, темага ылайыктап ырларды жана тексттерди жайгаштыруу чеберчилиги окуучулардын баарынын адабиятка болгон шыгын ойготуп жибербесе да, улуттук сөз өнөрүндө кандай чыгармалар эл тарабынан кадырлана турганы, ошондой эле кандай чыгармаларга көңүл иренжиген мамиле кылынаарын мектеп ичинде жүргүзүлгөн ушундай иштер таанытаары бышык.

Мектеп турмушун элестеткенде окуучулардын көркөм-элестүү ой жүгүртүүсүнө негизделбеген бир дагы класстык саат, класстан тышкаркы иштер болбойт. Мунун өзү анын баары адабият сабагы менен түздөн-түз байланыштуу жактарын көз алдыга келтирет. Ар бир иш чаранын сценарийин түзүүдөн тартып, анын сапаттуу аткарылышына чейинки ишти уюштуруу процесси татаал маселе болгондуктан, мугалим ага катышкан окуучулардын билимин ушундай иштерде даана билет, б. а. сценарийдин поэтикалык мазмуну, анын башкалар тарабынан кабыл алынышы, тигил же бул позицияда оюн көркөм сөздүн кудурети менен сүрөттөп көрсөтүшү, баланын колунан эмне келээрин да ачыктайт. Ошол себептен мугалим окуучулардын түшүнүгүнүн калыс баалоо үчүн алардын ишке кылган мамилесинен «компетенттүүлүгүн» маанисине жеткире ачып берүүсү зарыл. Андай компетенттүүлүктү тактоо жумуштарына коюлган талаптарга - окуучунун адабият сабагын өздөштүрүүсү, андан алган билимин кайсыл бир тематикага байланыштыра алгандыгы, конкреттүү проблемага илимдин ушул тармагы боюнча термин-түшүнүктөрдү колдонушу, теориялык билими менен практикалык иш чараны канчалык айкалыштыргандыгы, ойду баяндоо тажрыйбасы жана маселени сүрөттөөнүн индивидуалдуу ык-машыгуулары эске алынууга тийиш болсо, аны пикирлешкен адам окуучулардын сүйлөө ишмердүүлүгүнөн эле байкайт. Турмуштун өзү көрсөткөндөй, кийинки мезгилдерде жаш муундардын арасынан «сөзгө конок бербеген», «сөзгө жыгылып» туура кепти кабыл алган кишилер азайып баратканына окуучулардын өз кебинен мисал келтирүү менен ачып бергени оң. Сабактагы талкуу учурунда андай каталарын моюнга албаса, башка мезгилде көпчүлүк балдар өз кемчилдигин кабыл албайт. Мында мугалим кептин эмне себептен туура эмес

болуп канганын, сүйлөмдүн жарактуулугуна, баланын сүйлөм түзүү жөндөмдүүлүгүнө, «колунан келет» кылып сүйлөй бербестен, айтылган кеп ойду кандай образдуулукта бергенине, анда чагылдырылган ой кандай талапта аткарылганына конкреттүү мисалдар менен түшүндүрсө гана талкуу жумуштары окуучуларга таасирдүү болот. Кимдин позициясынан каралбасын колдонулган сүйлөмдөр адамдын ошол мезгилдеги оюн, кандайдыр бир максатта аракетке келип жаткан ойдун маңызын, сүйлөмдү кепте пайдалануу менен окуучу чөйрөдө белгилүү бир натыйжага жетишүү жолдорун ынанымдуу айтканына, өзгөчө адамдын сүйлөө чеберчилигине мисалдарды окуучулардын речинен алып, анда кандай жетишкендиктер жана кемчилдиктер болгонун белгилеп берүү ойдун сүйлөмдө берилиш деңгээлин гана көрсөтпөстөн адабият сабагы аркылуу коммуникативдик компетенттүүлүктүн кандай жолдор менен калыптандырууга мүмкүн экенин да толук ачып берет.

Учурдагы окутуу процессине көңүл бурсак, көпчүлүк адабият мугалими класстык сааттарда, класстан тышкаркы иш чараларда эле эмес, адабият сабагынын өзүндө окуучунун сүйлөө кеби канчалык туура экенине маани берилбегендиктен, ойду жеткирүү көндүмдөрү социалдык чөйрө талап кылган деңгээлге жетпей калып жатат. Ошондуктан окуучулардын күнүмдүк сүйлөө кеби жакырланып, улам кийинки жылдары кыргыз адабий тилинин көркөм сөз каражаттарын пайдаланууга караганда, оозеки речтеги жаргондор активдүү аракетке өтүп баратканы байкалат. Көркөм адабият чыгармаларды көп окутуп, анда колдонулган лексикалык каражаттар менен ойду образдуу берген сүйлөмдөрдү өзүнүн кебинде колдоно билүү ишмердүүлүгүн өркүндөтүү, б. а. кыргыз эли колдонуп келген кептин аракеттерди пайдалануу жолдоруна ээлик кылуу чеберчилигин үйрөтүү менен окуучуларда коммуникативдүү компетенцияларды калыптандыруу жолдорун иштеп чыгуу маселесин да караштыруу адабият мугалиминин ар бир иш чарасында камтылууга тийиш экенин көрөбүз. Мурдагыдай тигил же бул чыгарманы үйдөн окуп келгиле деген менен маселе чечилбейт. Алар окуу программасындагы көркөм чыгармаларды окугандан кийин кандай натыйжа боло турганын, окулган чыгарма баланы кандай маданий баалуулуктар менен «куралдандырып», кайда пайдаланаарын

так жана даана түшүндүргөн маалда гана окуучунун ага болгон кызыгуусу артышы мүмкүн. Ошондуктан мугалим баланы көркөм чыгарма менен тааныштыруудан мурда аны колдонууга мүмкүн болгон жолдорун түшүндүрүүсү реалдуу турмуштун өзүн таанып-билүүнүн булагы экенин да, окуучунун окуу процессинде алган маалыматын кийин белгилүү бир турмуштук көндүмдө керектелиши сөзсүз болуучу кубулуш катары мамиле кылууга үйрөтүүгө тийиш. Ырас, азыркы учурда мектепте адабий чыгарманы таанып-билүүдө мындай мамиле жетишсиз. Андай мүчүлүштүк балдардын кыргыздын этникалык маданиятын үйрөнүүсүнө тоскоол болууда.

Өлкөдөгү билим берүүнүн маңызы таптакыр өзгөргөнү ар бир окуучунун бүгүнкү күнгө ылайык билим алуусун камсыздоо үчүн мурда калыптанган билим берүү системасына жаңы көз караш менен карап, сабакта берилген идеянын негизги өзөгү турмуштун өзүндө экени жетиштүү мисалдар аркылуу улам тереңдетилип, алгач анын идеялык өзөгүн балага жеткирүү максатында кийинки сабактарда тигил же бул тарабынан толукталып турса гана ийгилик бере турганына мугалим артыкчылык бериши эске алынбай келет. Практика көрсөткөндөй, учурда мугалимдер ошол сабактын темасы талап кылган маселеге гана токтолуп, ал эртең же кийинки сабактардын бири менен мазмундук жактан тереңдешине зарыл болгон ойлор улантылбагандыктан, бала сабактан алчу билимдин ийгилиги көрүнбөйт. Ырас, бир же эки саатка бөлүнгөн маселени окуучулар андан ары тереңдетип үйрөнбөгөн соң аны керектөөчү социалдык мазмун окуучуга жете бербейт. Демек, биз тарабынан сунушталган практикалык иш чаралар азыркы учурда окуучуларга адабий билимди үйрөтүү менен бирге алардын этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандырууда да маанилүү роль ойнойт да, ар бир окуучунун турмушка керектүү көндүмдөрүн калыптандырууга жардам берет деген ишеним артса болот. Негизги максат азыркы мектеп окуучуларын турмушка даярдоо болгондуктан, мугалимдин бардык аракети мына ушул сыяктуу иштерди үзгүлтүксүз аткарууга милдеттендирет. Айрым мектептерде класстык сааттарды өткөрүү, окуучулар менен класстан тышкаркы иштерди алып баруу дайыма өткөрүлүп турбагандыктан, окуучулар тарбиялоо жумуштарын уюштуруу зарыл болгон маалда гана мындай вазыйпаны эске

алышып, аны түзүп, мектептин педагогика жамаатына көрсөткөн соң эстеринен чыгарып койгон учурларын байкадык. Мындай көрүнүштүн кесепетинен улам окуучу турмушта кездешүүчү социалдык жана маданий деңгээлдеги маанилүү иш чараларды жүргүзүүдө кыйналган учурлар көп экенин көрдүк. Ошол себептен окуучулардын өзүн турмуштун өзүнө керек проблемаларга аралаштыруу, зарылдыгына жараша социалдык маселени туура чечүү жолдорун үйрөтүү, б. а. өз алдынча аны аткарууга болгон милдеттүүлүгүн камсыздап, ар бири өзү чечмейин иш сапаттуу болбостугун түшүндүрүү менен коомчулукта элдик салт-жөрөлгөлөрдү билип колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн арттырууга көмөк көрсөтүүчү иш чаралардын системасын түзүп, кайда колдоноорун так иштеп чыгуу биринчи орунда экенин практикалык жумуштар даана билгизди.

Кыргызстандагы мектептердин окуучуларды турмушка тарбиялоо мүмкүнчүлүгү бирдей эмес, ошол себептен орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууну турмуш менен байланыштырып, адабият сабагында, класстагы башка сабактарда, класстык сааттарда, класстан тышкаркы социалдык чөйрөдө өз компетенцияларын көрсөтүүчү иш чараларын түзүүдө орто мектептеги бөлөк дисциплиналардан алчу билимдерди да өз ичине камтууга жөндөмдүү жактарын ойлонуштарса, аны колдонуу чөйрөсү кеңейип, адабият сабагы адам жана анын турмушун таанып-билүүнүн булагы экендиги практикалык иштерде аныкталып, элдин жашоосуна тикелей катышы бар маселени дал ушундай жерде чечүү мүмкүнчүлүгү жогорулай түшөт. Азыр шаар менен айылдын ортосунда кайсы билимге болбосун кескин айырма сакталган, ал адабий билим берүүдө да бар экенин эстен чыгарууга болбойт. Аны билүү канчалык маанилүү болуп турганын мугалим качан балдардын алган билими кайсы жерде керектелиши мүмкүн экендигин аныктоого аракет кылган маалда даана түшүнөт. Анткени азыр окуучуларга көркөм чыгарманын идеялык мазмуну жөнүндө маалымат берүүдөн мурда эмне маселеге токтолуп, анын чегинде кайсы проблемаларды түшүндүрүү зарылдыгын ойлогондо «этномаданияттын» коомчулуктагы орду, аны эл турмушуна пайдалануу, этностун социалдык керектөөсү менен көркөм-эстетикалык мазмунда үйрөнүүгө тийиш конкреттүү жагдайларды тактоо

зарылдыгы козголот. Сыртынан караганда мындай улуттук маданиятты, аны турмушта колдонуу маселесин үйрөтүү «мектеп турмушунан» тышкары аткарылчу иштер сыяктуу көрүнгөнү менен кырдаалга эстетикалык-этикалык мазмунда баа берүү түшүнүктөрү адабият сабагы аркылуу ар бир окуучуга жетээрин эстегенде бул багытта билим жана тарбия берүүнүн түпкү мааниси «маданияттуу» улан-кыздарды тарбиялоо үчүн негизги окуу материалдарына таянган иш чараларды «социалдаштырууну» башкы планга көтөрөт.

Ал мектеп окуучуларынын бүгүнкү социалдык талабынан чыгышы керектиги жөнүндө көп айтылып келе жатса да, адабият мугалими аны жүзөгө ашыруу жолдорун түзүүдө ар бир класс боюнча анкеталык сурамжылоо иштерин жүргүзүп, кайсы класска эмне керектигин тактап, күнүмдүк жашоодо жергиликтүү шартка ылайык келчү маданияттуулукту аныктоочу белгилерди камтыган түшүнүктөрдү жалпылаштырып, алардын арасында окуучулар сөзсүз билүүгө тийиш болгон жактарын белгилүү бир проблеманын айлаеасына топтоп, анан сапаттуу деңгээлде чечүү гана «туура жооп бергендик» болуп саналат. Мындай маселенин иштелип чыккан даяр аныктамасы болбосо да, кайсы багытта эмне жумуштарды жасоо керектигин ар бир адабият мугалими жакшы эле билет. Бирок көйгөй кайсы багытта көп болсо, кыргыз адабиятындагы окуу материалы менен баланын социалдык керектөөсүн ошол бир топтоо, алардын идеялык жакындыгынан жергиликтүү шартка байланышкан проблеманы чечүү, анын табигый түрүн таап, анын негизинде кадимки турмуш үчүн маанилүү делген жөрөлгөлөрдүн ролун түшүндүрүү сыяктуу нерселерди аткарылчу иш чараларда пландаштыруу менен иштин максатына жетүүсүнө карай ык-усулдарды тандоо маселеси турганын эстен чыгарууга болбойт. Мындай процессти кыргыз адабиятында кеп болчу маселелерге байланыштырып, аны көркөм чыгармаларды талдоо учурунда окуучулардын компетенцияларын, б. а. жашоо керектүү көндүмдөрүн калыптандыруу аракетинде билгичтиктерди үйрөтүү маанилүү орунда турат. Ошондуктан мугалим класста жана класстан тышкаркы иштерде аткаруучу жумуштарды сунуштоодо түздөн-түз окуучунун жашоосу менен байланышкан маселелерди этникалык руханий-маданий баалуулуктар - кыргыз элинин улуттук баалуу табылгасы болгон тили, салттык жөрөлгөлөрү, карманган

дини, фольклордук мурастары, элдик медицинасы, улуттук көркөм өнөрү, улуттук оюндары жана салттуу майрамдары, ж. б. түшүнүктөрдү этнопедагогикалык мазмунда ачып көрсөтүүгө тийиш. Ал «кургак» баяндамалардан турбай, эл арасында көптөгөн кылымдар бою жыйналган тажрыйбаларга таянып, кыргыздар аздектеген салттуу психологиясын, улуттук ой жүгүртүүсүндө иштелип чыккан этнопедагогикасын, социалдык чөйрөдө бири-бирине урмат-сый көрсөтүүдөн жаралган руханий-нравалык казынасын жетектөөчү дидактикалык оюндар менен коюлган максатка жетүү үчүн тыкыр иштелген моделден турушу керек. Аны ар бир мугалим окуучулардын коомдук-социалдык керектөөсүнө байкоо жүргүзүп, эгер маселени тыкыр талдоо зарыл болсо, анда проблеманы балдар арасында сурамжылоо иштерин уюштуруу аркылуу абалга баа берүү менен тактап, анан иштелип чыккан иш планды окуу-тарбиялоого киргизгени оң. Мындай иш чаралардын мазмуну баланын турмуштук-социалдык керектөөсүн жалпылаштыруу, айрыкча алардын улуттук каада-салтты, түрдүү жөрөлгөлөрдү, элдик оюн-зоок менен анын негизинде кийинки муунга, өздөрүнүн бала-бакыраларына таалим-тарбия берүү иштерин колдонууга зарыл болгон жумуштарды үйрөтүү чегинде жүргөнү маанилүү. Адабият мугалими кайсы тарабына көңүл буруу керектигин түздөн-түз окуучуларга сөзсүз үйрөтүүгө зарыл болгон маселелерди алат дегенибиз менен алардын баарын бир иш планга жайгаштырып жана аны аткарып жиберүүсү мүмкүн эмес. Ошондуктан адабият мугалими иш чаралардын планынын түзүүдө жана жүзөгү ашырууда төмөнкүдөй кырдаалдарды эске алууга тийиш: 1) окуучулардын жашоо өзгөчөлүгүн, б. а. окуучулардын айылда же шаарда жашаганын; 2) өз чөйрөсүндө кандай көйгөйлөр түзүлүп жатканын, б. а. реалдуу турмуш шартка керектүү социалдык билимдерге болгон муктаждыгын; 3) кыргыз элинин таанып-билүүгө зарыл көндүмдөргө карата муктаждыгын, б. а. улуттук салт-санааны жана ырым-жырым, жөрөлгөлөрдүн керектелишин; 4) адабий чыгармалар аркылуу адабий-эстетикалык дүйнө кабылдоонун этностук бөтөнчөлүгүн, б. а. байыртадан калыптанган «жакшы» менен «жаманды» ажырата билүү критерийлерин; 5) чыгармаларды талдоо менен жаралган айрым эреже-нормаларды, билим-түшүнүктөрдү реалдуу турмуштук-социалдык

чөйрөдөгү түрдүү абалда пайдалануу, б. а. жарандык мамилелерде кездешкен моралдык-этикалык жана руханий-философиялык абалга баа берүү, ж. б. маселелерди окуучуларга билим жана тарбия берүү муктаждыгынан алып чыгуу керек. Биз бул багытта иштер боюнча эксперименттик жумуштарды уюштурууга чейин ар бир окуучунун жеке философиясын терең билүү максатында анкетелык суроолордон тышкары аңгемелешүүнү түрдүү жолдор менен өткөрүп, кайсы тармакта өзүн жакшы сезгенин жана ошол эле учурда ыңгайсыз абалга калтырган кырдаалга байланыштуу түшүнүктөрдү туура чечүү жолдорун, кандай ык-усулдарды колдонуу пайдалуу экенин окуучулар менен бирдикте тандоо иштерин жүргүздүк. Андай иш пландын окуучулар арасында алгылыктуу болушу үчүн кайсы маселеге көпчүлүк балдар токтолуп, таанып-билүүнү зарыл деп тапса, аны айрым темалар боюнча топтоп, анан ага ылайык келе турган турмуштук кырдаалдын чен-өлчөмдөрүн тактап, кыргыз элинин этностук өзгөчөлүгүнө тиешелүү, б. а. окуучулардын ошол эле мезгилде өзүн бул багытта маданияттуу көрсөтүүгө тийиш жактарды өз-өзүнчө бөлдүк. Тактап айтканда, аны төмөнкүдөй жайгаштырдык: 1) **этнолингвистикалык** болуп, мында окуучулар түшүнө бербеген, ошол эле мезгилде көркөм адабий чыгармаларда активдүү орунга ээ кыргыз турмушундагы өзгөчө белгилерди чагылдырган сөздөрдүн семантикалык маанилерин, этимологиясын, фразеологиясын, семиотикасын, б. ж. улуттук филологиянын түрдүү маселеринин ичинен окуучуларга керек жактарын үйрөтүү; 2) **этнопсихологиялык** болуп, мында көркөм образдардын улуттук мүнөзүн, коомдук жана социалдык турмушка карата мамилесин, ата менен баланын, эне менен кыздын ортосундагы байланышты ар тараптуу түшүндүрүүгө мүмкүн үй-бүлөлүк, кошуна-колоңдук, айыл-апалык, ал тургай белгилүү бир аймактык, анан барып улуттук психологиянын оң жана терс жактарын ачып көрсөтүүчү эпизоддорго баа берүү жумуштарын үйрөтүү; 3) **этнографиялык** болуп, анда бүгүнкү күнгө чейин сапатын жоготпой колдонулуп келе жаткан тамак-аш түрлөрүн, кийим-кечектерди, кыргыз элине гана таандык буюм-тайымдарды, той-топурда колдонулган оюн-зоок жөрөлгөлөрүн, улуттук прикладдык өнөрдүн бардык түрлөрүн таанып жана колдоно билүү; ж. б. (караңыз **таблица 3.2.1.**).

Мазмуну боюнча орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууну турмуш менен байланыштыруу башкы орунда тургандыктан, биз мындай иш планды мурда орто билим берүү системасында практикаланган, б. а. 2000-жылдардын башында кыргыздын окумуштуулары жана педагог-практиктери тарабынан түзүлүп, алгач «Ыйман сабагы» деп аталып, кийин аны экспериенттик сыноодон өткөрүүдө «мугалимдерден, ата-энелерден, илимий жана чыгармачыл уюмдардын, райондук жана областтык билим берүүнү башкаруу органдарынан келип түшкөн сунуштарга байланыштуу, ошондой эле Кыргыз билим берүү академиясынын Окумуштуулар кеңешинин чечиминин негизинде» [Адеп сабагы. Жалпы билим берүүчү мектептердин 1 – 11-класстары үчүн окуу программасы: – Б.: 2004, 3-бет.] 2004-жылдын 19-июлунда Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин буйругу (545/1-буйрук) менен бекитилген «Адеп сабагынын» окуу программасында аталган класстарга арналган темалардын негизинде түзүүнү туура деп таптык. Ырас, азыркы социалдык абалдан караганда мындай мазмунда түзүлгөн иш план айрым багыттар боюнча жалпы маалыматтарды берип, жогоруда аталган этномаданий булактардын үстүртөн карап жаткандай туюлса да, бир катар маселелерди талапка ылайык чече алат. Маселен, мында окуучуларга этнопедагогикалык негизде билим жана тарбия берүүнү турмуш менен байланыштыруунун бир нече ык-жолдору ачыкталып, өзгөчө ушул жаштагы улан-кыздарга керектүү маселелер тээ байыркы ата-бабадан калган жашоо нугундагы руханий жана маданий баалуулуктарды жетекчиликке алууга жол ачат. Жогорудагы таблицадан көрүнүп тургандай, «Эл таануу» деген жалпы аталышка ээ болгон кадимки күндөлүк турмушка керектелүүчү социалдык кызыкчылыктарды күнүмдүк тиричиликтин алкагында карап, реалдуу инсандын **социалдык-личносттук** жана **жалпы маданий** (СЛМК) компетенцияларынын калыптанышын толук камтууга мүмкүндүк түзөт. Орто мектепте адабиятты үйрөнүү процессинде ар бир баланын билимге болгон талабы өтө кенен болгону менен алардын баарын сабакта өздөштүрүп жиберүүсү мүмкүн эмес. Андан тышкары сабакта сунушталып жаткан көркөм адабияттын үлгүлөрүн окуучулар дайыма эле жеткиликтүү окуп-үйрөнө албайт. Ага канчалык муктаждык бар

экенин да биле беришпейт. Ошол себептен, күнүмдүк сабакта окуучулар жакшы баа алыш үчүн кээ бир маалыматтарды айтып берүү менен чектелишип, анын жыйынтыгына көз мани беришпегендиктен, анда кеп болгондордун көбү унутулуп калган учурлар арбын кездешет. Экинчи жагы, сабакта сунуш кылынган маалыматтардын орду кайда экени такталбаган соң балдар аны керектөөчү чөйрө менен окуп жаткан факты-материалды байланыштыра алышпайт. Бул сабактан тышкаркы иш чараларды өткөрүүдө улуттук билим берүүнүн негизги милдети болгон этнопедагогикалык проблемаларды чечүүдө негизги максат окуу каражаттарын (көркөм текст, окуу программасы, окуу китеби, аудио жана видео каражаттары, кошумча илимий жана методикалык эмгектер ж. б.) колдонуу аркылуу кандай натыйжага ээлик кылаарын аныктап, өзгөчө окуучулардын этномаданий баалуулуктарды таанып-билүү компетенцияларын калыптандырууга жетишкени маанилүү болуп саналат. Ал адабият сабагында көркөм чыгарманы окуп-үйрөнүүдө маалымат катары берилген улуттук тилдин өзгөчөлүгүн – элдик оозеки чыгармачылыкта, акындар чыгармачылыгында, орто кылымдагы орток адабий баалуулуктарда, кол жазма адабиятындагы классикалык үлгүлөрдө, XX кылымдын башынан бери улуттук адабиятта пайда болгон түрдүү лирикалык, эпикалык жана драмалык жанрдагы табылгаларда, анан соңку адабиятта колдонулуп, адабий тилдин нормасы катары иштелип чыккан лексикалык каражаттарды көркөм чыгарманы талдоо аркылуу үйрөтүүнүн алкагында жүрүүгө тийиш. Анын практикалык мазмунун ачуу дайыма этнографиялык элементтердин коштоосун талап кылат. Ошондой эле, окуучулардын инсандык белгилерин аныктоочу **социалдык-личносттук** жана **жалпы маданий** (СЛМК) компетенциялардын калыптанышына адабий чыгарманын орду бар болгону менен биз ар бир окуучу ээлик кылган көндүм канчалык экенин аны пайдаланганда гана билебиз. Ошол себептен мугалим орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун иш чараларын түзүүдө окуучулардын компетенттүүлүгүн калыпка салууда чечендик өнөргө басым жасап, аны турмушта колдоно билүүгө зарылдык түзүү адабият сабагында кандай милдеттерге ээ болсо, класстык сааттарда, класстан тышкаркы иштерде, андан соң турмуш-тиричиликтеги

түрдүү салт-жөрөлгөлөрдө колдонууга тийиш кырдаалдарда аткарылуучу иш чаралардын системасын түзүп, аны аталган класстын окуучулары менен ишке ашыруу жолдорун так аныктап чыкканы маанилүү. Ал класстык сааттарда ар бир окуучунун жарандык жактан өзүн-өзү таанып-билүүсү үчүн тарбиялык мааниси чоң маселелерди - өз өлкөсүн, мекенин, туулуп өскөн жерин (кичи мекени катары), эли-журтун, кооз табиятын, жаратылыш өзгөчөлүгүн - ар биринин өзүнө гана таандык руханий-этикалык, маданий-нравалык жактарын өз алдынча кароо аркылуу прикладдык мүнөзгө ээ компетенцияларды да жүзөгө ашыра алат. Ошондуктан мындай иш чаралардын мазмуну этномаданиятка таянганы менен окуучулардын өздүк көркөм чыгармачылыгын жайылтууга, жеке шык-жөндөмүн өнүктүрүүгө басым жасап, **элдик ыр-күү, бий, оюн-зоок кечелерин өткөрүүнүн** чегинде маселени чечет. Мында шык-жөндөмү бар окуучулар негизги кыймылдаткыч күч болсо да, алардын жасаган жумуштарынан күтүлгөн натыйжа сөз өнөрүн ичкериден таанып-билүү менен кыргыз баласы сөзсүз билүүгө тийиш жүрүм-турум этикеттерин – социалдык чөйрөдө колдонуу шарттарын, улуттук каада-салттын тигил же бул эрежелерин, эл тарабынан иштелип чыккан түрдүү жөрөлгөлөрдү, инсандык сапаттардын адептик-нравалык стеротиптерин этнопедагогиканын кодекстери катары түшүнүүгө жол ачат. Эгер бул багытта жасалган жумуштар өз деңгээлине көтөрүлсө, окуучулар ээ болуучу компетенциялар толук аткарылып, б. а. этномаданий баалуулуктарга ээ инсан катары ар бир окуучу турмушта өз ордун табат. Бирок аны ар бир мугалим окуучулардын бардык талабын эске алуу менен тыкыр талдоодон өткөн максатын аныктап, жергиликтүү шартка жараша дайыма өзгөрүп туруу жетектеген кырдаалда колдонгону маанилүү.

Биз бул жерде «Эл таануу» деген жалпы аталыш менен алсак да, негизги проблема окуучунун өздүк кызыкчылыктарынан чыгып, кыргыз эли кылымдап аныктап койгон үй-бүлө, урук, уруу, улут, эл, анан барып мамлекет деген сыяктуу түшүнүктөргө карата ар биринин жарандык катышын - инсандык мамилесин, өз ара байланышта кишичилигин, улуттук дөөлөттөргө урмат көрсөткөн атуулдугун, бирин экинчиси сыйлаган адамгерчилигин калыптандыруунун ык-усулдары көргөзүлүшү керек. Билим жана тарбия

берүүчүлүк кырдаалга туура баа берүү иштин аткарылышын жеңилдетет. Тактап айтканда окуучу адабият сабагы аркылуу ала элек көптөгөн маселелер да ушул жерде каралууга тийиш. Себеби баланы этнопедагогикалык негизде тарбиялоо жумуштары орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын окутууда каралбаган бир катар коомдук-социалдык түшүнүктөрдүн башын ачып, алардын турмуштагы ордун мына ушул иш чаралар аркылуу чечмелеп беришин мугалим тарабынан түзүлгөн иш пландын өзү башкы милдеттеринин бири экенин сезиши керек. Андыктан мугалим түзгөн иш планда баланын жан дүйнөсүндө орун ала баштаган элдик ишенимдерге - жаратылышка, дүйнөлүк өзгөрүүлөргө, динге, ага таянып колдонулуп келе жаткан түрдүү ырым-жырымдык ой жүгүртүүлөргө, элдин салттык жөрөлгөлөрү менен коштолгон көз караштарга негизделсе гана натыйжа берет. Ал эми анын турмуштук багытта аткарылыш деңгээли азыркы адамдын жүрүш-турушун талдоо аракеттери менен жүзөгө ашса, окуучулар компетенттүү көндүмдөргө жетишип, мурдатан күтүлгөн төмөнкүдөй **руханий-маданий сапаттарга** ээ болот: а) бардык улуттук баалуулуктарды сыйлайт; б) адабий-тарыхый эс тутуму жогору болот; в) кыргыз элинин менталитеттик бөтөнчөлүгүн түшүнөт; г) кыргыздын улуттук көркөм философиясын жогору баалайт; д) өз элинин каада-салттарын, жөрөлгөлөрүн үйрөнөт; е) уруу-уруктук жана жалпы элдик кызыкчылыктарды өз ара бөлүп, ички айырмасын аныктай билет; ө) этностук түрдүү көз караштарды өздөштүрүүгө кызыгат; ж) өзүн элинин адептик педагогикалык эрежелерине ылайык тарбия алат; з) зарыл болгон педагогикалык шартта илимий эмгектерге, калк өзү колдонулуп келе жаткан турмуштук-социалдык тажрыйбаларга таянып, аларды башкаларга үйрөтөт; и) өздөрүнүн пендечилик керектөөсүн улуттук кызыкчылыктар менен айкалыштырат.

Демек, орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууну социалдаштыруу боюнча иш чараларын түзүүдө мугалим окуу программасындагы көркөм адабияттын алдыңкы үлгүлөрүн кыргыз эли байыртадан бери колдонуп келе жаткан **дөөлөттөрү менен интеграциялап**, жаңы муундун өкүлдөрүнө сабак болчу этномаданий баалуулуктар эмне экенин туюндуруучу философиялык-эстетикалык кудуретин

өздөштүрүүнү бир мезгилде адистер тарабынан түзүлгөн «Эл таанууда» иштелип чыккан мазмунга жүктөгөнү оң. Практикалык иштер көрсөткөндөй, аны ошол турушунда пайдалануу бардык орто мектептер үчүн мүнөздүү эмес жагдайдын бар экенин ачыктайт. Маселе окуучулардын **социалдык-личносттук** жана **жалпы маданий** (СЛМК) компетенцияларын калыптандыруу болгондуктан, «эл таануу» багытындагы иш чараларды окуп-үйрөнүү коомдун кызыкчылыгында турган өзүнүн жашоо-тиричилигине компетенттүү жарандын облигин түзүүдөн башталып, окуу процессинде ар бир аткарылган иш чарада мазмундук жактан тереңдеп жүрүп отурган концепцияда болгону туура. Ырас, азыркы абалдан караганда ар бир мектептин өзгөчөлүгү болсо да, алардын баарын бириктирип турган жалпы түшүнүктөр бар, биз мына ошого басым жасашыбыз керек. Ал бардык окуучулардын социалдашуусунда маанилүү роль ойногон маселелерди камтып, эл ичинде дайыма актуалдуулугун жоготпой келе жаткан түшүнүктөрдү, жетекчиликке алганы маанилүү, алар: 1. Өздөштүрүлүп жаткан адабий чыгарманын идеялык мазмуну аркылуу кыргыз элинин этникалык маданий тарыхын жана рухий-ыймандык дүйнөсүн таанып-билүү; 2. Реалдуу турмуштук шартта «**өз ордун издөө**» б. а. өзүн инсан катары аңдаштырууда үй-бүлөнүн, ата-теги менен жети атасына тиешелүү салттык мурастарды өз айылынын (шаарынын) тарых-таржымалына байланыштырып үйрөнүү, башкаларга таанытуу максатында **этнологиялык изилдөө иштерин жүргүзүү** жана аны жалпыга өзү иштеп чыккан **долбоорлор аркылуу жарыялоо**; 3. Ата Мекен, коом жана мамлекет алдында **жоопкерчиликти сезүү**, б. а. уландарга **ата болуу**, кыздарга **эне болуу жоопкерчилигин** Ата Мекен, эл-журт жана мамлекеттик иштерди саясий-социалдык жактан аңдаштырууда өз алдында турган инсандык жоопкерчиликти сезүү; 4. Келечекте ата-эне болуунун зор дөөлөт экенин түшүнүү, кийинки муундун алдында милдеттүүлүгүн аңдаштырууда кыргыз салтын реалдуу **турмушунда жетекчиликке алуусу**; 5. Окуучулардын **инсан катары жетилүүсүндө эне тилдин ролу**, б. а. көркөм чыгарманын сюжетин, идеялык мазмунун, элестүү чагылдыруу табиятын, автор тарабынан берилген «жашоо философиясына» баа берүүдө тилдин кудуретин таануу; 6. Эне тилдин бардык маалыматты алууда, ойду башкаларга сунуштоодо түрдүү көз карашты

элестетип түшүнүп, не бир **татаал маселелерди чечүүдө ойду так, ички туюмга жеткирүү** жолдорун көндүм катары калыптандыруу; 7. «Өнөр алды кызыл тил» деген түшүнүктүн маанисин ачып, түрдүү сүйлөшүүнүн бардык жагдайларында туура сүйлөп, оюн так баяндап, логикалык жактан жыйнактуу көз караштуы билдирүү эрежелерин, сөзгө ынандыруу формаларын, маектешүү үчүн коомчулукта иштелип чыккан **ык-норма, этикеттерди үйрөтүү**; ж. б.

Билим берүү системасы азыркы учурда окуучулардын компетенцияларына басым коюп, негизги маселе катары окуучулардын ар бирин турмушка даярдоо аракети башкы орунга көтөрүлгөн маалда мындай иш чаралардын мазмуну эне тилдин социалдык чөйрөдө аткарган кызматы эмне экенин окуучуларга ар тараптуу түшүндүрүү максатында баланын инсан катары толук жетилүүсүнө маанилүү роль ойногон көркөм сөздүн кудуретин, анын адамдык мамилелерде аткарган кызматын толук чагылдырып берүүгө тийиш. Муну менен биз эне тилдин «инстурменталдык компетенция» деп аталчу касиетин практикалык мазмунда жүзөгө ашыра алабыз. Экинчи жагы, туура сүйлөө, сүйлөшүүдө ага керектүү кеп маданияты боюнча мындай иш чараларды уюштурууда инстурменталдык компетенцияларды жеткиликтүү пайдалануу менен ата жана эне болуу жоопкерчилигин айкалыштыруу ар бир окуучунун инстинктерине да таасир берип, кимисине болбосун келечек муундун алдында милдеттүүлүгүнө тиешелүү сезимдерин козгой алат. Мугалим аны ишке ашыруу ык-усулдарын окуучулардын социалдык керектөөсүнө жараша тандаганы оң. Кандай учурда болбосун балдардын коомчулук алдында жекече аракеттенүүсүн жогорулатуу, топ менен иштеше билүү көндүмдөрүн арттыруу жумуштарына таянган иш чаралар жакшы натыйжа бергендиктен, мугалим ишти уюштурууда ар бир окуучунун ага активдүү катышуусун жана алардын ички демилгесине ойготуучу ык-усулдарды кеңири пайдаланганы маанилүү орунда турат. Бирок бул багытта иш алып баруу тыкыр иштелип чыккан дидактикалык принциптерге негизделиши керек. Аны окутуу жумуштарындай эле Я.А.Коменский, А.Дистервег, К.Ушинский, ж. б. тарабынан башталып, И.Бекбоев, Э.Мамбетакунов сыяктуу кыргыз педагог окумуштуулары тарабынан практикалык иштердин негизинде тереңдетилген дидактикалык принциптерди

жетекчиликке албаса болбойт, алар: 1) кырдаалга акыл-эстүүлүк менен баа берүү; 2) аң-сезимдүүлүк аркылуу жашоо-тиричилигин аныктоо; 3) жеке көз карашын далилдөө үчүн көрсөтмөлүү мисалдарды келтирүү; 4) иш чараларды өткөрүүдө системалуулук менен ырааттуулукту колдонуу; 5) турмуштук мисалдарды алууда балдарга жеткиликтүү ык-усулдарды пайдалануу; 6) теориянын практика менен болгон байланышын түзүү; 7) бардык маселени илимий жол менен түшүндүрүүгө багыт алуу; 8) талаш-тартыш проблемаларды чечүүдө тарыхка кайрылуу; 9) көйгөйдү аныктоодо гумандуулук принцибин жетекчиликке алуу; 10) ар бир сунушталган иш чаранын тууралыгын практиканын негизинде бышыктоо; 11) аткарылган иштерди мазмундук жактан улануучу усулдарды дайыма колдонуу; ж. б. орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууну социалдаштыруу боюнча иш чараларын түзүүнүн концепциясы катары кабылдоо талапка ылайык келет.

Ырас дидактикалык принциптерди билим берүүдө колдонуу жумуштары окуучулардын социалдык керектөөсүнө жараша ар кандай деңгээлди талап кылуусу мүмкүн. Албетте, алар билим жана тарбия берүүнүн концепциясында берилген компетенцияларды калыптандырууда маанилүү роль ойногон принциптерге басым жасап, иш чаралар аркылуу окуп-үйрөнүүдөн алынчу натыйжалардын өзгөчөлүгүнө байланыштуу айрым толуктоолорду кошсо болот. Мында көңүл бура турган жагдай, кайсы принциптин негизинде болбосун аткарылган иш чара өзүнүн мазмунунда **окуучулардын активдүүлүгүнө** таянып, зарылдыгына жараша түрдүү методдорду колдонууд балдардына аң-сезимдүү кабылдоосу менен бирге турмуштун өзүндөгү проблеманын мазмунун аныктоодо илимге басым коюп, аны **көрсөтмөлүүлүк принцибине** негизделип, андан соң билимди **бекемдөө принцибин** ар бир окуучунун өзүнө калтырганы туура. Кыргыздын этнопедагогикасында ээрчитип жүрүп билим жана тарбия берүү жумуштарына айрыкча көңүл бурулгандыктан, анда иштин мазмунунда окуучуларга көндүм калыптандыруу **жеткиликтүүлүк принциби** дайыма сакталып, өзгөчө анын маңызы **турмуш менен байланыштуулук принцибинде** ачылат. Ошондуктан иш чаралардын коомдук кызматын аныктоодо мугалим

окуучунун жеке практикасы менен байланышкан чөйрөнүн ички белгилерине анализ жасап, балдардагы ынтызар болуунун социалдык рычагын таап, анын кийин системалуу алга жылуусун камсыздоочу **удаалаштык принцибиндеги** иштерге карай ык-усулдарды тандаганы маанилүү орунда турат. Себеби балдар тарбия алчу турмуштук окуялар окуучулардын компетенциясынын калыптануусун стимулдаштырып, иш чаранын жүрүшүнө жекече жана группалык формада катышуунун түрдүү вариацияларын түзүп чыгууга жол ачат. Турмушка керек «Эл таануу» жумуштарын элдик дидактикалык эрежелерден караганда кырдаалды баланын ички сезимдери менен байланыштырып иликтөө тарыхый мазмунга ээлик кылган, үлгү болуучу адеп-ахлактык билимдерден сабак алып, аны жашоо кызыкчылыгына оптималдуу түрдө айкалыштырып пайдаланууда керектелүүчү жөндөмдөрдү иштеп чыгууга милдеттүү болуп саналат. Мында окуучунун окуу процессине активдүү катышуусу кандай маанилүү болсо, аны кийин реалдуу турмуштук түрдүү кырдаалдарда колдонуп, ишти жүзөгө ашырууда негизги концепция катары пайдаланууга мүмкүн болгон көз карашка жеткирүү да дал ошондой милдеттердин бирине кирет.

Орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууну социалдаштыруу боюнча иш чараларын түзүүдө билим жана тарбия берүү боюнча ык-усулдар менен методдорду тандоо, аны көрсөтмөлүү деңгээлге жеткирип, инсандык катышта үлгү болуучу адамдык касиеттердин өсүп жетилүүсүнө өбөлгө түзгөн кырдаалга артыкчылык берүү ишти оптималдуу уюштурууга жол ачат. Мында негизги маселе окуучунун социалдык керектөөсү болгондуктан, ишти уюштуруу боюнча методдорду тандоодо басым ар бир баланын иш чарага активдүү катышуусун камсыздоочу төмөнкүдөй жагдайлар каралат:

– ар бир баланын иш чараны өткөрүүгө карата ички даярдыгы;

– мурда өтүлгөн темалар менен иш чаранын принципалдуу байланышын түзүп, андан алчу натыйжаны түшүнүп, проблеманы социалдык аспектиде кароосу;

– иш чаранын мазмунун эске алуу менен анда өз концепциясын коргоо үчүн баяндама жасоо жумуштарын өткөрүү;

– тил – тилүүчү (ажыратуучу, бөлүүчү), ой – оюучу (коаздочу, терeңдетүүчү), кат – катуучу (жашыруучу) курал экендигин ата-энесинин, тууган-уругунун, айыл аксакалдарынын жардамы менен иликтеп, этнолингвистикалык багытта изилдөө долбоорун түзүү;

– эне тил – улуттук дүйнө таанымдын ачкычы экенин, бул түшүнүк кыргыз эл педагогикасында эң маанилүү, тарбиялык таасири күчтүү касиеттерге ээлик кыла турганын турмуштук мисалдар менен далилдөө дискуссиясын өткөрүү;

– кыргыз элинде эмне үчүн билим жана тарбия берүү жумуштары «ээрчитип үйрөтүү» концепциясында ишке ашырылганын, анын билим философиясында ээлеген ордун кыргыз элинде колдонулган салт-жөрөлгөлөргө таянып аңдаштыруу жана аны билбегендерге презентациялоо жолу менен түшүндүрүү;

– кыргыз элинин турмуш-тиричилигин башкарып турган ыйман-ынсаптуу мамиленин калк арасында сакталышына карата ар бир окуучунун жеке концепциясын иштеп чыгууга өбөлгө түзүү жана аны классташтарынын алдында коргоо аракеттери;

– «кыргызчылык» түшүнүгү боюнча көп түрдүү пикирдин болушу, аны социалдык чөйрөдө оң жана терс көрүнүштөргө байланыштырып, ага мисалды көркөм чыгармалардан жана турмуштук окуялардан таап, эмне себептен ушундай пикирге келгенин аргументтештирүү;

– окутуу процессинде берилген этномаданий билим берүүнү элдик педагогиканын салттарында иштелип чыккан билимдерге байланыштыруу, андан улуттун уңгусу болгон сөз кудуретин – бата, тилек, каалоо, алкыш, каргыш, ж. б. ушул түшүнүктөргө жараша бөлүп чыгышы;

Практикалык иштер көрсөткөндөй, мындай жумуштардын дайыма үзгүлтүксүз аткарылып турушу окуучулардын социалдык көндүмдөрүн калыптандырууга жакшы жардам берет. Жогоруда белгиленген багыттар боюнча маалыматтар так жеткен болсо, окуучулар өздөрү эле айлана-чөйрөсүнө баам салып, элдин жашоо-тиричилигине ичкериден талдоо жүргүзүп, кайсы каада-салттар кеңири колдонулуп, ал эми кайсылары пайдалануудан чыгып кеткенин ажырата алышат. Бул сыяктуу жумуштар менен дайыма алектенген класстын

окуучулары мындай иш чараларды сейрек өткөргөн класстын окуучуларынан кескин айырмаланып, бир катар багыттар боюнча «кыргызчылыктын» турмуштук керектөөдө колдонуу деңгээлин көрсөтө алат. Мындай мамиле элдин жашоо-турмушун жакындан билип түшүнүү үчүн окуучуларды эл менен байланыштырып, өзгөчө «жакшылык» менен «жамандыкта» кимдин «орду» кайда экенин аныктоого жардам берет. Ошол себептен айыл ичинде түрдүү салт-санаанын негизинде болуп өткөн социалдык-турмуштук окуяларга тикелей катышууга, «тууган» же «кошуна» катары жардам берүүгө, анда «кызмат көрсөтүүнүн» кандай түрлөрү болушу мүмкүн экендигин изилдөө жолдору менен классташтарынын алдына алып чыгуу балдарга жакшы тарбиялык сабак боло алат. Баланын социалдык кызыкчылыгын элдин жашоо-турмушу менен байланыштыруу ар бир окуучунун айлана-чөйрөсүндө болгон жоопкерчилигин арттырып, улуу менен кичүүнүн ортосундагы түрдүү кызматташууда өз ордун аныктоого чоң жардам берет. Тактап айтканда, эл менен аралашып, элдик каада-салттарды жеке тиричилигинде колдонгон окуучулардын бул багытта иштерден кабары жок окуучуларга салыштырмалуу этнопедагогикалык таалим-тарбиядан кабары болуп, азыркы учурда эл арасындагы «жамандык» менен «жакшылыкта» кызмат көрсөтүүдө өз ордун туура түшүнүп, жеке демилгеси менен социалдык чөйрөдө компетенттүүлүгүн көрсөтөт. Ал эми мындай социалдык жагдайдан тышкары калган шаардык мектептин окуучулары эл арасында кездеше калчу этикалык-нравалык жүрүм-турумдарда өз ордун таба албай, ич ара мамиледе социумга таандык түшүнүктөр жетишпей, анын натыйжасында түрдүү психологиялык кыйынчылыктарга туш келген учурлар көп болгондуктан, окуучулардын адабий билимин турмуш менен байланыштырууда алардын өздүк чыгармачылыгын, изилдөө долбоорлорун тикелей ушул багытка буруп, ар бир салт-санаанын коомчулукта ээлеген ордун, руханий позициясын ачып көрсөтүү жумуштара кеңири пайдалануу зарылдыгы турат.

Мындай жумуштарды сабакта жана сабактан тышкары иш чараларда колдонуу мугалимге аны уюштурууда проблема менен жакындан таанышып, эл арасында активдүү аракетте турган каада-салттарды, ырым-жырым, жөрөлгөлөрдү, кээ бир эрежелерди, аш-тойлордун жүрүшү аркылуу аныктап, ага

тиешелүү шартта ачып, социалдык чөйрөдөгү абалына окуучулар өз алдынча иштеп чыккан **долбоорлор боюнча иликтөөсү** бир катар жагымдуу абал түзөт. Ырас, ал окуучулардын долбоорлоо технологиясын канчалык өздөштүргөнүнө байланыштуу сапатын ачыктай алат. Айрыкча мында окуучудардын процесске катышуусу маанилүү роль ойноп, алардын кыргыз турмушун канчалык деңгээлде билгени, б. а. кыргыздар дайыма көчүп-конуп, анын натыйжасында улуттук философиясын коллективдүү ой жүгүртүүгө негиздеп, андай абалда улуу менен кичүү ортосундагы байланыштар бардык жагынан толук эрежесинде аткарылгандыктан, эл арасында азыркыга чейин колдонулуп келаткан тарбия берүүчү түшүнүктөрдүн мазмунун ачып, анын жергиликтүү кырдаалда аныкталуучу айырмачылыгына таянып иликтөө иштерин уюштуруу окуучулар тарабынан жасалчу долбоорлордун мазмунун да жакшыртат. Балдардын мындай долбоорлору этнопедагогикалык түшүнүктөрдү таанып-билүүдө гана маанилүү роль ойнобостон, аны зарылдыгына жараша кайда пайдаланууга мүмкүн болгон жашоо шартты да даана көрсөтүп берет. Көпчүлүк педагогдор ишти уюштурууда окуучулардын мындай аракетине маани бербегендиктен, кыргыз адабияты аркылуу үйрөтүлүүчү элдик каада-салттар, алардын баланын жашоосунда ээлеген орду ачыкталбай, окуучулардын социалдык-инсандык компетенциясы өз деңгээлинде жетпей жатканын көргөзөт. Ошол себептен адабият мугалими окуучулардын адабий шык-жөндөмүн, ар кандай кыялдарын, көз карашын, өзгөчө дүйнө кабылдоосун ушул сыяктуу долбоорлор аркылуу өз жашоосу менен байланыштырып, окуу процессинде өтүлгөн материалдарды реалдуу турмуш чындыгы аркылуу бекемдөөчү касиетти издөөнүн ык-усулдарына артыкчылык берүүсү зарыл. Анткени сабакта балдар айтып берген түшүнүктөрдү толук эстеп калууга дайыма эле ыңгайлуу шарт болбогондуктан жана мындай мамилеге окуучулардын баары көнүп калгандыктан, өздөрүнүн келечеги үчүн маанилүү болгон элдик каада-салттарды өздөштүрүүгө мындай белгилүү бир долбоорлор менен иштөө өз натыйжасына жетишүүгө жол ачат. Балдардын баары эл аралап мындай долбоорлор менен иштөөнү каалабайт, бирок кыргыз адабияты сабагы көркөм чыгармалардын идеялык мазмунунда берилген эл турмушуна таянып, андагы сюжетти элдин жашоосунда күндөлүк көндүм көрүнүш катары орун

алган окуялар менен салыштырып, эртең эле ушул сыяктуу тиричиликтин «ээси болоорун» туюндурган процесстен «өз ордун» жоготпой сактап калууга карата «түшүндүрүү иштерин жүргүзүү» гана окуучулардын кызыкчылыгын ойготуп, жоопкерчилигин арттырат. Экинчиден, долбоор ар бир окуучунун өзү тарабынан түзүлгөндүктөн, кайсынысы болбосун балдар үчүн актуалдуу проблеманы козгоп, аң сезимдүү түрдө өздөрүн турмушка даярдоо багытына керектүү маселелерди биргелешип талдоо аркылуу ошол аймакта маанилүү улуттук каада-салттарды, ырым-жырымдарды, салттык жөрөлгөлөрдү жакындан таанып-билүүгө ыңгайлуу шарт түзүлөт. Бирок, мындай иш чаралар максаттуу түрдө жана дайыма аткарылып турган маалда гана өз натыйжасын берет. Аны биз тарабынан өткөрүлгөн практикалык иштер ырастады.

Дайыма көздөгөн максатка жетүү үчүн адабият мугалими өзү иштеп чыгып, педсовет аркылуу мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууну социалдаштыруу боюнча кабыл алынган иш чаралардын жыл бою жүрүшүн көзөмөлдөп, айрым учурда баланын **социалдык-личносттук** жана **жалпы маданий** (СЛМК) компетенцияларын калыптануусу боюнча өз ара сурамжылоо жумуштарын өткөрүп, эгер зарылдык болсо, андай анкеталарды ата-энелерден да алып, балдардын кыргыз салттарын жакшы билген, «ата-энеге күйүмдүү» калк алдында ыймандуу, «улууга урмат», «кичүүгө ызаат» көрсөтө алган инсан катары өсүп желүүсүнөн кабар алууда маанилүү орунда турат. Негизинен иш чаралар жалпы маселелерди камтып, социалдык чөйрөнү окуучуга таанытууда жашоо-турмушту аңдаштыруу боюнча жергиликтүү шарттарга таянса да, балдар өздөрү жасаган долбоорлорунда үйрөнүүгө зарыл болгон кырдаалдар бар экенин айкындай алат. Андыктан, мугалим мындай иштердин сапатын аныктоо маалыматтардын жумуштун мазмунуна ылайык тигил же бул адабияттан көчүрүлгөнүнө эмес, реалдуу турмуштук кырдаалды өз алдынча аңдаштырганына басым койгону оң. Антпесе, окуучулар түрдүү жолдор менен жагдайдан чыгууга аракет кылышып, өз алдынча иликтөө жүргүзүүдөн качып, проблеманы түшүнүү деңгээли өтө төмөн бойдон калат. Муну да практикалык иштер ырастады.

Адабият мугалими элдик каада-салт, ырым-жырым, түрдүү жөрөлгөлөр менен ага болгон ишенимдердин тарбиялык мазмунун азыркы окуучуларга түшүндүрүү иштерин адабий чыгармаларды аркылуу баштаса да, ал ойлор ар бир баланын социалдык керектөөсүнө байланышкан идеяны көтөрүп чыгып, турмуштук маани-маңызын ачып берүү технологияларын дайыма жаңылоо зарылдыгын жетекчиликке алганы маанилүү. Кыргыз элинин жараны катары коомдук иштерге жаңыдан аралаша баштаган улан-кыздарга адабий ой жүгүртүү туура багыт берип, адабий каармандардын «жашоосунан» реалдуу көрүнүшкө ээ өз жашоосуна кайтып келүүдө логикалык жактан ишенимдүү, социалдык чөйрөдө ынанымдуу пикирге жетекчилик кылуучу касиеттерди инсандык компетенция катары калыптандыруу технологияларын издөө ар бир окуучунун чыгармачыл аракетине таянышы керек. Мында айрым эксперменттик иштер көрсөткөндөй, этнопедагогиканын негизги өзөгү азыркы кыргыз турмушунда экенин эсепке албай, көпчүлүк мугалимдер окуучуларга методикалык сунуштарды берүүдө башка мамлекеттердеги окуу процессинде практикаланган ык-усулдарга басым жасап, кыргыз эли өзү иштеп чыккан жана ушул мезгилге чейин калк арасында активдүү колдонулуп келе жатканына маани бербеген учурлар көп байкалды. Мугалимдердин көбү өткөн кылымдан бери улуттук билим берүү системасына көнүмүш болуп калган шарттан этнопедагогикалык таалим-тарбия берүү жумуштарына мамиле кылгандыктан, балдар өздөрү пайдалануучу ык-усулдар менен жеке социалдык кызыкчылыктарын байланыштыра албай кыйналгандары арбын кездешти. Анын себебин тактоо аракетин көрүп, мугалимдерге ушул маселенин тегерегинде суроо бергенибизде айрымдары жеке изденүүлөрүн мисал катары келтирүүгө басым коюшса, кээ бирлери «жогору жактан сунушталган» окуу-методикалык көрсөтмөнүн чегинде иш жүргүзүп жатканын факты катары келтиришкен. Мурда иштелип чыккан билим берүү концепциясы боюнча бул туура болгону менен баланын **социалдык-личносттук** жана **жалпы маданий** (СЛМК) компетенцияларын калыптандыруу максатында аткарылуучу иштерди сапаттуу жүзөгө ашырыш үчүн терс жактарын тийгизген учурлар байкалат. Азыркы учурда билим берүүнүн максаты ар бир окуучуну турмушка даярдоо болгондуктан, адабият

сабакта жана сабактан тышкаркы иш чараларда үйрөнүүгө зарыл болгон маселени көтөрүп чыгып, аны чечүү жолдорун көрсөтүп, проблеманы жолго коюуда кандай ык-усулдар туура болоорун так түшүндүргөн соң, калган иш чараны,ошондой эле уюуштуруу жана өткөрүү ык-усулдарын балдардын жеке чыгармачылыгына калтыруу бир катар кызыктуу натыйжаларга алып келет. Коюлган маселе кайсы багытты албасын мугалим окуучулардын өз ара иш алып баруусунда адабий тилдин нормаларынын сакталышын, көркөм сөз каражаттарын колдонуу чеберчилигин, улуттук риториканы пайдалануусун, аны менен бирге билим жана тарбия берүү принциптеринин сакталышын дайыма көзөмөлдөп турушу керек. Андай болбой калган шартта төмөнкүдөй катачылыктар кетээрин байкадык:

– сабакта же иш чара эмне максатты көздөгөнү аныкталбайт;

– дидактикалык принциптер толук жетекчиликке алынбайт;

– кайда колдонуууга боло турган жагдайлар ачыкталбайт;

– кайсы компетенцияларга басым жасалганы билинбейт;

–сабак же иш чаранын турмуш менен болгон байланышы көрүнбөйт;

– окуучулардын андан ары көндүмдөрү кайда жумшала турганы мугалимге даана сезилбейт;

Мындай көрүнүш учурда бардык мектептерде кездешип жаткандыктан, аны четтетүү максатында биз орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууну социалдаштыруу боюнча иш чараларын түзүүдө билим жана тарбия берүү боюнча ык-усулдардын аткарылышын төмөнкүдөй бөлүштүрүү жакшы натыйжа бере турганын көрдүк, алар: календарлык план боюнча өтүлүп жаткан адабият сабагында (а); класстык сааттарда колдонулган адабий чыгармалардын мазмунунда (б); мектепте өтүлгөн түрдүү кечелердин адабий-эстетикалык маңызында (в); мектептен тышкаркы шартта уюштурулган акциялардын руханий-этикалык табиятында (г); күтүүсүздөн болгон социалдык чөйрөдөгү «жакшылык» жана «жамандыктын» социалдык касиетинде (д); жана башка жагдайлар менен тикелей байланышта туруп жасалса.

Жалпысынан бир максатты көздөгөнү менен аларды реалдуу турмуш шартка байланыштырып ишке ашыруу жагынан бир топ татаал методикалык иштерди уюштурууну талап кылат, б. а. мындай иш чаралардын аткарылышы кыргыздын этникалык өзгөчөлүгүнө, ага негизделген турмуш-тиричилигине, анда маанилүү роль ойногон каада-салттарга көз каранды болгондуктан, мугалим окуучулардын жан дүйнөсүнөн орун алчу ык-усулдарга басым жасаганы туура. Көпчүлүк учурда андай болбой калгандыктан, көтөрүлгөн маселени ишке ашыруу татаалдашып, аткарылчу жумуш балдардын реалдуу жашоосунан алыс калган учурлар бар. Бул окуу процессинде ага көп маани берилбей, балдар андай иш чаранын ошол жердеги жүрүшүнө, өзгөчө кызыктуу болушуна көңүл буруп, ал эми андан алынчу натыйжа аныкталбай жатканына кабар берет. Тактап айтканда, мындай абал окуучулар менен иш алып барууда орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууну кандай ык-усулдар менен уюштурса аларды социалдаштыруу жеңил боло турганын биринчи баскычка коюп иш чараларды түзмөйүн билим жана тарбия берүү боюнча пландаштырылган жумуштар өз деңгээлине чыкпай жатканын аныктайт. Окуучулар менен иш алып баруу план боюнча жүрүп, баары мугалим койгон максатка жетти деген учурда да негизги жыйынтыкты балдардын турмушка болгон даярдыгы айкындагандыктан, аткарылган жумуштун натыйжасын баалоо принциптери да ушул өңүттөн болгону туура. Ошондой эле ар бир мугалим иштин натыйжасына жетүү үчүн кандай методикалык иштерди жүргүзбөсүн, алдыга коюлган максат окуучулардын социалдашуусуна тикелей кызмат кылуучу компетенцияларды калыптандыруу жактарын карап, эл арасында өздүк чеберчилигин көргөзүүгө жөндөмдүү, жашоо-турмуштук кызыкчылыктар менен айкалыштыруу аракетинен көрүнгөн өз чөйрөсүндөгү лидерлик касиеттерин, мүнөз-белгилерге басым коюшу талапка ылайык келет. Анын усулдук формасы баланы элдин жашоосуна жакындаштырып, бардык проблеманы адам табиятына туура келүүчү этностук түшүнүктөр менен баалап, этикалык жана эстетикалык мазмунда кызмат көрсөтүүгө мүмкүн болгон элдик нарк-насилдин чегинде баладагы көндүмдөрдү алып чыгуу деңгээлине жетсе гана баалуу болуп саналышы керек. Болбосо сырттан келген билим жана тарбия

берүү формаларына басым жасап, бирок алардын эч бири баланын жан дүйнөсүнөн орун таппай калган абалды эксперимент маалында көп эле кездештирдик. Мунун өзү орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун ык-усулдарын тандоодо мугалим алардын алган билимин социалдаштырууга жеңил болуучу жагдайларга артыкчылык бермейин окуу процесси айкындай турганынан кабар берип турат. Ошол себептен иш чаралардын планын кандай түзсө да адабият мугалими биринчи кезекте окуучулар тез үйрөнүүчү көндүмдөргө басым коюп, анан аны ишке ашыруу ык-жолдорун издесе маселе жеңил чечиле турганын эске алууга тийиш. Практика көрсөткөндөй, мындай шартта кыргыз этномаданиятында маанилүү орунга ээ болуп келген бала тарбиялоонун ык-усулдарына артыкчылык берип, аны чыгармачылык менен жергиликтүү шартка ылайыктап колдонуу ыңгайлуу болуп саналат. Андай ык-усулдардын артыкчылыгы төмөнкүдөй жагдайларда даана ачылат: 1) турмушта мурда колдонулуп жүргөндүктөн, балдарга аны аткаруу жол-жобосу менен тааныштыруу жеңил болуп саналат; 2) ар бир окуучу өзүн ошол жердеги социалдык топтун мүчөсү экенин жакшы сезгендиктен, өзүнө тиешелүү кандай функция болбосун жеке ордун табууну көздөп, иш чарага ички кызыкчылыгы менен активдүү катышат; 3) ал иш чара окуу процессинде жүрүп жатканы менен окуучулар өздөрү эле аны кайда колдонууга мүмкүн болоорун толук элестетүүгө ылайык абал реалдуу турмушта даана көрүнүп тургандыктан, андай иш чарада аткарылган жумуштарды балдардын кабылдоосу жеңил болот; 4) кыргыз этномаданиятына таандык руханий-этикалык жана адабий-эстетикалык дөөлөттөр балдарга кичинесинен белгилүү болгондуктан, анда берилген идеялык мазмунду кабылдоо да, ишке ашырууда окуучулар үчүн кыйынчылыкты жеңилдетет; ж. б.

Кыргыздын улуттук табиятына мүнөздүү өзгөчөлүктөр окуучулардын турмуштук философиясын түзүүгө жардамдашып, айрым жетишпеген жактарын толуктап, эл арасында дайыма аткарылып келген каада-салттардын, ырым-жырымдардын алгылыктууларын ичкериден сезип, ошол эле мезгилде коомдун өнүгүүсүн туюп, билим берүү процессиндеги жетишчү ийгиликке жол ачат. Мунун өзү өткөн доордо кетирилген кемчилдиктерди жоюп, тарбия берүү

түшүнүгүнүн маанисин жаңыча талдап, азыркы билим берүүнү илимий жактан таанып-билүүдө маанилүү роль аткаруу менен бирге мындан ары орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууну кандай ык-усулдар менен уюштурса натыйжалуу болоорун да ачыктай алат. Ар бир окуучуга берилген билим биринчи кезекте анын жүрүм-турумун, социалдык чөйрөгө ыңгайлашуусун, жергиликтүү жашоо-тиричиликтеги түрдүү өзгкчөлүктөрдү башка аймактар менен салыштыруудан сапатын жогорулатат. Адабият сабагын окутууда мындай абалды мугалим дайыма эстен чыгарбашы керек. Анткени кыргыз баласынын көркөм туюму тикелей ата-эненин, үй-бүлөнүн, ага-туугандын, айыл-апанын дүйнө кабылдоо принциптери аркылуу иштешип чыккан этикалык-моралдык жүрүм-турумга таянып түптөлгөндүктөн, орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууну өркүндөтүү багытында түзүлгөн ык-усулдар менен кандай формада уюштурулбасын мурда аныкталып калган дүйнө кабылдоосун, социалдык чөйрөнү аңдаштыра билүү мүмкүнчүлүгүн туура пайдаланбаса көздөгөн максат орундалбай калышы ыктымал. Ошол себептен сырттан келген окутуу формалары менен ык-усулдарына артыкчылык бербестен, балдардын инсандык жана социалдык-маданий компетенцияларын калыптандыруучу касиети жогору турган, эл ичинде кеңири колдонулган салттуу окутуу формаларын, же болбосо үй-бүлөдө, тууган арасында, айылдык салт жөрөлгөлөрдө таасирдүү күчкө ээ таалим-тарбия берүү иштерин пайдалануу да маанилүү экенин эстен чыгарууга болбойт. Мугалим адабият сабагы аркылуу өздүк жашоосун таанып-билүүгө балдарды канчалык жакындаштырса, алардын көркөм чыгарманы өз алдынча кызыгып окушу ошончолук жогору болуу менен бирге айрым турмуштук окуяларды адабий сюжетине салыштырып, андагы автор тарабынан берилген идеялык мазмунду аңдаштырып, андан өз жыйытыгын чыгаруусу улам өнүгүп, аң сезимди калыптандыруучу жол-жобого айланаары бышык. Ал класстан тышкаркы иш чараларды түзүүдө да маанилүү роль ойнойт, б. а. окуучулар өз алдынча иштерди аткаруудан мурда өзүнө эң жакын турган, же ички табиятын жакшы билген кызыкчылыктан мамиле этээрин эстен чыгарууга болбойт. Балдарга сунушталган иш чаралардын жол-жоболорунда улуттук

этномаданий билим берүүнүн өзөгү сакталып, негизги белгилери күнүмдүк турмуштук керектөөдөн чыккан болсо, адабий образдардын аракети менен өзүнүн реалдуу жашоосу менен байланыштырууга кеңири жол ачылып, туура же туура эмес экенине карабастан окуучунун өз алдынча ой жүгүртүүсүнө өбөлгө түзүлөт да, ар бир окуучу адамдык табиятына мүнөздүү социалдык керектөөсү эмне экенин ачыктап берет.

Мындай көрүнүш орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун ык-усулдарын тандоодо мугалим балдарды социалдаштыруучу турмуштук окуялар менен адабий чыгармалардын идеялык мазмунун байланыштыруучу жумуштарга басым жасап, андан көз караштардын тууралыгын аныктоочу дебаттарга алып чыгып, жеке үй-бүлөлүк байланыштардан тартып, айыл-апалык, чөлкөмдүк, аймактык, улуттук же мамлекеттик кызыкчылыктарга чейинки маселелерди талкуудан өткөрүп, керектүүлөрүн тандап алууга окуучуларды жашоо-турмушка даярдоого жол ачат. Экинчи тарабынан жергиликтүү аймактык өзгөчөлүккө жараша окуучулар үйрөнүүгө тийиш болгон элдик салттарды, кыргыздын улут катары сакталып калышына маанилүү роль ойной турган руханий-нравалык жол- жоболорду, балдарда атуулдук же мекенчилдик сезим-туюмдарды, элдик өнөр, буюм-тайым, оюн-зоок аркылуу аңдаштырууга мүмкүн болгон көркөм-эстетикалык туюмдарды системалаштырууга кеңири өбөлгө түзүлөт. Мында баланы жашоого ыңгайлаштыруу – эң башкысы өздүк жашоосун таанып-билүүгө, жаңыланып бара жаткан доордун элесин көркөм-адабий образдардын негизинде түзүүгө, жашоону аңдаштыруу принциптерин алдын-ала элестетип, аны улуттук адабий-эстетикалык көрөңгөлөрдөн алууга болгон бир катар маселелерди чечүүгө болот. Андыктан, кыргыздын балдарын накта улуттук белги эмне экенин аныктап билүүгө, андай улуттук белгилердин жардамы менен окуучулардын этномаданий түшүнүктөрүн тереңдетүүгө, өзгөчө кыргыз улутуна гана таандык белгилерди окуп-үйрөнүүгө, айрым шартта артыкчылыктарын жана кемчиликтерин салыштырууга кеңири мүмкүндүк түзүүчү ык-усулдарды дал ушул улутка мүнөздүү касиеттерден издөө зарылдыгы турат. Мындай мамиле сабакта айтылган ойлордун мазмунун практика менен байланыштырууга негиз болуп

берет. Эл арасында дайыма мындай иштерге катышып жүргөн окуучуларга окутуунун дидактикалык принциптери жана методикалык белгилери мурдатан тааныш болгондуктан, аларга өз чөйрөсүнүн талаптарына ылайык социалдашуусу жеңилге турат. Ошондуктан окутуунун этнопедагогикалык негизги принциптерин – жол-жобосун, окуу процессинин жүрүшүн, билим жана тарбия берүүдө иш чаранын мазмунун, формасын жана методун аныктоочу эрежелерин, жергиликтүү жашоо-турмушту танныптан-билүүдөгү закон ченемдүүлүктөрүн, өзгөчө билимдин уюткусун баланын социалдык керектөөсүнө туура келтирүүнүн нормаларын, жашоо процессинде анын негизги закондоруна туура келчү жана келбей турган жактарына чейинки иш чараларда системалуу жайгаштыруу керектигин ачыктайт.

Андай иш чаралар кандай ык-усулда аткарылбасын анын мазмуну окуучулардын «социалдашуу философиясы» менен түздөн-түз байланыштуу болбосо чыгармадагы автордун оюн балдарга жеткирүү бир кыйла кыйынга турат, б. а. мугалим кандай иш чараны өткөрүүгө аракет кылбасын ал методикалык иштерде акыл-эстүүлүк жана аң-сезимдүүлүк принцибин бардык тарабынан жетекчиликке алууга тийиш. Бул принципти жетекчиликке алуу менен мугалим орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун ык-усулдарын тандоодо бир катар алгылыктуу жумуштарды аткарат. Тактап айтканда, мугалим адабий чыгармалардан балдарды социалдаштыруучу турмуштук окуяларды «таап», идеялык-мазмундук жагынан өз ара байланышта турган маселелерге окуучу жеке көз карашы аркылуу жооп берүүгө мүмкүн кырдаалдын элесин түзүүгө, аны ишке ашыруу шартта кызмат көрсөтүүчү акыл-оюн, эс-тутумун ойготуу менен байланышкан сабактарды, класстык сааттарды, класстан тышкаркы иштерди, элдин социалдык жашоо-турмушуна байкоо жүргүзгөн эң маанилүү долбоордук жумуштарды, жалпылаштыра келгенде окуучунун акыл-эсин ар бир айтылып жаткан сөздүн маңызын, ойдун баалуулугун туура түшүнүү деңгээлине жеткирип, андан практикалык көндүмдөргө өтүүгө жол ачат. Мында образдар системасы боюнча талдоо жүргүзүү маанилүү орунга чыгат. Ырас, адабий чыгармалардагы адам турмушуна баа берүүдө көркөм образдын аракетине

таянып, аялдардын жана эркектердин үй-бүлө, ага-тууган, айыл-апа, эл арасындагы ордун, ар биринин аткарчу кызматын, тээ байыркы мезгилден бери эр-азаматтын өзүнө тагылган «милдетин» – «бир үйдүн ээси», «атанын баласы», «үйдүн кичүүсү», «үйдүн коргоочусу», «элдин жоокери», «калктын башчысы», ж. б., ошондой эле кыргыз кызынын «милдетин» – «келиндик орду», «үйдүн куту», «баланын энеси», «атанын кеңешчиси», «журттун акылманы» ж. б. касиеттерди калыптандыруу керек экенин да ушул этнопедагогикалык таалим-тарбия берүүчү жумуштар аткарууга тийиш. Азыр социалдык чөйрөдө кеңири тараган көйгөйлөрдүн бири да ушул, б. а. улам кийинки жылдарда келечек муундун билим алуусунда алардын социалдык байланышын ишке ашыруучу элементтер окуу процессинен тышкары калып, ал эми сабакта берилген маалыматтар түпкү маанисин турмуш менен байланыштыра албагандыктан, андагы ойлор жөн эле сөз түрүндө кеп болуу менен чектелген функциядан чыга албаган касиетке өткөн болсо, аны жоюу үчүн жогорудай мазмунда аткарылуу иштер толугу менен практикага көз каранды болоорун белгилей кетели. Окуу процессинде адабий чыгармалардагы көркөм образды, ал аркылуу адам турмушун таанып-билүү баланын жеке элестөөсүндө ишке ашырылса, орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууну баланын турмушу менен байланыштыруунун ык-усулдары конкреттүү жагдайда анын үй-бүлө, коомчулук жана эл-журт алдындагы жарандык милдетин ойготуу маселесин да так жана таасын аткаруу жагын жөнгө салат. Ички табиятында өзүн ата же эне катары сезе баштаган, улан-кыздардын аң-сезиминде тымызын калыптанууга өткөн инстинкттерди ойготуу маселеси да окуучуларга керектүү компетенцияларды түптөөдө каралышы маанилүү. Антпесе, азыркы мезгилде мындай иштер унутта калып, улан-кыздар өздөрүн бала катары сезүүсү орто куракка (30 – 40 жашка чейин) узарып, анын таасиринде үй-бүлө күтүүдөн, бала багуудан качкан жаштар арбып баратканын эскертели. Коомчулукта кездеше калып жаткан мындай мүчүлүштүктөрдү жоюу, улан-кыздардын физологиялык жана психологиялык өзгөчөлүгүн аңдаштыруусун, жыныстык белгилерине жараша үй-бүлөлүк, ага-тууандык жана коомчулук менен жарандык байланышта өздүк вазыйпасы болоорун

аңдаштырууга көмөк көрсөтүп, анын негизинде кыргыз эли далай кылымдан бери иштеп чыккан эркек менен аялдын «милдеттерин» – эркек «үйдүн ээси», ата катары тышкы жумуштарга, аял «үйдүн куту», эне катары үй ичиндеги жумуштарга жоопкер экенин, андай милдетин ар бир улан же кыз эч кимге айттырбай, өзү жан дүйнөсү менен сезиши керектигин, айрым учурда ушундай сапаттардын окуучуларда жалпы (социалдык-инсандык жана маданий) компетенция катары калыптанбагандыктан болуп жаткан, үй-бүлө курууга даяр эмес кырдаалды жоюуга шарт түзөт. Мындай иштер кыргыздын элдик педагогикасы иштеп чыккан идеялдуу инсан, өрнөктүү ата же эне болууга мектеп окуучусун тарбиялоодо баланын инсандык-социалдык керектөөсүнөн чыгып, ага тиешелүү үй-бүлө, ага-тууган, айыл-апа, эл-журттун алдында жарандык жоопкерчиликке алып келээри бышык. Алган багыты боюнча окуучуларга түрдүү тарыхый өнүгүүдөн түптөлүп, андагы ар кыл психологиялык абалдан иштелип чыккан адамдык сапаттар – акылмандык, сабырдуулук, чечкиндүүлүк, баатырдык, айкөлдүк жана ар кандай уруш-талаштан сактап калган бийик сапат катары бааланган айлакерлик, ж. б. адамкерчиликке тиешелүү белгилери менен улам тереңдеп калыптануусу адабияттагы көркөм образдардан башталып, тарыхый өзөгү түптөлгөн, кыргыздын жашоосунда туруктуу орду бар, кези келген шартта ачыла калчу «мүнөздүк белгилерге» чейин барчу талдоо жумуштарын уюштуруу менен уланганы оң. Ал адабий чыгармалардан баштап, реалдуу турмуштук окуяларга баруучу талдоо жумуштарын талапка ылайык өнүктүрүү үчүн аны өз максатына жеткирүү эл ичинде кеңири колдонулган сөздөрдүн маанисин ачуу (мисалы, «үзүлгөнүн улаган», «жети өлчөп бир кескен», «акылы тунук», ж. б. деген сыяктуу) менен ишке ашырылып, анын натыйжасында баланын социалдык көндүмдөрүн калыптандырууга басым жасаса, окуу процесси талап кылган иштер сапаттуу чечилет Практикада белгилүү болгондой, мындай иш чараларды өткөзүүдө мугалимдер этнопедагогикада аныкталган эрежелерге эмес, окуучулардын турмуштук керектөөсүнө таянса, балдар үйрөнүүгө тийиш көндүмдөр эмне экендиги анык болуп, ошол эле мезгилде аны кантип ишке ашыруу мүмкүн экендиги жеңил ачыкталат. Анткени маселе баланы күнүмдүк тиричилик менен

болгон байланышын камсыздоо кызыкчылыгын көздөгөндүктөн, талап окуучулардын өздүк туюмун өнүктүрүп, үй-бүлөлүк, ага-туугандык, жек-жааттык карым-катышта «салт билүү», керектүү шартта аны «колдоно алуу», керектүү жерде салт-санаага «туура келтирүү» б. а. кыргыз эли буга колдонуп келген деңгээлде «ырымын жасоо» сыяктуу улуттук нарк-насилдерди пайдаланууга зарыл болгон инсандык-социалдык компетенцияларга артыкчылык берилгени маанилүү. Көпчүлүк учурда мындай иштердин аткарылыш мазмуну көркөм-адабий чыгармалардын сюжетин үйрөнүүгө басым жасап, ал эми аны менен бирге каралуучу компетенциялар аңдаштырылбай жана көндүм катары маңызы ачылбай кала бергендиктен, балдардын оюн реалдуу турмуштук чындык менен байланыштыруу максатына туура келе турган мисалдарды жашоо-тиричиликтен алуу зарыл болуп саналат. Мугалим алган мисалдар окуучулардын өздүк кызыкчылыгы менен байланыштуу болгон шартта башка маселелерге караганда мурда билгендеринин негизинде ой жүгүртүүгө, б. а. өзүн, андан ары үй-бүлөсүн айылындагы башка социумдар менен карым-катышын кароого, алардын өз ара биримдигинде аныкталуучу этнопедагогикалык эрежелерди жана салттык нормаларды жеке кызыгуусунан алып түшүндүрүүгө маанилүү роль ойнойт. Мындай кырдаалда орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууну баланын турмушу менен байланыштыруунун ык-усулдары *акыл-эстүүлүк* менен *аң-сезимдүүлүк, ой жүгүртүүчүлүк* окутуунун башкы принцибине ыңгайлашканы туура. Жалпы маселеден окуучунун жеке жарандык жоопкерчилигине өтүү – кыргыз элинин эр-азаматы менен аялзаты жөнүндөгү түшүнүгүнө ар кандай жагдайдан баа берүү жумуштарын уюштуруп, жакшылык менен жамандыкты алдын ала билген айлакер, көсөм, олуя, даанышман, көрөгөч, акылман, сарамжалдуу, аруу, ж. б. эл арасында түрдүү проблемаларды чечкен мыкты сапаттардын социалдык-инсандык компетенция катары калыптануусуна жардам берет. Ырас, аны бардык учурда сөз менен түшүндүрүү көздөгөн натыйжаны бербейт, ошондуктан адабият мугалими эл арасында кеңири пайдаланылып жүргөн каада-салттарды, ырым-жөрөлгөлөрдү, алар катышкан кинолорду, тартылган картиналар менен фото сүрөттөрдү окутуунун каражаттары катары колдонгону туура. Анда кайсы

маселелерге көңүл буруу зарылдыгы суроолор менен такталып, иш чаранын мазмуну *көрсөтмөлүүлүк принцибинин* негизинде жүзөгө ашырылганы окуучулардын аң сезимине, айлана-чөйрөсүн таанып-билүүсүнө, коомчулукта өз ордун таап, ага ылайык кызмат көрсөтүүсүнө, «тууган-урук», «айыл-апа», «кошуна-колоң» арасында жеке жоопкерчилигин арттырууга да өз салымын кошот. Мындай учурда эл арасында жүрүп жаткан «жакшылык» менен «жамандыктарга» байкоо салып, эгер зарыл болсо окуучулардын жардамын уюштуруп, ага катышкан балдардын байкоо сезимдерин пайдаланып, алардын негизинде *эссе жаздырып*, түрдүү тематикада *долбоор түздүрүп*, кээ бир жагдай боюнча адабий чыгармалардан мисал келтирүү аркылуу таалим-тарбия берүү идеяларын чечмелеп берсе, анын турмуштук белгилерин, өзгөчө этнопедагогикалык табиятын аңдаштыруу образды талдап түшүндүрүүдөй эле өз көзү менен көргөн практикалык маалыматтарды талкуулоодо таасирдүү болот. Көрсөтмөлүүлүктүн төмөнкүдөй каражаттары пайдаланылса, кепке алынчу маселелер сүрөтчүлөр тарткан сүрөттөр менен толукталса, иш чарадан окуучулар өздөрүнө керектүү көп нерсе алат, алар: а) улуттук каада-салтты сыртынан байкап көрүү; б) өзү катышкан шарттан туруп талдоо; в) башкалардын аракетине баа берүү; г) аткарылыш деңгээлине жеке позициясын көрсөтүү; д) андагы аял менен эркектин «милдеттерин» аныктоо; е) жарандын жыныстык өзгөчөлүгүнө карай «жоопкерчилигин» түшүндүрүү; ө) жүрүп жаткан салттык жөрөлгөлөрдө «өз ордун» табуу, ж. б. иш-билги сапаттарга баа берүү жумуштарын толук уюштурат жана калыптандырат. Анткени мугалим тарабынан пайдаланылган көрсөтмөлүүлүк окуучулардын элестөөсүндө аракетке келип, ар бир баланын турмуштук ордун айырмалап түшүнүүгө тикелей кызмат кылуу менен бирге улан-кыздардын социалдык чөйрөдөгү «портретин» логикалык жактан түзүп берүүгө жетишет. Ырас андай «портреттерди» сабакта **кластер түрүндө** жайгаштыруу балдардын эс-тутумуна таасирдүү из калтырат. Кластер аркылуу кыргыздын улуттук салттарында **гендер проблемасы** кандай берилгенин, аны турмушка ашыруу жактарын байкашат. Түрдүү салттык эрежелерде катышкан адамдын «орду» ар кандай белгилер менен аныкталып, ага философиялык мазмунда түшүнүктөр берилип келгенин да мына ушул көрсөтмөлүүлүк

принциби далилдүү ачат. Азыр коомчулукта көйгөй жаратып, аялдардын коомдогу ордун аныктоо аракетинде жүрүп жаткан гендер маселесине баа берүү, андагы талаш пикирлерди тактоо маанисинде тарбия иштери үчүн да мындай көрсөтмөлүүлүк бир катар маанилүү иштерди аткарат.

Практикалык иштер көрсөткөндөй, үлгү болуучу иш чаралар *системалуулук жана ырааттуулук принцибине* ылайык дайыма жана үзгүлтүксүз жүрүүгө тийиш. Ансыз бул багыттагы жумуштар кыял түрүндө ураан-чакырык мүнөзүндө кала берет. Көпчүлүк учурда баланын социалдык керектөөсүнө системалуу мамиле кылуунун жетишсиздигинен улам жергиликтүү жашоонун талаптары сыртта калып, иш чарага көрүлгөн даярдык интернет булактарында орун алган материалдар менен жабдылып, анын натыйжасында үйрөнүлүүчү көндүмдөр дайыма колдонулуучу компетенцияга өсүп жетпей жатат. Дагы бир байкалган жагдай, окуучулардын абстракциялап образ түзүү жумуштарын жасоодо көрсөтмөлүүлүк көбүрөөк пайдаланылганы менен алардын ортосундагы ырааттуулук принциби жетишсиз болгондуктан, теманы турмуш менен байланыштыруу жетишсиз абалда болуп, андан алынчу натыйжа өз деңгээлине жетпей калганы бар. Ошол себептен ырааттуулук принцибин дайыма жетекчиликке алып, көрсөтмө куралдарды жасоодо, компьютер жана башка техникалык каражаттарды, өздөрүнүн социалдык түйүндөрдөгү баракчаларын колдонуу учурунда окуучулардын жеке оюн системалаштырууга көңүл буруу зарылдыгы турат. Мындай принцип тема ылайык материалдарды үйрөтүүдө, окутуунун билим берүүчүлүк идеясын ишке ашырууда, сунуш кылынуучу материалдарды пландаштырууда, бири-бири менен байланышкан улуттук каада-салттардын маңызын ачып жеткирүүдө улам тереңдеп отурууга тийиш. Ансыз ар бир иш чарадан чыккан жыйынтыктар, аларды системалаштыруудан жана жалпылаштыруудан алынган натыйжалар ырааты менен баяндалып берилген окуялардан өз ордун таппай, бири-бирине удаалаштыкта талдануучу салттык касиеттер окуучуларга жетпей калышы мүмкүн. Аны тереңдетүү *бышыктоо (бекемдөө) принцибинде* улантылып, үйрөтүлүүчү материалдар окуу процессинде үйрөнүүчүлөрдүн эсинде кантип, канчага чейин сакталарына өзгөчө көңүл буруу менен билимдин бекем болушу - турмуштук факты-материалдын мазмунуна,

формасына, көлөмүнө, баланын кабылдоо ишмердүүлүгүнө, психологиялык жана курактык өзгөчөлүктөрүнө ылайык ар дайым эсинде сакталып жүрүшү үчүн мисалдар аркылуу зарылдыгына жараша кайталанып туруусуна көз каранды. Социалдык-турмуштук шартты туура таанып-билүү үчүн окуучулардын акыл-эсинде унутулбай, көпкө сакталышына *бышыктоо (бекемдөө) принциби* маанилүү роль ойнойт, б. а. мугалим тарабынан иштелип чыккан же мурдатан колдонулуп келген бир топ методикалык ыкмалар жана жолдор, каражаттар сунушталат да ал аталган принциптин талабына жараша толукталып турат (Мында колдонулган сабактардын иштелмелерин тиркемеде бердик).

Жыйынтыктап айтканда ал иштелмелерде орун алган методикалык ыкма-усулдар, окутуу каражаттары жана технологиялар орто мектептин 10- жана 11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууну баланын турмушу менен байланыштырууда материалдын терең сакталышы үчүн педагогикалык шарттарды даярдоо менен бирге социалдык-инсандык компетенцияларын жеке жашоосун айкалыштырууга, кандайдыр бир социалдык ассоциацияларды ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берет. Аны менен катар адабият сабагындагы окуу материалдарын бышыктоо үчүн кошумча булактар менен иштөөнү, тексти дагы турмушка терең байланыштырып изилдөөнү, адабий чыгармалардын маңызын күнүмдүк жашоо менен байланыштырууга үйрөтөт. Бирок аны жүзөгө ашыруу *жеткиликтүүлүк принцибине* негизделбесе кабыл алууга оор келип, материалдардын татаал түшүнүксүздүктү жаратып, үйрөнүүдө көп убакытты талап кылаары белгилүү. Андай кыйынчылыкты түзбөш үчүн мугалим окуучулардын турмуштук тажрыйбасын, кызыгуу деңгээлин эске алууга тийиш. Бул окуучулардын чыгармачыл иш-аракеттерин жөнгө салуу менен бирге этнрпедагогикалык түшүнүктөрдү жеткиликтүү кылуунун жолдорун шарттап, белгиленген иш чаранын идеясын, тематикалык багытта окуялардын жүрүшүн, турмуштук образдарды түшүнүүгө жардам берет.

### 3. 3. Кыргыз адабиятын жогорку класста этнопедагогикалык негизде окутуунун эксперименттен өткөрүү жана анын жыйынтыктары

Педагогикалык эксперименттин уюштурулушу жана жүрүшү 2013-2019-окуу жылдарында 3 этапта өткөрүлдү. Биз педагогикалык эксперименттерди уюштуруудан мурда маселени жакындан таанып-билүү максатында этнопедагогикалык негизде билим жана тарбия берүүнүн буга чейин иштелип чыккан түрдүү концепциясын караштырып, андай көз караштардын кыргыздын улуттук билим берүү багыттагы иштерге таасирдүү жана жагымдуу жактарын эске алуу менен кыргыз адабияты кыргыз орто мектептеринде окутуу проблемасына талдоо жумуштарын жасадык. Мында бир катар талаш-тартыштуу пикирлер болгону менен алардын баарын изилдөөнүн сапаттуу аткарылышына жумшап, айрым учурда көздөгөн максаттар аткарылбай калган кырдаалдарга да кептелдик. Изилдөө жумуштарынын алгачкы этаптарында мындай мүчүлүштүктөр болгону менен ал тажрыйбанын жүрүшүнө маанилүү роль ойногонун белгилей кетүүгө тийишпиз Ал өзгөчө изилдөөнүн биринчи этабында бир катар кыйынчылыктарды түзүп, педагогикалык эксперименттерди уюштурууга жана анын жүрүшүн талдоо талдоо маселелеринде даана байкалды. Анын негизинде теманын илимий мазмунун ачуу жана аны экспериментке *даярдоо* (2013-2014-жылдар) *этабында* иш методологиялык жана илимий-теориялык аспектиде иликтөөгө алынып, теманын актуалдуу базасы болгон философиялык-педагогикалык, тарыхый-педагогикалык, теориялык-педагогикалык, психологиялык-методикалык жактан таяныч болуучу илимий адабияттар үйрөнүлдү. Ошондой эле улуттук адабиятты учур талабына ылайык окутуу маселелери менен бирге этнопедагогикалык негизде билим жана тарбия берүүнүн буга чейинки изилдөөлөрү талдоого алынып, анын теориядагы жана практикадагы абалына анализ жасалды. Кыргыз адабиятынын негизинде этнопедагогикалык билим жана тарбия берүүнүн проблемалары белгиленип, орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууда тажрыйба жүргүзүүнүн илимий божомолу аныкталды. Ал адабий чыгармалардын мазмунуна талдоо жүргүзүү учурунда

баланын турмушу менен байланыштыруунун сөзсүз зарыл экенин ачыкка чыгарды. Мындан адабий чыгармаларды үйрөтүү боюнча ык-усулдарды талдоо аракеттеринде – окуу процессин, андагы окутуу жумуштарын, конкреттүү жагдайда, б. а. анын ролун - сабакта, үй-бүлөдө жана коомчулукта жетилип келе жаткан улан-кыздардын эл-журт алдындагы жарандык милдетин ойготуу маселесине айкалыштырып, болочок инсандын компетенциясын калыптандыруу иштерин түздөн-түз жетекчиликке алуу керектиги белгилүү болду.

*Экинчи – изденүүчү* (2015-2017-жылдар) *этабында* орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун проблемалары баланын турмушу менен байланыштырылып, анын шаар жана айылдык жашоо кызыкчылыгына ылайык окутуунун ык-усулдары конкреттүү жагдайда иштелип, биз тарабынан түзүлгөн мазмундук-структуралык модели республиканын түрдүү аймактарында тажрыйба өткөрүү үчүн сунушталды. Тактап айтканда, Бишкек шаарында №38-мектеп-гимназиясында (мугалими), №67-мектеп-гимназиясында (мугалими), № 58-орто мектебинде (мугалими), № 27-орто мектебинде (мугалими), Талас шаарындагы № 4-мектеп-гимназиядаи (мугалими), Кара-Буура районундагы Т.Айтматов атындагы орто мектепте (мугалими), ушул эле райондогу Ч.Айтматов атындагы орто мектепте (мугалими), Кочкор районундагы Кум-Дөбө орто мектебинде (мугалими), ушул эле райондогу К.Бай уулу атындагы орто мектепте (мугалими), Жети-Өгүз районундагы Дархан орто мектебинде (мугалими), ушул эле райнодогу Саруу орто мектебинде (мугалими), Аламүдүн районундагы Көк-Жар орто мектебинде (мугалими), ушул эле райондогу Таш-Мойнок орто мектебинде (мугалими) эксперименттик жана байкоо жумуштары аткарылды. Мында алган тема боюнча жасалган жумуштар максатына жетүү үчүн биз тарабынан түзүлгөн окуу-методикалык иштелмелер кандай натыйжа берүүсү мүмкүн экендигине карай мугалимдер арасында аңгемелешүү, талдоо жана талкуулоо иштерин уюштуруп, алардын түрдүү маанайда айтылган сунуш-пикирлерин угуп, өзгөчө баланын социалдык кызыкчылыгы, турмуштук керектөөсү менен байланыштырып кароо маселесинен чыккан талаш-тартыштарды практикада текшерип көрүп, анын натыйжасы экспериментте такталды. Адабият сабагында окуучулардын

компетенциясын калыптандыруу иштерине артыкчылык берилип, анда сабактын формасына көңүл бурулбаганын белгилей кетели. Эгер сабактын формасына басым жасалган болсо, окуу процессине коюлган максат өз деңгээлине жетпей калып жаткандыктан, биз негизги басымды окутуунун мазмунуна жасап, андан алынган натыйжалардын башка аймактарда дагы бир сыйра текшерип турдук. Ошол эле учурда сабактын жүрүшүнө карата пикирлерин айтышып, сапатын жогорулатуу үчүн өз вариантындагы иштелмелерди сунуштаган практик-педагогдор да болду. Биз алар менен бирдикте окуу программаларында берилген адабий чыгармалардын этнопедагогикалык табиятын талкуулап, окуу китептери менен хрестоматияларга байланышкан мугалимдердин ойлорун угуу аркылуу проблеманын изилдениш тарыхын да талдоого алдык. Ал илимий булактарды үйрөнүү методу менен түздөн-түз байланыштуу болуп этнопедагогиканын талаптарына ылайык окутуунун дидактикалык принциптерин жана технологияларын айкындаса, адабият мугалимдери сунуш кылган методикалык ойлор проблеманы комплекстүү үйрөнүүгө жагымдуу шарттарды түздү. Мектептерде өткөрүлгөн тажрыйбаларды аймактар боюнча салыштыруу биз тарабынан жүргүзүлгөн эксперименттердин айрым багыттарын толуктоого, ишенимдүүлүгүн сыноого, илимий негиздүүлүгүн текшерип, кээ бир учурларга түзөтүүлөрдү киргизүүгө жол ачты.

*Үчүнчү – окутуучу* (2018-2020-жылдар) *этабында* эксперименттик педагогикалык тажрыйбалар аягына чыгарылып, орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун компоненттери жана модели, технологиялары сынактан өткөрүлүп, изилдөөлөр диссертация формасына келтирилди. Анда тажрыйба (эксперимент) жүргүзүүчү проблемалар ар бир баланын турмушу менен байланыштырылып, окуучуларда калыптандырылуучу компетенциялардын мазмуну аныкталып, шаар менен айылдын ортосунда социалдык айырмачылыкка карата усулдук-методикалык базага ээ болмоюн көздөгөн натыйжаларга жетүүгө болбостугун көрдүк. Ошондой эле жергиликтүү шартка жараша элдик каада-салттарды колдонуу, алардын таалим-тарбия берүү мүмкүнчүлүгү ар түрдүү экенин эске алып, аларды этаптарга бөлүүдө мектептердин өзгөчөлүгүнө таянып, кээ бир окуу

материалдарын кайталап окутуу менен эксперименттерди толуктап улантсак, айрымдарын тажрыйба жүргүзүүнүн этаптарында толуктадык. Аны таблицада төмөнкүдөй чагылдырууга болот.

**Таблица 3.3.1. – Педагогикалык эксперимент (этаптары, максаты, методу, милдети, натыйжасы)**

| Даярдоо (байкоо, изилдөө) этабы – 2013 – 2014-жылдар | | | |
|---|---|---|---|
| **максаты** | **милдети** | **методу** | **натыйжасы** |
| Орто мектептин 10- 11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопе-дагогикалык негизде окутуу процесси менен таанышуу; диссертация-нын гипотезасын тактоо; темага ылайык методологиясын түзүп чыгуу. | Орто мектептин 10-11-класстын окуу-чуларына кыргыз ада-биятын этнопедагогика-лык негизде окутуу боюнча эксперимент өткө-рүүчү базаларды тактоо; экспериментте колдонуу-чу материалдарды түзүү; тажрыйбанын максатын, милдетин, уюштуруу ме-ханизмдери менен жүрү-шүн аныктоо; тажрыйба жүргүзүүчү практик мугалимдерди тандоо. | Орто мектептер менен мектеп-гимназиялар-дын кыргыз адабияты боюнча этнопедагоги-калык билим жана тарбия берүү мүмкүн-чүлүктөрүн үйрөнүү; окуучулардын социал-дык катмарын изил-дөө; аталган багыттар-га таандык норматив-дик документтер ме-нен таанышуу; класс-тарда аткарылган иш-терге байкоо жүргү-зүү; илимий-педагоги-калык адабияттарды өздөштүрүү; зарыл маалыматтарды топ-тоо; аңгемелешүү жана анкеталар менен иштөө ж.б. | Орто мектептин 10-11-класстын окуу-чуларына кыргыз ада-биятын этнопедагогика-лык негизде окутуунун тарыхы, учурдагы абалы талданды; темага байла-ныштуу нормативдик доку-менттер үйрөнүлдү; мето-дисттердин, парактик-оку-туучулардын тажрыйба-лары топтолду; окуу про-граммалары, окуу китепте-ри, талданды; окуучулар-дын ушул багыттагы ком-петенциялары аныкталды; окуучулардын этнопедаго-гикалык билимдери текше-рилди. |
| **Изденүүчү (аныктоочу) этабы – 2015– 2017-жылдар** | | | |
| **максаты** | **милдети** | **методу** | **натыйжасы** |
| Орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопеда-гогикалык негизде окутуу боюнча экспери-мент өткөрүүчү изил-дөөнүн темасына, объектисине, предмети-не карай иштин максатына толуктоо киргизүү; ага ылайык милдеттерин жана божомолун аныктоо; орто мектеп, мектеп-гимназиялардын 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопеда-гогикалык | Орто мектептин 10-11-класстын окуу-чуларына кыргыз ада-биятын этнопедагогика-лык негизде окутуу боюнча эксперимент өткө-рүү үчүн практик адистер-дин теориялык даярдыкта-рын, педагогикалык, пси-хологиялык жактан ком-петенттүүлүктөрүн тал-доодон өткөрүү; орто мектеп, мектеп-гимназия-лардын 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этно-педагогикалык негизде окутуу боюнча билим жана тарбия берүүнүн | Педколлектив менен аңгемелешүү; окуучу-лар жана ата-энелер, мугалимдер арасында анкета жүргүзүү; са-бактарга катышуу; сабактарды талдоо; үлгү сабактардын моделин иштеп чыгуу; тестирлөө; окуучулар-дын жоопторун талдоо; бинардык лекцияларды уюшту-руу; фильм көрүү; санжыра, манас угуу; жолугушуу өткөрүү; зарыл болгон факты-материалдарды интер-неттен издөө | Орто мектеп, мектеп-гимназиялардын 10-11-класстын окуучулары-на кыргыз адабиятын этнопедагогикалык не-гизде окутуу боюнча коюлган жалпы талаптар аныкталды; учурда колдо-нулуп жаткан окуу мате-риалдары өздөштүрүлдү; сунушталган үлгү сабактар жана тапшырмалар окуу процессинде практикадан өтүп текшериле баштады; орто мектеп, мектеп-гимназиялардын 10-11-класстарга кыргыз адабиятынан сабак бер-ген мугалимдердин этно- |

| | | | |
|---|---|---|---|
| негизде окутуу боюнча экспе-римент өткөрүүнүн теориялык моделин иштеп чыгуу. | оптималдуу ыкмаларын, жолдорун издөө жана анын моделин түзүү; эксперименталдык класс-тар үчүн материалдарды иштеп чыгуу жана аларды окуу процессине сунуш кылуу. | жана табуу. | педагогикалык билимде-ри, педагогикалык-психо-логиялык даярдыктары ана-лизденип, теориялык дең-гээлдери аныкталды; муга-лимдердин жетишкен жана жетишпеген жактарын тал-доодон иштин гипотезасы тереңдетилди |
| **Окутуучу (текшерүү этабы) – 2018 – 2020-жылдар** | | | |
| **максаты** | **милдети** | **методу** | **натыйжасы** |
| Орто мектеп, мектеп-гимназиялардын 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопеда-гогикалык негизде окутуу боюнча муга-лимдердин тажрыйба-ларын талдоо, натыйжа-ларын жалпылоо, жүрү-шүн баалоо; теориялык жана окуу-тажрыйба-лык материалдардын кээ бир жактарын сунуштарга ылайык тактоо; гипотезанын ынанымдуулугун тек-шерүү; иши жыйын-тыктоо. | Илимий иштин негизги жоболорун мектеп практикасына жеткирүү; андан алынган натыйжа-лар менен конференция-ларга катышуу; макала-ларды даярдоо, жарыкка чыгаруу; мугалимдердин иштерине баа берүү; мето-дикалык сунуштарды кабыл алуу жана аларды негизинде сабактын моделин толуктоо; орто мектеп, мектеп-гимназия-лардын 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этно-педагогикалык негизде окутуу боюнча иштердин натыйжалуулугун текше-рүү жана аны дагы өркүндөтүүнүн жолдорун, ыкмаларын сунуштоо. | Окуучулар жана ата-энелер менен аңгеме-лешүү; сабактарды талдоо; тесттерди өт-көрүү; анкета жүргү-зүү; тажрыйбаларды үйрөнүү; долбоор тү-зүү жана коргоо; салт ырларын, «Манасты» угуу; экскурсия уюш-туруу; адабий викто-риналарды түзүү, ага ылайык оозеки баарла-шуу өткөрүү; реферат, дил баян, эссе жазуу; ж.б. | Орто мектеп, мектеп-гимназиялардын 10-11-класстын окуучулары-на кыргыз адабиятын этнопедагогикалык не гизде окутуу боюнча педагогикалык тажрыйба-нын натыйжалары үйрө-нүлдү; алынган жыйынтык-тар жалпыланды; материал-дар такталды; божомолдун ырастыгы дагы бир ирет текшерилди; темага ылайык мугалимдерге, ушул багытта иштеген окумуштууларга, окуу программасын жана окуу китептерин түзүүчүлөргө пикирлер, практикалык сунуштар айтылды. |

Тактай келсек, 2013-2014-жылдары жүргүзүлгөн тажрыйбанын биринчи этабында орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун абалы, окуучулардын бул багыттагы билимдери, тажрыйба жүргүзүү үчүн тандалган проблеманы илимий жактан таанып-билүүгө зарыл болгон маселелери өздөштүрүлүп, илимий божомолду түзүүгө зарыл жагдайлар аныкталды. Маселени туура аныктоо үчүн алдын-ала байкоо жүргүзүү этабын уюштуруп, анда окуучулардын этнопедагогика боюнча маалыматтарын, аларды колдоно билүү мүмкүнчүлүктөрүн, пайдалануу көндүмдөрүн, б. а. *инсандык*, *маданий-социалдык компетенцияларын* салыштырдык. Алгач жогоруда аталган орто мектептердин 10-11-класстын

окуучуларынын этнопедагогикалык билимдерин тактоо маанисинде сурамжылоо иштерин он суроодон турган анкета аркылуу жүргүзүп, анын пайыздык көрсөткүчүн чыгардык. Ал төмөнкүдөй болду (караңыз, таблица – 3.3.2.).

**Таблица 3.3.2. – Орто мектептин 10-11-класстын окуучуларынын этнопедагогикалык билиминин деңгээли**

| Орто мектептер-дин жайгашкан аймагы | Окуучулардын саны | Этнопедагогика боюнча маалы-маттын болушу | | Этнопедагогикалык билимди түшүнүүсү | | Колдоно алуусу (компетенцияларга ээ болушу) | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Саны | % | Саны | % | Саны | % |
| Бишкек шаары | 221 окуучу | 90 | 40,7 | 80 | 36,2 | 51 | 23,1 |
| Чүй облусу | 233 окуучу | 92 | 39,5 | 89 | 38,2 | 52 | 22,3 |
| Ысык-Көл облу-су | 216 окуучу | 93 | 43,1 | 85 | 39,3 | 38 | 17,6 |
| Нарын облусу | 219 окуучу | 95 | 43,4 | 88 | 40,2 | 36 | 16,4 |
| Талас облусу | 227 окуучу | 98 | 43,1 | 96 | 42,3 | 33 | 14,6 |
| Баары: | 1116 | 468 | 41,9 | 438 | 39,3 | 210 | 18,8 |

Окуучулардын орто мектептердин 10-11-класстын окуучуларынын этнопедагогикалык билимдерин тактоо маанисинде сурамжылоо иштерин уюштурууда илимий-теориялык базага негизделүүгө аракеттендик. Окуу процессинде окуучулардын окуу материалын өздөштүрүүсүндө ар бир баланын реалдуу дүйнөнү, өзү жашаган табиятты, көркөм чыгарманын идеялык мазмунун, ошондой эле адам турмушун өзүнүн жеке дүйнө таанымынан өткөрүп, аны кадимки турмуштун үлгүсү катары кабылдоо түшүнүгүнө, көпчүлүк окуучуларда жетишсиз болушуна көңүл буруу солгундап бараткансын байкадык да, адабият сабагын уюштуруу жана өткөрүү процессинде илимий принципке басым жасадык. Илимий принципке таянуу сабактын мүнөзүн өзгөртүү менен

окуучуларга адам турмушун көркөм-эстетикалык жактан таанып-билүүдө фольклористика, эстетика, философия, лингвистика ж.б. илимдердин негиздерин пайдаланууга өбөлгө түздү. Себеби, бул принциптин жоболору сабакта педагогика, психология жана дидактика илимдеринин жана алдыңкы тажрыйбанын жетишкендиктерин колдонууга – балдардын курактык өзгөчөлүгүн эске алууга, жашына ылайык сабактын жүрүш логикасын түзүүгө, окуу предметинде илимдин жетишкендиктерин камтууга, ар бир турмуштук кубулушту жана анын законченемдүүлүктөрүн өздөштүрүүдө диалектикалык мамиле жасоого, жаңы өздөштүрүлгөн түшүнүктөрдү системалуу түрдө көрсөтмөлүүлүк менен кайталап туруугa, окуу предмети боюнча пайда болгон жаңы илимий терминдерди өз учурунда пайдалануу аркылуу алардын маанисин ачып түшүндүрүүгө, илимий көз караштарын калыптандырууга шарт түзүүчү социалдык-мазмундук жаңы белгилерди сабакка киргизүүгө, ж. б. усулдук белги-каражаттардын сабакта жыш аралаштыруу зарылдыгы турат. Балдардын турмуш чындыгы таанып өздөштүрүүсү татаал кубулуш. Аны жогорку деңгээлде чечүү окуучуларга акыркы илимий жетишкендиктер жөнүндө толук маалымат берүү менен бирге жаңы технологияларды колдонуу аркылуу алардын жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө кам көрүү, адамдын жеке турмушуна жана коомдун өнүгүшүнө тийгизген оң таасирлерин ачык, даана көрсөтүп берүүгө жетише турганын байкадык. Мында окуучуларды абстракциялык ой жүгүртүүдөн турмуш чындыгынын тегерегинде реалдуу ой жүгүрүүгө алып келүү иштери илимий-изилдөө иши менен коштолгондо гана ар бир баланын кызыгуусун ар тараптан колдоо илимди чындыкка жакындаштырып түшүндүрүү жумуштарын тынымсыз өркүндөтүү керектигин да ачыктады. Ушул багытта ишти окутуу тажрыйбасына колдонуу бир катар татаал маселелерди туура чечүүгө жардам берди. Ал ар бир окуучунун социалдык керектөөсүн эсепке алуу, окуу материалдарын эл турмушу менен жакындаштыруу, элдин жашоосунун ар түрдүүлүгү, аймактык чен-өлчөмдөн алганда каада-салттык эрежелердин бири-биринен алыс турушу, ар бир салт-жөрөлгөнүн кылымдар бою сакталып келүү себептери, аларды инсан катары колдоно билүүнүн зарылдыгы сыяктуу маселелер да жергиликтүү шартка жараша өзгөчөлүккө ээ болушу адабий

чыгармалар менен этнопедагогикалык маселелерди өздөштүрүүдө татаал жагдайды түзгөн болсо, ал жогоркудай көрсөткүчтөр кайдан келгенин түшүнүүгө жардам берди.

Мындай шартта орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун абалын, окуучулардын бул багыттагы билимдерин, тажрыйба жүргүзүү үчүн тандалган проблеманы илимий жактан таанып-билүүгө зарыл болгон маселелерди окуучулардын социалдык керектөөсү менен айкалыштыруу кыргыз эли турмуш-тиричилигинде пайдаланып жүргөн каада-салттар, ырым-жырымдар, оюн-зооктор жана башка жөрөлгөлөр аркылуу ачып берүү кандай абалда экени аныктады. Аны таблица түрүндө төмөнкүдөй көрсөтүүгө болот (караңыз, таблица 3.3.3.).

**Таблица 3.3.3. – Орто мектептин 10- 11-класстын окуучуларынын элдик каада-салттар, ырым-жырым, жөрөлгөлөр аркылуу этнопедагогикалык билиминин калыптаныш (компетенциясынын) абалы**

| Орто мектептер-дин жайгашкан аймагы | Окуучулардын саны | Этнопедагогика боюнча маалы-маттын болушу | | Этнопедагогика-лык билимди түшүнүүсү | | Колдоно алуусу (компетенцияларга ээ болушу) | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Саны | % | Саны | % | Саны | % |
| Бишкек шаары | 221 окуучу | 103 | 46,6 | 92 | 41,7 | 26 | 11,7 |
| Чүй облусу | 233 окуучу | 105 | 45,1 | 98 | 42,0 | 30 | 12,9 |
| Ысык-Көл облу-су | 216 окуучу | 98 | 45,3 | 97 | 45,0 | 21 | 9,7 |
| Нарын облусу | 219 окуучу | 101 | 46,1 | 94 | 42,9 | 24 | 11,0 |
| Талас облусу | 227 окуучу | 103 | 45,4 | 96 | 42,3 | 28 | 12,3 |
| Баары: | 1116 | 510 | 45,7 | 477 | 42,7 | 129 | 11,6 |

Мындай көрүнүш орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун абалын окуучулардын

социалдык кызыкчылыктары менен байланыштыруу зарылдыгын даана көрсөттү. Балдардын бул багыттагы билимдеринин төмөн болушуна биринчи кезекте көркөм чыгарманы илимий жактан таанып-билүүгө зарыл болгон маселелердин турмуш менен байланыштын жоктугу ачыктады. Ал сабакта талданган проблеманы күнүмдүк жашоо-тиричилик менен карым-катышта кароо адабий текстти түшүнүүгө болгон кыйынчылыкты жоюп, тажрыйба жүргүзүүдө жакшы жыйынтыкка жеткирүүсү мүмкүн түзүшү окуу китептеринин мазмунунда да ушул маселени чагылдыруу маанилүү экенин ырастады. Бул багытта билим жана тарбия берүүнүн сапатын жогорулатуу, көркөм тексттер аркылуу адабий билимди турмушка адаптациялоо, зарыл болгон компетенцияларды калыптандыруу үчүн кошумча каражаттарды сабактарда колдонуу менен жыйынтыкка жетишүү максатында иш тажрыйбанын 2-этабын (2015-2017-жылдар) төмөнкүдөй жүргүзүү керектиги аныкталды (караңыз, таблица 3.3.4.).

**Таблица 3.3.4. – Орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун компоненттери**

| | |
|---|---|
| **Максаты** | Орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде билим жана тарбия берүүнү өркүндөтүү |
| **Милдеттери** | Орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун натыйжалуу ыкмаларын, каражаттарын, формаларын практикага таянуу менен иштеп чыгуу;<br>Иштелип чыккан илимий-практикалык, методикалык сунуштарды педагогикалык тажрыйба жолу менен текшерүү. |
| **Каражаттары** | Элдик каада-салттар, ырым-жырымдар, салттык жөрөлгөлөр боюнча сценарийлер, ушул багытты изилдеген эмгектер, кинофильмдер, ар кыл сүрөттөр, санжыралык жана театрдык чыгармалар, окуумуштуулардын эскерүүлөрү, ж. б. |
| **Уюштуруу жана** | Тематикалык жана бинардык лекциялар, элдик каада-салттар, ырым-жырымдар, |

| | |
|---|---|
| **өткөрүү формалары** | салттык жөрөлгөлөр боюнча практикалык сабактар, семинарлар, класстык сааттар, класстан тышкаркы иштер, окуучулар тарабынан өз алдынча түзүлгөн долбоорлор, акциялык жумуштар, чыгармачыл жолугушуулар ж.б. |
| **Ишке ашыруу усулдары** | Сценарий жана долбоор түзүү, көркөм чыгармачыл иштерди жасоо, роль аткаруу, көркөм окуу, адабий чыгарманы жана турмуштук окуяларды талдоо, аңгемелешүү, диспут, топтордо онлайн байланыш түзүү, интернет менен иштөө, алган тема боюнча саякат уюштуруу, ж. б. |
| **Иш чаралардан алынган натыйжа** | Орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун натыйжасында элдик каада-салттар, ырым-жырымдар, салттык жөрөлгөлөр боюнча билими тереңдеди; окуучулардын адабий чыгармаларындагы элдик каада-салттар, ырым-жырымдар, салттык жөрөлгөлөр боюнча түшүнүктөрдү кабылдоо деңгээли жогорулады; адабий текстке ар тараптуу талдоо жүргүзүп, образдуу кабылдоо мүмкүнчүлүгү өстү; окуучулардын этномаданий билими кеңейип, кыргыз салттарын таанып-билүү жеке турмушу менен байланышта өздөштүрүүсү системалаштырылды; улан-кыздардын инсандык, социалдык-маданий компетенциялары жогорулап, тилдик-коммуникативдик компетенцияларын калыптандыруу жолдору түзүлдү; ж. б. |
| **Натыйжаны аныктоо жолдору** | Орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун натыйжасында элдик каада-салттар, ырым-жырымдар, салттык жөрөлгөлөр боюнча маалыматка ээ болушту; элдик каада-салттарды, ырым-жырым, түрдүү жөрөлгөлөрдү өздөштүрүү менен этномаданий билими тереңдеди; адабий чыгармалардын сюжетинде, көркөм образдарында, ар кыл каармандардын жашоо-турмушунда кездешкен каада-салттарды таанып-билүү иш-аракеттери жогорулады; кыргыз элинин маданиятын, этнографиясын башка улуттук этномаданий дөөлөттөр менен салыштыруу аркылуу окуучулардын инсандык, социалдык-маданий компетенциялары калыптанды. |

Ушул этапта тема боюнча методологиялык таяныч болуучу тарыхый-философиялык, этнопедагогикалык, социо-психологиялык, илимий-методикалык жана адабият таануу багытындагы табылгалар менен эксперимент жүргүзүүчү топторду камсыз кылдык. Коюлган максат жогорку деңгээлде болушу үчүн сурамжылоо анкеталарын, окуучулардын оозеки жана жазуу жумуштарын, тесттик тапшырмаларды талдоого алдык. Андан соң тажрыйба жүргүзүүчү топтордо өтүлүүчү сабактын иштелмелери ич ара тандалып, окутуунун дидактикалык принциптери, технологиялары айрым толуктоолор менен иштелип чыкты. Ал өз кезегинде окутуунун компоненттери, мазмундук-структуралык моделин толуктоого мүмкүндүк түзүп, аны төмөнкүлөр аткарылды:

- баланын этномаданий баалуулуктары өздөштүрүү боюнча социалдык керектөөсүн эске алуу менен окуу программасын айрым тереңдетүүлөрдү кошулду;
- окуу китептериндеги окуу материалдарын үйрөнүүдө адабий чыгармаларды этнопедагогикалык негизде таанып-билүү боюнча айрым идеялык-мазмундук тереңдетүүлөр болду;
- орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун абалын жакшыртуу үчүн сабактар кошумча материалдар менен жабдылды;
- окутуунун бардык технологиялары окуучуларда инсандык, социалдык-маданий компетенцияларын калыптандыруу мүмкүнчүлүгүнө карай сунушталды;
- элдик каада-салттар, ырым-жырымдар, салттык жөрөлгөлөр боюнча практикалык сабактар, семинарлар, класстык сааттар, класстан тышкаркы иштер, окуучулар тарабынан өз алдынча түзүлгөн долбоорлор, акциялык жумуштар, чыгармачыл жолугушуулар жана аларды талдоо иштери активдештирилди;
- ар бир сабактан кийин улуттук каада-салттарды терең үйрөнүү үчүн түрдүү тематикадагы долбоорлор уюштурулду;
- каада-салттык түшүнүктөрдү жогорку деңгээлде түшүнүү максатында энциклопедиялык сөздүктөр, адабий-тарыхый изилдөөлөр колдонулду;
- бардык иш чаралар алдыңкы тажрыйбаларды үйрөнүү менен коштолуп, сабактарда заманбап технологиялар пайдаланылды;
- ар бир алынган натыйжадан окутуунун негизги компоненттерине, сабактын жана иш чаранын максат-милдеттерине, каражаттарына, жолдоруна, усулдарына толуктоо киргизилип, орто мектептин 10- жана 11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча жалпы модель иштелип чыкты.

Педагогикалык эксперименттин үчүнчү – жыйынтыктоочу (2018-2020-жылдар) этабында жүргүзүлгөн тажрыйбалар аягына чыгарылды. Бул жылдарда орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын

этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча биз иштелип чыккан жалпы модель практикалык иштер аркылуу корутундуланды. Мында жасалган эксперименттик иштер изилдөөнүн биринчи (байкоо) жана экинчи (аныктоочу) этабында жүргүзүлгөн тажрыйбадан алынган өздөштүрүү деңгээлин талдоонун негизинде улантылып, окуучулардын билими аларда калыптанган компетенцияларга таянып чыгарылды.

Маалыматка **ээлик кылышы** боюнча: 1) этномаданий б. а. элдик каада-салттар, ырым-жырымдар, салттык жөрөлгөлөр боюнча практикалык сабактар, семинарлар, класстык сааттар, класстан тышкаркы иштер, окуучулар тарабынан өз алдынча түзүлгөн долбоорлор, акциялык жумуштар, чыгармачыл жолугушуулар жана аларды талдоо иштерин жүргүзүү түшүнүктөрүнө ээ болушу; 2) кыргыздын элдик каада-салттарын, ырым-жырымдарын, салттык жөрөлгөлөрүн башка элдерден болгон айырмачылыгын ажырата билиши; 3) адабий чыгармаларда алардын аткарган кызматын, берген идеясын билүүсү; 4) элдик каада-салттардын, ырым-жырымдардын, салттык жөрөлгөлөрдүн көркөм чыгармаларда аткарган идеялык мазмунуна таянып, каармандарды мүнөздөрүн, алардын «оң» же «терс» образ экенине баа берүү;

Маалыматты **колдоно алуусу** боюнча: 1) элдик каада-салттар, ырым-жырымдар жана салттык жөрөлгөлөрдүн турмуштагы ордун баалай билишине; 2) практикалык сабактар, семинарлар, класстык сааттар, класстан тышкаркы иштер, окуучулар тарабынан өз алдынча түзүлгөн долбоорлор, акциялык жумуштар, чыгармачыл жолугушуулар жана аларды талдоо иштерин жүргүзүүдө көркөм сөз каражаттарын, тилдик өзгөчөлүгүн, темага тиешелүү түшүнүктөрдү колдоно алуусуна; 3) элдик каада-салттардын, ырым-жырымдардын, салттык жөрөлгөлөрдүн көркөм чыгармаларда аткарган идеялык мазмунуна таянып түзүлгөн сабактардын негизинде реферат, эссе, дил баян жазуусунда орун алган көндүмдөрдүн жыйынтыктарын өз алдынча баалай билишине; ж. б.

Биз тарабынан сунушталган моделдин натыйжасын текшерип көрүү максатында бардык аймактар боюнча эксперименттик класстарга параллель окуган бөлөк класстын окуучуларына да сурамжылоо жана сабактарына катышуу, анализ берүү жумуштарын жүргүзүп турдук. Мындай байкоо иштери

менен салыштырып көргөндө төмөнкүдөй көрсөткүчтөрдү берди. Мисал келтирсек, Бишкек шаарынан эксперименттик класстарда 221 окуучу катышкан болсо, байкоо тобуна ушундай эле көлөмдөгү окуучуларды (223 окуучу) алсак, маалыматты өздөштүргөнү боюнча айырма 17,3%ды түздү. Ал эми Чүй облусунан эксперименттик класстарда 233 окуучу катышкан болсо, байкоо тобуна ушундай эле көлөмдөгү окуучуларды (231 окуучу) алсак, маалыматты өздөштүргөнү боюнча айырма 16,3%ды берди. Ошондой эле Ысык-Көл облусунан эксперименттик класстарда 216 окуучу катышкан болсо, байкоо тобуна ушундай эле көлөмдөгү окуучуларды (212 окуучу) алууга аракеттендик, анда маалыматты өздөштүргөнү боюнча айырма 11,2%ды көрсөттү. Нарын облусунан эксперименттик класстарда 219 окуучу катышкан болсо, байкоо тобуна ушундай эле көлөмдөгү окуучуларды (217 окуучу) алдык, мында маалыматты өздөштүргөнү боюнча айырма 8,1% болду. Талас облусунан эксперименттик класстарда 227 окуучу катышкан болсо, байкоо тобуна ушундай эле көлөмдөгү окуучулар (231 окуучу) катышты, алардын ортосунда маалыматты өздөштүргөнү боюнча айырма 9,3%ды түздү. Мындай пайыздык көрсөткүчтөр биз тарабынан сунушталган моделдин бир катар натыйжага жеткенин ачыктады. Демек, биздин методикалык сунуштарыбыз, б. а. орто мектептин 10- 11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча иштелип чыккан жалпы модель аркылуу балдардын билим сапатын жогорулатууга мүмкүн экендиги тастыкталды.

**Үчүнчү глава боюнча корутунду**

3-глава боюнча төмөнкүдөй жыйынтык чыгарылды:

1) “Кыргыз адабияты” предмет киргенден тарта адабиятты балдарга үйрөтүү принциптери орустун педагогикалык илиминде аныкталган теориялык абалга ылайыкташып кыргыз мектептерине киргизилип, анын натыйжасында окуучулар билүүгө зарыл деп табылган билимдин мазмуну партиялык саясатка тиешелүү мазмунга өткөндүктөн, көркөм адабиятты эстетикалык жактан кабыл алуу (а), эмоционалдык өзгөчөлүгүн колдоно билүү (б), этномаданияттын бир бөлүгү катары адам жашоосуна тийгизген таасирин өздөштүрүү (в), сүйлөө каражаты

катары үйрөнүү (г), аны пикирлешүүдө ишке ашыруу (д) сыяктуу элдик педагогикада иштелген принциптери окуу процессинен чыгып калган болсо, ар бир окуучуга керек компетенцияны калыптандыруу зарылдыгы унут болуп бара жаткан этнопедагогиканын ык-усулдарын, билим берүү формаларын окуу процессине алып келүү керектигин ачыкка чыгарды. Кат-сабаты ачылбаганы менен кыргыздардын жүрүм-турум, сөз сүйлөө, сөзүнө бекем туруу, берген убадасын аткаруу, “ток этээр жерин айтуу”, карынын сөзүн угуу, кичүүгө насаат айтуу, ж. б. ушул сыяктуу маданияты жогору болгонун кийинки муундагы балдар эле билбей калбаса, өткө замандын үчүнчү чейрегине чейин туулгандар өздөрү жашаган турмушка байланыштырып, бүгүн да айта алышат. Дүйнөлүк билим берүү системасынын көркөм адабиятка мамилеси ар түрдүү экенин эсепке алсак, бүт жашоосун адабият менен бирдикте караган кыргыз калкын, анын кийинки муундарын кыргыздын көркөм чыгармаларында “катылган дидактикасынан” ажыратууга болбостугун улам жыл өткөн сайын көзгө сайып көрсөтө баштаган азыркы кырдаал улуттун иденттүүлүгүн сактап калуу үчүн билим берүүнүн илимий негиздерин түзүүдө кыргыз адабиятындагы ички мүмкүнчүлүктү пайдалануу зарылдыгын ачыктады.

2) Адабий чыгармалардын идеялык мазмуну менен тутумдашып турган окутуунун илимий-методикалык негизин түзүү бир эле орто билим берүү менен эле толук маселени чечип жиберүү мүмкүн эместиги белгилүү болсо да, аны акырындап өз ордуна коюу үчүн баары бир бул жумушту аткаруу керектигин эске алуу менен биз аны орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча ишке ашыруу натыйжалуу болот деп эсептейбиз. Ырас, Кыргызстанда азыркы учурда көптөгөн билим берүү концепциясы иштеп жаткан маалда мындай иш чараларды сунуштоо рынок шартына туура келгендиктен, кыргыз калкынын өзүнө тиешелүү окутуп тарбиялоо принциптерин кайрадан «жандандыруу» аркылуу орто мектептин 10- жана 11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун ык-усулдарын түзүп, аны сапаттуу ишке ашыруу боюнча иш чараларын камтыган методикасын билим берүүгө сунуштоо багыты атаандашуучулук принцибине жооп берет. Кыргыз адабияты сабагын ушул

методикада өтүү улуттук адабиятты ар тараптуу окуп-үйрөнүүдө негизги басымды кадимки көркөм чыгарманы үйрөнүүгө жасаганы менен андагы мазмунун көп түрдүүлүгүнө таянып, азыркы социалдык коомчулуктун түрдүү маселелерин маданий баалуулуктар аркылуу түшүнүүгө, андан элдин маданий-эстетикалык керектөөсүн билип, жеке өзүн, айлана-чөйрөсүндөгү адамдарды, аларга тиешелүү жашоо-турмушту, пендечиликтин маданиятын, андагы түрдүү мамилелерди таануучулук принциптерине элдик дидактиканын шартында карап, башка этникалык мамилелерди этнопедагогиканын принциптерине таянып чечүү педагогикалык коомчулукка сунушталган жаңы стандарттын негизги талаптарына туура келет. Азыркы адабий билим берүү көркөм чыгармадагы образдуулуктун бардык түрүн мектеп окуучуларына чечмелеп түшүндүрүүдө адабий тексттерди түшүнүүдөн тартып, адабий кубулуштар менен образдарды түрдүү формада кабыл алуунун жолдорун үйрөнүүгө (1), адабият сабагында каармандарды талдоо (2) аркылуу көп улуттардын өкүлдөрүн, башка адамдарды түшүнүүгө (3), Кыргызстандын алдында атуулдук жоопкерчилигин сезүүгө (4), адабияттын контекстинде аныкталган түшүнүктөр менен Ата мекенди, анын кооз табиятын сүйүүгө (5), ата-эненин, үй-бүлөнүн барктуулугун түшүнүп (6) жан дүйнөсүндө кадырлоого (7), чыгармадагы конфликттерди анализдеп, окуучуларды толеранттуулукту тарбиялоого (8) жагымдуу жагдай бар экенин эскертели. Адабият сабагында окуучулардын көркөм чыгарманы өз ара интерпретациялоосу бирин-бири тарбиялоого маанилүү кызмат көрсөтүп, андан балдар инсандык, адептик, эстетикалык, ал тургай интеллектуалдык багытта көз караштарын тактап, эгер жаңылыштык кеткен болсо, анын себептерин түшүндүрүү боюнча аткарылган усулдук иш чаралар алардын чыгармачыл жөндөмдүүлүгүнө гана таасирин тийгизбестен, ар бирине өзүнүн “адамдык уңгусун” түптөгөнгө жардам берет. Окутууда сабактардын ык-усулдарын жана формаларын иштеп чыгууда кыргыз адабиятынын ички мазмунун окуучуларга жеткирүү мүнөзүндө түзүлгөн сабактын үлгүлөрүн жаңы стандарттын талаптарын аткаруу максатына шайкеш келтирүү менен бирге кыргыз тээ байыртан келе жаткан билимди үйрөтүү методикасына таянуу керек болууда.

3) Дайыма изденүүнү каалаган ар бир мугалим мындай портфолиону түзүп, ага өзү жасаган жумуштарын тиркеп жүрүп отурган болсо, ал аткарылган иштердин сапаты эле ачыкталбастан, иштин мазмуну кайсы багытка бара жатканын да жеткиликтүү ачып берет. Портфолиого сакталган жумуштар мугалимге өзүнүн аткарган иштерин жыйноо менен чектелбестен, андан ары кандай иш чараларды түзүү керектигин, ал кандай мазмунда болушун, максаты эмнеге негизделип, кайсы багытта, кандай шартта, мөөнөтү канчалык убакытты талап кылаарынан бери тактап алууга да мүмкүнчүлүк жаратат. Ошол эле мезгилде ал ишмердүүлүктүн кайсы тарабы жетишпей жатканын да ачык көргөзүп, окуучулар алуучу билимди жергиликтүү чөйрө менен байланыштыруу жолдорун издөөгө мугалимди мажбурлайт. Окуучулар алган маалыматтар качан алар колдоно алганда гана компетенцияга айлана турганын мугалим дайыма сезип, өзү окуткан сабакта алган билим кайда керектелиши мүмкүн экендигин балдарга билдирүүгө жетишсе, мындай натыйжаны берген ык-усулдар көздөгөн пайданы педагогикалык коомчулукка да даана көрсөтүп берүүгө жетишет. Азыркы билим берүүнүн мындай усулдары учурда бардык мектептерде практикаланып, башкалардай эле бул багытта кандай жумуштар аткарылышы натыйжалуу болоору көпчүлүк адабият мугалимдерине белгилүү болгону менен адабият мугалими орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун ык-усулдарын дайыма анализге алуу үчүн системдүү колдонгону туура. Ал канчалык натыйжа бергенин аныктоо үчүн кандай ык-усулдарды колдонбосун биз аны жалпылаштырып, бирин экинчиси толуктап турган төрт багытта – 1) окуу процессинде билип үйрөнгөнүнө; 2) окуучулардын жеке чыгармачыл аракетине; 3) социалдык чөйрөдө аны канчалык колдоно алуусуна; 4) түрдүү коммуникативдик байланыштарда пайдалануусуна баа берүүгө тийишпиз. Ырас, андай компетенцияларды аныктоодо бирдиктүү талап коюу маанилүү, бирок ар бир окуучу кайталангыс экендигин, анын өзүнө тиешелүү дүйнө кабылдоосу бардыгын, ал кандай иш жасабасын биринчи кезекте жан дүйнөсүн ачып, чын ниетинен өзүн кызыктырган көз караштуы коомчулуктун алдына көтөрүп чыгууга жана аны колдоо же коргоо багытына таандык иш чараларды аткарууга

жетишүүсү конкреттүү сабакта көрүнсө, анын канчалык өсүшкө ээ болгону портфолиодо сакталат. Ошондой эле азыркы мезгилде ар бир окуучуну субъекти катары таанып, ага сый-урмат менен мамиле кылуу керектигин кыргыз педагогикалык коомчулугу өткөн кылымдын 90-жылдарынан бери катуу талкуулаганын эске алсак, бүгүнкү күндө орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун ык-усулдарын уюштурууда сабактын жүрүшүнөн тартып, балдарга алган баасын угузганга чейинки убакытты туура жана чеберчилик менен пайдалануу маанилүү экенин белгилеп коюуга тийишпиз.

4) Окуучулар менен мугалимдин кызматташуусу дайыма белгилүү бир системада болуп, ал эки тарапка бирдей түшүнүктүү болгон шартта уюштурулса, балдар кандай аракети үчүн эмне баа татыктуу болоору ачык көрүнүп, ошол эле мезгилде өз мүмкүнчүлүгүн кай тарапка жумшаса маанилүү болоорун да айкын сезе алышат. Ал окуучулардын сабакта окуу материалын өздөштүрүүдөн тартып, аны өзүнчө чыгармачылык менен иштеп чыгуу, б. а. өз алдынча эксперименталдык иштерди жасоодон тартып, семинар, тегерек стол, конференция, ж. б. тигил же бул багытта чеберчилигин көрсөтүү жумуштарында өздөштүргөн билимин ачыкка чыгаруу аракетинен даана байкалат. Бул багытта жетишкен көрсөткүчтөрүн кээ бир учурларда баа менен өлчөө мүмкүн эмес болуп калат, ошол себептен улам адабият мугалими орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууда сабактан тышкаркы учурда аткарган ык-усулдарын сапаттуулугуна карай баалоонун башка түрлөрүн (ыраазычылык кат, мактоо баракчасы, ардак грамота, түрдүү төш белги, ж. б.) колдонгону маанилүү болуп саналат. Ырас, мындай иштер көпчүлүк мектептерде эле болуп жатканы баарыбызга белгилүү. Бирок көпчүлүк жерде андай иш чаралар системалуу түрдө, адабият мугалими тарабынан дайыма максаттуу жасалбагандыктан, ар бир окуучуга компетенция калыптандырууда кандай кызмат көрсөткөнү, ага кайсы окуучу катышып, ал эми кайсылары четте калганы так белгилүү болбойт. Экинчи жагы, активдүү катышууга аракеттенген окуучулардын кызыгуусу жөндөмгө айланыш үчүн андай иш чаралар дайыма болуп турушу жана андан алынган натыйжалар

мугалимге эле эмес окуучулардын өздөрүнө да айкын сезилсе гана ал кийин бала турмушта колдонуучу көндүмгө өтө турганын эске алсак, орто мектептин 10-жана 11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууда андай ык-усулдардагы жумуштардын аткарылыш формасын, ал аркылуу калыптануучу компетенциялардын мазмунун аныктоо бул багытта сапаттуу иш аткаруу үчүн зарыл болуп саналат. Адабият мугалими аны өзү каалагандай эркин жүргүзө албайт, ошондуктан биринчи кезекте *окуу программасын жетекчиликке алганы* туура, б. а. орто мектептин 10- 11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууга тиешелүү окутуу формаларын, ык-усулдарды күнүмдүк сабактарда колдонуу менен андан чыккан жыйынтыктарды ийгилик-кемчиликтерине карабастан, топтоп жүрүп отурушу керек. Азыр Кыргызстанда билим берүү боюнча ар бир аймакка тиешелүү өзгөчөлүктөр пайда болуп калганын эсепке алсак, мындай автордук программаларды кайсы предметтин базасында болбосун колдонуу талапка ылайык келет. Учурда мындай автордук программаларды сунуш кылгандар сейрек болсо да, окуу процессинде айрым бир сабактарга өзүнүн жеке чыгармачыл аракети менен мамиле кылып, зарыл болгон *суроолорду* (1), *текшерүүчү тапшырмаларды* (2), *тесттерди* (3), *план-конспектилерди* (4), *сабактын иштелмесин* (5), окуучулар менен иш алып баруудагы *түрдүү презентацияларды* (6), *методикалык сунуштарды* (7) түзүп, окуу процессине активдүү катышкан кыргыз адабияты мугалимдери өлкө боюнча жетиштүү эле. Мындан тышкары райондук же шаардык методикалык бирикмелерде болгон иш чараларга активдүү катышып, окуучуларга берген билимдин сапаттуу болушуна карай *өзүнүн сунуштарын* (8), ошондой эле башка педагогдор жасаган иш чарага карата *анализин берип* (9), зарыл болгон шартта мультимедиялык методикалык колдонмолорду *педагогикалык коомчулукка жарыялаганы* (10) да маанилүү ролду ээлейт.

5) Кыргызстандагы мектептердин окуучуларды турмушка тарбиялоо мүмкүнчүлүгү бирдей эмес, ошол себептен орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууну турмуш менен байланыштырып, адабият сабагында, класстагы башка сабактарда,

класстык сааттарда, класстан тышкаркы социалдык чөйрөдө өз компетенцияларын көрсөтүүчү иш чараларын түзүүдө орто мектептеги бөлөк дисциплиналардан алчу билимдерди да өз ичине камтууга жөндөмдүү жактарын ойлонуштарса, аны колдонуу чөйрөсү кеңейип, адабият сабагы адам жана анын турмушун таанып-билүүнүн булагы экендиги практикалык иштерде аныкталып, элдин жашоосуна тикелей катышы бар маселени дал ушундай жерде чечүү мүмкүнчүлүгү жогорулай түшөт. Азыр шаар менен айылдын ортосунда кайсы билимге болбосун кескин айырма сакталган, ал адабий билим берүүдө да бар экенин эстен чыгарууга болбойт. Аны билүү канчалык маанилүү болуп турганын мугалим качан балдардын алган билими кайсы жерде керектелиши мүмкүн экендигин аныктоого аракет кылган маалда даана түшүнөт. Анткени азыр окуучуларга көркөм чыгарманын идеялык мазмуну жөнүндө маалымат берүүдөн мурда эмне маселеге токтолуп, анын чегинде кайсы проблемаларды түшүндүрүү зарылдыгын ойлогондо «этномаданияттын» коомчулуктагы орду, аны эл турмушуна пайдалануу, этностун социалдык керектөөсү менен көркөм-эстетикалык мазмунда үйрөнүүгө тийиш конкреттүү жагдайларды тактоо зарылдыгы козголот. Улуттук маданиятты, аны турмушта колдонуу маселесин үйрөтүү «мектеп турмушунан» тышкары аткарылчу иштер сыяктуу көрүнгөнү менен кырдаалга эстетикалык-этикалык мазмунда баа берүү түшүнүктөрү адабият сабагы аркылуу ар бир окуучуга жетээрин эстегенде негизги окуу материалдарына таянган иш чараларды «социалдаштырууну» башкы планга көтөрөт. Ал мектеп окуучуларынын бүгүнкү социалдык талабынан чыгышы керектиги жөнүндө көп айтылып келе жатса да, адабият мугалими аны жүзөгө ашыруу жолдорун түзүүдө ар бир класс боюнча анкеталык сурамжылоо иштерин жүргүзүп, кайсы класска эмне керектигин тактап, күнүмдүк жашоодо жергиликтүү шартка ылайык келчү маданияттуулукту аныктоочу белгилерди камтыган түшүнүктөрдү жалпылаштырып, алардын арасында окуучулар сөзсүз билүүгө тийиш болгон жактарын белгилүү бир проблеманын айланасына топтоп, анан сапаттуу деңгээлде чечүү гана «туура жооп бергендик» болуп саналат.

6) Орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча биз иштелип чыккан жалпы модель

практикалык иштер аркылуу корутундуланды. Мында жасалган эксперименттик иштер изилдөөнүн биринчи (байкоо) жана экинчи (аныктоочу) этабында жүргүзүлгөн тажрыйбадан алынган өздөштүрүү деңгээлин талдоонун негизинде улантылып, окуучулардын билими аларда калыптанган компетенцияларга таянып чыгарылды.

## ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ

Бул глава боюнча төмөнкүдөй **жалпы жыйынтыктарды** чыгарууга болот:

1 Диссертациялык иштин мазмуну Кыргызстандын билим берүү системасынын учурдагы абалына байланыштырылып каралды, б. а. алардын бири этнопедагогикалык негизде окутуу болуп саналса, ишти аткарууда аны бир нече концепцияны айкалыштыруу менен жүзөгө ашыруу зарылдыгын жетекчиликке алды. Мында кыргыз эли кылымдап калыптандырган улуттук нарк-дөөлөттөрдү сактап жана колдонуп, андан ары кийинки муунга өткөрүп берүү вазийпасы тээ бала бакчадан тартып, инсан болуп жетилгенге чейин аткаруу жумуштарын көркөм адабиятка жүктөлө турганы ачыкталды. Кыргыз элинде мындай салт байыркы замандардан бери иштелип чыккан жол болгондуктан, кыргыз адабияты предметинин негизинде жөнгө салуу дагы эле **актуалдуу** бойдон турат. Ырас, мында мурда калыптанган салтты улантуу деп алганыбыз менен өлкөдө билим берүү парадигмаларынын кырдаалга ылайык жаңылануусу «Манас» эпосу баш болгон адабий дөөлөттөрдүн негизинде балага турмушунда керектелүүчү улуттук каада-салт, адеп-ахлак, ыйман-ынсап жана рухий байлыктарына ээ болуучу инсандык сапаттарга өзгөртүүлөрдү киргизди. Буга чейин андай адамдык касиеттерди жөндөм аркылуу аныктап келсек, жаңы окуу стандарттары «компетенция» деген категория менен түшүндүрүүгө өттү. Окутуу процессине карай мамиленин мындай өзгөрүшү, окуу предметинин мазмунуна карата талаптын жаңылануусу баланы субъекти катары таануу менен ар биринин коомдук-социалдык керектөөсүн канааттандыруу үчүн инсанга багыттап окутуу жолдорун, ык-формаларын ишке ашыруу зарылдыгын көтөрдү. Өлкөдөгү мындай абал окуу процессинин жүрүшүнө карата мамилени гана өзгөртпөстөн, окуу предметтеринин мазмунун кайра карап чыгуу, колдонулган

окуу программасын жогорку талаптарга ылайыктоо жана окутулуучу окуу материалдарына жаңыча мамиле кылууга жол ачса, окуучу алган билимдин жыйынтыгы Мамлекеттик стандарт аныктаган жарандын социалдык-маданий жана инсандык компетенцияларын калыптандыруу жогорку класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикага негиздеп окутуу маанилүү орунду ээлей турганын көрсөттү. Кыргыз улуту байыркы кылымдардан бери балдарынын дүйнө таанымын калыптандырууда жана жеткиликтүү таалим-тарбия берүүдө адабий чыгармалардын бардык түрүн колдонуп келишкен. Жаңы окуу стандартынын кабыл алынышы менен билим алуунун формасы жана аныктоочу категориялар да башка нукка багыт алды, бирок жарандын улуттук иденттүүлүгүн сактап калышына «Манас» баш болгон көркөм адабияттын мааниси мурдагы калыбын жоготкон жок, бирок бул дисциплинаны кайрадан карап, жаңыча изилдөө зарылдыгын козгосо коомдун өзгөрүшү, ага карата педагогиканын окутуу жана тарбиялоо боюнча позициясынын жаңылануусу, жашоо образынын жарандык коомчулукка тийгизген таасири жалпыга сиңип бараткан кыргыздын кийинки муундарынын өздүк белгилерин сактап калуу зарылдыгын көрсөтүүдө.

2) Бул азыр окуу китептеринде орун алган адабий чыгарманын жарыяланышын, идеялык-эстетикалык кудуретин, тарыхый ордун адабий факты катары айтып берүү менен чектелбестен, андан тереңдеп эл турмушу байланыштуу тарбиялык маанисин, каада-салтты таанып үйрөнүүдөгү руханий баалуулугун, жарандын инсандык белгилерин түшүнүүгө жасаган кызматын азыркы жаштарга жеткирүү диссертациялык иштин **биринчи милдети** катары кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун жалпы маселелерин иликтөөгө алуу менен окутуунун теориялык жана практикалык жактан изилденишин аныктоо изилдөө зарылдыгын көрсөттү. Аны аткаруу кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун алкагында коомчулуктун алдына коюлган вазийпаны карап, кыргыз эли өзүнүн адабий чыгармаларына батырган элдик таалим-тарбия берүү ык-формаларын, адап-ахлак түзүмдөрүн мектептин жогорку классынын окуучуларына жеткирүү маселесин илимий-практикалык жактан системалуу изилдөөгө жол ачты.

Этнопедагогиканын салттары аркылуу баланын турмушуна керек компетенцияларын калыптандыруунун маанилүү базасын түзүүгө - окутуунун бул багытта методологиялык илимий-практикалык, методикалык системасы практикалык мазмунда ырааттуу изилдөөгө, далай убакыттан бери окутулуп келе жатса да, окуу программалары, окуу-методикалык колдонмолору өз деңгээлинде иштелип чыкпагандыгына, окуучуларды турмушка үйрөтүүнүн жолго коюлбагандыгына, көркөм чыгармаларда руханий, педагогикалык баалуу ойлор болсо да, аларды азыркы жаштарды тарбиялоодо колдоно албаганы иштин 1-главасынын 1-параграфында каралды. Тактап айтканда, жогорку класстарда кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун илимий-теориялык жактан калыптанышына талдоо жүргүзүү менен окутуунун принциптерин компетентүүлүккө негиздөө аркылуу этномаданий, этнопедагогикалык негизде компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу боюнча теориялык жактан жеткиликтүү изилденбегендиги изилдөөнүн зарылдыгын көрсөтүлүп, ар бир окуучуга сунушталган адабий билим күнүмдүк социалдык турмушта керектелүүчү компетенцияларды калыптандыруу үчүн кызмат кылышын талап кылган шарттар азыркы билим берүүнүн маселелери менен бирге талдоого алынды.

3) Азыркы билим берүү системасында окутуунун адабий-педагогикалык маселелерин кыргыз адабиятын жогорку класста этнопедагогикалык негизде окутуунун зарылдыгына байланыштырып чечмелөөдө ааламдашуу доорунда кыргыз адабиятын окутуу процессинде адабий чыгармалардын этнопедагогикалык маани-маңызына басым жасалып, ал инсанга багыттап окутуунун методологиялык негиздерине таянуу менен практикада колдонулушуна анализ жүргүзүлүп, анын жыйынтыктарында окуучулар ээ болгон компетенциялар аркылуу өз баасын алды, б. а. окутуунун педагогикалык шарттары, дидактикалык принциптери, методикалык өзгөчөлүктөрү, окуучулар ээ болуучу компентенттүүлүккө негизделди. Ырас, кыргыз адабияты дүйнөлүк адабияттын башка үлгүлөрүндөй эле өнөр экендиги талашсыз. Бирок анын кыргыз эли үчүн кылган кызматын башка улуттук адабияттар менен салыштырып кароо жана билим берүүчүлүк табиятын бирдей принципке алып келүү мүмкүн эмес. Эгер кыргыз адабиятынын билим берүүчүлүк миссиясын

ушундай тар түшүнүккө такап коюу кыргыз баласын этномаданиятынан, этнопсихологиясынан толук ажыраган кырдаалга жеткирет. Анткени ал түшүнүктөр кыргыз элинде көркөм адабияттын мазмунунда жашап, ал эми коомдук-социалдык чөйрө таанып-билүүчү деңгээлге жете электигин, андай көйгөйдү үйрөтүүчү сабактардын программасы түзүлгөнгө чейин аны ушул негизде гана чечүү мүмкүн экендигин белгилей кетели. Демек, кыргыз адабияты сабагы жогорку класттын окуучуларына көркөм чыгарманы талдап үйрөтүүдө анын сюжети жана композициясы, негизги образдары, баяндоо стили, адабий тилди пайдалануудагы өзгөчөлүктөрү менен бирге аны турмуш чындыгына коюп, салыштырып анализдөө аркылуу алар жашоосунда керектүү билимди алып келген. Азыр деле кыргыз адабияты ошондой эле милдетти жатканын айтууга болот, б. а. балдар адабий чыгармадагы образдардын тегерегинде түрдүү вариантта ой жүгүртүшүп, андан алынган ой корутундуларын элдин турмушун аныктап билүүгө жумшап келет. Окуучулар көркөм чыгарманы кандай форматта талдабасын, алардын жыйынтык ойлору толук бойдон турмуш чындыгына байланышып, ага тиешелүү көркөм-эстетикалык бааны да, искусство катары түшүндүрүү позициясы иштин 1-главасынын 2-параграфында каралып, кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун **экинчи милдетин** ишке ашырды.

4) Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун окуу стандартында, окуу планында чагылдырылышына жана кыргыз адабияты сабагы калыптандыруучу компетенцияларында этнопедагогиканын ролуна баа берүү илимий иштин **үчүнчү милдети** болсо, анын маани-мазмунун окуучулардын дүйнө кабылдоосунун калыптануусуна, руханий, көркөм-эстетикалык табиттин туура жетилүүсүнө, улуттук иденттүүлүгүн, этникалык өзгөчөлүгүн таанытуу шарттары менен бирге кароо, дүйнөлүк педагогика илими иштеп чыккан теориялык, методологиялык негиздерге, дидактикалык принциптерге таянуу менен окуучулардын билим жана тарбия алуусуна сабактын оптималдуулугун жогорулатууга жетишүү системасын түзүү иштери жүрдү. Ал кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутууда инновациялык технологияларды пайдалануу, окуучулардын алган

билимин турмуш менен интеграциялоо, турмуш чындыгын таанып-билүү чыгармачылыгын өстүрүү компетенцияларын калыптандырууга жагымдуу педагогикалык абал даярдоо аракеттери менен коштолду. Милдеттин аткарылышында кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуу стандарттын концепциясы катары аныкталган төмөнкү сүйлөмдөрдө берилген маанини толук жетекчиликке алып, б. а. анын окуу предмети катары мазмунунун негизин кыргыз адабиятынын казынасын түзгөн көркөм чыгармаларын мектепте окуп-үйрөнүүгө, ааламдын түрдүү кубулуштагы сырын, адамдын жан дүйнөсүндөгү татаалдыкты, келишпестикти, пендечиликтин мазмунудагы эстетикалык баалуулуктарды туюп, андан адам суктанчу белгилерди бөлүп кабылдап, ал турмушту ар кыл көркөмдүктө чагылдырган образдар аркылуу кыргыз элин ар тараптан таанып-билүүчү компетенцияны калыптандыруу багыты түзүлдү. Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуу кайсы чыгарманы болбосун талкуулоодо турмуштук материалдарды жыйноо, аларды тарбиялык мааниде үйрөнүү, ага карата жоопторду варианттары менен түзүү, канчалык туура болушу мүмкүн экенин логика аркылуу турмуш чындыгына салыштырып тактоо, коомчулукка жарыялоо (класста презентациялоо), кызыкчылыгы болсо андан ары иликтөөгө өзгөчө маани берип, окуучулардын изилдөөчүлүк компетенциясын өнүктүрүүгө шарт түзө турганын далилдеди.

5) Диссертациялык изилдөөнүн **төртүнчү милдети** кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасын, өркүндөтүү жолдорун иштеп чыгуу болсо, ал иштин 2-главасында каралып, кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде методикасын түзүүдө адабият таануу, педагогика, психология илимдеринин соңку жетишкендиктерине негизделип, жалпы абалы, проблемалары, өзгөчөлүктөрү талданып, анын модели, натыйжалуу методдору алгачкы жолу иштелди. Жогорку класстарда кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууда илимий негизде жүргүзүлгөн педагогикалык тажрыйбалардын жыйынтыктары иштин божомолунун ырастыгын далилдеп, мектептерде кыргыз адабияты сабагын этнопедагогикалык жактан өркүндөтүүгө өбөлгө берди. Сабак кандай

формада өтүлбөсүн кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутууда сапаттуу колдонуш үчүн салттуу методикалык ыкмалар - көркөм чыгарманын тексти менен толук таанышып чыгуу, талаш ойлордо «жеңишке жетүү» үчүн илимий-популярдуу адабияттарды пайдалануу, ой эффективдүү болушу үчүн тексттен келтирилген мисалдарды (үзүндүлөрдү) көркөм окуу, кооз жана поэтикалуу учкул сөздөрдү, макал-ылакаптарды колдонуу, образдарды таамай ачып берген илимпоздордун ойлорун келтирүү, көркөм-элестүү саптарды жатка айтуу сыяктуулар керек экендигин белгилей кетели.

6) Кыргыз адабиятын орто мектептин жогорку класстарында этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасын теориялык жактан негиздөө жана практикада аткарылыш жолдорун иштеп чыгуу, аларды педагогикалык тажрыйбада текшерип, натыйжалуулугун аныктоо **бешинчи милдети** болсо, Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча материалдар, методикалык сунуштар, технологиялар окуу программаларын, окуу китептерин, окуу-методикалык колдонмолорду өркүндөтүү орто мектеп, мектеп-гимназиянын жогорку класстарда адабиятты окутуунун жалпы маселелери менен бирге каралып, анын буга чейин теориялык жактан изилдениши, азыркы учурда өтө маанилүү орунда турган практикалык мазмунга ээ проблемалары этнопедагогикалык негизде окутуу технологияларын жаңылоого көмөк көрсөтүүчү ык-усулдар керектигин ачыктады. Антпесе өлкөдө кийинки мезгилдерде сырттан келген ык-усулдарга басым жасап, салттуу окутуу формалары менен ык-усулдарын «жээригендик» күч алып барат. Бирок мындай аракеттер бардык учурда эле өз түшүмүн берген жок, тескерисинче белгилүү бир убакка чейин популярдуу болуп, анан Кыргыз Республикасынын чегинде күткөн натыйжага ээ боло албай, унутта калып жатат. Мунун өзү элдин өзгөчөлүгүнө карап билим берүүнү уюштурмайын сырттан «көчүрүп келген» окутуу усулдары окуу программаларда сакталып турганы менен окуучулардын сапаттуу билим алышына жолтоо гана болууда. Мектептен энциклопедиялык билим алат деш акылга сыйбаган түшүнүк экени талашсыз, бирок мамлекет ар бир саатка (кадимки кредит катары) төлөп жаткандан кийин окуучу жаран катары өз элине

кызмат көрсөтүү үчүн белгилүү бир иш-билгиге (компетенцияга) ээ болуп, кайда болбосун колунан келген жумушун калк алдында аткарып, тагдырын татыктуу жашоосу керек эмеспи. Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуу мына ушул маселелерди туура жолго коюуга өз салымын кошот. Бир эле кыргыз адабияты сабагы эмес, ал орто мектепте билим берип жаткан бардык предметтерге тиешелүү экенин белгилөөгө болот. Маселен «Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы» орто билим берүүдөн ушуну талап кылууда. Бул нормативдик документи кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуу менен байланыштырсак, азыркы учурда жаштарга (жогорку класстын окуучуларына) көркөм чыгарманын идеяларын азыркы социалдык чөйрөнүн керектөөсүнө пайдалануунун негизги багыттарын табууга жана концептуалдуу жол-жоболорун орто мектептеги сабактар аркылуу жайылтууга иш чаралардын планын түзүү, ошондой аны окуу процессинде сапаттуу аткарууга чакырык таштаса, Кыргызстанда аны орто мектепте жүзөгө ашыра турган кыргыз адабиятынан башка предмет жок болгондуктан, инсанга багытталган иш чараларды кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуу концепциясын түзүү жана аны аткаруу туура жол экенин айкындады.

7) Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун окутуунун технологиялары изденүүчүнүн өзү тарабынан иштелип чыгып, анын аталган проблеманын өзгөчөлүктөрүнө, изилдениш тарыхы жана азыркы абалына байланышкан жеке иликтөөлөрүнө негизделиши аркылуу практикага сунуштоо диссертациялык иштин **алтынчы милдети** болсо, аталган класстардагы окуучулардын этнопедагогикалык түшүнүктөрүн калыптандыруунун оптималдуу ык-жолдорун аныктап, аны педагогикалык тажрыйбаларда натыйжалуу жүргүзүүнүн жыйынтыктары аркылуу тастыктоо, андан алынган туура жактары жарандык кызыкчылыктарды коомчулук талап кылган деңгээлде аткаруу үчүн педагогикалык процессте календарлык план менен системалуу иш чараларды өлкөнүн бардык окуу жайларында ишке киргизүү керектигин ачыктады. Сабакта адабий чыгармаларды талдоо жумушуна

артыкчылык берилсе да, кийинки муундун эстетикалык кабылдоо жөндөмдүүлүгү – көркөм образ аркылуу ар бир инсанга керектүү ыйман-ынсап кылууга (1), башкаларга сабырдуулук менен мамиле жасоого (2), андан ары образдын адеп-ахлактык аракетин турмуш чындыгына салыштырып баалоого (3), анын эстетикалык маңызын элдик накр-насилге коюп баамдоого (4), жакшы жана жаман жөрөлгө болсо андай шартта кайдыгер калбай жөн дүйнөсүндөгү туюмду ачыкка чыгарууга (5), эл арасындагы үлгү болчу дөөлөттөрдү коргоо максатында эмоционалдык мамилесин билдирүүгө (6) окуучулардын иш-билгисин (компетенциясын) калыптандыра алаарын көрсөттү. Ошондой эле ал азыркы учурда мектеп окуучуларынын арасында автордук чеберчилик менен жаралган сөз искусствосунун классикалык чыгармаларына таасирленип, анда берилген учкул ойдун тереңдигине сезимдерин билдирген балдар кескин азайып бара жатканын, б. а. улам кийинки муунга автордук көркөм ой жүгүртүүгө шыктануу (а), андагы элестүүлүктү өз ойлору менен толуктоо (б), көркөм образдын азап-тозогун элестетип кошо кайгыруу (в) жетишкен ийгилигине маңдай жарып кубануусу (г), бардык учурду кыргыз элинин кызыкчылыгы менен карап, менталдык кабылдоодо эмоциясын билдирүү (д) сыяктуу психологиялык абалга туура мамиле кылуу компетенциясын калыптандыруу зарылдыгын айкындады. Жаңы стандарт боюнча алганда орто мектептин 10-11-класстын окуучуларында калыптануучу компетенциялар кыргыз элинин адабий мурастарында калган көркөм-эстетикалык табылгалар менен бирге элдин урпактарга калтырган насыятын элдик дидактиканын шарттары менен аткаруу жана анда этнопедагогиканын ролун жогорулатуу аркылуу ишке ашыруу натыйжалуу болот деп эсептейбиз. Ырас бул татаал жумуш, бирок азырынча кыргыз ададбияты менен башталса, анан өлкө боюнча тапкан болсо окутуу жумуштарын андан ары тереңдетүү жеңилирээк өтөөрү бышык. Этнопедагогиканын ролу мына ушул жерде турат, анткени дүйнө элдери өтө жакын байланышка өтүп, сырттан келген жаңы нерселер, алардын артында турган түшүнүктөр жакшы көрүнүп, көргөндө “көзү тойбой” турган маалда “эски түшүнүктөрдү” сабакта жакшы деп түшүндүрүү зор кыйынчылык менен коштолот. Мындай шартта адабият мугалими кыргыз элинин кылымдап

калыптандырган тажрыйбасына таянганы маанилүү орундуу ээлейт. Аны туура колдонуш үчүн аргументтерди орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына сунушталган кыргыз адабиятындагы көркөм чыгармалар менен эл арасында туруктуу ордун жоготпой келе жаткан пендечиликтеги адамды сыйлоо, бири-бирине урмат көрсөтүү, ата-энеге, бир туугандарга жагымдуу маанай тартуулоо, жакшылыгына бирге кубануу, кайгысын тең бөлүшүү, карыларды аөо, кичинелерге камкордук кылуу, жаратылышты коргоо, табияттын керемет коздугуна суктана билүү, кыйналганга жардамдашуу сыяктуу кыргыз элдеги дидактикалык нормаларды байланыштыруу сабактын окутулушу үчүн гана таасирдүү болбостон, сырттан көчүп келе жаткан "жеңил маданиятка" кыргыз жаштары ыйман-ынсап жагынан туруштук берүүсүнө ыңгайлуу шарт түзөт.

8) Изилдөөнүн **жетинчи милдети** билим берүү системасына практикалык сунуштарды киргизүү болсо, орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууда улан-кыздардын жалпы кызыкчылыгына карап, жаңылап туруу адабий чыгармаларды талдоонун сабакта сапаттуу жүзөгө ашуусун камсыздай ала турганын көрсөттү. Анда үйрөтүлүп жаткан компетенция окуучулардын жан дүйнөсүндө канчалык орун алганын сабакта билүү чынында кыйынга тургандыктан, адабият мугалимине социалдык институттарды пайдалануу, алардын окуучуга карата пикирин угуу, көпчүлүктүн позициясына таянып, ошол эле мезгилде балдардын ички ресурстарын каарманга же сюжеттеги окуяларга сезимдерин көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк түзүү иш чараларынын сабактан тышкаркы учурда да болушуна жол берет. Ал окуучулар тарабынан өзү жашаган аймактагы коомдук-социалдык маселелерге активдүү катышып, кырдаалды чечүү үчүн ар кандай формасын таап, кээ бир шартта адабий каармандын фонунда түрдүү талкууларды уюштурууга, б. а. социалдык роликтерди тартууга (1), флешмоб даярдоого (2), ошол каармандын аракетин ким кандай кабыл ала тургандыгы жөнүндө социалдык рейтинг жасоого (3), андай көз караштарга таянып, коомчулуктун пикирин аныктоого (4), эмне үчүн ушундай абал түзүлгөнүн "изилдеп билүүгө" (5), жамандарын жоюуга (6), жакшыларын өркүндөтүүгө (7), биргелешүү менен "долбоор" даярдап (8), аны класста коргоого (9) байланышкан бир катар иш чараларды аткаруудан гана

көрүнөт. Албетте мындай шартта иш чараларды аткарууда бир эле каармандар менен иштөө туура эмес, аны окуу планына кирген бардык чыгармалар боюнча жүргүзүп, сабакта алган маалыматтарды баланын социалдык чөйрөсү менен байланыштырып, анда керектелүүчү “маалыматтык” жана “социалдык” бөлүмдө камтылган компетенцияларды дал ушул жерде көрсөтүүгө, коммуникативдүү байланыштарда аныкталуучу компетенциялардын маңызын да түрдүү диалогдордо баалоого мүмкүндүк түзүлөт. Орто мектептин 10-11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу балдарга билим жана тарбия берүүдө адабий чыгармалардын өзүн (1), көркөм-эстетикалык жактан көтөргөн жүгүн (2), адабиятка алып келген жаңылыгын (3), мазмундук же формалык жактан адабиятка кошкон табылгасын (4) түшүндүрүү менен чектелбестен, андан алчу нравалык сабактарды (5), адеп-ахлактык түшүнүктөрдү (6), кимдир бирөө менен маектешүүдө колдонуучу этикеттик эрежелерди (7), сылык-сыпаа мамилени (8), өзүнүн оюн айтууда дыкаттыкты (9), көз караште айырмачылык болсо, ага “чындыкты далилдөөгө” аракеттенип урушпаган толеранттуулукту (10) компетенция катары үйрөтүүгө багыт алуу керектигин ачыктады. Анын натыйжасында окуучулар билүүгө зарыл деп табылган билимдин мазмуну көркөм адабиятты эстетикалык жактан кабыл алуу (а), эмоционалдык өзгөчөлүгүн колдоно билүү (б), этномаданияттын бир бөлүгү катары адам жашоосуна тийгизген таасирин өздөштүрүү (в), сүйлөө каражаты катары үйрөнүү (г), аны пикирлешүүдө ишке ашыруу (д) сыяктуу элдик педагогикада иштелген принциптери окуу процессинде ишке аша турганын айкындады.

## Колдонулган адабияттар:


1. Абдукаимов У. Адабият хрестоматиясы: Башталгыч мектептер үчүн. I бөлүк. Үчүнчү окуу жылына арналган. -Фрунзе, Кыргызмамбас, 1937.
2. Абдулатипов Р. Г. Этнополитология. — СПб., 2004.
3. Абдымомунова Г.А. «Манас» эпосунун негизинде жаштарды патриотизмге тарбиялоонун айрым маселелери. – Б.: Бийиктик, 2005.
4. Абрамзон С.Н. Кыргыздар жана алардын этногенетикалык жана тарыхый - маданий байланыштары. – Бишкек: Кыргызстан -Сорос фонду, 1999.
5. АБРдин экинчи долбоорунун окуу материалдарынан. – Бишкек, 2007.
6. Авксентьев В. А. Портфель идентичностей молодежи юга России в условиях цивилизованного выбора // Социологические исследования. — 2010. - № 12. - С. 18-27.
7. Адабият программасы. Кыргыз орто мектептеринин VII – X  класстары үчүн. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1947.
8. Адабият терминдеринин түшүндүрмө сөздүгү. Түзгөндөр: Ж. Шериев, А. Муратов. -Фрунзе: Мектеп, 1987.
9. Адиев Н. « Калыгул Кыргыздын Нострадамусу» - Китепте: Акылман Калыгул. – Бишкек, Шам, 2000.
10. Ажыйман. Окуу-окутуу ишин уюштуруу системасы. // Жаңы маданият жолунда. 1928.
11.  Азаров Ю.П. Искусство воспитывать. – 2-е изд. – М.: Просвещение, 1985.
12. Айтматов Ч. Мурас биздин жалпы кенчибиз. Баш сөз/ Китепте: «Кожожаш»: «Эл адабияты» сериясынын 1-тому. Жалпы редакциялаган А. Акматалиев. – Б.:1996
13. Айтматов Ч. Т. Чыгармалар жыйнагы. Т. 1. Повесттер жана аңгемелер. – Б.: Шам, 1999.Активизация преподавания литературы. – М.: Акад. Пед. Наук РСФСР, 1960.
14. Алымов Б. Кыргыз адабиятын (1920-1990 жж.) мектепте окутуунун илимий-методикалык негиздери: Пед. илим. докт.дис…. автореф. – Б.: 1984
15.  Акбермет Карагул кызы. Акылман Калыгул. – Китепте: Аялзатка таазим. –  Б., 1996.
16. Акматов Б. М. Кыргыз адабиятын жогорку окуу жайларында компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологиясы: Монография. – Б.: «Фаст принт», 2016. – 456 б
17. Акматов Б.М., Мукамбетов А.С. Кыргыз тилин окутуунун инновациялык технологиясы: (Теория жана практика): 2-китеп.  -Б.: Полиграфресурсы. 2010
18. Акматалиев А. Баба салты, эне адеби: Элдик салт. -Б.: 1993.
19. Активние формы и методы обучения. // Составитель: профессор Э.

Мамбетакунов. – Бишкек, 2007.
20. Актуальные вопросы этнопсихологической подготовки педагога: учеб. пособие / под ред. Л. Н. Бережновой. — СПб., 2004.
21. Акын Арстанбек Буйлаш уулунун туулганына 170 жыл. – Китепте: Кыргызстан – 94. – Олуялардын жылнаамасы. _Б., 1993.
22. Алагушев Б., Шер Нияз С. Актаңдайлар.- Б.: Бийиктик, 2003.
23. Алахан С. Калыгул Бай ууду. // Кыргызстан маданияты, 1996
24. Алексеенко Е.А. Ребенок и детство в культуре кетов // Традиционное воспитание детей у народов Сибири. — Л., 1988.
25. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. – Б.: 1997. 69 б.
26. Алимбеков А. Кыргыз элинин билим берүү салттары. – Б.: 2001. 44 б.
27. Алимбеков А. Формирование у будущих учителей готовности к эстетическому воспитанию младших школьников на прогрессивных традициях народной педагогики: (на материале пед. вузов Кирг. ССР) Автореф. дис... канд. пед. наук: – М.: 1990.
28. Алымов Б. Кыргыз адабиятын (1920-1990жж.) мектепте окутуунун илимий-методикалык негиздери. Педагогикалык илимдердин доктору деген окумуштуулук даражаны изденүү үчүн илимий доклад түрүндөгү диссертациянын авторефераты. – Б., 1994.
29. Алымов Б. Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы. Фрунзе, Мектеп, 1984.
30. Андреева Г. А. Инновационные процессы в содержании педагогического образования в Англии // Педагогика. — 2003. — № 6.
31. Антология педагогической мысли Древней Руси и русского государства XIV-XVII вв. / Сост. С.Д.Бабишин , Б.Н. Митюров. – М.: Педагогика, 1985.
32. Антология педагогической мысли Кырг. ССР / Под Под редакцией Акуловой А.И. – М.: Педагогика, 1988.
33. Апинян Т. А. Мифология: теория и событие. — СПб., 2005.
34. Апышев Б. Народные традиции и их использоание в трудовом воспитании старшеклассников ( на материале сельских школ Киргизии): Автореф.Дис. …канд.пед.наук: 13.00.01. -М., 1974.
35. Аракелян О. В., Бабилаев А. Н. Поликультурное образование и этнопсихология. — М., 2002.
36. Асаналиев К. Аил Шекер и Космос. –Б.: Архи, 2004.
37. Аскаров Т. Эстетикалык жаңы сапаттарга. – Ф.: Кыргызстан, 1980.
38. Арнольдов А. И. Введение в культурологию. — М., 1993.
39. Арутюнов С. А. Народы и культуры. Развитие и взаимодействие. — М., 1989.
40. Арутюнов С. А., Рыжакова С. И. Культурная антропология. — М., 2004.
41. Арстанбек. Кай замана белгиси. Ыр. // Кыргыз туусу, 1994.

42. Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармаларын жыйноо боюнча уюштуруу коммиссиясынын кайрылуусу // Кыргызстан маданияты, 1992.
43. Асаналиев Ү. Кыргыз акындарынын пири // Ысык-Көл кабарлары, 1995.
44. Асипова Н. Билим философиясы жана тарыхы. – Б.: 2010.
45. Ахияров К. Ш. Народная педагогика и современная школа. — Уфа, 2000.
46. Бабанский Ю.К. Как оптимизировать процесс обучения.- М.: Знание, 1978.
47. Байгазиев С. Атуул жана Ата Журт. – Ф.: Кыргызстан, 1990.
48. Байгазиев С. Гумандуу педагогика жөнүндө сөз: (Мектеп мугалимдери, билим берүү кызматкерлери үчүн) Эл агартуу журналынын 70 жылдыгына карата. -Б., 1998.
49. Байгазиев С., Рысбаев С. Педагогикалык тажрыйба: Изденүүлөр жана табылгалар. –Ф.: Мектеп, 1989.
50. Байгазиев С. Арстанбектин этикасы: XI класстын адеп сабагы үчүн.//Кут билим, 2007.
51. Байгазиев С. «Манас» эпосунун руханий, адептик-философиялык, патриоттук улуу дөөлөттөрү жана педагогикалык асыл нарктары. – Б.: 2014.
52. Байгазиев С. «Манас» жана Ч.Айтматов.- Б.:Алтын принт, 2020.
53. Байгазиев С. Улуу «Манас» эпосунун руханий, адептик-ыймандык, идеялык-философиялык, патриоттук баалуулуктары.-Б.: 2021.
54. Байгазиев С. «Манас» жана манкурт окуу китептери. / Кут билим, 1994, 9-июль.
55. Балл Г.А. Теория учебныхзадач. – М.: Педагогика, 1990.
56. Батаканова С. Т. Мектепте көркөм чыгармаларды талдоонун илимий-педагогикалык негиздери. – Б.: 2010. -288 б.
57. Бахтин В. От былин до считалки. — М., 1989.
58. Бегалиева Н. Арстанбектин акындын асыл мурасы. (1824-1872) – XIX к. жашап өткөн акын А. Буйлаш уулунун өмүр таржымалы, чыгармачылыгы тууралуу. // Заман Кыргызстан, 2005.
59. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. – Бишкек: Педагогика, 2003.
60. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуунун негизги идеясы эмнеде? // Кут билим, 2002.
61. Бектенов З., Байжиев М. Кыргыз адабияты. Орто мектептин сегизинчи класстары үчүн хрестоматия. – Фрунзе, 1949.
62. Белинская Е. П., Стефаненко Т. Г. Этническая социализация подростка. -М., 2000.
63. Бережнова Л. Н. Предупреждение депривации в образовательном процессе. — СПб., 2000.
64. Бешимов Ж. Народные традиции нравственном воспитании школьников

старших классов (на материалах Киргизии): Автореф.Дис…. канд.пед.наук. – Казань, 1975.
65. Библер В.С. Книга для учителя. От наукоучения – к логике культуры. – М.: Политиздат, 1991.
66. Богатырев П. Г. Русское народное творчество. — М., 1966.
67. Бондаревская Е. В. Педагогическая культура как общественная и личная ценность. // Педагогика, 1999.
68. Бөлөбалаев Осмонкул. Ырлар / Түзгөн Б.Осмонкулов. – Ф.: Кыргызстан, 1988.
69. Бромлей Ю.В. Этнос и этнография. — М., 1973. Бромлей Ю. В. 70. Этносоциальные процессы: теория, история, современность. — М., 1987.
71. Бугаева А. Л. Традиционная педагогическая культура хантов и манси. — М., 1994.
72. Буйлаш уулу Арстанбек. Башың барда мал дөөлөт. // Агым, 2006.
73. Буйлаш уулу Арстанбек. Жеңижокко берген батасы. // Агым, 2007.
74. Бушмин А.С. Методологические вопросы науки о литературе. – Л.: Наука, 1984.
75. Васильев А. К. Образовательная среда/система как средство гармонизации личности // Культурно-исторические основания создания и развития образовательной среды: материалы IV Региональной научно-практической конференции. — СПб., 2002.
76. Виленский М.Я., Мещерякова Е.В. Образовательное пространство как педагогическая категория // Педагогическое образование и наука. — 2002. — N2 2. 226
77. Виноградов Г.С. Народная педагогика. – Иркутск, 1926.
78. Волков Г.Н. Этнопедагогика. — М., 2000. -176 б.
79. Волков Г.Н. Этнопедагогика. – Чебоксары, 1974.
80. Волков Г.Н. Этнопедагогика. Учебник для студентов средних и высших педагогических учебных заведений. – М.: АКАДЕМА, 2000.
81. Вольков К.Н. Психология о педагогических проблемах. –М.: Просвещение, 1981.
82. Воронцова В. Г. Гуманитарно-аксиологические основы постдипломного образования педагога. — Псков, 1997.
83. Вулъфсон Б. Л. Мировое образовательное пространство // Педагогика. — 2003. - № 10.
84. Воспитание творческого читателя. / Под. Ред. Михалкова С.В., Полозовой Т.Д. –М.: Просвещение, 1981
85. Восприятие учащимися литературного произведения и методика школьного анализа. / Под ред. А. М. Докусова. – М.: Просвещение, 1981

86. Выдающиеся отечественные этнологи и антропологи. — М., 2004.
87. Галяпина В.Н., Поштарева Т. В. Этнопедагогические и этнопсихологические аспекты профессиональной педагогической деятельности. — Ставрополь, 2004.
88. Ганиев А. Педагогическая деятельность и педагогические взгляды Садриддина Айни. - Самарканд, 1961.
89. Гачев Г. Национальные образы мира. — М., 2003.
90. Гершунский Б. С. Философия образования для XXI века (В поисках практико-ориентированных образовательных концепций). — М., 1998.
91. Гессен С. И. Основы педагогики. Введение в прикладную философию. -М., 1995.
92. Глобальные проблемы и общечеловеческие ценности. — М., 1990.
93. Голубков В.В. Методика преподавания литературы. _ Москва: Учпедгиз, 1962.
94. Грачева Н. Г. Социализация детей и подростков в традиционном общественганасан // Традиционное воспитание детей у народов Сибири. -Л., 1988.
95. Гримак Л.П. Резервы человеческой психики. – М.: Политиздат, 1989.
96. Гумилев Л. Н. Этногенез и биосфера земли. — Л., 1990.
97. Гумилев Л.Н. Этносфера: История людей и история природы. — М., 2002.
98. Даутов К. Таланттар жана тагдырлар. –ф.: Адабият, 1988.
99. Детство в традиционной культуре народов Средней Азии, Казахстана и Кавказа. — СПб., 1998.
100. Джуринский А. Н. Поликультурное воспитание в современном мире. —М., 2002.
101. Дидактика средней школы / Под.ред. М.Н. Скаткина. –М.:Просвещение, 1982.
102. Дмитриев Г.Д. Многокультурное образование. — М., 1999.
103. Донской Ф.С., Роббек В.А., Донской Р. И. Коренные народы Севера, Сибири и Дальнего Востока Российской Федерации в первой четверти XXI века: проблемы и перспективы. — Якутск, 2001.
104. Достуев М. Г. Возможности пути целенанаправления учащихся к профессиям на уроках литературы: Автореф. дис…. канд.пед. наук. – Баку, 1990.
105. Дробижева Л. М., Аклаев А. Р. и др. Демократизация и образы национализма в Российской Федерации. — М., 1996.
106. Дьюи Д. Демократия и образование. — М., 2000. Евгеньева Т. В. Формирование национально-государственной идентичности Российской молодежи // ПОЛИС: Политические исследования. — 2010. - № 4.
107. Жалпы билим берүүчү жана кесиптик мектептин реформасынын негизги багыттарына ылайык IV – X класстарынын кыргыз тилинин жана адабиятынын программасына өзгөртүүлөр жана толуктоолор жөнүндө (1985-1986-окуу жылы). // Мугалимдер газетасы, 1985.

108. Жарыкбаев К., Калиев С. Из истории казахской народной педагогики. Алматы, «Китап» , 1992.
109. Жээнбеков Ж. Даанышман ойчул. – Б., 1991.
110. Занков Л.В. Дидактика и жизнь. –М.: Просвещение,1968.
111. Захарченко М. В. Россия после конца света. — СПб., 2001.
112. Зинченко В. П., Моргунов Е. Б. Человек развивающийся: очерки российской психологии. — М., 1994.
113. Зинурова Р. И. Психология и педагогика этноса. — Казань, 2004.
114. Зубов А.А. Палеоантропологическая родословная человека. — М., 2004.
115. Измайлов А. Э. Народная педагогика: педагогические воззрения народов Средней Азии и Казахстана. — М., 1991. 227
116. Иманалиев К. Мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун методикасынын негизги маселелери. -Фрунзе, Мектеп, 1973.
117. Иманалиев К. Мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун методикасынын орчундуу маселелери. Ф.: Мектеп, 1984.
118. Иманалиев К. Кыргыз мектептеринде адабиятты окутуунун жолдору: 9-10-класстар үчүн. –Ф.: Мектеп, 1966.
119. Иманалиев К. Кыргыз совет адабиятын окутуунун айрым маселелери. –Ф.: Мектеп, 1976.
120. Иптаров С. Көчмөн элдин өчпөс жомогу. – Китепте: Кыргыз Эл педагогикасы: изилдөөлөр жана табылгалар.- Бишкек, 1998.
121. Исаков Б. Манас сабагы. – Бишкек, 1994.
122. Исаков Б. Талапка шайкеш келсин. // Мугалимдер газетасы., 1985, 17-июль
123. Исаков Б. Окутуп тарбиялоо. –Ф.: Мектеп, 1979.
124. Исамидинов И. Кыргыз орто мектептеринде адабият теориясын окутуу. Пед. илим. докт. Автореф.: 13.00.01.-13.00.02. – Бишкек, 2005.
125. Исамидинов И.Ч. Кыргыз орто мектептеринде Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын үйрөтүүнүн процессинде окуучулардын адабий- теориялык түшүнүктөрүн калыптандыруу. – Б.: Илим, 1993.
126. Ишекеев Н. Идеологиялык стандарттан – көз караштар плюрализмине. Кут билим, 1994,31- август.
127. Ишекеев Н. И. История изучения кыргызской литературы в школах республики и ее актуальные пролемы на современном этапе: Автореф. дис…. докт. пед.наук. –Алматы, 1994.
128. Ишекеев Н. Кыргыз адабиятын мектептерде окутуунун тарыхы.
-Бишкек, 1994.
129. Ишеккев Н. Кыргыз адабиятынын окуу программаларынын мазмуну жана проблемалары. – Бишкек, 2010.
130. Ишекеев Н. Кыргыз адабиятынын окуу китептери: өткөнү, бүгүнкүсү

жана келечеги. – Бишкек, 2011.

131. Ишекеев Н. Кыргыз тилин жана кыргыз адабиятын кантип окутабыз? Кыргызстан маданияты, 1987, 20-август.

132. Каган М. С. Морфология искусства. — М., 1972.

133. Калдыбаева А.Т. Эл акындарынын этнопедагогикалык идеяларын жаштарды тарбиялоодо колдонуунун илимий- педагогикалык негиздери: Пед. илим. докт…. дис автореф. –Б., 2007.

134. Калдыбаева А.Т. Эл акындарынын чыгармаларындагы этнопедагогикалык идеялар. Монография. – Б.: Айат, 2002.

135. Калдыбаева А.Т. Эл акындарынын чыгармачылыгындагы этнопедагогикалык идеялар. – Б.:2005

136. Калдыбаева А. Калык Акиевдин чыгармаларынын тарбиялык мааниси. – Б.: 1994.

137. Калдыбаева А. Т. Кыргызстандагы педагогикалык ойдун түзүлүшүндөгү Калык Акиевдин ролу / Китепте: К. Акиев: Чыгармаларынын үч томдук жыйнагы. – Б.,2003.

138. Калдыбаева А.Т. Элдик акындар жана тарбия / Методикалык курал. – Бишкек, 1995.

139. Калиүлы С. Казак этнопедагогикасынын теориялык негиздери мен тарихы. Алматы: Билим, 2003.

140. Календарлык пландар: Кыргыз тили жана адабияты. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин жана гимназиялардын мугалимдери үчүн. – Б.: 2011.

141. Калыгул. Улуудан калган сөз. (Ыр). // Талас турмушу, 1993.

142. Каптерев П. Ф. История русской педагогики // Педагогика. — 1996. — № 2. 143. Карасаев Х. Накыл сөздөр: Тил казынасынан баян. 2-бас. – Ф.: Кыргызстан, 1995.

144. Кенчиев Ж. Ой баскан адам. // Жеткинчек, 1994, 9-декабрь, 1995, №6., 20-январь, 27- январь, 3-февраль.

145. Кларин М.В. Инновации в мировой педагогике. – Рига,1995.

146. Кларин М.В. Педагогическая технология в учебном процессе. – М.: Знание, 1989.

147. Кле М. Психология подростка (Психосексуальное развитие). — М., 1986.

148.Князев Л. Н. Национальные особенности мышления // Пути реализации мировоззренческой функции образования. — Глазов, 1990.

149. Козлов В. И. Проблема «этничности» // Этнографическое обозрение. — 1995. - № 4.

150. Козырев В. А. Гуманитарная образовательная среда педагогического

университета. — СПб., 1999.

151. Кон И. С. Ребенок и общество. — М., 2003.

152. Концепция воспитания школьников Кыргызской Республики. // Кут Билим, 2002, 20-декабрь.

153. Коренные этносы Севера Европейской части России на пороге нового тысячелетия: история, современность, перспективы // Материалы научно-практической конференции. — Сыктывкар, 2000.

154. Коркин В. Человек о человеке: заметки о творчестве Ч. Айтматова. – Ф.: Мектеп, 1974.

155. Корнетов Г. Б. Цивилизационный подход к изучению всемирного историко-педагогического процесса. — М., 1995.

156. Корчак Я. Педагогическое наследие. — М., 1990.

157. Кошелева О. Е. «Своё детство» в Древней Руси и в России эпохи Просвещения (XVI—XVII вв.): учеб. пособие по педагогической антропологии и истории детства. — М., 2000.

158. Кривошапкин М. Ф. Енисейский округ и его жизнь. — СПб., 1865.

159. Кузьмина Н.В., Кушнер П. И. Национальное самосознание как этнический определитель // Краткие сообщения Ин-та этнографии АН СССР. — М., 1949. - Вып. 6.

160. Кукушин В. С. Этнопедагогика. — М., 2002.

161. Кулагин П.Г. Межпредметные связи в процессе обучения. –М.: Просвещение, 1981.

162. Курманходжоева Р.И. Педагогические воззрения Чингиза Айтматова: - Дис…. Д-ра пед.наук.: 13.00.01.-Б., 2002.

163. Кушнер П. И. Этнические территории и этнические границы. — М., 1951.

164. Кыдыралиев К. Этнопедагогика – улуттук нуктагы таанып-билүүнүн жана тарбиялоонун булагы. – Б.: 2010 .

165. Кыдыралиев К.К. Проблемы познания и воспитания в киргизских народных сказках: Дис… канд. пед.наук: 13.00.01.- Ф.,1979.

166. Кылымдардын кыйырларында өмүр өтөт, а айтылган асыл сөз миң жылдап жашай берет. // Аалам, 2006.

167. Кыргыз адабиятынын программалары. Жалпы орто билим берүүчү мектептердин V – XI класстары үчүн: 3-басылышы. – Б.: «ТАС», 2003.

168. Кыргыз адабиятынын программасы. Жалпы билим берүүчү кыргыз мектептеринин V – XI класстары үчүн. -Б., 2011.

169. Кыргыз адабиятынын программасы. Жалпы орто билим берүүчү кыргыз мектептеринин V - XI класстары үчүн. – Б.: 2017.

170. Кыргыз адабиятынын программасы: Окутуу кыргыз тилинде

жүргүзүлгөн билим берүү уюмдарынын V-IX класстары үчүн / Түз.: С.Байгазиев, А.Муратов, Б.Абдухамидова, К.Акматов. – Б.: 2018.

171. Кыргыз адабиятынын программасы. / / Эл агартуу. 1998, «11, №12.

172. Кыргыз педагогикасы: Энциклопедиялык окуу куралы. _ Бишкек: Энциклопедиялык борбору, 2004.

173. Кыргыз Республикасынын окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү мектептеринин 10-11-класстары үчүн «Кыргыз адабияты» курсу боюнча предметтик стандарты. – Б.: 2018

174. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы № 403-токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарты

175. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик суверендүүлүгү жөнүндө декларация. / / Мугалимдер газетасы. 1991, 7-январь.

176. Кыргыз Республикасынын 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы.

177. Кыргыз республикасынын мектептерге предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары. –Б., 2006.

178. Кыргыз совет адабияты: Орто мектептин IX-X класстары үчүн окуу китеби. -Фрунзе, Мектеп, 1988.

179. Кыргыз тарыхы . Энциклопедия. _Бишкек: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2003.

180. Кыргыз улуттук дөөлөт мурастар жана XXI кылымдын сыноо талабы. // Кут билим, № 14, 2002, 12-апрель.

181. Лангмейер Й., Матейчек 3. Психическая депривация в детском возрасте. — Прага, 1984.

182. Лапина М. А. Этика и этикет хантов. — Томск, 1998.

183. Лебедева Н.М. Введение в этническую и кросскультурную психологию. — М., 1998.

184. Левитов Н.Д. Детская и педагогическая психология. – М.: Просвещение,1968.

185. Лосев А. Ф. Философия. Мифология. Культура. — М., 1991.

186. Лузина Л. М. Понимание как духовный опыт (о понимании человека). — Псков, 1997.

187. Лурье С. В. Историческая этнология. — М., 1997.

188. Магомедова З.М. Прогрессивные традиции Дагестана как средство нравственного воспитпния: (Учебеное пособия для работы народного образовния). – Махачкала: Дагучпедиз, 1980.

189. Маккоби М., Модиано Н. О культуре общества и понимании эквивалентности // Исследование развития познавательной деятельности. — М., 1971.

190. Максакова В. И. Педагогическая антропология. — М., 2001.
191. Маклаков А.Г. Общая психология: Учебник для вузов. – М.:
Питер Пресс, 2008.
192. Мамбеталиев А. Мектептерде адабият сабагынын натыйжалуулугун жогорулатуунун айрым маселелери. - Фрунзе: Мектеп, 1982.
193. Мамбетакунов Э., Сияев Т. Педагогиканын негиздери. – Б.: 2002.
194.Манас: Великий поход. Кыргызский эпос / Пер. С. Липкина и др. – 2-е изд. – Б.: Шам, 1994.
195. « Манас» С. Каралаевдин варианты боюнча. –Ф.: Адабият, 1991.
196. Маркова А. К Психология профессионализма. — М., 1996.
197. Маркович Д.Ж. Социальная экология. — М., 1999.
198. Мартынова М.Ю. Мир традиций и межкультурное общение. — М., 2004. 228
199. Матиев К. Алп акындын айкөл музасы. ( Арстанбек акындын поэзиясына сын). // Ала-Тоо, Бишкек, 1996.
200. Межкультурная компетентность педагога в полткультурном образовательном пространстве: Научно-методические материалы / под ред. О. Е.Хухлаева, М.Ю.Чибисовой. — СПб., 2008.
201. Методика преподавания русской литературы в старших классах национальной школы. – М.: Просвещение, 1979.
202. Методика преподавания литературы. / Под. Ред. З.Я. Рез. 2-е. изд. – М.: Просвещение,1985.
203. Мелетинский Е. М. Поэтика мифа. — М., 1995. Мещеряков Е.Г., Мещеряков И. А. Введение в человекознание. — М., 1994.
204. Мифология и религия в системе культуры этноса // Материалы Вторых Санкт-Петербургских этнографических чтений. — СПб., 2003.
205. Михалков С.В. Ответственность перед временем. – М.: Просвещение,1990.
206. Молчанов Б. А. Человек и природа в традиционном правосознании народов северной России. — Архангельск, 1998.
207. Муратов А. Адабият- ыйман сабагы. – Бишкек: Кыргызстан, 1993.
208. Муратов А. Атыңдан айланайын сабак. // Кут билим, 2004.
209. Муратов А. «Кыргыз адабияты» предметинин куррикулуму. //
Кут билим, 2009.
210. Муратов А. Кыргыз эл педагогикасы: табияты, таралышы жана тарыхы.
1-китеп. – Б.: 2011
211. Муратов А. Ж. Көркөм чыгарма жана анын ички сырлары. –Б.: Айат. 2009.
212. Муратов А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы. –

Б.:2013.

213. Муратов А.Ж. Көркөм адабий тексттердеги элдик педагогикалык ойлор жана аларды окутуу процессинде интерпретациялоонун илимий-методикалык негиздери. пед.илим.док. автореферати, - Б.: 2010

214. Мусамбетов Т. Көркөм чыгармаларды проблемалык окутуу. _ Фрунзе: Мектеп, 1990.

215. Мусурманова А. Нравственное воспитание старшеклассников в процессе изучения литературы народов СССР: Автореф. дис…. канд. пед. наук. – Ташкент, 1986.

216. Мухина В. С. Возрастная психология: феноменология развития, детство, отрочество. — М., 2000.

217. Мухина В. С. Проблема этнического самосознания народностей Севера в контексте межэтнических отношений // Дети на Севере: зашита, выживание и развитие в условиях экстремальной среды. — М., 1996.

218. Набок И. Л. Педагогика межнационального общения: учеб. пособие для студ. высш. учеб. заведений. — М., 2010.

219. Набок И. Л. Рок-музыка: эстетика и идеология. — Л., 1987. Народное искусство в воспитании детей. — М., 2000.

220. Найманбаев М. Олуязаада болуптур. // Ысык-Көл кабарлары, 1993.

221. Народное искусство России в современной культуре. — М., 2003.

222. Народы России: энциклопедия. — М., 1994. Нации и национализм. — М., 2002.

223. Национальные школы надымского Севера. Очерки истории и перспектива развития. — Надым, 1996.

224. Некоторые вопросы изучения советской литературы в X классе. –М.: Просвещение, 1969.

225. Николаева Г.Х. Физическое воспитание у кетов. — М., 1994.

226. Озмитель Е. К. Наследие классики и киргизская литературы. – Фрунзе: Кыргызстан,1980.

227. Образование как фактор развития языков и культур этнических меньшинств // Материалы международного семинара. — СПб., 1998.

228. Осмонаалы Сыдык уулу. Тарых-и кыргыз шадманийа. -Уфа,1914.

229. Осмонкулов А. Э. Арабаев – көрүнүктүү агартуучу. – Б.: 1999.

230. Оторбаев Б.К. Адабиятты окутуунун жаңы технологиялары. – Бишкек: Айат, 2010.

231. Оторбаев Б.К. Адабиятты окутуунун интерактивдүү жана салттуу метод- ыкмалары, кызматташуу педагогикасы. _ Бишкек, 2008.

232. Оторбаев Б.К. Көркөм чыгарманы мектепте талдоо. -Б.:2015

233. Оторбаев Б.К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. Б.:2020

234. Очерки истории школы и педагогики за рубежом. –М.: Просвещение, 1998.

235. Палаткина Г. В. Мультикультурное образование в полиэтническом регионе. — Астрахань, 2001.

236. Панов В. И. Экопсихология. — М., 2000.

237. Петрова Р.Н. Фольклорная педагогика народов Урало-Поволькжя. — Чебоксары, 2003.

238. Педагогический поиск / Сост. И.Н.Баженова. –М., 1990.

239. Платонов Ю.П. Основы этнической психологии. — СПб., 2003.

240. Покровский Е.А. Детские игры, преимущественно русские. — СПб., 1995.

241. Прихожан А. М., Толстых Н. Н. Дети без семьи. Детский дом: заботы и тревоги общества. — М., 1990.

242. Прихожан А.М. Психологические проблемы нравственного воспитания школьников. –М.: Педагогика, 1980.

243. Предупреждение образовательной депривации в условиях полиэтнического состава учащихся // Материалы межрегиональной научно-практической конференции, 2—3 ноября 2005 г.

244. Проблемы этнокультурного развития русского народа // Материалы Всероссийской конференции, — Оренбург, 2004.

245. Психология беженцев и вынужденных переселенцев: опыт исследований и практической работы. — М., 2001.

246. Путилов Б. Н. Фольклор и народная культура. — СПб., 1994.

247. Рахимова М.Р., Панкова Т. В. Кыргызская народная педагогика. – Б.: 1993.

248. Рахимова М.Р., Панкова Т. В. Кыргыз элдик педагогикасы ( усулдук колдонмо). – Бишкек, 1994.

249. Реальность этноса. Образование и этническая безопасность // Сборник статей по материалам ХШ Международной научно-практической конференции / под науч. ред. И.Л. Набока. — СПб., 2011. 229

250. Реальность этноса. Образование как фактор устойчивого развития коренных малочисленных народов Севера, Сибири и Дальнего Востока. К 80-летию Института народов Севера // Сборник статей по материалам XII Международной научно-практической конференции (Санкт-Петербург, 20—21 мая 2010) / под науч. ред. И.Л.Набока: в 2 ч. — СПб., 2010.

251. Реан А.А., Коломинский Я. Л. Социальная педагогическая психология. — СПб., 1999.

252. Религии мира. — М., 1994.

253. Реальность этноса. Образование и национальная идея // Материалы 6-й

Международной конференции. — СПб., 2004.

254. Реальность этноса. Глобализация и национальные традиции образования в контексте Болонского процесса // Материалы 6-й Международной конференции. — СПб., 2005.

255. Религии народов современной России: словарь / под ред. М. П. Мчедлова. — М., 2002.

256. Роббек В. А. Сохранение, возрождение и развитие языков коренных малочисленных народов Севера, Сибири и Дальнего Востока Российской Федерации в первой четверти XXI века (концепция). — Якутск, 1999.

257. Роббек Г. В., Шамаев Н.К. Эвенские народные игры и состязания.
— Якутск, 1996.

258. Рожина Л.Н. Психология восприятия литературного героя школьниками. –М.: Педагогика,1977.

259. Руднева Т. И. Национальное воспитание и этнические традиции.
— Самара, 2002.

260. Рыбаков С.Е. Философия этноса. — М., 2001.

261. Рыбникова М.А. Очерки по методике литературного чтения. –М.: Просвещение, 1985.

262. Рыданова И. И. Основы педагогики общения. — Минск, 1998.

263. Рысбаев С. Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы. – Б.: 2006.

264. Рысбаев С.К. Кыргыз башталгыч мектептеринде адабиятты окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү. пед.илим.док. авторефераты, - Б.: 2006.

265. Рысбаев С. Кыргыз элдик макал-лакаптарындагы урпакты адеп-ахлакка, элдик этикага калыптандыруу идеялары. // Социальные и гуманитарные науки,2001.

266. Рысбаев С. Баланы көркөм сөз менен тарбиялоо. – Кант, 1998.

267. Рысбаев С.К. Азыркы кыргыз балдар адабияты: проблемалар жана портреттер. –Б., 1998.

268. Садохин А. П. Этнология. — М., 2000.

269. Сайф ад-дин ибн дамулло Шах Аббас Аксикенти жана анын уулу Нурмахаммед. Тарыхтардын жыйнагы ( Мажму атут- таворих) Которгондор Молдо Мамасабыр Досболов жана Омор Сооронов. – Б. : Акыл, 1996.

270. Саманчин уулу Т. Арстанбек// Советтик адабият жана искусство, 1941.

271. Саманчин Т. Кылыч-жазгыч акын. _ Ф.,1949.

272. Самосохранение в личностно-профессиональном развитии. — СПб., 2003.

273. Самосохранение личности: Точки опоры. — СПб., 2003.

274. Сатыбалды уулу Султан, Арабай уулу Ишенаалы. Биздин мектеп.
-Фрунзе, 1930.

275. Североведение в Герценовском университете. — СПб., 2003.
276. Сейсембиев К. Роль казахской народной педагогики подготовке в семье детей дошкольного возраста к обучению. Автореф. Дис. … канд.пед.наук: 13.00.01.-Алма-Ата: КПИ им.Абая, 1973.
277. Сейиталиев К.Б. Вопросы нравственного воспитания в истории развития казахской советской школы (1920-1945гг.): Автореф. Дис. … канд.пед.наук: 13.00.01. -Ф.: КГУ.1971
278. Сейткулов Н. А. Казак этнопедагогикасындагы бала жасына карай кезеңге бөлүүнүн илимий-педагогикалык негиздери. – педагогика гылымынын докторы гылыми даражасин алу үшин дайындалган диссертациянын авторефераты. – Түркстан, 2010, 20-бет.
279. Сем Ю.А. Воспитание детей в традиционной культуре нанайцев // Традиционное воспитание детей у народов Сибири. — Л., 1988.
280. Семенов Ю. И. Этнос, нация, диаспора / / Этнографическое обозрение.
— 2000. - № 2.
281. Сикевич 3. В. Русские: «образ» народа. Социологические очерки. — СПб., 1996.
282. Скаткин М.Н. Методология и методика педагогических исследований. –М.: Просвещение, 1986.
283. Сластенин В.А., Исаев И.Ф., Шиянов Е.Н. Общая педагогика. Ч 1-2. – М.: Владос, 2002.
284. Слезкин Ю. Л. Арктические зеркала. Россия и малые народы Севера. — Минск, 2008.
285. Словарь символов и знаков: сюжеты и явления в символах. — Минск, 2004.
286. Солдатова Г. У. Психология межличностной напряженности. — М., 1998.
287. Солдатова Г. У., Шайгерова Л.А., Шарова О. Д. Жить в мире с собой и другими: тренинг толерантности для подростков. — М., 2001.
288. Соколов В.Н. Педагогическая эвристика. – М.: Педагогика, 1995.
289. Стачинский Г. А. Этническая педагогика. — СПб., 1997.
290. Стефаненко Т. Этнопсихология. — Екатеринбург ; М., 2000.
291. Столяренко Л.Д. Педагогическая психология. _ Р. н. Д.: Феникс, 2004.
292.Стратегия модернизации содержания общего образования // Материалы для разработки документов по обновлению общего образования. — М., 2001.
293. Сухарев А. В. Методика этнофункциональной психодиагностики // Журнал практического психолога. — 1997. — № 2.
294. Сухомлинский В.А. Мугалимге жүз насаат. Фрунзе, Мектеп, 1983.
295. С. Өздемир. Таалим- тарбия ишин уюштуруудагы жаңылануу. –

Бишкек, 2002.
296. Тавадов Г. Т. Этнология. — М., 2004.
297. Сынчыл ойломду өстүрө турган окуу жана жазуу. / Түз. М.М. Эсенгулова, Ж. О. Асекова. –Б.: Кыргызстан – Сорос фонду, 2004.
298. Таджиева Г. Жеңижок – как мыслитель / Общественно- философская мысль народов Средней Азии. – Ф.: Илим,1991.
299. Тимофеева Е. Особенности межэтнических отношений саха и русских подростков, проживающих в одном геоисторическом пространстве (Республика Саха) // Развитие личности. — 2000. — № 3—4.
300. Тишков В. А. Реквием по этносу. Исследования по социально-культурной антропологии. — М., 2003.
301. Тллашев Х. Общие педагогические и дидактические идеи ученных-энциклопедистов Ближнего и Средного Востока эпохи Средневековья. – Ташкент: Фан, 1989.
302. Токарев С. А. Религии в истории народов мира. — М., 1986.
303. Третьяков О. В. Формирование этнического самосознания учащихся-мари в условиях полинациональной образовательной среды.
304. Уайт Лесли. Избранное: Эволюция культуры. — М., 2004.
305. Уразова Ж.Т.  Ш.Садыбакасовдун «Ак боз ат» драмасын 9 класста окутуу. – Ош. ОМУ, 2007.
306. Ушинский К. Д. О народности и общественном воспитании // Педагогические сочинения: в 2 т. — М., 1988. — Т. 1.
307. Үмөталиев Ш. Женижок Көкө уулу / Акындар чыгармачылыгынын очерктери. – Ф.:Илим, 1988.
308. Үмөталиев Ш. Калыгул Бай уулу // Баласагын оттору, 1993.
309. Фольклор в современном мире : аспекты и пути исследования. — М., 1991.
310. Формирование толерантной личности в полиэтнической образова тельной среде: учеб. пособие / В. Н. Гуров и др. — М., 2004.
311. Хатаев Е.Е. Народная педагогика Северного Кавказа. – М., 1993.
312. Хитина Л.Г. Психологическая основа урока. - М.,1997.
313. Хухлаев О. Е. Этнонациональные установки современной российской молодежи // Вопросы психологии. — 2011. — № 1.
314.  Чебоксаров Н.Н. Народы, расы, культуры. — М., 1985.
315.  Чеснокова И. И. Проблемы самосознания в психологии. — М., 1997.
316. Чистов К. В. Народные традиции и фольклор. »— М., 1986.
317. Чыманов Ж.А. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. -Б.: Турар, 2009.
318. Шайгерова Л. А. Психологи о мигрантах и миграции в России //

Информационно-аналитический бюллетень. — М., 2001. — № 2.

319. Шейман Л.А. Основы методики преподавания русской литературы в киргизской школе: Пособие для учителей.- Ф.:Мектеп,1981

320. Шейман Л.А. Целостное изучение жизни творчества русского писателя в киргизской школе. – Ф.: Мектеп, 1979.

321. Шериев Ж., Муратов А. Адабият теориясы. -Б.: Айат, 2004.

322. Шмаков С. А. Игры учащихся — феномен культуры. — М., 1994.

323. Шпет Г. Г. Введение в этническую психологию. — М., 1996. Эльконин Д. В. Психология игры. — М., 1978.

324. Эдилбаев К. Мезгилдин чакырыгы. – Ф.: Кыргызстан, 1985.

325. Элдик педагогика жана мугалимдерди даярдоонун проблемалары: Респ. Илимий-методикалык конф. Материалдары. – 10 декабрь 1993 ж. / И. Арабаев атындагы Кыргыз мамл. Пед. институту, педагогика кафедрасы; Редкол.: М.Р.Рахимова (жооп.ред._ ж.б. -Б., 1993.

326. Эсеналиева К.Э., Бектурова У.А. Ачык мектеп. –Б.: АРХИ, 2007.

327. Эриксон Э. Идентичность: юность и кризис. — М., 1996.

328.Эркебаев А. Элдик эпостон адабий эпоско… -Ф.:Адабият, 1990.

329. Этнические проблемы вчера и сегодня: хрестоматия / сост. К. В. Сельченок. — Минск, 2004.

330. Этническая психология: хрестоматия. — СПб., 2003.

331. Этнические стереотипы поведения. — Л , 1985.

332. Этнология: учебник / под ред. Г. Е. Маркова, В. В. Пименова. — М., 1994.

333. Этнопедагогика и этнопсихология: Предупреждение образовательной депривации. — СПб., 2004.

334. Эфендиев С. И., Эфендиев Ф. С. Общетюркская мифология и ее связи: фольклор как социокультурный феномен. — Нальчик, 2005.

335. Эшиев Ж.А. Мектептерде поэмаларды окутуунун илимий-методикалык негиздери. –Б., 2009.

336. Юсифов Ф.А. Пути развития устной речи учащихся при преподавании фольклора (IV- VI классы) : Автореф.дис…. канд. пед.наук. –Баку,1988.

337. Ялалов Ф. Г. Этнодидактика. — М., 2002.

338. Ясвин В. Я. Образовательная среда: от моделирования к проектированию. — М., 2001.

339. Ярмакеев и. Э. Гуманизм татарской народной педагогической культуры // Народная педагогика и современные проблемы воспитания: Материалы Всесоюзной научно- практической конференции. -Ч.2.- Чебоксары,1991.